USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

КЕЛГИЛЕ, ОКУЙБУЗ!

Башталгыч класстардын мугалимдери үчүн колдонмо

КЕЛГИЛЕ, ОКУЙБУЗ!

ОКУУ ЖӨНДӨМҮН ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА КОЛДОНМО

Окуу жөндөмүн күчөтүү боюнча USAIDдин «Келгиле, окуйбуз!» долбоору

Бул колдонмо АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттиги аркылуу Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Колдонмонун мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Бишкек
2017

Окутуу-усулдук материалдар КР ББИМнин 2017-жылдын 3-октябрындагы № 1265 буйругу менен бекитилди.

Окутуу-усулдук материалдар башталгыч класстардын мугалимдеринин, мектеп директорлорунун, директорлордун орун басарларынын, башталгыч класстардын мугалимдеринин методикалык бирикмелеринин жетекчилеринин, методисттеринин жана китепканачыларынын квалификацияларын жогорулатуу боюнча тренингдерди өткөрүү үчүн даярдалды.

КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

КЖБ	Квалификация жогорулатуу институту (борбору)
ЖТ	Жумушчу топ
КБАА	Кыргыз билим берүү академиясы
КР	Кыргыз Республикасы
КР ББжИМ	Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
КР ММжТМ	Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги
ОУК	Окуу боюнча улуттук комитет
ПККЖжКДРИ	Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту
Рай/шаар БББ	Райондук/шаардык билим берүү бөлүмү
УТБ	Улуттук тест борбору
EGRA	Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн баалоо
SSME	Мектептерди башкаруунун натыйжалуулугуна сереп
STS	School-to-School International
ToT	Тренерлер үчүн тренинг
USAID	АКШ эл аралык өнүктүрүү агенттиги

МАЗМУНУ

Ыраазычылык 4

Киришүү 5

I. Маалымкат 5

II. Долбоордун кыскача мүнөздөмөсү 5

Окууга үйрөтүү методикаларын өркүндөтүү 6

«Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун тренингдеринин модели (үлгүсү) 6

Максаттык аудитория 7

Тренингдин материалдары 8

Гендердик теңчилик жана инклюзивдүүлүк 9

Тренингдердин мазмунун кыскача баяндоо 11

Тренингдерден күтүлгөн натыйжалар 11

Он модулду кыскача баяндоо 11

Окуу көндүмдөрүнө үйрөнүүнүн негиздери 14

Убакыт, окутуу, текст, тил жана тест алуу 14

«Окуганга чейин – Окуу учурунда – Окугандан кийин» ыкмасы 14

«Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун улуттук тренерлери 28

Чоң адамдарды окутуу 28

Мыкты тренердин портрети 29

Тренингдерди өткөрүүнүн интерактивдүү усулдары 30

Мээ чабуулу 31

Топтордо талкуулоо 31

Мен – сен – биз 31

Презентация 32

Чакан топтордо талкуулоо 32

Практикалык көнүгүүлөр 32

«Муз жаргыч» көнүгүүлөрү 32

Үчүн пайдалуу кеңештер 33

Тренингдин натыйжалуулугун арттыруу үчүн пайдалуу кеңештер 35

Үзгүлтүксүз колдоо 35

Кесиптик өркүндөтүү жамааттары 37

А тиркемеси: «Муз жаргычтар» жана дене бойду жазуу көнүгүүлөрү 52

Б тиркемеси: Сабакка байкоо жүргүзүү формасы 54

Маалымат булактары 56

ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Бул колдонмо Кыргыз Республикасында башталгыч мектептин мугалимдеринин кыргыз жана орус тилинде окууга үйрөтүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө умтулган адистердин кесипкөйлүгүнүн, ынтызарлыгынын жана чыгармачыл дараметинин негизинде иштелип чыкты. Алар окуунун бекем пайдубалы окуучулардын жетишкендиктеринин жогору болуусуна жардам берет деген бекем ишеним менен эмгектеништи.

Окуу көнүмдөрүн өркүндөтүү боюнча «Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун командасы, окуу модулдарын иштеп чыккан адистерине – доктор Бактыгул Исмаиловага, Умут Какеевага, Алтынай Молдоевага, Рахат Орозовага, Нэнси Парксга, Рашид Шакировго, тексттин редакторлорына – Замира Момункуловага, Ирина Низовскаяга, Галина Фадеевага, котормочулар – Бакыт Кайыпбековго, Аида Турсуналиевага, Чынгыз Зарылкановго, долбоордун өнөктөштөрүнө жана жалпы кызыкчылыгы жагынан биргелешкен адистердин баарына бул колдонмонун он тренингдик модулун иштеп чыкканга салым кошкон үчүн терең ыраазычылык билдирет. «Келгиле, окуйбуз!» долбоору эл аралык консультанттар Кетеван Чаккианиге, доктор Паата Папавага, доктор Энди Смартга жана доктор Барабара Торнтонго модулдарды түзүүгө озүлөрүнүн билимин, илимий тажырийбасын жана олуттуу салымын кошкон үчүн өзгөчө ыраазычылык билдирет.

«Келгиле, окуйбуз» долбоору ошондой эле USAID уюмунун кызматкерлерине да: доктор Гулжан Толбаевага, USAIDдин келишим уюмунун расмий өкүлү, Нора Мадригалга, USAIDдин саламаттыкты сактоо жана билим берүү бөлүмүнүн директору жана доктор Эмми Скотго, USAIDдин келишим уюмунун альтернативдүү расмий өкүлү, колдонмонун мазмуну тууралуу баалуу сунуштарды жана пикирлерди бергендери үчүн ыраазычылык айтат.

Тренингдик материалдарды иштеп чыгуу учурунда «Келгиле, окуйбуз!» долбоору Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (КР ББжИМ) менен тыгыз кызматташты. Долбоор КР Билим берүү жана илим министри Гулмира Кудйбердиевага, министирдин орун басары Надира Джусупбековага, министирдин мурунку орун басары Салиддин Калдыбаевге, Чынара Курбановага жана Назгул Мусаевага ыраазычылык билдирет. Чынара Курбанова жана Назгул Мусаева долбоор менен министирликтин ортосундагы өз ара мамилени жетектешти.

Долбоор Кыргыз билим берүү академиясынын мурунку президенти профессор Абакир Мамытовго, Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун жетекчиси, профессор Назира Дюшеевага жана тренингдер боюнча жумушчу топтун мүчөлөрүнө өзгөчө ыраазычылык билдирет.

КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 20-апрелиндеги № 476/1 буйругу менен түзүлгөн тренингдер боюнча жумушчу топтун курамына төмөнкүлөр кирди: Марат Үсөналиев, КР ББжИМдин Мектепке чейинки, мектептик жана мектептен тышкаркы башкармалыгынын башчысы; Алмаз Токтомаметов, Кыргыз билим берүү академиясынын (КББА) президенти; Батмахан Абдухамидова, КББА жетектөөчү илимий кызматкери; Миргүл Эсенгулова, Арабаев атындагы КМУнун доценти; Назгул Масалиева, Арабаев атындагы КМУнун улук окутуучусу; Роза Мамбетова, Арабаев атындагы КМУнун улук окутуучусу; Ольга Дудкина, Педагогикалык кызматкерлердин адистигин жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун (ПКАЖКДРИ) улук окутуучусу; Нурказы Маматов, ПКАЖКДРИнин улук окутуучусу; Ирина Низовская, Борбордук Азия Эл аралык университетинин доцентинин милдетин аткаруучу; Батма Топоева-Ставинская, «Кыргызтест» борборунун директору; Айнура Мааткеримова, Татьяна Кузнецова, Татьяна Демьянушко, Бишкек шаарындагы мектептердин директорлорунун башталгыч класстарынын окуу-тарбия иштери боюнча орун басарлары.

Долбоор улуттук жана мастер тренерлерге, мугалимдерге жана стажерлорго бул колдонмону иштеп чыгууга кошкон салымы үчүн ыраазычылык билдирет. Алар катышпаганда, колдонмону иштеп чыгуу мүмкүн болбойт эле.

Долбоор тренингдик модулдар үчүн фото- жана видеотартуулар жүргүзүлгөн Бишкек шаарынын мектептеринин директорлоруна жана мугалимдерине өзгөчө ыраазычылык жарыялайт.

Бул колдонмону иштеп чыгууга катышкандардын ар бири жалпы максатка жетүүгө – Кыргыз Республикасындагы башталгыч класстардын окуучуларынын окурмандык компетенттүүлүк деңгээлин жогорулатууга өзүнүн баалуу салымын кошту.

Валери Пауэр,
«Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун
жетекчисинин милдетин аткаруучусу,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

КИРИШҮҮ

I. Маалымкат

Окуу жөндөмүн күчөтүү боюнча USAIDдин «Келгиле, окуйбуз!» долбоору Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте 1–4 класстардын окуучуларынын базалык окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында USAIDдин «Бирге окуйбуз» долбоорунун жетишкендиктерин улантып бекемдейт жана андан ары жакшыртат. «Келгиле, окуйбуз!» долбоору Кыргыз Республикасынын 900 мектебинде инновациялык иш-чараларды ишке ашырат.

II. Долбоордун кыскача мүнөздөмөсү

«Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун ишмердигинде негизги басым билим берүү системасынын негизги компоненттерин бекемдөөгө жасалат. Мектеп администрацияларынын ролунун маанисин эске алуу менен, долбоор мектептердин административдик-башкаруу жана окуу-көмөкчү персоналы үчүн окууга үйрөтүүнүн сапаттуу программаларын ишке ашыруунун алдыңкы тажрыйбасы боюнча тренингдерди өткөрөт. Мугалимдерди заманбап методика менен тааныштыруу катарында долбоор жер-жерлерде кесиптик жактан өстүрүү (чеберчиликти өркүндөтүү) иш-чаралары аркылуу жаңы ыкмаларды жайылтуу үчүн мындан ары колдоо көрсөтөт.

Долбоор окуучулардын жетишкендиктери тууралуу натыйжалуу кайтарым байланышты бере турган калыптандыруучу (формативдик) баалоону пайдаланганга мугалимдерге жардам берет. Окуучуларды окутуу тажрыйбасын кеңейтүү максатында долбоордун алкагында түрдүү окуу ресурстары, анын ичинде окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүнө туура келген кошумча окуу материалдары иштелип чыгат жана берилет. Ошондой эле долбоор башталгыч класстардын окуучуларынын окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө ата-энелердин жана коомчулуктун катышуусуна көмөк көрсөтөт. Бул долбоордун көз карашынан алганда, мугалимдердин, мектеп администрацияларынын, министрликтин, ата-энелердин жана коомчулуктун орток жоопкерчилиги менен гана ишке ашат.

КЕЛГИЛЕ, ОКУЙБУЗ» ДОЛБООРУНУН ТААСИРИ

- 180 000ден ашык окуучуну окууга үйрөтүүнүн мыкты методикасына тартуу;
- 7 000 мугалимди алдыңкы эл аралык тажрыйбага окутуу;
- Мектептерде окууга үйрөтүүнүн өркүндөтүлгөн программасын жайылтуу үчүн 1 000дей директорлордун, окуу бөлүмүнүн башчыларынын, методисттердин жана мектеп китепканачыларынын дараметин арттыруу;
- Билим берүү системасындагы 400 кызматкерди улуттук тренер катары даярдоо;
- КР ББжИМге, мугалимдерге жана басмаларга китептерди классификациялоого мүмкүнчүлүк берген каражатты иштеп чыгуу;
- Окуучулардын көндүмдөрүнүн өсүү динамикасын байкоого жана окутуу процессин ыңгайлаштырууга (адаптациялоого) мүмкүнчүлүк берген калыптандыруучу баалоону жайылтуу;
- Долбоордун ишмердигине тартылган мектептердин мугалимдеринин адистигин жогорулатуу программаларын ишке ашыруу;
- Долбоордун ишмердигине тартылган мектептерге ресурстарды (китептерди, гезиттерди, дидактикалык карточкаларды ж. б.) берүү;
- Иштелип чыккан материалдарды өнөктөштөрдүн колдонуусуна мүмкүнчүлүк берген электрондук порталды иштеп чыгуу;
- Ата-энелердин жана коомчулуктун мектеп иш-чараларына болгон колдоосун кеңейтүү.

Окууга үйрөтүү методикаларын өркүндөтүү

Долбоордун ишмердиги окутуу менен баалоонун жуурулушкан процессинин эсебинен окууга үйрөтүүнүн методикасын өркүндөтүүгө багытталган, анын максаты Кыргыз Республикасынын башталгыч мектептеринин окуучуларынын окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат. Улуттук тренерлер бул колдонмонун материалын мугалимдер жана мектептердин директорлору, орун басарлары, методисттери жана китепканачылары үчүн өткөрүлгөн тренингдерде колдоно алышат, анткени бул материалдар окууга үйрөтүүнүн жаңычыл (инновациялык) методикаларын мектептерге жайылтканга мүмкүнчүлүк берет.

Долбоордун бардык иш-чараларынын негизин USAIDдин «Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илимдин министрлигинин жалпы принциптери түзөт. Бул колдонмону иштеп чыгууга Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз билим берүү академиясынын, Педагогикалык кызматкерлердин адистигин жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун өкүлдөрүнөн, ошондой эле билим берүү системасынын башка кызматкерлеринен турган кеңеш берүүчү топ өз салымдарын кошту. Колдонмодо мугалимдер жана/же билим берүү системасынын кызматкерлери үчүн пландоо, окууга үйрөтүү жана окуу көндүмдөрүн баалоо боюнча тренингдерди өткөрүү ыкмалары берилди.

Биздин жалпы ишенимдерибиз

- Бардык окуучулар ийгиликтүү боло алышат.
- Ар бир окуучунун өзүнүн окуу стили болот.
- Окутуунун ийгиликтүү практикасы жөнөкөй (эмпирикалык). изилдөөлөргө негизделет жана тажрыйбанын эсебинен өркүндөтүлөт.
- Окуучулардын сабаттуулугун калыптандырууда класс жетекчи негизги ролду ойнойт.
- Бардык окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алган окутуунун жагымдуу чөйрөсүн түзүү үчүн класс жетекчиге коомчулуктун колдоосу зарыл.
- Адилеттүүлүк – бул теңдештирүү эмес.

«Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун тренингдеринин модели (үлгүсү)

Долбоор тренингдердин программасын иштеп чыкты, ага ылайык бир тренинг окууга үйрөтүүнүн 1–2 аспектине арналат. Мындай модель мугалимдердин концепцияларды түшүнүүсүн жеңилдетет, аларга концепцияларды окутуу процессине киргизгенге жетиштүү убакыт берет жана тиешелүү колдоо көрсөтөт. Бир тренингде окуунун же окутуунун 1–2 көндүмү каралган учурда, мурда өтүлгөн материалдар окуу жыл бою бекемделе берет.

Бул модель боюнча тренингдер эки окуу жылы ичинде үзгүлтүксүз өткөрүлөт жана ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

- окуу жылы ичинде эки айда бир жолу окутуу; анын алкагында катышуучулар окуучулардын жетишкендиктерин жогорулатууга жол ачкан көнүгүүлөрдү жана стратегияларды өздөштүрүшөт;
- мугалимдерге окууга үйрөтүү процессине жаңы стратегияларды киргизүүнү жеңилдеткен сунуштарды жана колдонууга ыңгайлуу ресурстарды камтыган дидактикалык материалдарды берүү;
- тренингдердин арасында улуттук тренерлердин сабактарга байкоо жүргүзүүсү;
- методикалык бирикмелердин отурумдары, алардын жүрүшүндө мугалимдер көйгөй-маселелерди жана жетишкендиктерди талкуулап, тренингдер учурунда берилген стратегияларды жана практикаларды ишке ашырууда бири-бирине жардам бере алышат.

«Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун тренингдеринин модели

Максаттык аудитория

Башталгыч класстардын мугалимдери

Башталгыч класстардын мугалимдеринин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу долбоордун ишмердигинин негизин түзөт – анткени алар окуучулар менен түздөн-түз иштеген негизги адистер болуп саналышат. Долбоор мугалимдерди инсанга багытталган окутуу боюнча заманбап методикаларга үйрөтөт.

Директорлор жана орун басарлары

Мектеп чөйрөсүндөгү эң таасирдүү фигуралар болуп мектеп директорлору жана алардын орун басарлары саналат, ошондуктан окуучулардын жетишкендиктери алардын лидерлик сапаттарына байланыштуу. Мектеп администрациясы персонал үчүн да, окуучулар үчүн да так багыттарды аныктап, мыкты натыйжаларга жеткире алат. Эгерде лидер катары директорлор менен алардын орун басарлары окуунун маанилүүлүгүн, окуу боюнча сапаттуу программанын максаттарын, милдеттерин жакшылап түшүндүрө алса, анда бул максаттарды түшүнүү үчүн негиз болуп калат.

Мектеп директорлору жана алардын орун басарлары окуучулар менен мугалимдердин арасында окуу процессине катышууга кызыккан маданиятты калыптандыруусу зарыл. Албетте, директордун башка кызматтары да маанилүү. Бирок, мектепте оң, туура маданиятты калыптандыруу биринчи кезектеги маниге ээ. Мектеп маданияты өсүү-өнүгүү үчүн негиз болуп саналат. Үлгүлүү мектептердин директорлору сапаттуу окуу программаларын ишке ашыруу аркылуу мугалимдердин арасында ишеним туудурган маданиятты жаратат.

Методикалык бирикмелердин жетекчилери (тренингдердин катышуучулары)

Методикалык бирикмелердин жетекчилери окууга үйрөтүү боюнча инновацияларды киргизүүгө колдоо көрсөтүү жаатында негизги фигура болуп саналат. Алдыңкы тажрыйбаны жайылтуучу катары методикалык бирикмелердин жетекчилери мектептеги окурмандык чөйрөнү өнүктүрүүгө олуттуу салым кошо алышат.

Методикалык бирикмелердин жетекчилери мугалимдер менен тыгыз кызматташып, тренингдердин учурунда өздөштүрүлгөн окутуунун жаңычыл стратегияларын окуу

процессине ийгиликтүү киргизүүгө жардам берип, төмөнкүлөр аркылуу окуучулардын кызыгуусун арттырат:

- мектептеги окууга үйрөтүү методикаларын өркүндөтүү ыкмаларын талдоо;
- мектептин методикалык бирикмесинин отурумдарына катышуу, китеп окууга үйрөтүү мазмунун, формаларын, методикаларын жана каражаттарын аныктоодо мугалимдерге жардам көрсөтүү;
- китеп окуу боюнча иш-чараларды өткөрүүгө көмөк көрсөтүү;
- китеп окуу боюнча иш-чараларды өткөрүүдө мугалимдерге кеп-кеңештерди жана практикалык жардамдарды берүү;
- мугалимдердин маалымат алуусун жакшыртуу үчүн китеп окууга үйрөтүү методикасындагы заманбап багыттарга жана эл аралык тажрыйбаларга байкоо салуу.

Мектеп китепканачылары

Окутуу процессине колдоо көрсөтүүдө жана окуучулардын ийгиликтүү, өз алдынча окурман болуусунда китепканачылар маанилүү роль ойнойт.

Китепканачылар төмөнкү ролдордо болушат[1]:

- окуу-тарбия процессинде мугалимдердин өнөктөшү;
- окуунун жекече стилдерине көмөк көрсөткөн мугалимдердин өнөктөшү;
- ресурстар жана маалымат менен камсыздоо жаатында эксперт;
- мектепте китеп окуу боюнча иш-чараларды биргелешип даярдап, ишке ашырууда мугалимдердин өнөктөшү жана лидери;
- бардык окуучулардын китеп окуудан ырахат алуусун камсыздаган чөйрөнү түзүүнү жана өнүктүрүүнү жетектөөчү;
- китеп окуу боюнча мектептен тышкаркы иш-чараларды уюштуруучу.

Мектеп китепканачылары мыкты окурмандарды даярдоо жоопкерчилигин алган топтун негизги мүчөлөрү болуп саналат. Бул максатка жетүү стратегиялары китеп окуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүп берүүнү, окуучулардын үй-бүлөлөрү, коомдук китепканалар жана мугалимдер менен өнөктөштүк байланышты түзүүнү камтыйт.

Китепканачылар коомчулуктун кеңири чөйрөсүн окуу процессине катышууга кызыктырып, аларды колдоого алат. Окурмандык көндүмдөрдү өнүктүрүү төмөнкү максаттарга жетүүгө багытталган:

- окуучулардын өз күчтөрүнө ишенимин жогорулатуу;
- окуу материалдарды тандоосун кеңейтүү;
- окуу процессинин бардык катышуучуларына өзүнүн окурмандык тажрыйбасы менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк берүү;
- китеп окуунун чыгармачыл процесс катары маанилүүлүгү жана пайдалуулугу тууралуу маалымдуулукту жогорулатуу.

«Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун тренингдеринде сунушталган көптөгөн көнүгүүлөрдү китепканачылардын пайдалануусу үчүн ыңгайлаштырууга болот.

Тренингдин материалдары

Колдонмо кыргыз жана орус тилдеринин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ыңгайлаштырылган он тренингдик модулдан турат. Ар бир модуль конкреттүү тилге тиешеси бар

[1] http://www.sla.org.uk/role-of-school-librarian.php

мисалдарды жана көнүгүүлөрдү камтыйт. Улуттук тренерлер, долбоорго тартылган мугалимдер жана мектептердин директорлору, орун басарлары, методисттери жана китепканачылары Кыргыз Республикасынын башталгыч мектептеринде окутуу процессине жаңычыл жана омоктуу өзгөрүүлөрдү жайылтуучу дараметке ээ.

Он модуль негизги үч топтогу катышуучулар үчүн даярдалды жана ыңгайлаштырылды: 1) улуттук тренерлер; 2) мугалимдер; 3) мектептердин директорлору, орун басарлары, методисттери жана китепканачылары.

Биринчи жылы окутула турган алгачкы беш модуль беш базалык көндүмгө багытталат:

I. Тыбыштык кабыл алуу

II. Алфавит менен таанышуу

III. Шар окуу

IV. Сөз байлыгы

V. Окуганын түшүнүү

Экинчи жылы сунуштала турган акыркы беш модуль окутуунун кошумча стратегиялары-на арналат:

VI. Инсанга багытталган окутуу

VII. Калыптандыруучу (формативдик) баалоо

VIII. Шыктандырууну жана натыйжалуу кайтарым байланышты колдонуу ыкмалары

IX. Сабактарда деңгээлдер боюнча бөлүштүрүлгөн (классификацияланган) кошумча окуу материалдарын колдонуу

X. Коомчулуктун жана ата-энелердин китеп окууга үйрөтүүгө катышуусу

«Келгиле, окуйбуз!» долбоору модулдарды иштеп чыгууга карата баланстaлган мамилени колдонот, буга байланыштуу аларда китеп окууга үйрөтүү процессин өркүндөтүүгө багытталган теориялык жана практикалык көнүгүүлөрдүн комбинациясы камтылат. Бардык модулдар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- тренингдин максаттары жана милдеттери;
- окуу көндүмдөрүн же дидактикалык ыкмаларды аныктоо жана сыпаттоо;
- окутуунун стратегиялары жана ыкмалары;
- окурмандык компетенттүүлүктү баалоо куралдары (инструменттери);
- мугалимдер үчүн сунушталган адабияттар.

Колдонмого кошумча «Келгиле, окуйбуз!» долбоору мугалимдерге жардам катарында китеп окууга үйрөтүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн классификацияланган окуу материалдары, дидактикалык карточкалар жана көнүгүүлөр сыяктуу ресурстарды берет.

Гендердик теңчилик жана инклюзивдүүлүк

Натыйжалуулукту жогорулатуу максатында тренингдердин бардык материалдары гендердик теңчиликти эске алуу менен түзүлгөн. «Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун тренингдеринде жынысына карабастан, окуучуларга тең укуктуу мамиле жасоонун маанилүүлүгү белгиленет. Жыныстык белгиси боюнча басмырлоого жол бербеген окуу процессинин

> Мугалим ар бир окуучу бир эле тапшырманы бирдей убакытта бир эле тилде аткара алат деген «теңдештирүүчү» мамилени колдонгондо, окуучулардын жекече муктаждыктары жана өзгөчөлүктөрү эске алынбайт. Мындай мамиле бардык окуучулардын ийгиликке жетишүүсүнө кепилдик бере албайт.

маанилүүлүгү тууралуу маалымат окуучулардын жана мугалимдердин жүрүм-турумун өзгөртүүнүн ачкычы болуп саналат.

Инклюзивдүүлүк маселесине да ушундай көңүл бурулат. Класс – бул биз жашаган көп түрдүү коомдун кичирейтилген үлгүсү. Инклюзивдүү окутуунун максаты стандарттардын мазмунун өзгөртүү эмес, мүмкүнчүлүктөрдүн ар түрдүүлүгүн, маданий тажрыйбаны, ошондой эле окуучулардын өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эске алган окутуу стилин киргизүү болуп саналат. Инклюзидүүлүккө ылайык, мүмкүнчүлүктөрү чектелген окуучулар алардын окуу жөндөмдөрүн басмырлабаган тартипе окуй алышат. Инклюзивдик билим берүүдө «теңдештирүүчү» мамилени колдонуу акылга сыйбай турган нерсе. Ал тургай, бирдей мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын ар башка күчтүү сапаттары жана артык көргөн окуп-үйрөнүү стилдери болот. Инклюзивдик окутуунун алкагында окуучуларга маалымат берүүнүн жана алган билимдерин көрсөтүүнүн бир канча стратегиясын колдонууга түрткү берилет.

Инклюзивдик окутуу майыптуулуктун социалдык жагын тааныйт, ар түрдүүлүктү караган мамилени колдойт жана аны окутуу программасында колдонот. Инклюзивдик окутуу мисалдары төмөнкүлөрдү камтыйт:

- мугалимдин класста бардык окуучуларга көрүнүп тургандай жайгашуусу;
- сабак учурунда окутуунун бир канча усулун колдонуу;
- ар бир сабактын негизги максаттарын так аныктоо;
- окуучулардын жеке тажрыйбасына кайрылуу;
- баалоо усулдарын колдонуудагы ийкемдүүлүк;
- окуучулардан күтүлүүчү натыйжаларды так аныктоо;
- окуу адабиятын сабакка чейин берүү.

Тренингдердин мазмунун кыскача баяндоо

«Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун тренингдеринин программасы Кыргыз Республикасынын мектептеринин 1–4 класстарынын мугалимдерине, директорлорго, орун басарларга, китепканачыларга жана мугалимдердин усулдук бирикмелеринин жетекчилерине, ошондой эле улуттук тренерлерге арналат. Бул колдонмо «Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун эки жылдык тренингдик программасы учурунда, андан кийин окутуу процессинде катышуучулар колдоно турган маалыматтарды жана материалдары камтыйт.

Тренингдерден күтүлгөн натыйжалар

Тренинг программасынын негизги максаты окуу көндүмдөрүнө жана китеп окууга үйрөтүү методикасына өзгөртүүлөрдү киргизүү жаатында катышуучулардын билимдерин кеңейтүү болуп саналат. Эки жылдык программанын аягында катышуучулар буларды аткара алышат:

- класста жана мектепте өзгөрүүлөрдү киргизүүдө кыймылдаткыч күч катары өз ролун таануу;
- беш базалык көндүмдү жана окурмандык компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн алардын маанилүүлүгүн аныктоо;
- окутуу процессине окуунун беш базалык көндүмү боюнча көнүгүүлөрдү киргизүү;
- окутуу тартибин инсанга багытталган негизде, активдүү окутуу ыкмаларына, натыйжалуу кайтарым байланышка жана калыптандыруучу баалоого ылайыктап өзгөртүү;
- өз класстарында жана мектептеринде бай окурмандык чөйрөнү түзүү;
- сабактарга байкоо жүргүзүүнүн натыйжасында жаңы билимдерди, ошондой эле кесиптештеринен китеп окууга үйрөтүүнүн жаңы методикаларын киргизүү боюнча методикалык жардамдарды алуу;
- ата-энелерди жана коомчулуктун өкүлдөрүн өнөктөш катары китеп окууга үйрөтүү процессине тартуу.

Он модулду кыскача баяндоо

Биринчи жыл

Ийгиликтүү окуучу болуу үчүн окуучулар беш базалык көндүмгө ээ болушу керек, алар окурмандык компетенттүүлүктүн түзүмдүк элементтери болуп саналат. Окуу көндүмдөрүнүн өз ара байланышын, ошондой эле пландоо, окутуу жана окуучулардын беш базалык көндүмдү өздөштүрүү деңгээлин баалоо принциптерин билүү мугалимдер үчүн маанилүү болуп саналат.



1-модуль. Тыбыштык кабыл алуу. Тыбыштык кабыл алуу – бул тилдеги түрдүү тыбыштарды уга билүү жана ар кандайча өзгөртө билүү. Тыбыштык кабыл алуу жана алфавит менен таанышуу бири-биринен айырмаланаарын баса белгилеп кетүү керек, анткени биринчиси жазуу менен байланышпай, толугу менен угуу компоненти болуп саналат. Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрү окууга үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берген пайдубал болуп саналат. Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн атайын окутуунун натыйжасында үйрөнгөн балдар өздөрүнүн окуу көндүмдөрүн олуттуу түрдө жакшыртканын изилдөөлөр көрсөттү.

2-модуль. Алфавит менен таанышуу. Алфавит менен таанышуу – бул окуунун баштапкы түзүмдүк элементтеринин бири. Башкача айтканда, алфавит менен таанышуу – бул тамгалар менен тыбыштардын ортосундагы өз ара байланышты иликтеп үйрөнүү. Мисалы, тамганы көрсөткөндө, окуучулар аны таанып, тиешелүү тыбышты айтышат. Тыбыштык-тамгалык байланышты түшүнбөй туруп, окууга үйрөнүү мүмкүн эмес. Мындай байланыш китеп окуу боюнча бардык окуу программаларынын маанилүү компоненти болуп саналат, анткени ал окурмандарга жазуу түрүндө берилген жаңы сөздөрдү таануу үчүн курал катарында кызмат кылат.

3-модуль. Шар окуу. Шар окуу – бул сөздөрдүн маанисин түшүнүп, тиешелүү деңгээлде көркөм окуп, сезимдерди, эмоцияларды туура бере билүү же басымды тиешелүү сөзгө же фразага коюу менен тез окуу жөндөмдүүлүгү. Шар окуу көндүмдөрүнө үйрөтүү буларды өзүнө камтыйт: башкарып окуу, анда окуучулар болгон каталарды оңдой турган жана кайтарым байланыш бере турган кимдир-бирөөгө үн чыгарып окушат; ошондой эле өз алдынча окуу, ал окуучулардын үн чыгарбай, ичинен окуусун билдирет. Шар окуган окуучуларда жаңы сөздөрдү таануу, ылдам, так жана көркөм окуу, ошондой эле окуганын жакшылап түшүнүү жөндөмдөрү жакшы өнүккөн болот.

4-модуль. Сөз байлыгы. Сөз байлыгы окуучуларга сөздөрдү тааныганга жана түшүнгөнгө жардам берет. Сөз байлыгын өстүрүү жана жаңы сөздөр менен тынымсыз иштөө окуу боюнча жетишкендиктерди жогорулатууда маанилүү роль ойнойт. Ага багытталган атайын окутуу абдан натыйжалуу болгондугуна карабастан, сөз байлыгын толуктоонун ар кандай түз жана кыйыр усулдарын колдонуу да маанилүү. Жөнөкөй көнүгүүлөргө караганда мазмуну бай өзгөчө тексттерди колдонуу сөз байлыгын бир топ натыйжалуу өстүрүүгө жардам берет. Сөз байлыгын өстүрүүнүн натыйжалуу усулдары сөздөрдүн маанисинин жана сөздөрдүн ортосундагы байланышты аныктоону камтыйт.

5-модуль. Окуганын түшүнүү. «Келгиле, окуйбуз!» долбоору сөздөрдүн деңгээлинде окуу жана түшүнүү окуунун ажырагыс бөлүгү экендигине бекем ишенет. Булар өз алдынча алганда окуучунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга жетишсиздик кылат. Окуганын түшүнүү – бул окурмандын, тексттин жана мазмундун ортосундагы өз ара татаал байланыш. Ал сөздөрдү таануунун жана кепти түшүнүүнүн натыйжасы болуп саналат. Окуганын түшүнүү көндүмүнө сапаттуу окутуу окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эсепке алат. Мугалимдер шар окууга үйрөтүүнүн, буга чейинки алган билимдерин активдештирүүнүн, сөз байлыгын өстүрүүнүн, окуучуларды шыктандыруунун жана окуучулардан текстке байланыштуу суроолорго мазмундуу жооп алуунун эсебинен аларга окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатууга жардам берет.

Экинчи жыл

Экинчи жылга пландалган тренинг модулдары салттуу окутуу практикасын өзгөртүүгө жана окуу боюнча жетишкендиктерди жогорулатууга жардам берүүчү жаңы методикаларды киргизүүгө багытталат.



6-модуль. Инсанга багытталган окутуу. Инсанга багытталган окутуу – балдарды окутууда көп жылдар бою колдонулуп келген салттуу ыкмалардан сырткары чыккан окутуу стратегиясы. Бул стратегияда негизги басым мугалимге эмес, окуучуга жасалат. Анын алкагында колдонулуучу усулдар активдүү окутууну, биргелешип окутууну, ошондой эле индуктивдик окутууну камтыйт. Көптөгөн изилдөөлөр боюнча инсанга багытталган окутуу окутуунун салттуу ыкмаларына салыштырмалуу артыкчылыкка ээ экендиги далилденди.

7-модуль. Калыптандыруучу (формативдик) баалоо. Калыптандыруучу баалоо окутуу процессинде үзгүлтүксүз жүргүзүлөт. Мындай баалоо тест алуу, аудиториядан тышкаркы иш, көнүгүү, байкоо жүргүзүү, ал тургай, конференция сыяктуу ар кандай формаларда өткөрүлөт. Буларды өткөрүүдө сөзсүз эле баа коюла бербейт. Калыптандыруучу баалоо окутуунун жүрүшүндө ишке ашырылат жана мугалимге окуучулардын муктаждыктарын жакшылап түшүнгөнгө мүмкүнчүлүк берет.

8-модуль. Шыктандаруу жана натыйжалуу кайтарым байланышты берүү ыкмалары. Окутууда туура өзгөрүүлөргө жетишүү үчүн позитивдүү жүрүм-турум деген эмне экендигин окуучуларга так түшүндүрүп, өздөрүн туура алып жүргөндөрү үчүн аларга колдоо көрсөтүү зарыл. Колдоо көрсөтүү окуучуларды андан ары аракет кылууга шыктандырат. Бул модулда окуучуларды шыктандыруу ыкмалары жана натыйжалуу кайтарым байланыштын эсебинен алардын жүрүм-турумун өзгөртүү тактикасы каралат.

9-модуль. Классификацияланган окуу материалдарын колдонуу. «Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун алкагында авторлорго жана басмаканаларга текстттерди татаалдыгы боюнча бөлүштүрүүгө мүмкүнчүлүк берген курал иштелип чыкты. Бир катар классификацияланган окуу материалдарын даярдоо пландалууда, алардын татаалдыгы ушул классификациялоо куралы аркылуу аныкталат. Мугалимдер үчүн окууга үйрөтүү процессинде бул куралды натыйжалуу колдонуу, татаалдыгына жараша бөлүнгөн китептер жана материалдар боюнча атайын тренингдер каралууда.

10-модуль. Коомчулуктун жана ата-энелердин китеп окууга үйрөтүүгө катышуусу. «Баланы тарбиялоо – жалпы коомдун милдети», – деп айтылгандай, жаш муунду тарбиялап өстүрүүдө коомчулуктун ролу маанилүү. Баланы тарбиялоо жана сапаттуу

билим берүү үчүн жооптуу катышуучулар ата-энелер жана коомчулук болуп саналат. Бул модулда ата-энелердин жана коомчулуктун китеп окуу боюнча мектептин иш-чараларына катышуусун камсыз кылууга байланыштуу сунуштар берилди.

Окуу көндүмдөрүн үйрөнүүнүн негиздери

Убакыт, окутуу, текст, тил жана тест алуу

«Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун бардык тренингдеринде окуу боюнча программалардын натыйжалуулугун камсыз кылуунун беш элементине өзгөчө көңүл бурулат: убакыт, окутуу, текст, тил жана тест алуу.

- **Убакыт.** Окуу боюнча бекем пайдубалды калыптандыруу үчүн окуучуларга жетиштүү убакыт талап кылынат.
- **Окутуу.** Окуучулар окуганга үйрөнүү үчүн мугалимдер окутуунун натыйжалуу усулдарын колдонушу керек болот. «Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун тренинг модулдары окуунун «үлгүлүү окуу – биргелешкен окуу – башкарып окуу – өз алдынча окуу» баскычтарынын ырааттуулугун эске алуу менен түзүлдү, мында биринчи баскычта мугалим окуучуларга үлгүлүү окууну көрсөтөт; экинчиде – окуучулар жекече же биргелешип китепти же башка текстти мугалимдин жетекчилиги астында окушат; үчүнчүдө – мугалим чакан топтордо тиешелүү татаалдыктагы текст менен иштөөнү башкарат; төртүнчүдө – окуучулар өз алдынча окурман болуп калышат.
- **Текст.** Окуучулардын карамагында окуу үчүн ар түрдүү көптөгөн тексттер болушу керек. «Келгиле, окуйбуз!» долбооруна кирген ар бир мектепке татаалдыгы боюнча деңгээлдерге бөлүнгөн окуу материалдарынын чакан топтому берилет.
- **Тил.** Окуучуларга өз пикирин билдиргенге мүмкүнчүлүк берүү керек. Ошондой эле, аларга өз эне тилинде билим алуусуна колдоо көрсөтүү зарыл. Бул материалды жогорку деңгээлде өздөштүрүүгө көмөк көрсөтөт.
- **Тест алуу.** Окуучулардан мезгил-мезгили менен тест алып туруунун эсебинен алардын көндүмдөрүнүн өсүү динамикасына мониторинг жүргүзүү зарыл. Окутуу учурундагы баалоо (калыптандыруучу баалоо) мугалимге жана окуучуларга окуу учурундагы жетишкендиктерди көрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

«Окууга чейин – Окуу учурунда – Окугандан кийин» ыкмасы

«Келгиле, окуйбуз!» долбоору тренинг модулдарында «Окуганга чейин – Окуу учурунда – Окугандан кийин» ыкмасын колдонот. Окуу жаңы текст менен буга чейин өздөштүрүлгөн билимдин ортосундагы байланышты билдирет. «Окуганга чейин – Окуу учурунда – Окугандан кийин» ыкмасы окуучулардын буга чейинки билимдерин активдештирүү үчүн колдонулат, муну менен акыл-эсте түзүм (структура) жаралат, ага жаңы текст, ойлор жана идеялар кошулат. Бул образдуу түзүм материалды окуганга чейин эле пайда болот, окуу учурунда окуучулардын текст менен өз ара аракеттенүү деңгээлине жараша бекемделе берет. Окугандан кийин окуучулар маалыматты мурда алган билимдери менен айкалыштырган кезде ал түзүм кайра каралат.

Бул тема боюнча көнүгүүлөр төмөндө берилди.

ОКУУДАН МУРДА БОЛУУЧУ («ОКУГАНГА ЧЕЙИН») КӨНҮГҮҮЛӨР

«Сөздөр окуясы»

«Сөздөр окуясы» (сөздөрдү колдонуп окуя жазуу) – бул кызыктуу көнүгүү жазуу иши аркылуу окуучуларды окууга шыктандырат.

Аткаруу тартиби

1. Текттен 7ден 10го чейинки негизги сөздөр же сөз айкалыштары (айтымдар) тандалат; окуучуларга тааныш жана тааныш эмес сөздөрдү тандоо керек болот;
2. Оозеки айтылган сөздөрдү окуучулар өз баракчаларына туура жазганга аракет кылышат;
3. Окуучулар бул сөздөрдү колдонуу менен эң аз дегенде жети сүйлөмдөн турган кыскача окуяны жазышат;
4. Окуучулар башка окуучулар менен өз окуяларын бөлүшүшөт, андан кийин мугалим бир нече окуучудан өз окуясын бардык класска үн чыгарып окуп берүүнү суранат;
5. Мугалим текттин түп нускасын окуйт да, окуучулардын кимиси түп нускага окшоштура окуяны жазганы аныкталат.

«Алдын ала суроолор»

Окуучулар текстти карашат жана жооп алууга мүмкүн болгон суроолорду түзүшөт. Текстти окуп жатып, окуучулар өз суроолоруна жоопторду издешет.

Аткаруу тартиби

Вариант катары окуучулар окуганын түшүнгөнүн аныктоо үчүн мугалим бере турган суроолорду түзгөнгө аракет кыла алышат. Окуучулар суроолорго жооп табуу үчүн текстти окушат.

«Сүрөттөр»

Окуучулар сүрөттөргө жана башка графикалык элементтерге таянуу менен тексттин мазмунун болжолдошот.

«Азыр аракет кыл»

Ойлонтуу үчүн суроолор, аларга окуучулар тиешелүү убакыт ичинде (адатта 3–5 мүнөт) жооп бериши керек. Суроолорду доскага жазып коюуга, проектор аркылуу көрсөтүүгө же баракчаларда бүтүндөй класска таркатууга болот. Бул көнүгүүнү аткаруу менен, окуучулар өз ойлорун жазуу түрүндө баяндашат, мында негизги көңүл туура жазууга эмес, сабактын темасына бурулат.

Аткаруу тартиби

«Азыр аракет кыл» көнүгүүсү көпчүлүк учурда танаписти алдында аткарылат, аны төмөнкү учурларда да аткарса болот:

1) жаңы темага киришүү;
2) өткөн темага кыскача баяндама жасоо;
3) окуучулардын өз ойлорун андан ары талкуулоо же ал тууралуу ой жүгүртүү үчүн жазуу түрүндө баяндоосу.

«Мен – сен – биз»

«Мен – сен – биз» көнүгүүсү биргелешип окуу үчүн курал болуп кызмат кылат.

Аткаруу тартиби

1. Тема айтылат же ачык суроо берилет, окуучулар алар боюнча жекече ой жүгүртүшөт жана өз ойлорун кагазга жазышат.
2. Андан кийин окуучулар жуптарда иштешет жана жуптарда өз ойлору менен бөлүшүшөт.
3. Жуп эки окуучунун тең идеялары эске алынган кыскача баянды түзөт.
4. Жуп жалпыланган баянын бүтүндөй класска айтып берет.

«БББ таблицасы»

БББ таблицасы үч тик катардан турат. Ал тандалган тексттин окуу компоненттерин «Окуганга чейин – Окуу учурунда – Окугандан кийин» баскычтары боюнча аныктаганга мүмкүнчүлүк берет.

Б – билем, Б – билгим келет, Б – билдим.

Аткаруу тартиби

1. Доска үч тик катарга бөлүнөт же окуучулар кагазда иштешет.
2. Тик катарларга үч «Б» жазылат.
3. Теманын аталышы гана айтылат.
4. Окуучулар окуганга чейин биринчи «Б» деген тик катарды толтурушат, алар бул тема боюнча билгендеринин баарын көрсөтүшөт. Муну алар өз алдынча же бүтүндөй класс менен аткарышат, мында мугалим аларды доскага жазат.

5. Андан кийин окуучулар бул тема боюнча билгиси келгендеринин баарын көрсөтүү менен, экинчи «Б» тик катарын толтурушат. Алгач муну бүтүндөй класс боюнча аткарышат, андан кийин окуучулар өз алдынча толтурушат.
6. Эгерде иш өз алдынча аткарылса, анда бир нече окуучу өз жазгандарын текстти окуганга чейин бүтүндөй класска окуп беришет.
7. Текстти окугандан кийин окуучулар үчүнчү «Б» тик катарды толтурушат, анда текстти окугандан кийин алар эмнени билгенинин баары көрсөтүлөт. Мында мурда айтылган суроолорго карата текстте-ги жооптор бул тик катарда бар экендигин аныктоо үчүн экинчи «Б» (билгим келет) тик катарына өзгөчө көңүл буруу керек болот. Алгачкы бир нече мүнөттө бул көнүгүүнү бүтүндөй класс менен аткарган жакшы (үчүнчү «Б» тик катары окулган текстке жана кийинки тапшырмаларга карата кыскача баяндама катары болот).

ОКУУ УЧУРУНДАГЫ КӨНҮГҮҮЛӨР

«Чапталма кагаздар (стикерлер)»

Окуучулар жазуу/белгилөө үчүн чапталма кагаздарды колдонушат жана аларды текстке чапташат, текстке жазууга болбойт. Чапталма кагаздарды алып коюуга жана окуучулардын текст менен өз ара аракеттенүүсүн эсепке алуу үчүн өзүнчө жерде сактоого болот.

Аткаруу тартиби

- Окуучуларга чапталма кагаздар таркатылат (алардын саны текттин көлөмүнө жараша болот).
- Окуучуларга суроолорду жалпылоо, түзүү жана окуу учурунда жаралган өз идеяларын жазуу тапшырмасы берилет (кийинирээк суроолорду окуп, аларга жооп берүүгө болот).
- Туура же туура эмес жооптор болбойт, баалоо окуучулардын активдүү катышуусунун жана анын текст менен өз ара аракеттенүүсүнүн

негизинде гана аткарылат. Кийин текст эмне жөнүндө болгондугун эстегенге, аны кайталаганга мүмкүнчүлүк болушу үчүн чапталма кагаздарды алып коё турууга болот.

«Текстке түшүндүрмө берүү»

Бул көнүгүү окуу учурунда аткарылат, анын жардамы менен окуучунун текст менен өз ара аракеттенүүсү камсыз болот. Окуучулар чапталма кагаздарды текст менен өз ара аракеттенүүнүн үч тибин көрсөтүү үчүн колдоно алышат: (м) чапталма кагаздар окуучулар макул болгон ырастоолор менен катар жабыштырылат; (!) чапталма кагаздар негизги идеялар баяндалган ырастоолор менен катар жабыштырылат; (?) чапталма кагаздар окуучулардын ою боюнча чаташып калды делген ырастоолор менен катар жабыштырылат. Бул көнүгүү маалыматтык тексттер менен иштөө үчүн өзгөчө пайдалуу.

«Кароо дөңгөлөгү»

Мугалим классты айланып чыгат жана окуучулардан текстти окууну же негизги идея көбүрөөк баяндалган тексттеги сүйлөмдү кайталоону суранат. Кайталанганына карабастан, окуучулардын жоопторунан улам мугалим окуу канчалык ийгиликтүү болгонун, пикирлер, ошондой эле иштин алдында түшүндүрүүнү талап кылган суроолор ж. б. канчалык ар түрдүү болгонун тез аныктай алат. Окуучуларды «туура эмес» жооп үчүн эч ким күнөөлөбөй турган шарт түзүлөт, бул окуучуларды андан ары аракеттенүүгө жана түшүнүүнү жакшыртууга жардам берет. Акыры бул көнүгүү текстти оозеки баяндап берүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мында окуучулардын баары башка бир окуучунун текстти айтып же окуп бергенине жараша түшүнө башташат.

«Кайра окуу»

Окуучулар өзүнүн жообуна/пикирине/позициясына же башканын пикирине/позициясына далил табуу үчүн текстке кайрылышат.

Аткаруу тартиби

1. Мугалим «кайра окуу» бүтүндөй текстти кайталап окуп чыгуу эмес, маанилүү жана негизги учурларды (фрагменттерди) аныктоо экенин окуучуларга түшүндүрөт. Бул көнүгүүнү «Мен издейм» деп аталган процесске кошууга болот, анын максаты өз көз карашына кошумча далилдерди издөө болуп саналат.
2. Текстти кайра окуу өзүнүн жообун/көз карашын/позициясын тексттеги маалыматтар менен бекемдөө көндүмдөрүн өнүктүрүүдөн сырткары андагы маалыматты, тексттин аты, өзгөчө шрифт менен белгиленген сөздөр аркылуу тез табуу көндүмдөрүн машыктырууга колдонулат.

«Фрагменттерге бөлүү»

«Фрагменттерге бөлүү» татаал текстти ыңгайлуу фрагменттерге бөлүүнү билдирет. Бөлгөндөн кийин окуучулар мындай бөлүктөрдү (фрагменттерди) өз сөздөрү менен баяндоонун үстүндө иштешет. Мугалимдер бул стратегияны түрдүү көлөмдөгү татаал тексттер менен иштөөдө колдоно алышат. Текстти бөлүү окуучуларга негизги сөздөрдү жана идеяларды аныктоого мүмкүнчүлүк берет, алардын өз сөзү менен айтуу көндүмдөрүн өнүктүрөт жана уюштуруу, маалыматты синтездөө процессин жеңилдетет.

Аткаруу тартиби

Фрагменттерге бөлүүнү «Окуганга чейин – Окуу учурунда – Окугандан кийин» ыкмаларында сабактан кийин эмес, сабактын учурунда мугалимдин жетекчилигинин алдында чакан тапшырмаларды аткаруу үчүн пайдалануу га болот. Фрагменттерге бөлүү окуучулардын жүрөк үшүн алган көлөмдүү тапшырмаларды аткарууга ыңгайлуу. Фрагменттөө «Окуганга чейин – Окуу учурунда – Окугандан кийин» ыкмасынын ырааттуулугун камсыз кылган бөлүгү болуп, тексттин бир бөлүгүнөн экинчисине өтүү үчүн колдонулат. Текстти толук идеяларга жараша маанилүү бөлүктөргө бөлүү зарыл, ансыз түшүнүү кыйын. Ошондуктан текстти фрагменттерге бөлүүгө кылдат мамиле кылуу керек.

Кээде, айрыкча бул стратегияны биринчи жолу колдонуп жатканда, мугалимдер текстти алдын ала бөлүп коюшат. Калган учурларда мугалим текстти өз алдынча фрагменттөө боюнча окуучуларга тапшырма берет. Фрагменттин узундугу окуучулардын окурмандык компетенттүүлүк деңгээлине жараша болушу мүмкүн. Кыйналган окуучулар толук сүйлөмдөргө караганда фразалардын деңгээлинде иштей алышат. Ал эми өзүнө ишенген окурмандар көлөмдүү фрагменттер менен иштей алышат. Окуучулар фрагменттерди өз сөздөрү менен баяндап жазышат. Бул көнүгүү аяктаганда ар бир окуучуда тексттин түп нускасынын өз сөзү менен айтылган версиясы болот. Жашы кичирээк окуучуларга мугалим фрагментти өз сөзү менен кайра айтуу тапшырмасын бере алат.

«Азыр аракет кыл»

Ойлонуу үчүн суроолор, окуучулар белгиленген убакыттын ичинде (адатта 3–5 мүнөт) аларга жооп бериши керек. Суроолорду доскага жазып коюуга, проектор аркылуу көрсөтүүгө же баракчаларда бүтүндөй класска таркатууга болот. Бул көнүгүүнү аткаруу менен, окуучулар өз ойлорун жазуу түрүндө баяндашат, мында негизги көңүл туура жазууга эмес, сабактын темасына бурулат.

Аткаруу тартиби

«Азыр аракет кыл» көнүгүүсү көпчүлүк учурда танаписти алдында аткарылат, аны төмөнкү учурларда да аткарса болот: 1) жаңы темага киришүү; 2) өткөн темага кыскача баяндама жасоо; 3) окуучулардын өз ойлорун андан ары талкуулоо же ал тууралуу ой жүгүртүү үчүн жазуу түрүндө баяндоосу.

«Алдын ала суроолор»

Бул көнүгүүнү аткаруунун иретин «Окууга чейин» бөлүгүнөн караңыз.

«Адабий чөйрө[1]»

Адабий чөйрө – бул 4–6 окуучудан турган топтордо иштөөнү камтыган окуу боюнча инсанга багытталган көнүгүү. Алар иштеп жаткан текстти талкуулоонун ыңгайлуулугун камсыз кылуу үчүн топтун ар бир катышуучусуна роль берилет. Адабий чөйрө идеяларды

[1] http://www.educationworld.com/a_curr/curr259.shtml

биргелешип талкуулоонун, суроолорду түзүүнүн жана тексттеги окуяларды түшүндүрүүнүн эсебинен окуучуларга окутуу процессин көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Бир караганда адабий чөйрө адабий окууга гана тиешелүү болгондой көрүнүшү мүмкүн, бирок бул көнүгүүнү тексттердин башка типтери менен да аткарууга болот. Окуучулар аны өз алдынча аткарганга чейин адабий чөйрөнүн эрежелери, ошондой эле күтүлүүчү натыйжалары менен көп жолу иштеп, кайталаш керек. Бул көнүгүүнүн бардык артыкчылыктарын түшүнүү үчүн көп убакыт талап кылынат. Биринчи жолу колдонууда эле натыйжаны күткөн мугалимдердин бул көнүгүүдөн көңүлү калышы мүмкүн. Андыктан биринчи жолу тажрыйбалуу кесиптештердин жардамы менен өткөргөн жакшы. Бул кийин өз байкоолорун салыштырууга жана бири-бирине колдоо көрсөтүүгө шарт түзөт.

Топтордогу ролдор

Талкуулоо боюнча жетекчи топ иштеп жаткан тексттин үзүндүсүнө карата 4–5 суроо түзөт. Суроолор терең ой жүгүртүүнү талап кылган ар түрдүү жана ачык типте болушу керек. Талкуулоо боюнча жетекчи текстте берилген «негизги идеялар» четте калбоосу үчүн талкуунун жүрүшүндө алып баруучунун ролунда болот.

Байланыштыруучу топ иштеп жаткан текст менен айлана-чөйрөнүн ортосундагы байланышты аныктайт. Тексттеги окуялар менен мектептеги же коомчулуктагы турмуштун, башка жерлердеги окуялардын ортосундагы окшоштуктарды табат, каармандарды реалдуу адамдар, текстте берилген көйгөй маселелерди реалдуу турмуштагы көйгөйлөр менен салыштырат.

Сөз байлыгын өстүрүүчү окуунун ар бир циклинин жүрүшүндө өзгөчө маанилүү 5–8 сөздү табат. Беттердин номерлерин, абзацтарды, сөздөрдү жана ар бир сөздүн маанисин жазат.

Жалпылоочу окулган үзүндүнү кыскача жалпылоону даярдайт. Негизги идеяларды жана окуяларды бөлүп көрсөтөт.

Аткаруу тартиби

1. Окуучулар материалды тандашат.
2. Тандаган китептерге жараша чакан топтор түзүлөт (ар башка топ ар башка китепти окуйт).
3. Ролдор берилет, мугалим топтун катышуучуларынын ролун өзүнө белгилеп алат (топтогу балдардын санына жараша кошумча ролдор берилиши мүмкүн).
4. Топтордо талкуулоо аныкталган графикке ылайык жүрөт.
5. Топтун бардык катышуучулары ар бир талкуунун жүрүшүндө алынган маалыматтарды жазышат.
6. Талкуулардын темасы окуучулар тарабынан аныкталат.
7. Топтордо талкуулоо китеп тууралуу адаттагы талкуу формасында ачык өткөрүлөт, ошондуктан кошумча ойлорду айтуу, ачык типтеги суроолор колдоого алынат.
8. Жаңы топторду түзүүдө ролдорду алмаштыруу керек.
9. Мугалим топтун катышуучусунун же мугалимдин эмес, алып баруучунун ролунда болот.
10. Баалоо мугалимдин байкоо жүргүзүүсүнүн жана окуучулардын өзүн өзү баалоосунун натыйжасы боюнча жүргүзүлөт (топтогу жазуу түрүндөгү иш да баалоонун объектиси боло алат).
11. Топтогу текст менен иштөө аяктаганда, натыйжалары бүтүндөй класска маалымдалат, жаңы китептер тандалат жана кайрадан топтор түзүлөт.

«Пазл»

Көлөмдүү текст пазл принциби боюнча фрагменттерге бөлүнөт. Бул окуучуларга мугалимдин ролунда болууга мүмкүнчүлүк берет; мында окуучуларда биринчи кезекте өзүнө болгон ишеним жаралат, анткени алар тексттин ошол эле фрагменти менен иштеп жаткан башка окуучулар менен алдын ала талкуулашат.

Аткаруу тартиби

1. Текст бүткөн ой менен бөлүктөргө бөлүнөт.
2. Ар башка окуучуларга ар башка фрагменттерди окуу тапшырмасы берилет (ар бир окуучу фрагмент боюнча окуйт, ошону менен бирге эле бир эле фрагментти бир нече окуучу окуйт).
3. Окуунун жүрүшүндө окуучулар текстти түшүндүрүү менен алектенишет же окуганын түшүнүүгө жардам бере турган суроолорду камтыган баракты толтурушат.
4. Бир фрагмент менен иштеген окуучулар тексттеги негизги идеяны жана маанилүү пункттарды талкуулоо үчүн «эксперттер тобун» түзүшөт.
5. «Эксперттер тобундагы» бир катышуучу башка «эксперттер тобунун» катышуучусу менен жуп болуп кийинки топту түзөт.
6. Ар бир «эксперт» жаңы топко өзүнүн текстиндеги негизги идеяны жана маанилүү пункттарды түшүндүрөт.
7. Ар бир топ «эксперттерден» алынган маалыматтар менен бөлүшөт, ал эми мугалим маалыматты доскага жазат.
8. Туура эмес түшүндүрмөлөр болсо, мугалим окуучуларга аларды түшүндүрөт жана окуучулар калтырып кеткен маалыматтарды толуктайт.

«Рефлексия»

Жаңы билимдерди эстеп калыш үчүн окуучуларга укканы, жасаганы, көргөнү же окуганы тууралуу ойлонуу үчүн убакыт керек болот. Рефлексия боюнча көнүгүүлөрдө адатта окуучулардан өз ойлорун жазуу түрүндө атайын баракта баяндоо талап кылынат, андан кийин алардын рефлексиялык жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн аныктоо үчүн аларга багыттама суроолор берилет. Бул көнүгүү эркин темага карата жазылган дилбаяндардан айырмаланат. Сабакты пландоо баскычында, айрыкча жаңы билимдерди буга чейинки билимдери менен байланыштыруу үчүн багыттама суроолорду берүү пайдалуу. Рефлексиялык жөндөмдөр кээде окуучуларга анын деңгээли башкалардан төмөн эместиги же туура кабыл алгандыгын ырастаганы менен, мындай маалыматты дайыма эле бере бербеш керек.

Аткаруу тартиби

Мугалим рефлексияны текшерүү үчүн китептин бир бетин аныктайт. Ал беттин көчүрмөлөрүн окуучуларга таркатат. Доскага багыттама суроо жазылат. Окуучуларга ойлонууга жана жооп жазууга убакыт берилет. Окуучуларга анын маанисин жеткирүү үчүн баа коюуга болгону менен, рефлексия баалоо предмети болуп саналбайт. Окуучулар жаңы билимдерди өздөштүрүп жатканда, рефлексиянын

мааниси ачык көрүнөт; ал кийинки тапшырмаларды аткаруу үчүн же окуганды жалпылоо үчүн мугалим бир нече ойду бир ойго бириктирүү тууралуу тапшырма бергенде да пайдалуу.

«Кароо дөңгөлөгү»

Бул көнүгүү бардык окуучунун катышуусун талап кылат. Ал ачык типтеги бир эле суроого түрдүү жоопторду берүү үчүн аткарылат. Көнүгүүнү концепцияга тез арада кыскача баяндама берүү (туура эмес түшүндүрмөлөрдү жана ката түшүнүктөрдү аныктоо, аларга түшүндүрмө берүү) үчүн да колдонууга болот. Кароо дөңгөлөгүндө мугалим менен окуучуларга сын-пикирлерди айтууга тыюу салынат, анткени мындай сын-пикир окуучулардын коюлган суроолорго жооп берүүнө тескери таасирин тийгизиши мүмкүн. Көнүгүү бардык окуучулардын катышуусуна жана маалыматты топтоого багытталат. Андан сырткары, окууну жаңы үйрөнө баштаган окуучуларга башкалардын көз карашын билгенге жана текст боюнча ойлонуу мисалдарын алганга мүмкүнчүлүк берет.

Аткаруу тартиби

Текстти окугандан кийин окуучулар биринин артынан бири текст менен байланышкан суроолорго жооп беришет (мисалы, «(Бир нерсенин) визуалдык сыпаттоосу кайсы абзацта берилет?» же «Эсиңерде калган сөздөрдү (айтымдарды) окугула»).

«Окуганга чейин – Окуу учурунда – Окугандан кийин» берилүүчү суроолор[2]

ОКУГАНГА ЧЕЙИН	
Суроолор	**Стратегия**
Жаңы китепти окуунун алдында: • Сенин оюңча, бул китеп эмне жөнүндө? Эмне үчүн мындай деп ойлойсуң? • Бул китепте кандай каармандар болушу мүмкүн?	Божомолдоо
• Бул китептин темасы жөнүндө эмне билесиң? (Качандыр бир жүрүшкө чыктың беле/ат миндиң беле/жайлоодо болдуң беле? ж. б.) • Китептин темасы сен билген же жасаган бир нерсени эске салып жатабы?	Бириктирүү
• Бул китепти окурдун алдында автордон эмнени сурайт элең? • Китептин мукабасын караганда, сенде кандай суроолор пайда болду?	Суроолорду коюу
• Чыгарманын сен окуган бөлүгүндө кандай окуялар болуп жатат?	Жалпылоо
• Сенин оюңча, мындан ары эмне болот? Эмне үчүн?	Божомолдоо
• Бул чыгарма тууралуу авторго карата кандай суроолор пайда болду? • Чыгарманын окулган бөлүгүндөгү окуялар тууралуу суроолоруң барбы?	Суроолорду коюу

[2] http://www.katyisd.org/campus/KDE/Documents/Before%20During%20and%20After%20Questions%20-%20ELA.pdf

ОКУУ УЧУРУНДА	
Суроолор	**Стратегия**
• Сенин оюңча, мындан ары эмне болот? Эмне үчүн? • Сенин оюңча, башкы каарман бул абалдан кантип чыгат?	Божомолдоо
• Эмне үчүн башкы каарман_____ (жасады) деп ойлойсуң? • Автор айтпаган бир нерсе болушу мүмкүнбү? • Башкы каарман эмнени сезип жатат? Эмне үчүн мындай деп ойлойсуң?	Алдын ала айтуу
• Башкы каармандын ордунда сен болсоң, эмне кылат элең? • Буга окшогон бир нерсе сени менен болду беле? • Ушундай акыбалга түшсөң, эмне ойдо болот элең? • Башкы каарманга окшогон кимдир бирөөнү билесиңби? • Башкы каармандын сени менен окшош жактары эмнеде? Айырмачылыктарычы?	Бириктирүү
• Сен чыгарманын каарманы болсоң, эмне кылат элең? • Сенин оюңча, чыгармадагы башкы каарман/курчап турган чөйрө кандай көрүнөт? • Бул бетти/абзацты окуп жатканда, сен эмнени элестеттиң?	Визуалдаштыруу
• Азыр сен эмнени билгиң келет?	Суроолорду коюу
• Окуганыңды өз сөзүң менен айтып бере аласыңбы? • Сен окуган бөлүктө башкы каарман менен кандай окуя болду? • Сен бүгүн окуган тексттеги маанилүү окуяларды ырааты менен айтып берчи.	Жалпылоо
• Сен бул чыгарманы түшүндүңбү? • Бул бөлүктө эмнелер болууда? • Эгер мындан жайыраак окусаң, түшүнөт белең? • Бул бөлүктү сага кайталап окуу керекпи? • Бул сөз эмнени түшүндүрөт? • Кайсы жерден сен түшүнбөй калдың? Бул көйгөйдү кантип чечүүгө болот?	Түшүнгөнүн текшерүү
• Сен кандай деп ойлойсуң, муну эстеп калуу маанилүүбү? Эмне үчүн? • Окулгандын кайсы бөлүктөрү кийинки окуяларды болжолдогонго сага жардам берди? • Бул чыгармадагы эң маанилүү бөлүктөрү кайсылар? Эмне үчүн алар абдан маанилүү? • Сен бүгүн окуган бөлүктөгү эң негизги идея кайсы?	Маанилүүлүгүн аныктоо

ОКУГАНДАН КИЙИН	
Суроолор	**Стратегия**
Чыгарманын аягында: • Бул чыгарманын уландысы болсо, сенин оюңча, ал эмне жөнүндө болушу мүмкүн?	Божомолдоо
• Автор сенин эмне жөнүндө ойлонууңду каалайт? • Эң негизги идея кайсы?	Алдын ала айтуу
• Сен азыр авторго кандай суроолорду берет элең?	Суроолорду коюу
• Окуяны өзүңдүн сөздөрүң менен айтып берчи. • Чыгарманын башындагы, ортосундагы жана аягындагы эң негизги окуяларды кайра айтып берчи.	Жалпылоо
• Бул чыгармадагы эң маанилүү окуялар кайсылар?	Маанилүүлүгүн аныктоо

ҮЛГҮЛҮҮ, БИРГЕЛЕШКЕН, БАШКАРЫП ЖАНА ӨЗ АЛДЫНЧА ОКУУ

Катышуучуларга берилген суроолору:

– Силер жаңы көндүмдөрдү кантип үйрөнгөнүңөрдү эстеп көргүлө. Алгач башкалар муну кантип жасаганын байкадыңар беле? Мүмкүн кимдир бирөө жаныңызга отуруп, жардамдашып багыт бергендир? Мүмкүн сиз жаңы көндүмдү өз алдынча үйрөнүүгө чейин, кимдир бирөөнүн көзөмөлүндө аткарып көнгөндүрсүз?

– Жыйынтыгында башкалардын жардамысыз өз алдыңызча жасоого үйрөндүңүзбү?

Эгерде катышуучулар жогоруда берилген суроолордун бирөөсүнө эле «ооба» деп жооп берсе, анда алар «үлгүлүү, биргелешкен, башкарып жана өз алдынча окуу» принцибин түшүнгөн болот. Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн натыйжалуу программасы окуучуларга ийгиликке жетүү үчүн зарыл болгон колдоолорду камсыз кылат. Окурмандын өз алдынчалуулугун бара-бара өнүктүрүү ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүгүн арттырат.

ҮЛГҮЛҮҮ ОКУУ «МЕН ОКУЙМ – СЕН БАЙКАП ТУР»

Үлгүлүү окууда тажрыйбалуу окурман болуп мугалим же болбосо окуучулардын ичинен бир окуучу окууга болгон дилгирлигин жана кызыгуусун билдирип, үлгүлүү окууну көрсөтүп берет.

Үлгүлүү окуу:

- эмнени ойлогонду эмес, кантип ойлонгонду үйрөтөт;
- ылдам жана көркөмдөп окууга мүмкүнчүлүк берет;
- окуучулардын сөз байлыгын кеңейтип, аларга тил байлыгын ачат;
- текстке болгон кызыгууну арттырат;
- текстти үгүп кабыл алуу жөндөмүн өнүктүрүүгө көмөктөшөт;
- окурмандарга көрүп элестетүүгө жана сын көз менен карап ой жүгүртүүгө жардам берет.

Үлгүлүү окуу боюнча сабак кандай өткөрүлөт?

Тиешелүү текстти тандоо. Тигил же бул көндүмдүн ар турдуу формаларын көрсөтүүчү, мисалы чечмелөө боюнча башкы тема аныкталат. Окурмандык жүрүм-турумду көрсөтүү үчүн «үн чыгарып ойлонуу» ыкмасын колдонуу зарыл. Бул учурда тексттин тандалган бөлүгүнө колдонула турган, окутуунун стили эске алынат.

Сабак учурунда

1-кадам. Түшүндүрүү. Окуунун жүрүшүндө көрсөтүлүүчү окурмандык жүрүм-турум жана бүгүнкү сабакка эмне үчүн ушул текст тандалып алынгандыгы түшүндүрүлөт.

2-кадам. Китеп менен таанышуу жана окуу. Мугалим окуучуларды текст менен тааныштырат. Тексттин мурдатан дайындалган жеринде «үн чыгарып ойлонуу» үчүн жана окурмандык жүрүм-турумду көрсөтүү үчүн тыным жасалат. «Үн чыгарып ойлонууга» болжолдуу суроолор: «Бул тема мага эмнени берет?», «Азыр эле окуган текстти мен түшүндүмбү?», «Чыгармадагы болгон окуяларды мен так элестете алдымбы?»

3-кадам. Үлгүлүү окууну аяктоо. Окуучулар окулган текстти дагы бир ирет карап көрүшөт. Мында басым сабактын темасы аныктаган окурмандык жүрүм-турумга жасалат.

4-кадам. Кайталоо. Үлгүлүү окуудан кийин окуучулар окурмандык жүрүм-турумду биргеликте, башкарып жана өз алдынча окууда сынап көрүшөт (төмөндү караңыз).

БИРГЕЛЕШКЕН ОКУУ – «МЕН ОКУЙМ – СЕН ЖАРДАМ БЕР»

Биргелешкен окуу мугалим менен окуучуларга окуу процессинде чогуу иштөөгө жардам берет жана тексттин маанисин түшүнүп, окуу процессин текшерүүгө түрткү болот. Алгачкы баскычтарында мугалим тексттин негизги бөлүгүн өзү окуп берип текст менен андан ары таанышууда көбүрөөк жумушту окуучулар аткарат.

Биргелешкен окуу:

- ынтызарлыкты жаратат, окуучуларга окууда өзүнө ишеним берет;
- сөз байлыгы, бейтааныш сөздөрдүн маанисин издөө жана таанып билүү көндүмдөрү өнүгөт;
- болжолдоо жана жооп берүүнүн негизинде диалогдук кепти өнүктүрүүгө жардам берет;
- окуучуларга маселелерди мугалимдин же сүрөттөрдүн жардамы менен чечүүгө мүмкүнчүлүк берет;
- сюжеттик тилкенин, образдардын, андагы кырдаалдардын жана сүрөттөрдүн жардамы менен чыгарма жөнүндө түшүнүк калыптанат.

Биргелешкен окуу боюнча сабак кандай өтүлөт?

Тиешелүү текстти тандоо. Окуучуларга түшүнүүгө жардам берүүчү жана чоң шрифт менен терилген татаал же үзүндү тексттер тандалып алынат. Окуучулардын баары текстти (чоң форматтагы китептер, таблицалар, проекторлор ж. б.) жана иллюстрацияларды көрүүсү маанилүү.

Сабак учурунда

1-кадам. Китеп менен таанышуу. Тандалган темага карата окуучулардын болжолдуу билимдери талкууда аныкталат, тексттин түрү жана аны пайдалануунун максаты түшүндүрүлөт.

2-кадам. Окуу. Мугалим тексттин маанисине өзгөчө көңүл коюп окуйт. Окуучуларга болжолдоо үчүн тыным жасалат. Окурман жаңы же тааныш эмес сөздөргө туш келгенде, маанисин аныктоо үчүн багыттама жардам берилет.

3-кадам. Талкуу. Окуучулардын текстке карата реакциясы талкууланат. Эгерде колдонууга жарактуу болсо, шрифттин өзгөчөлүгүнө жана жасалгасына көңүл бурулат.

4-кадам. Текст менен иштөө. Текстти окуу учурунда грамматикалык түзүлүштөргө, сөз байлыгын өркүндөтүүгө, тыбыш жана тамгаларды билүүгө, сөздөрдүн түз жана кыйыр маанилерине көңүл бурулат.

5-кадам. Кайрадан окуу. Текст кайрадан окулат, мында окуучулардын катышуусуна демилге берип кызыктыруу керек.

БАШКАРЫП ОКУУ – «СЕН ОКУЙСУҢ – МЕН ЖАРДАМ БЕРЕМ»

Башкарып окуу мугалимге окуунун тиешелүү стратегиясын өнүктүрүүгө жардам берүү менен бир эле мезгилде окуучуларды текстти окууга, талкуулоого жана ал боюнча ой жүгүртүүгө кызыктырууга мүмкүнчүлүк берет.

Башкарып окуу:

- окуучуларды окууга, текстти түшүнүүгө жана талкуулоого шыктандырат;
- окуучулардын суроолорунун жана жоопторунун эсебинен жандуу талкууга түрткү берет;
- окурманга автордун айтайын деген оюн түшүнүүгө жардам берет;
- окурмандын сынчыл ой жүгүртүүсүнө түрткү берет жана түшүнүүгө жардам берет;
- теманын, жагдайдын, каармандардын ж. б. өзгөчөлүктөрүн терең түшүнүүгө жардам берет;

- текстти түшүнүүгө, грамматикалык конструкциялар жана визуалдык маалыматтар менен иштөөгө түрткү берет;
- башкы идеяны жалпылаштырууда көмөк көрсөтөт.

Башкарып окуу боюнча сабак кандай өтүлөт?

Тиешелүү текстти тандоо. Башкарып окууда ар бир окуучу тексттин көчүрмөсү менен иштейт. Адатта окуучуларга тааныш эмес текст тандалат. Текстти тандоо окуучулардын окурмандык муктаждыгына негизделет. Мугалим алдын ала суроолорду даярдоо үчүн текст менен эртерээк таанышышы керек.

Сабак учурунда

1-кадам. Киришүү. Бул баскычта тексттин темасы билдирилет. Мугалим текст окулганга чейин окуучулардын мурунку билимин активдештирет.

2-кадам. Китеп менен таанышуу. Бул баскычта окуучуларга өз алдынча окууда көмөк көрсөтүлөт. Мугалим окуучуларды китеп менен тааныштырат, иллюстрациялар талкууланат, окуучулардын көңүлүн текстте колдонулган тилдин түзүлүшүнө бурат жана ошондой эле татаал сөздөрдү бөлүп көрсөтөт.

3-кадам. Өз алдынча окуу. Окуучулар текстти өз алдынча окушат, мугалим процессти байкап турат, зарыл болгон учурда жардам берет.

4-кадам. Талкуу. Тексттин жана создөрдүн мааниси жана мазмуну түшүндүрүлөт, окуучулардын көз карашы жарыяланат жана негиздөөлөр берилет.

5-кадам. Окутуу. Мугалим окуу программасында көрсөтүлгөн тексттин атайын бир бөлүгүн көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн тандайт.

ӨЗ АЛДЫНЧА ОКУУ – «СЕН ОКУЙСУҢ – МЕН КӨЗ САЛЫП ТУРАМ»

Өз алдынча окуу – бул окуучулар өздөрү карап көрүп, текст менен иштөөдө мурда өздөштүрүлгөн көндүмдөрүн өз алдынча пайдалана билүүсү. Окуучулар өз алдынча окушат жана текстти окуу учурунда пайда болгон маселелерди өз алдынча чечишет. Өз алдынча окуунун бирден бир формасы болуп жупташып окуу эсептелет. Бардык окуучулар текстти үзгүлтүксүз окушат. Окуучуларга текст боюнча өз ойлорун билдирүү мүмкүнчүлүгү берилет (окуганга чейин, окуп жатканда же окуп бүткөндөн кийин).

Өз алдынча окуу:

- эгерде күн сайын окуса, шар окуу көндүмү жана өз күчүнө ишенүү артат;
- туура окуу жана окуганын түшүнүү менен бирге, окууну талкулоону жана ой жүгүртүүнү бириктирүүгө түрткү берет;
- тексттердин ар түрдүү болушу сөз байлыгын жана билимин өркүндөтүүгө шарт түзөт;
- эгерде күн сайын окуса, тексттин маанисин тилдик түзүлүштөр жана визуалдык маалыматтарды түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрөт;
- ырахат алып окуу сөздү сүйүүгө үйрөтөт.

Өз алдынча окуу боюнча сабак кандай өтүлөт?

Пландаштыруу. Окуучулар тандап ала тургандай кылып, окуу материалдарын жетишерлик көлөмдө камсыздоо керек. Класста өз алдынча окуу боюнча эрежелер аныкталат жана окуучуларга мониторинг процесси/өз алдынча окууну текшерүү түшүндүрүлөт.

Сабак учурунда

1-кадам. Процесс. Өз алдынча окуунун эрежелери кайталанат жана андан күтүлүүчү натыйжалар түшүндүрүлөт. Окуучулар өздөрүнө жаккан тексттерди тандашат жана белгиленген убакыттын ичинде окушат.

2-кадам. Рефлексия. Окуучуларга ойлонууга убакыт берилет.

3-кадам. Аяктоо. Окуучуларга текст жөнүндө оюн айтууга мүмкүнчүлүк берилет, мисалы, дептерге тиешелүү жазууларды жазып, жуптарда ж. б. талкууланат.

«Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун улуттук тренерлери

Долбоор иштелип чыккан тренингдерди өткөрүү үчүн жогорку квалификациялуу тренерлерди кылдаттык менен тандады. Тандалып алынган 400 тренер мугалимдерге тренинг гана өтпөстөн, сабактарга да байкоо жүргүзүшөт, анын жыйынтыгы менен тренингдерде сунушталган жаңыча ыкмаларды жайылтуу менен мугалимдерге жардам беришет.

Чоң адамдарды окутуу

Чоң адамдарды окутуу башталгыч мектептин окуучуларын окуткандан түп тамырынан бери айырмаланат. Балдардын турмуштук тажрыйбасы анча чоң эмес, ошондуктан алар мугалим тарабынан берилген материалды бат өздөштүрүшөт. Чоң кишилерде тажрыйба көп, ошондуктан, тренер аларды окутуу үчүн көп күч жумшашы керек.

Чындыгында чоңдор окутуу пайдалуу экенин билишсе, ага даярданышат. Алган билими практикада колдонуларын аңдап түшүнүшөт. Антпесе алардын катышуусу формалдуу мүнөздө болуп калат. Мугалимдер мектептердеги кыймылдаткыч күч катары каралат,

ошондуктан тренингдеги модулда сунушталган ар бир көнүгүү жана концепция өзгөчө маанилүү болуп эсептелет. Улуттук тренерлер чоң кишилерди тренингдерге катыштыруу үчүн шыктандыруучу жолдорду пайдалануусу керек.

Тренингдин жүрүшүндө улуттук тренерлер «модель түзүү – жасап көрүү – колдонуу – рефлексия» усулун пайдаланышат. Алар окутуу процессинде мугалимдердин пайдалануусу үчүн окутуунун стратегиясын, көнүгүүлөрдү жана усулдарды сунушташат. Тренингдин жүрүшүндө мугалимдер окуучулардын ролун аткарышып тренерлер болсо алар менен биргеликте көнүгүүлөрдү жасашат. Тренерлер ар бир стратегияны жана көнүгүүнү пайдалануну көрсөтүүсү зарыл, анткени мугалимдерде класстын шартында аларды пайдалануу жөнүндө так түшүнүгү болушу керек.

Мыкты тренердин портрети

Мыкты тренердин портрети ар түрдүү элементтерден турат. Төмөндөгү көндүмдөр жана жөндөмдөр тренердин жумушун бир кыйла жеңилдетет.

Баарлашуу көндүмдөрү. Адатта тренерлер баарлашуунун мыкты көндүмдөрүнө ээ. Мыкты тренерлер тренингдин катышуучуларына татаал концепцияларды жеткиликтүү түшүндүрүп бере алышат. Мындан тышкары, вербалдык эмес баарлашуунун ыкмаларын билип, кунт коюп угууга көңүл бөлүшөт.

Катышуучулар тартынбай суроо берүүсү үчүн окутуу чөйрөсү ачык баарлашууга алып келе тургандай шарттарда болушу керек. Тренингдин кандай гана материалы болбосун, катышуучуларга түшүнүктүү жана пайдалуу болушу шарт.

Кызыктыруучу тренингдерди өткөрүү. Стандарттык тренингдер катышуучуларды кызыктырбайт. Бул маселени чечүү үчүн тренерлер катышуучулардын тренингге кызыгуусуна стимул берүүчү усулдарды колдонуусу керек жана тренингдер «жандуу» жана интерактивдүү болуусу зарыл.

Тренингдерде жандуу атмосфера түзүү үчүн мыкты тренерлер угуучуларга суроо берип, активдүү катышууга түрткү берет, бул өз кезегинде тренерлерге катышуучулар сунушталган материалдарды канчалык деңгээлде өздөштүрүп жатканын билүүгө мүмкүнчүлүк берет. Чоңдорду окутуунун натыйжалуулугу топтордо иштөө формасында же тренердин колдоосу менен жаңы билимдерди практикада колдонуунун эсебинен жетишилет.

Тренингдин материалдарын билүү. Тренингдин материалдарын билбеген тренерлерди катышуучулар бат эле билип коюшат, ошондуктан предметти билүү тренер үчүн негизги ролду ойнойт. Улуттук тренерлер тренингдин материалдарын күн мурун билиши керек. Алар тренингде керек болгон окутуунун бардык ыкмаларын жана жолдорун билиши зарыл.

Билимге умтулуу. Жаңы билимге суусап турган тренерлер окуу – бул үзгүлтүксүз процесс экенин жакшы түшүнүшөт. Окуунун баалуулугун билишип, алар дайыма өзүн өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн издешет жана жайылтышат. Өзүнүн тренердик көндүмдөрүн жогорулатууга умтулуу тренингди өткөрүүнүн сапатында байкалат.

Жогорку кесипкөйлүүлүк. Тажрыйбалуу тренерлер ар түрдүү адамдарда билимди кабыл алууда темпи жана ыкмалары ар башка экенин түшүнүшөт. Тренерлер тренингдин катышуучуларынын материалды өздөштүрүүсүнө жана кабыл алуусунун ылдамдыгына карабай чыдамдуу болуулары керек. Ошондой эле катышуучулар менен биргеликте жаңы темага өткөнгө чейинки материалдарга жетиштүү убакыт бөлүү зарыл.

Мыкты тренерлер жаңы идеяларга ачык болушат жана башкалардын көз карашына көңүл коё билишет. Алар өздөрүн баарын билебиз деп эсептешпейт жана эч качан катышуучулардын алдында өздөрүнүн артыкчылыктарын көрсөтүшпөйт.

Тилекке каршы, бардык тренерлер мыкты эмес, себеби көрсөтүлгөн көндүмдөргө жана жөндөмдөргө баары эле ээ боло беришпейт. Катышуучуларга кээде жөн эле айтып берүү же презентация жасоо жетишсиз болот, тренер көрөгөч, харизмага ээ, аракетчил жана адамдар менен баарлаша алуу көндүмдөрүнө ээ болуусу керек.

Тренерлердин жупта иштеши жөнүндө

- Эки тренер өзүнчө эмес, бир команда болуп иштеши керек.
- Пландоо баскычында ар бир сессияда ролдорду бөлүү зарыл: биринчиси – негизги алып баруучу; экинчиси – жардамчы.
- Эгерде катышуучулар талкууну баштай/уланта албай турса, тренер-өнөктөштү талкууга тартууга болот, алар бири-бирине тоскоолдук кылбоосу абзел.
- Эгер бул сессия өнөктөшүнүкү болсо, андан четтеп калбай, тренингдин жүрүшүнө кылдат көз салып туруу зарыл.
- Өнөктөшкө дайыма жардам берүүгө даяр болуу шарт.
- Эгерде өнөктөш өзү суранбаса, плакаттарды илбеш керек, катышуучуларды кошумча суроолор жана сөздөр ж. б. менен алаксытпоо зарыл.

Тренингдерди өткөрүүнүн интерактивдүү усулдары

Ар бир улуттук тренер өзүн фасилитатордун ролунда көрсөтө алат. Фасилитатор – бул башкаларга жаңы билимдерди өздөштүрүүгө жардам берүүчү жана окутуу процессин жеңилдетүүчү адам. Мыкты тренер суроолорду ар бир катышуучу сынга калбайын деп коркпой жооп бергидей кылып түзөт. Катышуучулар өздөрүн жакшы атмосферада сезгенде гана жаңы идеяларды натыйжалуу кабыл алышат. Эң жакшы мамиле болуп катышуучулардын баарына «жакшы мамиле» кылуу эсептелет. Такыр унчукпаган катышуучунун өзүнө ишенимин ойготуш үчүн ага жооп берүү жана өз көз карашын айта билүү сунушталат. Катышуучулардын сунуштары эске алынат жана тренингдин жүрүшүндө пайда болгон суроолорго жооптор табылат.

Фасилитатордун ролун аткарган улуттук тренерлердин милдетине төмөндөгүлөр кирет:

- катышуучуларга коюлган максаттарга жана натыйжаларга жетүү үчүн жардам берүү;
- топтордо окутуу процессинде натыйжалуу жана активдүү катышууну камсыз кылуу;
- катышуучулардын баарын тартуу жана салымын таануу.

Мыкты фасилитатор:

- баарына билимдүү жана көндүмдөргө ээ эксперттер катары мамиле кылат, тренинг учурунда өзүн бирден бир эксперт катары көрсөтпөйт;
- баарына мугалимдин көз карашынан карайт – баары бири-биринен үйрөнөт, ал катышуучуларды билим менен толтура турган, бош чөйчөк сыяктуу кабыл албай, окуу процессине багыттайт;
- жөн эле лекция окубастан, суроо берип, жоопторду угуп, катышуучулардын баарына стимул берет;
- адамдар билимдерин жана көндүмдөрүн жаттоо же маалыматтарды жазуу менен эмес, турмушта пайдалана билүү жолу менен үйрөнөөрүнө терең ишенет;
- окуу процессине бардык угуучулардын активдүү катышуусунун маанилүүлүгүн түшүнөт.

Фасилитатор катары тренер катышуучуларга жалпы милдетти аткарууга – берилген убакыттын ичинде күтүлгөн натыйжаларга жетүүгө жардам берүүдө жоопкерчиликти өзүнө алат. Фасилитатор топтогулар үчүн чечим кабыл албайт, бирок алдыга жылуунун жолдорун сунуштайт.

Төмөндө долбоордун бардык тренингдеринде тренерлер колдонгон усулдардын кыскача сүрөттөлүшүн сунушташат.

Мээ чабуулу

Мээ чабуулу – бул бардык катышуучуларды ар түрдүү идеяларды үйрөнүүгө жана карап чыгууга тартуучу усул. Мындан тышкары бул темаларды ачып берүү жана андан ары талкуулоо үчүн ыңгайлуу ыкма. Мээ чабуулунун жүрүшүндө сунушталган идеяларга баа берүүгө жана сын айтууга уруксат берилбейт. Ар бир жооп катышуучулардын баарына көрүнүп турушу үчүн доскага жазылат. Бул көнүгүү ой жүгүртүүнүн чегин кеңейтүүгө жардам берет жана башка көз караштарды билүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Топтордо талкуулоо

Топтордо талкуулоо берилген тема же суроо боюнча жооп алууга, ошондой эле туура эмес маалыматтарды оңдоого, бири бирин окутууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Топтогу талкуулардын натыйжалуулугу демейде ачык типтеги суроолорду пайдалануу менен байланыштуу, алардын жооптору жөнөкөй «ооба», «жок» менен чектелбейт. Мындай суроолор атайын бир темага ойлорду жана сезимдерди камтыган кеңири жоопторду болжолдойт.

- «Бул көнүгүүнү аткаруунун натыйжасында сиз эмнени үйрөндүңүз?» деген ачык суроо болуп эсептелет. Бул суроого жооп берүү менен катышуучулар өздөрүнүн ойлору жана пикирлери менен бөлүшүшөт. Ачык суроолордун башка мисалдары: «Сиз өзүңүздүн классыңызда бул көнүгүүлөрдү кандай пайдаланасыз?» же «Сиздин кесибиңиздин өзгөчөлүгүн эске алып, окуу процессинде бул ыкманы кантип натыйжалуу жайылтса болот?»
- «Ооба» жана «жок» деген жөнөкөй жоопторду талап кылган суроолор (мисалы, «Сиз бир нерсе үйрөндүңүзбү?) ачык болуп эсептелбейт.

Топтогу натыйжалуу талкууларды камсыз кылуучу башка стратегия – бул катышуучунун көз карашын жактыруу жана маанилүү деп таануу болуп эсептелет. Адамдар аларды эч ким баалабай же сындабай турганын билгенде, өздөрүнүн ойлору жана сезгендери менен эркин бөлүшүшөт.

Ролдук оюндар

Ролдук оюндар – жаңы көндүмдөрдү коопсуз жана ыңгайлуу чөйрөгө тартуунун жана үлгүгө салуунун натыйжалуу усулу. Ролдук оюндар реалдуу жагдайда түзүлүшү керек. Бул усул реалдуу жашоодогу жагдайды өз тажрыйбасында сезип, башынан өткөргөнгө жана тренингдин башка катышуучуларынын пикирлерин алууга шарт түзөт.

Мен – сен – биз

«Мен – сен – биз» катышуучулар менен биргеликте атайын бир көйгөйдү же атайын суроонун жообун чечүүнүн үстүндө биргелешип окуу стратегиясын ишке ашырат. Бул ыкма төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- берилген темага же суроого карата **жекече ой жүгүртүү**;
- жоопту макулдашуу үчүн **жуптарда** талкуулоо;
- макулдашылган жоопторду **топто презентациялоо.**

Презентация

Катышуучуларды баяндамаларынын жана иш натыйжаларынын негизинде тартууга болот. Топтордун алдында өздөрүнүн баяндамалары менен чыгуу катышуучуларга өздөрүнүн күчүнө ишенүүсүн бекемдейт жана концепцияны жакшы түшүнүүгө шарт түзөт. Убакыттын тардыгына байланыштуу ар бир топто презентациялоого мүмкүнчүлүк чектелүү болот, тренер бир же эки топту гана тандай алат. Докладдан кийин кайтарым байланыш болушу зарыл.

Чакан топтордо талкуулоо

Катышуучуларга чакан топтордогу талкууда өздөрүнүн көз караштарын билдирүү жеңилирээк болот. Тренер катышуучуларды суроолорду талкулоо үчүн же топтун тапшырмасын аткаруу үчүн чакан топторго бөлөт.

Практикалык көнүгүүлөр

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, адамдар практикалык көнүгүүлөрдүн эсебинен материалдарды 75% эстеп калышат экен. «Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун тренингдеринин программасы көптөгөн практикалык тапшырмаларды камтыйт. Бул тапшырмалардын көпчүлүгүн катышуучулар өздөрүнүн окуучулары менен аткарышат.

«Муз жаргыч» көнүгүүлөрү

Дене бойду жазуу үчүн көнүгүүлөр катышуучуларга көңүлдөрүн көтөрүү, топтор менен ымалашуу үчүн керек. Ар бир тренингдин башталышында же анын бир бөлүгүндө ушундай оюн өткөрүлөт. «Муз жаргычты» катышуучулар бир аз эс алуусу үчүн ар бир тренингдин аягында же сессиялардын ортосунда өткөрсө болот. Ар кандай «Муз жаргычтар» *А тиркемесинде* берилди.

Фасилитаторлорго пайдалуу кеңештер

Улуттук тренерлер бул колдонмонун өзгөчөлүктөрүн эске алып, биргелешип окутуу усулу боюнча алдын ала даярдыктардан өтүүлөрү зарыл. Гендердик теңчилик жана инклюзия маселелери боюнча билүүсү өтө пайдалуу.

Тренердин милдети болуп биргелешип окууда жакшы маанайдагы атмосфера түзүү эсептелет, анда катышуучулар талкуунун натыйжасында бири-биринен үйрөнүшөт жана кайтарым байланыш жүрөт.

Тренингдин сессиясын пландаштыруу

- Сессиянын мазмунун билип, материалдары менен тааныш болушу керек.
- Тренингдин мазмунун катышуучулардын талабына жараша ылайыкташтыруу зарыл. Катышуучулардын алдына татаал тапшырмаларды коюп, аны аткарууга стимул берүү маанилүү.
- Сессиянын түзүмүн чеберчилик менен карап чыгып, түзүү абзел. Даярдыгы жана уюшкандыгы жок тренер катышуучулардын көңүлүн иренжитет.
- Катышуучулардын суроосу боюнча пландаштырылбаган теманы ачууда тренер өтө ийкемдүү болуусу зарыл. Тренингдин түзүмү ырааттуу болуп, коюлган максаттар жана милдеттер менен шайкеш болушу керек.
- Программа тренингдин темпине жараша түзүлүшү абзел.

> Улуттук тренинг лабораториясынын (АКШ) изилдөөсүнүн натыйжасында окутуунун методдоруна жараша ***материалдарды өздөштүрүүнүн төмөнкү дэңгээлдери*** аныктаган:
>
> - 5% – лекция;
> - 10% – окуу;
> - 20% – аудиовизуалдык окутуу;
> - 30% – көрсөтүү (демонстрация);
> - 50% – топтордо талкуулоо;
> - 75% – практикалык сабактар;
> - 90% – башкаларды окутуу.

- Сессиянын түзүмүндө башталышы, ортосу, аягы болушу шарт.
- Сессиялардын мазмуну так жана түшүнүктүү болушу керек. Башкача айтканда, катышуучуларга ***эмне үчүн*** тапшырманы аткарышары, окутуу менен анын ***кандай*** байланышы бар экендиги жана натыйжада алар ***эмне*** алышары түшүнүктүү болушу керек.
- Адамдар ар башка окуйт жана маалыматты ар кандай жол менен эстеп калат, ошондуктан сессиянын түзүмүн окутуунун ар түрдүү усулдарын жана жогоруда келтирилген мисалдардагы көнүгүүлөрдү эске алып иштеп чыгуу зарыл.

Сессиянын алдында төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

- иш-аракеттердин планын долбоордун аймактык координатору жана логистика (уюштуруу) боюнча ассистент менен макулдашуу;
- керектүү материалдарды даярдоо;

- жабдуулардын иштегенин жана жайгашуусун текшерүү;
- сессиянын жүрүшү үчүн стол жана отургучтарды коюу;
- бардык катышуучулар боло турган сессия тууралуу кабарды, материалдарды жана тренингдин программасын алганын текшерүү;
- катышуучулар жөнүндө маалыматты билүү: билими, иш тажрыйбасы, кызмат абалы. Зарыл болгон учурда тренер бейджиктерди пайдаланса болот.

Сессиянын башталышында төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

- көнүгүү жасоо же «муз жаргычты» пайдалануу;
- катышуучулар тартипти жана регламентти билиши үчүн базалык эрежелерди киргизүү;
- катышуучулардын сессиядан эмне күтөөрүн билүү;
- эгер катышуучулар тааныш эмес болсо, таанышууга убакыт берүү;
- тиешелүү модулдун программасын таркатуу керек;
- зарыл болгон учурда, ар бир сессиянын узактыгын аныктоо керек. Убакытты үнөмдөө үчүн тренер материалдарда ар бир сессиянын узактыгын көрсөтүп койсо болот;
- сессиянын мүнөзүн аныктоо жана темасын маалымдоо, мисалы тренер сессиянын башынан аягына чейин талкууну пландаштырышы мүмкүн, ал сессиянын баштапышынан эле катышуучуларга талкууга түрткү берет. Эгерде катышуучулар тренер сүйлөп жатканда, көпкө чейин угуп отурушса, кийин аларды талкууга тартуу татаал болуп калат.

Кандай ыкма менен иш алып барганына карабастан, тренер төмөнкүлөрдү аткаруусу зарыл:

  – катышуучуларды кызыктыруу жана окуу процессине тартуу;
  – иштин темпин сактоо;
  – катышуучуларга бири-бири менен өз ара байланыш түзүү жана тренингдин материалдары менен иштөө тартибин маалымдоо.

Сессиянын аягында төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

- жыйынтыктоо жана сессиянын негизги темасын дагы бир жолу эске салуу;
- негизги маалыматтарды белгилөө;
- талкуунун натыйжаларын жалпылоо;
- бул сессияда эмне үйрөнгөндүгүн баса белгилеп көрсөтүү;
- кийинки жасалуучу иштерди түшүндүрүү;
- катышуучуларга жемиштүү иштегендери үчүн ыраазычылык билдирүү;
- катышуучулардан сессиянын натыйжалуулугун баалоону жана пикирлерин суроо;
- катышуучуларга боло турган сабактарга байкоо жүргүзүү жана тренингдерде берилген жаңы усулдарды жайылтууда колдоо болорун эске салуу;
- катышуучуларды методикалык бирикменин отурумуна жана «Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун онлайн форумдарына катышууга кызыктыруу.

Сессиядан кийин төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

- катышуучулардын пикирлери жана баалары менен таанышуу;
- төмөндөгү суроолорго жооп берүү:
  – Эмне ийгиликтүү өттү?

– Кандай кыйынчылыктар болду?
– Сессия максатына жеттиби?
– Эмнени өзгөртүш керек?
– Бул сессиядан кандай сабак алдым жана кийинки сабакта эмнени колдоно алам?

- эгерде тренерлер жуп болуп иштешсе, талкуулардагы жана көнүгүүлөрдөгү катышуучулардын биргелешкен ишине жана катышуусуна кезектешип байкоо салышат. Сессиянын аягында тренерлер өздөрүнүн байкагандары менен бөлүшүшөт. Тренер жалгыз иштеген болсо да, ал өзү байкагандарына талдоо жасайт:
  – Угуучулар активдүү катышып жатышабы?
  – Ким эң көп сүйлөдү? Ким эң аз сүйлөдү?
  – Катышуучулар бир чоң топ болуп иштей алыштыбы же майда топторго бөлүнүп иштештиби?
  – Катышуучулар көңүл буруп окудубу?
  – Катышуучулар башкалардын ойлоруна жана жоопторуна кандай мамиле кылышты?
- долбоордун ыйгарым укуктуу адистерине тренингдин жыйынтыктары жөнүндө отчет берүү.

Тренингдин натыйжалуулугун арттыруу үчүн пайдалуу кеңештер

- Тренингдин предмети менен алдын ала таанышуу маанилүү.
- Боло турган модулдун мазмунун иликтеп-үйрөнүү.
- Алдыдагы сессия үчүн бардык материалдарды алдын ала даярдоо.
- Ар бир сессиянын башталышында катышуучулар менен анын максаты жана милдеттери жөнүндө талкуулоо.
- Катышуучуларга тиешеси бар мисалдарды дайыма келтирүү жана катышуучулар өз иштеринде колдоно ала турган көнүгүүлөрдү аткаруу.
- «Муз жаргычтарды» жана көнүгүүлөрдү аткарууну алдын ала пландоо маанилүү. Аларды тапшырмалардын ортосунда аткаруу же зарылчылык болгон учурларда катышуучулардын сергектиги үчүн аткаруу.
- Бардык катышуучуларды процесске тартуу.
- Берилген билимдери менен катышуучулардын буга чейинки билимдеринин ортосунда байланышты орнотуу жана алдыдагы теманын маанилүүлүгүн түшүндүрүү.
- Ар бир сессияны катышуучулардын эсинде сакталып кала тургандай кылып, жогорку маанайда жакшы ойлор менен аяктоо.
- Иштин кийинки баскычтарын аныктоо, мисалы, сабактарга, үсулдук бирикмелердин отурумдарына байкоо жүргүзүү.

Үзгүлтүксүз колдоо

Мугалимдер үчүн тренингдер биринчи окуу жылы ичинде үч жолу өткөрүлгөнүнө карабастан, мугалимдерге колдоо көрсөтүү бүтүндөй календарлык жыл ичинде жүргүзүлөт. «Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун милдети болуп сабактарга байкоо жүргүзүү жана мектептерге баруу, интерактивдүү онлайн ресурстарды берүү, ошондой эле ар бир

мектепте методикалык бирикмелердин отурумдарын өткөрүүгө көмөк көрсөтүү мугалимдерге жана мектеп администрациясына колдоо көрсөтүү саналат. Долбоор тренингдерде берилген стратегияларды жана иш-чараларды ишке ашыруу үчүн мугалимдерди, мектеп директорлорун, орун басарларын жана китепканачыларын керектүү куралдар менен камсыздайт.



Мектептердеги кесиптик өркүндөтүү жамааттары

Мугалимдерди кесипкөйлүк жактан өнүктүрүү – мугалимдин кесипке киргенинен кеткенине чейин созулган үзгүлтүксүз процесс.



Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуудагы алдыңкы тажрыйба

Мугалимдердин көндүмдөрүн үзгүлтүксүз өркүндөтүү жаатындагы алдыңкы тажрыйбалар тренинг жана окутуу менен чектелбей. Учурда ***кызматташуу, диалог куруу, рефлексия жана лидерликти*** өнүктүрүүну камтыган окутууга басым жасайт. Алдыңкы моделдердин мүнөздөмөсү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- улуттук стандарттардын, окуу планынын, баалоонун жана кесипкөйлүк өсүүнүн ортосундагы так, бекем байланыш;
- башка кесиптештери менен биргелешип окуу мүмкүнчүлүгүн берген сырткы тренингдер;

- окуучулардын жетишкендиктерине басым жасаган жана мугалимдерге өз ишин өзгөртүүгө жол ачкан жигердүү окутуу мүмкүнчүлүктөрү;
- мектептер колдогон жана мектептердеги реформалар менен байланышкан программалар;
- квалификация жогорулатуу программаларына активдүү катышууга мүмкүнчүлүк берген убакыт жана каржы жагынан колдоо.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги тандаган кесиптик өнүгүү моделинде кесиптик өркүндөтүү жамааттары колдонулат. Бул жамааттар кесиптик өркүндөтүү боюнча алдыңкы тажрыйбаларды чагылдырат. Расмий бекитилген методикалык бирикмелердин негизинде «Келгиле, окуйбуз!» долбоору кесиптик өркүндөтүү жамаатарынын жаңычыл, алдыңкы моделин сунуштайт.

Кесиптик өркүндөтүү жамааттары

Кесиптик өркүндөтүү жамааттары – бул окуучулардын жетишкендиктерин жогорулатууга багытталган окутуу процессинде бири-бирине колдоо көрсөтүү максатында атайын түзүлгөн мугалимдердин чакан бирикмеси. Кесиптик өркүндөтүү жамаатынын ишмердиги жамааттык кызматташууну өнүктүрүүгө, рефлексиялык практиканы илгерилетүүгө жана лидерликти кайра карап, ой жүгүртүүгө багытталган. Алар рефлексиялык окутууга жардам берген кайтарым байланышты алууга жана берүүгө жол ачат. Кесиптик өркүндөтүү жамаатарынын отурумдарына катышуу мугалимдерге окутуу практикасына башка көз караштан кароо, өз көндүмдөрүн өстүрүүгө керектүү жардам алуу жана топтолгон тажрыйбаны талдоонун эсебинен натыйжалуулукту жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн берет.

5–10 мугалимден турган чакан топтор өздөрүнүн учурдагы окутуу практикаларын талдоо жана окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууну талкуулоо үчүн жолугуп турушат.

Жаңы идеялар мугалимдердин бирикмелерин түзүү аркылуу жайылтылганда, мугалимдерге көнүп калган ыкмаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жеңил болот, анткени бирикмелер ошол мугалимдердин тажрыйбасынын негизинде иштешет жана өзгөртүүлөрдү мектепке киргизүүгө жараша топтолгон тажрыйбаны талдоону документтештирүүдө катышуучуларга колдоо көрсөтөт, чогуу макулдашылган күтүлүүчү натыйжаларды баалашат[1].

Кесиптик өркүндөтүү жамааттары өз ишмердигин төрт негизги принципте алып барат:

1) чечимдерди биргелешип кабыл алуу;
2) максаттарды бирдей түшүнүү;
3) жалпы максаттарга жетүү үчүн биргелешип иштөө;
4) жамааттык жоопкерчилик.

Мындай жаматтарда лидер жок, анын ордуна ар бир мүчө жалпы максатка жетүү үчүн өзүн өркүндөтүүнүн үстүндө иштейт. Ар бир жамаатта уюштуруу иштери жана жалпы максатка жетүүдө колдоо көрсөтүү үчүн тандалган ***фасилитатор*** алектенет. Кесиптик өркүндөтүү жамааттарынын ишмердиги маалыматтарды талдоону, сабактарды биргелешип өткөрүүнү жана иш тажрыйба менен бөлүшүүнү камтыйт.

[1] Gagnon Jr., Walter; Collay, Michelle; Dunlap, Diane; Enloe, Walter. Learning Circles: Conditions for Professional Development. Thousand Oaks, California: Corwin Press, 1998.

Беш баскыч

Кесиптик өркүндөтүү жамааттарынын отурумдары беш баскычтан турат: ***рефлексия, иликтеп-үйрөнүү, пландоо, ишке ашыруу*** жана ***баалоо***. Бул баскычтар ырааты менен түзүлгөн, бирок ишти каалаган баскычтан баштоого болот.

- ***Рефлексия.*** Бул баскыч ишмердиктеги тыныгууну билдирет, анын жүрүшүндө мугалимдер маалыматтарды, пикирлерди топтоо менен алектенишет, эмгек ишмердигиндеги көйгөйлөрдү жана башка аспектилерди аныктайт. Натыйжалуу рефлексияны камсыз кылуу үчүн мугалимдер окутууда алдын ала ишенип алган нерселерден баш тартууга дараметтерин өнүктүрүп, өстүрүүлөрү керек.
- ***Иликтеп-үйрөнүү.*** Мугалимдер «Рефлексия» баскычында өткөрүлгөн байкоонун натыйжаларын, жаңы түшүнүктөрдү, көндүмдөрдү, өз ара мамилени, түзүмдү, каталарды ж. б. иликтеп-үйрөнүшөт. Бул милдетти натыйжалуу аткаруу үчүн мугалимдерге ыкмалардын негизги принциптерин кароого туура келет, алар тиешелүү маселелерди чечүүгө жардам берет.
- ***Пландоо.*** Бул баскычта мугалимдер иштелип чыккан концептуалдык чечимдерди практикада пайдаланышат. Алар иш-аракеттердин планын түзүү үчүн тандалган ыкмалардын негизги принциптерин системалуу түрдө колдонушат. Бул баскычтын натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн мугалим жаңы нерсени иликтеп-үйрөнүүгө жана таанууга аракет кылат.
- ***Ишке ашыруу.*** Мугалимдер жекече, жамаат менен же бүтүндөй мектеп менен мурда иштелип чыккан пландарды ишке ашырышат. Муну натыйжалуу кылуу үчүн алар мурда эмгек ишмердигинде колдонбогон нерселерди жасап көрүүдө чечкиндүүлүк көрсөтүшү зарыл.
- ***Баалоо.*** Мугалимдер окутууга карата колдонулган ыкма тууралуу кайрадан да ой жүгүртүшөт жана анын натыйжалуулугун баалашат. Андан кийин өз тажрыйбасынын негизинде мугалимдер практикада ишке ашыруу үчүн теорияны жаратышат.

Кыргыз Республикасындагы кесиптик өркүндөтүү жамааттар

«Келгиле, окуйбуз!» долбоору сунуштаган Кесиптик өркүндөтүү жамааттар модели төмөнкү баскычтарды камтыйт:

1) кесиптик өркүндөтүү программасы долбоор камтыган 900 мектепте ишке ашырылат;
2) долбоордун улуттук тренерлери мектеп директорлорун, орун басарларын, методикалык бирикмелердин жетекчилерин, китепканачыларын кесиптик өркүндөтүү жамаатынын программасы менен тааныштырып, алардын колдоосун издейт;
3) долбоорго кирген мектептердин директорлору мугалимдердин арасынан жамааттын фасилитаторлорун аныктап, бекитет;
4) жамааттын фасилитаторлорун даярдоо үчүн долбоор атайын даярдалган улуттук тренерлердин арасынан бир нечесин тандайт. Фасилитаторлорду окутуучу улуттук тренерлерди долбоордун адистери даярдашат;
5) улуттук тренерлер эки ай ичинде 900 фасилитатор үчүн бир күндүк тренингдерди өткөрүшөт. Тренерлер жардам берүү жана натыйжалуулукту баалоо максатында мектептерге барганда кесиптик өркүндөтүү жамааттардын ишине байкоо жүргүзүшөт;
6) фасилитатордун милдети жамааттын мүчөлөрүн (5–10 мугалимди) жогоруда көрсөтүлгөн беш баскыч менен тааныштыруу болуп саналат. Мындан сырткары, фасилитатор мектептин кесиптик өркүндөтүү жамаатынын ишмердигин уюштуруу үчүн жооп берет;
7) кесиптик өркүндөтүү жамааттарынын отурумдарынын мезгилдүүлүгү бир чейректе 2–3 жолу болот же убакыт жетиштүү болсо, андан көп болушу мүмкүн.

Таблицада кесиптик өркүндөтүү жамааты демилгелей алуучу иштердин мүнөздөмөсү берилет:

Отурумдун түрү	Отурумдун мазмуну	Сунушталган мөөнөттөрү
Маалыматтар-ды талдоо	Бул отурумдун максаты диагностиканын натый-жаларын жана баалоонун башка процесстерин талдоого мугалимдерди тартуу болуп саналат. Мугалимдер окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун натыйжаларын карап көрүшүп окутуу ну жакшыртуу ыкмаларын талкуулашат.	Окуу жылы ичинде аз дегенде 2 отурум
Ачык сабактар	Ачык сабактардын максаты – мугалимдерге стратегиялардын натыйжалуулугун практикада көргөнгө мүмкүнчүлүк берүү. Алар сабакты күн мурунтан дардалган байкоо жүргүзүү протоколун пайдаланып, талкуулашат жана талдашат. Тактап айтканда, алар көргөнүн өздөрүнүн практикасы жана классы менен байланышканын талкуулашат.	Окуу жылы ичинде аз дегенде 3 жолу
Тажрыйбаны талдоо	Тажрыйбаны талдоо – бул кесипкөйлүк жактан өркүндөтүү процесси, анын алкагында мугалимдер окуучулардын жетишкендиктерин жакшыртуу жана өздөрүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында өздөрүнүн окутуу практикасын системалуу түрдө иликтеп-талдайт. Ал бир нече баскычтан турат: пландоо, окутуу, байкоо жүргүзүү жана рефлексия.	Бир окуу жылында аз дегенде 3 жолу (жалпысынан тогуз отурум – ар бир талдоого 3 отурум)
Сабактарга байкоо жүргүзүү	Бул иш-чарада мугалим кесиптешинин сабагына формалдуу эмес түрдө катышып, ал колдонгон ар турдүү стратегияларга байкоо салат. Тажрыйбаны, ачык сабактарды жана маалыматтарды талдоонун негизинде мугалимдер айрым кесиптештеринин сабактарына байкоо жүргүзүү тууралуу чечим кабыл алышат.	Ар бир мугалим окуу жылы ичинде байкоочу же сабак өткөрүүчү катары эки жолу катышат.
Айрым кыр-даалдарды талкуулоо	Мындай отурумдун жүрүшүндө мугалимдер класстын реалдуу турмушунан мисалдарды талкуулашат, бул жалпы мүнөздөгү дилеммаларды жана көйгөйлөрдү аныктаганга мүмкүнчүлүк берет. Топтор мындай талкуулардын жыйынтыктарын кылдат аргументтерди иштеп чыгуу жана чечим кабыл алуу үчүн колдоно алышат.	Окуу жылы ичинде аз дегенде 3 отурум.
Рефлексия	Мугалимдер окутуудагы жаңычыл усулдар, ресурстар же алар туш болгон дилеммалар менен бөлүшүшөт. Кесиптештер сын көз-караш менен талкуулашып, чечүү жолдорун сунушташат.	Зарылчылыгына жараша

Ар бир фасилитатор жамааттын отуруму жана анын темасы тууралуу долбоордун байланыш адамын маалымдайт. Долбоордун адиси ар бир мектепте өткөрүлгөн отурумдардын санын жана мугалимдердин катышуусун каттайт. Статистикалык маалыматтар КР ББжИМне жер-жерлердеги кесипкөйлүк өнүктүрүү моделинин натыйжалуулугу тууралуу маалымат алганга мүмкүнчүлүк берет.

Кесиптик өркүндөтүү жамааттары тууралуу кошумча маалымат долбоордун экинчи жылындагы тренингдеринде берилет.

САБАКТАРГА БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

Кесиптик өркүндөтүү жамааттарынын отурумдарына кошумча «Келгиле, окуйбуз!» долбоору сабактарга да байкоо жүргүзөт. Байкоо жүргүзүүнүн максаты улуттук тренерлер тарабынан мугалимдерге жаңычыл методикаларды окууга үйрөтүүгө киргизүүдө андан ары жардам берүү болуп саналат. Байкоонун жүрүшүндө улуттук тренер класстагы атмосферага, окуу материалдарын колдонууга, классты башкарууга жана баалоого көңүл бурат. Долбоордун планына ылайык, ар бир улуттук тренер тренингдер ортосундагы убакытта бир жолу мугалимдердин сабагына байкоо жүргүзөт.

«Келгиле, окуйбуз!» долбоору байкоо жүргүзүү мугалимдерди окутуунун жана алардын көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн маанилүү бөлүгү болуп саналат деп ишенет. Долбоордун тренингдеринде берилген жаңы концепцияларды өздөштүрүү үчүн жалгыз гана тренинг жетиштүү эмес. Аларды окуучуларга натыйжалуу жеткирүү үчүн практика жана рефлексия талап кылынат. Буга байланыштуу сабактарга байкоо жүргүзүү реалдуу окутуу шартында мугалимдердин ишине байкоо жүргүзгөнгө улуттук тренерлерге жакшы мүмкүнчүлүк берет. Байкоо жүргүзүүдөн кийин улуттук тренерлер кайтарым байланыш жана сабактарды уюштуруу, өткөрүү тууралуу пикирлерин берүү үчүн мугалимдер менен жолугушууларды өткөрөт, жаңы көнүгүүлөрдү ишке ашырууда колдоо көрсөтөт жана мугалимдердин суроолоруна жооп берет. Байкоонун жүрүшүндө улуттук тренерлер планшетке жүктөлгөн атайын электрондук форманы (*Б тиркемеси*) толтурушат. Тренер мугалим өткөргөн сабактарга, классты башкаруу ыкмаларына, мугалим түзгөн класстагы атмосферага байкоо жүргүзөт. Мында тренер окутуу процессине киришпейт. Долбоор кийин өз алдынча байкоо жүргүзө алуу үчүн байкоо жүргүзүүгө директорлордун же орун басарларынын катышуусун колдойт.

Байкоо жүргүзүүдөн кийин кайтарым байланыш берүү учурунда тренер сабактын жүрүшү тууралуу өз оюн айтууну, өз байкоолору жана түшүндүрмөлөрү менен бөлүшүүнү, ошондой эле кийинки сабактардын максаттарын аныктоону мугалимден сурана алат. Тренер сабак учурунда мугалим аткарган жагымдуу үч нерсени жана жакшыртууну талап кылган бир нерсени көрсөтөт. Натыйжалуу кайтарым байланыш мугалимдин көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган так жана кеңири маалыматты берет. Мындан сырткары, окутуунун сапатын жакшыртуу үчүн кийинки кадамдарды аныктайт. Сабактын жүрүшү тууралуу сыпаттама кайтарым байланыш окуучулардын жетишкендиктерин жакшыртуучу окутуу процессине чоң таасир тийгизе алат. Жеке мугалимге тиешелүү кайтарым байланыш көп деле натыйжа бербейт. Адатта мындай кайтарым байланышта мугалимдин эмгек ишмердиги менен байланышкан олуттуу маалыматтар болбойт жана ал көндүмдөрдү андан ары өнүктүрүүгө шыктандыруу катары кабыл алынбайт.

Сабакка байкоо жүргүзүү жана анын натыйжасына жараша мугалимдерге кайтарым байланыш берүү

Окутуу мектептин ишмердигинин негизин түзгөндүктөн, мектептин администрациясы жана мугалимдер педагогикалык практиканы жакшыртууга үзгүлтүксүз аракет кылышат. Сабактарга байкоо жүргүзүүнүн жардамы аркылуу окутуунун сапаты текшерилет жана окутуу процессин андан ары жакшыртуу боюнча сунуштар иштелип чыгат. Байкоо жүргүзүү өзүнөн өзү эле өзгөртүүлөрдү алып келбейт. Окутуунун сапатын жакшыртуу үчүн байкоо жүргүзүүдөн кийин жакшыртууну талап кылган аспекттер жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби тууралуу дароо мугалимге кайтарым байланышты берүү керек.

Окутуунун сапаты окуучулардын жетишкендиктерин жогорулатууда маанилүү роль ойнойт: окуучуларды келечек жашоого даярдашат. Окуучулардын жогорку жетишкендигин камсыз кылуу үчүн мугалимдер да өз окуучулары менен бирге өнүгүүлөрү керек. Бул өзүнө өзү талдоо жасоону, педагогикалык практика тууралуу натыйжалуу кайтарым байланышты жана өзүнүн чеберчилигин жогорулатууга карата толук даяр болууну билдирет.

«Келгиле, окуйбуз!» долбоору сунуштаган сабактарга байкоо жүргүзүүнүн максаты мониторингдин, талдоонун эсебинен ар бир мугалимдин педагогикалык чеберчилигин үзгүлтүксүз өркүндөтүү жана кайтарым байланыштын негизинде алынган тиешелүү маалыматтарды колдонуу болуп саналат. Сабакка байкоо жүргүзүүдө долбоор тренингдеринде берген стратегияларды, көнүгүүлөрдү жана берилген кошумча материалдарды мугалимдердин колдонуусуна көңүл бурулат. Сабакка байкоо жүргүзүүнүн максаттары:

- окуучулардын жетишкендиктеринин көрсөткүчтөрү үчүн мугалимдин жоопкерчилигин камсыз кылуу;
- мугалимдин ишин натыйжалуу балоо жана кесиптик өнүктүрүү аркылуу педагогикалык практиканы жакшыртуу;

- мугалим менен байкоочунун ортосунда баалоо үчүн биргелешкен жоопкерчиликти орнотуу. Мындай жоопкерчилик мугалимдин өнүгүүсүнө, окутуунун натыйжалуулугуна жалпы иш көрсөткүчтөрүнө оң таасирин берет.

Бул бөлүмдө сабакка байкоо жүргүзүү жана натыйжалуу кайтарым байланыш берүү тартиби каралат. Ошондой эле байкоону жүргүзүүнүн ыңгайлуулугу үчүн сабакка байкоо жүргүзүү формасы сунушталат.

Сабакка байкоо жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү

Сабакка байкоо жүргүзүү педагогикалык практиканын маанилүү компоненти болгондугуна карабастан, байкоо жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрүн жана андагы чектөөлөрдү эске алуу зарыл. Окутуу татаал жана динамикалуу процесс болуп саналат – сабактын жүрүшүндө көптөгөн нерселер бир учурда болуп кетиши мүмкүн. Бүтүндөй процесске байкоо жүргүзүү мүмкүн эмес. Сабак учурунда класстагы отуз жана андан көп окуучу өзүн ар башкача алып жүрүшү ыктымал. Бир тобу үчүн сабак кызыктуу, башкалары үчүн кызыксыз жана жадатма болушу мүмкүн. Ошол эле учурда сабак начар пландаштырылгандыктан, мугалим болгон күчүн сабактын темпин кармоого жумшашы ыктымал. Сабактын бул аспекттеринин баары эле көзгө илине бербейт. Айрым класстарда окуучулардын жүрүм-туруму көзгө илингени менен байкоочу окуучулардын кызыгып же түшүнбөй жатканын айырмалай албайт. Байкоо жүргүзүүдө топтолгон бул аргументтердин баарын эске алуу менен, маалыматтар кайтарым байланыш берүү процессинде такталып, түшүндүрүлүшү керек.

Көпчүлүк учурда байкоо жүргүзүүчүнүн класста болуусу сабакты өткөрүү мүнөзүнө таасир этет, мугалим адаттагыдан айырмаланган, типтүү эмес окутуу стилин колдонот. Эгерде пландалган байкоо жүргүзүү тууралуу мугалимге мурдатан белгилүү болсо, ал мыкты сабакты көрсөтүү үчүн «ашыкча аракеттениши» мүмкүн. Айрым мугалимдер кыжалат болуп, тынчсызданышы мүмкүн. Байкоочунун келиши мугалимге кандай кыжалатты туудурарын байкоо жүргүзүүчү түшүнүшү зарыл, ошондуктан мугалимдерге өзүн эркин сезген шартты камсыз кылуу маанилүү. Мүмкүнчүлүккө жараша, байкоо жүргүзүүгө чейин мугалим менен маектешүү зарыл.

Байкоо жүргүзүүнүн предмети

Байкоо жүргүзүүнү кылдат пландаштыруу кажет. Байкоо жүргүзүүнүн максаты мугалим менен кийин талкуулоо үчүн колдонула турган маалыматтарды топтоо.

Улуттук тренер мектептин директору же анын орун басары менен байкоо жүргүзүү графигин макулдашат. Бул сабакка байкоо жүргүзүүнүн баштапкы баскычы (долбоор сунуштаган форматта) болгондуктан, пландалган байкоо жүргүзүү тууралуу мугалимге алдын ала айтуу жакшы. Алдын ала маалымдоо мугалимге мурдатан даярдануунга мүмкүнчүлүк берип класстагы көнүмүш жагдайды өзгөртүп жибергени менен байкоо жүргүзүүчү класска келгенде мугалимдин кабатырлануусун азайтат.

Байкоо жүргүзүүнүн максаты тренинг учурунда таанышкан стратегияларды, көнүгүүлөрдү жана долбоор берген материалдарды мугалимдин колдонуу деңгээлин аныктоо болуп саналат. Долбоордун адистери байкоо жүргүзүүчүлөр колдоно турган байкоо жүргүзүү формасын даярдашты. Байкоо жүргүзүү формасында окуу сабагынын бардык баскычтары, класстагы шарттар жана мугалимдин ишинин натыйжалуулугу камтылган.

Тренинг учурунда улуттук тренерлер мугалимдерди бул форма менен тааныштырып, сабакка байкоо жүргүзүү учурунда эмнелерге көңүл бурулаарын маалымдашат.

Сабакка байкоо жүргүзүү формасы

Долбоор иштеп чыккан байкоо жүргүзүү формасы сабактын түрдүү аспекттерин камтыйт жана мугалимдин сабагына байкоо жүргүзүү учурунда улуттук тренер тарабынан толтурулат. Маалымат топтоо үчүн улуттук тренерлерге байкоо жүргүзүү формасы жүктөлгөн планшет берилет. Планшет иштебей калышы мүмкүн экендигин эске алуу менен, долбоор улуттук тренерлерге басылып чыккан сабакка байкоо жүргүзүү формасын дайыма өзү менен алып жүрүүнү сунуштайт. Байкоо жүргүзүүчүдө интернетти колдонуу мүмкүнчүлүгү болгон учурда, ал маалыматты «Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун борбордук маалыматтар базасына киргизет.

Киришүү

Сабакка байкоо жүргүзүү формасынын биринчи бөлүмүндө байкоо жүргүзүүчү, мугалим жана мектеп тууралуу маалыматтар көрсөтүлөт. Бул маалыматтардын көпчүлүк бөлүгү байкоо жүргүзүүгө же мектепке барганга чейин планшетке киргизилиши мүмкүн. Мектепке барганга чейин алууга болбогон маалыматты сабакка байкоо жүргүзгөнгө беш мүнөт калганда толтурууга болот.

Сабакка байкоо жүргүзүү формасы

Байкоочунун аты-жөнү:	*Күнү:* *Сабактын убактысы:*
Мугалимдин аты-жөнү:	*Класс:*
Мектептин коду:	*Окутуу тили:*
Мектептин номери/аталышы:	*Окуучулардын саны: тизме боюнча / катышканы:*
Область/район:	*Кыздардын саны: тизме боюнча / катышканы:*
Шаар/айыл:	*Мөөнөтү (смена):*
Байкоого алынган модуль:	*Предметтин аталышы (Адабий окуу, Алиппе):*

Баалоо

Бул бөлүмдө жооптордун варианттары берилген, байкоо жүргүзүүчү ар бир көрсөткүчкө туура келген вариантты тандайт:

К.Б. Көрсөткүчтү бул сабакта колдонууга болбойт
ООБА Көрсөткүч аныкталды
ЖОК Көрсөткүч аныкталган жок

I бөлүм. «Окуганга чейин» баскычы

Бул бөлүмдө «Окуганга чейин» баскычы менен байланышкан суроолор каралат. Байкоо жүргүзүүчү окуучуларды сабакка даярдоо үчүн мугалим колдонгон кадамдарды жазат. Бул баскычта мугалим окуучуларды текст окуунун максаттары, негизги сөздөрдүн маанилери менен тааныштырат, божомолдоо ыкмаларын колдонот жана мыкты окурмандар колдонгон стратегиялар тууралуу айтып берет. Мугалим бул тема боюнча окуучулардын буга чейинки билимдерин активдештирүүчү суроолорду берет. Окуучулар эмнеге көңүл бура турганын аныктоо максатында мугалим китепти көрүп (визуалдуу түрдө) иликтеп-үйрөнүү тууралуу тапшырма берет, бул көрүп талдоо жана текст тууралуу ой жүгүртүү процессинде окуучуларга жардамга келет. Окуучулар көңүлүн китептин форматына же тексттин өзгөчө шрифтине бура алышат.

I бөлүк. «Окуганга чейин»				
№	**Көрсөткүчтөр**			
1.1	Мугалим окуучуларды сабактын темасы менен тааныштырат.	ООБА	ЖОК	К.Б.
1.2	Мугалим окуучуларды сабактан күтүлүүчү натыйжалар менен тааныштырат.	ООБА	ЖОК	К.Б.
1.3	Мугалим долбоордун тренингдеринде берилген окуунун базалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган ишмердиктин түрүн айтат.	ООБА	ЖОК	К.Б.
1.4	Мугалим тема боюнча окуучулардын буга чейинки билимдерин активдештирет.	ООБА	ЖОК	К.Б.
1.5.	Мугалим сабактын мазмунун окуучулардын турмуштук тажрыйбасы менен байланыштырат.	ООБА	ЖОК	К.Б.
1.6.	Мугалим божомолдоо көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн ыкмаларды жана көнүгүүлөрдү колдонот.	ООБА	ЖОК	К.Б.
1.7.	Мугалим окуучуларга чыгарманын жанрын, стилин аныктаганга жардам берет.	ООБА	ЖОК	К.Б.
1.8.	Мугалим окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча ыкмаларды жана көнүгүүлөрдү колдонот.	ООБА	ЖОК	К.Б.

II бөлүм. «Окуу учурунда» баскычы (башкарып окуу)

Бул бөлүмдө улуттук тренер сабактын негизи катары берилген концепцияны жазып белгилейт. Мугалим үн чыгарып окуу процессинде балдарга багыт, ойлонууга убакыт берет, зарылчылык болсо, айрым окуучуларга багыттама жардамдарды көрсөтөт, мисалы, «Сөз кайсы тамгадан башталганына көңүл буруп, дагы бир жолу окуп көрчү. Эми түшүнүктүү болдубу?». Мугалим ичинен же үн чыгарып окуп жаткан учурда айрым окуучуларга жакын келип, көңүл коюп угуп, мезгил-мезгили менен өзүнө белгилеп алат. Окуучуларга жардам керек болбосо, мугалим процесске кийлигишпеши же багыттама жардам бербеши керек. Окуунун бул баскычында мугалим түрдүү деңгээлдеги суроолорду көбүрөөк берет.

II бөлүк. «Окуу учурунда» (башкарып окуу)				
№	**Көрсөткүчтөр**			
2.1	Мугалим үн чыгарып окуйт.	ООБА	ЖОК	К.Б.
2.2	Мугалим чыгармадагы окуялардын жүрүшүн окуучуларга өздөрүнүн божомолу/жоромолу менен салыштырууну сунуштайт.	ООБА	ЖОК	К.Б.
2.3	Мугалим түрдүү типтеги жана деңгээлдеги суроолор аркылуу окуучулардын материалды өздөштүргөнүн текшерет.	ООБА	ЖОК	К.Б.
2.4	Мугалим кеңири ачылып берилген/сыпатталган кайтарым байланышты берет.	ООБА	ЖОК	К.Б.

III бөлүм. «Окугандан кийин» баскычы

Бул баскычта мугалим окуганын түшүнүү көндүмдөрүн бекемдейт жана окуу учурунда түрдүү стратегияларды колдонгону үчүн окуучуларга дем берип турат. Мугалим окуучуларга чыгарманын башталышын, ортосун жана аягын байланыштырганга жардам берет.

Мисалы, окуучулар китептин же чыгарманын башталышындагы иллюстрацияларда шкафтагы азык-түлүктөр чагылдырылганын, ал эми окуянын аягындагы иллюстрацияларда азык-түлүктөр ашканадагы столдо турганын белгилешет. Мугалим окуу процессиндеги өзүнүн байкоосунун негизинде тапшырмаларды берет. Мугалимдин окуучулар үйрөнгөн жаңы нерселерди жана алардын тапшырмаларды кандай аткарганын билдирген ой-пикири чоң маниге ээ.

III бөлүк. «Окугандан кийин»				
№	**Көрсөткүчтөр**			
3.1	Мугалим окуганды талкуулоону жана ал боюнча ой жүгүртүүнү сунуштайт.	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.2	Мугалим түшүнгөнүн текшерүү үчүн суроолорду берет.	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.3	Мугалим түрдүү көнүгүүлөрдү колдонот:			
3.3.1	1) так, болгонун болгондой түшүнүү боюнча;	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.3.2	2) чыгарманы талдоо боюнча;	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.3.3	3) окуганга карата өз пикирин билдирүү боюнча.	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.4	Мугалим окуучулар менен текст алардын турмуштук жагдайлары менен кандайча байланышканын түрдүү көнүгүүлөр аркылуу талкуулайт.	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.5	Мугалим окуучулар менен бирге жетишилген натыйжаларды баалайт.	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.6	Мугалим сабакты жыйынтыктайт.	ООБА	ЖОК	К.Б.

IV бөлүм. Шарттар жана материалдар

Спортсмендерге көндүмдөрүн өнүктүрүүгө шыктандыруучу чөйрө керек. Аларга ошондой эле спорт менен машыгып, көндүмдөрүн бекемдөө үчүн атайын шарттар да зарыл. Ошону менен бирге тренерлер, насаатчылар, командадагы өнөктөштөр жана колдоочулар да керек болот. Спортсмендерге атайын кийимдер жана спорттук инвентарь: мээлейлер, топтор, торлор ж. б. да талап кылынат. Ошондой эле машыгуу, спорт менен алектенүү үчүн убакыт да керек. Окумуштууларга жана сүрөтчүлөргө да чеберчилигин арттырып, мыкты иштерди жаратуу үчүн атайын лабораториялар жана шарты бар жайлар зарыл. Аларга ошондой эле куралдар, материалдар жана жумуш боюнча өнөктөштөр керек. Ошондой эле иштин натыйжасына жетүү үчүн көп убакыт талап кылынат.

Спортсмендер, окумуштуулар жана сүрөтчүлөр сыяктуу эле окурмандар үчүн да окууга шарт түзгөн чөйрө зарыл. Аларга окуу үчүн материалдар керек. Бирок, сабаттуулукка үйрөтүү чөйрөсү китептер, кагаз жана калем сап менен гана чектелбейт. Мындай чөйрө мейкиндик, убакыт, адамдар жана ресурстар сыяктуу кошумча шарттарды талап кылат. Ушунун баары биригип келип, окууга жана андан рахат алууга шарт түзөт. Талапка ылайык деңгээлде түзүлгөн сабаттуулукка үйрөтүү чөйрөсү окуучуларды жана мугалимдерди окурман жана жазуучу болууга шыктандырат. Ошондой эле спортсмендер, окумуштуулар жана сүрөтчүлөр сыяктуу окурмандарга да атайын түзүлгөн жана кылдат уюштурулган, сабаттуулукту калыптандырууга жана өнүктүрүүгө шарт түзгөн чөйрө керек.

Окурмандар жана жазуучулар үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүү жана уюштуруу башталгыч класстардын мугалимдеринин ишинин маанилүү бөлүгү болуп саналат. Бул чөйрө натыйжалуу окутуу жана баалоо үчүн олуттуу роль ойнойт.

Байкоо жүргүзүү формасынын бул бөлүмүндө класстагы жалпы чөйрө каралат.

IV бөлүк. Шарттар жана материалдар				
№	**Көрсөткүчтөр**			
4.1	Мугалим менен окуучуларда предмет боюнча тиешелүү окуу китептери бар.	ООБА	ЖОК	К.Б.
4.2	Мугалим кошумча материалдардын ар кандай түрлөрүн колдонот:			
4.2.1	1) өздүк материалдар;	ООБА	ЖОК	К.Б.
4.2.2	2) долбоордун тренингдеринин учурунда сунушталган материалдар.	ООБА	ЖОК	К.Б.
4.3	Мугалим окуучулардын өз ара аракеттенүүсүнө жана бири-бирин окутуусуна жардам берет.	ООБА	ЖОК	К.Б.
4.4	Мугалим класста басылган материалдарга (көрсөтмө куралдар, плакаттар, сөздөрдүн дубалы, китептер ж. б.) бай чөйрөнү түзөт.	ООБА	ЖОК	К.Б.
4.5	Мугалим окуучулардын деңгээлине жана курагына жараша классификацияланган китептерди (окуу материалдарын) колдонот.	ООБА	ЖОК	К.Б.

V бөлүм. Мугалимдин иштөө усулдары

Бул бөлүмдө мугалимдин долбоор өткөргөн тренингдердин учурунда таанышкан ыкмаларды, стратегияларды, көнүгүүлөрдү колдонуусу бааланат. Байкоо жүргүзүүчү долбоор сунуштаган ыкмаларды мугалимдин колдонуусуна көңүл бурат.

V бөлүк. Мугалимдин иштөө ыкмасы				
№	**Көрсөткүчтөр**			
5.1	Окуучуларга окууну практикалоо мүмкүнчүлүгү берилет:			
5.1.1	1) класста;	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.1.2	2) чакан топтордо;	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.1.3	3) жуптарда;	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.1.4	4) жекече.	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.2	Мугалим окууга үйрөтүүнүн инсанга багытталган усулдарын жана ыкмаларын колдонот.	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.3	Мугалим калыптандыруучу баалоону колдонот.	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.4	Сабактын түрдүү баскычтарынын темпи жана түзүмү убакытты натыйжалуу пайдаланганга мүмкүнчүлүк берет.	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.5	Мугалим долбоордун тренингдеринде берилген түрдүү ыкмаларды жана көнүгүүлөрдү колдонот.	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.6	Сабак «Окуганга чейин – Окуу учурунда – Окугандан кийин» түзүмү боюнча түзүлгөн.	ООБА	ЖОК	К.Б.

Жогоруда белгиленгендей, улуттук тренер алынган маалыматтарды «Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун маалыматтар базасына киргизет, ал кийин талданат жана репозиторийде сакталат.

Байкоо жүргүзүүнүн тартиби

Сабакка байкоо жүргүзүү учурунда улуттук тренер өзүнүн катышуусун болушунча байкалбагандай кылышы керек. Көпчүлүк мугалимдер байкоо жүргүзүүчүнүн сабак башталганга чейин келүүсүн каалашат. Бул мугалимге сабакта байкоо жүргүзүүчү отурганын окуучуларга маалымдоо зарылдыгын жок кылат.

Эгерде байкоо жүргүзүүчүдө сабак башталганга чейин окуучулар менен алдын ала баарлашуу мүмкүнчүлүгү, мисалы, өтүлгөн материалдарды тактоо үчүн баарлашуу болсо, анда окуучулар класста чоочун адамдын катышуусунда өздөрүн бир топ эркин сезишет. Байкоо жүргүзүүчү окутуу процессинде класста окуучулардын вербалдык эмес карым-катышын байкоо мүмкүнчүлүгү болгондой жайгаша алат.

Мугалим байкоо жүргүзүүчүнү окуучуларга тааныштыра алат, мында анын катышуусунун максаты айтылбайт. Айрым мугалимдерге байкоо жүргүзүүчүгө окуучулар сыяктуу мамиле кылуусу ыңгайлуу. Башкаларына байкоо жүргүзүүчүнүн шериктин-жардамчынын ролунда болуусун, үчүнчүлөрү байкоочунун тынч, достук мамиледе болуусун каалашат. Эгерде байкоо жүргүзүүгө чейин мугалимге байкоо жүргүзүүчүнүн келүүсү тууралуу маалымдалбаган болсо, анда байкоо жүргүзүүчү класстын бир бурчунан орун алып, тынчтыкты сактоосу керек. Мугалим сабакты өткөрүүгө киришкенде, байкоо жүргүзүүчү колдоо, достук мамилесин көрсөтүүсү зарыл. Байкоо жүргүзүүчү мугалимдин ишине гана көңүл бөлбөстөн окуучулардын жоопторуна да маани берет.

Байкоо жүргүзүүчү байкоонун жүрүшүндө өзүнө белгилеп турат. Долбоор байкоо жүргүзүүчүгө байкоо жүргүзүү формасынын электрондук версиясы бар планшет берет. Бирок, байкоо жүргүзүүчү байкоо жүргүзүү формасынын басылган формасын артык көрүшү мүмкүн, ага жазып, кийин аны планшетке киргизе алат. Кандай болгондо да, класста болуп жаткан процесске көңүлүн топтоо үчүн байкоо жүргүзүүчүнүн жазып отурууну азайтуусу зарыл.

Сабактын аягында байкоо жүргүзүүчү сабакка катышууга мүмкүнчүлүк бергени үчүн окуучуларга жана мугалимге ыраазычылык билдирет. Ыраазычылык мугалимге шык, контакт түзгөнгө жардам берет жана мугалимди кайтарым байланыш алганга жана бул боюнча өзүнүн пикирин билдиргенге ыңгайлаштырат. Байкоо жүргүзүүчү кайтарым байланыш берүү убактысын мугалим менен макулдашат, аны байкоо жүргүзгөндөн кийин дароо жасаган жакшы.

Сабакка байкоо жүргүзүүнүн артыкчылыктары

Сабакка байкоо жүргүзүү мугалимге көптөгөн артыкчылыктарды берет:

- мугалимдин ишинин натыйжалуулугу тууралуу үзгүлтүксүз жана конструктивдүү кайтарым байланыш;
- кесиптик жактан өсүү мүмкүнчүлүгү;
- насаатчылык жана кесипкөйлүк колдоо процессиндеги кызматташуунун жогорку деңгээли;
- кесиптик жактан канааттануу сезими;
- кесиптик жактан жетишкендиктерди расмий таануу;
- кесиптештери менен тыгыз кызматташуу.

Директорлор жана алардын орун басарлары үчүн артыкчылыктары:

- педагогикалык жамаатты жана бүтүндөй мектепти өнүктүрүү үчүн жаралган түзүм;
- мектепти өнүктүрүү милдеттерине ыңгайлашуунун ийкемдүүлүгү;
- кесиптик маданиятты арттыруу үчүн шарттар;

- кесиптик ишмердиктин жогорку стандарттары;
- башталгыч класстардын окуучуларынын жетишкендиктерин жакшыртуу максатында натыйжалуу окутуу тууралуу түшүнүктөрдүн бирдейлиги, жалпылыгы;
- билим өркүндөтүү мүмкүнчүлүгү.

Ар бир улуттук тренерге мектеп бекитилип берилет жана мектептерге баруу графиги администрация менен макулдашылат.

Натыйжалуу кайтарым байланыш берүү

Натыйжалуу кайтарым байланыш байкоо жүргүзүүчүгө – улуттук тренерге, мектеп директоруна же анын орун басарына класстын жетишкендиктерин көтөрүүдө мугалимге жардам бере турган каражатты билдирет. Натыйжалуу кайтарым байланыш ошондой эле мугалимдерди өз көндүмдөрүн өнүктүргөнгө жана кесиптик билимдерди, жөндөмдөрдү андан ары байытууга шарт түзгөн жаңы ыкмаларды иштеп чыкканга шыктандырат. Кайтарым байланыш натыйжалуу болушу үчүн педагогикалык практиканы өркүндөтүү ыкмаларын жана чараларын мугалимдерге жеткирүү керек.

«Келгиле, окуйбуз!» долбоору сабакка байкоо жүргүзгөндөн кийин дароо оозеки түрдө кайтарым байланыш берүүнү сунуштайт. Кайтарым байланышты жазуу түрүндө берүү айрым көйгөйлөрдү туудурарын изилдөөлөр анкытаган. Мисалы:

- адамдар жазуу түрүндөгү сунуштарды сейрек окушат жана өзүнүн натыйжаларын кесиптештеринин натыйжалары менен салыштыра беришет;
- кайтарым байланыш берүү процессинде байкоо жүргүзүүчүлөр мугалимдерге түшүндүрмөлөр менен таанышууга жетиштүү убакыт беришпейт;
- адатта түшүндүрмөлөр кыска болуп, конкреттештирилбейт.

Жогоруда көрсөтүлгөн себептерден улам «Келгиле, окуйбуз!» долбоору байкоо жүргүзүүчүлөргө кайтарым байланышты өзүнүн жазгандарына таануу менен оозеки түрдө берүүнү

Көнүгүү. Топту тап. Бул көнүгүү үчүн төрт ыктыярчы чакырылат. Кайтарым байланыштын жүрүшүндөгү айрым пикирлер кескин түрдө болушу мүмкүн экендигин тренер алдын ала эскертип коюусу керек. Тренер төрт ыктыярчыны көнүгүү башталганга чейин бөлмөдөн чыгып, күтүп турууну суранат. Көнүгүүнү аткаруу тартиби материалдарда берилген.

сунуштайт. Сабакка байкоо жүргүзүүнүн натыйжасында кайтарым байланышты берүү сөзсүз түрдө жекече: тренер – мугалим түрүндө болушу керек. Кайтарым байланышты берүү учурунда башка мугалимдердин же мектеп администраторлорунун катышуусуна жол берилбейт.

«3 + 1» модели

Төмөнкүдөй кырдаалды элестетип көргүлө: Алдыда боло турган кечеге сиз абдан кооз кийимиңизди кийдиңиз дейли. Сиз абдан жакшы көрүнүп турам деп ойлойсуз. Бирок, сиз бөлмөңүздөн чыкканда, кызыңыз «Ушундай барасызбы?! Таптаркыр жарашпай калыптыр! Бут кийимиңиз эски экен!» – деп айтат.

Мындай пикирди уккандан кийин сизде кандай сезим пайда болот?

Ошол эле кырдаалды дагы бир жолу элестетип көрүңүз, бирок бул жолу кызыңыз мындай деди: «Бардыгы жакшы, бирок кийимиңе жараша бут кийим кийсең мындан да жакшы болмок!»

Мындай пикирден кийин сиз эмне кыласыз?

Адатта адамдар байкоо учурунда бир гана сын пикир айтылса, жеңилирээк кабыл алышат.

Ийгиликтүү эл аралык компаниялардын изилдөөлөрү «3+1» моделин колдонуу жүрүм-турумду өзгөртүүнүн абдан натыйжалуу ыкмасы болорун көрсөттү, анда 3 оң пикир жана учурдагы абалды жакшыртуу боюнча кайтарым байланыш катары 1 сунуш берилет. 3 жана 1 катышы оң өзгөрүүгө багытталган мектеп маданиятын түзүү жана өнүктүрүү үчүн маанилүү фактор болуп саналат. Ал ошондой эле натыйжалуу педагогикалык практикалардын туруктуулугун арттырат. Мындан сырткары, бул модель мугалимдин жакшыртуу боюнча сунуштарды аткаруусуна түрткү берет.

Кайтарым байланыш мугалимди сындоо үчүн берилбейт. Байкоо жүргүзүүчүнүн мугалимге караганда тажрыйбасы, билими көп экендигин эч качан көрсөтпөшү керек. Натыйжалуу кайтарым байланыш окутуу стилдерин, көйгөйлөрдү чечүү жолдорун жана баарлашуу ыкмаларын колдонуудан окуучулар ала турган пайданы билдирет.

Кайтарым байланыш берүү тартиби

Тажрыйбасыз байкоочуга кайтарым байланыш берүү процесси татаал көрүнүшү мүмкүн. Көптөгөн мугалимдер катуу сынды күтүп, кыжалат болушат. Айрымдары байкоо жүргүзүүнүн натыйжалары алардын кесиптик аброюна шек келтирет деп кооптонушат. Бул сыяктуу кооптонууларды жоюу жана кайтарым байланыштын натыйжалуулугун камсыздоо үчүн байкоочу болгон аракетин жумшашы зарыл.

Байкоо жүргүзүүчүлөргө ылайыктап, «Келгиле, окуйбуз!» долбоору кайтарым байланыш берүү түзүмүн иштеп чыкты:

- Ыраазычылык
- Мугалимдин өзүн-өзү талдоосу
- Байкоо жүргүзүүчүнүн 3 жагымдуу пикири (окуучуларга карата)
  «Окуучулар _____, анткени Сиз_____».
- Жакшыртуу боюнча 1 сунуш (окуучуларга карата)
  «Окуучулардын _____ кылганы маанилүү; ага жетишүү үчүн _____ жасаганга аракет кылыңыз».
- Жалпылоо.

Ыраазычылык

Байкоо жүргүзүүчү мугалим менен окуучуларга сабактын аягында ыраазычылык билдирген болсо да, дагы бир жолу ыраазычылык билдирүү мугалимди санаадан арылтат. Муну менен байкоо жүргүзүүчү мугалимдин убактысына жана өз ишин жакшыртуу аракетине карата урматтоосун билдирет.

Өзүн-өзү талдоо

Байкоо жүргүзүүчү убакыт бөлүп, мугалимдин сабактын жүрүшү тууралуу пикирин билүүсү керек. Аны төмөнкүдөй суроолор аокылуу биле алат: «Сиздин оюңуз боюнча, эмне жакшы болду?» же «Сабакты өткөрүү боюнча стилиңизде эмнени алмаштырмаксыз?». Мындай суроолор байкоо жүргүзүү үчүн мугалимдин пикири маанилүү экендигин көрсөтөт. Бул ошондой эле мугалимге өтүлгөн сабактын күчтүү жана алсыз жактарын аныктаганга мүмкүнчүлүк жана убакыт берет.

Үч жагымдуу пикир

Байкоонун жүрүшүндө байкоо жүргүзүүчү мугалим жакшы аткарган үч нерсеге көңүл бурушу керек. Мугалимди колдоо же сабактын үч оң аспектин таануу байкоо жүргүзүү сындоо максатында өткөрүлбөгөнүн көрсөтөт. Бул үч жагымдуу пикир окуучулардын жүрүм-турумуна тиешелүү болушу керек: ***«Окуучулар _____, анткени Сиз _____».*** Мындай пикир байкоо жүргүзүүчүгө мугалимдин дарегине карата керексиз сындан качып, көңүлдү окуучулардын реакцияларына бурууга мүмкүнчүлүк берет.

Жакшыртуу боюнча бир сунуш

Мындай сунушту байкоо жүргүзүүчү мугалимге ыраазычылык билдирип, анын күчтүү жактарын белгилеп, анын ишиндеги жакшыртууну талап кылган жактарын талкуулоо үчүн берет. Мугалимге бере турган сунушун даярдоо үчүн байкоо жүргүзүүчү төмөнкү мисалды колдоно алат:

«Окуучулар _____ маанилүү; ага жетишүү үчүн _____ аракет кылыңыз үчүн».

Сабактын бир гана аспектин жакшыртуу толук аткарылышы мүмкүн. Мындан сырткары, бул ыкма окуучулардын жетишкендиктерин жогорулатууга багытталган педагогикалык практиканы жакшыртуунун бирден-бир жолу. Башкача айтканда, көңүлдүн борборунда окуучулар болот. Жакшыртууну талап кылган аспект окуучуларга багытталышы маанилүү, анткени бул мугалимди күнөөкөр кылгандан оолак кылат. Бир аспектини жакшыртуунун үстүнөн иштөө байкоо жүргүзүүчүнүн жеке каалоолорун билдирбестен, окуучулардын жетишүү көрсөткүчтөрүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет.

Жыйынтыктоо

Жолугушуунун аягында байкоо жүргүзүүчү сабактын күчтүү жактарын кайталайт. Ошондой эле байкоо жүргүзүүчү мугалимге жакшыртуу үчүн сунушталган аспектини тактайт. Кийинки байкоо жүргүзүүдө көңүл сабактын ушул аспектине бөлүнөөрүн байкоо жүргүзүүчү эскертет. Байкоо жүргүзүүчү мугалимди мектептин кесиптик өркүндөтүү жамаатынын ишине жана «Келгиле, окуйбуз!» долбоору уюштурган онлайн-форумдарга катышууга үндөйт.

Натыйжалуу кайтарым байланыш кайрадан ойлонууга демилге берет жана кесиптик практикадагы оң өзгөрүүлөргө шыктандырат. Мындай байланышта кийинки иш-чаралар да эске алынат. Башка кесиптештери менен салыштырууну жана ашыкча сынды жок кылсак, кайтарым байланыш мугалимге өз ишинин натыйжалуулугун жогорулата алам деген ишенимди берет. Иштин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн мугалимге колдоо керек. Окутуу практикасына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү колдоого багытталган кайтарым байланыш пикирлерди конструктивдүү түрдө колдонуу ыкмаларын жана тартибин аныктоо мугалим менен кызматташууну камтыйт.



Онлайн колдоо

Тренингдердин ортосунда мугалимдер электрондук портал аркылуу онлайн колдоо алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат, ага долбоор иштеп чыккан бардык материалдар жана ресурстар жайгаштырылат. Мындан сырткары, долбоордун адистери Facebook жана вебинарлар аркылуу түз колдоо көрсөтөт.

«Келгиле, окуйбуз!» долбоору иштеп чыккан электрондук портал улуттук тренерлерге, мугалимдерге, директорлорго, орун басарларына, методикалык бирикмелердин жетекчилерине, китепканачыларга долбоордун материалдарын алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Тренингдердин катышуучулары долбоор иштеп чыккан колдонмонун электрондук версияларын, ресурстарды, видеоматериалдарды, формаларды жана шаблондорду колдоно алышат.

Электрондук порталга кошумча долбоордун адистери мугалимдер, директорлор, орун басарлары, методикалык бирикмелердин жетекчилери жана китепканачылар үчүн окуу стратегияларын жана башка аспектилерди өз мектебине киргизүү жаатында туш болгон маселелерди чечүүгө жардам берүү үчүн мезгил-мезгили менен вебинарларды өткөрүп турушат. Вебинарлардын жүрүшүндө долбоордун адистери толук жоопторду бере алуусу үчүн катышуучулар өз суроолорун алдын ала бере алышат. Мындан сырткары, катышуучулар суроолорду берип, сүрөттөрдү жарыялап, билдирүүлөрүн долбоордун Facebooktагы баракчасына калтыра алышат.

Мындай иштин максаты катышуучуларга ар түрдүү ресурстарды алуу мүмкүнчүлүгүн берүү, окууга үйрөтүүнүн сапаттуу программаларын ишке ашырууда жана жайылтууда жардам көрсөтүү болуп саналат.

А тиркемеси: «Муз жаргычтар» жана дене-бойду жазуу көнүгүүлөрү

«Муз жаргыч» же дене бойду жазуу көнүгүүсү – бул кыска жана шайыр оюдарды тренер катышуучулар менен иштөөдө дене бойду жазуу жана алардын кызыгуусун арттыруу үчүн төмөнкү максаттарда колдонот:

- айрыкча эртең менен жана түштөн кийин катышуучуларды сергитүү, көңүлүн көтөрүү;
- кыймыл көнүгүүлөрүнүн эсебинен окууга даярдыгын жогорулатуу.

Мындай көнүгүүлөрдүн узактыгы болжолдуу 5 мүнөт болот.

Таанышуу көнүгүүлөрү

«ЖАЛГАНДЫ АНЫКТА»

Керектүү материалдар: ар бир катышуучга баракчалар берилет.

Тартиби

1. Ар бир катышуучга барак берилет.
2. Ар бири өзү жөнүндө үч пункттан турган маалыматты жазат, алардын экөөсү туура, бири жалган болушу керек.
3. Тренер катышуучулардан баарынын ордунан туруусун жана жазылган баракта-рын башкалар окуй алгандай кылып кармап туруусун суранат.
4. Катышуучулар кезек менен окушат жана жалган маалыматты аныктаганга аракет кылышат.

«ТАП»

Керектүү материалдар: кагаз жана калем саптар; оюндун протоколу.

Тартиби

1. Сессия башталганга чейин тренер оюндун протоколун даярдайт, мисалы, ким:
   - балык уулаганды жакшы көргөндү…
   - чет мамлекетте жашаганды…
   - эки эркек бир тууганы барды…
   - мотоцикл айдай алганды…
   - 15 жылдан ашык мугалим болуп иштегенди…
   - эки баланы тарбиялаганды… **тап**.
2. Катышуучулар сыпаттоого туура келген адамды бөлмөнүн ичинен табууга аракет кылышат. Табылган адамдын атын оюндун протоколуна катташат. Ар бир сыпат-тоо боюнча катышуучулар башка адамды табышы керек.
3. Протоколду биринчи толтурган катышуучу жеңүүчү деп эсептелет.

«КИМ АШЫКЧА?»

Тартиби

1. Катышуучулар тегерек тартып отурушат, бир катышуучу тегеректин ортосунда турат.
2. Тегеректин ортосунда турган катышуучу команда берет, мисалы, «Ак футболка-чандар, ордуңарды алмашкыла».

3. Ак футболкачандардын бардыгы ордуларынан туруп, башка бош орундарды ээлегенге аракет кылышат. Команда берген катышуучу да бир орунду ээлеп калганга аракет кылат. Орун жетпей калган катышуучу ортого чыгып, кийинки команданы берет, мисалы, «Чет мамлекетте болгондор, ордуңарды алмашкыла».
4. Бардык чет мамлекетте болгондор ордуларын алмашышат. Орун жетпей калган катышуучу кийинки команданы берет, мисалы, «Үйлөнгөндөр жана турмушка чыккандар, ордуңарды алмашкыла».
5. Оюн ушул тартипте бир нече мүнөт уланат.

ЭС-ТУТУМДУ ИШТЕТҮҮ ОЮНУ

Керектүү материалдар: 15–20 майда буюмдар жана жабуу үчүн кездеме, кагаз жана калемдер.

Тартиби

1. Тренер 15–20 майда буюмду, мисалы, калемдерди, кагаздарды, өчүргүчтөрдү, китепчелерди, кыпчыткычтарды, таштарды ж. б. топтойт. Тренер кезеги менен буюмдарды көрсөтөт, ал эми катышуучулар бул – … деп аларды аташат.
2. Тренер бардык буюмдарды көрсөткөндөн кийин аларды кездеме менен жабат.
3. Катышуучулар эстеп калган буюмдарынын тизмесин жазышат. Эң көп буюмду эстеген катышуучу жеңет.

«ТУУЛГАН КҮН»

Тартиби

1. Катышуучулар бир катарга турушат.
2. Катарга тургандан кийин туулган күнү боюнча туруу тапшырмасы берилет: 1-январь – катардын башында, 31-декабрь – аягында, мында бири-бири менен сүйлөшкөнгө же жазганга жол берилбейт.

«ПАЗЛДЫН БӨЛҮКТӨРҮ»

Керектүү материалдар: бир сүрөт төрт бөлүккө пазлга окшотуп кесилет жана ар бир бөлүк таза баракка чапталат.

Тартиби

1. Пазлдын бөлүктөрү катышуучуларга таркатылат.
2. Ар бир катышуучу өз тобу менен бөлүшкөн бир көндүмдү жазат.
3. Андан кийин ар биринин жалпы ишке кошкон салымын көрсөтүү үчүн пазл топтолот.

«ТӨРТ БУРЧ»

Тартиби

1. Тренер бардык катышуучулардан бөлмөнүн ортосуна топтолууну суранат.
2. Бөлмөнүн ар бир бурчуна ат (жооп) ыйгарылат. Мисалы, эгерде сөз туугандык байланыштар тууралуу болсо, биринчи бурч – агасы, экинчиси – ортончусу, үчүнчүсү – эң кичүүсү жана төртүнчүсү – жалгыз. Катышуучулар тиешелүү жооптор менен бурчтарды ээлешет.
3. Бул көнүгүүнүн жардамы менен катышуучулар кандайдыр бир жалпылыгы бар адамдарды жеңил гана таба алышат жана алар менен жеңил тааныша алышат.

«БЕЙДЖИКТЕРДИ АЛМАШУУ»

Керектүү материалдар: оюн катышуучулар алдын ала катталып, аларда бейджиктер болгон учурда гана өткөрүлөт.

Тартиби

1. Адамдар аудиторияга киргенде, катышуучулардын аттарына туура келбеген бейджиктер берилет. Андан кийин катышуучулар ошол бейджиктеги ат туура келген адамдарды табышы керек болот.
2. Тиешелүү адамды тапкандан кийин алар таанышышат жана бири-бирин бүтүндөй топко тааныштырышат.
3. Бул көнүгүү катышуучуларга бири-бири менен жакындан таанышууга мүмкүнчүлүк берет.

Б тиркемеси: Сабакка байкоо жүргүзүү формасы

Байкоочунун аты-жөнү:	*Күнү:* *Сабактын убактысы:*
Мугалимдин аты-жөнү:	*Класс:*
Мектептин коду:	*Окутуу тили:*
Мектептин номери/аталышы:	*Окуучулардын саны: тизме боюнча / катышканы:*
Область/район:	*Кыздардын саны: тизме боюнча / катышканы:*
Шаар/айыл:	*Мөөнөт (смена):*
Байкоого алынган модуль:	*Предметтин аталышы (Адабий окуу, Алиппе):*

Байкоо жүргүзүү формасын колдонуу жана толтуруу боюнча көрсөтмө

Форма сабакка байкоо жүргүзүү учурунда маалымат топтоо үчүн колдонулат. Формада мугалимдин ишинин натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү берилет. Төмөндө көрсөтүлгөн жооптордун тиешелүү вариантын тандоо керек:

ООБА; ЖОК; К.Б. (көрсөткүчтү бул сабакка карата колдонууга болбойт)

I бөлүк. «Окуганга чейин»				
№	**Көрсөткүчтөр**			
1.1	Мугалим окуучуларды сабактын темасы менен тааныштырат.	ООБА	ЖОК	К.Б.
1.2	Мугалим окуучуларды сабактан күтүлүүчү натыйжалар менен тааныштырат.	ООБА	ЖОК	К.Б.
1.3	Мугалим долбоордун тренингдеринде берилген окуунун базалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган ишмердиктин түрүн айтат.	ООБА	ЖОК	К.Б.
1.4	Мугалим тема боюнча окуучулардын буга чейинки билимдерин активдештирет.	ООБА	ЖОК	К.Б.
1.5.	Мугалим сабактын мазмунунун окуучулардын турмуштук тажрыйбасы менен байланыштырат.	ООБА	ЖОК	К.Б.

1.6.	Мугалим божомолдоо көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн ыкмаларды жана көнүгүүлөрдү колдонот.	ООБА	ЖОК	К.Б.
1.7.	Мугалим окуучуларга чыгарманын жанрын, стилин аныктаганга жардам берет.	ООБА	ЖОК	К.Б.
1.8.	Мугалим окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча ыкмаларды жана көнүгүүлөрдү колдонот.	ООБА	ЖОК	К.Б.
II бөлүк. «Окуу учурунда» (башкарып окуу)				
№	**Көрсөткүчтөр**			
2.1	Мугалим үн чыгарып окуйт.	ООБА	ЖОК	К.Б.
2.2	Мугалим окуучуларга чыгармадагы окуялардын жүрүшүн өздөрүнүн божомолу/жоромолу менен салыштырууну сунуштайт.	ООБА	ЖОК	К.Б.
2.3	Мугалим түрдүү типтеги жана деңгээлдеги суроолор аркылуу окуучулардын материалды өздөштүргөнүн текшерет.	ООБА	ЖОК	К.Б.
2.4	Мугалим кеңири ачылып берилген/сыпатталган кайтарым байланышты берет.	ООБА	ЖОК	К.Б.
III бөлүк. «Окугандан кийин»				
№	**Көрсөткүчтөр**			
3.1	Мугалим окуп берген тестти талкуулоону жана ал боюнча ой жүгүртүүнү сунуштайт.	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.2	Мугалим окуучулардын түшүнгөнүн текшерүү үчүн суроолорду берет.	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.3	Мугалим түрдүү көнүгүүлөрдү колдонот:			
3.3.1	1) так, болгонун болгондой түшүнүү боюнча;	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.3.2	2) чыгарманы талдоо боюнча;	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.3.3	3) окуганга карата өз пикирин билдирүү боюнча.	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.4	Мугалим окуучулар менен текст жана колдонулган көнүгүүлөр алардын турмуштук жагдайлары менен кандайча байланышканын талкуулайт.	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.5	Мугалим окуучулар менен бирге жетишилген натыйжаларды баалайт.	ООБА	ЖОК	К.Б.
3.6	Мугалим сабакты жыйынтыктайт.	ООБА	ЖОК	К.Б.
IV бөлүк. Шарттар жана материалдар				
№	**Көрсөткүчтөр**			
4.1	Мугалим менен окуучуларда предмет боюнча тиешелүү окуу китептери бар.	ООБА	ЖОК	К.Б.
4.2	Мугалим кошумча материалдардын ар кандай түрлөрүн колдонот:			
4.2.1	1) өздүк материалдар;	ООБА	ЖОК	К.Б.
4.2.2	2) долбоордун тренингдеринин учурунда сунушталган материалдар.	ООБА	ЖОК	К.Б.

4.3	Мугалим окуучулардын өз ара аракеттенүүсүнө жана бири-бирин окутуусуна жардам берет.	ООБА	ЖОК	К.Б.
4.4	Мугалим класста басылган материалдарга (көрсөтмө куралдар, плакаттар, сөздөрдүн дубалы, китептер ж. б.) бай чөйрө түзөт.	ООБА	ЖОК	К.Б.
4.5	Мугалим окуучулардын деңгээлине жана курагына жараша классификацияланган китептерди (окуу материалдарын) колдонот.	ООБА	ЖОК	К.Б.
V бөлүк. Мугалимдин иштөө ыкмасы				
№	**Көрсөткүчтөр**			
5.1	Окуучуларга окууну практикалоо мүмкүнчүлүгү берилет:			
5.1.1	1) класста;	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.1.2	2) чакан топтордо;	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.1.3	3) жуптарда;	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.1.4	4) жекече.	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.2	Мугалим окууга үйрөтүүнүн инсанга багытталган усулдарын жана ыкмаларын колдонот.	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.3	Мугалим калыптандыруучу баалоону колдонот.	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.4	Сабактын түрдүү баскычтарынын темпи жана түзүмү убакытты натыйжалуу пайдалануу мүмкүнчүлүк берет.	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.5	Мугалим долбоордун тренингдеринде берилген түрдүү ыкмаларды жана көнүгүүлөрдү колдонот.	ООБА	ЖОК	К.Б.
5.6	Сабак «Окууга чейин – Окуу учурунда – Окугандан кийин» түзүмү боюнча түзүлгөн.	ООБА	ЖОК	К.Б.

Маалымат булактары

Andrews, Catherine. Your Guide to Icebreakers for Meetings. GovLoop, March 2017 https://www.govloop.com/resources/guide-icebreakers-meetings/

Gagnon Jr., Walter; Collay, Michelle; Dunlap, Diane; Enloe, Walter. Learning Circles: Conditions for Professional Development. Thousand Oaks, California: Corwin Press, 1998.

Reading for All. Pearson. [Электронный ресурс]. URL: https://assets.pearsonschool.com/asset_mgr/current/201225/ReadingforAll.pdf

Before – After – and During Reading. Pennsylvania Dept of Education, 2016 http://www.education.pa.gov/Teachers%20-%20Administrators/Curriculum/Pages/Before-During-After-Reading-Strategies.aspx#tab-1

A Balanced Reading Program. PIALBA State School. [Электронный ресурс]. URL: https://pialbass.eq.edu.au/Supportandresources/Formsanddocuments/Documents/Reading_Strategies.pdf

Inclusive Teaching Practices Benefit All Students. http://www.holmesglen.edu.au/students/student_services/disability_support_service/staff_resources/inclusive_teaching_practices_benefit_all_students

1-модуль

Тыбыштык кабыл алуу

МАЗМУНУ

1. Киришүү 3
2. Тыбыштык кабыл алуу деген эмне? 4
3. Тыбыштык кабыл алууну кантип өнүктүрүү керек? 7
4. Билим алуу муктаждыктары ар түрдүү болгон окуучулардын тыбыштык кабыл алуусун өнүктүрүү 12
5. Окуучулардын тыбыштык кабыл алуу көндүмүн баалоо 15
6. Тыбыштык кабыл алуу көндүмүн өнүктүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр 24
7. Пайдаланылган адабияттар 50

1. КИРИШҮҮ

Башталгыч баскычта окууга үйрөтүү – бул текстти түшүнүүгө багытталган, символдордун маанисин ачуу көндүмдөрүн өнүктүргөн татаал процесс. Символдор – бул сөздөрдү түзгөн тамгалар; сөздөрдөн сүйлөмдөр, сүйлөмдөрдөн текст түзүлөт. Тамгалар – бул тыбыштардын шарттуу графикалык белгилениши жана алардын өзүнүн аталыштары бар. Окуп жатканда окуучу тамгаларды атабастан, тамга менен берилген тыбыштарды айтат. Бул окуу учурунда окуучулар сөздөрдүн графикалык (тамгалык) моделинин негизинде алардын тыбыштык формасын курушат дегенди билдирет. Сөздүн тыбыштык формасы туура түзүлбөсө, окуган текстти түшүнүү мүмкүн эмес. Ошондуктан окутуунун башталышында мугалим койгон максат – бул кептин тыбыштарын таануу жөндөмүн өнүктүрүү. Бул милдет аткарылып окуучу тыбыштардын графикалык белгиленишин колдонуп, аларды эркин бөлүп көрсөтүп жана бириктире алса, окуган текстти түшүнүүгө өтүү мүмкүн болот.

Окутуу тамгадан тыбыштык маниге эмес, тыбыштык мааниден тамгага багытталган окууга үйрөтүү усулу тыбыштык деп аталат. Анда окуучулар адегенде оозеки айтылган сөздү тыбыштарга ажыратат жана аларды бүтүн сөзгө чогултушат. Андан соң алар тыбыштарды графикалык белгилениши (тамгалар) менен өз ара байланыштурууну үйрөнүшөт. Мына ошентип, тыбыштар менен иш окуучулардын тамгалар менен таанышуусун жана иштөөсүн билдирет. Эмне үчүн окутуу сөздөгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүүдөн башталат? Бул айтылган тыбыштарды сөздүн түзүмүндө гана айырмалоо мүмкүн экенин билдирет. Демек, бүтүн сөздү айтуу менен андагы тыбышты бөлүп кароого болот. Бирок окуучу сөздөн тыбышты бөлүп көрсөтө алышы үчүн, бир эле сөздү, андагы тыбыштардын ар бирине ирети менен басым жасап, кайталоо керек. Мисалы, «апа» сөзү – А-п-а, а-П-а, а-п-А. Муну окуучуларга үйрөтүү керек.

Алфавиттеги тамгалардын санына салыштырмалуу жандуу кепте колдонулган тыбыштардын саны бир кыйла көп. Тыбыш – бул создөрдү айтканда кулакка угулган үндөр. Кыргыз тилинде бардык тыбыштардын өзүнө тиешелүү тамгалары жок. Тыбыштык кабыл алуунун маанилүү баскычы болуп үндүү-үнсүз тыбыштарды, жоон-ичке үндүү тыбыштарды, жумшак – каткалаң тыбыштарды айырмалоо, сөзгө басым коюу, тыбыштарды алып салуу жана кошуу эсептелет.

Окуучулар тыбыштарды үйрөнүп, тамгалар менен таанышкандан кийин, окуунун негизги механизмин – чечмелеп окууну (декодирлөө жөндөмүн) калыптандырууга өтүүгө болот. Чечмелеп окуунун жардамы менен окуучулар тыбыштарды сөздөргө, сөздөрдү сүйлөмдөргө, сүйлөмдөрдү текстке бириктирүүгө үйрөнүшөт. Чечмелеп окуу боюнча материал «Алфавит менен таанышуу» бөлүмүндө берилген.

Бул модулду өздөштүрүүнүн натыйжасында тренингдин катышуучулары:

– тыбыштык кабыл алуу жөнүндө өзүнүн түшүнүгүн кеңейтишет;
– башталгыч класстардын (1–4 класс) окуучуларынын тыбыштык кабыл алуусун кантип өнүктүүрүү тууралуу билишет;
– тыбыштык кабыл алууну өнүктүрүү боюнча көнүгүүлөр жана стратегиялар менен таанышышат.

2. ТЫБЫШТЫК КАБЫЛ АЛУУ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Ар бир тил кептеги тыбыштардын белгилүү тизмегин пайдаланат. Бала ар башка тыбыштарды айырмалап, үйрөнгөндөн баштап сүйлөй баштайт. Бул тилдин түзүлүшүн жана тыбыштык курамын таанып билүүгө түрткү болот. Тилдин түзүлүшүн жана тыбыштык курамын билүү окууга үйрөтүүнүн биринчи баскычтарында маанилүү ролду ойнойт. Сөз тыбыштардын катарынан турганын түшүнүү – **тыбыштык сезгичтик жана тыбыштык кабыл алуу** көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн эң керектүү фактор болуп эсептелет[1].

Тыбыштык кабыл алуу – бул тыбыштык курамды айырмалай билүү жөндөмү.

Калыптанган тыбыштык кабыл алуу – тыбыштарды так айтуунун, сөздүн туура муундук түзүлүшүн өздөштүрүүнүн кепилдиги болуп, тилдин грамматикалык курамын үйрөнүүнүн, демек, окуучунун окууну жана жазууну ийгиликтүү өздөштүрүүсүнүн негизин түзөт.

Окуучулардын тыбыштык кабыл алуусу жакшы болсо, алар так сүйлөшөт жана орфографиялык жактан сабаттуу болушат, анткени бардык кептик тыбыштарды так кабыл алышат.

Мугалим окуучуга сөздөгү ар бир тыбышты угуу, катар турган тыбыштан так бөлүү, сөз кандай тыбыштардан куралганын билүү, сөздүн тыбыштык курамын талдоо жөндөмүн өнүктүрүүгө жардам берүүсү маанилүү. Мугалим окуучуларды төмөнкү суроолорго жооп берип, сөздү тыбыштык жактан талдоого үйрөтүүсү керек (1-таблица).

[1] Х. Би. Развитие ребёнка. – СПб : Питер, 2004. – 389 б.

1-таблица. Сөздүн тыбыштык талдоосу

Суроолор	Тыбыштык талдоонун ырааты
Сөздө канча муун бар?	Сөздү айтуу жана өзүн өзү угуу.
Басым кайсы муунга коюлат?	Үн менен басымдуу тыбышты бөлүү, анын сөздөгү ордун аныктоо.
Сөздө канча тыбыш бар?	Сөздөгү үндүү жана үнсүз тыбыштардын санын аныктоо.
Сөз кайсы тыбыштан башталат? Сөздүн башында (аягында, ортосунда) кайсы үнсүз тыбыш турат? Сөздүн ортосунда (башында, аягында) кайсы үндүү тыбыш бар?	Тыбыштардын мүнөздөмөсүн аныктоо: үндүү; үнсүз (ичке-жоон, жумшак-каткалаң).

Тыбыштык процесстерди өнүктүрүү боюнча атайын методиканы колдонуу окуучулардын сөздүн мүчөлөрүн айырмалоо, сүйлөмдө жандоочторду бөлүү жөндөмдөрүн өркүндөтүү, жалпысынан алганда окуу жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн маанилүү.

Биринчи класста тыбыштык кабыл алууну калыптандыруу төмөнкү ырааттуулукту талап кылат.

Тыбыштык талдоону окутуунун **биринчи баскычында** үндүү [А], [У], [И] тыбыштары пайдаланылат. Окуучулар сөздүн башындагы биринчи үндүү тыбышты, үндүү тыбыштардын ырааттуулугун (мисалы, АУ – биринчи тыбыш [А]; экинчи тыбыш [У]) аныкташат.

Экинчи баскычта АП, УТ сыяктуу жабык муундун талдоосу жана бириктирүүсү ишке ашырылат. Окуучулар сөздүн аягындагы (мышы**к**, гү**л**) үнсүздү бөлүп көрсөтүүгө үйрөнүшөт. Андан соң сөздүн башында кездешүүчү үнсүздөрдү жана андан кийин турган басым менен айтылган (**ко**л, **ма**л) үндүүлөрдү бөлүп көрсөтүүнү үйрөнүшөт.

Үчүнчү баскычта окуучулар СА, МА, НА сыяктуу ачык муундардын талдоосун жана бириктирүүсүн өздөштүрүшөт. Алар сөздөрдү муунга бөлүүгө үйрөнүшөт жана схемаларды түзүшөт.

Төртүнчү баскычта окуучулар бир *(көз)* жана эки *(мышык)* муундан турган сөздөрдүн толук тыбыштык-муундук талдоосун өздөштүрүшөт жана тыбыштык схемаларды түзүшөт.

Материалдын мындан кийинки татаалдашуусунда үч муундан турган *(отургуч)* сөздөрдү талдоосу каралган. Окуучулар «муун», «үндүү, үнсүз, ичке, жоон, жумшак каткалаң тыбыштар» сыяктуу терминдерди үйрөнүшөт. Балдар ошол эле учурда тамгалар менен таанышышат, аларды муундарга бириктиришет. Окууда эң биринчи көнүгүүдөн баштап окуучулар муундап окууга умтулуулары керек, себеби муун окууга үйрөтүүдө көрүү аркылуу кабыл алынган бирдик болуп эсептелет. Окуучулар окуган сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү түшүнүүсүнө көз салуу зарыл.

ТЫБЫШТЫК КАБЫЛ АЛУУ КӨНДҮМДӨРҮН ӨРКҮНДӨТҮҮ

Тыбыштык кабыл алууну өнүктүрүү процессинде окуучулар төмөнкү көндүмдөрдү өздөштүрүшөт (2-таблица).

2-таблица. Тыбыштык кабыл алууну өркүндөтүү боюнча окуучулардын иш-аракеттери

Тыбыштык кабыл алууну өркүндөтүү боюнча көнүгүүлөр	Окуучулардын иш-аракеттери	Мисал
Тыбыштарды бөлүп көрсөтүү	Сөздөгү белгилүү тыбыштарды табуу	Мугалим: «КООЗ» сөзүндө биринчи тыбышын атагыла Окуучулар: [К]
Тыбыштарды аныктоо	Бир нече сөздөрдөгү бирдей тыбыштарды табуу	Мугалим: «КООЗ», «КАШЫК», «КАЙМАК», «КАНАТ» сөздөрүндөгү окшош тыбыштарды тапкыла. Окуучулар: [К]
Тыбыштарды категорияларга бөлүү	Акустикалык өзгөчөлүгү боюнча айырмаланган сөздү табуу	Мугалим: Төмөнкү сөздөрдүн катарынан ашыкча сөздү тапкыла: «ОТУРГУЧ», «ОТУН», «ОЙМОК», «БАЛЫК». Окуучулар: «Балык». Бул сөз [Б] тыбышынан, ал эми калгандары [О] тыбышынан башталат
Тыбыштарды бириктирүү	Мугалим ырааттуу айткан тыбыштарды угуу, алардан сөз куроо	Мугалим: Тыбыштарды уккула жана сөз курагыла [К-Ө- З] Окуучулар: [К-Ө-З, КӨЗ]
Тыбыштарды бөлүү	Сөздөн ар бир тыбышты бөлүп көрсөтүү, ар бир тыбышты так айтуу	Мугалим: «БАЛА» сөзүндө канча тыбыш бар? Окуучулар: «БАЛА» сөзүндө 4 тыбыш бар: [Б-А-Л-А]
Тыбыштарды алып салуу	Бир тыбыш алынып салынган учурда калган сөздү таануу	Мугалим: Эгер «ЖАЙ» сөзүнөн [Ж] тыбышын алып салса, эмне деген сөз пайда болот? Окуучулар: «АЙ» сөзү пайда болот
Тыбыштарды кошуу	Тыбыштарды кошуу менен жаңы сөз түзүү	Мугалим: «УЛУТ» сөзүнө «[Б]?» тыбышын кошсок, кандай сөз пайда болот? Окуучулар: «БУЛУТ»
Тыбышты алмаштыруу	Бир тыбышты башка тыбыш менен алмаштыруу жана жаңы сөз куроо	Мугалим: «КАШ» сөзүндөгү [А] тыбышын [У] тыбышына алмаштыргыла Окуучулар: «КУШ»

3. ТЫБЫШТЫК КАБЫЛ АЛУУНУ КАНТИП ӨНҮКТҮРҮҮ КЕРЕК?

Тыбыштык кабыл алуунун мыкты өнүгүүсү үчүн окуучулар туура айтылган кепти угуп, мугалимдин үлгүлүү кеби менен өзүнүн кебин салыштырып жана өзүнүн айтуусун көзөмөлдөшү маанилүү. Ал үчүн бай кептик чөйрө керек[1]. Мугалим мындай чөйрөнү үн чыгарып окуу, ыр жана рифмаланган тексттерди окуу сыяктуу ыкмалардын жардамы менен түзө алат. Рифмаланган тексттерди окуу бир эле кептик тыбыштарды, тыбыштык айкалыштарды жана сөздөрдү угуу учурунда үндүн бийиктигин, күчүн жана интонацияны айырмалоого мүмкүнчүлүк берет. Рифмаланган тексттерде кездешкен тыбыштык курамы боюнча жакын сөздөрдү айырмалоо жөндөмү муундарды бөлүп кароого, алардын сөздөгү санын, басым кылынган муунду аныктоого жана үндүү, үнсүз тыбыштарга талдоо жүргүзүүгө жардам берет.

Мугалимдин үн чыгарып үлгүлүү окуп берүүсү окуучулардын тыбыштарды табуу, аныктоо жана тыбыштарды туура колдонуу көнүгүүлөрү менен бир катарда жүрүшү керек. Бул максатка жетишүү үчүн ар түрдүү стратегиялар пайдаланылат. Эң натыйжалуу болуп буюмдар тартылган карточкаларды пайдалануу эсептелет. Бул карточкалар окуучулардын буюмдардын аталышында кездешкен тыбыштарды айтуусуна, ал тыбыштарды туура колдонуусуна багытталган. Карточкалар менен көнүгүүлөр окутуу процессинин түрдүүлүгүн гана камсыз кылбастан, бул курактагы балдарга ылайыктуу оюн формасы аркылуу коюлган максаттарга жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Тыбыштарды туура айтууну үйрөтүүгө телефон сыяктуу атайын дидактикалык каражатын колдонуу өбөлгө түзөт. Ал колдо бар материалдардан жасалат (окурмандын телефонун жасоо үсулу 11-баракта берилген). Бул каражат окурмандын өзү айткан ар бир тыбышты так угууга жана өзүнүн тыбышты туура айтуусун көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Төмөндө тыбыштык кабыл алууну өнүктүргөн окутуу формалары берилген.

Окутуу формалары

Окутуу формалары	Түшүндүрмөсү
Мугалимдин үн чыгарып окуусу	**Мугалимдин үн чыгарып окуусу** окуучулардын активдүү угуу, угуп кабыл алуу, окуганын түшүнүү жана көркөм окуу жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Үн чыгарып окуу окуучулар айтылган кептин тыбыштарын айырмалоого үйрөнүшү үчүн керектүү бай кеп чөйрөсүн түзүү менен тыбыштык кабыл алууну өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

[1] Бай кеп чөйрөсү – бул адам табигый шарттарда уккан кептин үлгүлөрүн берген чөйрө: китептер, үй-бүлөө, радио, телевидение. Мектепте сабакта окуу максаттарында атайын тилдик чөйрө түзүлүшү мүмкүн жана ал канчалык табигый шарттарга жакыныраак болсо, ошончолук мугалим кептик чөйрөнүн өнүктүрүүчү дараметин ийгиликтүү пайдалана алат. Бай кептик чөйрө окуучулардын көңүлүн тилдин тыбыштык түзүлүшүнө табигый жол менен багыттоого мүмкүнчүлүк берет. Тыбыштар менен байланышкан оюн, ыр жана окуу аркылуу айтылган сөздөрдү жана тыбыштарды угуу менен окуучулар аларды туура айтууну өздөштүрүшөт.

Эгер окуунун башталгыч баскычтарында мугалим окуган текстер рифмаларды, аллитерацияларды[1], уйкаштыктарды[2] ж. б. камтыса, үн чыгарып окуу окуучуларга тилдин тыбыштык түзүлүшүн сезүүгө мүмкүнчүлүк берген эң жеткиликтүү, практикалык жактан пайдалуу ыкма болуп эсептелет.

Тыбыштык кабыл алууну өнүктүрүү максатында үн чыгарып окуу үчүн төмөнкүдөй мүнөздөмөгө ээ тексттерди тандап алуу сунушталат:

- ✓ Негизги көңүл мазмунга эмес тыбыштарды бөлүп көрсөткөн, тыбыштарды алып салуу жана алмаштыруу, уйкаштык, аллитерация, рифманы ж. б. камтуу менен, сөз оюнуна багытталган тексттер. Мисалы:
  - рифма – *кумурска, кумурска, кыйын экен жумушка;*
  - уйкаш сөздөр: *мышык – кашык, табат – канат, жарашкан – карашкан;*
  - аллитерация: *Кезек – кезек, Тезек терсек, Керек дешет, Кезек тезек!*
  - тыбыштар менен ойноо (манипуляция): *май-жай, башкаш, чокой-токой.*
- ✓ 1–4 класстардын окуучуларынын курагына ылайык келген тексттер.
- ✓ Окуучулар аягына чейин толуктап түзүүгө катышуу мүмкүнчүлүгүн берген тексттер. Мисалы, *«Жаз жарыш, күз... (күрөш)»*. Мындай тексттин түзүлүшү жеткиликтүү, мазмуну абдан жөнөкөй, текст окуучулар тарабынан толукталышы мүмкүн.

Үн чыгарып окуу ар түрдүү варианттарда уюштурулушу мүмкүн:

- ✓ Мугалим текстти же китепти бир же бир нече жолу окуйт (үлгүлүү окуу).
- ✓ Көп жолу окугандан кийин мугалим сөздөрдүн «оюнуна» көңүл буруу менен, окуучуларды текстти же китепти талкуулоого тартышы мүмкүн (мисалы, *«Силерге бул китеп жактыбы?», «Силердин оюңарча, эмне үчүн ал мындай кылды?»*).
- ✓ Мугалим үн чыгарып окуу процессинде окуучуларды чыгарманын башкы каарманы эмне болору жөнүндө болжолдоого, жоромолдоого шыктандырат (тыным менен окуу).
- ✓ Окуу процессинде окуучулардын көңүлүн айрым тыбыштарга буруу менен, тилди тыбыштык жактан талдоо жөндөмүн бааласа дагы болот (аналитикалык окуу).
- ✓ Окуучулар мугалимдин окуганын үн чыгарып айтуу менен, тексттин/китептин башка версиясын түзүүгө катышышы мүмкүн.

---

[1] Аллитерация – бул ырдагы өзгөчө тыбыштык ачыктыкка алып келген окшош же бир түрдүү үнсүздөрдү кайталоо. Мисалы, *Аары, аары, арбагай. Аягы бар тарбагай* (А. Осмонов).

[2] Уйкаштык – бул айтылышы жана жазылышы жагынан окшош сөздөр, мисалы, *көздөр, сөздөр.*

Окууга үйрөтүүнүн башталгыч баскычында мугалим тыбыштык кабыл алуу үчүн атайын иштелип чыккан китептерди/тексттерди гана окубастан, окуу сабагына дагы башка адабий чыгармаларды киргизиши керек. Бирок тыбыштык кабыл алууга үйрөтүү максатында иштелип чыккан мындай тексттерди системалык түрдө пайдалануу мугалимге окутуунун ушул баскычын натыйжалуу өтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

«Сөздө кайсы тыбыш жоголду?», «Башаламан» көнүгүүлөрүн. «Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүнөн караңыз.

Мугалим тарабынан рифмалаштырылган тексттерди окуу

Рифмалаштырылган тексттер – бул айрым тыбыштар жана муундар кайра кайра кайталанган ырлар, табышмактар, күлкүлүү ырлар, жаңылмачтар ж. б. Тыбыштык кабыл алууга үйрөтүүдө ыр материалдарын пайдалануу мугалимдин ишин жеңилдетет. Бул окуучулар жакшы көргөн, кызыктуу текст материалы, ошондуктан, алар менен иштөө окуучулардын маанайын көтөрүп, материалды өздөштүрүүгө алгылыктуу жардам берет.

Рифмалаштырылган тексттер тыбыштык угууну гана эмес туура артикуляцияны (тыбыштарды айтуу үчүн кеп органдарынын иши), ритмиканы, интонацияны, угуу эс тутумун өнүктүрөт. Мындай тексттер көпчүлүк учурда окуучулардын кызыгуусун арттырат жана чарчоосун алдын алат.

Адегенде ырды же жаңылмачты мугалим окуйт, ал кантип окуу керектигин үлгүлүү окуу аркылуу көрсөтөт, андан соң окуучулар окушат. Мындай тексттерди жаттоо сунушталат. Жаңылмачтарды окуучулардын топтору ортосундагы мелдешүүлөр үчүн пайдаланса болот: ким жаңылмачты тезирээк айтат. Кээ бир рифмаланган

текстерди «жаңырык» формасында окуса болот: бир топ акырын, башка топ катуу окуйт.

Рифмаланган текстерди окуу «1, 2 керектүү сөздү тап» жана «Будан-Гудан» көнүгүүлөрүндө колдонулат. (Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүн кара.)

Карточкалар менен иштөө

Биринчи баскычта дидактикалык материал катары буюмдар тартылган жөнөкөй карточкалар колдонулат. Окуучулар тыбыштар менен иштегенден кийин, алар алфавитти үйрөнүүгө өтүшөт, сөздөр жазылган карточкаларды пайдаланса болот.

Дидактикалык карточкалар пайдалануу үчүн абдан ыңгайлуу жана сабактын бардык учурунда кереги тийиши мүмкүн. Карточкаларды пайдалануу – жаңы сөздөрдү практикалоонун жана киргизүүнүн, сөз байлыгын бекемдөөнүн мыкты ыкмасы, ал эми окуучулар көнүгүүнү өздөштүргөн учурда, карточкаларды тапшырманы биринчи аткарган окуучулардын арасында кичи топтордо иштей алышы үчүн бөлүштүрсө болот. Кээде сабак учурунда окуучулар дидактикалык мини-карточкаларды өз алдынча жасап, үйдө ата-энелери, байке-эжелери менен ойноо үчүн колдонсо болот.

Кимдир бирөө маалыматты көрүү менен, кимдир бирөө угуу менен жакшы кабыл алат, кинестетикалык кабыл алуусу жакшы өнүккөн окуучулар да бар. Ушул маалыматты эске алуу менен, мугалимге окуучулар менен иштөө усулдарын ар түрдүү кылуусу сунушталат. Карточкалар көрүү аркылуу кабыл алуусу

үстөмдүк кылган окуучулар менен иштөөдө маанилүү ресурс болуп эсептелет. Ишке ачык түстөгү жана жагымдуу дидактикалык карточкаларды киргизүү көрүү аркылуу кабыл алуусу үстөмдүк кылган окуучуларды окутууда пайдалуу.

«Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө «Мыкты сүрөтчү», «Дүкөн» жана «Тыбышты тууроо» көнүгүүлөрү каралган.

Окурмандын телефону

«Окурмандын телефону» окуучулардын тыбыштык кабыл алуу көндүмүн өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу каражат болуп эсептелет, анткени:

- окуучуларга өздөрү айткан тыбыштарды угууга мүмкүнчүлүк берет;
- окуучулар шыбырап окуганга үйрөнүшөт, себеби бул каражат кулагына абдан жакын болгондуктан, алар дароо тыбыштарды акырын айтууга өтүшөт;
- башка окуучуларга жолтоо болбостон, айтылган тыбыштарды туура айтууну өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет;
- окурмандын телефонун пайдалануу класста бардык окуучуларга өз алдынча окуу үчүн ыңгайлуу чөйрөнү түзүүгө жол ачат.

Окурмандын телефонун кымбат эмес желим сантехникалык түтүкчөлөрдөн же калың кагаздан өз алдынча жасаса болот.

Окурмандын телефонунун жардамы менен класста «Керектүү сөздү тап», «Башаламан», «Башкы тыбыш» жана башка көнүгүүлөр аткарылат («Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүн кара).

4. БИЛИМ АЛУУ МУКТАЖДЫКТАРЫ АР ТҮРДҮҮ БОЛГОН ОКУУЧУЛАРДЫН ТЫБЫШТЫК КАБЫЛ АЛУУСУН ӨНҮКТҮРҮҮ

Тыбыштык кабыл алуу боюнча көнүгүүлөрдү пландаштырууда жана өткөрүүдө окуучулардын окуусуна жана өнүгүүсүнө таасир эткен маданияттык, коомдук, тилдик, экономикалык факторлорду, ошондой эле мектепке даярдык деңгээлин, окуу тажрыйбасын эске алуу маанилүү: окуучунун балалык кезинен баштап окурмандык чөйрөдө өнүгүү мүмкүнчүлүгү болгонбу, окуучу мектепке чейинки даярдоо программасын өткөнбү анын окууга чейинки көндүмдөрү кантип жана кайда калыптанган?

Башталгыч мектептин окуучуларынын билим алуу муктаждыктары, кызыгуулары, тажрыйбалары, интеллектуалдык жөндөмдөрү ар түрдүү деңгээлде болгонун жана кабыл алуу типтери бирдей эмес экендигин эске алуу зарыл. Окутуу үчүн алардын муктаждыктарын канааттандырган ылайыкташтырылган программалар талап кылынат[1].

Мектепке келген окуучулардын тыбыштык кабыл алуу деңгээли ар түрдүү болушу мүмкүн. Мугалим окуучу айрым тыбыштарды туура эмес бурмалап же таптакыр айта албаганын аныктоосу мүмкүн. Ошондуктан кээ бир окуучуларга башкалар менен салыштырмалуу тыбыштык кабыл алууну өнүктүрүү үчүн көбүрөөк сабактар талап кылынат. Ошондуктан окуу көндүмдөрүн калыптандырууга чейин диагностикалык (алдын ала) баалоо өткөрүү зарыл. Баалоо окуучулардын кошумча окутууга муктаждыгын аныктоого мүмкүнчүлүк берет: эгер муктаж болсо, анда кайсы окуучуларды тыбыштарды туура колдонуу боюнча эң жөнөкөй ыкмалар (мисалы, сөздөрдөгү биринчи тыбыштарды аныктоо), ал эми кимдерди – татаалыраак ыкмалар менен (мисалы, *бөлүү, аралаштыруу, алып салуу/кошуу жана алмаштыруу*) окутуу керек.

[1] Literacy teaching guide: Phonemic awareness, 11-бет.

Көпчүлүк учурда кичи топтордо окутуу окуучуларга тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берген натыйжалуу ыкма болуп эсептелет. Ошондой эле кичи топтордогу окутуу чоң топтордогу окутууга же класстын бардыгына салыштырмалуу натыйжалуураак болот, анткени окуучулар мугалимден кайтарым байланышты жана классташтарынын жоопторун угуу менен пайда алышы мүмкүн[1].

Тыбыштык кабыл алуусу азыраак өнүккөн окуучуларда тыбышты айтуу гана эмес, кепти түшүнүү дагы чектелет, анткени алар айтылышы боюнча жакын тыбыштарды айырмалай алышпайт, ал тыбыштар менен берилген сөздөр алар үчүн бирдей угулат, мисалы, *күл – гүл, сиз – сыз, дарак – тарак.*

Калыптанбаган тыбыштык кабыл алуу тыбышты айтуунун калыптануусуна жолтоо болуп, терс таасирин тийгизет, толук кандуу окуу жана жазуу үчүн маанилүү тыбыштык талдоо көндүмүн калыптандырууну татаалдантат.

Окуучулардын тыбыштык кабыл алуусун баалоо учурунда дислексия[2] аныкталышы мүмкүн. Дислексиясы бар окуучулар окуганда көп каталарды кетиришет: кээ бир тыбыштарды айтышпайт, керексиз тыбыштарды кошушат, сөздөрдүн айтылышын бурмалашат; алардын окуу ылдамдыгы жай, тамгалардын ордун алмаштырышат, кээде сөздөрдүн баштапкы муундарын окушпайт. Көп учурда мындай окуучулардын айрым тыбыштарды угуу аркылуу так кабыл алуусу, аларды окуу жана жазууда колдонуусу чектелген. Окшош тыбыштарды «Б–П», «Д–Т», «К–Г», «С–З», «Ж–Ш» айырмалоо мүмкүнчүлүгү жетишсиз. Окуучулар тамгаларды алмаштыруу жана калтыруу, сөздөрдү чогуу жазуу, айрыкча муунду жазуу же аларды калтыруу, сөздүн мүчөсүн жазбай коюу, сөздөрдү туура эмес айкалыштыруу сыяктуу каталарды кетиришет.

Эгер окуучуда тыбыштык угуу өнүкпөсө, анда окууга жана жазууга үйрөнүшү өтө кыйын болот. Чындыгында, айтылган кепти так укпаса, бала кантип окуй алат? Ал жаза дагы албайт, себеби тигил же бул тамга кайсы тыбышты билдирээрин билбейт. Окуучу белгилүү тыбышты туура кабыл алып, кептин тез агымында аны белги (тамга) катары көрсөтө алышы керек. Ошондуктан тыбыштык угуусу бузулган окуучуларды сабаттуулукка окутуу – татаал педагогикалык маселе.

Мындай окуучуларга тыбышты угууга жана кийинчерээк тамганы көрүүгө кошумча машыгуу керек.

Дислексиясы бар окуучуларды окутуу боюнча мугалимдерге кээ бир сунуштар:

- Эң башынан баштап окуучулардын шар окуусуна басым жасабастан, түшүнүп окууга үйрөтүү абдан маанилүү. Ар бир сөз окуучуларга түшүнүктүү болушу керек.
- Дайыма окуганды түшүнүүгө жардам берген сүрөттөрү (иллюстрациялар) бар китептерди пайдалануу зарыл. Китептеги сүрөттөр аны визуалдык кабыл алуусуна жардам берет.
- Ар бир окуучунун кызыгуусуна ылайык келген китептерди же тексттерди тандоо кажет.
- Чоң шрифт менен басылган тексттерди тандот зарыл.
- Үлгү жана биргелешкен окуу форматын көп пайдалануу кажет.

---

[1] National Institute for Literacy, the Partnership for Reading. Put Reading first. The Research Building Blocks for Teaching Children to Read.

[2] Дислексия – нейрологиялык өзгөчөлүк. Сөздөрдү так же шар таануудагы кыйынчылыктар жана окуу, жазуудагы жетишсиз жөндөмдөр менен мүнөздөлөт. Дислексия оору болуп саналбайт, анын негизинде мээнин оң жана сол кабыкчаларынын ортосундагы байланыштардын бузулушу жатат.

– Башкарып жана биргелешип окуу үчүн төмөнкү жана жогорку саптар жабык болушу үчүн узун, ортосу узунунан кесилген жазы тасманы пайдалануу. Мына ошондо тамгалар секирбейт. Бул ыкманы саптарды манжа менен коштоп окуу сыяктуу эле учуру келгенде алып салуу керек.

– Дислексиясы бар окуучулар көпчүлүк учурда окууда, жазууда жана орфографиядан кыйналышат, бирок аларда мейкиндиктик, абстракттуу ой жүгүртүү жана элестетүү өнүккөндүктөн органдардын бардык сезимдерине таасир эткен методиканы пайдалануу менен окуучуларга окуу процессинде берилген материалды берүү сунушталат.

– Эгер мугалим так жана жай сүйлөсө, негизги маселелерди кайталаса, өнүгүү өзгөчөлүктөрү бар окуучулар үчүн укканын өздөштүрүүгө жакшы мүмкүнчүлүк түзүлөт.

– Окуганды түшүнүүгө көбүрөөк көңүл буруу, оозеки жоопторго артыкчылык берүү, жазуу иштеринин санын чектөө зарыл.

– Максаттар бардык учурда амбициялуу болгудай методиканы тандоо, антпесе окуучулар эч нерсеге умтулушпайт.

– Дайыма мактоо менен окуучуларды коюлган милдеттерге жетишүүгө демилгелөө сунушталат.

– Окуучулар окуган учурда кандай кыйынчылыктарга кездешкенин системалык түрдө байкоо жүргүзүүгө жана ушул кыйынчылыктарды чечүүгө аракеттерди жумшоо. Бул учурда жалпы стандарттар иштебегендиктен, баа койбоо сунушталат.

5. ОКУУЧУЛАРДЫН ТЫБЫШТЫК КАБЫЛ АЛУУ КӨНДҮМҮН БААЛОО

Окуучулардын тыбыштык кабыл алуу көндүмүн баалоо окутуунун биринчи жылында көбүрөөк өткөрүлөт. Көпчүлүк учурда окуучулардын басымдуу бөлүгү бул көндүмдөргө биринчи класста ээ болушат; ушундан улам экинчи класста мугалим тыбыштарды кыйынчылык менен үйрөнгөн окуучуларды гана текшерсе болот.

Окууга үйрөтүүнү улантуу үчүн төмөнкү көндүмдөрдүн өнүгүүсүн убагында баалоо маанилүү:

- Тыбышты **аныктоо** – ар түрдүү сөздөрдө окшош тыбыштарды табуу жөндөмү.
- Тыбыштарды **бириктирүү** – тыбыштардан муун, муундардан сөз куроо.
- Тыбыштарды **бөлүү** – сөздү муундарга, муундарды тыбыштарга бөлүү.
- Тыбыштарды туура колдонуу – бир тыбышты башка тыбыш менен алмаштыруу, сөздөргө тыбыштарды кошуу же алуу.

Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн баалоо жекеме-жеке өткөрүлөт, баалоо ыкмалары жеңил жана көп убакыт талап кылбайт. Бул окуучулардын ар бирин жекече баалоого мүмкүнчүлүк берет. Андан сырткары, **окутуу процесси ошол эле мезгилде баалоону билдирет**, себеби бул колдонмодо берилген көнүгүүлөрдү аткарууда окуучу сөздүн тыбыштык курамын талдоо жөндөмүнүн деңгээлин көрсөтөт.

Төмөндө көнүгүүлөрдүн кошумча мисалдары келтирилген. Аларды тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн баалоо үчүн окуучулар менен аткарса болот.

Баалоо 1. Сөздүн баштапкы тыбыштарын аныктоо

Деңгээл: 1-класс, 1-жарым жылдык

Баяндоо

Бул кыска тестте жети катарга тизилген сүрөттөр колдонулат. Окуучуларга биринчи сүрөттөгү буюмдун башкы тыбышынан башталган башка сүрөттөрдөгү буюмдарды табуу тапшырмасы берилет. Тест бардык класс үчүн же окуучулардын тобу үчүн жазуу түрүндө жүргүзүлөт.

Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим окуучуларга тесттин көчүрмөсүн таратат жана максаттын жана иштөө ыкмасын түшүндүрөт:

«Бул чакан тест бирдей тыбышы бар сөздөрдү табуу жөндөмүн текшерет. Сүрөттөрдүн эң жогорку катарын карагыла. Биринчи сүрөттө шакек тартылган. «Шакек» сөзү [ш] тыбышынан башталат. Ушул катарда дагы кайсы сөз ушул эле тыбыштан башталаарын табышыңар керек. Кийинки сүрөттөрдө торт, боёктор жана шарик тартылган. «Шарик» сөзү [ш] тыбышынан башталат. Шарик тартылган сүрөттү тегерете чийип, белгилегиле. Бул туура жооп. Ар бир катарда ушундай эле жумушту аткаруу керек: өзүңөр ичиңерден биринчи сөздү айткыла, ал кайсы тыбыштан башталаарын аныктагыла жана башка үч сүрөттөн ушул эле тыбыштан башталган сөздү тапкыла».

Жыйынтыктарды баалоо

Окуучу берген 7 жооптун 6 туура болсо, окуучу жетиштүү деңгээлде башталгыч тыбышты аныктоо көндүмүнө ээ экендигин билдирет. Туура жооптору 5 же андан аз болсо, бул көндүмдүн үстүнөн кошумча иш алып баруу керек.

Көндүм: Тыбышты аныктоо **Баалоо күнү**:_____ **Упай**: _____/7

Аты-жөнү _____

Мисал				
1				
2				
3				
4				
5				
6				
7				

Баалоо 2. Тыбыштарды бириктирүү

Баяндоо

Бул тест ар бир окуучу менен жекече оозеки формада өткөрүлөт. Окуучуларга мугалим айткан тыбыштардан жана муундардан бир сөз куроо сунушталат.

Деңгээл: 1-класс, 1-жарым жылдык

Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим балдардын маңдайына отуруп, тесттин максатын жана иштөө ыкмасын түшүндүрөт:

«Мен сөздүн бөлүгүн өз-өзүнчө айтам, ал эми сен ушул бөлүктөрдү бириктирип, сөздү толуктап айтууга аракет кылышың керек. Мисалы, мен [к] тыбышын, андан соң [аш] муунун айтам. Эгер ушул бөлүктөрдү бириктирсе, «каш» деген сөз пайда болот. Эгер [б] тыбышына [аш] тыбыштарын кошсо, эмне деген сөз пайда болот?». (Окуучуга тапшырма түшүнүктүү болгондугун аныктоо үчүн ага тыбыштарды өз алдынча бириктирүүгө мүмкүнчүлүк бергиле). Эгер окуучу туура жооп берсе, тестке өткүлө. Эгер ал туура эмес жооп берсе, анда: «баш» деген сөз пайда болот деп айткыла.

Сунушталган таблицаны пайдалануу менен мугалим окуучулардын жоопторун белгилей алат. Мугалим өзү туура жана туура эмес жоопторду билдирген белгилерди тандай алат (мисалы, *туура жооптор чымчыкча менен, ал эми туура эмес жооптор минус белгиси менен белгиленет* ж. б.).

Жыйынтыктарды баалоо

Окуучу берген 10 жооптун 8 туура болсо, тыбыштарды бириктирүү көндүмү жетиштүү деңгээлде экендигин билдирет. Туура жооптору 7 же андан аз болсо, бул көндүмдүн үстүнөн кошумча иш алып баруу керек.

Көндүм: Тыбыштарды бириктирүү **Баалоо күнү**:_____ **Упай**: ____/10

	Окуучунун аты-жөнү															
1.	**[т]** тыбышына [ай] муунун бириктир															
2.	**[к]** тыбышына [аз] муунун бириктир															
3.	**[т]** тыбышына [үз] муунун бириктир															
4.	**[жө]** муунуна [н] тыбышын бириктир															
5.	**[б]** тыбышына [ол] муунун бириктир															
6.	**[ж]** тыбышына [ол] муунун бириктир															
7.	**[ка]** муунуна [т] тыбышын бириктир															
8.	**[ч]** тыбышына [оң] муунун бириктир															
9.	**[с]** тыбышына [ол] муунун бириктир															
10.	**[ко]** муунуна [ш] тыбышын бириктир															
	Упайлар:															

Баалоо 3. Сөздү тыбыштарга бөлүү

Баяндоо

Бул тест ар бир окуучу менен жекече оозеки формада өткөрүлөт. Окуучуларга мугалим айткан сөздөрдү өз өзүнчө тыбыштарга бөлүү сунушталынат.

Деңгээл: 1-класс, 2-жарым жылдык

Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим балдардын маңдайына отуруп, иштин максатын, ыкмасын түшүндүрөт:

«Мен сөздөрдү айтам, ал эми сен ар бир сөздү тыбыштарга бөлүүгө жана мага ушул тыбыштарды ирети боюнча айтууга аракет кыл. Мисалы мен «кар» деген сөздү айтам. Эгер ушул сөздү тыбыштарга бөлсө, үч тыбыш пайда болот: [к], [а], [р]. Ал эми «роза» сөзү кандай тыбыштарга бөлүнөт?». (Окуучуга тапшырма түшүнүктүү болгондугун аныктоо үчүн ага сөздү тыбыштарга өз алдынча бөлүүгө мүмкүнчүлүк бергиле). Эгер окуучу туура жооп берсе, тестке өткүлө. Эгер ал туура эмес жооп берсе, анда бул сөз [р], [о], [з], [а] тыбыштарына бөлүнөөрүн айткыла.

Сунушталган таблицаны пайдалануу менен мугалим окуучулардын жоопторун белгилей алат. Мугалим өзү туура жана туура эмес жоопторду билдирген белгилерди тандай алат (мисалы, туура жооптор чымчыкча менен белгиленет, ал эми туура эмес жооптор – минус менен ж. б.).

Жыйынтыктарды баалоо

Окуучу берген 10 жооптун 8 туура болсо, окуучунун тыбыштарга бөлүү көндүмү жетиштүү деңгээлде экендигин билдирет. Туура жооптору 7 же андан аз болсо, ушул көндүмдүн үстүнөн кошумча иш алып баруу керек.

Эскертүү. Бул баалоо ыкмасы менен сөздүн фонетикалык талдоо жөндөмү текшерилбейт. Окуучулардан сөздү жөн гана тыбыштарга ажыратуу талап кылынат.

Көндүм: Тыбыштарды бөлүү **Баалоо күнү**:_____

	Окуучунун аты-жөнү															
1.	«Кап» деген сөздү тыбыштарга бөл															
2.	«Мык» деген сөздү тыбыштарга бөл															
3.	«Чаң» деген сөздү тыбыштарга бөл															
4.	«Таш» деген сөздү тыбыштарга бөл															
5.	«Сөз» деген сөздү тыбыштарга бөл															
6.	«Саат» деген сөздү тыбыштарга бөл															
7.	«Чыны» деген сөздү тыбыштарга бөл															
8.	«Курч» деген сөздү тыбыштарга бөл															
9.	«Чүкө» деген сөздү тыбыштарга бөл															
10.	«Алга» деген сөздү тыбыштарга бөл															
	Упайлар:															

Баалоо 4: Тыбыштарды туура колдонуу

Баяндоо

Бул тест ар бир окуучу менен жекече оозеки формада өткөрүлөт. Окуучуларга мугалим берилген сөздөн бир тыбышты башка тыбыш менен алмаштырса, кайсы сөз пайда болоорун аныктоо сунушталат. Бул көндүм окуучудан эки тапшырманы аткарууну талап кылат: бир тыбышты бөлүп көрсөтүү (1) жана пайда болгон сөздү таануу (2). Мына ошентип, тест окуучулардын оперативдик эс тутумундагы өнүктүрөт, анткени тапшырманы аткарууда бөлүп көрсөткөн тыбышты, алгачкы сөздү жана пайда болгон сөздү эстеп калышы керек. Бул тесттин тапшырмаларынын ийгиликтүү аткарылышы окуучулардын тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүнүн жакшы өнүккөндүгүн билдирет.

Деңгээл: 1-класс, 1-жарым жылдык

Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим балдардын маңдайына отуруп, иштин максатын, ыкмасын түшүндүрөт:

«Мен сага сөздөрдү атап, андагы кайсы тыбышты башка тыбыш менен алмаштыруу керектигин айтам, ал эми сен ушундан кийин кайсы сөз пайда болгондугун айтышың керек. Мисалы, эгер «кар» деген сөздө [к] тыбышын [ч] тыбышына алмаштырса «чар» деген сөз пайда болот. Ал эми «ата» деген сөздө [т] тыбышын [п] тыбышына алмаштырса, кандай сөз пайда болот?». (Окуучуга тапшырма түшүнүктүү болгондугун аныктоо үчүн ага сөздү тыбыштарга өз алдынча бөлүүгө мүмкүнчүлүк бергиле). Эгер окуучу туура жооп берсе, тестке өткүлө. Эгер ал туура эмес жооп берсе, анда «апа» деген сөз пайда болгондугун айткыла.

Сунушталган таблицаны пайдалануу менен мугалим окуучулардын жоопторун белгилей алат. Мугалим өзү туура жана туура эмес жоопторду билдирген белгилерди тандай алат (мисалы, туура жооптор чымчыкча менен белгиленет, ал эми туура эмес жооптор – минус менен ж. б.).

Жыйынтыктарды баалоо

Окуучу берген 10 жооптун 8 туура болсо, окуучунун тыбыштарды алмаштыруу көндүмү жетиштүү деңгээлде экендигин билдирет. Туура жооптору 7 же андан аз болсо, бул көндүмдүн үстүндө кошумча иш алып баруу керек.

Көндүм: Тыбыштарды туура колдонуу **Баалоо күнү**:_____

	Окуучунун аты-жөнү														
1.	Эгер «бай» деген сөздө [б] тыбышын [м] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот?														
2.	Эгер «тор» деген сөздө [т] тыбышын [б] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот?														
3.	Эгер «бака» деген сөздө [б] тыбышын [ч] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот?														
5.	Эгер «жан» деген сөздө [н] тыбышын [з] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот?														
6.	Эгер «чокой» деген сөздө [ч] тыбышын [т] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот?														
7.	Эгер «чөл» деген сөздө [л] тыбышын [п] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот?														
8.	Эгер «чаң» деген сөздө [а] тыбышын [о] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот?														
9.	Эгер «зат» деген сөздө [з] тыбышын [к] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот?														
10.	Эгер «сал» деген сөздө [а] тыбышын [о] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот?														
	Упайлар:														

Көндүм: _____ **Баалоо күнү**:_____

	Окуучунун аты-жөнү																									
1.																										
2.																										
3.																										
4.																										
5.																										
6.																										
7.																										
8.																										
9.																										
10.																										
	Упайлар:																									

6. ТЫБЫШТЫК КАБЫЛ АЛУУ КӨНДҮМҮН ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА БОЛЖОЛДУУ КӨНҮГҮҮЛӨР[1]

Аталышы	СЫЙКЫРДУУ ТЫБЫШ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • үндүү тыбыштарды айтышат; • үндүү тыбыштарды айырмалашат.
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Сабакка чейин керектүү ресурстарды жасап даярдоо керек: белгилүү тыбыш – объекттин аракети (мисал төмөндөгү нускамада көрсөтүлгөн).
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук (жалпы, кичи топтордо)
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим адегенде тыбышты көрсөтүп, андан соң окуучуларга бир эле тыбыштын өзгөрүшүн жана эмоциялык сүрөттөлүшүнүн айтып берүүлөрүн суранат. **2-кадам.** Мугалим бир (эки) окуучуну чакырат жана [А] тыбышынын өзгөрүшүн төмөнкүдөй шарттарга ылайык айтуусун сунуштайт. [А] – кыз ыйлап жатат [А] – дарыгерге тамагын көрсөтүп жатат [А] – ырчы ырдап жатат [А] – бөбөктү терметип жатат [А] – кыз колун ийне менен сайып алды. Кийинки окуучу (жуп) чакырылат, алар [О] тыбышы менен тапшырма алышат: [О] – апам кубанды [О] – чоң апа оорусунан онтоду [О] – ырчы ырдады [О] – атам эстеди [О] – токойдо аңчы кыйкырат. Кийинки окуучу чакырылат, ал [У] тыбышы менен тапшырма алат: [У] – кеме гүрүлдөдү [У] – чоор үн чыгарат [У] – бала ыйлап жатат [У] – карышкыр улуйт [У] – түтүктө шамал үн чыгарат.

[1] Бул көнүгүүлөр Интернеттеги ачык ресурстардын материалдарына негизделген.

Үлгү

Аталышы	ТЫБЫШТЫ ТУУРОО
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сунушталган үнсүз жана үндүү тыбыштарды туура айтышат; • буюмдардын аракеттерин көрсөтүшөт; • суроолорго жооп беришет.
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Дабыш чыгарган буюмдардын, жаныбарлардын сүрөттөрү тартылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук (жалпы, кичи топтордо)
Аткаруу тартиби	**1-вариант** Мугалим окуучуларга суроо берет, мисалы: – Аары кантип ызылдайт? [З-з-з!] – Жылаан кантип кышылдайт? [Ш-ш-ш!] – Поезд кантип гүрүлдөйт? [У-у-у!] и ж. б. Бул көнүгүүлөрдү аткарууда окуучулар жогорудагы образдарды кыймыл менен коштоп көрсөтүшсө болот. «Аары учат»: колдору менен учуп бараткан аарынын кыймылын көрсөтүү. **2-вариант** Мугалим тыбыш менен көрсөтө ала турган бир нерсенин (*машина, аары, арстан* ж. б.) сүрөтүн көрсөтөт – арстан ырылдайт [р-р-р-р], үй мөөрөйт [м-ө-ө-ө]. Окуучулар аларды туурашат. Окуучулар сүрөттө көрсөтүлгөн жаныбарлар же буюмдар чыгарган үндөрдү айтышат.

Үлгү







Аталышы	ДҮКӨН
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдөн тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт; • алардын сапатын аныкташат (үндүүлөр; үнсүздөр: жоон – ичке үндүү тыбыштар, жумшак – каткалаң үнсүз тыбыштар).
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Буюмдар, жаныбарлардын сүрөттөрү тартылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук (жалпы, кичи топтордо)
Аткаруу тартиби	Даярдык баскычы: Мугалим буюмдар, жаныбарлар тартылган карточкаларды даярдайт. Мисалы, *сабиз, мышык, кийим, чайнек, топ* ж. б. **1-кадам.** Мугалим оюндун шартын түшүндүрөт: Мен – сатуучумун, ал эми силер – сатып алуучуларсыңар, дүкөнгө «келип», өзүңөргө бир буюмду тандайсыңар. Сатып алган буюм үчүн сөздүн биринчи тыбышы менен төлөш керек. Мисалы, эгер окуучу кашык сатып алгысы келсе, анда ал [К] деп айтышы керек. **2-кадам.** Сатып алуучу-окуучу өзүнө буюм тандап алат жана тыбышты айтат. **Көңүл бургула!** Көнүгүү башка окуучулар менен бир нече жолу өткөрүлөт. Кийинчерээк бул көнүгүүнүн шартын өзгөртүүгө болот: – сатып алуучу өзүнө буюм тандап алат, сатып алганы үчүн ал сөз кайсы тыбыштардан турса, бардык тыбыштарды айтышы керек. – сатып алуучу өзүнө буюм тандап алат, сатып алганы үчүн ал сөздөгү үнсүз тыбыштардын жумшак же каткалаң жубун айтышы керек. – сатып алуучу өзүнө буюм тандап алат, сатып алганы үчүн ал сөздөгү үндүү тыбышты бөлүп көрсөтүшү керек.

Үлгү








Аталышы	ДҮКӨН-2
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдөгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт; • алардын сапатын аныкташат (үндүүлөр: жоон – ичке үндүү тыбыштар; үнсүздөр: жумшак – каткалаң үнсүз тыбыштар).
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Буюмдар (табак, кашык), жемиштер (алма, апельсин, алмурут, кара өрүк, лимон, жүзүм) тартылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук (жалпы, кичи топтордо)
Аткаруу тартиби	Мугалим тактага предметтик сүрөттөрдү илет: алмалар, апельсиндер, алмуруттар, кара өрүк, лимондор, жүзүм. **1-кадам.** Тапшырма: Актан жемиш сатып алыш үчүн дүкөнгө барды, дүкөнгө кирди, бирок жемиштердин аталышын унутуп калды. Окуучулар Актанга аталышында [л] тыбышы бар жемиштерди сатып алууга жардам бериши керек. **2-кадам.** Мугалим чакырган окуучу, аталышында [л] тыбышы бар сүрөттөрдү тандайт. Оюнду тамганы же буюмдун сүрөтүн алмаштыруу менен, бир нече жолу кайталаса болот, мисалы (г) тыбышына.
Үлгү	



Аталышы	БАШКЫ ТЫБЫШ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тыбыштарды туура айтышат.
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Рифмаланган тексттер
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук (жалпы, кичи топтордо)
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга негизги тыбышты бөлүп көрсөтүү менен ыр окуп берет. Тамгалар боюнча ырлардын текстин пайдаланса жакшы болот. **2-кадам.** Окуучулар ырды угуу менен, «Башкы тыбышты» аташы керек. Мугалим ар түрдүү ырларды пайдаланса болот, мисалы Батма Абдухамидованын «Алиппе майрамы» жана Токтосун Самудиновдун «Эмнеге окшойт тамгалар?» ырларын.
Үлгү	

А	Б	Г
Айткан күндө акылын, Акыл сөздүн асылын. Ата-энем, Алиппем Ардактаарым, жакыным.	Берет нандын жарымын, Бербейт жандын жарымын. Бербесең да төгүп тур, Бешенеңдин жарыгын.	Гүл экенин көңүлдүн, Гүл экенин өмүрдүн. Гүлай эжем айтканда, Гүлгө күндөй төгүлдүм.
Д	**Ж**	**З**
Дос таанышты сатпаса, Дайыны жок какпаса. Дени таза сак болор, Дилин таза сактаса.	Жакшынын бир белгиси, Жаман болбойт таптаса. Жамандын бир белгиси, Жакшы болбойт мактаса. Жакшы менен жаманды, Жаңылбастан бөлө бил. Жаманды да тепсебей, Жакшы жагын көрө бил.	Зээндүү болуп досторум, Зыян кылба эч кимге. Зарыктырбай жардам бер Залкар ата-энеге.
И	**К**	**Л**
Ишенимден кетпейли, Изги таза наристе! Илбериңки кыймылдап, Ийкемдүү бол ар ишке.	Кайрымдуу бол, калыс бол. Карөзгөйдөн алыс бол. Касташканды коёлу, Кан дос болсоң – келе кол.	Лап этип осол сөз айтып, Лапылдап уйча аш жебе. Лепилдеп үйгө жардам бер, Лөкүйүп алып: «бак» дебе.

М	Ч	Ш
Мээрман адам – мээнеткеч Мүнөзүнөн билинет. Мустарап кылбайт эч кимди Маанайы ачык күлүңдөп.	Чындык сөздү ар качан Чычалабай угуп тур. Чабал болбой жашыңдан Чымырканып эмгек кыл. Чегирткени өлтүрбө, Чымынды да аягын. Чырпык талды сындырба, Чиркейдин бил абалын.	Шылдың болбо ишенип, Шыбыр-күбүр сөздөргө. Шашма болбой, шум жүрбөй, Шыктуу бол түрдүү өнөргө.
Ы	**У**	**Э**
Ыза кылба кичүүнү, Ыракмат айткын улууга. Ыркырашпай үндөгүн Ынтымактуу болууга.	Улуу-кичүү бирөөнүн Уурдабайм буюмун. Урушпаймын жөнү жок, Уят – менин ыйыгым. Убадага бек турам, Убагында иш кылам.	Эрктүү болуп билимге, Эне-атаңды кубанткын. Эбиң менен эркелеп, Эстүү болуп эртелеп, Эмгек жолун уланткын!

Аталышы	Түлкү менен тыйын чычкан
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тыбыштарды туура айтышат.
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү ресурстар	Сүрөттүү менен карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук (жалпы, кичи топтордо)
Аткаруу тартиби	Оюн үчүн класста канча окуучу болсо, ошончо сүрөттүү карточка керек. Бир карточкада түлкү тартылса, ага рифмалашкан жуп табуу керек. Калган карточкалардагы ушул иретте жуп түзүшү керек. Оюн класстык бөлмөдө, спорт залында, мектептин холлунда же короодо өткөрүлүшү мүмкүн. **1-кадам.** Мугалим алдын ала карточкаларды даярдайт. Биринчи пачкага жайгаштырылган ар бир сөз экинчи пачкадагы бир эле сөз менен үйкашышы керек *(тамак – табак, бака – чака, чагылган – сагызган...).* **2-кадам.** Мугалим окуучуларга «тыйын чычкан» оюнун ойной тургандыгын айтат. Окуучулардын бирөөсүнө түлкүнүн ролу туура келет. Түлкү тыйын чычкандарды кармашы керек. **3-кадам.** Мугалим калган окуучуларды эки топко бөлөт. Бир топтун окуучулары дарактар болушат, ал эми экинчи топ – тыйын чычкандар. Мугалим тыйын чычкандарга биринчи пачкадан бирден карточка, ал эми дарактарга – экинчи пачкадан берет. Дарактарга бөлмөнүн /аянтчанын ар кайсы жерине турушат. Алар кыймылдашпайт жана карточкаларын бардыгы көрүп тургандай кармап турушат. **Эскертүү:** Дарактар өзүнүн сөздөрүн тыйын чычкандар уга тургандай катуу айтышат. **4-кадам.** Тыйын чычкандар өзүнүн жубун табышы керек, б. а. ар бир тыйын чычкан өзүнүн сөзү менен үйкашкан дарактты издейт. Оюнду баштаганга чейин мугалим: «Мына түлкү келе жатат. Дарактарга качкыла!» – деп айтат. Тыйын чычкандар өздөрүнүн дарактарын издешет. Түлкү дарагын таппаган тыйын чычканды же туура эмес даракка барган тыйын чычканды кармаганга аракет кылат. Түлкү кимди кармаса, ал кийинки оюнда түлкү болот. Дарактар тыйын чычкандар менен менен орун алмашышат, ошентип оюн кайрадан башталат. **5-кадам.** Түзүлгөн жуптар өзүнүн сөздөрүнүн жуптарын үн чыгарышып айтышат, мисалы, *Үй, Чүй* ж. б. Бардык окуучулар сөздөрдүн / сүрөттөрдүн жубу туура түзүлгөнүн текшишет. Жуп туура эмес түзүлгөн учурда окуучулар туура жупту табууга жардам беришет.

Вариациялар: Окуучулар кандайдыр бир башка принцип боюнча жуптарга бөлүнүшү мүмкүн:

а) сөздөрдөгү муундардын саны *(акыл – топоз, кирпи – жылаан, үй – ит…)*;

б) биринчи тыбышы боюнча *(отургуч – отунчу, мурун – мурут)* ж. б.

Аталышы	«БУДАН-ГУДАН»
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт; • алардын сапатын аныкташат (үндүүлөр: жоон – ичке үндүү тыбыштар; үнсүздөр: жумшак – каткалаң үнсүз тыбыштар).
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү ресурстар	–
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук (жалпы, кичи топтордо)
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга төмөндө келтирилген үлгү боюнча ыр ырдайт. Сөздөрдү рифмалоо үчүн окуучулардын аттарын пайдаланат. Биринчи саптын акыркы сөзү – бул биринчи тыбышы өзгөртүлгөн окуучунун аты. Мисалы: Будан-Гудан Зуля Күчүктөн качты Гуля. Будан-Гудан Камыт Досуна бара жатат Бакыт. Будан-Гудан Апал, Апага ырдайт Үпөл. Будан-Гудан Гүлзат Урматка күлөт Айзат. **Эскертүү:** окуучулар ушул техниканы өздөштүргөндөн кийин өзүлөрү дагы башка сөздөр жана аттарды пайдалануу менен ушундай уйкаштырууну ойлоп табышса болот.

Аталышы	ЖҮЗ СУРОО – ЖҮЗ ЖООП
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдөгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт; • алардын сапатын аныкташат (үндүүлөр: жоон – ичке үндүү тыбыштар; үнсүздөр: жумшак – каткалаң үнсүз тыбыштар).
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Топ
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук (жалпы, кичи топтордо)
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим: «Т» тыбышы кездешкен сөздөр менен ойнойбуз. Окуучулар суроолорго белгиленген тыбышка башталган сөздөрдү колдонуп, жооп бериши керек. **2-кадам.** Мугалим окуучуга топту ыргытып, ага суроо берет: – Сенин атың ким? Окуучу мугалимге берилген тыбыштан башталган сөз менен жооп берет, мисалы: – Татыгул. – Фамилияңчы? – Токомбекова. – Сен каяктан келдиң? – Таластан. – Ал жакта эмне өсөт? – Төө буурчак. Бул көнүгүүнү башка окуучулар менен жана ар түрдүү тыбыштар менен 3–5 жолу кайталагыла.
Үлгү	

Аталышы	ТЫБЫШТЫ ТАП
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт; • алардын сапатын аныкташат (үндүүлөр: жоон – ичке үндүү тыбыштар; үнсүздөр: жумшак – каткалаң үнсүз тыбыштар).
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	–
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук (жалпы, кичи топтордо)
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим (а) тыбышын үн чыгарбай так артикуляциялайт, тыбышты айтуу учурунда эриндин абалына көңүл бурат. **2-кадам.** Окуучулар артикуляциялык аппараттын органдарынын абалын эстеп калуу менен, мугалимдин үлгүсү боюнча берилген артикуляциялык багытты кайталашат жана тыбышты айтышат. **3-кадам.** Эгерде сөздүн бардыгы жана тыбыш туура айтылган болсо, мугалим аткарылган тапшырма үчүн окуучуларга ыраазычылык билдирет, аларды мактайт. **Көңүл бургула!** Ушул көнүгүүнү ар түрдүү тыбыштар менен өткөрүү сунушталат. Андан соң окуучулардын бирөөсү алып баруучунун ролун аткарса болот.
Үлгү	
	Мисалы: М-А-Й, К-Ө-З, К-А-Ш, М-О-Л, Ш-А-Р, Т-О-Р, Б-А-К, Т-О-К, Н-У-Р, Ч-Ы-Р, Ч-О-К, С-О-М, Ж-У-М, Т-А-Р ... • Р-О-З-А, Ш-О-Р-О, Т-О-Р-Т, Ч-Ы-Н-Ы, К-О-Ё-Н, Ч-А-Н-А, Б-А-Т-А, Т-А-Я-К, Т-А-К-А, Ш-У-Р-У ... • К-А-З-А-Н, Ч-О-К-О-Й, Т-А-М-А-К, К-А-Ш-Ы-К, Т-А-М-А-Н, Т-А-Р-А-К, Ч-А-Т-Ы-Р, К-И-Т-Е-П, Э-М-Г-Е-К ...

Аталышы	ТЫБЫШТЫ КАРМА
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдөгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт; • алардын сапатын аныкташат (үндүүлөр: жоон – ичке үндүү тыбыштар; үнсүздөр: жумшак – каткалаң үнсүз тыбыштар).
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Сөздөрдүн тизмеси
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук (жалпы, кичи топтордо)
Аткаруу тартиби	Эскертүү: Эгер окуучулар сөздөн [к] тыбышын угушса, анда алар кол чабышат. **1-кадам.** Мугалим төмөнкү сөздөрдү айтат: [к]ран, мышы[к], быча[к], мурут. **2-кадам.** Окуучулар [к] тыбышын угуп аныктаган жана тааныган учурда кол чабышат. **3-кадам.** Тапшырма туура аткарылса мугалим окуучуларга ыраазычылык билдирет, аларды мактайт. Башка каалаган тыбыштар менен кайталоо: [Ш] – мышык, төшөк, мискей, шапалак…; [С] – самын, ат, сөйкө, сандык, сан…; [Р] – роза, лампа, радио, …; [Л] – плов, лампочка, балка, бал…
Үлгү	

Аталышы	МУУНДАРДЫ ТҮЗ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • муундарды түзүшөт.
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу, алфавит менен таанышуу
Классы	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Алфавиттин бардык тамгалары тартылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук (жалпы, кичи топтордо), жекече
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим алфавиттин бардык 36 тамгасы менен карточкаларды таратат жана окуучуларга төмөнкү тапшырмаларды аткаруусун сунуштайт: – Тамгалар, «КЫШ» деген сөздү курагыла. Окуучулар тамгаларды алдыга кармап тактага чыгышат. **2-кадам.** Мугалим класстын бардыгына төмөнкү суроолорду берет: – Бул сөздө канча тыбыш? Аларды атагыла. – Канча үндүү тыбыш? Аларды атагыла. – Канча каткалаң үнсүз? Аларды атагыла. – Канча жумшак үнсүз? Аларды атагыла. Окуучулар кимди айтышса, ордунда отурушу керек. Мисалы, биринчи суроого окуучулар «кыш» деген сөздө 3 тыбыш бар, алар [К], [Ы], [Ш] – деп жооп беришет. Ушул тамгаларды кармаган окуучулар, тыбыштар айтылган сайын ордуларында отуруп турушат. **3-кадам.** Мугалим төмөнкүдөй сөздөрдү пайдаланышы мүмкүн: *күз, кино, дарбыз* ж. б. Сөздөрдү тандоодо «Жөнөкөйдөн татаалга» дидактикалык принципти пайдалануу маанилүү, мисалы, *үй, мышык, роза, байке, бак-дарак, учак* ж. б.
Үлгү	

Аталышы	МЫКТЫ СҮРӨТЧҮ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • мыкты тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн көрсөтүшөт; • сөздөрдүн тыбыштык талдоосун жүргүзө алышат.
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу, алфавит менен таанышуу
Классы	1–2
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Альбом, калем, түстүү калемдер, сызгыч
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече жана жупта иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга сүрөттөрдү таратат жана тапшырманы түшүндүрөт: сүрөттө тартылган буюмдардын аталышын аныктагыла жана сызык түрүндө сөздүн схемасын же ушул сөздүн муундарынын схемасын сүрөттүн астына тарткыла, анда ар бир муун жаа катары белгиленет жана тыбышты үйрөнүүнүн ордун көрсөткүлө. **2-кадам.** Окуучулар дептерлеринде тапшырманы аткарышат. **3-кадам.** Окуучулар жупта иштешет жана иштин жыйынтыгын талкуулашат. Бири-бирине туура аткарууга жардам беришет. **4-кадам.** Мугалим тандоо менен 4–6 жупту текшерсе болот.
Үлгү	









Аталышы	СЫЙКЫРЛАНГАН СӨЗ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдүн тыбыштык талдоосун өткөрө алышат.
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу, алфавит менен таанышуу
Классы	1
Окуу баскычы	Окуу учурунда, окугандан кийин
Керектүү ресурстар	Сөздөрдү түзүү үчүн кагаздан кесилген тамгалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук
Аткаруу тартиби	«Сыйкырланган сөз» көнүгүү-оюну адаттагы сюжеттик-ролдук оюн катары өткөрүлөт. Мугалим алып баруучу бир окуучу Каардуу сыйкырчы, ал эми калган окуучулар куткаруучулардын ролун аткарышат, ал сарайдан улам чыгып кеткен учурда тамгаларды жана тыбыштарды сактап калса болот. **1-кадам.** Мугалим окуучуларга Каардуу сыйкырчы тууралуу окуяны айтып берет, ал сөздөрдү сыйкырлайт жана ошондуктан алар сыйкырчынын сарайынан чыга алышпайт. Сөздөр кайсы тыбыштардан тураарын билишпейт жана тандалган окуучулар – куткаруучулар аларга муну түшүндүрүшү керек. Сөздүн тыбыштары керектүү иреттүүлүктө туура айтылса, сөз куткарылат, эркин деп эсептелинет. **2-кадам.** Мугалим бир окуучуну Каардуу сыйкырчынын ролуна тандап алат, аны өзүнчө отургучка отургузат, ага сарайдын сүрөтүн коёт. Каардуу сыйкырчыны ойноп жаткан окуучу убак-убагы менен отургуч сарайдын чыгып басып кетет. **3-кадам.** Мугалим «сыйкырланган» сөздү айтат, ал эми куткаруучулар алардан турган тыбышты так кайталашы керек. Мисалы, «Балдар, БАШ сөзүн чечмелейбиз». **4-кадам.** Тандалган окуучу сөздүн курамындагы тыбыштарды ирети менен айтат «б – а – ш». Оюн 3–5 жолу өткөрүлөт. Жөнөкөй үч-төрт тамгадан турган сөздөн башталат. Ар бир учурда мугалим «сыйкырланган» сөздөрдү татаалдатса болот.

Үлгү

Аталышы	СӨЗДӨ КАЙСЫ ТЫБЫШ ЖОГОЛДУ?
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдүн тыбыштык талдоосун жүргүзө алышат.
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү ресурстар	«Керемет көч» мультфильмдеги сүрөттөр
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга кайрылат. – Актан кайсы сөздөрдү жазгысы келди? Актан кайсы тыбышты калтырып салды? Бул тыбыш кайда жайгашкан (башында, ортосунда же аягында)? **2-кадам.** Мугалим сап-сап менен А. Кыдыровдун ырын окуйт: ***БУЛ** деген сөзгө **АК**ты кошсом,* *Кадимки эле ...**УЛАК** болду. (булак)* ***Б** ордуна **К** ны койсом,* *Бир кичине К**У...АК** болду. (кулак)* ***К**сын алып таштасам* *Бир заматта **...УЛАК** болду. (улак)* ***УТ**ту кошсом **БУЛ**га* *Пайда болду **БУ...УТ**. (булут)* ***Б**сын алсам бат эле* *Өзгөрдү болуп **У...УТ**. (улут)* ***БУЛ**га кошсом **БУЛ**ду,* *Болуп чыкты **БУЛ...УЛ**. (булбул)* ***Б** ордуна **Д**ны койсоң,* *Арыбаган **ДУЛ...УЛ**. (дулдул)* *Улай берсең ушинтип* *Далай сөздү табасың.* *Маанилерин иликтеп* *Көптү билип аласың.* **3-кадам.** Окуучулар мугалим окуган сүйлөмдөрдү угушат, сөздөрдү угуу аркылуу кайсы тыбыштар (тамгалар) калып калганын аныкташат. Хор менен (жекече) калтырылган тыбыштарды жана толугу менен калыптанган сөздөрдү аташат.

Аталышы	ТОГОЛОКТОЛГОН КАР
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • берилген тыбыш катышкан сөздөрдү табышат.
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү ресурстар	Муундар тартылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Кичи топтордогу иш. Көнүгүүнү кичи топтордо өткөрүү сунушталат (4–6 окуучу)
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Окуучулар кичи топторго бөлүнүшүп (3–5 катышуучу), Тегерек болуп турушат. **2-кадам.** Мугалим тыбышты атайт, окуучулар ушул тыбыш катышкан сөздөрдү айтышы керек. Биринчи ойногон окуучу сөздү айтат, экинчи аны кайталайт жана өзүнүкүн кошумчалайт ж. б. Ар бир катышуучу катарды бир сөзгө көбөйтөт, мисалы: [Ж]-тыбышына жай жай, жаз жай, жаз, жылдыз жай, жаз, жылдыз, жарма ж. б. **3-кадам.** Мугалим кырдаалга жараша (топтордогу окуучулардын ишиндеги тынчып калуусу) көнүгүү-оюнду токтотуп, жаңы тыбышты айтып, мисалы [К] тыбышын, оюнду кайра баштайт. **4-кадам.** Мугалим ар бир топтон бир окуучуну сөздөрдүн бардык чынжырчасын айтып берүүнү өтүнөт. Мугалим эң чоң чынжырчаны түзгөн топтун ишин белгилеп кетсе болот.
Үлгү	

Аталышы	КЕРЕКТҮҮ СӨЗДҮ ТАП (1)
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • бир сөздө белгиленген тыбыш менен рифмалашкан тыбышы бар сөздөрдү аныкташат.
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1–2
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү ресурстар	Мугалим багыт берген сөздөр камтылган ырларды даярдайт.
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук, жекече
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим ырдын сабын акыркы сөзүнө басым жасоо менен окуйт. **2-кадам.** Окуучу ырдагы рифмага туура келүү үчүн сунушталган сөздөрдүн бирөөсүн тандашы керек. **3-кадам.** Көнүгүүнүн аягында мугалим бардык окуучуларга активдүүлүгү үчүн ыраазычылык билдирет. **Тиркеме:** Күнүгө жесең танбаган, Жагымдуу, баалуу табылгыс. Крахмалы эзилген, Экинчи жеген – ... *(бал муздак, наныбыз, сабиз)* Кызарып бышкан кезинде, Кыйласынан даамдуу. Байкасаңар базардан, Баарысынан алымдуу. Бүт тамакка кошулат, Витаминдүү, ... *(жемиш, сабиз, жагымдуу)*. *Каныбек Жунушевдин ырларынан*

Аталышы	КЕРЕКТҮҮ СӨЗДҮ ТАП (2)
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • берилген тыбыш катышкан сөздү табышат.
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1–2
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү ресурстар	Мугалим ыр түрүндөгү текстерди жана жооп берүүгө ылайык сөздөрдү даярдайт.
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук, жекече
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим ырды окуйт. Окуучулар мааниси дал келген сөздөрдү тандашат (ырлар Т. Самудиновдун «Ар бакчадан бирден гүл» китебинен алынып адаптацияланды): Чөп ичинде, Дан эгинди курутуп, Кээде салат кейишке. Чырылдаган бул эмне? (ачкыч сөздөр: ЧЫЧКАН, ЧЕГИРТКЕ, КУМУРСКА) Кокуй, үйдөн алыстат Там түбүндө Курулдагын тыйбаса. Курулдаган бул эмне? (ачкыч сөздөр: КОҢУЗ, КЕСКЕЛДИРИК, ЖАРГАНАТ, БАКА) Шире издеген, Назиктигин карасаң, Гүлгө конот ийменип. Дырылдаган бул эмне? (ачкыч сөздөр: ААРЫ, ИЙНЕЛИК, КӨПӨЛӨК) Ким экенин жашырбайт. Конфет сурап басылбайт. Уңулдаган бул эмне? (ачкыч сөздөр: МЫШЫК, ИТ, ЭРКЕ БАЛА)

2-кадам. Мугалим рифмалашкан сөздөрдү тандоону сунуштайт (ырлар К. Жунушевдин «Күн чубак» китебинен алынды):

Тиктесең тоону, бийикти,
Көрөсүң андан ... (кийикти).

Асмандагы жылдызды
Бирден терип санадым.
Жакыныраак болсун деп
Тамга чыгып ... (карадым).

Ойнобойт балдар баткакка,
Кийимдерин булгабай
Жүрүшөт дайыма ... (таптаза).

Ээн талаа, токойдон
Эч кимдин үнү угулбайт.
Кулагым тосо тыңшасам,
Кумурска ичи (курулдайт).

Түшүнөм баарын билемин,
Батинкемеден эң мурда,
Байпагымды... (киемин).

Аталышы	БЕШ МҮНӨТТҮК «ТЫБЫШТАР МЕНЕН ОЮН»
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдөгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт; • берилген тыбыш катышкан сөздөрдү айтышат; • сөздөрдөгү тыбыштар менен «ойношот».
Модуль	Тыбыштык кабыл алуу
Классы	1–2
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	–
Окутууну уюштуруу формасы	Топтук (чоң жана кичи топтор)
«Аттар» оюну	**1-кадам.** Мугалим окуучуларды өздөрүнүн аттарындагы окшош тыбыштарды табуусун өтүнөт. **2-кадам.** Мугалим оюну аттары окшош тыбыштардан турган окуучуларды чакырат. Мисалы, *Асель, Азамат, Асылбек, Айнура, Алексей, Аяна.* Аларды өзүлөрүнүн аттарын үн чыгарып айтуусун өтүнгүшөт. Окуучулардын аттарынын бардыгы бир эле тыбыштан башталып жаткандыгына көңүл бурат (тамганы эмес, тыбышты айтуу керектигине көңүл бургула, бул мисалдагыдай [А]). Мына ушуну эле башка окуучулардын тобу менен кайталайт. Мисалы, *Бакыт, Баяна, Бактыгуль, Болот, Борис, Бэлла.* Бул көнүгүүнү тыбыштарды жана кийинчерээк тамгаларды үйрөнүүдө пайдаланса жакшы.
«Сөздөр» оюну	Мугалим окуучуларга белгилүү тыбыштан башталган сөздөрдү айтууну сунуштайт. Мисалы *[К] – карга, карагат, кумурска, канат, камчы, кайык.*
«Буюмдар» оюну	Мугалим белгилүү тыбыштардан башталган буюмдардын сүрөтүн таратат (3–4 тыбышты тандаса жакшы). Окуучулардан тыбыштар боюнча кичи топторго бөлүнүүнү (биринчи топ – [А] тыбышы, экинчи [Б] тыбышы ж. б.) өтүнөт жана топтор боюнча бөлүнгөн тыбыштардан башталган буюмдардын сүрөттөрүн тезирээк чогултууну сунуштайт. Андан соң бардык топторду табылган буюмдардын аталыштарын катуу айтууну жана аларды бириктирген тыбышты белгилөөнү сунуштайт.
«Буюмдар менен үч сүрөт» оюну	Мугалим окуучуларга аталыштары бир эле тыбыштан башталган буюмдар менен үч сүрөттү көрсөтөт жана ушул тыбышты хор менен айтууну сунуштайт.
«Артыкча буюмду тап» оюну	Мугалим окуучуларга үч сүрөттү көрсөтөт, эки буюмдун аталышы бир эле тыбыштан, бирөө – башка тыбыштан башталат. Окуучулар «ашыкча» сөздү табышы керек. Мугалим кайталанган тыбышты хор менен айтууну сунуштайт.

«Сыйкырдуу баштык» оюну	Мугалим баштыкка аталышында бирдей тыбыш бар буюмдар тартылган бир нече карточкаларды салат. Беш-алты сөздү алса болот. Ар бир окуучу бир сөздү алып чыгат жана үн чыгарып айтат. Бардык сөздөр көрсөтүлгөндө окуучулар карточкада тартылган бардык буюмдардын аталышында кездешкен бир тыбышты табышат.
«Тыбышты тап» оюну	Мугалим тактага бир белгилүү тыбышты жазат. Мисалы, *И*. белгилүү жомокту, ырды окуйт жана окуп жатканда тактада жазылган тыбышты уккан учурда окуучуларды колун көтөрүүнү сунуштайт.
«Чемодан» оюну	Мугалим чемодандын сүрөтүн сүрөттү көрсөтөт жана окуучулардан алыскы саякатка керек болгон буюмдарды салууну өтүнөт. Бирок бир шарт бар – бардык буюмдар белгилүү тыбыштан башталышы керек. Бул тыбыш жашыруун болуп кала берет. Окуучулар буюмдарды айтышат, бирок чемоданга жашыруун тыбыштан башталган гана буюмдар «түшөт». Бул сөздөр чемодан менен сүрөттүн тегерегине жазылат. Оюндун аягында окуучулар жашыруун тыбышты табышы керек.

Үлгү

Мугалим аткаруу тартибин түшүндүрөт: «Биз саякатка барабыз. Чемоданга аталышы окшош тыбыштан башталган буюмдарды жайгаштырабыз. Төмөндөгү мисалда [С] тыбышынан башталган буюмдарды алабыз. Мисалы, *свитер, сүлгү...*».



7. ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

1. *Ахматов Т., Мукамбаев Ж.* Азыркы кыргыз тили: фонетика, лексика. – Фрунзе: Мектеп, 1978. – 90 б.
2. *Ахматов Т., Өмүралиева С.* Кыргыз тили: фонетика, лексика. – Фрунзе: Мектеп, 1990. 3–118 б.
3. Балдар фольклору «Эл адабияты» сериясынын 20-тому. – Бишкек: Шам, 1998.
4. *Би Х*. Развитие ребенка, 2004.
5. *Джексон Н.* Классный учитель. Как работать с трудными учениками, сложными родителями и получать удовольствие от профессии, 2016.
6. *Жунушев К.* Күн чубак. – Б.: Кутаалам, 2012. – 13-б.
7. Кыргыз балдар поэзиясынын антологиясы. – Фрунзе: Мектеп, 1987.
8. *ЛемовД*. Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей. – М.: «Манн, Иванов и Фербер», 2016. – стр. 321–401.
9. Раз, два, три, четыре, пять – любим всей семьёй читать (на кыргызском, русском языках): Пособие ЮНИСЕФ. – Бишкек: Maxprint, – 2014. – 68 с.
10. *Рахимова М. Р.* Киргизские писатели детям: Хрестоматия. – Фрунзе: Мектеп, 1986.
11. *Самудинов Т.* Ар бакчадан бирден гүл. – Б.: Бийиктик, 2012. – 184 б.
12. *Эльконин Д. Б.* Как научить детей читать. Избранные психологические труды. – М., 1989.
13. *Эсенгулова М. М., Усупова М.* Улучшение навыков чтения у учеников начальных классов. – Бишкек: Maxprint, – 2014. 280 с.
14. *Abbas Pourhossein Gilakjani and Seyedeh Masoumeh Ahmadi.* The Effect of Visual, Auditory, and Kinesthetic Learning Styles on Language Teaching, 2011 International Conference on Social Science and Humanity IPEDR vol.5 (2011) © (2011) IACSIT Press.
15. *Kemba A. N'Namdi*. Guide of teaching reading at primary school level. UNISCO, 2005.
16. Literacy teaching guide: Phonemic awareness, page 11.
17. National Institute for Literacy, the Partnership for Reading. Put Reading first. The Research Building Blocks for Teaching Children to Read.
18. Teaching reading. The Reading teacher. Vol.48, No.6, March 1995, International Reading Association. Hallie Kay Yopp, Reading Aloud books for developing phonemic awareness: an annotated bibliography.

2-модуль

Алфавит менен таанышуу

МАЗМУНУ

1. Киришүү 3
2. Алфавит менен таанышуу 4
3. Алфавит жана окуй алуу менен таанышуу стратегиялары 5
4. Алфавитти билүү аркылуу окуй алууга кантип үйрөтүү керек? 7
    4.1. Окуучулардын маалыматты кабыл алуусунун түрлөрү 7
    4.2. Окуу формалары 12
    4.3. Окууга үйрөтүүдө чыгармачыл мамиле 17
5. Алфавитти билүү жана окуй алуу жөндөмүн баалоо 21
6. Алфавитти үйрөтүү жана чечмелеп окуу боюнча көнүгүүлөр 29
7. Пайдаланылган адабияттар 60
8. Тиркемелер 61

1. КИРИШҮҮ

Азыркы учурда окууга үйрөтүү тыбыштык усул менен ишке ашырылат. Бул усулда окууга үйрөтүү жандуу кептин тыбышын изилдөөдөн башталат, андан соң тыбыштардан тамгаларга өтөт. Бул, биринчиден, тамга – жалпыланган графикалык белги, экинчиден, алфавиттерде тамгалар бир нече тыбыштык маанига ээ болгону менен түшүндүрүлөт. Тыбыш тамганы эмес, тамга тыбышты билдирүү үчүн кызмат кылат. Тыбыштык усулду пайдалануунда адегенде сөздүн тыбыштык курамы талданат, андан соң алынган тыбыштардан баштапкы сөз куралат. Мына ошентип, окуучулар байланыштуу кеп сүйлөмдөргө, сөздөргө, тыбыштарга бөлүнгөнүн үйрөнүшөт. Окуучулар аларды алмаштырышат, алышат, кошушат, башкача айтканда, тыбыштар менен ойноо (манипуляция) процесси жүрүп, белгилүү көндүмдөрү калыптанат. Андан соң кийинки баскыч – бул алфавитти түзгөн тамгалардын графикалык сүрөтү менен таанышуу. Окуучулар тыбыштар жана тамгалардын мамилелештиги боюнча жетиштүү билимдерди топтошсо, андан кийин муундарды, толук сөздөрдөрдү окууга өтүшөт.

1 Тыбыштарды угам

2 Тыбыштарды жана тамгаларды айкалыштырам

ТАМГАЛАР
көрөбүз, жазабыз жана окуйбуз



3 Тамга менен жазылган тыбыштарды муундарга бириктирем

БА-КА
КО-РОЗ
МУ-РУТ

4 Сөздөрдү окуйм

БАЛ
СОЛ
КУР
ЧАЛ

Окуучуларды тыбыштык кабыл алууга үйрөтүүнү жана алфавит менен таанышууну камтыган окутуунун тыбыштык – тамгалык баскычы – мектепке чейинки курактагы балдарды жана биринчи класстын окуучуларын окутуунун маанилүү баскычы. Ушул баскычта окуучу тыбыштар жана тамгалар менен «ойноп бүтүшү» керек. Ушул оюндарда тамганын тышкы көрүнүшүн эске тутуу процесси тыбыштарды тамгага же тескеринче которуу / окуй алуу боюнча көнүгүүлөр менен байланышта жүрүшү зарыл. Ошондуктан бул билгичтиктерди жана көндүмдөрдү автоматикалык түргө жеткирүү керек. Эгер бул баскыч аткарылбай калса, окуучуларда окуу процессинде кыйынчылыктар пайда болот: тыбыш өзүнчө, белги / тамга – өзүнчө.

Бул модулду өздөштүрүүнүн натыйжасында тренингдин катышуучулары:
- алфавитти үйрөтүү тууралуу өзүнүн түшүнүгүн кеңейтишет;
- алфавитти окутуу процессинде кайсы стратегиялар натыйжалуу экендигин билишет;
- алфавитти окутуу боюнча ар түрдүү көнүгүүлөр менен таанышышат.

2. АЛФАВИТ МЕНЕН ТААНЫШУУ

Алфавит менен таанышуу тамгалардын аталышын таануу жана алардын графикалык сүрөтүн үйрөнүүдөн турат. Бул процесс тыбыштык кабыл алууга үйрөтүү сыяктуу эле окууга үч баскычтуу үйрөтүүнүн бөлүгү болуп эсептелет: алиппеге чейин, алиппе (окуй алуу) жана алиппеден кийин.

Алиппеге чейинки мезгил – окуганды үйрөтүүнүн даярдык баскычы, бул процессте окуучулар кеп, тил, сөз, муун, тыбыш, тамга, басым тууралуу билимге ээ болушат. Бул схема муунду, сөздү жана сүйлөмдү жөнөкөй структуралаштырууга жардам берет, анын алдында тыбыштык кабыл алуу (тыбыштарды айырмалоо билгичтиги) боюнча көнүгүүлөр болот. Окуучуларды тыбыштык кабыл алууга үйрөтүү боюнча башталгыч баскычта тыбыштар, андан кийин аларды белгилеген тамгалар окутулат.

Алиппеге чейинки мезгил адатта 3–4 жума окуу жана жазуу сабактарына катарлаш жүрөт. Биринчи окуу сабагында окуучулар тыбыштар менен таанышышат, аларды сөздөрдөн бөлүп карашат, андан соң аны басма тамга менен айкалыштырат, аны окушат. Кийинки сабакта ушул эле тамганын жазуу варианты менен таанышышат. Мектепке чейинки даярдоо программасын өтпөгөн жана таптакыр окуганды билбеген окуучулар ушул баскычты салыштырмалуу узунураак мөөнөттө өтүшөт.

Алиппе мезгили – негизги баскыч. Ушул баскычта окуучулар алфавиттин бардык тамгаларын, тыбыштын жана тамганын туура мамилелештигин, тамганын жана анын графикалык сүрөтүнүн айкалышын үйрөнүшөт. Ошондой эле муундарды окуудан толук сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү окууга өтүү жүрөт. Алиппе мезгилин ***текстти окуй алуу*** (декодирлөө) процесси деп дагы атап коюшат.

Чечмелеп окуй алуу (декодирлөө) – бул жазылган тексттин, ошол эле учурда графикалык символдордун (тамгалар, сөздөр, сүйлөмдөр, тексттер) оозеки кепке которулушун түшүнүү.

Окуучулар тамгаларды окуй алууну өздөштүргөндөн кийин алар муундардын таблицасы же тилкелер боюнча муундарды окууга үйрөнүшөт; адегенде кыска, окшош, андан соң татаалыраак (эки жана көп муундан турган) сөздөрдү, сүйлөмдөрдү жана чоң эмес тексттерди окуу; тамгаларды, муундарды жазууга жана эстеп калууга же үлгү боюнча кээ бир сөздөрдү жазууга үйрөнүшөт.

Алиппеден кийинки мезгил окууну өркүндөтүүдөн жана аны автоматизмге жеткирүүдөн турат. Ушул баскычта окуучулар бардык тыбыштарды эркин, тез жана туура айтышып, бардык тамгаларды билиши зарыл, муундарды таанып жана алардын арасынан басым менен айтылган муунду бөлүп көрсөтүшү керек; негизги орфоэпикалык нормаларды сактоо менен муундап окушуп, жөнөкөй учурларда логикалык басымды жана тынымды жасоо менен жөнөкөй интонацияны сакташып, сөздөрдү түшүнүп, аларды угуу жана көрүү менен кабыл алышып, окуганды түшүнүшү керек.

3. АЛФАВИТ ЖАНА ОКУЙ АЛУУ МЕНЕН ТААНЫШУУ СТРАТЕГИЯЛАРЫ

Биринчи баскычта алфавитти үйрөтүүдө окуучулар тыбыштын тамга менен тең салмактуулугун белгилешет, андан соң муунду окушат жана муунду сөзгө бириктиришет. Кийинки баскычта окуучулар толук сөздү окуу менен, андан тааныш бөлүктү табышат, рифманы же контекст (сүрөт жардамчы контекст катары болушу мүмкүн) боюнча сөздү таанышат. Бул окутуу баскычы сөздүн маанисин түшүнүү жана басымды туура коюу менен тез жана туура окуу менен аяктайт. Окуганды түшүнүү аракетинин тууралыгын көзөмөлдөө ыкмасы болуп эсептелет: эгер окуучу сөздү түшүнсө, демек, окуу туура болгон. Төмөндөгү таблицада окуй алуунун стратегиялары /баскычтары сунушталган. Алар сөзсүз эле ырааттуу пайдаланылбайт. Мисалы, топтоштуруу (синтез), талдоо (анализ), сөздүн тааныш бөлүктөрү боюнча окуу жана контекстти пайдалануу аркылуу орундарын алмаштырышы мүмкүн.

Стратегиялар/ баскычтар	Аныктама	Мисалдар
Топтоштуруу (синтез)	Тамгалар менен таанышуу.	Тыбыштардан толук сөздү оозеки кураштыруу
	Тамга менен тыбыштын мамилелештиги.	[б] тыбышы, «бэ» тамгасы
	Тыбыштардан жана тамгалардан муун жана сөз куроо.	Мисал: [м]-[е]-[к]-[т]-[е]-[п] – мектеп
	Сөздү муундарга ажыратуу.	ча-ка, жа-ка, жө-жө, ка-ра-гат
Талдоо (анализ)	Рифмалашкан сөздөрдү табуу жана түзүү.	Рифмалаштырган сөздөрдү аныктоо **Мисал**: *көз – каз, ийнелик – ийменип*
	Эки же андан көп муундан турган сөздөрдү табуу.	Адегенде бир-эки муундан, андан соң көп муундан турган сөздөр **Мисал**: нан, ба-ла, мек-теп, чы-па-лак, те-гир-мен
	Мүчөлөрдү пайдалануу менен сөздөрдү куроо.	**Мисал**: *шаар, шаар-дык, шаар-га, шаар-дык-тар, шаар-лар-дан* апа, апа**ма**, апам**ды**, апа**ларга**; апа**лар**

Стратегиялар/ баскычтар	Аныктама	Мисалдар
Контекстуали-зация	Сөздү таануу үчүн контексти пайдалануу. **КОЁН**	• Сөздү автоматтык түрдө окуй алуу үчүн тема жана текст жөнүндө билимдерди пайдалануу • Сөздү автоматтык түрдө окуй алуу үчүн сүйлөмдүн түзүлүшү жөнүндө билимдерди пайдалануу • Сөздү автоматтык түрдө окуй алуу үчүн тексттеги маалыматты пайдалануу • Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн, тилдин түзүлүшүн жана тексттеги багыттама жардамды (подсказка) пайдалануу
Сөздү жазуу	Тамгаларды жазуу формасына которуу.	Сөздөрдү тамгалардын жардамы менен жазуу **Мисал**: **КУМУРСКА**
Сөздөрдү авто-маттык түрдө таануу	Сөздү тез жана автоматтык түрдө аныктоо / таануу.	Рифмалаштырган сөздөрдү аныктоо Сөздү таануу / аныктоо Туура окуу

4. АЛФАВИТТИ БИЛҮҮ АРКЫЛУУ ОКУЙ АЛУУГА КАНТИП ҮЙРӨТҮҮ КЕРЕК?

Окуганга үйрөтүүнүн башталгыч баскычы – алфавит жана окуй алуу менен таанышуу ийгиликтүү өтүшү үчүн мугалим окуучуларда кабыл алуунун кайсы түрү үстөмдүк кыларын билүүсү маанилүү. Ага байланыштуу, окуунун бир формасынан экинчи формасына баскыч-баскыч менен өтүп, ар түрдүү окутуу ыкмаларын пайдалануу керек. Бул окуучуларга окуу техникасын ишенимдүү өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Алфавит менен таанышуу баскычында окуу сабактарынын маанилүү негизи – чыгармачылык менен мамиле кылуу.

4.1. ОКУУЧУЛАРДЫН МААЛЫМАТТЫ КАБЫЛ АЛУУСУНУН ТҮРЛӨРҮ

Ар бир бала уникалдуу, ар түрдүү жөндөмдүүлүктөргө ээ, маалыматты өз алдынча кабыл алып, иштеп чыгат. Окуганга үйрөтүүнүн натыйжалуулугун өнүктүрүүдө окуучулардын угуу аркылуу, сөз аркылуу, көрүү аркылуу, кыймыл аркылуу жана логикалык, сынчыл ой-жүгүртүү сыяктуу кабыл алуу түрлөрүнө багытталган окутуу ыкмаларын колдонуу сунушталат. Сабакта мугалим кабыл алуунун бардык каналдарын (көрүү, угуу, аналитикалык жана кинестетикалык) пайдалануу менен балдарга маалыматты сунуштаса, ошондо алардын ар биринде ал маалыматты өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү пайда болот. Эгер мугалим окуучу кайсы категорияга тиешелүү экендигин билсе, алар менен мамиле түзүү, көнүгүүлөрдү жана тапшырмаларды тандоо, окуунун керектүү көндүмдөрүнүн өнүгүүсүн баалоо жеңил болот.

Маалыматты кабыл алуу түрлөрү

Класстагы ар түрдүү тапшырмаларды аткарууда тамгаларды көрсөтүү үчүн дененин кыймылын, муундарды жана сөздөрдү куроо үчүн магниттүү тамгаларды пайдаланууну, тамгаларды манжалар же калем менен абада кыймыл менен жазууну байкоону, кумда тамгаларды жазуу үчүн таяктын, тактада бордун, компьютердин же интерактивдүү тактанын жардамы менен, кагазга калем менен, ак тактага маркер менен, тексттерди түзүү жана сөздөрдү куроо үчүн кагаздын барагын жана тамгаларды жасоо, кесүү жана сүрөт тартууну пайдаланууну камтышы мүмкүн. Төмөндөгү таблицада окуучулардын кабыл алуусунун белгилүү болгон түрлөрүн эске алуу менен түзүлгөн тапшырмалардын тизмеси келтирилген.

Малыматты кабыл алуу түрлөрү

Кабыл алуунун ушул түрү үстөмдүк кылган окуучулар үчүн окууга үйрөнүүнүн кандай тапшырмалары көбүрөөк натыйжалуу?

Көрүү (визуалдык)

Окуучуда көрүү аркылуу кабыл алуусу үстөмдүк кылат, ал сүрөтү жакшы тартылган материалды тезирээк кабыл алат, байкоо жүргүзүү жолу аркылуу көндүмдөрүн жеңил калыптандырат. Топтогу иштерге караганда жекече тапшырмалардын жыйынтыктары жакшыраак.

- ✓ Иллюстрацияларды, сүрөттөрдү, карточкаларды, фотосүрөттөрдү, мультимедиялык технологияларды жана башка визуалдык материалды пайдалануу. Кабыл алуунун мындай түрү өнүккөн окуучуларга материалды өздөштүрүү убагында сүрөттөрүн тартууну суранса болот.
- ✓ «Жашырылган тамга», «Тамганы тап», «Сыйкырдуу тамгалар», «Буюмдардын аталышы кайсы тамгадан башталат?» ж. б. көнүгүүлөрү «Алфавитти билүү аркылуу окуй алууга үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүгүндө.

Угуу (вербалдык)

Окуучу маалыматты угуу аркылуу кабыл алат, сөз материалдарын жакшы эстеп калат. Ал эмне жасап жатканына комментарий берүү натыйжалуу көндүмдөргө ээ болууга түрткү болот. Мындай окуучуга тыбыштарды чыгарып, эриндерин кыймылдатып эстеп калуу процессинде эскертүү бербегенге аракеттенүү керек – ал тапшырманы ушундай шартта жеңил аткарат.

Кабыл алуунун мындай түрү өнүккөн окуучуларга үн чыгарып окууга, сүйлөшүүгө, комментарий берүүгө карата тапшырмаларды колдонуу. Аудиоматериал менен иштөө маалыматты жакшы кабыл алууга жардам берет.

Мындай балдарга үндү өзгөртүү менен көнүгүүлөрдүн түрлөрүн (катуу чыгаруу, тыным, бийиктиги), кептин ритмин ымдоолор менен чагылдырууну колдонуу сунушталат.

«Дөңчөлөр», «Муундук таблицалар», «Татаал муун», «Сөздө канча муун бар?» ж. б. көнүгүүлөрү «Алфавитти билүү аркылуу окуй алууга үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүгүндө.

Кыймыл (кинестетикалык)



Маалыматтын көпчүлүк бөлүгүн сезим аркылуу (жыт билүү, сезүү) жана кыймылдын жардамы менен кабыл алган окуучулар. Кабыл алуусу ушундай болгон окуучу эмоция аркылуу маалыматты кармап көрүшү, сезиши, өткөрүшү керек. Мындай окуучулар үчүн кармоо, кыймыл, сезимдер маанилүү, ал маалыматты ишмердүүлүк процессинде жакшыраак эстеп калат. Окуучу алаксыбаш үчүн ага сабактарда активдүү ролду ойноого мүмкүнчүлүк берүү керек.

Кыймыл аркылуу кабыл алуусу үстөмдүк кылган окуучу үчүн тапшырмалар кыймылды, оюндарды, денелик көнүгүүлөрдү, бий жана музыканы, колдор менен иштөөнү, кагаздан, пластилинден жана башка материалдардан бир нерселерди жасоону, аракеттердин театрализациясын камтышы керек. Жаңы билимдерди сезимдер, образдуу ой жүгүртүү, чыгармачылык менен байланыштыруу зарыл.

Мындай окуучуну көп убакытка чейин кыймылсыз отургузса болбойт: ага мотордук кыймылдоо мүмкүнчүлүгүн (борго, журналга баруу, тактага жазуу, үйдөн – башка бөлмөгө барып келүү ж. б.) берүү керек; материалды кыймылдоо учурунда эстеп калуу ал үчүн жеңил: «Кыймыл менен «Ф» тамгасын көрсөт, «Ш» тамгасынын астына тур, эгер сөздө [С] тыбышын уксаң отурсаң болот».

«Тамганы көрсөт», «Дамдуу тамак бышырабыз!», «Өзүңдүн тамгаңды тап», ж. б. көнүгүүлөрү «Алфавитти билүү аркылуу окуй алууга үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүгүндө.

Логикалык

Бул типтеги окуучу маалыматты негизинен логикалык аңдап-түшүнүү аркылуу, сандардын, белгилердин, логикалык жүйөлөрдүн жардамы менен кабыл алат. Психологдор маалыматты кабыл алуунун ушул тибин мүнөздөө менен *математик, сынчыл ой жүгүрткөн, логик, баалоочу* терминдерин мисал келтиришет.

Бул типтеги балдар үчүн логикалык түшүндүрмө жана далилдик негиз абдан маанилүү. Окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсү үчүн төмөнкү көнүгүүлөр пайдалуу жана натыйжалуу: эксперименттер, пазлдар, баш катырмалар, изилдөөлөр, баалоо, графика.

«Гезит», «Кубик», «Кроссворд», ж. б. көнүгүүлөрү «Алфавитти билүү аркылуу окуй алууга үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүгүндө.

4.2. ОКУУ ФОРМАЛАРЫ

Окуунун төмөнкүдөй ар түрдүү формалары бар: үлгүлүү, биргелешип, башкарып жана өз алдынча окуу. Окуй алууга үйрөтүүдө окуунун бир формасынан башкасына баскычтуу өтүү натыйжалуу. Биринчи баскычта мугалим үлгүлүү окууну көрсөтөт, бул окуучулар туура жана көркөм окуу менен таанышуу үчүн маанилүү. Андан соң мугалим жана окуучулар бирге окушат. Ал окуучуларга мугалимди ээрчүү менен окуганды практикалоого мүмкүнчүлүк берет. Кийинки баскычта – окуучу мугалимдин колдоосу менен өзү окуганга аракет кылат. Эң аягында, акыркы баскычта окуучу өз алдынча окууга өтөт.

Окуу формалары

Окуу формалары	Баяндалышы
Үлгүлүү окуу	**Үлгүлүү окууда** мугалим текстти үн чыгарып окуп берет. Мугалим тарабынан үн чыгарып окуу туура окуунун модели болушу керек. Ушул учурда ал окуу көндүмүн калыптандырууда окутуунун бирден бир маанилүү ыкмасы болуп саналат, себеби туура, көркөм окууну угуу аркылуу окуучулар тыбыштарды туура айтууну өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Ошол эле учурда белгилүү шарттарда (талкуулоо, комментарий берүү) үн чыгарып окуу окуучуларга окуганын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар мугалимдин текстти үн чыгарып көркөм окуусун рахат алып угушат. Дагы бир нерсе маанилүү: Мугалим сабак үчүн керек, окуучулар үчүн тандалган чыгарманы же анын бир бөлүгүн төмөнкү ыкмаларды пайдалануу менен окушу мүмкүн: – салттык окуу: мугалим окуйт, балдар угушат; – окууга үйрөтүүнүн интерактивдүү ыкмалары: окуу учурунда мугалим окуучуларга суроо берет, окуучулар жооп беришет. Текстти жана анын сүрөттөрүн талдоо сунушталат; – тыным менен окуу: мугалим биринчи бөлүгүн окуйт, токтойт жана окулган бөлүгү тууралуу окуучулар менен сүйлөшөт: «кийинки бөлүктө каарман кандай окуяларга кездешет же чыгармадагы сюжет кантип өнүгөт?» Окуучулар текстке таянып, окуянын өнүгүшүнүн ар кандай варианттарын сунуштап божомолдошот; – «чоң китептерди» (кооздолгон чоң көлөмдөгү китептер) окуу. Үн чыгарып окуу үчүн китепти же текстти тандоо өтө маанилүү болуп эсептелет. Бул мугалим окуучулар менен талкуулай турган окуя /кубулуш сабактын темасы менен байланышкан окуу китебиндеги же башка булактагы текст болушу мүмкүн.

Сабакта үн чыгарып окууну уюштуруу боюнча сунуштар:

- ✓ Класста китепти окугандан мурун, тааныш эмес сөздөрдүн маанисин тактоо үчүн аны сабакка чейин окугула.
- ✓ Класста текстти угуу үчүн ыңгайлуу жана жагымдуу жагдайды (окуучулардын маанайын көтөрүү, активдүү угууга шыктандыруу) түзгүлө.
- ✓ Текстти окуганга чейин окуучуларды чогуу китептин мукабасын карап, бул китеп эмне жөнүндө экендигин табууга аракет кылууну сурангыла.
- ✓ Авторду жана китептин сүрөтчүсүн тааныштырып, китептин үстүнөн жазуучулар дагы, сүрөтчүлөр дагы иштешерин айткыла.
- ✓ Окуучулар сүрөттөрдү көрүшү керек, ошондуктан китептеги сүрөттөр класстагы бардык окуучуларга жакшы көрүнүп жатканына байкоо жүргүзгүлө.

- ✓ Китепти окуганга ыңгайлуу болгудай кармагыла.
- ✓ Окуганда китепке кылдат мамилени көрсөткүлө (аны тыкан пайдалануу, мукабасын жана бетин бүктөбөстөн, китепти ачык алаканда кармоо, кооз чөп катты (закладка) пайдалануу).
- ✓ Окуу процессинде окуучуларды чыгарманы түшүнүүгө тартуу үчүн эмоцияларда, дененин тилинде, жаңсоодо, интонацияда өзгөртүүлөрдү пайдалануу керек.

- ✓ Эгер мүмкүн болсо, кыймылдарды көрсөтүү, тыбыштарды айтуу, сөздөрдү же сүйлөмдөрдү кайталоону сунуштоо менен окуучуларды чыгарманын жүрүшүнө тартуу зарыл. Мугалим окуучуларга окуп жаткан окуяны ой менен «көрүүгө» жардам бериши керек. Визуалдык бөлүкчөсүнө күнт койгон окуучуларды окугандын маанисин түшүнүү үчүн визуалдык багыттама жардамды пайдалануу үйрөткүлө.
- ✓ Окуучуларга көрөгөч байкоочу болууга жардам берүү үчүн талкуулоо сүрөттөрүндө бөлүкчөлөрүн жана каармандардын мүнөздөмөлөрүнүн элементтерин көрсөтүү зарыл.
- ✓ Окуучуларга китептин идеясын гана эмес, тыбыштарды, жыттарды, даамды, денелик сезимдерди жана эмоцияларды айтууга жана элестетүүгө жардам берүү маанилүү. Бул чыгарманын негизги оюн түшүнүүгө жардам берет. Мисалы, ылайыктуу үзүндүлөрдөн токтоп, окуучулардан сураса болот: «Силер кандай деп ойлойсуңар, каарман эмнени сезип жатат? Каармандар кандай тыбыштарды угушту? Алар кандай жыттарды сезишти?»

Биргелешип окуу

Биргелешип окуу окуй алуунун стратегияларын пайдалануу менен мугалимге жана окуучуларга бирге окуганды түшүнүү жана сөздөрдүн маанисинин үстүндө иштөөгө мүмкүнчүлүктү берет. Окуунун бул түрү окуучулардын окурман катары өзүнүн баа берүүсүн жана окууга кызыгуусун жогорулатууга түрткү болот. Мугалим текстти окууга тартуу менен окуучуну өзүнүн артынан «алып жүргөнсүйт».

Биргелешип окуу процессинде текст класстын бардыгына көрүнүп турушу же ар бир окуучуда болушу маанилүү. Окуу текстин бөлүктөрү боюнча (сүйлөмдөр, фразалар, чоң эмес абзац) окугандын маңызын аныктоо менен өткөрүлөт.

Биргелешип окуу окуучуларга алар өз алдынча азырынча окуй ала албаганды окууга мүмкүнчүлүк берет. Мугалимдин колдоосу менен, алар текстти өз алдынча окугандай ийгиликтүү окушат. Биргелешип окуу оозеки жана жазуу тил ортосундагы мамилелештикти өздөштүрүүгө жардам берет, себеби окуу процессинде тыбыштык кабыл алуу жана алфавит менен тааныштыгында сөздү, сүйлөмдү жана текстти окуганын түшүнүүсүн жогорулатат.

Башкарып окуу

Башкарып окуу окуунун ар түрдүү стратегияларын пайдалануу менен, текст кантип окулушу керектигин түшүнүү жана окуу, талкуулоону камтуу менен окуучуларды окуганга демилгелейт. Ушул баскычта окуучулар мугалимдин жардамы менен окушат.

Мугалим окуу көндүмү бирдей деңгээлде өнүккөн окуучулардын чоң эмес тобу менен иштейт. Ал окуй турган текст менен окуучуларды алдын ала тааныштырат. Ар бир окуучу тексттин баарын же анын кээ бир анын бөлүктөрүн окуйт. Окуганда мугалим окуучуларга жардам берет, аларды демилгелейт жана тигил же бул окуу стратегияларын тандоосун колдойт. Окуу учурунда окуучулар жаңы сөздөрдү жана алардын маанисин табышат, үн чыгарып талкуулашат жана окуганды жакшы түшүнүү үчүн текстти кайра окушат.

Өз алдынча окуу

Өз алдынча окуу тандалган текстти өздөштүргөн окуу стратегиясын пайдалануу менен окуучулардын өзүлөрүнүн окуусун билдирет. Үн чыгарып окууга үйрөнүү, андан соң акырындык менен «ичтен» окууга өтүү маанилүү.

Мына ошентип, үн чыгырып окуу акырындык менен «ичтен» же үн чыгарбай окуу деп аталган окуу менен алмашат. Мындай окуу абдан маанилүү болуп эсептелинет, «ичтен» окууну өздөштүрүү менен, окуучу маалыматтын көп санын алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот, себеби «ичтен» окуунун ылдамдыгы көндүмдү калыптандыруунун мурунку тепкичтериндеги окуу ылдамдыгынан бийик.

Класстагы окуучулардын «ичтен» окуусу алардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө багытталган. Сабакта окуучуларга текст менен өз алдынча таанышуу үчүн окуу тапшырмаларынын чоң комплекси сунушталат.

«Ар бир калыптанган көндүмдү, экинчи тилди өздөштүрүүдө да, музыкалык аспапта ойноодо да же китеп окууда болобу, практикалоо керек. Биз бул көндүмдү пайдалануу канчалык практикаласак, ошончолук аны жакшы аткарабыз»[1].

Класста өз алдынча окууну же «ичтен» окууну уюштуруу менен, мугалим төмөнкүлөрдү эске алышы керек:

– текст же китеп окуучулардын деңгээлине (курактык, психологиялык факторлор, тил ж. б.) ылайык келиши;
– тексттердин /китептердин типтеринин ар түрдүүлүгү, окуучулардын тигил же бул текст же китепти окуу мотивациясы;
– тексттин/ китептин сабактын максат жана милдеттерине дал келиши;
– берилген өз алдынча окуу материалын өздөштүрүү үчүн сабакта жеткиликтүү убакыттын болушу.

«Ичтен» окууну окуу сабактарында гана эмес, башка дагы сабактарда дагы практикаласа пайдалуу. Бирок окуучулар класстагы өз алдынча окууну милдет катары кабыл албастан аны жагымдуу убакыт өткөрүү катары мамиле жасашына, окуганда калыптанган окуу көндүмүн колдонуу мүмкүнчүлүгүнөн канааттануу алуу катары кабыл алуусуна аракет кылуу керек. Андан сырткары, класстан тышкары: үйдө же китепканада окуучулардын китептерди өз алдынча окуусу маанилүү ролду ойнойт.

Текст менен жекече иштөөнүн бир формасы болуп **калем сапты же калемди пайдалануу менен окуу** эсептелинет.

Окуучулар бул учурда окуп жаткан китебиндеги сапты калем сап же калем менен салмактуу жылдыруу аркылуу алардын учу кайсы жерде турса, ошол жерге көңүл бурушат. Калем же калем сап көңүлдү топтоо үчүн жардам берет.

---

[1] Mary Jo Fresch, Strategies for Effective Balanced Literacy. USA, 2010.

4.3. ОКУУГА ҮЙРӨТҮҮДӨ ЧЫГАРМАЧЫЛ МАМИЛЕ

Окууга үйрөтүү, өзгөчө биринчи баскычында – бул татаал процесс, ошондуктан чыгармачыл көнүгүүлөрдү пайдалануу натыйжалуу багыт болуп эсептелинет. Образдуу ой жүгүртүүгө жана дене мүчөлөрүн пайдаланууга тапшырмалар алып жаткан маалыматтын керектүү көлөмүн окуучулардын эсинде кармап турууга мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар тамгаларга жеңил «жан киргизишет» жана сунушталган көнүгүүлөрдү кубануу менен аткарышат.

«Ү» тамгасы үй, ал эми «Ч» – чыйпылдаган чымчык болушу мүмкүн, окуучулар өзүнүн дене мүчөлөрү менен тамгаларды «жазышат» же окуучулардын тобу дене мүчөлөрү менен тамгаларды «курушат».

Мугалим окуучуларга полдогу тамгалардын үстүнөн басууну сунуштайт. Ушундай образдарды түзүү менен, окуучулар тамгалардын көп санын жеңил эстеп калышат жана андан кийин кызыгуу менен окушат. Ушундай көнүгүүлөрдү аткаруунун жыйынтыгында, көңүл буруу алгылыктуу жакшырат, үй тапшырмаларын аткаруу убактысы кыскарат.

КАРТА ИСТОР
НАЧАЛО
СЕРЕДИНА
КАРТА ИС
НАЧАЛО

Чыгармачыл ыкманын мисалы катары **«манжалар оюнун»** пайдаланса болот. **«Манжалар оюну»** майда моториканын активдүүлүгү менен байланыштуу, ал окуучулардын акыл-эсинин жана кебинин өнүгүүсүнө таасир этет. Мындай оюндарды окуучулар оңой эле аткарышат, себеби алардын негизинде оюн ишмердүүлүгү жатат. **«Манжалар оюну»** сабак учурунда, тапшырмалардын ортосунда окуучуларга эс алып алууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Окуучуларга абада тамганы тартуу жана анын тыбышын үн чыгарып айтуу; тамганы пластилинден жасоо жана анын тыбышын айтуу; кагаздын барактарын айрып тамганы жасоо жана анын тыбышын айтуу; кумда, топуракта тамганы кол менен тартуу жана анын тыбышын айтуу; манжалардан «Л», «А», «О», «Ш» тамгаларын түзүү жана алардын тыбышын айтуу; жиптин жардамы менен кагазга тамганы тартуу жана анын тыбышын айтуу ж. б. сунушталынат.

Көпчүлүк мугалимдер алфавит менен иштөө үчүн пайдалуу ресурс катары буюмдардын сүрөтү тартылган карточкаларды эсептешет. Мындай карточкалардын жардамы менен көптөгөн көнүгүүлөр өткөрүлөт. Кичи топтордо, жупта же бир окуучу менен жекече иштөөдө кичинекей көлөмдөгү карточкаларды пайдаланса болот. Карточкалардын көлөмү топтун санына жараша даярдалат.

Карточкаларды пайдалануу мисалы

Мугалим окуучуларга чоң көлөмдөгү карточканы көрсөтөт (колунда кармап турат же тактага бекитет). Андан соң окуучуларга суроолорду берет, тапшырмаларды сунуштайт жана кайсы көндүмдөрүн өнүктүрүү керектигине жараша окуучулардын аналитикалык ишмердүүлүгүнө багыт берет:

- Бул сөздө канча тамга жана канча муун бар?
- Сөздү муунга ажыраткыла.
- Ушул эле муундан башталган башка сөздү атагыла.
- Бирдей сандагы тыбыштары/муундары бар сөздү тапкыла.
- Ушул эле тыбыш /ушул эле тамгадан башталган сөздөрдү /сөздү тапкыла.
- Ушул сөз менен рифмалашкан сөздү (эгер бар болсо) тапкыла.
- Бир тыбышка /муунга көп /аз сөздү тапкыла.

5. АЛФАВИТТИ БИЛҮҮ ЖАНА ОКУЙ АЛУУ ЖӨНДӨМҮН БААЛОО

Алфавитти билүү жана чечмелеп окуй алуу көндүмдөрү тыбыштык кабыл алуу менен өз ара байланышта: тилдин түзүлүшүн жана биз айткан сөздөр өзүнчө тыбыштардан турарын жакшы түшүнүү окуучуларга тыбыштын тамга менен байланыштырууну жана тамгаларды сөздөргө бириктирүүнү жеңилдетет.

Андан сырткары, чечмелеп окуй алуу дагы башка татаалыраак көндүмдөр менен байланышта: окуучу сөздү чечмелеп окуй алган учурда, ал ошол эле убакта анын маанисин жана контекстин ойлойт. Мына ошентип, текстти окууга үйрөтүүнүн ушул баскычы оозеки кепти угуп кабыл алуудан жазылган тексттеги тамгаларды кабыл алууга «көпүрө» болуп эсептелинет.

Алфавитти билүү жана чечмелеп окуй алуу жөндөмүн баалоо үчүн тесттердин орчундуу көпчүлүгүн биринчи класстын биринчи жарым жылдыгында өткөрүү сунушталат; кийинчерээк аларды ушул жөндөмдөрдү үйрөнүүдө кыйынчылыктар менен кездешкен окуучуларга өткөрсө болот.

1-БААЛОО. СӨЗДӨГҮ БИРИНЧИ ТАМГАНЫ ТААНУУ

Алфавитти билүү

Деңгээл: 1-класс. Биринчи жарым жылдык (алфавитти үйрөнүүдө кыйынчылыктар менен кездешкен окуучулар үчүн кечирээк өткөрсө болот).

Баяндоо

Тест сүрөттөрдөн жана тамгалар жазылган таблицадан турат. Окуучуларга сүрөттө тартылган буюмдун аталышынын биринчи тамгасын тандоо сунушталат. Тестти бардык класс үчүн же окуучулардын тобу үчүн бир эле убакта өткөрсө болот.

Баалоону кантип өткөрсө болот?

Мугалим окуучуларга тесттин тапшырмасын таратат жана иштин максатын жана ыкмасын түшүндүрөт: «Бул чакан тест сүрөттө тартылган буюмдун аталышынын биринчи тамгасын таба аларыңарды текшерет. Эң жогорку катарды карагыла. Сүрөттө балта тартылган, ал эми жанында – катар менен үч тамга. «Балта» сөзү «Б» тамгасынан башталат, ал тегерек менен белгиленген. Бул туура жооп. Андан ары ар бир катардан ушуну эле аткаруу керек: сүрөттө тартылган буюмдун аталышы башталган тамганы тегерек менен белгилөө керек.

Жыйынтыктарды баалоо

Эгерде окуучу 10 суроонун ичинен 8 суроого туура жооп берсе, бул анын сөздөгү биринчи тамганы таануу көндүмү жеткиликтүү даражада калыптанганын билдирет. Туура жооптору 7 жана андан аз болсо, бул көндүмдүн үстүндө мындан ары дагы иштөө керек экендигин билдирет.

Көндүм: Биринчи тамганы аныктоо **Мөөнөтү**:_____ **Упай**: _____/10

Фамилиясы, аты _____

Мисал		Д	Ү	Б
1		О	К	Ч
2		Р	Э	Т
3		Ж	Т	Э
4		Г	У	Т
5		М	О	К
6		А	Ш	К
7		Д	Б	Ү
8		С	Ж	Ө
9		Э	У	П
10		С	Р	К

2-БААЛОО. ЖОК (ОЙЛОП ТАПКАН) СӨЗДӨРДҮ ОКУУ

Чечмелеп окуй алуу

Деңгээл: биринчи класс (тамгалардан сөз кураштырууда кыйынчылыктарга кездешкен окуучулар үчүн кийинчерээк өткөрсө болот).

Баяндоо

Тест таблицадан турат. Анда 20 сөз келтирилген. Мындай сөздөр кыргыз тилинде жок, бирок алар кыргыз тилиндеги тамганын айкашынын негизги эрежелерине ылайык түзүлгөн. Ушул сыяктуу тапшырмалар чечмелеп окуй алуу жөндөмүн таза түрдө өлчөйт, биринчи тамгаларына карап, сөздүн калган бөлүгүн «таап алуу» мүмкүнчүлүгү жоюлат.

Тест ар бир окуучу менен жекече өткөрүлөт; бир эле таблица көп жолу пайдаланылышы мүмкүн, себеби окуучулар анда эч кандай белгилерди коюшпайт.

Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим окуучунун маңдайына отуруп, ага сөздөр менен таблицаны берет жана иштин максатын жана ыкмасын түшүндүрөт:

«Бул тест көңүлдүү: сен кыргыз тилинде жок, ойлоп табылган сөздөрдү окушуң керек. Шашпай оку. Мен баа койбойм, сен ушундай сөздөрдү кантип окуй аларыңды көрүшүм керек».

Окуучу окуп жатканда, мугалим таблицанын көчүрмөсү менен иштейт, андан окуучулар туура эмес окуган сөздөрдү белгилейт. Таблицадагы ар бир сөздүн астында пайдаланган сөз айкашынын тиби көрсөтүлгөн. Мына ошентип, мугалим окуучунун каталарында кандайдыр бир мыйзамченемдүүлүктөрдүн болушун, окуучулар үчүн кайсы муундар жана айкалыштар кыйынчылык менен берилгенин аныктай алат. Таблицанын төмөнкү бөлүгүндө мугалим кайсы муундардын үстүндө окуучулар менен кошумча иш алып баруу керектигин белгилейт.

Баалоону өткөрүүдө мугалим кандайдыр бир визуалдуу жана вербалдуу баа бербеши керек: баш ийкөө, башын чайкоо, «азамат», «ооба», «туура эмес» ж. б. айтуу окуучулардын эмоционалдык абалына жана тестирлөөнүн жыйынтыгына орчундуу таасир этиши мүмкүн.

Жыйынтыктарды баалоо

20 суроонун 16 сына туура жооп берген окуучу чечмелеп окуй алуу жөндөмү жеткиликтүү даражада калыптанганын билдирет. 15 жана андан аз туура жооп ушул жөндөмдүн үстүнөн кошумча иш алып баруу керектигин көрсөтөт.

Эскертүү: Бул таблицада келтирилген сөздөр кыргыз тилинде жок болгондуктан, аларды туура окуунун эрежеси дагы жок.

1.	чөкөп
2.	шыңба
3.	лүпү
4.	камшы
5.	мыкыт
6.	зөкү
7.	үгөө
8.	гон
9.	лусу
10.	оч
11.	сөң
12.	убан
13.	элме
14.	айпа
15.	бүкө
16.	муу
17.	шул
18.	абда
19.	суноп
20.	үлкүт

Көндүм: Ойлоп тапкан (жок) сөздөрдү окуу **Мөөнөтү**:_____ **Упай**: _____/10

	Окуучунун фамилиясы, аты															
1.	чөкөп туюк муун															
2.	шыңба ачык муун															
3.	лүпү ачык муун															
4.	камшы ачык муун															
5.	мыкыт туюк муун															
6.	зөкү ачык муун															
7.	үгөө ачык муун															
8.	гон туюк муун															
9.	лусу ачык муун															
10.	оч жабык муун															
11.	сөң туюк муун															
12.	убан жабык муун															
13.	элме ачык муун															
14.	айпа ачык муун															
15.	бүкө ачык муун															
16.	муу ачык муун															
17.	шул туюк муун															
18.	абда ачык муун															
19.	суноп туюк муун															
20.	үлкүт жабык муун															
	Упайлар:															

3-БААЛОО. ТААНЫШ СӨЗДӨРДҮ ОКУУ

Тамгалардан сөз куроо

Деңгээл: биринчи класс (же тамгалардан сөз куроодо кыйынчылыктарга кездешкен окуучулар үчүн кийинирээк өткөрсө болот).

Баяндоо

Тест окуучуларга тааныш бир же эки муундан турган 20 жөнөкөй сөздөр келтирилген таблицадан турат. Тест ар бир окуучу менен жекече өткөрүлөт. Бир эле таблица көп жолу пайдаланышы мүмкүн, анткени окуучулар эч кандай белгилерди коюшпайт.

Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим окуучунун маңдайына отуруп, ага сөздөр менен таблицаны берет, иштин максатын жана ыкмасын түшүндүрөт:

«Бул жерде сен окуй турган сөздөр жазылган. Шашпай оку. **Сен сөздөрдү туура окуганың маанилүү**, абдан тез окуунун кереги жок. Мен сага баа койбойм, сен мындай сөздөрдү кантип окуй аларыңды гана көрүшүм керек».

Окуучу окуп жатканда, мугалим таблицанын көчүрмөсү менен иштейт жана туура эмес окулган сөздөрдү белгилейт. Таблицадагы ар бир сөздүн астында пайдаланган тамгалардын айкашынын тиби көрсөтүлгөн. Мына ошентип, мугалим окуучунун каталарында кандайдыр бир мыйзам ченемдүүлүктөрдү, окуучулар үчүн кайсы муундар жана айкалыштар кыйынчылык менен берилгенин аныктай алат. Таблицанын төмөнкү бөлүгүндө мугалим кайсы муундарды окуучулар менен кошумча иштөө керектигин белгилейт.

Баалоону өткөрүүдө мугалим кандайдыр бир визуалдуу жана вербалдуу баа бербеши керек: баш ийкөө, башын чайкоо, «азамат», «ооба», «туура эмес» ж. б. айтуу окуучулардын эмоционалдык абалына жана тестирлөөнүн жыйынтыктарына орчундуу таасир этиши мүмкүн.

Жыйынтыктарды баалоо

20 суроонун 16 сына туура жооп берген окуучу тамгалардан муундарды жана жөнөкөй сөздөрдү куроо жөндөмүн жеткиликтүү даражада үйрөнгөнүн билдирет. 15 жана андан аз туура жооп бул жөндөмдүн үстүндө кошумча иш алып баруу керектигин аныктайт.

Эскертүү: Тамгаларды сөздөргө бириктирүү көндүмү окуучулар сөздү толугу менен тааныйт жана ал кепте кандай угулса, ошондой айтат дегенди билдирет. Эгер аны кантип жазылса, ошондой айтса, мугалим өзү үчүн туура эмес айтылган сөз катары белгилейт. Мисалы, «аба» сөзү оозеки кепте [ава] катары угулат. Эгер окуучу «аба» сөзүн [аба] деп окуса, анда ал чечмелеп окуй алуу жөндөмүнө ээ, бирок тамгалардын ушул айкалышынан турган сөздөрдү таануу жөндөмүнө ээ эмес. Бул окуучунун толук сүйлөмдөрдү окууда жана түшүнүүдө кыйналганын билдирет. Тексттерди окууга киришүүдөн мурун чечмелеп окуй алуу жөндөмүн абдан жакшы өздөштүрүү керек. Мугалим ушуга өзү убакыт бөлсө болот же окуучунун ата-энесине үйдөн машыгуу үчүн ылайыктуу көнүгүүлөрдү (чечмелеп окуй алуу, сөз байлыгын көбөйтүү, муундарга ажыратуу ж. б.) сунуштаса болот.

1.	сезүү
2.	мамык
3.	тоо
4.	аары
5.	карагат
6.	эчки
7.	үлүл
8.	жибек
9.	моюн
10.	көлмө
11.	үңкүр
12.	гана
13.	мүйүз
14.	саамай
15.	самын
16.	тил
17.	жеңиш
18.	оңолуу
19.	дөө
20.	чоң

Көндүм: Тааныш сөздөрдү окуу **Мөөнөтү**:_____ **Упай**: _____/20

	Окуучунун фамилиясы, аты															
1.	сезүү ачык муун, созулма үндүү															
2.	мамык туюк муун															
3.	тоо ачык муун, созулма үндүү															
4.	аары ачык муун, созулма үндүү															
5.	карагат туюк муун															
6.	эчки ачык муун															
7.	үлүл жабык муун															
8.	жибек туюк муун															
9.	моюн жабык муун															
10.	көлмө ачык муун															
11.	үңкүр жабык муун															
12.	гана ачык муун															
13.	мүйүз туюк муун															
14.	саамай туюк муун, созулма үндүү															
15.	самын туюк муун															
16.	тил туюк муун															
17.	жеңиш туюк муун															
18.	оңолуу ачык муун, созулма үндүү															
19.	дөө ачык муун, созулма үндүү															
20.	чоң туюк муун															
	Упайлар:															

6. АЛФАВИТТИ ҮЙРӨТҮҮ ЖАНА ЧЕЧМЕЛЕП ОКУУ БОЮНЧА КӨНҮГҮҮЛӨР[1]

Аталышы	ДААМДУУ ТАМАК БЫШЫРАБЫЗ!
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • алфавиттин тамгаларын аташат; • алфавиттеги тамгалардан башталган сөздөрдү табышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Тамгалар жазылган карточкалар (көпкө колдонуш үчүн ламинация жасаса болот)
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим полго тегерек формасында карточкаларды жайгаштырат. Окуучулар тамгаларды тегеректеп турушат жана мугалим «Бышыргыла!» дегенде, баары бирдей «Даамдуу тамак бышырабыз!» деген сүйлөмдү кайталап, тамгаларды айлана башташат. **2-кадам.** Мугалим эскертпестен: «Тамак бышты!» – деп айтат. Эгер мүмкүнчүлүк болсо, мугалим бул көнүгүүнү музыкалык коштоо менен өткөрсө болот. Музыка токтогондо, балдар да токтош керек. **3-кадам.** Ар бир окуучу кайсы жерде токтосо, ошол тамганы алып, ал тамгадан башталган тамакка сала турган азыкты билдирген сөздү аташы керек. **4-кадам.** Бардыгы сөздөрдү айтып бүткөндөн кийин, көнүгүү кайталанат. Көнүгүүнү бир нече жолу аткарса болот. *Эскертүү:* эгер тамгаларды ламинация кылса, анда аларды бир нече жолу пайдаланса болот. Окуучуларды, алар кайсы тамгага токтогонун так көрүү үчүн, тамганы басуусун сурануу керек.

[1] Бул көнүгүүлөр Интернетте ачык жеткиликтүү болгон басылмалардын материалдарына негизделген.

Үлгү

Аталышы	ЖАШЫНГАН ТАМГАЛАР
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тамганын графикалык тартылышын таанышат; • тамгаларды жарым-жартылай тартылышы боюнча аныктай алышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга карточкаларды таратат, карточкаларда тартылган предметтердин артында тамгалар жарым-жартылай жашырылган. **2-кадам.** Окуучулар тамгаларды табышат жана табылган тамгалардын тыбыштарын айтышат. **3-кадам.** Сүрөттүн алдындагы торчолорго окуучулар табылган тамгаларды жазышат.
Үлгү	



Тиркеме 8.2. «Жашынган тамгалар» карточкалары

Аталышы	ТАМГАНЫ ТАП
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тамгаларды алардын графикалык тартылышы боюнча ар түрдүү вариантта (стиль, шрифт, форма, көлөм) аныктай алышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Ар түрдүү стилдерде жазылган тамгалары бар карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим тамгалар ар түрдүү стилдерде жазылган карточкаларды таратат же класстагы окуучулардын баарына көрсөтөт. **2-кадам.** Окуучулар таблицада кайсы тамга тартылганын аныкташат.
Үлгү	

А	О	С	Н
А	О	С	Н
А	О	С	Н
А	О	С	Н
А	О	С	Н

С	Н	М	У
С	Н	М	У
С	Н	М	У
С	Н	М	У
С	Н	М	У

М	У	Т	К
М	У	Т	К
М	У	Т	К
М	У	Т	К
М	У	Т	К

Т	К	Ы	Л
Т	К	Ы	Л
Т	К	Ы	Л
Т	К	Ы	Л
Т	К	Ы	Л

Л	Ы	В	Д
Л	Ы	В	Д
Л	Ы	В	Д
Л	Ы	В	Д
Л	Ы	В	Д

В	Д	П	Р
В	Д	П	Р
В	Д	П	Р
В	Д	П	Р
В	Д	П	Р

П	Р	И	З
П	Р	И	З
П	Р	И	З
П	Р	И	З
П	Р	И	З

А	Н	С	Ы
А	Н	С	Ы
А	Н	С	Ы
А	Н	С	Ы
А	Н	С	Ы

О	М	Ы	Л
О	М	Ы	Л
О	М	Ы	Л
О	М	Ы	Л
О	М	Ы	Л

Тиркеме 8.3. «Ар түрдүү стилдерде жазылган тамгалар» таблицалары

Аталышы	ГЕЗИТ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тааныш эмес тексттеги тамгаларды тааный алышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Каалаган гезит, журнал же текст
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Сабактан күн мурун мугалим окуучуларды гезит, журнал, жарнамалык брошюра, буклет же башка каалагандай басма продукциясын алып келүүсүн өтүнөт. **2-кадам.** Мугалим окуучуларга басма тексттерде «З» жана «Ш» тамгаларын тегеректеп коюуну сунуштайт (тамгалар сабактын планына жараша тандалат). **3-кадам.** Окуучулар тапшырманы өз алдынча же кичи топтордо аткарышат. **4-кадам.** Тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин мугалим окуучуларды аткарган ишин көрсөтүүсүн суранат.
Үлгү	

Аталышы	ТАМГАНЫ ТАБУУ ЖАНА БОЁО
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тамгалардын катарынан ар кандай тамгаларды таанышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Тамгалардын катары берилген таблицалар, түстүү калемдер
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга ыраатсыз жайгаштырылган тамгалар менен таблицаларды таратат. Окуучуларга тамгаларды ылайыктуу түскө боёшун сунуштайт. Мисалы, «а» – кызыл, «б» – көк, «в» – жашыл ж. б. **2-кадам.** Окуучулар нускамага ылайык тапшырманы аткарышат.
Үлгү	

САРЫ	ЖАШЫЛ	КЫЗЫЛ	СЫЯ КӨК	КЫЗГЫЛТ
Г	Д	Е	Ё	Ж

Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е
Г	Е	Е	Е	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Г
Г	Г	Е	Г	Г	Г	Е	Г	Г	Г	Г	Г	Е	Г	Г	Г	Г	Е	Г	Г	Г
Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г
Г	Ж	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Ж	Ж	Г	Ж	Ж	Ж	Г	Ж	Ж	Ж	Г	Г
Г	Ж	Г	Г	Ж	Ж	Г	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Г
Г	Ж	Г	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Ж	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Г
Г	Ж	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Ж	Ж	Г	Ж	Г	Г	Г	Ж	Ж	Ж	Г	Ё
Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Ё	Г
Ё	Г	Ё	Г	Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Г	Г	Ё	Г	Ё	Г	Г	Ё
Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Г	Ё	Г	Ё	Г	Г	Ё
Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Ё	Г	Г	Ё	Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Ё
Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Ё	Г	Ё	Ё	Г	Ё
Ё	Г	Ё	Г	Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Г	Г	Ё
Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г
Г	Г	Г	Д	Г	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Е	Е	Е	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Г
Г	Г	Д	Д	Д	Г	Г	Е	Г	Г	Г	Е	Г	Е	Г	Г	Е	Г	Е	Г	Г
Г	Д	Д	Д	Д	Д	Г	Е	Г	Г	Г	Е	Г	Е	Г	Г	Е	Г	Е	Г	Г
Г	Д	Д	Д	Д	Д	Г	Е	Г	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Г
Г	Г	Г	Д	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Е	Г	Г	Г	Е	Г

КҮРӨҢ	ЖАШЫЛ	КАРА	КЫЗЫЛ	САРЫ
Ь	Э	Ю	Я	А

Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь
Ь	Я	Я	Я	Я	Ь	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Ь
Ь	Я	Э	Я	Я	Я	Ь	Я	Я	Я	А	Я	Я	Я	А	Я	Я	Я	А	Ь
Ь	Э	Э	Э	Я	А	Ь	А	Я	А	А	А	Я	А	А	А	Я	А	А	Ь
Ь	Э	Я	Э	А	А	Ь	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	Ь
Ь	Э	Э	Э	А	А	Ь	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	Ь
Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь
Ь	Э	Э	Э	Э	Э	Ь	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	Ь
Ь	Э	Я	Э	Э	Э	Ь	А	А	А	А	Ю	А	Ю	А	А	А	А	А	Ь
Ь	Э	Э	Э	Я	Э	Ь	А	А	А	А	Ю	Ю	Ю	А	А	А	А	А	Ь
Ь	Э	Э	Э	Э	Э	Ь	А	А	А	А	Ю	Ю	Ю	А	А	А	А	А	Ь
Ь	Э	Э	Э	Я	Э	Ь	Э	А	А	А	А	Ю	А	А	А	А	Ю	А	Ь
Ь	Э	Э	Э	Я	Э	Ь	Э	А	А	А	А	Ю	Ю	Ю	А	А	Ю	Ю	Ь
Ь	Э	Э	Э	Э	Э	Ь	Э	Э	А	А	А	Ю	Ю	Ю	Ю	А	А	Ю	Ь
Ь	Я	Э	Э	Э	Э	Ь	Э	Э	А	А	А	Ю	Ю	Ю	Ю	Ю	А	Ю	Ь
Ь	Э	Э	Э	Я	Э	Ь	Э	Э	А	А	А	Ю	Ю	Ю	Ю	Ю	А	Ю	Ь
Ь	Э	Э	Э	Э	Э	Ь	Э	Э	Э	А	А	Ю	Ю	Ю	Ю	Ю	А	Ю	Ь
Ь	Э	Я	Э	Э	Я	Ь	Э	Э	Э	А	А	Ю	Ю	А	Ю	Ю	А	Ю	Ь
Ь	Э	Э	Э	Э	Э	Ь	Э	Э	Я	Э	Ю	Ю	А	Ю	Ю	Ю	Ю	Ю	Ь
Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь

кызыл	сары кызыл	кара	кызгылт	көк	сыя көк	ак	жашыл	сары
Э	Л	М	Е	Р	2	0	1	5

Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р
Р	Э	Э	Р	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Р	Э	Э	Р	Р	Р	Э	Р	Э	Э	Р
Р	Р	Э	Р	Э	Э	Р	Р	Р	Э	Э	Э	Э	Р	Р	0	Р	Э	Р	Р	Э
Р	Э	Р	Р	Э	Э	Р	Р	Р	Э	Э	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Э	Р	Р	Э
Р	Э	Э	Р	Э	Э	Р	Р	Р	Э	Э	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Э	Р	Э	Э
Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Э	Э	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р
Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	0	0	0	0	0	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р
Р	Р	Р	Р	Р	Р	М	М	5	5	2	2	1	1	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Р
Р	Р	Р	Р	Р	1	Л	Л	Е	Е	М	М	М	1	5	5	2	2	Р	Р	Р
Р	Р	Р	Р	Е	1	Л	Л	Е	Е	М	Л	М	М	5	5	2	2	Е	Р	Р
Р	Р	Р	Р	М	М	Э	Э	1	1	Л	Л	М	М	Е	Е	1	1	Э	Э	Р	Л	Р
Р	Р	Р	Р	М	М	Э	Э	1	1	М	Л	М	М	Е	Е	1	1	Э	Э	2	Л	Р
Р	2	Р	Р	Л	Л	Е	Р	Е	Е	М	М	М	Э	1	1	5	5	М	М	2	Р	Р
Р	2	М	М	Л	Л	Р	Р	Р	Е	5	5	Э	Э	1	1	5	5	М	М	Р	Р	Р
Р	Р	Е	Е	1	Р	Р	Р	Р	Э	Е	Е	М	М	2	2	Э	Э	2	2	Р	Р	Р
Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Э	Е	Е	М	М	2	2	Э	Э	2	2	Р	Р	Р
Р	Р	Р	1	Р	Р	Р	Р	Р	Л	1	1	Р	Р	Р	Р	Р	М	1	1	Р	Р	Р
Р	Р	1	1	1	Р	Р	Р	Р	Л	1	1	Р	Р	Р	Р	Р	М	1	1	Р	Р	Р
Р	1	1	1	1	1	Р	Р	М	М	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Л	Л	Е	Е	Р	Р	Р
Р	Р	Р	Л	Р	Р	Р	Р	М	М	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Л	Л	Е	Е	Р	Р	Р

АК	КЫЗГЫЛТ	КӨК	СЫЯ КӨК	ЖАШЫЛ
Е	Ё	Ж	З	И

И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И
И	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	И
И	Ё	З	Е	Е	Е	Е	Е	Е	З	Е	Е	Е	Е	Е	Е	З	Ё	И
И	Ё	Е	З	Е	Ж	Е	Е	Ж	Ё	Ж	Е	Е	Ж	Е	Ж	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Е	Ж	Ж	Е	Е	Ж	Ё	Ж	Е	Е	Ж	Ж	Е	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Ж	Ж	Ж	Е	Е	Е	Ж	Е	Е	Е	Ж	Ж	Ж	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Е	Е	Е	Ж	Е	Е	Ж	Е	Е	Ж	Е	Е	Е	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Е	Е	Е	Е	З	З	Ё	З	З	Е	Е	Е	Е	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Ж	Ж	Е	Е	З	Ё	Ё	Ё	З	Е	Е	Ж	Ж	Е	Ё	И
И	Ё	З	Ё	Ё	Ж	Ж	Ё	Ё	З	Ё	Ё	Ж	Ж	Ё	Ё	З	Ё	И
И	Ё	Е	Ж	Ж	Е	Е	З	Ё	Ё	Ё	З	Е	Е	Ж	Ж	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Е	Е	Е	Е	З	З	Ё	З	З	Е	Е	Е	Е	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Е	Е	Е	Ж	Е	Е	Ж	Е	Е	Ж	Е	Е	Е	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Ж	Ж	Ж	Е	Е	Е	Ж	Е	Е	Е	Ж	Ж	Ж	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Е	Ж	Ж	Е	Е	Ж	Ё	Ж	Е	Е	Ж	Ж	Е	Е	Ё	И
И	Ё	Е	З	Е	Ж	Е	Е	Ж	Ё	Ж	Е	Е	Ж	Е	З	Е	Ё	И
И	Ё	З	Е	Е	Е	Е	Е	Е	З	Е	Е	Е	Е	Е	Е	З	Ё	И
И	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	И
И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И

Тиркеме 8.4. «Тамганы табуу жана боёо» таблицалар

Аталышы	СЫЙКЫРДУУ ТАМГАЛАР
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тамгаларды сүрөттөн табышат; • тамгаларга байланыштуу сүрөт тартышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Түстүү карандаштар, фломастерлер, боёктор, альбом барактары
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	**1-вариант.** Тапшырманы аткаруу үчүн мугалим окуучуларды кичи топторго бөлөт. Окуучулар ар бир тамганы буюмга же нерсеге окшоштуруп тартышат. **2-вариант.** Мугалим окуучуларга тамгалар менен постерди тартууну сунуштайт. **3-вариант.** Мугалим окуучуларга алфавиттин бир тамгасына байланыштуу бир нерсени жасоону сунуштайт. **4-вариант.** Окуучуларга бир эле тамга менен башталган сөздөрдү колдонуп, сүйлөмдөрдү же чакан текстти түзүү сунушталат. **5-вариант.** «Жашырылган тамгаларды» тартуу: тамгаларды сүрөттөн табуу керек.
Үлгү	

МАНН

Аталышы	БУЮМДАРДЫН АТАЛЫШЫ КАЙСЫ ТАМГАДАН БАШТАЛАТ?
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • берилген (белгиленген) тамгадан башталган буюмдардын аталышын айтышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Ар түрдүү буюмдар, жаныбарлар жана жашылчалар тартылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	Мугалим буюмдар жана жаныбарлар тартылган карточкаларды окуучуларга таратат жана баш тамга боюнча топтоштурууну сунуштайт.
Үлгү	



Тиркеме 8.1. Буюмдар, жаныбарлар, жашылчалардын сүрөттөрү тартылган карточкалар

Аталышы	СӨЗДӨ КАНЧА ТАМГА БАР?
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • алфавиттеги тамгаларды аташат; • сөздөгү тамгалардын санын аныктай алышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Буюмдар, жаныбарлар, жашылчалардын сүрөттөрү тартылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга буюмдар, жаныбарлар, жашылчалардын сүрөттөрү тартылган карточкаларды таратат. Көнүгүүнү жекече, кичи топторго карточкаларды таратуу же бардык класс үчүн карточкаларды тактага илип аткарса болот. **2-кадам.** Окуучулар буюмдардын аталышындагы тамгалардын санын көрсөтүшү керек. **Көңүл бургула!** Мындан ары көнүгүүнү бир муундуу сөздөн эки-үч жана андан көп муундан турган сөздөргө өтүү менен татаалдаштыруу керек.
Үлгү	





Тиркеме 8.1. Буюмдар, жаныбарлар, жашылчалардын сүрөттөрү тартылган карточкалар

Аталышы	ДӨҢЧӨЛӨР
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тыбыштардан жана тамгалардан муундарды курашат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Дөңчөлөрдөн тоголонуп түшүп жаткан муундардын сүрөтү тартылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга муундарды колдору менен жаачадан жылдыруу аркылуу: мисалы, акырындап «дөңчөгө көтөрүлүү менен» үндүүлөрдү үн менен бөлүп көрсөтүп, ал эми – «дөңчөдөн түшүүдө» тез окуу керектигин түшүндүрөт. **2-кадам.** Мугалим муну кантип аткаруу керектигин көрсөтөт. **3-кадам.** Окуучулар мугалимдин бардык аракетин кайталашат (жаачаларды колу менен бойлоо унсуздон үндүүгө өтүп, муундарды жай айтууда жардам берет). **4-кадам.** Окуучулар бир нече жолу мугалим менен бирге «дөңчөгө чыгып-түшүшөт», андан кийин өз алдынча аткарышат.
Үлгү	



Тиркеме 8.10. «Дөңчөлөр» таблицалары

Аталышы	МУУНДУК ТАБЛИЦАЛАР
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тыбыштардан жана тамгалардан муундарды курай алышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Муун жазылган таблицалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга муундук таблицалар үндүү жана үнсүз тыбыштарды кошуп окууга жана тамгаларды тез таап, таанууга жардам берерин түшүндүрөт. Окуучулар окуп жатып, жаача жана четиттерди бойлото колдорун жылдырышат. Жаачалар эки тамганы чогуу иреттүү окуса боло турганын (буга колдун шашпаган кыймылы түрткү болот); чекиттер тамгалардын аталышын кыска окуу керектигин билдирет. Андан соң мугалим окуу үчүн муундук таблицаларды таратат. **2-кадам.** Окуучулар нускамага ылайык муундук таблицаларды окушат. Көнүгүүнү бир нече жолу кайталаса болот. **Көңүл бургула!** Көнүгүү окуучуларга СА, РУ, ТИ сыяктуу муундардагы тыбыштарды бириктирүүнү үйрөнүүдө жардам берет. Бул процессти жеңилдетүү үчүн, окуу материалдарында (сап астындагы жаачалар жана чекиттер) схемалар сыяктуу багыттама жардамдар берилет. Окутуунун мындай ыкмасы окуучуларды «бириктирүү кыйноосунан» арылтат. Бул ыкма эң жөнөкөй жана натыйжалуу. Окуучулар муундардын топтомун дароо эстеп кала алышпайт, ошондуктан аларды бир нече жолу кайталап окуса болот. Ушул жерден артикуляциялык аппараттын кыймылдуулугу иштелип жаткандыгы абдан маанилүү. Окууда кеп органдары канчалык көп иштесе, ошончолук натыйжалуу болот. Андан сырткары, ар түрдүү түзүлүштөгү муундардын тизмегин окуу менен окуучулар татаал даражадагы ар түрдүү сөздөрдү окууга даярданышат.

Үлгү

нады	нына	нона	нуна
какы	кыка	кока	кука
таты	тыта	тота	тута
сасы	сыса	соса	суса
лалы	лыла	лола	лула
мамы	мыма	мома	мума
зазы	зыза	зоза	зуза
дады	дыда	дода	дуда

нан	нын	нон	нун
тат	тыт	тот	тут
сас	сыс	сос	сус
мам	мым	мом	мум
пап	пып	поп	пуп
вав	выв	вов	вув
рар	рыр	рор	рур
баб	быб	боб	буб

нас	тыв	лок	бул
лан	вык	пом	тун
рат	сыл	бон	сум
лар	бым	сот	кур
кам	рыс	рон	пус
дан	мын	тор	дус
зар	гып	зон	гуп

насы	тыва	лода	була
ланы	выка	пога	туна
равы	сыда	бона	сула
лазы	быма	сота	куба
камы	кыса	рова	пуга
дагы	мына	тора	дуса
забы	гыпа	зона	гува

Тиркеме 8.5. Муундук таблицалар

Аталышы	«ТАТААЛ» МУУН
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тыбыштардан жана тамгалардан муундарды курай алышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Төрт сап ырлар жазылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим «татаал» муундар менен карточкаларды окуучуларга таратат жана окуп жатканда манжа же калем менен шашпай жаачаны бойлото жылдыруу керектигин, чекиттерде калемдин же манжалардын кыймылын токтотууга басым жасоо керектигин түшүндүрөт. **2-кадам.** Окуучулар карточкаларда муундарды шыбырап же катуу окуй алышат. Таблицаларды бир нече жолу окуса болот. **Көңүл бургула!** Көнүгүү тыбыштарды окуучуларга СА, РУ, ТИ сыяктуу муундардагы бириктирүүнү үйрөнүүдө жардам берет. окуучуларга жеңилдетүү үчүн берилет. Бул процессти жеңилдетүү үчүн, окуу материалдарында (сап астындагы жаачалар жана чекиттер) схемалар сыяктуу багыттама жардамдар берилет. Көнүгүүнүн маңызы төмөнкүдө: окуп жатып, окуучу жаача жана чекитти бойлото колун жылдырат. Жаачалар окуучуларга эки тамганы чогуу, шашпай (муну колдун шашпаган кыймылы билдирет) окуу керектигин, чекиттер тамгалардын аталышын тез окуусу керектигин көрсөтөт. Окутуунун мындай ыкмасы окуучуларды «бириктирүү кыйноосунан» арылтат. Бул ыкма эң жөнөкөй жана натыйжалуу. Окуучулар муундардын топтомун дароо эстеп кала алышпайт, ошондуктан аларды бир нече жолу кайталап окуса болот. Ушул жерден артикуляциялык аппараттын кыймылдуулугу иштелип жаткандыгы абдан маанилүү. Окууда кеп органдары канчалык көп иштесе, ошончолук натыйжалуу болот. Андан сырткары, ар түрдүү түзүлүштөгү муундардын тизмегин окуу менен окуучулар татаал даражадагы ар түрдүү сөздөрдү окууга даярданышат.

Үлгү

Брам стам кта́ни,
Свон тром ква́ни,
Са́мук ла́мук ра́сы,
Ра́мин са́мин па́сы.

Кайля́ дейля́ вема́йля,
Суля́й куря́й бега́йля,
Завы́й замы́й зарёйвал,
Вуры́й муры́й затёйнал.

Тар быр ро́ка,
Мур тур до́ка,
Ба́ры сы́ры но́да,
На́ды мы́ры бо́да.

Гис зин ви́ги,
Кин лин ри́ги,
Ги́зи би зигу́ми,
Зи́ти ги бизу́ми.

Ре́ти ве́ки ре́пики,
Де́ли гре́ви бе́лики,
Зме́вики биле́рики,
Сте́вики пиме́рики.

Каля́ маля́ нутя́вка,
Бумя́ тамя́ пумя́вка,
Кудя́нку ки́пят ди́ля,
Ниря́нку ми́сят ви́ля.

Слён млёс вёсли,
Бёс нём гёзли,
Слёзли газивёли,
Млёки теривёли.

Жежу́ жувжи́ жежу́на,
Жожа́ жунжи́ жедны́,
Вамжа́ буджи́ мжежу́на,
Грымжи́ гзыжи́ жувны́.

Тита́вочка базу́тинка,
Каса́белька брялька́,
Хрюма́нюшка племя́тинка,
Драбу́ленька жульга́.

Тиркеме 8.6. «Марсиандык сөздөр» таблицалар

Аталышы	СҮРӨТТӨРДҮ МУУНДАР МЕНЕН БИРИКТИР
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тыбыштардан жана тамгалардан муундарды, андан соң сөздөрдү курашат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Буюмдар, жаныбарлар, жашылчалардын сүрөттөрү тартылган карточкалар Муундар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	Мугалим тактадагы сүрөттөрдү жана муундарды каалагандай бөлүштүрөт. Окуучулар сүрөттөрдү андагы предметтердин аталышы башталган муун менен бириктириши керек.
Үлгү	

БО	ЧАЙ	БАЛ
ТО	КО	АЛ
КИ	КӨ	ЖЫ

Тиркеме 8.1. Буюмдар, жаныбарлар, жашылчалардын сүрөттөрү тартылган карточкалар

Аталышы	СҮРӨТКӨ ЫЛАЙЫК СӨЗДҮ ТАНДА
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • бир муундук сөздөрдү окушат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Буюмдар, жаныбарлар, жашылчалардын сүрөттөрү тартылган карточкалар Буюмдардын аталышы жазылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга буюмдар, жаныбарлар, жашылчалар тартылган жана сөздөр жазылган карточкаларды таратат. Көнүгүүнү жекече, кичи топторго таратуу менен, ошондой эле тактага жайгаштыруу менен тапшырманы аткарууга класстагы окуучулардын баарын тартса болот. **2-кадам.** Окуучулар карточкалардагы сөздөрдү окуп, аларга ылайык сүрөттөрдү тандашы керек. **Көңүл бургула!** Андан ары бир муундуу сөздөн эки-үч же андан көп муундан турган сөздөргө өтүү менен тапшырманы татаалдаштыруу керек. Сабактын аягында тапшырма татаалдашат: бир нече сүйлөмдөн турган текстке сүрөттү тандоо керек.
Үлгү	

МЫШЫК	ТОП	ШАР	ҮЙ
БАЛЫК	КИТ	СЫР	ЖАА
КОЗУ	ЧЫЧКАН	ААРЫ	БАК



Тиркеме 8.1. Буюмдар, жаныбарлар, жашылчалардын сүрөттөрү тартылган карточкалар

Аталышы	СӨЗДӨРДҮ ЧОГУЛТ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тамгаларды алардан сөз куроо менен таанышат; • сөздү басма тамгалар менен жазышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Буюмдар, жаныбарлар, жашылчалардын сүрөттөрү тартылган карточкалар Тамгалардын топтому менен карточкалар Алфавиттин тамгалары
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга предметтердин сүрөттөрү менен жана бир сөз курала турган тамгаларды таратат. **2-кадам.** Окуучулар сүрөттөгү предметтин аталышын түзгөн тамгалардан сөз курашат. **Көңүл бургула!** Тапшырманы сүрөт бербей, татаалдаштырса болот.
Үлгү	

ОКТРПО

ИШАМНА



ЕИЙН



Тиркеме 8.1. Буюмдар, жаныбарлар, жашылчалардын сүрөттөрү тартылган карточкалар

Аталышы	МУУНДАРДАН СӨЗДӨРДҮ КУРА
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тамгалардан муун курашат; • толук сөздөрдү окушат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Муундар менен карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	Мугалим тактага муундар менен карточкаларды жайгаштырат жана алардан сөз куроону сунуштайт.
Үлгү	

СА	ГА
	ГЫЗ
	МЫН
КО	ШУЛ
	РОЗ
	ОЗ
КА	ЗАН
	ШЫК
	РА

ДА	АРЫ
	ГЫ
	РАК
БИ	ЛИМ
	РОК
	ЛЕТ
КИ	ТЕП
	ШИ
	ЧҮҮ

КЫ	ЯЛ
	ЗЫК
	МЫЗ
ЧА	КАН
	РА
	НА
БА	ЛА
	ЛТА
	КА

Аталышы	СӨЗДҮ, МУУНДУ ЖЕ ТАМГАНЫ ТАП
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөз, муун, тамганы аныкташат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Буюмдар, жаныбарлар, жашылчалардын сүрөттөрү тартылган карточкалар Сөздөр, муундар жана тамгалар жазылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	Мугалим окуучуларга буюмдар, жаныбарлар жана жашылчалар тартылган сүрөттөрдү жана аларга ылайык келген сөздөрдү, муундарды же тамгаларды көрсөтөт. Толук сөз, муун, тамга же тамгалар кайда экендигин аныктоону сунуштайт.
Үлгү	

РО

Р

РОБОТ



ФАРТУК

РТ

ТУК



СТРА

СТР

СТРАУС



ОК

ОКУУЧУ

ЧУ



Тиркеме 8.1. Буюмдар, жаныбарлар, жашылчалардын сүрөттөрү тартылган карточкалар

Аталышы	СӨЗДӨ КАНЧА МУУН БАР?
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • муундарды ажыратып көрсөтүшөт; • муундардан сөз курашат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Дептер жана калем сап
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим сөздөрдү окуйт жана окуучулардан сөздө канча муун бар экендигин угуп аныктоону сунуштайт. **2-кадам.** Окуучулар сөздөгү муундардын санын санашат жана дептерге жазышат. **3-кадам.** Окуучулар жуптарда бири-бирин текшеришет. Эки окуучу дептерге жазылган жооптордун туура же туура эмес экенин талкуулашат. **4-кадам.** Мугалим **туура жоопторду окуйт** жана кимде кандай кыйынчылыктар болгонун сурайт. Эгер кыйынчылыктар бар болсо, мугалим класстын жардамы менен туура жоопту кайталайт жана тапшырманы туура аткарганын текшерет.
Үлгү	

Сөз	Муундардын саны	Сөз	Муундардын саны
ТАР		БАШ	
РОЗА		СУУ	
ТОКОЙ		ЧАПАН	
САГЫЗГАН		ЗАВОД	
БАЙЧЕЧЕКЕЙ		КҮЗГҮ	
КАШЫК		ШЫРДАК	
ОКУУЧУЛАР		КӨГҮЧКӨН	

Аталышы	ЖЫЛДЫЗ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдөгү тамгалардын жана муундардын санын ажыратып көрсөтүшөт; • муундардан сөз курашат; • сөздөрдү тамгаларга жана муундарга ажыратышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Дептер жана калем сап
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга дептерлерине жылдыз тартууну сунуштайт. **2-кадам.** Жылдыздын ортосуна окуучулар өз аттарын жазышат. **3-кадам.** Андан соң жылдыздын учтарына окуучулар төмөнкүлөрдү жазышат: – атындагы тамгалардын саны; – атындагы тыбыштардын саны; – атындагы муундардын саны; – үнсүз тамгалардын саны; – үндүү тамгалардын саны. **4-кадам.** Мугалим керек болгон учурда окуучуларга жардам берет. **5-кадам.** Мугалимдин сунушу менен каалоочулар аткарылган ишин көрсөтүшөт. Аткарылган тапшырма үчүн мугалим бардык окуучуларга ыраазычылык билдирет.
Үлгү	

Тиркеме 8.7. «Жылдыз» формасы

Аталышы	КУБИК
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдү муундарга ажыратышат; • муундардан сөз курашат; • сөздөрдүн бөлүктөрүнө талдоо жүргүзүшөт.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Окуучулардын деңгээлине ылайык келген текст Сандар жазылган кубик
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Окуучулар өз деңгээлине ылайык келген текстти окушат. **2-кадам.** Тапшырманы аткаруунун тартибине жараша ар бир окуучу (өз алдынча), окуучулардын тобу (топтук иш) же класстын бир өкүлү (класстын бардыгы менен иштөө) сандар жазылган кубикти ыргытат. Түшкөн сан муундардын санын билдирет. Дал ушул муундардын санына дал келген сөздөрдү тексттен табуу керек. **3-кадам.** Бардык сөздөр табылгандан кийин, башка окуучу кубикти кайрадан ыргытат. Көнүгүү бир нече жолу кайталанат. **4-кадам.** Эгер убакыт жетиштүү болсо, окуучуларды тапкан сөздөр менен сүйлөм түзүүнү жана дептерлерге жазууну сунуштаса болот.
Үлгү	



Тиркеме 8.8. Сандар жазылган кубик

Аталышы	СӨЗ ДЕТЕКТИВДЕРИ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздү туура окуй алуу үчүн (маанисин чечмелөө) контекстти пайдаланышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуу учурунда жана окугандан кийин
Керектүү ресурстар	Окуучулардын деңгээлине ылайык келген текст
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга текстти окууну жана тааныш эмес сөздөрдү бөлүп көрсөтүүнү сунуштайт. **2-кадам.** Окуудан кийин мугалим окуучуларга тааныш эмес сөздөргө кайра кайрылып, тексттеги жардамчы маалыматты пайдалануу менен алардын маанисин табууну сунуштайт. Мугалимдин жардамы менен окуучулар сөздүн маанисин аныктоого жардам берген стратегияны тандап алышат. Бул сөздүн үңгүсу боюнча маанини издөө, сөздүктү пайдалануу, шилтемелер, терминдер, текст боюнча багыттама жардамды берүүнү издөө ж. б. болушу мүмкүн. **3-кадам.** Сөздүн маанисин аныктагандан кийин окуучулар сөздү туура окушат жана кайрадан текстти толугу менен көркөм, туура жана түшүнүп окушат. **4-кадам.** Маанисин аныктаган тааныш эмес сөздөрдү сөздөрдүн дубалына жайгаштырса болот.
Үлгү	

Токойлор

Токойлор – биздин планетанын тирүү керемети. Алар жерди гана кооздобостон, абаны дагы кислород менен толтуруп, тазалашат. Токойлор суу тең салмактуулугун кармап турушат, жерди кургакчылыктан коргошот. Аларды «планетанын өпкөсү» деп аташат.

Токойлор шуулдаган жерлерде мелмилдеген суулар агат, көлдөрдүн мончоктору жылтылдайт. Бизге токойлор алып келген пайда баа жеткис...

Жарык, күн тийген кайыңдуу токойдо же сырдуу, жомоктогудай карагайлуу токойдо сейилдөөгө эмне жетсин... Токой бардык жыл мезгилдеринде эң сонун. Токой – бул биздин үйүбүз, курт-кумурскалар, чымчыктар, айбанаттар үчүн баш калкалоочу жай[1].

[1] Текст http://www.chudesnayastrana.ru сайтынан алынды.

Аталышы	СӨЗДӨРДҮН ДУБАЛЫ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдү туура айтышат жана жазышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Сөздөрдүн дубалы
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	Мугалим сөздөрдүн дубалына жайгаштыруу үчүн жумасына 4–5 сөздү тандайт. «Сөздөрдүн дубалы» сөздөрдүн тобун камтыйт, алар класстын дубалында чоң, көрүнө турган жерге жайгаштырылат. «Сөздөрдүн дубалы» окуу жана жазуу учурунда пайдаланса боло турган көптөгөн сөздөрдү камтыган окуучуларды окутуунун интерактивдүү куралы болуп эсептелет. «Сөздөрдүн дубалын» окууга жана жазууга үйрөтө турган башка предметтерде да пайдаланса болот: мисалы, математика, чет тили жана башка предметтер, ошондой эле, ар кандай иш-чараларды өткөрүүдө. «Сөздөрдүн дубалы» эстеп калуу үчүн көп колдонгон сөздөрдү дайыма презентациялоо максатында түзүлөт. «Сөздөрдүн дубалында» көрсөтүлгөн сөздөр: – сөздөрдүн дубалында көрсөтүлгөндөр тыбыштык-тамгалык байланышты көрсөтүү, тыбыштык кабыл алуу боюнча машыгуу, орфография боюнча иш алып баруу үчүн үлгү катары пайдаланылат; – жаңы сөздөр менен иштөөнүн динамикасын көрсөтүү максатында сөздөрдү окуучулар дайыма көрүп турушу керек; – окуучулардын сөз байлыгынын активдүү бөлүгүн түзгөн сөздөрдүн негизги базасын кеңейтүү үчүн; – жазуу жана окуу жөндөмүнүн өнүгүүсүнө жардам берүү үчүн; – окуу жана жазуу процессинде балдар үчүн маалыматтык материал катары; – окууда өз алдынчалуулукту өнүктүрүү үчүн пайдаланылат. «Сөздөрдүн дубалындагы» сөздөр ар бир окуучу аларды көрө алгыдай жазылышы керек. Алар чоң тамгалар менен, аларды бири-биринен жеңил айырмалоо үчүн ар түстө жазылышы керек. Түстөрдү, калемдерди, фломастерлерди, пластилин, түстүү кагаздарды, кездеме, керек болсо клейдин жардамы менен аппликация жасала турганданды дагы пайдаланса болот. Мугалим жана окуучу «сөздөрдүн дубалын» бирге түзүшөт: дубалга кайсы сөздөр жайгаштырылышы керектигин аныкташат. Окуучулар жазуу жана окууда көбүрөөк пайдаланган сөздөрдү киргизүү маанилүү. Сөздөр акырындык менен кошулушу /жаңыланышы керек, жумасына болжол менен 5 сөздөн. «Сөздөрдүн дубалын» сөздөрдү окууга жана жазууга машыгуу үчүн, сөздөрдү ырдоо, окуганда алакан чаап коштоо, ролдук оюндар, дубалдардагы сөздөрдү көчүрүп жазуу, сүрөт тартуу сыяктуу ар түрдүү көнүгүүлөрдү киргизүү менен күнүгө пайдалануу керек.

	Мугалим окуучулар кийинчерээк сөздөрдү шар окуп жана жазуу үчүн аларды класста үзгүлтүксүз колдонулушун камсыз кылышы керек. Окуучулар ушуну туура аткарып жатканын текшерүү керек. Сабактын мазмуну жана максаты менен байланыштуу жаңы сөздөр дайыма кошулат. «Сөздөрдүн дубалы» окуучулар андагы өзгөрүүлөрдү көргөндөй түзүлүшү керек: үйрөнгөн сөздөр алынып, жаңы сөздөр кошулуп турушу керек.

Үлгү

Аталышы	МЕНИН АТЫМ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • өзүнүн атына ылайык келген алфавиттин тамгаларын табышат; • өзүнүн атын басма тамга менен жазышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Алдын-ала даярдалган формалар (үлгү төмөндө келтирилген), алфавиттин кесилген тамгалары (баланын атына ылайык келген бардык тамгалар бар экендигин караш керек), басма жана баш тамгалар, түстүү калемдер.
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга формаларды таратат жана тапшырманы түшүндүрөт: «Окуучунун автопортрети» чарчысына окуучулар өзүнүн сүрөтүн тартышы керек. **2-кадам.** Андан кийин окуучуларга алфавиттин тамгалары таратылат, алардын ичинен аттарына ылайык келген тамгаларды тандашат жана чакмактарга жайгаштырышат. **3-кадам.** Төмөнкү сабына окуучуларга өзүнүн атын чоң тамгалар менен жазуу сунушталат. Класстын дубалына илүү менен окуучулардын иштеринин галереясын түзсө болот.

Үлгү

Тиркеме 8.9. «Менин атым» формасы

Аталышы	СӨЗДӨРДҮ ТАП
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • муундарды таанышат; • алардан сөз курашат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Муундук таблицалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече
Аткаруунун кадамдары	Мугалим окуучуларга муун жазылган таблицаны таратат. Тапшырмага ылайык окуучулар муундардан сөз курашы керек. Туура куралган сөздү түстүү калем менен боёш керек.
Үлгү	

Сөздөрдү тап:

БАКА, ЖАША, БУГУ, КУЛАК, КАТА, ШОРО, ЧЫНЫ, ТАЯК, БАТА, ШУРУ, РОЗА, КАПА (керектүү төрт бурчтуктарды боё же белгиле)

ДИ	МО	ТҮ	КҮ	ТА	ЧА	ГУ	АК	ТА	РО
КА	ША	БУ	ШО	ЗА	НЫ	ЯК	БА	НЫ	ЖА
ЖА	ГУ	ЛА	К	ШУ	ЧЫ	ТА	РУ	ПА	ЗА
РО	РУ	ШУ	НЫ	ТА	АК	ГУ	ША	КА	БА
ТУ	КА	РО	АК	ША	ЧЫ	ТА	ЯК	АТ	РУ
УШ	АШ	ТУ	ЧУ	ПУ	ПА	МА	МУ	АП	НУ
БА	ВА	СА	НА	ЧО	СО	КӨ	ТӨ	ТУ	КУ
ЧУ	ТА	ЧЫ	КЫ	ТЫ	МА	СУ	ЛА	СА	РЫ
РО	ЛА	ДУ	ЖА	ЗО	ТО	ШУ	РО	ВУ	ДО
ЖУ	РА	ША	МУ	КУ	ТО	ЛА	ЯК	ТУ	БУ

Тиркеме 8.5. Муундук таблицалар

Аталышы	АРАЛАШКАН СӨЗДӨР
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тамгаларды жана муундарды таанышат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Алфавиттин кесилген тамгаларынан сөздөрдүн жыйындысы
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим тактага кагаздан кесилген тамгаларды каалагандай жайгаштырат. Бир сөздү түзгөн тамгалар берилет. Окуучулар тактада кайсы сөздөр көрсөтүлгөнүн табышы керек. **2-кадам.** Тактада кайсы сөз жазылганын тапкан окуучулар мугалимдин өтүнүчү боюнча тактага келип, тамгаларды туура иреттеп коюшу керек. **Көңүл бургула!** Окуучулар тактага жайгашкан сөздөрдү тез таба алышы үчүн көнүгүүнү бир нече жолу кайталаса болот.
Үлгү	

ТЕРЕЗЕ

Е	Е	З	Е	Р	Т

ЧАПАН

А	П	А	Н	Ч

ТАРАК

А	Т	К	Р	А

Аталышы	ЖАШЫРЫЛГАН СӨЗ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • муундарды таанышат; • алардан сөздөрдү курашат.
Модуль	Алфавит менен таанышуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү ресурстар	Кагаздан кесилген, бир сөздү түзчү тамгалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтук, фронталдык
Аткаруунун кадамдары	**1-кадам.** Мугалим тактага кагаздан кесилген тамгалардан узун сөздөрдү жайгаштырат же бор менен жазат. **2-кадам.** Окуучулар ушул сөздөрдүн ичинен дагы башка сөздөрдүн катарын табышы керек жана жаңы сөз пайда болушу үчүн тамгаларды керектүү иретте коюшу керек же бор менен тактага жазышы керек.
Үлгү	

БАЙЧЕЧЕКЕЙ: БАЙ, ЧЕЧЕК, АЙ, ЧЕКЕ, БЕК, ЧАЙ.

КӨГҮЧКӨН: КӨК, КҮЧ, ҮЧ, ӨЧ, КӨН, КӨЧ.

БАЛМУЗДАК: БАЛ, МУЗ, АЛ, АК, УЗАК, ЛАК, БУЛАК, БУЛ, БУЗ, МУЗДАК.

7. ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

1. *Ахматов Т., Мукамбаев Ж.* Азыркы кыргыз тили: фонетика, лексика. – Фрунзе: Мектеп, 1978. – 90 б.
2. *Ахматов Т., Өмүралиева С.* Кыргыз тили: фонетика, лексика. – Фрунзе: Мектеп, 1990. 3–118 б.
3. Балдар фольклору «Эл адабияты» сериясынын 20-тому. – Бишкек: Шам, 1998.
4. *Би Х.* Развитие ребенка. – СПб: Питер, 2004. – 768 с.
5. Кыргыз балдар поэзиясынын антологиясы. – Фрунзе: Мектеп, 1987.
6. *Лемов Д.* Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей. – М.: Манн, Иванов и Фербер, 2016. – 416 с.
7. Раз, два, три, четыре, пять – любим всей семьёй читать (на кыргызском, русском языках): Пособие ЮНИСЕФ. – Бишкек: Maxprint, – 2014. – 68 с.
8. *Рахимова М. Р.* Киргизские писатели детям: Хрестоматия. – Фрунзе: Мектеп, 1986.
9. *Эльконин Д. Б.* Как научить детей читать. – М.: Знание, 1991. – 79 с.
10. *Эсенгулова М. М., Усупова М.* Улучшение навыков чтения у учеников начальных классов. – Бишкек: Maxprint, – 2014. 280 с.
11. Teaching Reading (2005), the Report and Recommendations of the National Inquiry into the Teaching of Literacy.
12. Literacy teaching guide: Phonics, page 10–11.
13. *Valerie Ellery,* Creaing Strategic readers, Techniques for developing Competency in Phonemic Awareness, Phonics, Fluency, Vocabulary and Comprehension (2009).
14. *Mary Jo Fresch*, Strategies for Effective Balanced Literacy (2010).

8. ТИРКЕМЕЛЕР

ТИРКЕМЕ 8.1. БУЮМДАР, ЖАНЫБАРЛАР, ЖАШЫЛЧАЛАРДЫН СҮРӨТТӨРҮ ТАРТЫЛГАН КАРТОЧКАЛАРЫ

ТИРКЕМЕ 8.2. «ЖАШЫНГАН ТАМГАЛАР» КАРТОЧКАЛАРЫ

ТИРКЕМЕ 8.3. «АР ТҮРДҮҮ СТИЛДЕГИ ЖАЗЫЛГАН ТАМГАЛАР» ТАБЛИЦАЛАР

ТИРКЕМЕ 8.4. «ТАМГАНЫ ТАП ЖАНА БОЁ» ТАБЛИЦАЛАРЫ

ТИРКЕМЕ 8.5. МУУНДУК ТАБЛИЦАЛАР (2 түрү)

ТИРКЕМЕ 8.6. «МАРСИАНДЫК СӨЗДӨР» ТАБЛИЦАЛАР

ТИРКЕМЕ 8.7. «ЖЫЛДЫЗ» ФОРМАСЫ

ТИРКЕМЕ 8.8. САНДАР ЖАЗЫЛГАН КУБИК

ТИРКЕМЕ 8.9. «МЕНИН АТЫМ» ФОРМАСЫ

ТИРКЕМЕ 8.10. «ДӨҢЧӨЛӨР» ТАБЛИЦАЛАРЫ

Тиркеме 8.1. Буюмдар, жаныбарлар, жашылчалардын сүрөттөрү тартылган карточкалар






















Тиркеме 8.2. «Жашынган тамгалар» карточкалары

Дарбазанын артында кайсы тамгалар жашынып алышты?



Кайсы тамгалар имараттын артында жашынып алышты?

Кайсы тамгалар китепте жашынып алышты?



Кайсы тамгалар бактын артында жашынып алышты?



Кайсы тамгалар столдун астына жашынып алышты?



Кайсы тамгалар кайыкка түшүп алышты?

Дарбазанын артында кайсы тамгалар жашынып алышты?



Кайсы тамгалар бассейнге түшүп жатышат?



Кайсы тамгалар баштыкка жашынып алышты?

Кайсы тамгалар автобуста кетип баратышат?



Кайсы тамгалар терезеде көрүнүп жатат?



Кайсы тамгалар козу карындын астында жашынып жатышат?



Тиркеме 8.3. «Ар түрдүү стилдеги жазылган тамгалар» таблицалар

А	О	С	Н
А	О	С	Н
А	О	С	Н
А	О	С	Н
А	О	С	Н

С	Н	М	У
С	Н	М	У
С	Н	М	У
С	Н	М	У
С	Н	М	У

М	У	Т	К
М	У	Т	К
М	У	Т	К
М	У	Т	К
М	У	Т	К

Т	К	Ы	Л
Т	К	Ы	Л
Т	К	Ы	Л
Т	К	Ы	Л
Т	К	Ы	Л

Л	Ы	В	Д
Л	Ы	В	Д
Л	Ы	В	Д
Л	Ы	В	Д
Л	Ы	В	Д

В	Д	П	Р
В	Д	П	Р
В	Д	П	Р
В	Д	П	Р
В	Д	П	Р

П	Р	И	З
П	Р	И	З
П	Р	И	З
П	Р	И	З
П	Р	И	З

А	Н	С	Ы
А	Н	С	Ы
А	Н	С	Ы
А	Н	С	Ы
А	Н	С	Ы

О	М	Ы	Л
О	М	Ы	Л
О	М	Ы	Л
О	М	Ы	Л
О	М	Ы	Л

Тиркеме 8.4. «Тамганы тап жана боё» таблицалары

САРЫ	ЖАШЫЛ	КЫЗЫЛ	СЫЯ КӨК	КЫЗГЫЛТ
Г	Д	Е	Ё	Ж

Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е	Е
Г	Е	Е	Е	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Г
Г	Г	Е	Г	Г	Г	Г	Е	Г	Г	Г	Г	Е	Г	Г	Г	Г	Е	Г	Г	Г
Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г
Г	Ж	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Ж	Ж	Г	Ж	Ж	Ж	Г	Ж	Ж	Ж	Г	Г
Г	Ж	Г	Г	Ж	Ж	Г	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Г
Г	Ж	Г	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Ж	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Г
Г	Ж	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Г	Ж	Ж	Ж	Г	Ж	Г	Г	Г	Ж	Ж	Ж	Г	Ё
Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Ё	Г
Ё	Г	Ё	Г	Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Г	Г	Ё	Г	Ё	Г	Г	Ё
Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Г	Ё	Г	Ё	Г	Г	Ё
Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Ё	Г	Г	Ё	Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Ё
Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Г	Ё	Ё	Г	Ё	Ё	Г	Ё
Ё	Г	Ё	Г	Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Ё	Ё	Ё	Г	Ё	Г	Г	Ё
Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г
Г	Г	Г	Д	Г	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Е	Е	Е	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Г
Г	Г	Д	Д	Д	Г	Г	Е	Г	Г	Г	Е	Г	Е	Г	Г	Е	Г	Е	Г	Г
Г	Д	Д	Д	Д	Д	Г	Е	Г	Г	Г	Е	Г	Е	Г	Г	Е	Г	Е	Г	Г
Г	Д	Д	Д	Д	Д	Г	Е	Г	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Г	Е	Е	Е	Г	Г
Г	Г	Г	Д	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Г	Е	Г	Г	Г	Е	Г

КҮРӨҢ	ЖАШЫЛ	КАРА	КЫЗЫЛ	САРЫ
Ь	Э	Ю	Я	А

Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь
Ь	Я	Я	Я	Я	Ь	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Я	Ь
Ь	Я	Э	Я	Я	Я	Ь	Я	Я	Я	А	Я	Я	Я	А	Я	Я	Я	А	Ь
Ь	Э	Э	Э	Я	А	Ь	А	Я	А	А	А	Я	А	А	А	Я	А	А	Ь
Ь	Э	Я	Э	А	А	Ь	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	Ь
Ь	Э	Э	Э	А	А	Ь	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	Ь
Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь
Ь	Э	Э	Э	Э	Э	Ь	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	А	Ь
Ь	Э	Я	Э	Э	Э	Ь	А	А	А	А	Ю	А	Ю	А	А	А	А	А	Ь
Ь	Э	Э	Э	Я	Э	Ь	А	А	А	А	Ю	Ю	Ю	А	А	А	А	А	Ь
Ь	Э	Э	Э	Э	Э	Ь	А	А	А	А	Ю	Ю	Ю	А	А	А	А	А	Ь
Ь	Э	Я	Э	Э	Э	Ь	Э	А	А	А	А	Ю	А	А	А	А	Ю	А	Ь
Ь	Э	Э	Э	Я	Э	Ь	Э	А	А	А	А	Ю	Ю	Ю	А	А	Ю	Ю	Ь
Ь	Э	Э	Э	Э	Э	Ь	Э	Э	А	А	А	Ю	Ю	Ю	Ю	А	А	Ю	Ь
Ь	Я	Э	Э	Э	Э	Ь	Э	Э	А	А	А	Ю	Ю	Ю	Ю	Ю	А	Ю	Ь
Ь	Э	Э	Э	Я	Э	Ь	Э	Э	А	А	А	Ю	Ю	Ю	Ю	Ю	А	Ю	Ь
Ь	Э	Э	Э	Э	Э	Ь	Э	Э	Э	А	А	Ю	Ю	Ю	Ю	Ю	А	Ю	Ь
Ь	Э	Я	Э	Э	Я	Ь	Э	Э	Э	А	А	Ю	Ю	А	Ю	Ю	А	Ю	Ь
Ь	Э	Э	Э	Э	Э	Ь	Э	Э	Я	Э	Ю	Ю	А	Ю	Ю	Ю	Ю	Ю	Ь
Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь	Ь

кызыл	сары кызыл	кара	кызгылт	көк	сыя көк	ак	жашыл	сары
Э	Л	М	Е	Р	2	0	1	5

Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р
Р	Э	Э	Р	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Э	Р	Э	Э	Р
Р	Р	Э	Р	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Э	Э	Э	Э	Э	Р	Р	Э	Э	Р	Э	Р	Р
Р	Э	Р	Р	Э	Э	Р	Р	Р	Э	Э	Э	Э	Р	Р	0	Р	Р	Э	Р	Р	Э	Р
Р	Э	Э	Р	Э	Э	Р	Р	Э	Э	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Э	Р	Э	Э	Р
Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Э	Э	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р
Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	0	0	0	0	0	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р
Р	Р	Р	Р	Р	Р	М	М	5	5	2	2	1	1	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р
Р	Р	Р	Р	Р	1	Л	Л	Е	Е	М	М	М	1	5	5	2	2	Р	Р	Р	Р	Р
Р	Р	Р	Р	Е	1	Л	Л	Е	Е	М	Л	М	М	5	5	2	2	Е	Р	Р	Р	Р
Р	Р	Р	Р	М	М	Э	Э	1	1	Л	Л	М	М	Е	Е	1	1	Э	Э	Р	Л	Р
Р	Р	Р	Р	М	М	Э	Э	1	1	М	Л	М	М	Е	Е	1	1	Э	Э	2	Л	Р
Р	2	Р	Р	Л	Л	Е	Р	Е	Е	М	М	М	Э	1	1	5	5	М	М	2	Р	Р
Р	2	М	М	Л	Л	Р	Р	Р	Е	5	5	Э	Э	1	1	5	5	М	М	Р	Р	Р
Р	Р	Е	Е	1	Р	Р	Р	Р	Э	Е	Е	М	М	2	2	Э	Э	2	2	Р	Р	Р
Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Р	Э	Е	Е	М	М	2	2	Э	Э	2	2	Р	Р	Р
Р	Р	Р	1	Р	Р	Р	Р	Р	Л	1	1	Р	Р	Р	Р	Р	М	1	1	Р	Р	Р
Р	Р	1	1	1	Р	Р	Р	Р	Л	1	1	Р	Р	Р	Р	Р	М	1	1	Р	Р	Р
Р	1	1	1	1	1	Р	Р	М	М	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Л	Л	Е	Е	Р	Р	Р
Р	Р	Р	Л	Р	Р	Р	Р	М	М	Э	Э	Р	Р	Р	Р	Л	Л	Е	Е	Р	Р	Р

АК	КЫЗГЫЛТ	КӨК	СЫЯ КӨК	ЖАШЫЛ
Е	Ё	Ж	З	И

И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И
И	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	И
И	Ё	З	Е	Е	Е	Е	Е	Е	З	Е	Е	Е	Е	Е	Е	З	Ё	И
И	Ё	Е	З	Е	Ж	Е	Е	Ж	Ё	Ж	Е	Е	Ж	Е	Ж	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Е	Ж	Ж	Е	Е	Ж	Ё	Ж	Е	Е	Ж	Ж	Е	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Ж	Ж	Ж	Е	Е	Е	Ж	Е	Е	Е	Ж	Ж	Ж	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Е	Е	Е	Ж	Е	Е	Ж	Е	Е	Ж	Е	Е	Е	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Е	Е	Е	Е	З	З	Ё	З	З	Е	Е	Е	Е	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Ж	Ж	Е	Е	З	Ё	Ё	Ё	З	Е	Е	Ж	Ж	Е	Ё	И
И	Ё	З	Ё	Ё	Ж	Ж	Ё	Ё	З	Ё	Ё	Ж	Ж	Ё	Ё	З	Ё	И
И	Ё	Е	Ж	Ж	Е	Е	З	Ё	Ё	Ё	З	Е	Е	Ж	Ж	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Е	Е	Е	Е	З	З	Ё	З	З	Е	Е	Е	Е	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Е	Е	Е	Ж	Е	Е	Ж	Е	Е	Ж	Е	Е	Е	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Ж	Ж	Ж	Е	Е	Е	Ж	Е	Е	Е	Ж	Ж	Ж	Е	Ё	И
И	Ё	Е	Е	Ж	Ж	Е	Е	Ж	Ё	Ж	Е	Е	Ж	Ж	Е	Е	Ё	И
И	Ё	Е	З	Е	Ж	Е	Е	Ж	Ё	Ж	Е	Е	Ж	Е	З	Е	Ё	И
И	Ё	З	Е	Е	Е	Е	Е	Е	З	Е	Е	Е	Е	Е	Е	З	Ё	И
И	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	Ё	И
И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И	И

Тиркеме 8.5. Муундук таблицалар (2 түрү)

Сөздөрдү тап:

БАКА, ЖАША, БУГУ, КУЛАК, КАТА, ШОРО, ЧЫНЫ, ТАЯК, БАТА, ШУРУ, РОЗА, КАПА (керектүү төрт бурчтуктарды боё же белгиле)

ДИ	МО	ТҮ	КҮ	ТА	ЧА	ГУ	АК	ТА	РО
КА	ША	БУ	ШО	ЗА	НЫ	ЯК	БА	НЫ	ЖА
ЖА	ГУ	ЛА	К	ШУ	ЧЫ	ТА	РУ	ПА	ЗА
РО	РУ	ШУ	НЫ	ТА	АК	ГУ	ША	КА	БА
ТУ	КА	РО	АК	ША	ЧЫ	ТА	ЯК	АТ	РУ
УШ	АШ	ТУ	ЧУ	ПУ	ПА	МА	МУ	АП	НУ
БА	ВА	СА	НА	ЧО	СО	КӨ	ТӨ	ТУ	КУ
ЧУ	ТА	ЧЫ	КЫ	ТЫ	МА	СУ	ЛА	СА	РЫ
РО	ЛА	ДУ	ЖА	ЗО	ТО	ШУ	РО	ВУ	ДО
ЖУ	РА	ША	МУ	КУ	ТО	ЛА	ЯК	ТУ	БУ

наны	нына	нона	нуна
какы	кыка	кока	кука
таты	тыта	тота	тута
сасы	сыса	соса	суса
лалы	лыла	лола	лула
мамы	мыма	мома	мума
зазы	зыза	зоза	зуза
дады	дыда	дода	дуда

нас	тыв	лок	бул
лан	вык	пом	тун
рат	сыл	бон	сум
лар	бым	сот	кур
кам	рыс	рон	пус
дан	мын	тор	дус
зар	гып	зон	гуп

нан	нын	нон	нун
тат	тыт	тот	тут
сас	сыс	сос	сус
мам	мым	мом	мум
пап	пып	поп	пуп
вав	выв	вов	вув
рар	рыр	рор	рур
баб	быб	боб	буб

насы	тыва	лода	була
ланы	выка	пога	туна
равы	сыда	бона	сула
лазы	быма	сота	куба
камы	кыса	рова	пуга
дагы	мына	тора	дуса
забы	гыпа	зона	гува

Тиркеме 8.6. «Марсиандык сөздөр» таблицалар

Брам стам кта́ни,
Свон тром ква́ни,
Са́мук ла́мук ра́сы,
Ра́мин са́мин па́сы.

Кайля́ дейля́ вема́йля,
Суля́й куря́й бега́йля,
Завы́й замы́й зарёйвал,
Вуры́й муры́й затёйнал.

Тар быр ро́ка,
Мур тур до́ка,
Ба́ры сы́ры но́да,
На́ды мы́ры бо́да.

Гис зин ви́ги,
Кин лин ри́ги,
Ги́зи би зигу́ми,
Зи́ти ги бизу́ми.

Ре́ти ве́ки ре́пики,
Де́ли гре́ви бе́лики,
Зме́вики биле́рики,
Сте́вики пиме́рики.

Каля́ маля́ нутя́вка,
Бумя́ тамя́ пумя́вка,
Кудя́нку ки́пят ди́ля,
Ниря́нку ми́сят ви́ля.

Слён млёс вёсли,
Бёс нём гёзли,
Слёзли газивёли,
Млёки теривёли.

Жежу́ жувжи́ жежу́на,
Жожа́ жунжи́ жедны́,
Вамжа́ буджи́ мжежу́на,
Грымжи́ гзыжи́ жувны́.

Тита́вочка базу́тинка,
Каса́белька бряльќа,
Хрюма́нюшка племя́тинка,
Драбу́ленька жульга́.

Тиркеме 8.7. «Жылдыз» формасы

Тиркеме 8.8. Сандар жазылган кубик



Тиркеме 8.9. «Менин атым» формасы

Тиркеме 8.10. «Дөңчөлөр» таблицалары










ла ла ла ла ла ла ла ла ла ла ла ла ло ло ло ло ло ло ло ло ло ло ло ла ло


да да да да да да да да да да да да до до до до до до до до до до до да до


ту ту ту ту ту ту ту ту ту ту ту ты ты ты ты ты ты ты ты ты ты ты ту ты


на на на на на на на на на на на на но но но но но но но но но но но на но

Глоссарий

Абстракттуу ой жүгүртүү – абстракттуу (кенен) түшүнүктөрдү жаратуу жана аларды башкара билүү боюнча адамдын ой-жүгүртүүлөрүнүн бир түрү. Эгер конкреттүү ой-жүгүртүү конкреттүү объекттер жана процесстер (*«Сократ», «үч банан», «короодогу эмен багы»* ж. б.) менен гана байланышта болсо, абстракттуу ой-жүгүртүү бул абстракцияларды (*«дегеле адам», «үч саны», «бак-дарак»* ж. б.) башкаруу болуп эсептелет.

Адаптацияланган (ылайыкташтырылган) программа – бул баланын өзгөчө билим алуу талаптарына ылайыкташтырылган билим берүү программасы. Бул конкреттүү окуучунун өзгөчө билим алуу талаптарына шайкеш келип негизги билим берүү программасынын негизинде иштелип чыгат.

Аллитерация – бул көркөм сөздүн маанилүүлүгүнө басым жасоо максатында ырдагы (көбүнесе прозада) бирдей үнсүз тыбыштарды кайталоо; тыбыш жазуунун бир түрү. Мисалы, *«Аары, аары, арбагай. Аягы бар тарбагай» (А. Осмонов).*

Артикуляциялык аппарат – бул кекиртек, үн түйүнү, тил, жумшак жана калың таңдай (ооз тамак), үстүңкү жана астыңкы жаак тиштери (тиштердин кабышып турушу), эриндер, кеңилжээр, үн жана сөз тыбыштарын жасоого катышкан резонатордук көңдөйдү өзүнө камтыган органдардын анатомия-физиологиялык системасы.

Ассоциативдик образ – тексттеги бири-биринен алыс болгон түшүнүктөрдүн айкалышынын натыйжасында пайда болгон, адамдын ар кандай нерседе окшош элементтерди табуу мүмкүнчүлүгү жана элестетүү менен тыгыз байланышкан образ. Ассоциативдик образ графикалык, көркөм, музыкалык, сөз түрүндө (оозеки) жана тыбыштык болушу мүмкүн.

Атайын билим берүү кызматтары – окуучуларга жалпы билим берүү окуу программасын алууга мүмкүнчүлүк түзүүгө арналган кызматтар; кырдаалга жараша альтернативдүүсү да болушу мүмкүн. Мындай кызматтар такай жана үзгүлтүксүз баалоону жана кызмат көрсөтүүнүн натыйжалуулугун баалоону өзүнө камтып, окуучулардын башка окуучулар менен өз ара байланышы үчүн максималдуу төп келүүчү мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт. Бул кызматтардын негизги максаты окуучуну жалпы билим берүү системасындагы окууга даярдоо.

Баарлашуунун вербалдык эмес каражаттары (мимика, жесттер, позалар) – бул индивиддер ортосунда сөздөрдү колдонбой (образдар, интонациялар, жесттер, мимикалар, пантомимикалар, баарлашуунун «мизансценасын» өзгөртүү аркылуу маалымат берүү же бири-бирине таасир этүү) б. а. түз же кандайдыр бир форма белги аркылуу берилген тил жана сөз каражаттарысыз өз ара байланыш каражаты. Мындай «баарлашуунун» каражаты болуп маалымат берүүдө же алмашууда кең диапазонго ээ болгон адамды анын өзүн көрсөтүүдөгү бардык формаларды өзүнө камтыган адамдын денеси эсептелет.

Бай кеп чөйрөсү – бул адам кепти табигый шартта уккан: китептер, үй-бүлө, радио, телекөрсөтүү сыяктуу кептин үлгүлөрүн берген чөйрө. Мектепте сабакта окутуу максатында жасалма кеп чөйрөсүн жасаса болот, ал канчалык табигый шартка жакыныраак болсо, мугалим анын өнүктүрүүчү дараметин ошончолук ийгиликтүү колдоно алат. Бай кеп чөйрөсү окуучулардын көңүлүн тилдин тыбыштык түзүмүнө, тилдин фонологиялык деңгээлине табигый түрдө багыттоого мүмкүндүк берет. Ырдоодо, оюнда жана китеп окууда сөздөрдөгү тыбыштарды угуу менен окуучулар алардын туура айтылышын өздөштүрөт.

Божомолдоо – бул тексттин мазмунунун негизинде божомолдоо, алдын ала табуу жана гипотеза түзүү жөндөмдүүлүгү.

Вербалдык кабыл алуу – вербалдык б. а. адамдын кебин «оозеки» кабыл алуу дегенди түшүндүрөт.

Визуалдаштыруу – анализ кылуу жана байкоо жүргүзүү үчүн ыңгайлаштырылган түрдө маалыматтарды берүү ыкмасынын жалпы аталышы. Визуалдаштыруу деп реалдуулукка көз салууну камсыз кылган каалагандай ыкма эсептелсе, визуалдаштыруунун натыйжасы деп көз менен кабыл алынуучу ар кандай конструкция эсептелет. Бул окуу сабактарында ой менен элестетилген (оозеки сүрөт тарттуу) жана жазуучу тарабынан жаратылган образды реалдуу чагылдырып (иллюстрация) кайрадан жаратуу. Визуалдаштыруунун милдети бул окуган нерсенин картинасын (сүрөтүн) көрсөтүү жана көрүү, окурман өзүнүн кыялында автор жазган нерсени элестетүү, каармандын жүрүм-турумун, анын кыймыл-аракетин, болуп жаткан кырдаалды жана негизги ой-пикирди жакшы түшүнүү үчүн ал өз оюнда ошол жерде, убакта жана доордо болуу.

Визуалдык кабыл алуу – маалыматты көз менен кабыл алуу. Маалыматты көрүү системасы менен иштеп чыгуу доминанттык (үстөмдүк) кылат: форма, орду жана түсү.

Чечмелеп окуу (декодирлөө) – графикалык белгилерди, тамгаларды, сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, тексттерди кепке которууну өзүнө камтыган жазуу түрүндөгү текстти таануу же чечмелөө. Декодирлөөгө тилдик белгилерди таануу жана аларды кептик билдирүүгө кайра которуу кирет.

Диагностика (аныктоо) – окуу-тарбия процессинин натыйжалары жана алардын жүрүшү тууралуу маалыматтарды алуу ыкмалары. Билимдеги тигил же бул каталардын, кемчиликтердин, жетишпегендиктердин илимий негиздеги аныктоосу, мисалы: орфографиялык каталарды аныктоо.

Дикция – тигил же бул тилдин фонетикалык нормасына ылайык кептеги тыбыштарды так айтуу.

Дислексия – окуу жана жазуу жөндөмүн өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүнүн нейрологиялык жактан спецификалык бузулушу. Ал сөздөрдү так, туура жана шар таанып билүүдөгү кыйынчылыктар жана окуу, жазуу жөндөмдөрүнүн жетишээрлик өнүкпөй калышы менен мүнөздөлөт. Дислексия оору катары эсептелбейт, анын негизинде мээнин оң жана сол жарым шарларынын ортосундагы байланыштардын бузулушу эсептелет.

Жакынды көрбөй калуу, алыстан жакшы көрүү, көздүн начар көрүүсү – көздүн көрүүсүнүн бузулушунан же кабыл алуусунун толук өнүкпөй калуусунан улам предметтерди көрүү мүмкүнчүлүгүнүн төмөндөшү же начарлашы: адам кээ бир сызыктарды даана көрсө, кээ бирлерин жакшы көрө албайт.

Жалпы колдонуучу лексика – күнүмдүк турмушта колдонулуучу сөздөр.

Жоромолдоо – бул автор тарабынан берилген, айтылган чыгарманын бөлүктөрүнүн, мүнөздөмөлөрүнүн, түз жана кыйыр бааларынын негизинде окуучулар текстти окуп жаткан учурда жана окугандан кийин чыгаруучу корутунду.

Инсанга багытталган окутуу – (*«child-centered education», «learner-centered education»* же *«learner first»*) – билим берүү процессинин негизине окуучуну жана анын жеке

индивидуалдык каалоолорун, кызыгууларын жана муктаждыктарын койгон педагогикадагы багыт (Д. Дьюи).

Инсандын когнитивдик өсүүсү – кабыл алуу, эс тутум, түшүнүк жаратуу, маселелерди чечүү, кыялдануу жана логика сыяктуу ойлоо процесстеринин бардык түрлөрүн өрчүтүү.

Инсценировка – бул адабий чыгарманы сахналаштырып көрсөтүү үчүн кайрадан иштеп чыгуу.

Кесиптик өркүндөтүү жамааттары – бул мугалимдердин жолугушуу, отурум өткөрүүчү жана окуучулардын окуу жетишкендиктерин жакшыртууга багытталган окутуу процессинде бири-бирине көмөк көрсөтүү максатында кесиптик маанайда баарлашкан чакан бирикмеси. Мындай жамааттардын (мугалимдердин бирикмеси) ишмердиги коллегиялык кызматташууну өнүктүрүүгө, рефлексивдик практиканы алдыга жылдырууга жана лидерлик идеяны, анын ичинен ар бир мугалимдин лидерлик дараметин жакшылап түшүнүүгө багытталган. Булар мугалимдерге рефлексивдүү окутууга түрткү берүүчү кайра байланышты алууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай жамааттардын (мугалимдердин бирикмесинин) отурумдарында катышуу мугалимдерге окутуу практикасына башка көз караш менен кароого жана өздөрүнүн көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жана топтогон тажрыйбага анализ жасоо аркылуу натыйжалуулукту жогорулатууга керектүү колдоо алууга мүмкүнчүлүк берет.

Кинестетикалык кабыл алуу – (греч. *kineo* – кыймылдайм жана *astheses* – сезим), адам өзүнүн сезимине жана эмоциясына таянып дүйнө таанып билүүдөгү маалыматтарды кабыл алуу түрү. Алар кыймыл-аракеттерди, сезимдерди, жыттарды жана колдонгон булчуң аракеттерди эстеп калат.

Контекст – (лат. *contextus* – «бириктирүү», «байланыш») текстке кирген айрым сөздөрдүн, фразалардын, сүйлөмдөрдүн маанилерин анын жалпы мааниси аркылуу тактоого мүмкүнчүлүк берген тексттин же оозеки кептин мааниси жагынан салыштырмалуу бүткөн үзүндүсү.

Маалыматтын графикалык уюштургучу – бул ой жүгүртүү процесстеринин, байланыштардын жана маалыматтардын элестүү чагылдырылышы. Булар: схемалар, таблицалар, ой жүгүртүү карталары; түшүнүктөрдү, кубулуштарды жана предметтерди салыштырууну көрсөтүү каражаттары; маалымат жыйноочу шаймандар, аларды узак мөөнөттө эс тутумда сактоо жана элестүү чагылдыруу.

Маанисине карай түшүнүү – бул «сөз ичинде айтылган ойду окуй алуу», б.а. окулуучу тексттин маанисин түшүнүү же окурманга сунуштап жаткан ошол маалыматтын негизинде автор эмнени айткысы келип жаткандыгын болжолдоп айтуу үчүн өзүнүн жеке тажрыйбасын жана билимин колдонуу.

Мейкиндик ой-жүгүртүү – көрүнүүчү жана элестетилген мейкиндикте багытты талап кылуучу маселелерди чечүү процессинде негизги мазмуну мейкиндик образдарды башкаруу болгон ойлоо иш-аракетинин өзгөчө бир түрү.

Мета таанып билүү – бул адамдын өзүнүн өздүк ой жүгүртүү жана эс тутум процесстерине, билимдерине, максаттары менен иш-аракеттерине байкоо жүргүзүүсү; биздин ой жүгүртүү операцияларыбыз кандай жүрөөрүн түшүнүү жана алардын акыркы натыйжаларын баалоону иштеп чыгуу, биз тараптан туура деген чечимге келүү, туура деп эсептелген корутунду жана биз чыгарган жыйынтык.

Мимика жана пантомимика – адамга анын ички психикалык абалын, айрыкча айланачөйрөгө эмоциялык мамилесин билдирүүгө жардам берген көркөм кыймылдар. Мимика – бул бет булчуңдарынын кыймылы. Пантомимика – бул бардык (дененин) тулку бойдун кыймылы. Көркөм кыймылдар каалаган адам «окуй» жана чечмелей ала турган кандайдыр бир маалыматты өзүнө камтыйт.

Моделдик (үлгүлүү) окуу – окуучу же мугалим тарабынан текстти көркөм окуу.

Мотордук разрядка (бошонуу) – чыңалууну бошотуу үчүн жасалган кыймыл-аракет. Сабакта жогорку натыйжалуулукка жетүү үчүн балдардын психологиялык жана физиологоиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек, ошондой эле балдардын чарчоосун жеңилдетүүчү кыймыл-аракеттерди колдонуу кажет. Бул үчүн активдүү эс алуу, башка иштер менен алек болуу, жумушка жөндөмдүүлүктү калыбына келтирүү үчүн бардык болгон каражаттарды колдонуу талап кылынат.

Натыйжалуу кайтарым байланыш – окуучуларга окутуу процесси тууралуу маалымат берүүгө мүмкүндүк түзөт. Тагыраак айтканда бул окуучуларга окуудагы жетишкендиктерин жогорулатуу үчүн керектүү болгон маалымат.

Окутуунун интерактивдүү ыкмалары – окуучу, мугалим жана маалымат ортосундагы өз ара байланышты божомолдогон ыкмалар. Диалог режиминде мугалим, бири-бири жана маалымат менен иштөө. Бул ыкмаларды колдонуу төмөндөгү: «мугалим-окуучу», «окуучу-окуучу», «окуучу-маалымат» баарлашуу формаларын уюштурууну божомолдойт.

Интерактивдүү ыкмаларды колдонуу окуу процессинде окуучулардын активдүүлүгү үстөмдүк кылат. Интерактивдүү сабактарда мугалимдин орду окуучулардын иш-аракеттерин сабактын максатына жетүүгө багыттайт (фасилитация).

Окутуудагы рефлексия – аткарылган иш-аракетти түшүнүү: иш-аракетти аткарууда өзүнүн эмоциялык абалын, ийгилигин жана кыйынчылыктарын, ушул иш-аракеттерде колдонуучу каражаттарды жана куралдарды, проблемалуу кырдаалдарды жана кыйынчылыктарды чечүү ыкмаларына жана эмоциядан иш-аракетке анализ кылуу жолун түшүнүү.

Өзүнүн окуу ыкмаларын, таанып-билүү механизмин түшүнмөйүн окуучулар өздөрү жеткен билимдерди өздөштүрө алышпайт. Рефлексия окуучуларга ала турчу натыйжаларды кыска жана так кылып алууга, мындан аркы иштин максатын аныктоого, өзүнүн билим алуу жолун жөнгө салууга жардам берет. Эгер адам үчүн анын физикалык сезүү органдары анын сырткы тажрыйбасынын булагы болсо, рефлексия анын ички тажрыйбасынын булагы, өзүн-өзү таануу ыкмасы жана ой-жүгүртүүнүн керектүү куралы болуп эсептелет.

Окутуу усулу – (байыркы грек. *Μέθοδος* – жол) окутуудагы маселелерди чечүүгө багытталган окуучу жана педагогдун биргелешип иштөө ыкмасы. Дидактикада бул усул экиден бир «үйрөтүү-окуу» процесс формасы, мугалим менен окуучунун өз ара байланыш формасы катарында түшүндүрүлөт.

Окутуу ыкмасы – усулдун курама бир бөлүгү; усулдун талаптары тарабынан аныкталган иштин жалпы багытына, жобосуна баш ийген окуучулар менен мугалимдин конкреттүү иш-аракети.

Окутуунун стратегиясы – бул окутуунун так натыйжаларын аныктоочу жана аларга атайын иштеп чыгарылган окуу программаларынын жардамы менен жетүүгө багытталган окуу моделдери.

Окурмандык тажрыйба – бул китеп окуу процессинде жыйналган жана адабиятты иликтеп-үйрөнүүгө негизделген билимдер. Адам түрдүү адабияттарды окуп жана талдап жатып, тиешелүү билимдерге ээ болот. Окурмандык тажрыйба турмуштук тажрыйбаны толуктап турат.

Омографтар – жазылышы бирдей, бирок мааниси жана айтылышы ар башка болгон сөздөр. Мисалы: карта (тамак-аш) – карта (географиялык карта), кат (зат атооч) – кат (этиш), нуска (маанилүү сөз) – нуска (китептин нускасы), чач (зат атооч) – чач (этиш).

Омофондор – айтылышы бирдей, бирок жазылышы жана берген мааниси ар башка сөздөр. Мисалы: карала – кара ала, бүлдүркөн – бүлдүргөн

Оперативдик эс тутум – бул адам тарабынан актуалдык кыймыл-аракеттерди жана операцияларды үзгүлтүксүз аткарууну камсыз кылган эс тутумдун бир түрү. Бул маалыматты тигил же бул маселени чечүүгө керектүү убакка чейин сактоого мүмкүндүк берет. Мүнөздөмөлөрү жагынан оперативдик эс тутум кыска жана узак мөөнөттүү эс тутумдардын арасында орточо орунду ээлейт.

Орфоэпиялык нормалар (орфоэпия – грек. *orthos* – түз, туура + *epos* – кеп) – курамына (кээ бир тыбыштарды, тыбыштардын айкалышын жана сөздөрдү) туура айтуу эрежесин камтыган адабий туура айтуу эрежелеринин жыйындысы.

Пассивдүү сөз байлыгы – бул адам окуганда жана укканда тааныган, бирок аларды сүйлөө сөзүндө жана жазууда колдонбогон сөздөр. Адатта пассивдүү сөз байлыгы активдүү сөз байлыгынан бир нече эсе көбүрөөк болот.

Паттерн (англ. *pattern* – үлгү, шаблон, система). Бул колдонмодо «үлгү» кайталануучу элемент катары берилет. Бул термин психология, социология, лингвистика жана илимдин башка тармактарында колдонулат.

Сенсордук кабыл алуу – бул сезүү органдарынын жардамы менен кабыл алуу, б. а. сезүү органдарынын жардамы менен өзүнүн курчап турган чөйрөнсүнүн картинасын калыптандыруу. Айлана-чөйрө сезүү органдарынын жардамы: көрүү (көз), угуу (кулак), даамдоо (тил), жыт сезүү (мурун), сезүү (тери) аркылуу таанып билинет (кабыл алынат).

Сөздү тыбыштык жактан талдоо – бул сөздөгү тыбыштарды алардын конкреттүү бир сөздө катары менен жайгашышын аныктоо жана алардын өзгөчөлүктөрүн (үндүү же үнсүз, жумшак/каткалаң, ичке/жоон) мүнөздөө.

Сөз байлыгы (лексикон) – бул адам өзүнүн сөзүндө колдонгон жана түшүнгөн сөздөрдүн топтому.

Сүйлөө органдары (грек. *organon* – курал, шайман) – сөз тыбыштарын (сүйлөө аппараты) жаратууга катышуучу адамдын организминин ар түрдүү бөлүктөрү. Сүйлөө органдары адамдын сүйлөө аппаратын түзөт, анын иштөөсү мээден берилген командалар аркылуу аткарылат. Органдар үн чыгарууга керектүү негизги жумушту аткарган активдүү б. а. кыймыл-аракеттүү: тил, эрин, таңдай, кичинекей тил, коко жапкыч жана өз алдынча иштей албаган кыймыл-аракети жок, пассивдүү жана үн чыгарууда активдүү органдарга түрткү болгон: тиш, альвеолдор жана кекиртек деп бөлүнөт. Үн чыгарууда диафрагма, өпкө, колко жана кекиртек (аба кирип туруу үчүн) кыймылдаткыч күч катары колдонулат.

Текстти интерпретациялоо – (лат. *interpretatio* – түшүндүрүү, талдоо) текстти маанисин түшүнүү максатында аны талдоо.

Тематикалык постер – бул сөз байлыгын байытуу, кепти өнүктүрүү, тыбыштык кабыл алуу, алфавит менен таанышуу, маалымат менен иштөө ж.б. боюнча көнүгүү үчүн тиешелүү кандайдыр бир темага (жыл мезгили, айылда же шаарда жашоо, унаанын түрлөрү, мектепте окуу, үй-бүлө менен кечки тамактануу ж. б.) карата каармандарды/персонаждарды, алардын кыймыл-аракетин жана өз ара аракеттешүүсүн, шарттарды, жагдайларды, курчап турган кырдаалдарды чагылдырган чоң масштабдуу картина.

Тилдик тажрыйба – тил үйрөнүү жана тилди колдонгон практика учурунда алынган билимдердин, көндүмдөрдүн жана билүүлөрдүн жыйындысы.

Тыбыштык кабыл алуу – сөздүн тыбыштык курамын орнотуу боюнча атайын акыл кыймыл-аракеттери, бул кептеги тыбыштарды айырмалоо жана кабыл алуу жөндөмдүүлүгү.

Уйкаштык – бул айтылышы жана жазылышы жагынан окшош сөздөр колдонулган ыкма, миаслы: көздөр, сөздөр.

Үндүн тембри – бул адамга тубаса берилген, манжалардын тагы же кол жазма сыяктуу уникалдуу жана жекече мүнөзгө ээ болгон үндүн өңү, ошондуктан дүйнөдө үн тембри бирдей болгон адамдар кездешпейт деп ишенимдүү айтууга болот.

Үн чыгарып ойлонуу, ой-пикир калтыруу – бул үн чыгарып окуп, түшүнгөнүн талкуулоо. Мунун жардамы аркылуу окуучулар окуганынын маанисин түшүнөт. Стратегияны колдонуунун максаты окуучуларга окула турган текстти түшүнүү кандайча пайда болоорун көрсөтүү.

Фонема (тыбыш) – алфавитте болгон тамгаларга караганда сүйлөө кебинде алда канча көп сандагы ар түрдүү тыбыштар айтылат. Тыбыш жөнүндө идеалдуу, жалпыланган түшүнүк фонема деп аталат. Фонеманы айтууга болбойт, ар кандай шарттарда – сөздөрдөгү абалы, жана ар кандай «коңшу-тыбыштардын» курчоосунда фонеманын ар түрдүү түрлөрү гана айтылат. Фонема – жалпы, ал эми чыныгы айтылуучу тыбыш бул жеке.

Фонологиялык (тыбыштык) көндүмдөрдү диагностикалык баалоо – бул жеке бир окуучунун же бүтүндөй класстын кепти жаратуу, кабыл алуу натыйжалары жана процесси жөнүндө ой-пикирин айтуу.

Формативдик баалоо – бул мугалимге окуучунун муктаждыктарын жакшы түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берген окуу процессине үзгүлтүксүз баалоо, байкоо жүргүзүү, жалпылоо, түзөтүү жана аларга күнүгө кайтарым байланыш берүү.

Фрагментация (үзүндүлөргө бөлүү) – татаал текстти бир топ жөнөкөй үзүндүлөргө бөлүү.

Эмфаза – бул кептеги айрым элементтерди жана айтылган сөздөрдүн маанилик түрлөрүн бөлүп айтуу, баса белгилөө.

Этимологиялык сөздүк – бул кандайдыр бир сөздөрдүн келип чыгуу тарыхы тууралуу, кээде морфемалардын, б. а. алар учураган фонетикалык жана семантикалык өзгөрүүлөр тууралуу маалыматты камтыган лингвистикалык сөздүк. Түшүндүрмө сөздүктөр да сөздөрдүн этимологиясы жөнүндө белгилерди камтышы мүмкүн.

3-модуль

Сөз байлыгы

МАЗМУНУ

1. Киришүү 3

2. Сөз байлыгын өстүрүү 4
   2.1. Сөз байлыгын өстүрүү булактары 5
   2.2. Активдүү сөз байлыгынын тематикалык топтору 6

3. Башталгыч мектепте сөз байлыгын өстүрүүгө таасир этүүчү факторлор 8
   3.1. Үй-бүлөдө баарлашуу тажрыйбасы 8
   3.2. Мектепке чейинки окутуу тажрыйбасы 8
   3.3. Тилдик тажрыйба 9
   3.4. Окурмандык тажрыйба 9
   3.5. Предмет аралык жана сабактан тышкаркы байланыштар 10

4. Сөз байлыгын өстүрүү (толуктоо жана кеңейтүү) ыкмалары 12

5. Иллюстрациялык материалдар менен иштөө 17

6. Сөз байлыгын өстүрүү үчүн маалымдама адабияттарды колдонуу 20
   6.1. Сөздүктөр 20
   6.2. Энциклопедиялар 23

7. Сөз байлыгын баалоо 24

8. Сөз байлыгын өстүрүү жана кеңейтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр 42

9. Пайдаланылган адабияттар 84

10. Тиркемелер 86

1. КИРИШҮҮ

Сөз байлыгы окууга үйрөтүүнүн негиздеринин бири болуп эсептелип, сөздөрдүн тизмесин өздөштүрүү менен гана чектелбейт. Сөз байлыгын күнүмдүк баарлашууда, окууда, айлана-чөйрөнү таанып-билүүдө колдонуу абдан маанилүү. Сөздөрдүн маанисин билүү жана сөз байлыгын окуу процессинде колдонууну бүтүн музыкалык чыгарма жаратууну мүмкүн кылган музыкалык сабаттуулук менен же сүрөт жаратуу үчүн аралаштырылып колдонулган боёктор менен салыштырса болот.

Окууга үйрөтүү жаатындагы көптөгөн изилдөөлөр башталгыч мектепте сөз байлыгын өстүрүү абдан маанилүү роль ойной турганын далилдейт, анткени ал текстти чечмелеп окууга да, окуган текстин түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө да жардам берет. Бир жагынан, түшүнбөгөн сөздөрдү окуу окуучуларга кыйын болот. Экинчи жагынан, тексттеги көпчүлүк сөздөрдүн маанисин билбесе, алар окуганынын маанисин түшүнүшпөйт. Окуучулар окуп жаткан тексттеги негизги сөздөрдү түшүнүүсүн олуттуу түрдө жогорулатса, алардын шар окуусу да, жалпысынан окуган текстти түшүнүүсү да жакшырарын окууга үйрөтүү практикасы көрсөтүүдө.

Окуучулар сөз байлыгынын көпчүлүк бөлүгүн үй-бүлөдө, теңтуштары менен баарлашууда, жалпыга маалымдоо каражаттарынан, интернеттен алышат, күндөлүк жашоосунда үйрөнүшөт. Бир катар изилдөөлөр сөз байлыгын өстүрүү үчүн мектепке (7 жашка) чейинки курактагы тажрыйба жана ата-энелер менен баарлашуунун сапаты абдан маанилүү экендигин ырастайт. Изилдөөлөрдүн натыйжасында мектепке барганда үй-бүлөдө баарлашуусу абдан чектелген балдардын сөз байлыгынын төмөн экендиги белгилүү болгон. Сөз байлыгы ийгиликтүү окуунун эң маанилүү көрсөткүчү болуп саналат. Анын жарды болушу жакшы натыйжага алып келбейт: окуучулар көп сөздөрдү түшүнбөй туруп текстти окууну жакшы жөндөй алышпайт, бул өз учурунда сөз байлыгынын өспөй калышына алып келет.

Ошентип, сөз байлыгынын деңгээли ар түрдүү болгон окуучуларды окууга үйрөтүүдө мугалимдин алдында төмөнкү милдеттер турат:

– окутуу процессине керектүү сөздөрдү түшүнүүнү жолго коюу. Көпчүлүк учурда бул сөздөр күндөлүк турмушта колдонулбайт, бирок окутуу үчүн абдан зор мааниге ээ болот (мисалы, математикада – бөлүнүүчү, бөлүүчү; кыргыз тилинде – зат атооч, этиш ж. б.);
– окуу үчүн материалдардын көп түрдүүлүгүнүн таасири менен «сөзгө бай» (оозеки кепте, окууда жана жазууда) чөйрөнү уюштуруу. Модулда «сөздөрдүн дубалы», сөздөрдүн графикалык уюштургучу ж. б. менен иштер сунушталган;
– жаңы сөздөрдү иликтеп-үйрөнүүнүн гана эмес, аларды ар кандай контекстте колдонуунун да үстүндө иш алып баруу. Окуучулар окуп-үйрөнгөн сөздөрдү кандай учурда колдонууну түшүнүшү керек. О. э. аларды оозеки кебинде да, жазууда да колдоно алышы керек;
– сөздөрдүн маанисин иликтеп-үйрөнүүдө окуучулар колдоно ала турган методдордун жана ыкмалардын тизмесин байытуу (түрдүү сөздүктөр, визуалдаштыруу, топтоштуруу, графикалык уюштуруучулар ж. б.).

Бул модулдун материалдарын өздөштүрүүнүн натыйжасында катышуучулар:

- окуучулар үчүн сөз байлыгынын маанилүү экендигин такташат;
- окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү процессинде кайсы стратегиялар натыйжалуу экенин билишет;
- сөз байлыгын өстүрүү боюнча түрдүү көнүгүүлөр менен таанышышат.

2. СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮ

Сөз байлыгы окуганын түшүнүү үчүн негиз болуп эсептелет. Сөз байлыгы – бул адам маанисин билип, өз кебинде колдонгон сөздөрдүн топтому. Тексттеги ар бир сөздүн маанисин түшүнүү бүтүндөй сүйлөмдүн, абзацтын, тексттин маанисин түшүнүүгө жардам берет. Тексттеги кайсы бир сөз окуучулар үчүн таптакыр түшүнүксүз, жаңы же жазылышы тааныш, бирок мааниси анчалык түшүнүктүү эмес болуп калышы мүмкүн. Сөз тааныш жана түшүнүктүү, бирок окуучулар ал сөздү кебинде жана жазууда колдонбогон жагдайлар да жолугат. Мугалим окуучуларды сөздөр менен иштөөнүн ар кандай стратегияларын колдонууга, көптөгөн маалымат булактарын – сөздүктөрдү, глоссарийлерди, шилтемелерди ж. б. колдонууга, сөздүн маанисин аныктоодо контекст менен кантип иштөө керектигин үйрөтүүсү зарыл. Бирок бардык стратегиялар менен таанышканга чейин окутуу процессинде окуучулардын көңүлүн кайсы сөздөргө бурууну, окуучулардын сөз байлыгы кайсы булактардан толукталарын, аны байытуу кандайча ишке ашарын, тигил же бул сөздөр кантип/качан колдонуларын аныктап алуу маанилүү.

Сөз байлыгы натыйжалуу баарлашууга – угууга, сүйлөөгө, окууга жана жазууга жол ачат.



Башталгыч мектепте окутуу учурунда бардык төрт көндүмдү өнүктүрүүгө көңүл буруу маанилүү.

Сөз байлыгынын эки түрүн айырмалашат:

- **активдүү** сөз байлыгы – оозеки кепте да, жазууда да колдонулуучу сөздөрдүн запасы.
- **пассивдүү** сөз байлыгы – бул окуганда же укканда билген, бирок аларды өз кебинде жана жазуусунда колдонбогон сөздөр. Пассивдүү сөз байлыгы адатта активдүүгө караганда бир нече эсе көп болот.

Окутуу процессинде окуучулардын пассивдүү да, активдүү да сөз байлыктарын өстүрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Сөз байлыгы сөздүн маанисин түшүндүрүүнүн, жаңы сөздөрдү оозеки кеп менен жазууда да колдонуунун натыйжасында өркүндөйт.

2.1. СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮ БУЛАКТАРЫ

Окуучулардын сөз байлыгы түрдүү булактардын эсебинен байыйт, анын ичинде: чоң кишилер жана теңтуштары менен баарлашуу, мектептеги окутуу процесси ж. б.; өз алдынча окуу, чоң кишилердин үн чыгарып окуп берүүсү, биргелешип окуу, медиа аркылуу (фильмдер, музыка, интернет, газеталар, журналдар, социалдык тармактар ж. б.); бай жана ар түрдүү баарлашуу чөйрөсүнүн жана окуунун таасири.

2.2. АКТИВДҮҮ СӨЗ БАЙЛЫГЫНЫН ТЕМАТИКАЛЫК ТОПТОРУ

Изилдөө маалыматтарына ылайык, башталгыч класстардын окуучулары жыл сайын пассивдүү лексиконун 2 000 сөзгө чейин жана активдүү сөз байлыгын 1 000 сөзгө чейин толукташат. Мында болжол менен жаңы сөздөрдүн жарымы эне тили жана окуу сабагында, экинчи жарымы башка сабактарда, үй-бүлөдө жана достору менен баарлашууда, радионун, телекөрсөтүүнүн таасири менен, өз алдынча окуу процессинде өздөштүрүлөт[1].

Окуучунун активдүү сөз байлыгын түзгөн сөздөрдүн үч тематикалык деңгээли каралат. Деңгээлдер сөздөрдү колдонуу жыштыгына (текстте жана оозеки кепте көп кездешүүчү сөздөр) жана тиешелүү куракта (7, 8, 9, 10 жаш) өздөштүрүлүүчү окуу жана жазуу көндүмдөрүнө ылайык аныкталат. Биринчи деңгээлде күндөлүк турмушта колдонулуучу негизги сөздөр жайгашкан. Экинчи деңгээл – бул окутуу процессинде көп пайдаланылуучу сөздөр, ал эми үчүнчү деңгээл таанып-билүүнүн тиешелүү чөйрөсүнө таандык сөздөрдү камтыйт. (Активдүү сөз байлыгынын тематикалык деңгээлдери боюнча 1-диаграмманы караңыз).

Экинчи жана үчүнчү деңгээлдердин чеги так бөлүнбөй турганына көңүл буруу маанилүү. Сөздөрдү тигил же бул категорияга кошуу окуучунун жеке тажрыйбасына байланыштуу болот.

1-диаграмма. «Активдүү сөз байлыгынын тематикалык деңгээлдери»

[1] Зикеев А. Г. Работа над лексикой в начальных классах специальных (коррекционных) школ. – М.: Издательский центр «Академия», 2002. – 176-б.

Окууга үйрөтүүдө бардык сөздөр бирдей деңгээлде маанилүү боло бербейт. Окуучулардын көңүлүн кайсы сөзгө топтоону мугалим кантип аныктайт?

Окууга үйрөтүүдө мугалимге окуган текстти түшүнүү үчүн негизги сөздөрдү тандоо сунушталат.

Мугалим «татаал» сөздөргө өзгөчө көңүл буруусу зарыл. Татаал сөздөр төмөнкү мүнөздөмөлөргө ээ болушу мүмкүн:

– окуучулар үчүн чечмелеп окуу оор болот. Мисалы, *катталбачулар*, Токмоктуктар (эреже катары, булар көп үнсүз катышкан сөздөр);

– семантикалык жактан түшүнүү үчүн татаал. Мисалы, *чарба, умтулууда, окшоштурууда, изумруд-бирюза түстө* ж. б.;

– морфологиялык түзүмү татаал (түзүлгөн сөздөр). Мисалы, *күңүрт жарык, укмуштуудай, кошуналардыкында, изилдегендердей* ж. б.;

– грамматикалык жактан кыйынчылык менен өздөштүрүлүүчү сөздөр: *айлакер, баластан, калпакчандар, машакчылар, айылдыктар.*

Сөздөрдү таанып-билүүнүн кыйынчылык себебин аныктоо менен, мугалим тигил же бул стратегияны, сөз менен иштөө үсүлүн же ыкмасын тандай алат. Алар «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө берилген.

Сөз байлыгын өстүрүү иштери системалуу түрдө жана ырааттуу өткөрүлүшү зарыл: бул ишке ар бир окуу сабагында 5–10 мүнөт убакыт бөлүп, бир жумада өтүлө турган жаңы сөздөрдүн саны 10дон ашпашы керек.

Окуучулар жаңы сөздөрдү өздөштүрүүдө кыйынчылыкка туш болушу ыктымал. Анын себептери төмөнкүлөр болушу мүмкүн: эстутумундагы көйгөйлөр, сөздөрдүн же колдонулуучу стратегиялардын татаалдыгы, окутуудагы көйгөйлөр, баарлашуунун жетишсиздиги. Жаңы сөздөрдү үйрөнүүдө артта калуу себептерин аныктоого жараша окуучуларга кошумча колдоо жана айрым учурларда атайын билим берүү кызматтары талап кылынат.

3. БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮГӨ ТААСИР ЭТҮҮЧҮ ФАКТОРЛОР

3.1. ҮЙ-БҮЛӨДӨ БААРЛАШУУ ТАЖРЫЙБАСЫ

Сөз байлыгын өстүрүүдө үй-бүлөдө баарлашуу тажрыйбасы зор мааниге ээ болот. Айрым балдардын социалдык жана кептик байланышы чектелген, алар менен аз баарлашышат. Үй-бүлөдө жана үйдө сүйлөшкөн тил мектепте окутуу тилинен айырмаланышы да мүмкүн. Дана Саскинд көп жылдык изилдөө өткөрүү менен, «Балдар акылдуу болуп төрөлүшпөйт, алар ата-энесинин – аларды курчаган кебинин натыйжасында акылдуу болуп чоңоюшат» деген жыйынтыкка келген[1]. Ал балдардын өмүрүнүн алгачкы жылдарындагы баарлашуу же анын жетишсиздиги баланын окуусунун келечектеги жолун (траекториясын) аныктайт, анын келечектеги жүрүм-турумуна жана ден соолугуна таасир этерин ырастайт. Балдар менен ата-энелер канчалык көп жана сапаттуу баарлашса, бала келечекте ошончолук ийгиликтүү болот.

3.2. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ОКУТУУ ТАЖРЫЙБАСЫ

Сөз байлыгынын дээрлик бөлүгү мектепке чейинки жана башталгыч мектеп курагында калыптанат. «Курагына жараша баланын болжолдуу сөз байлыгы» диаграммасында көрсөтүлгөндөй, үч жашка чейинки куракта бала жаңы сөздөрдү жайыраак өздөштүрөт, жалпысынан 1 000 сөзгө жетет. Биринчи класска барган учурда баланын сөз байлыгы болжол менен 3 500 сөздү түзөт. Башталгыч мектепте окутуу процессинде сөз байлыгы 5 000ден (активдүү сөздөр) 10 000ге (пассивдүү сөздөр) чейинки сөздү түзөт.

[1] Саскинд Д. Тридцать миллионов слов. Развиваем мозг малыша, просто беседуя с ним. – М.: Манн, Иванов и Фарбер, 2016.

2-диаграмма. «Курагына жараша баланын болжолдуу сөз байлыгы»

Баланын курагы	Сөздөрдүн саны
1 жаш	5–9 сөз
1,5 жаш	20–40 сөз
2 жаш	50–200 сөз
3 жаш	800–1 000 сөз
3,5 жаш	1 100 сөз
4 жаш	1 600–1 900 сөз
5 жаш	1 900–2 200 сөз
6–7 жаш	3 500 сөз
7–10 жаш	5 000ден 10 000 сөзгө чейин

Окуучулардын сөз байлыгынын көлөмү менен иштөөдө мугалимге көпчүлүк учурда окуучулардын билиминин жана тажрыйбасынын деңгээлине жараша иш алып барууга туура келет. Мектепке чейинки даярдоо программаларын өздөштүргөн жана шар окуй алган балдар бар (мисалы, мектепке даярдоо боюнча бир жылдык «Наристе» программасы), ошол эле учурда айрым окуучулардын мектепке чейинки мекемеге же мектепке даярдоо программасына барууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес.

Мугалимдин окуучулардын сөз байлыгынын диагностикасын өткөрүүсү маанилүү, бул окууга үйрөтүү усулдарын жана ыкмаларын аныктоого гана эмес, окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү үчүн ылайыктуу тексттерди тандап алууга да жардам берет.

3.3. ТИЛДИК ТАЖРЫЙБА

Окутуу учурунда айрым балдардын окутуу тили үй-бүлөдө сүйлөшкөн эне тили болбошу мүмкүн экенин эске алуу керек. Мындай учурларда окутуу тилинде сөз байлыгынын чектелгендиги, сөздү бурмалап айтуу байкалышы мүмкүн: айрым тыбыштар башкасына алмаштырылат, сөздүн башы же аягы айтылбайт, айрым сөздөр болжолдуу контурга гана ээ болот. Мунун баары сөздү туура эмес түшүнүүгө жана туура эмес колдонууга алып келет. Учурдагы изилдөөлөр окутуу усулдарын жана ыкмаларын, сөздүктү түзүү жана активдештирүү үчүн түзүлгөн шарттарды туура колдонуу бул көйгөйлөрдү чечүү жолу экендигин көрсөтүүдө. Эне тилинен башка тилде окуган балдардын тобу менен иштөөдө мугалим жайыраак сүйлөп, балдарга алган маалыматты кайра иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн түзүп, берилген суроолорду түшүнүп, жообун туюндуруу үчүн убакытты көп чектебеши керек.

3.4. ОКУРМАНДЫК ТАЖРЫЙБА

Г. Дж. Уйатхерст жана анын кесиптештери баланын кебинин өсүүсү үчүн курчап турган чөйрөнүн маанилүүлүгүн далилдөө боюнча изилдөө жүргүзгөн. Анда ата-энеси диалогдук окууну колдонуу менен, сүрөттүү китептерди окуп берген балдардын сөз байлыгы көзөмөл топтогу балдарга караганда олуттуу түрдө өскөнүн көрсөткөн[1]. Бул изилдөөдө

[1] Whitehurst G. J., Falco F. L., Lonigan C. J., Fischel J. E., DeBaryshe B. D., Valdez-Menchaca M. C., et al. (1988). Accelerating language development through picture book reading. Developmental Psychology, 24, 552–559.

балдарына китеп окуп берүү усулдарын өздөштүргөн ата-энелер төрт жума бою күн сайын үн чыгарып окуп беришкен, ошондой эле окуу процессинде талкуулоо да колдонулган. Андан ары сөз байлыгынын көлөмүнө карата тест алынгандан кийин атайын топтордогу балдардын сөз байлыгынын өсүүсү көзөмөл топторундагы балдардан сегиз жарым айга алдыга кеткени аныкталган. Мындан сырткары, бул алдыга кетүүнү алар кийинки жылдарда да сактап калышкан[1]. Кийинки көптөгөн изилдөөлөр үйдө китептин болушу, аларды окуп талкуулоо баланын сөз байлыгынын байышына көмөкчү болорун тастыктаган.

Бул факт чоң кишилер балдар менен баарлашууда жаңы сөздөрдү тиешелүү деңгээлде колдонбой тургандыгы, ошол эле учурда китепте – жакшы жазылган текстте, эреже катары, көптөгөн ар түрдүү жаңы сөздөр болору менен тастыкталат.

Ошентип, окуучунун лексиконунда жаңы сөздөрдүн пайда болушуна, көпчүлүк учурда, китеп окуу олуттуу таасирин тийгизет. Сөздү пассивдүүдөн активдүү запаска өткөрүүгө жаңы сөздөрдү колдонуу менен оозеки кайра айтып берүү жардам берет. Китепти көп окуу менен, окуучулардын сабаттуулугу артат, анткени сөздөрдүн туура жазылышын жана сүйлөмдө колдонулушун (атайы жаттап отурбастан) окуп жатып эстеп калат. Сүйлөшүүдө орунсуз колдонулуп жүргөн сөздөр («анан», «бул», «ошол», «эми» ж. б.) жоголот, ошентип, окуучунун кеби өсөт. Окуу өз оюн топтоого, тактоого жана башкалардын айтканынын маанисин түшүнүүгө үйрөтөт.

3.5. ПРЕДМЕТ АРАЛЫК ЖАНА САБАКТАН ТЫШКАРКЫ БАЙЛАНЫШТАР

Башталгыч мектепте (1–4-класс) окуучулар бир катар предметтерди окуп үйрөнүшөт, алардын ичинде тилдер (кыргыз, орус, чет тилдер), математика, Мекен таануу, адеп, музыка, көркөм өнөр, дене тарбиясы. Балдар үчүн көптөгөн предметтер жаңы, алардын айрымдарынын негиздерин балдар мектепке чейинки даярдоо мезгилинде окуп үйрөнүшкөн. Башталгыч мектептин предметтери боюнча азыркы программа кенже окуучулардын кебин өстүрүүгө да, сөз байлыгын кеңейтүүгө да жогорку талаптарды коёт. Ошондуктан башталгыч мектепте окуу учурунда бала өмүрүндөгү сөздөрдүн эң көбүн үйрөнөт.

Окуучулардын сөз байлыгын активдүү кеңейтүү көп окуп, текст аркылуу жаңы сөздөрдү билүүгө туура келген предметтерде гана эмес, башка предметтерде да ишке ашат. Мисалы, математика (мисалдардын шарттарын, тапшырмаларды окуу) же Мекен таануу (жыл мезгилдерин окуп үйрөнүү, жаныбарларды, өсүмдүктөрдү, жаратылышты сыпаттоо боюнча окуу китептеги тексттер). Музыка сабагында окуучулар ыр, марш, фольклор, гимн, хор, симфония эмне экенин, түрдүү музыкалык аспаптардын аттарын, ноталык сабаттуулукту жана башка музыка менен байланышкан сөздөрдү үйрөнүшөт.

Ошондуктан бардык окуу предметтеринде мугалимдин окуучулардын сөз байлыгын кеңейтүү боюнча ишти туура уюштурууга көңүл буруусу абдан маанилүү, алар: жаңы сөздөрдү жеткиликтүү, жөнөкөй жана түшүнүктүү аныктоодон баштап, балдар негизги маанисин түшүнгөндөн кийин ал сөздөрдү колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүү.

Сөз байлыгын кеңейтүүдө класстан тышкаркы окуу чоң мааниге ээ жана балдарды өз алдынча окууга даярдоонун милдеттүү бөлүгү болуп саналат. Класстан тышкаркы окуунун максаты – окуучуларды учурдагы кенже курактагы окуучунун окуу чөйрөсүнө кирген балдар адабияты менен тааныштыруу, китепке болгон кызыгуусун, алар менен иштөө көндүмдөрүн, өз алдынча окууга карата оң мамилени калыптандыруу.

[1] Буг Дж. Рождённый читать. Как подружить ребёнка с книгой. – М.: Альпина нон-фикшн, 2015. – 302-б.

Сабактан тышкаркы убакта китеп окуу менен, окуучулар окуганы боюнча күндөлүк, сөздүк ишин жүргүзүшү мүмкүн. Аны менен катар төмөнкү ишмердиктерди аткара алышат:

– тааныш эмес сөздөрдү жазып алуу жана иллюстрациялоо;
– жаңы сөздөрдү түшүндүрүү аркылуу окуганын талкуулоо;
– таасирлүү, кызыгууну жараткан кеп түрмөктөрүн көчүрүп жазуу, алардын тексттеги маанисин түшүндүрүп берүү;
– тааныш эмес, оор сөздөрдү, сөз айкаштарын көчүрүп жазуу жана талдоо;
– жаңы сөздөрдү пайдалануу менен, өз окуясын жазуу ж. б.

Балдар жаңы сөздөрдү көчүрүп жазып, аларды «сөздөрдүн дубалына» илип коё алышат («Сөз дубалы» көнүгүүсүн караңыз) же мугалим уюштурган башка ыкмаларды колдоно алышат. Окутуу процессинде сөздүк ишин алып барууну уюштуруу методдорунун көп болуусу маанилүү: жаңы сөздөрдүн маанисин аныктоо, алар менен сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү түзүү; чыгармачылык менен иштөө: аңгеме жаратуу, сүрөт тартуу, сахналаштыруу.

4. СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮ (ТОЛУКТОО ЖАНА КЕҢЕЙТҮҮ) ЫКМАЛАРЫ

Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча иш үзгүлтүксүз жана ырааттуу жүргүзүлүшү керек. Окуу сабагында сөздүк иши үчүн атайын баскыч дайыма эле бөлүнө бербейт, бирок ишмердиктин бардык түрлөрү аны менен тыгыз байланышта болот. Мугалим окуучулар билбеген бардык сөздөр үчүн конкреттүү көрсөтмөлөрдү сунуштай албайт. Инсанга багытталган окутуу шарттарында ал окуучуларды өзүнүн сөз байлыгын байытуунун үстүндө иштөөгө үйрөтүшү керек. Бул баланын бүтүндөй окутуу процессинде ийгиликтүү болушуна жардам берет.

Төмөндө окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча негизги ыкмалар берилди.

Сөз байлыгын өстүрүү боюнча ыкмалар

Сөздүн маанисин мугалимдин түшүндүрүүсү

Сөздүн маанисин төмөнкү учурларда түшүндүрсө болот:

1. Тааныш сөздүн жаңы маанисин үйрөнүү.

Окуучу сөздү оозеки кебинде жана окууда колдонот, бирок мугалимдин жардамы менен сөздүн жаңы маанисин өздөштүрөт.

Мисалы, окуучу *«жар»* деген сөздү «аң, чуңкур» же «отунду балта менен майдалоо» маанисинде билсе, мектепте окуп жатып, ал сөздүн «дос, колдоочу, жубай, билдирүү» маанилерин дагы үйрөнүүсү мүмкүн.

2. Тааныш түшүнүктү билдирген жаңы сөздүн мааниси менен таанышуу.

Окуучу түшүнүк менен жакшы тааныш, бирок бул түшүнүктү мүнөздөгөн кайсы бир конкреттүү сөздү билчү эмес. Мисалы, окуучунун топ да, глобус да көңдөй шар экендиги тууралуу түшүнүгү болуп, Мекен таануу сабагында алар *«сферанын»* мисалдары экенин үйрөнөт.

3. Тааныш эмес түшүнүктү билдирген жаңы сөздүн мааниси менен таанышуу.

Окуучу сөз менен да, сөз түшүндүргөн түшүнүк менен да тааныш эмес.

Мисалы, окуучу «фотосинтез» деген сөздү өмүрүндө кездештирген эмес жана бул эмне экендиги тууралуу түшүнүгү да жок.

4. Тааныш сөздүн маанисин тактоо жана кеңейтүү.

Окуучу өзү колдонгон сөздөрдүн ортосундагы абдан кылдат айырмачылыктарды тактайт. Мисалы, окуучу төмөнкү сөздөрдүн

ортосундагы айырманы аңдап түшүнүп баштайт: *«жаан жаайт», «жаан себелеп жаайт», «жаан нөшөрлөп жаайт-«ак» жаанга айланат.*

«Сөздүн графикалык уюштургучу», «Сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү» 1 жана 2, «Сөздөрдүн дубалы» көнүгүүлөрү «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө.

Маалымдама адабиятын пайдалануу

Окуучулар сөздөрдүн маанисин туура түшүнүү үчүн шилтемелерди, сөздүктөрдү жана маалымдама адабияттарды пайдалануга үйрөнүшү керек. Сөздүктөрдө сөздөрдүн лексикалык маанилерин түшүндүрүүнүн ар кандай ыкмалары колдонулат. Сөздөрдүн мааниси контексттеги мисалдар менен берилет.

Мисал

Мугалим класста текстти окуйт жана көпчүлүк балдар маанилүү бир сөздүн маанисин түшүнүшпөй тургандыгын көрөт: *«Бул ат ага абдан жакты»*. Мында мугалим бул сөздүн сөздүктө көрсөтүлгөн бир нече маанисин келтирет: *ат адамдын ысымы, ат жылкы жана мылтыктан атуу, жаа атуу.* Балдар тексттин маанисине туура келген вариантын тандашат.

Тандоонун тууралыгын аныктоо үчүн балдар тандаган вариант сүйлөмгө коюлуп, айтылат: *«Бул жылкы ага абдан жакты»*.

Бул ыкма тууралуу «Сөз байлыгын өстүрүү үчүн маалымдама адабияттарды колдонуу» бөлүмүнөн кеңири табууга болот.

Сөз жасоо жолдорун эске алуу

Сөздөр маанилүү бөлүктөрдөн турат, алар морфема деп аталат: уңгу жана мүчө.

Сөздүн маани берүүчү бөлүгү – уңгу. Мүчөлөр: сөз жасоочу мүчөлөр (комузчу, шаардык, дарыгер, Кыргызстан ж. б.), сөз өзгөртүүчү мүчөлөр (комузду, шаарда, дарыгердин, кыргыздар ж. б.).

Мисал

Мугалим окуучуларга «*сулуу»* деген сөздүн маанисин кароону сунуштайт жана бул сөз менен байланышкан сөздөрдү атоону суранат: *сулуулук, сулууча, сулуула, сулуулар, супсулуу*. Балдар айткан бардык сөздөр доскага жазылгандан кийин мугалим ар бир сөздүн маанисин/түшүнүктү жана анын *«сулуу»* деген сөз менен байланышын түшүндүрүүнү суранат.

«Сөздүн уңгусу» көнүгүүсүн «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүнөн караңыз.

Контекстти (багыттама жардамды) пайдалануу

Тексттин контексти белгисиз сөздүн, фразанын же сүйлөмдүн маанисин аныктоого жардам берет. Контексттеги ачкычтарга аныктамалар, мисалдар, сыпаттоолор кирет. Окуучулар көпчүлүк сөздөрдүн маанисин кыйыр түрдө же контекстке ылайык аныктап үйрөнгөндүкөн, алардын контексттеги багыттама жардамды натыйжалуу колдонууга үйрөнүшү маанилүү.

Мисал

Айылдын четинде чоң чынар турат (бул сөздү бардык эле балдар биле бербейт). Көп жылдардан бери чарчаган жолоочулар анын көлөкөсүндө эс алышат (чынардын дарак экендигин аныктоо үчүн багыттама жардам анын көлөкөсүнүн болгондугу болуп саналат).

«Көмөкчү сүрөт», «Контекст менен иштөө» көнүгүүлөрү «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө.

Окутууда көп кайталануучу сөздөр

Башталгыч класстардын окуучулары «илим» жана «илимпоз» деген сөздөрдү тез-тез кездештиришет, мисалы, белгилүү жазуучулардын өмүр баянын үйрөнүүдө же алардын чыгармаларында *(«…Короочу музыкалык мектепке өтпөй калды да… ата-энесине «илимпоз» болом деп ыйлап кирди» К. Акматовдуку боюнча, Адабий окуу, 3-класс. Түзүүчүлөр – Б. Абдухамидова ж. б. – Б.: «Принт Экспресс», 2016)*. Мугалим «илим» жана «илимпоз» деген сөздөрдү окуу китебинен баса белгилеп, класстан тышкаркы окуу боюнча китептерден мисал келтирет, ошондой эле окуучулардан бул сөздөрдүн башка учурларда – басма сөздө (газеталарда, журналдарда), музейлерде, телешоуларда, фильмдерде же интернетте кездешкен учурларын эстеп көрүүнү суранат.

Сөздөрдү топтоштуруу

Сөз байлыгын өнүктүрүү үчүн натыйжалуу ыкма лексикалык маанисинин окшоштугу боюнча сөздөрдү категорияларга бөлүү / топтоштуруу көнүгүүлөрүн колдонуу болуп саналат. Мындай мамиле сөздү терең түшүнүүгө, мааниси окшош сөздөрдүн ортосундагы өз ара байланыштарды кененирээк түшүнүүгө, кошумча маанилерин айырмалоого жана элестетүүнү, кыялданууну колдонууга шарт түзөт.

Мисал

Бул сөздөрдү мааниси боюнча эки тик катарга топтоштургула.

Чуркоо, тез кыймылдоо, эсепти сүйгөн, чуркап жөнөдү, чуркап келди, аяр, үнөмдүү, чарбачыл, камдуу, ысырапкор эмес.

«Синонимдер», «Кичинеден чоңго» көнүгүүлөрү «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө.

Бир нече мааниге ээ болгон сөздөр (омонимдер)

Бир нече мааниге ээ болгон сөздөр (омонимдер) окуучулар үчүн өзгөчө кыйын, анткени башталгыч класстардын окуучулары үчүн контекстке жараша бир сөздүн көптөгөн маанилерин табуу дайыма эле оңойго турбайт. Балдар сөздүктөн бир нече маанини таба алышат, бирок тексттин контекстине туура келген маанисин аныктоодо кыйынчылык жаралышы мүмкүн. Ошондуктан мугалим окуучулардын керектүү маанини аныктоосуна жардам берүүсү керек.

Мисалы: *ак* төмөнкүлөр болушу мүмкүн:
а) түс;
б) сүт азыктары;
в) таза.

Же *курал* деген сөз
а) аскер куралы;
б) бир нерсени аткаруу үчүн курал (бул ишти аткаруу үчүн эң жакшы курал).

Синонимдер, антонимдер

Сөздүк менен иш алып баруунун багыттарынын бири антонимдерди жана синонимдерди колдонуу болуп саналат. Сөз текстен туура кабыл алынышы, бардык кошумча маанилери менен түшүнүктүү болушу, активдүү сөздүккө кирип, керектүү кырдаалда өз алдынча колдонулушу зарыл.

Синонимдер менен иштөө кенже курактагы окуучулардын сөздөрдүн лексикалык маанисин аңдап түшүнүүсүнө, кепте кайталоону болтурбоо үчүн чыгармачыл оозеки жана жазуу иштерин аткарууда сөздү так колдоно билүүсүн калыптандырууга багытталат. Синонимдерди колдонуу боюнча көнүгүүлөр ар түрдүү.

Мисалдар

1. Мааниси окшош сөздөрдү танда. Бул сөздөрдү катыштырып сүйлөм түз.

Душман – каршылаш, бири-бирине өч.
Кайгыруу – көңүл чөгүү, маанайы түшүү.

2. Мааниси окшош сөздөрдүн бирин танда.

Быйыл (ысык, аптаптуу, мээ кайнаткан, дем болгон) жай келди. Токой (жанданды, ойгонду, түсүнө келди). Алдыда көйкөлгөн эгин талаасы, (көгүлтүр, мелжиген) асман.

Антонимдер менен иштөө буюмдарды, кубулуштарды, жүрүм-турумду салыштырууга, бири-бирине каршы коюуга, жыйынтык чыгарууга үйрөтөт.

Мисалдар

1. Макалдарды окуп, мааниси боюнча карама-каршы болгон сөздөрдү тап. Макалдын маанисин түшүндүр.

Ачуу – душман, акыл – дос.
Аз сүйлөп, көп ук.
Душман сүйдүрүп айтат, дос күйдүрүп айтат.

2. Түшүп калган сөздү ордуна кой.

Акылдуу эл камын ойлойт, акылсыз (жакындарын, досторун, байлыгын, өз камын) ойлойт.

Жаш келсе – ишке, кары келсе – (түшкү тамакка, конокко, ашка).

3. Дилбаянда эки кубулушту салыштыр: «Кышкы токой жана күзгү токой».

«Кичинеден чоңго», «Синонимдер» көнүгүүлөрү «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө.

Фразеологиялык сөздөрдү иликтеп-үйрөнүү

Фразеологиялык сөздөрдү окуп-үйрөнүү сөз байлыгын кеңейтүүгө; окуучулардын кебин өстүрүүгө; таанып-билүү ишмердигин активдештирүүгө; кебинде фразеологиялык түрмөктөрдү колдонууга үйрөтүү үчүн жардам берет.

Фразеологизм же фразеологиялык түрмөк – тилдеги сөздөр сыяктуу эле мурдатан даяр түрдө колдонулуп келе жаткан, курамы боюнча туруктуу, мааниси боюнча бүтүн сөз айкашы же сүйлөм.

Бардык фразеологизмдер алгач конкреттүү окуяларды, кубулуштарды, фактыларды билдирүү үчүн колдонулган. Акырындык менен түрдүү себептерден улам биринчи маанисине бир жагынан окшош, бирок башка нерсени билдирүү үчүн кыйыр түрдө колдонула баштаган. Бул фразеологизмдерге өзгөчө образдуулукту жана көркөмдүктү берип турат.

Мисалдар

Сыртка чыксам караңгы экен. Сыртка чыксам көзгө сайса көрүнгүс экен.

Ийгилигиңди угуп, абдан кубандым. Ийгилигиңди угуп, төбөм көккө жетти.

Кийин түшүнүп, өкүнүп калдым. Кийин түшүнүп, бармагымды тиштеп калдым.

Фразеологиялык түрмөктөр – бул грамматиканын бөлүмдөрүн бекемдөө, сөз байлыгын кеңейтүү жана окуучулардын кебин өстүрүү үчүн эң сонун материал. Фразеологизмдердин келип чыгышын (этимологиясын) билүү окуучулардын үйрөнүлүп жаткан предметке карата таанып билүү кызыгуусун жогорулатат жана кругозорун кеңейтет.

Фразеологияны окутуу балдарды фразеологизмдерди укканга, аларды тексттен көрө билип, түшүнүүгө гана эмес, аларды активдүү, стилистикалык жактан өзүн актаган түрдө кебинде, күндөлүк баарлашуусунда колдонууга үйрөтүшү керек.

«Фразеологизмдер менен иштөө» көнүгүүсү «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө.

5. ИЛЛЮСТРАЦИЯЛЫК МАТЕРИАЛДАР МЕНЕН ИШТӨӨ

Башталгыч класстардын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүү үчүн текстик материал менен иштөөдөн сырткары пассивдүү сөз байлыгын активдештирүүгө жардам берүү үчүн сүрөт-китептерди кароо сунушталат. Алардын сүрөттөрү боюнча кызыктуу окуяларды айтып берүүгө болот. Учурда мындай китептерди Кыргызстанда да табууга болот. Бул сүрөттөрдөн гана турган китеп, ал «виммельбух» деп аталат. Ыңгайлуулук үчүн мындан ары бул китептерди виммельбух деп атайбыз.

Ротраут Сузанна Бернердин «Жыл мезгилдери» виммельбух-китебинен алынган сүрөттөр.

Бул китептер, эреже катары, калың картонго басылган анча көп эмес – 7–10 бүктөмгө ээ. «Классикалык» виммельбух жетиштүү деңгээлде чоң, А2 форматта болот, бирок анын кичинекей варианттары да бар. Китептин ар бир сүрөтүндө терең ойлонулган образдар болот, мейкиндикти толук ээлеген, кылдат тартылган майда бөлүктөр (деталдар) виммельбухтун өзгөчө, айырмаланып турган атмосферасын жаратат. Беттеги деталдардын саны абдан көп, сүрөтчү андагы мейкиндиктин дээрлик ар бир сантиметрин бош калырбай кылдат пайдаланган. Улам кийинки бетти ачып жатып, өз ара жаңы байланыштарды, турмуштук кырдаалдарды табууга, каармандардын адаттарын көрүүгө, окуяны салыштырууга жана анын өнүгүшүн болжолдоого, жаңы сөздөр, түшүнүктөр, өз ара байланыштар менен таанышууга болот – мунун баары өзүнө тартып турган, дароо жаралуучу кызыктуу окуялар түрүндө болот. Виммельбух менен активдүү иштөө эстутумду, көңүл бурууну машыктырат, сөз байлыгын өстүрөт, кругозорду, себеп-натыйжа байланышын таба билүүнү жакшыртат.

Окуу сабактары учурунда окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү максатында мугалим китепте кандай каармандар жана буюмдар чагылдырылганын айтууну сурана алат.

Wimmelbuch («окуяга, сүрөткө бай, жыбыраган китеп») түзүү тарыхынын тамыры Германияга карай кетет. Анын түпкү атасы катары сүрөтчү Али Митгушту эсептешет, ал кырк жылдай мурда биринчи сүрөт-китепти тарткан, анда ал XVII кылымдагы немец граверлорунун унутулуп калган ыкмасын колдонгон. Анын мааниси – сүрөттөрдү карап жатканда, алар кандай жайгашканына карабастан, бардык фигуралар тегиз (бирдей) көрүнгөнүндө. Бул жанр абдан тездик менен балдарды да, чоң адамдарды да кызыктырып, аз эле жылда миллиондогон аудиторияга ээ болду[1].

Андан кийин окуучулар сүрөттө болуп жаткан каармандардын бардык аракеттерин (этиштерди) аныкташат – «чуркап баратат», «көтөрүп баратат», «ыргытып жатат» ж. б. Андан ары бир аз татаалырак милдет коюлат – ар бир каармандын ымдоолорун, жан-дүйнөсүнүн абалын, эмоциясын аныктоо: кубаныч, суроо берүү, коркуу, таң калуу ж. б. Иштин кийинки баскычы буюмдардын, каармандардын, кубулуштардын ортосундагы өз ара байланышты аныктоо болуп саналат. Көпчүлүк учурда мындай китептерде жыл мезгилдеринин, күн менен түндүн алмашуусу, күн тартиби же окуялар тууралуу айтылат. Иштин жыйынтыктоочу баскычы катары автордун окуясын айтып берүү же өзүнүн окуясын ойлоп табуу тапшырмасы сунушталат.

Долбоордун алкагында окуу сабактарында сөз байлыгын өстүрүү боюнча иш алып барууда көмөкчү материал катары **тематикалык постерлердин** топтому иштелип чыгат.

[1] Виммельбух: гениальная книга или выброшенные на ветер деньги? ЭСО ВООМдун сайты // http://eco-boom.com/vimmelbuh-genialnaya-kniga-ili-vybroshennye-na-veter-dengi/

Ар бир тематикалык постер окуучулардын иштөөсү – сыпаттоо, талкуулоо, ой жүгүртүү үчүн сунушталган темалардын бирине арналат. А 2 форматындагы түстүү постерлерде окуучулар тартылган сүрөттүн майда бөлүктөрүнө чейин көрө алышат.

Тематикалык постерлер окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча абдан натыйжалуу курал болуп саналат. Постерлерде тиешелүү тема боюнча сөздөрдүн топтому болот, аларды талкуулоо окуучулардын логикалык ой жүгүртө билүүсүн өнүктүрүүгө шарт түзөт. Постерлер менен иштөө жаңы сөздөр менен таанышууга, аларды өз кебинде колдоно билүүгө үйрөтөт, ошентип сөз байлыгын тереңдетет. Постерлер дайыма башталгыч класстардын окуучулары үчүн кызыктуу болот: сүрөттөгү каармандарды, ишаракеттерди жана окуяларды, окуя болуп жаткан жерди, кошумча бөлүктөрдү кароо жана талкуулоо алар үчүн кызыктуу.

Тематикалык постерлерди колдонуу ыкмалары

- **Баяндоо.** Мугалим окуучуларга тематикалык постерди көрсөтүп, окуучуларга көргөндөрүн баяндоону сунуштайт.
- **Издөө.** Мугалим окуучуларга сөздөрдүн жана сөз айкаштардын топтомун сунуштоо менен, тиешелүү сүрөттөөлөрдү табууну жана өзү тандаган сөздөрдү түшүндүрүп берүүнү суранат. Же, тескерисинче, мугалим окуучулардын көңүлүн картинадагы бөлүктөргө/сүрөттөөлөргө бурат жана аларга тиешелүү ат берүүнү суранат.
- **Салыштыруу.** Мугалим окуучуларга сүрөттөрдү (каармандарды, аларды сыпаттоону, аракеттерин ж. б.) салыштырууну, жалпы мүнөздөмөлөрүн табууну, алардын ортосундагы себеп-натыйжа байланыштарын аныктоону ж. б. сунуштайт; сөздөр менен иштөө үчүн мугалим окуучулардан постердеги айрым сүрөттөрдүн аталыштарына карата синонимдерди же антонимдерди табууну сурана алат.
- **Суроо түзүү.** Мугалим окуучуларга тематикалык постерге карата суроолорду түзүүнү жана коюлган суроолорго жооп берүүнү сунуштайт.
- **Сахналаштыруу.** Мугалим окуучуларга постерде чагылдырылган каармандарды сүйлөтүүнү же каармандардын атынан аңгеме түзүүнү сунуштайт.
- **Үн чыгарып ой жүгүртүү.** Мугалим окуучуларга постерде берилген тема боюнча өздөрүнүн тажрыйбасы тууралуу айтып берүүнү сунуштайт.
- **Божомолдоо.** Мугалим постердеги сүрөттөрдүн бөлүгүн жаап коюп, ал бөлүктө эмне чагылдырылышы мүмкүн экендигин сурай алат. Окуучулар постердеги багыттамажардамдарды колдонуп, өздөрүнүн жоопторун түшүндүрүү менен, ал жерде эмне болушу мүмкүн экендигин болжолдошот.



Көнүгүүлөр ар түрдүү жана кызыктуу болушу мүмкүн: окуучулардын жаңы сөздөр менен гана таанышпастан, аларды оозеки жоопторунда колдонуусу, андан кийин түрдүү контексттерде: өз ара баарлашууда же окутууда (мисалы, жазуу тапшырмаларында) колдонуусу маанилүү.

6. СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮ ҮЧҮН МААЛЫМДАМА АДАБИЯТТАРДЫ КОЛДОНУУ

6.1. СӨЗДҮКТӨР

Башталгыч класстардын окуучуларынын оозеки жана жазуу кебин өнүктүрүүдөгү маанилүү багыттардын бири сөздүк менен иштөө болуп саналат. Сөздүктөрдүн жардамы менен окуучуларга өзүнүн сөз байлыгын арттырууга, аны тактап, активдештирүүгө, тааныш эмес сөздөрдүн лексикалык маанилери менен таанышууга, грамматикалык формаларды, тилдин ченемдерин өздөштүрүүгө, ошондой эле сөздөрдү (орфоэпиялык жактан) туура айтууга, сөздөрдүн басымын туура коюуга үйрөтүүгө мүмкүнчүлүк берилет. Сөздүктөрдү пайдалана билүү окуучуларга мектепте ийгиликтүү болууга жана андан кийинки турмушунда тил боюнча өз билимин толуктоого, баарлашууда, китеп жана мезгилдүү басма сөздү окууда, ошондой эле радио угууда жана теле берүүлөрдү көрүүдө лексикалык кыйынчылыктарды жеңүүгө мүмкүнчүлүк берет.

> Сөздүк – белгилүү принцип боюнча (мисалы, алфавит боюнча) жайгашкан сөздөрдүн тизмегин камтыган, түшүндүрмөсү же башка тилге котормосу бар китеп.

Сөздүк менен иштөөнү сабактын конкреттүү максаттарына жана милдеттерине жараша бөлүк-бөлүк менен эмес, башталгыч мектепте биринчи класстан баштап төртүнчү классты аяктагыча системалуу жүргүзүү максатка ылайык келет. Көпчүлүк учурда сөздүк менен иштөө окуучулардын түшүндүрмө сөздүктү колдонуусуна келип такалат, бирок 1-класстан баштап 4-классты бүткөнгө чейин окуучулардын ар түрдүү сөздүктөр менен таанышуусу пайдалуу болуп саналат, алар: *фразеологиялык сөздүк, синонимдер сөздүгү, чет элдик сөздөрдүн сөздүгү, этимологиялык сөздүк, энциклопедиялык сөздүк* ж. б. Сөздүктөр класста дайыма турганы жана балдардын аларды сабакта гана эмес, сабактан тышкаркы ишмердикте да эркин колдоно алганы жакшы.

Сөздүктөр менен натыйжалуу иштөөнү уюштуруу үчүн төмөнкү методикалык принциптерге таянуу керек болот:

- **Сөздүк менен иштөө көндүмдөрүн акырындык менен калыптандыруу.** Сөздүк, анын түзүлүшү, андагы сөздөрдүн жайгашуу принциптери, жардамчы-белгилер менен баскыч боюнча таанышууну билдирет.
- **Сабактарда системалуу колдонуу.** Башталгыч мектепте окууда ар кандай иштин түрлөрү үчүн жумасына 3–4 сабакта сөздүктөр менен (сабакта 10 мүнөттөн) иштөө:

  а) жамааттык жана жекече;

  б) репродуктивдүү жана чыгармачыл;

  в) оозеки жана жазуу түрүндө.
- **Кенже окуучулардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу.** Натыйжага жетүү үчүн кенже окуучулардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн, кызыкчылыктарын эске алуу зарыл. Окуучулар үчүн кызыктуу тапшырмаларды жана көнүгүүлөрдү колдонуу аркылуу гана сөздүк менен туруктуу иштөө көндүмдөрүн калыптандырууга болот. К. Д. Ушинский кызыктыруучу тапшырмаларды экиге бөлүп: формасы боюнча кызыктыруучу тапшырмаларга ребус, кроссворд, лакап, табышмак,

кыска ырларды киргизген. Ал эми мазмуну боюнча кызыктыруучу тапшырмаларга балдар адабиятынан, элдик оозеки чыгармалардан алынган тапшырмаларды киргизген. Мындай тапшырмалардын бири окуучулардын сөздүктөрдү түзүүсү боюнча тапшырма болуп саналат.

Окуучулардын сөздүктөрүнөн мисалдар

Сөздүктүн мазмуну жана формасы

Сөз	Сөздүн мааниси	Сүрөт
Сонун	Абдан жакшы, Келишкен	Аба ырайы сонун
Аска	Бийик зоо (тоо)	Аска

Сөз	Сөздүн мааниси	Синонимдер	Антонимдер
Зор	Өлчөмү боюнча өтө чоң	Абдан чоң Чоң Улуу Кылтейген	Кичинекей Кенедей Чоң эмес Кыбыраган
Саксайган	Үрпөйгөн Жудогон Үксөйгөн	Кебетеси кеткен Тыкан эмес Таралгбаган	Таралган Иретке келтирилген Тыкан

Сөз	Сөздүн мааниси	Сөздөрдө жана сүйлөмдөрдө колдонуу
Бубак	Бак-даактардын үстүндөгү кар катмарынын крисаллдары	1. Бактарды бубак басып турат.
Ынтызар	Жаңы билимдерди билүүгө умтулган	Бала абдан ынтызар. Биздин класс абдан ынтызар болду.

Сөз	Табышмак же ребус
Кит/еп	 + ЕП
К/үч, т/өрт ж. б.	К + З Т +
Бал/а	+ А
Тиш	Кыдырата таш койдум, Кызыл өгүздү бош койдум.
Кара-Балта	Аты менен отун жарасың, Анда-санда өзүң барасың. Тапкандар күтө турсун, Таппагандар картаны карасын

6.2. ЭНЦИКЛОПЕДИЯЛАР

Окуучулардын пассивдүү да, активдүү да сөз байлыгын кеңейтүүгө таасир этүүчү жаңы сөздөрдү таанып-билүүнүн бай булагы энциклопедиялар болуп саналат. Азыркы учурда балдарды кызыктырган бардык темалар боюнча энциклопедияларды табууга болот.

Энциклопедиялар – бул кайсы бир тема боюнча же универсалдуу мүнөзгө ээ болгон фактылардын, маалыматтардын жыйындысы.

Балдар энциклопедиясындагы материал, эреже катары, жеткиликтүү жана кызыктуу формада берилет, ал эми ачык түстүү сүрөттөр же иллюстрациялар материалды өздөштүрүүгө окуучулардын көрүү эстутумун кошуу менен текстти коштойт.

Энциклопедиянын варианттарынын бири сөздөрдү алфавиттик тартипте жайгаштыруу болушу мүмкүн, ошондуктан мындай энциклопедияларды пайдалануу үчүн окуучулар алфавитти жакшы билиши керек. Башка форматы – бул энциклопедиянын темаларын логикалык жактан бир түзүмгө келтирүү менен баяндоо. Энциклопедиядагы маалымат кыска, так, мазмундуу, бир түзүмгө салынып жана ишенимдүү берилет.

Окуу сабагында энциклопедия жаңы сөздөр менен таанышуу же тааныш сөздөрдү аныктоо/тактоо куралы боло алат. Мугалим энциклопедияны андагы сүрөттөрдү жана баяндоолорду көрсөтүү менен, окуучуларды сөздүн түз мааниси менен тааныштырып аларды кебинде кандайча пайдалануу керектигин түшүндүрүү үчүн колдоно алат.

Энциклопедия менен иштөөнүн башка варианты ишти чакан топтордо уюштуруу болушу мүмкүн. Мугалим окуучуларды чакан топторго бөлөт (1-бөлүмдү караңыз), балдар энциклопедиянын жардамы менен бул сөздөрдүн маанисин таап, класска түшүндүрүү үчүн ар бир топко бир катар (3–4 сөз) сөздөрдү берет. Топтогу иш аяктагандан кийин мугалим окуучулардан өз иштерин көрсөтүүнү, ошол эле учурда энциклопедия менен иштөө алгоритмин айтып берүүнү сурана алат: алар сөздүн маанисин кантип издешти, бул сөздөр кандайча түшүндүрүлдү/берилди, сүрөттөр сөздөрдүн маанисин түшүнүүгө жардам бердиби. Балдардан сөздөрдү түшүндүрүүсүн сурануу болот.

Энциклопедия менен иштөөнүн дагы бир ыкмасы энциклопедияда берилген тексттик материалды визуалдык (көрө турган) образга айландыруу. Мисалы, энциклопедиядан окуучулар кайсы бир теманы окуп-үйрөнүштү дейли, аны окуп-үйрөнгөндөн кийин окуучулар түшүнгөн материалын чагылдырган сүрөт тартуусу, фигураны ийлеп жасоосу же бир кол буюмун жасоосу керек болот.

Үй тапшырмаларынын бири коюлган тема боюнча өзүнүн энциклопедиясын түзүү болушу мүмкүн. Мисалы, мугалим окуучуларга аквариум балыктары, кесиптер, үй жаныбарлары же Кыргызстандын шаарлары, айылдары тууралуу энциклопедия жасоону сунуштайт. Бул тапшырма менен иштеп жатышып, балдар өз алдынча көптөгөн жаңы сөздөрдү билишет, жасалган энциклопедиянын бет ачарын жасап жатышып, ал сөздөрдү сабакта бүтүндөй класска айтып беришет.

7. СӨЗ БАЙЛЫГЫН БААЛОО

Башталгыч мектептин окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүүнү белгилүү психологдор жана педагогдор изилдеп келишет. Изилдөөлөрдөгү маалыматтар окуучулар кандай тематикадагы сөздөрдү пайдаланарын жана окууга натыйжалуу үйрөтүү үчүн дагы кандай сөздөр менен толуктоо керектигин аныктап алууга мүмкүнчүлүк берет.

Окуучулардын сөз байлыгынын деңгээлин түрдүү максатта баалоо менен логопеддер, методисттер, мугалимдер алектенишет. Башталгыч класстын окуучуларынын активдүү да, пассивдүү да сөз байлыгын диагностикалоо үчүн түрдүү методикалар иштелип чыгып, колдонулууда.

«Мектеп окуучуларынын сөз байлыгын изилдөө тиешелүү курактагы окуучулар өздөштүргөн лексикалык микросистеманын кемчиликтерин аныктоого мүмкүнчүлүк берет, ошондуктан көптөгөн психологдор жана педагогдор окуучулардын сөз байлыгынын деңгээлин аныктоого аракет кылышат»[1].

Бул бөлүмдө башталгыч мектептин окуучуларынын сөз байлыгынын деңгээлин баалоо үчүн үч түрдүү курал сунушталат. Сунушталган куралдардан сырткары мугалим класста окуучулар бири-бири менен сүйлөшүп жатканда, сабактын темасын талкуулоо учурунда, адабий чыгармаларды кайра айтуу процессинде, чакан топтордо иштөө учурунда, чыгармачыл иштерди аткаруу жана текстти түшүнүү боюнча суроолорго жооп берүүдө алардын кебине байкоо жүргүзүү аркылуу сөз байлыгынын деңгээлин баалай алат.

[1] Елизарова Е. Р. Как оценить словарный запас современного школьника: содержание и технология констатирующего эксперимента// Международный студенческий научный вестник. – 2015. – № 5 (1-бөлүк). http://www.eduherald.ru/ru/article/view?id=12703 (караган күн: 18.08.2017).

БААЛОО 1. СИНОНИМИН ТАБУУ

Баяндоо

Тест окуу жылынын аягында жазуу түрүндө өткөрүлөт жана таблица түрүндө болот, анда сөздү текшерүү үчүн каражаттар берилет. Биринчи, экинчи класстардын окуучуларынын сөз байлыгынын деңгээлин баалоо үчүн тестте зат атоочтор, сын атоочтор жана этиштер болот, ал эми үчүнчү, төртүнчү класстардын окуучулары үчүн тестке тактоочтор да кошулат. Тестте 15 сөз болот, окуучулар алардын ар бирине тандоо үчүн сунушталган сөздөрдүн ичинен синонимин белгилөөсү керек.

Мугалим тиешелүү тема же конкреттүү текст боюнча сөз байлыгынын деңгээлин ченеги-си келсе, мындай тестти өз алдынча түзө алат.

Күтүлүүчү натыйжалар

Окуучулар:

- сөздүн маанисин аныкташат;
- сунушталган сөздөрдөн синонимин тандашат.

Деңгээл: 1–4-класстар. Деңгээл тест барагынын жогору жагында көрсөтүлгөн.

Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим окуучуларга тестти таратат жана аны аткаруу максатын, жол-жобосун түшүндүрөт:

«Балдар, силердин алдыңарда таблица түрүндөгү тест турат. Таблицанын биринчи тик тилкесинде маанисин аныктоо керек болгон сөздөр бар. Бул сөздөрдүн асты сызылган. Ар бир асты сызылган сөзгө карата бир нече башка сөздөр берилет. Бул сөздөрдөн асты сызылган сөзгө мааниси жакын сөздү тандоо керек. Катардагы тандаган сөзүңөрдү тегеректегиле.

Мисалы: биринчи тик тилкедеги асты сызылган сөз – «кенедей». Ага карата «күлкүлүү», «ар бир», «кичинекей» деген сөздөр берилген. Бул сөздөрдүн кайсынысы мааниси боюнча «кенедей» деген сөзгө жакын? Бул «кичинекей» деген сөз, ал тегеректелген. Тестти өз алдынча аткаруу керек. Тестти аткарууга …мүнөт берилет».

Баалоонун натыйжаларын талдоо

12 туура жооп – сөз байлыгынын жетиштүү деңгээли.

9–11 туура жооп – окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүгө багытталган көнүгүүлөрдүн санын көбөйтүү керектигин билдирген деңгээл.

8 жана андан аз туура жооп – төмөн деңгээл, бул сөз байлыгын кеңейтүүгө мугалим жана ата-энелер тарабынан ар тараптуу жардам керектигин билдирет.

Деңгээли: 1-класс **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Үлгү

	кенедей	күлкүлүү	ар бир	кичинекей

Таблицанын ар бир катарынан асты сызылган сөзгө мааниси жакын сөздү үлгүдөгүдөй кылып тегеректе.

1.	кубанычтуу	бийик	маанайы ачык	бай
2.	адам	киши	жылкы	булак
3.	сырдуу	кичине	жашыруун	жылмакай
4.	айыптоо	күлдүрүү	жыгылуу	күнөөлөө
5.	маектешүү	сүйлөшүү	сүрөттөө	жазуу
6.	сулуу	терең	чынчыл	татынакай
7.	байкоо	көнүү	күтүү	кароо
8.	жел	шамал	кум	альбом
9.	зор	оор	алп	жакын
10.	мыкты	сонун	ийри	чоң
11.	ашыгуу	унутуу	алаксуу	шашылуу
12.	жолдош	конок	дос	кошуна
13.	кайгылуу	жароокер	олбурлуу	капалуу
14.	жутуу	сындыруу	даярдоо	ууртоо
15.	кайраттуу	кекирейген	жүрөктүү	салабаттуу

Деңгээли: 2-класс **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Үлгү

	кенедей	күлкүлүү	ар бир	кичинекей

Таблицанын ар бир катарынан асты сызылган сөзгө мааниси жакын сөздү үлгүдөгүдөй кылып тегеректе.

1.	ыраак	татаал	кымбат	алыс
2.	иш	эмгек	баш	тамак
3.	бөлүү	ажыратуу	сезүү	коркуу
4.	жалкоо	текебер	уялчаак	бекерпоз
5.	соодагер	сатуучу	дарыгер	жолоочу
6.	ардактуу	тажрыйбалуу	сырдуу	урматтуу
7.	жөндөм	талант	ийгилик	аракет
8.	таануу	кыялдануу	тосуу	билүү
9.	балапан	жөжө	кулун	бото
10.	капысынан	аргасыздан	күтүүсүздөн	керектүү
11.	баалуу	барктуу	көңүлдүү	кубанычтуу
12.	аяктоо	бышыруу	бүтүрүү	кесүү
13.	курал	парта	кийим	аспап
14.	айлакер	митаам	боорукер	шамдагай
15.	шакирт	өтүкчү	окуучу	башчы

Деңгээли: 3-класс **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Үлгү

	кенедей	күлкүлүү	ар бир	кичинекей

Таблицанын ар бир катарынан асты сызылган сөзгө мааниси жакын сөздү үлгүдөгүдөй кылып тегеректе.

1.	жаңылуу	кыймылдоо	адашуу	жоготуу
2.	зарыл	арзан	белгилүү	керектүү
3.	табуу	качуу	көрүү	жылдыруу
4.	атактуу	даңктуу	кызыктуу	ишенимдүү
5.	тоскоолдук	сыйлык	көнүгүү	тосмо
6.	далилдөө	кыйкыруу	ырастоо	сүзүү
7.	өжөр	байкагыч	тырышчаак	урушчаак
8.	аңчы	жылкычы	мергенчи	айдоочу
9.	ыраак	пайдасыз	узак	терең
10.	атлет	дизайнер	адис	спортчу
11.	татына	кооз	бийик	курч
12.	сылык	кызыктуу	илбериңки	күчтүү
13.	бекер	кызыксыз	акысыз	макулдуксуз
14.	тууроо	окшоштуруу	күтүү	шектенүү
15.	кытмырлануу	баарлашуу	кыйкырышуу	митаамдануу

Деңгээли: 4-класс **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Үлгү

	кенедей	күлкүлүү	ар бир	кичинекей

Таблицанын ар бир катарынан алды сызылган сөзгө мааниси жакын сөздү үлгүдөгүдөй кылып тегеректе.

1.	аброй	көңүл	бедел	салмак
2.	дароо	капыс	бачым	токтоо
3.	капалануу	кайгыруу	биригүү	ойлонуу
4.	жип	буурчак	желим	аркан
5.	чыгуу	чогулуу	көтөрүлүү	аралашуу
6.	жалындуу	жылма	жакын	ысык
7.	дилгир	момун	ынтызар	шашма
8.	кайраттуулук	эрдик	тактык	кыймылдуулук
9.	жанында	алыс	катар	жалгыз
10.	кайрымдуулук	мээримдүүлүк	аракетчилдик	бакубатчылык
11.	убайымчыл	мээнетчил	иштерман	кайгычыл
12.	кайтарымсыз	кайратсыз	акысыз	катасыз
13.	какшык	текебер	кайгысыз	мыскыл
14.	албетте	мурдагы	жакында	сөзсүз
15.	ыкчамдык	ыргактуулук	шамдагайлык	аралашкандык

БААЛОО 2: СӨЗДҮ «ИНВЕНТАРИЗАЦИЯЛОО»

Баяндоо

Бул өзүн-өзү баалоо барагы. Ал таблица түрүндө болот, окуучулар андагы ырастоолордун бирин белгилешет: (1) «Мен бул сөздү жакшы билем»; (2) «Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм»; (3) «Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин».

Бул баалоо куралы окуучуларга сөз байлыгынын деңгээлин өздөрү аныктаганга жана сөз байлыгын кеңейтүү үчүн алынган натыйжаларды окуучулар менен талдоого мүмкүнчүлүк берет.

Өзүн-өзү баалоо барагынын формасына мугалим өзү билип каалаган сөздөрдү, фразеологизмдерди жаза алат. Окуучулардын мектепте же үйүндө окуган чыгармалардагы сөздөрдү формага жазуусун алардын өзүнө сунуштай алат. Эгерде тест класста толтурулса, анда аны аткаруу үчүн убакыт бөлүү керек.

Күтүлүүчү натыйжалар

Окуучулар:

- сөз байлыгынын деңгээлин өз алдынча баалашат.

Деңгээл: 1–4-класстар. Деңгээл тест барагынын жогору жагында көрсөтүлгөн.

Баалоону кантип өткөрүү керек

Мугалим окуучуларга тестти таратат жана аны аткаруу максатын, жол-жобосун түшүндүрөт:

«Балдар, алдыңарда өзүн-өзү баалоо барагы турат. Силер биринчи тик тилкеде берилген сөздөрдү көңүл коюп окуп, кайсы сөздөрдү жакшы билериңерди, кайсы сөздөр силерге анчалык жакшы тааныш эмес, ал эми кайсыларын билбей турганыңарды аныкташыңар керек. Ар бир сөздү ичиңерден окуп чыккыла да, ойлонуп көргүлө, бул сөздөрдү мурда кезиктирдиңер беле, бул сөз эмнени билдирерин билесиңерби. Ар бир сөздүн түшундагы тиешелүү чакмакка «✓» белгисин койгула. Бул экзамен эмес, бул иш үчүн баа коюлбайт. Көнүгүү кайсы сөз жакшы тааныш, ал эми кайсы сөздөрдүн маанисин дагы жакшылап билиш керектигин түшүнүүгө жардам берет. Тестти аткарууга силерге …мүнөт берилет».

Баалоонун натыйжаларын талдоо

Натыйжаларды баалоодо мугалим «✓» белгиси көп коюлган тик тилкелерди аныктайт.

50%дан ашык белги **«Мен бул сөздү жакшы билем»** деген биринчи тик тилкеге коюлган. Бул мыкты натыйжа.

50%дан ашык белги **«Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм»** деген экинчи тик тилкеге коюлган. Бул сабактарда сөз байлыгын кеңейтүү боюнча иштерди активдештирүү керектигин билдирет.

50%дан ашык белги **«Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин»** деген үчүнчү тик тилкеге коюлган. Бул окуучуга жардам берүү үчүн ата-энелерди тартуу керектигин билдирет. Мугалим сөз байлыгын кеңейтүү боюнча ыкмаларды колдонуу тууралуу ата-энелерге сунуш бериши керек болот. Ал ыкмалар: үйдө окуу, жаңы сөздөр менен сүйлөмдөрдү түзүү, бала менен түрдүү темаларда баарлашууну активдештирүү ж. б.

Деңгээли: 1-класс **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Сөздөр	**Мен бул сөздү жакшы билем**	**Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм**	**Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин**
үйүр			
жаан			
жалган			
зор			
багбан			
таранчы			
калак			
дубал			
адат			
жуп			
көп			
ным			
жетекчи			
илгич			
өткөрмө			
радио			
күрмө			
суучул			
шуудурак			
акыркы			
кеңеш			
күлүмсүрөө			
чеберчилик			
ылдамдык			
окуя			

Деңгээли: 2-класс **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Сөздөр	**Мен бул сөздү жакшы билем**	**Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм**	**Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин**
тополоң			
айкалыштыруу			
хирург			
пикир			
ымыркай			
өзгөрбөс			
көөкөр			
чытырман			
саякаттоо			
кутуча			
булдуруктоо			
чоочун			
акыр			
умтулган			
баалуулук			
инсан			
чабуул			
оолак			
четин			
коркутуу			
мунара			
коргонуу			
алгачкы			
фейерверк			
укмуштуу			

Деңгээли: 3-класс **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Сөздөр	**Мен бул сөздү жакшы билем**	**Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм**	**Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин**
береке			
чечкинсиз			
жыйынтык			
параграф			
маскарапоз			
келишимдүү			
баарлашуу			
уламыш			
белгилүү			
божомол			
жыбыраган			
касиет			
калыптандыруу			
таймаш			
офис			
майрамдоо			
атмосфера			
логика			
урушчаак			
ыкшоо			
карапайым			

Деңгээли: 4-класс **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Сөздөр	**Мен бул сөздү жакшы билем**	**Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм**	**Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин**
ребус			
атамекендик			
сараң			
жабдуу			
мукаба			
ууч			
текебер			
түшүндүрүү			
проза			
кубаттуу			
тамсил			
даана			
муктаждык			
мезгил			
эзелки			
механизм			
макала			
тажатма			
өнөр			
салабаттуу			
берекелүүлүк			
минимум			
уюштуруучу			
мөрөй			
талкуу			

Деңгээли: ____ -класс **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Сөздөр	**Мен бул сөздү жакшы билем**	**Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм**	**Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин**

БААЛОО 3: СҮЙЛӨМДӨРДҮ ТОЛУКТОО

Баяндоо

Бул тест текст түрүндө болот, андагы сүйлөмдөрдө айрым сөздөр алынып салынган. Алардын ордуна үч сөз сунушталат, бирөө гана мааниси боюнча туура келет. Окуучулардын милдети – сунушталгандан керектүү сөздү табуу.

Бул модуль боюнча баалоону өткөрүү максатында ар бир класс үчүн сөздөрү алынган бирден текст сунушталат. Мугалим мындай тесттерди өз алдынча түзө алат. Ал үчүн төмөнкү жөнөкөй эрежелерди сакташы керек:

- тиешелүү татаалдык деңгээлдеги текстти тандоо зарыл;
- тексттеги биринчи сүйлөм толугу менен берилет (контекстке киришүү);
- экинчи сүйлөмдөн баштап ар бир бешинчи сөз алынып салынат жана үч варианттагы жооп менен алмаштырылат;
- үч варианттагы жооп буларды камтыйт:
    1. туура жооп (алынып салынган сөз);
    2. грамматикалык мүнөздөмөсү (сөз түркүмү, сан, жөндөмө, чак ж. б.) боюнча туура жоопко окшош сөз;
    3. башка грамматикалык мүнөздөмөдөгү сөз.
- жооптун туура вариантынын жайгашуу тартиби ар башкача болушу зарыл, туура жооп дайыма эле бир орунда (мисалы, дайыма экинчи) турбашы, ошондой эле кайсы бир мыйзам ченемдүүлүк (мисалы, «жогоруда–ортодо–ылдыйда») болбошу керек;
- тексттеги алынып салынган сөздөрдүн саны класска жараша болот. Биринчи жана экинчи класстарда тексттен 10–12 сөздү алып салуу мүмкүн, үчүнчү жана төртүнчү класстарда 15–20га чейин жеткирүү сунушталат.

Бул баалоо куралы айрым сөздөрдү билүүнү гана эмес, бул сөздөр колдонулган контекстти түшүнүүнү да ченейт. Ал окуучулар үчүн кызыктуу, анткени анда оюндун тиешелүү элементтери бар (аны «Сөздү тап!» деп атоого болот). Ошондой эле, аткарылган көнүгүүнү класташтары жана ата-энелери менен талкуулоо үчүн кеңири мүмкүнчүлүк берилет. Окуучулар кааласа, мындай текст-тапшырмаларды өз алдынча түзө алышат.

Бул модулда мугалимдер үчүн тексттердин варианттары сунушталат, окуучулардын иштерин текшерүүдө мугалимге жеңил болуу үчүн аларда бардык алынып салынган сөздөрдүн асты сызылган варианты, ошондой эле баалоо үчүн (асты сызылбаган, окуучулар үчүн) тексттердин көчүрмөлөрү да берилет.

Күтүлүүчү натыйжалар

Окуучулар

- сөздөрдүн лексикалык маанилерин аныкташат;
- сөздү контекстте колдонушат.

Деңгээл: 1–4-класстар. Деңгээл тест барагынын жогору жагында көрсөтүлгөн.

Баалоону кантип өткөрүү керек

Мугалим окуучуларга тестти таратат жана аны аткаруу максатын, жол-жобосун түшүндүрөт:

«Балдар, силер алган барактарда айрым сөздөрү алынып алынган тексттер берилген. Алынган сөздөрдүн ордуна тандоо үчүн үч сөз сунушталат. Мааниси боюнча бул тексттин

мазмунуна туура келген бир сөздү тандап, астын сызуу керек. Келгиле, барактын жогору жагындагы үлгүнү карайлы:

«Апасынын майрамына арнап, талаа (бактарын / гүлдөрүн / эртең) бергенде, ал абдан кубанды».

Мындан көрүнүп тургандай, сунушталган үч сөздөн бул сүйлөмгө мааниси боюнча «гүлдөрүн» деген сөз туура келет. Келгиле, бул сөздүн астын сызалы. Эми сүйлөм төмөнкүдөй болуп калды: «Апасынын майрамына арнап, талаа гүлдөрүн бергенде, ал абдан кубанды».

Тандалган сөздүн астын дароо сызууга ашыкпагыла. Алгач текстти толук окуп чыккыла, андан кийин анын башталышына кайрылып, ар бир сүйлөм менен өзүнчө иштөөнү уланткыла. Тестти аткарууга …мүнөт берилет».

Баалоонун натыйжаларын талдоо

80–100% туура жооп. Окуучулар контекст менен жетиштүү деңгээлде иштей алат.

60–79% туура жооп. Окуучуларга контекст менен иштөө көндүмдөрүнө көбүрөөк көңүл буруу сунушталат. Мугалим окуучуларга бул модулда сунушталган көнүгүүлөрдү жекече же топто аткарууну сунуштай алат.

Туура жообу 59%дан аз. Контекст менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн начар деңгээли, бул окуучулардын сөз байлыгынын төмөн деңгээлин билдириши мүмкүн. Мугалим окуучуларга контекстти түшүнүүгө багытталган көнүгүүлөрдү гана эмес, сөз байлыгын кеңейтүүгө жана байытууга жардам берген көнүгүүлөрдү да сунушташы керек болот. Мындай төмөн деңгээл бул көндүмдү өнүктүрүүгө ата-энелердин көңүлүн буруу керектигин билдирет.

Деңгээли: 1-класс, 2-жарым жылдык же 2-класс

Күнү:_____

Самат сүрөтчү тоодо эс алып жүрдү.

Ал тоонун жантык бетинен көптөгөн ышкындарды көрдү. Самат сүрөтчү тоого кечинде кайра да келди. Ал конфеттерди, оюнчуктарды, карандаштарды ышкындардын алдына, кагаз гүлдү, күзгүнү, таракты башкаларынын алдына койду.

Кийинки күнү сүрөтчү талаага жылкычы досунун кичинекей кызын алып барды. Ал жетиде эле. Кыз белекти ар бир ышкындын алдынан таап жатты. Кубанган кыздын көздөрү күлмүңдөп жаркырап турду

(А. Токтомаметов.

60 сөз, 10 түшүрүп коюу).

Деңгээли: ___ -класс **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Үлгү

«Апасынын майрамына арнап, талаа (бактарын / гүлдөрүн / эртең) бергенде, ал абдан кубанды».

Самат сүрөтчү тоодо эс алып жүрдү.

Ал тоонун жантык бетинен (бийик / көптөгөн / топтолгон) ышкындарды көрдү. Самат сүрөтчү (сазга / тоого / анткени) кечинде кайра да келди. (Биз / Дайыма / Ал) конфеттерди, оюнчуктарды, карандаштарды ышкындардын (алдына / сыртына / тескерисинче), кагаз гүлдү, күзгүнү, таракты (чурулдагандардын / башкаларынын / даярдоо) алдына койду.

Кийинки күнү (апельсин / бир жолу / сүрөтчү) талаага жылкычы досунун кичинекей (кызын / көйнөктү / кароо) алып барды. Ал жетиде (болуп калды / чыгат / эле). Кыз белекти ар бир (дүмүрдүн / ышкындын / кайрадан) алдынан таап жатты. Кубанган (талаанын / бийик / кыздын) көздөрү күлмүңдөп жаркырап турду.

Деңгээли: 3–4 класстар

Күнү:_____

Айша деген кыз кичинекей сиңдим же иним болсо деп дайыма кыялданчу.

Убакыт өтүп, акыры ошол күн келди, ата-энеси ыйлаган кипкичинекей баланы – көптөн күткөн чыныгы инисин үйүнө алып келишти! Айша эми жакшы көргөн бул кичинекей балакай менен ойной алат, ага билгенинин баарын үйрөтөт. Суу мылтыктан атканды, борсойгон боорсокту, кооз булочканы чоподон ийлеп жасаганды, альбомго күлкүлүү кебетелерди тартканды үйрөтөт. Ал буга шашып жатты, тезирээк үйрөтсөм деди. Бирок, иниси үйрөнгөнгө, эжесине таптакыр кызыкпады. Ал эч нерсеге карабастан, кечке уктады, тамак жеп, кайра уктоо үчүн гана ойгонуп жатты.

«Чыда, кызым, – деди апасы, – бул иниң азырынча абдан кичинекей. Ал чоңойсун, ага чейин сен өзүң үйрөн, анан ага мугалим болосуң».

(105 сөз, 17 сөз түшүрүлгөн)

Деңгээли: ___ -класс **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Үлгү

«Апасынын майрамына арнап, талаа (бактарын / гүлдөрүн / эртең) бергенде, ал абдан кубанды».

Айша деген кыз кичинекей сиңдим же иним болсо деп дайыма кыялданчу. Убакыт өтүп, акыры ошол (күн / жыл / кечээ) келди, ата-энеси ыйлаган (жыгачтан / кичинекей / ашыкча) баланы – көптөн күткөн чыныгы (инисин / куурчагын / бүтүндөй) үйүнө алып келишти! Айша (таптакыр / бирөөгө / эми) жакшы көргөн бул кичинекей (балакай / кызыл / таш) менен ойной алат, ага (учуунун / кызыгуу / билгенинин) баарын үйрөтөт. Суу мылтыктан (окуганга / атканды / ылай) борсойгон боорсокту, кооз булочканы (таштан / чоподон / таттуу) ийлеп жасаганды, альбомго күлкүлүү (кебетелерди / аңгемелерди / тентек) тартканды үйрөтөт. Ал буга (жөн гана / шашып / жагып) жатты, тезирээк үйрөтсөм деди. (Бир аз / Мында / Бирок) иниси үйрөнгөнгө, эжесине таптакыр (алдамчы / шектенди / кызыкпады). Ал эч нерсеге карабастан, (кечке / эртеге / жолдо) уктады, тамак жеп, кайра (уктоо / төлөө / качан) үчүн гана ойгонуп жатты.

«(Чыда / Ырда / Жакка), кызым, – деди апасы, – бул (албетте / иниң / бою) азырынча абдан кичинекей. Ал (чоңойсун / шашып / жагып), ага чейин сен өзүң (болуу / көр / үйрөн), анан ага мугалим болосуң».

8. СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮ ЖАНА КЕҢЕЙТҮҮ БОЮНЧА БОЛЖОЛДУУ КӨНҮГҮҮЛӨР[1]

Аталышы	«СӨЗ» ГРАФИКАЛЫК УЮШТУРГУЧУ
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдүн маанисин аныкташат; • бир уңгулуу сөздөрдү, синонимдерди, антонимдерди, тексттеги багыттама жардамды издөө ыкмаларын колдонушат; • жаңы сөздөрдү пайдаланып, сүйлөмдөрдү түзүү менен, пассивдүү сөз байлыгын активдештиришет; • сөздөрдү түшүнгөнүн визуалдаштырышат.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	1–4[2]
Окуу баскычы	Текстти/китепти окуганга чейин жана окугандан кийин
Керектүү каражаттар	Окуу боюнча дептер же «Сөз» графикалык уюштургучунун формасы (көчүрмө), 1-тиркеме
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, чакан топтордо, жуптарда иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларды текст (үлгүлүү, биргелешкен, башкарып же өз алдынча окуу) менен тааныштырат. **2-кадам.** Окуучулар жаңы, тексттеги тааныш эмес сөздөрдү аныкташат. **3-кадам.** Мугалим форманы таратат же аны окуу сабагы боюнча дептерге сызууну суранат. **4-кадам.** Окуучулар морфологиялык талдоону, контекстти, тексттеги багыттама жардамды пайдаланып, тексттен табылган тааныш эмес сөздөрдү формага жазышат. Эстеп калуу үчүн сөздүн мааниси боюнча иш аяктаганда, бул сөз боюнча сүйлөм түзүү жана сүрөт тартуу сунушталат. Сөздүн маанисин иликтеп-үйрөнүү боюнча дептерде иштөө форматы төмөнкүлөрдү сунуштайт: а) сөздү жазуу; б) сөздүн маанисин иллюстрациялоо; в) сөздүн маанисин жазуу; г) сөздүн уңгусун аныктоо; д) ылайык келген синонимди табуу; е) ылайык келген антонимди табуу;

[1] Бул көнүгүүлөр Интернетте ачык жеткиликтүү болгон басылмалардын материалдарына негизделген.

[2] *Эскертүү*. Биринчи класстын окуучуларына графикалык уюштургучтун жөнөкөйлөтүлгөн формасын колдонуу сунушталат, бул тапшырмаларды зарылчылыгына жараша колдонууга болот: сөздүн маанисин иллюстрациялоо; сөздүн маанисин жазуу; багыттама жардам.

ж) сөздүн маанисин эстеп калууга жардам бере турган багыттама жардамды көрсөтүү;

и) бул сөз колдонулган эки сүйлөм түзүү.

Сөз _____

Иллюстрация

Сөздүн үңгусу

_____

Сөздүн мааниси _____

Багыттама жардам

_____

Синоним

_____

_____

_____

Антоним

_____

_____

_____

Сүйлөмдөр

1 _____

_____

_____

_____

_____

_____

2 _____

_____

_____

_____

_____

_____

Аталышы	СӨЗДҮН МААНИСИН ТҮШҮНДҮРҮҮ-1
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • жаңы сөздөрдү бөлүп көрсөтүшөт; • алардын маанилерин аныкташат; • жаңы сөздөрдү кебинде жана жазуусунда колдонушат.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	2–4
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү каражаттар	Адабий чыгармалар, сүрөттөр, фотолор, сөздөр жазылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жалпы класс менен, жуптарда , жекече иштөө
Аткаруу тартиби	Сабакта «Сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү» ыкмасы адатта эки бөлүктөн турат: 1) жаңы сөз менен тааныштыруу; 2) анын лексикалык мааниси менен иштөө. Сөздүк иштин биринчи баскычы көбүнчө формалдуу өткөрүлөт: мугалим тааныш эмес сөздөрдү тандап алат, аларды доскага жазат, окуучулар аларды окушат. Экинчи баскыч ар түрдүү өтөт: мугалим же белгилүү бир ыкманын жардамы менен сөздүн маанисин түшүндүрөт, же алгач сөздү балдар талкуулашат, андан кийин анын маанисине түзөтүүлөр киргизилет, мугалим тарабынан жалпыланат, же тааныш эмес сөздүн лексикалык маанисин тактоо үчүн окуучулар беттердеги шилтемелерге, түшүндүрмө сөздүккө кайрылышат. Сөздүн маанисин түшүндүрүү үчүн адатта ыкмалардын эки тобу колдонулат: а) өз алдынча, б. а. мугалимдин жардамысыз – сөздүн маанисин иллюстрация-сүрөт боюнча түшүндүрүү, сөздүн маанисин окуу китебинин беттериндеги шилтемелер, түшүндүрмө сөздүк ж. б. боюнча аныктоо; б) мугалимдин жардамы менен: синонимдерди, антонимдерди тандоо; сөздүн маанисин кеңири сыпаттоо аркылуу мугалимдин түшүндүрүүсү; маанисин түшүндүрүп жаткан сөздү өзүнүн текстине кошуу ж. б. ***1-мисал*** Түмөнбай Байзаковдун «Кыргыз жери» ыры. **1-кадам.** Мугалим ырды окуйт. *Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,* *Аскасы көк асманга тийген кезде.* *Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,* *Кучактайм ой-кырларын нурга кошо.* Андан кийин бүтүндөй ырды өз алдынча окуп чыгууну сунуштайт.

2-кадам. Мугалим: Бул куплеттеги кайсы сөздөр түшүнүксүз?

3-кадам. Класста «аскасы», «ой-кырлары» деген сөздөрдү түшүнбөгөн окуучулар болушу мүмкүн. Балдардын мындай топтору үчүн алардын сүрөттөрүн көрсөтүп түшүндүрүү керек болот.

Аска – бийик таштуу жар сыяктуу жер.

4-кадам. Мугалим суроо берет: «Кучактайм ой-кырларын нурга кошо» деген сүйлөм баарыңарга түшүнүктүүбү? Мугалим таңдагы асканын, ой-кырлардын сүрөтүн көрсөтөт.

Таңкы нур – Күн жаңы чыгып келе жаткандагы көгүш-саргыч нур.

5-кадам. «Кучактайм ой-кырларын нурга кошо» деген сүйлөмдө жаңы таң атып келе жатканда Күндүн нуруна бөлөнгөн айлана тууралуу сөз болуп жатат». Сүйлөмдүн маанисин андан ары талдоо уланат.

2-мисал

Тамсилдердин сөздөрү балдардын түшүнүүсү үчүн татаал болот. Мисалы И. А.Крыловдун «Карга менен түлкү» тамсили.

1-кадам. Тамсилди мугалим окуйт.

...Мактоого көк мээ карга башы айланды,
Бечара ким болду экен бул кайдагы.
Эмесе көргөн билген жерлерине
Кур кетпей айта барсын сайраганды.

Карганын жаман үнү бир «карк» этти,
Оозунан тиштеп турган түшүрдү этти.
Түлкү акең лып эттире тосуп алып,
Жолуна түшүп алып жүрүп кетти...

2-кадам. Окуучулар тамсилди окушуп, түшүнүксүз сөздөрдү табышат.

Тексттин бул үзүндүсүн окуу процессинде ар бир бала үчүн көптөгөн тоскоолдуктар болот – түшүнүксүз сөздөр, тамсилде көпчүлүк окуучуларга түшүнүксүз болгон сөздөр да болушу мүмкүн. Бул төмөнкү сөздөр: *көк мээ, кур кетпей, бечара, лып эттире, жүрүп кетти.*

3-кадам. Текст менен иштөө үчүн мугалим сөздөр жазылган карточкаларды колдонот. Мүмкүнчүлүккө жараша сүрөттөрдү көрсөтүүгө болот.

4-кадам. Бир топ татаал сөздөр менен иштөө. Мугалим сөздөрдүн түшүндүрмөсүн даярдап, ар бир түшүнүксүз сөздү кандай ыкмалардын жардамы менен түшүндүрүүнү ойлонушу керек.

– *«башы айланды»* – башы иштебей калуу;
– *«көк мээ»* — эч нерсе түшүнбөгөн, синоними – *башы иштебеген*;
– *«кур кетпей»* – эч нерсе албай кетпей, бир нерсе ала кетүү;
– *«бечара»* – боор ооруй турган абалдагы, синоними – *байкуш*.
– *«лып эттире»* — тез, билдирбей, байкатпай ала коюу;
– *«жүрүп кетти»* – тез кетүү.

Чыгармада түшүнүксүз сөздөр көп болгондуктан, мугалимге окуучулардын сөздөрдү түшүнүүсүн калыптандыруучу баалоонун жардамы менен текшерүүнү уюштуруусу маанилүү.

5-кадам. Сөздөрдү түшүнүү боюнча жуп менен иштөөнү уюштуруу: мугалим классты жуптарга бөлөт (отурган партасы боюнча бөлүштүргөн жакшы) жана бардык түшүнүксүз сөздөр боюнча суроолорду бири-бирине берүүнү сунуштайт. Бул үчүн мугалим калыптанып калган суроону доскага жазат: «Сен ... деген сөздү (сөз айкашын) кандайча түшүнөсүң?» Бул ишти жупта аткаруу учурунда мугалим бир нече жупту угат. Аягында 3–4 жупка чыгып сүйлөөнү (суроо, жооп) сунуштай алат.

Текшерүүчү сөздүк ишти экинчи сабакка пландаштырган жакшы.

Үлгү

Аталышы	СӨЗДҮН МААНИСИН ТҮШҮНДҮРҮҮ-2
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • жаңы сөздөрдүн маанилерин аныкташат; • аларды кебинде жана жазуусунда колдонушат.
Модуль	Сөз байлыгы Окуганын түшүнүү
Классы	2–3
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү каражаттар	Адабий чыгармалар, сүрөттөр, фотолор, сөздөр жазылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жалпы класс менен, жуптарда, жекече иштөө
Аткаруу тартиби	***2-класстын окуучулары үчүн көнүгүүлөр*** Т. Үмөталиев **Китеп** *Китеп менин эски досум айрылбас,* *Максатынан, өз сөзүнөн айныбас.* *Китеп менен алга баскан адашпас,* *Мүлк жыйнабай, китеп жыйган жаңылбас.* *Мен китептен издегеним табамын,* *Мен китептен каалаганым аламын.* *Китеп – казна, илим-билим булагы,* *Ким алтынга сатсын китеп барагын.* *Китеп мага өмүр жолун таныткан,* *Китеп мага качан болсо жарык таң.* *Акылыма акыл кошот чарчабай,* *Кабар берет эчак өчкөн алыстан.* Айрым окуучулар бул ырдан жаңы сөздөрдү табышат. Мугалим аракетин сөздүктү тактоого жана активдештирүүгө, сөздөрдүн, фразеологиялык бирдиктердин лексикалык айкалышуусун, төп келишүүсүн жана контексттеги сөздөрдүн маанисин, башка да маанилерин өздөштүрүүгө багыттоосу зарыл. Мугалим окуучулардын төмөнкү сөз айкаштарын түшүнүүсүн такташы зарыл: *Китеп – казна, илим-билим булагы (казна – байлык);* *Китеп мага өмүр жолун таныткан (жол көрсөткөн);* *Китеп мага качан болсо жарык таң (алдыны жарык кылып жол көрсөтүп турган);* *Кабар берет эчак өчкөн алыстан (мурда болгондорду айтып турат).* **1-кадам.** Мугалим ырды окуйт. **2-кадам.** Мугалим окуучулардан ырды угуу учурунда жаралган сезимдери тууралуу сурай алат. Андан кийин мугалим окуучулардан бул ырда эмне тууралуу баяндалгандыгын айтып берүүнү суранат.

3-кадам. Окуучулар ырды өз алдынча окушат. Мугалим «мүлк», «казна» деген сөздөргө, китептеги шилтемелерге көңүл бурууну суранат, сөздүн аягында сан турса, бул сөзгө карата шилтеме бар экендигин түшүндүрөт.

Шилтеме – беттин аягына жайгаштырылган эскертүү, анда сөзгө түшүндүрмө берилет.

4-кадам. Мугалим жогоруда айтылган сөз айкаштарын түшүндүрүүнү суранат (сөз айкаштары доскага жазылышы, слайд түрүндө берилиши… керек). Окуучулар кыйналган учурда жана айрым же бардык жазылган сөз айкаштарын түшүндүрө албаган учурда, мугалим бул сөз айкаштарын түшүндүрүп бериши зарыл.

5-кадам. Мугалим айрым окуучулардан сөз айкашын дагы бир жолу окууну жана аны түшүндүрүүнү өтүнөт.

6-кадам. Окуучулар ырды дагы бир жолу окушат, мугалим окуучуларды экинчи кадамга кайтарат – ал ырды түшүнгөнүн айтып берүү жана ырды түшүнүүдө эмне өзгөргөнүн салыштыруу да болушу мүмкүн.

Үлгү

Аталышы	СҮРӨТТҮ ТААНЫШ СӨЗДӨР МЕНЕН ТУТАШТЫР
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • жаңы сөздөрдүн маанисин аныкташат; • жаңы сөздөрдүн туура жазылышын аныкташат; • активдүү сөз байлыгын кеңейтишет; • сөздүн маанисин аныктоо үчүн визуалдаштырууну колдонушат.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	1–2
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү каражаттар	Буюмдар тартылган жана бул буюмдарды билдирген сөздөр жазылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим балдарды чакан топторго бөлөт да, төмөнкү тапшырма боюнча чогуу иштөөнү сунуштайт: *буюмдардын сүрөттөрү менен аларды билдирген сөздөрдү сызык менен туташтыруу.* **2-кадам.** Чакан топтордо иштөө учурунда балдар өз чечимдерин түшүндүрүшүп, эмнеге ушундай туташтырышкандыгын аргумент менен негиздешет. Топтун катышуучулары жалпы пикирге келиши керек болот. **3-кадам.** Тапшырманы жасап бүткөндөн кийин балдар аткарган иштерин класска көрсөтүшөт. **4-кадам.** Мугалим балдар топтордо ийгиликтүү иштегенине көңүл буруусу, жасалган иш үчүн ыраазычылык билдирүүсү керек. **5-кадам.** Андан ары мугалим текст менен иштөөгө кирише алат. **6-кадам.** Сөздөрдү активдүү сөз байлыгына айлантуу үчүн мугалим жаңы сөздөр менен сүйлөмдөрдү, окуяларды, жомокторду жана башкаларды түзүү боюнча иш уюштурат.

Үлгү

1-карточка. Сүрөттөрдү сөздөр менен туташтыр

МАНГО

АШКАБАК

ӨРҮК

КЫЗГАЛДАК

БУУРЧАК

АПЕЛЬСИН

РОЗА

КАКТУС

2-карточка. Сүрөттөрдү сөздөр менен туташтыр

ИНДЕЕЦ

БАЛЫКЧЫ

ОКУУЧУЛАР

УЧКУЧ

КУРУУЧУ

БӨБӨК

КЫТАЙ

БАЛ ЧЕЛЕКЧИ

Аталышы	КӨМӨКЧҮ СҮРӨТ
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • жаңы сөздөрдүн маанисин аныкташат; • жаңы сөздөрдүн маанилерин аныктоо үчүн контекстти колдонушат; • активдүү сөз байлыгын байытышат.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	1–4
Окуу баскычы	Окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин
Керектүү каражаттар	Фотолор, сүрөттөр
Окутууну уюштуруу формасы	Топтордо (жалпы жана чакан топтордо) иштөө
Аткаруу тартиби	Иллюстрациялык материал – фотографиялар, сүрөттөр, макеттер ж. б., окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү үчүн мугалимге жардам берген маанилүү курал болуп саналат. Жаңы сөздү түшүнүү баскычында айрым учурларда мугалимге жаңы, тааныш эмес сөздүн сүрөтүн балдарга көрсөтүп коюу жетиштүү. Ал окуучуга сөздүн образын түзгөнгө жардам берет. Андан аркы мугалимдин милдети окуучу бул сөздү колдоно ала тургандай кырдаалды жаратуу болот. Мисалы, текстте ландыш деген сөз айтылды дейли, бул учурда мугалимдин ландыш тартылган сүрөттү көрсөтүүсү жана аны колдонуп, 3–4 сүйлөм түздүрүүсү жетиштүү. Мисалы, «Биздин короодо ландыштар өсөт» же «Мен эч качан ландышты көргөн эмесмин».

Аталышы	КИЧИНЕДЕН ЧОҢГО
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдүн маанисин аныкташат; • сөздөрдүн маанисин аныктоо үчүн синонимдерди тандашат; • сөздөрдүн кошумча маанилерин айырмалашат.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	1–2
Окуу баскычы	Окугандан кийин
Керектүү каражаттар	«Чоң китеп» же чакан тексттер бар сүрөттүү китеп же окуу китебиндеги көлөмү бир сабакта пайдаланса боло турган текст Жалпы байланышы бар (жыл мезгилдери, түстөр, буюмдун белгилери, өлчөмү ж. б.) компьютерде терилген же жазылган сөздөр, ошондой эле синонимдерди да алса болот Узун тилке кагаздар, скотч
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, жуптарда, топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	Төмөндө келтирилген мисалда эң төмөнкү өлчөмдөн эң чоң өлчөмгө карата сөздөр берилди.



1-кадам. Мугалим «интерактивдүү окуу» ыкмасын колдонуу менен, класста «Чоң китепти» (китепти) үн чыгарып окуйт, бардык балдар көңүл коюп угушат, интерактивдүү окуу учурунда мугалим берген суроолорго жооп беришет, сүрөттөрдү карашат. Китепти окугандан кийин мугалим суроо берет:
– Бул китеп эмне жөнүндө экен?
– Биз азыр кандай жаңы нерсени үйрөндүк?
– Бул китеп эмнеси менен жакты?

2-кадам. Мугалим чакан топтордо аткарыла турган тапшырманы түшүндүрөт (2–3 окуучу): «Мен азыр силерге барактарды берем, силер чакан топтордо бул сөздөрдү эң кичинекейинен тартып, эң чоң мааниси боюнча катар жазасыңар. Мисалы: *күкүмдөй, майда, кичинекей, чакан, чоң эмес, килейген*. Силердин милдетиңер: сөздөрдүн «туура» ырааттуулугун аныктоо, ар бир сөздүн маанисин талкуулоо жана бул сөздөр эмне үчүн ушундай катарда болушу керектигин топтогу классташтарыңарга түшүндүрүү. Силерден «туура» жооп эмес, сөздөрдүн катарын аныктоо боюнча тандооңор, далилиңер күтүлөрү эсиңерде болсун. Сөздөрдүн ырааттуулугун толук аныктап бүттүк дегенден кийин ал сөздөрдү кагаздын тилкесине чаптагыла».

3-кадам. Мугалим тапшырманы түшүндүргөндөн кийин аны топто аткаруунун үстүндө иштегенге мүмкүнчүлүк берет. Мугалим бул иште балдарга жардам көрсөтүүсү зарыл. Эгерде топ тапшырманы аткарууда кыйналып жаткан болсо, биринчи кезекте, балдар маанисине толук ишенимдүү болгон сөздөрдүн маанисин сурап, андан соң тааныш эмес сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү зарыл. Балдарды мааниси жакын сөздөрдүн ортосундагы айырмачылыктарды талкуулап жаткандарына колдоо көрсөтүп шыктандырыңыз. Сиз балдардан түшүнгөнүн визуалдуу, мисалы, ымдоо же кыймыл менен чагылдырып берүүнү сурана аласыз.

4-кадам. Бардык топтор тапшырмасын аткаргандан кийин алардын түшүндүрүп көрсөтүп берүүсү жана балдардын иштерин колдоп жактыруу менен ишти аяктаңыз. Андан кийин балдардан сөздөр менен иштөө жана аларды кагаз тилкесинде иретке келтирүү сөздөрдүн маанисин тереңирээк билүүгө, алардын маанисин ачып берүүгө кандайча жардам бергенин сураңыз. Балдар топто ийгиликтүү иштегендигин, пикирлерин түшүндүрө алгандыгын, талкуулап, биргелешип чечим кабыл алгандыктарын, максатка жетишкендиктерин белгилеңиз.

5-кадам. Бүгүн маанисин окуп-үйрөнгөн сөздөрдөн сүйлөм түзүү.

Үлгү

Үн чыгарып окуу үчүн китеп: «Мен китти жолуктурган күн», Бенджи Дэвис

Никтин атасы эртең менен эрте кайыкка отуруп
деңизге кетчү
жана кайра үйгө түнгө жакын гана кайтып келчү.

Бир күнү кечинде үйдүн жанында катуу бороон болот.
Эртең менен Ник бороондон кийин эмне болгонун көрүү
үчүн деңиздин жээгине барат.
Ал деңиздин жээгинде басып жүрүп,
алыстан бир нерсени байкайт.

Жакыныраак чуркап келип, Ник өзүнүн
көздөрүнө ишене албай турду.
Кумда кичинекей кит жаткан эле. Деңиздеги
катуу шамал аны жээкке ыргытып салыптыр.

Түн жакындап,
карацгы кирип келе жаткан эле.
Ваннадагы кит үчүн атасы ачууланат деп,
Ник кабатырланып жатты.

Бул аңгеме кичинекей бала жана ал үйүнө алып келген кичинекей кит тууралуу. Кит деңизде жашайт, ал жерде анын ата-энеси бар деп атасы түшүндүргөндөн кийин бала аны деңизге коё берүүнү чечет.

Киттер

Киттер – бул деңиз сүт эмүүчүлөрү, алар абдан чоң болушат. Боюнун узундугу 25 метр, ал тургай, 33 метрге, ал эми салмагы 90–210 тоннага жетет. Окумуштуулар киттин жакын тууганы бегемоттор деп эсептешет. Табиятта муруттуу жана азуулуу киттер жолугат. Киттер – жер үстүндөгү абдан чоң жаныбарлар.

Аталышы	МЕН БУЛ СӨЗДҮ БИЛЕМ
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • текстеги жаңы сөздөрдүн лексикалык маанилерин аныкташат.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	1–4
Окуу баскычы	Окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин
Керектүү каражаттар	Текст 2-тиркемедеги форма
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, чакан топтордо, жуптарда иштөө
Аткаруу тартиби	Бул көнүгүү – сөздөрдү билүүнү диагностикалык баалоонун варианты. Окуучулар текстти түшүнүү үчүн негизги же маанилүү сөздөрдү табышат жана дептердеги таблицаны толтурушат, андан кийин аларды чакан топтордо талкуулашат. Жетишкен натыйжаны классташтарына айтып беришет. Мугалим балдар маанисин билбеген сөздөрдү аныктайт (3тик катар). Кийинки баскыч бул сөздөрдүн үстүндө иштөө болот.

	1	2	3
	Мен бул сөздү билем, аны кебимде же жазууда колдоно алам	Мен бул сөздү мурун уккам, бирок анын маанисин билбейм	Мен бул сөздүн маанисин билбейм жана эч качан уккан эмесмин
1-сөз			
2-сөз			
3-сөз			
4-сөз			
5-сөз			

Аталышы	«СӨЗДҮН ҮҢГУСУ» ТАБЛИЦАСЫ
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдүн маанисин аныктоо үчүн сөздөргө (сөз айкаштарына) морфологиялык талдоо жасоо стратегиясын колдонушат.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	1–4
Окуу баскычы	Окуганга чейин жана окугандан кийин
Керектүү каражаттар	Текст
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, чакан топтордо, жуптарда иштөө
Аткаруу тартиби	Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча иштин бул форматы сөздөрдүн маанисин аныктоону жана сөздөрдү талдоону билдирет: биринчи тик катарда – сөздүн үңгусу, экинчи тик катарда – үңгулаш сөздөр, акыркы тик катарда бул сөздөрдүн мааниси берилет. Окуучуларга төмөнкү таблицаны толтуруу сунушталат:

Сөздүн үңгусу	Үңгулаш сөздөр	Бул сөздөрдүн мааниси
Жаңы	Жаңылык	Кабар
	Жаңылануу	Жаңы болуп өзгөрүү
	Жаңылар	Жаңы нерселер
	Жаңылоо	Өзгөртүү
	Жаңыланды	Өзгөрдү
	Жаңычыл	Жаңыны сүйгөн

Аталышы	ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР МЕНЕН СҮРӨТТӨР
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • фразеологиялык түрмөктөрдүн маанисин аныкташат; • фразеологиялык түрмөктөрдү айтышат, жазышат; • фразеологиялык түрмөктөрдү кебинде колдонушат.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	2–4
Окуу баскычы	Окуганга чейин жана окугандан кийин
Керектүү каражаттар	Фразеологиялык сөздүк, фразеологизмдер боюнча сүрөттөр
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Сүрөттөрдүн саны окуучулардын санына барабар. Мугалим кабинеттин ар кайсы жерине (өзүнүн каалоосу боюнча) 4–5 сүрөттү илет. Орунду 4–5 окуучу жакын келе ала тургандай тандайт да, окуучуларды тапшырманы аткаруу үчүн доскага чакырат. Доскага чакырылган окуучулардын саны сүрөттөрдүн саны менен бирдей болот. **2-кадам.** Мугалим фразеологизмди окуйт, окуучулар аны уккандан кийин сүрөттөргө басып келет. **3-кадам.** Сүрөткө биринчи келгенди мугалим ал жерде калтырат да, кийинки фразеологизмдерди окууну улантат. Бардык фразеологизмдерди окуп бүткөндөн кийин мугалим сүрөттүн жанында турган окуучудан фразеологизмди окуп, аны түшүндүрүүнү суранат. **4-кадам.** Туура эмес түшүндүрүүлөр болсо, мугалим туура жоопту табууга бүтүндөй классты тартат.
Үлгү	

Бармагын тиштеп калды

Эшек такалап жүрөт

Бычак ала чуркайт

Котур ташы койнунда

Беш өрдөгүн учурду

Оозунан көбүк буркурайт

Аталышы	ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • фразеологиялык түрмөктөрдүн маанисин аныкташат; • фразеологиялык түрмөктөрдү айтышат, жазышат; • фразеологиялык түрмөктөрдү кебинде колдонушат.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	3–4
Окуу баскычы	Окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин
Керектүү каражаттар	Фразеологиялык сөздүк
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече
Аткаруу тартиби	**1-вариант.** Сүйлөмдөн же тексттен фразеологизмди табуу, аны окуу же астын сызуу. **2-вариант.** Бул фразеологизмдердин курамында туруктуу колдонулуп келген сөздү ордуна коюу: *Ат айланып … табат (казыгын);* *Бармагынан … тамган (бал);* *Жүрөгүнө … салуу (так);* *Котур ташы … (койнунда);* *Иштин … билген (көзүн).* **3-вариант.** Мугалим фразеологизмдин же анын курамындагы бир сөздүн маанисин түшүндүрөт, ал эми окуучулар фразеологизмди табышат. Мугалим: Башканын сөзүн укпай сүйлөй бергенди эмне дейт? Окуучулар: *Сөзгө конок бербеген.* **4-вариант.** Тиешелүү тематикадагы фразеологизмдерди тандап алуу. Мугалим: Жаныбарлар аралашкан фразеологизмдерди айткыла. Окуучулар: *Эшек такалоо, ала карганы атынан ата, эгиз козудай.* **5-вариант.** Сүйлөмдү мааниси туура келген фразеологизм менен толуктоо. Мугалим: Ал убактысынын көбүн бекер отуруп өткөрөт. Эртеден кечке эле эч нерсе жасабайт *(эшек такалап күн өткөрөт).* **6-вариант.** Фразеологизмдерди сөздөр («кандай?» деген суроого жооп берген, мааниси этишке жакын сөздөр) менен алмаштыруу. Мисалы, *оозун ачкан* (кандай шалдырак?), *кулагына илбеген* (кандай беймарал, укпаган?) же *көңүл көтөрүү* (колдоо), *көзү тойбогон* (ач көз). **7-вариант.** Төмөнкү фразеологизмдерди кайсы учурда колдонсо болот: *жан жыргатуу; кулак-мурун кескендей; болбогон сөз.* **8-вариант.** Бул туруктуу сөз айкашына антонимдерди табуу керек: *бармагын тиштеген, мурдун балта кеспеген, эшек такалоо.*

9-вариант. Бул фразеологизмдерге синонимдерди табуу керек: *жүрөгүндө оту бар, ат тезегин кургатпай, көз жашын көл кылуу.*

10-вариант. Фразеологизмдерди колдонуп, сүйлөмдөрдү түзгүлө.

11-вариант. Фразеологизмдерди колдонуп, аңгеме, жомок, ыр түзгүлө.

12-вариант. Тиешелүү фразеологизмдерди колдонуп, дилбаян (чакан дилбаян) жазгыла.

13-вариант. Фразеологизмдерди колдонуп, сүрөт боюнча аңгеме түзгүлө.

14-вариант. Фразеологизмдерге арналган кроссворддорду түзгүлө жана/же таап толтургула.

15-вариант. Болушунча көбүрөөк фразеологизмдерди пайдаланып, репортаж, интервью, киносценарий, фантастикалык аңгеме, мистикалык триллер ж. б. жазгыла.

16-вариант. Фразеологизмдердин маанисин чагылдырган сүрөттөрдү даярдагыла, мисалы:

Төбө чачы тик туруу – коркконунан жагымсыз сезимдердин пайда болушу.



Эки көзү төрт – бир нерсени же бирөөнү абдан көргүсү келет.

17-вариант. Мугалим дубалга фразеологизмдердин текстте-рин илет, окуучуларга сүрөттөр көрсөтүлөт. Колун биринчи көтөргөн окуучу сүрөттү алып, дубалдагы ага ылайык текстке келип, аны түшүндүрөт.

Зарылчылыгына жараша мугалим окуучуларга фразеологизм-дерди жазууну жана текст менен иштөөнү уюштурууну сунуш-тай алат.

18-вариант. Кашаанын ичиндеги керектүү сөздү же сөздүн формасын тандап алып, фразеологизмдерди толуктап жазгыла. Тандооңорду түшүндүргүлө.

Ажыдаардын ... басуу *(куйругун, бутун)*
Айтканы ... болбогон *(эки, үч)*
Бетинде ... бар *(көгү, кызылы)*
Жөргөмүштүн ... чалынуу *(торуна, бутуна)*
Көзүнүн ... менен тең айланган *(тегереги, агы)*

19-вариант. Сүйлөмдөрдү окугула. Кайсы сүйлөмдөрдө фразеологизмдерди колдонууда каталар бар? Каталарды оңдогула жана оңдолгон сүйлөмдөрдү жазгыла.

Бакыт көзү чанагынан чыга жер карап тынч отурду.
Аскат көңүлүндө кири жок жаман ойлорду ойлоп отурду.
Айгүл мойнунан байлаган иттей катуу жүгүрүп бара жатты.
Майрам өлбө жаным өлбө болуп үй тапшырмасын айта баштады.
Керимкул сакадай бою сары алтын болуп баш-аягы жок узакка сүйлөдү.
Үсөн сүткө тойгон күчүктөй арык эле.
Салима билгенинин баарын тилимдин учунда турат деп айтат.

20-вариант. Фразеологизмдерди окугула. Биринчи тик катардагы фразеологизмдердин жанына мааниси карама-каршы келген экинчи тик катардагы фразеологизмди жазгыла.

Тили кыска	*Ыркыйып, кабыргасы саналат*
Сүткө тойгон күчүктөй	*Чымын учса угула тургандай*
Төкпөй-чачпай айткан	*Тилинде мөөрү бар*
Чымын-куюн болуп безилдеген	*Баш-аягы жок*

21-вариант. Сүйлөмдөрдү окугула. Асты сызылган сөздөрдү фразеологизмдер менен алмаштыргыла. Эмне өзгөрдү? Сүйлөмдөрдү жазгыла.

Айгүл Исаковна тапшырманы түшүндүрдү, бирок Алтынбек ***уккан жок****.*
Асел жолго чыгуу кийинкиге жылганын угуп, ***көңүлсүз болуп калды****.*
Бакыт күн бою ***эч нерсе кылган жок****.*
Ал бизди ***алдап жатканын*** *билдик.*
Биринчи сентябрда Айнура ***абдан эрте*** *ойгонду.*
Маалымдама материал: *көңүлүн топтогон жок, эшек такалоо, көңүлү чөгүү, таң заардан туруу, мурдунан жетелөө* ж. б.

22-вариант. Фразеологизмдерди таап, сүрөт менен байланыштыргыла.

МУРДУН КӨТӨРӨТ

СЫЗГА ОТУРУП КАЛДЫ

23-вариант. Фразеологизмди эстеп, маанисин түшүндүргүлө.

Жумурткадан кыр чыгарат

Айга колу жетип калыптыр

Мурдунан жетелеп алган

Кулак-мурун кескендей

Кара кылды как жарат

Төбөсү көккө жетти



Коёндой окшош

Аталышы	САХНАЛАШТЫРУУ
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • жаңы сөздөрдү кебинде колдонушат; • фразеологизмдерди сахналаштырышат.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	2–4
Окуу баскычы	Окугандан кийин
Керектүү каражаттар	Карточкалардагы сөздөр Костюмдардын элементтери (зарылчылыгына жараша)
Окутууну уюштуруу формасы	Чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	Бул көнүгүүнү/ыкманы окуучулар мурда билбеген жаңы сөздөрдү камтыган текстти окугандан кийин өткөрүү сунушталат. Бул сөздөрдү окуучулардын активдүү сөздүгүнө киргизүү керек болот. **1-кадам.** Мугалим окуучуларды чакан топторго (ар бир топто 4–6 окуучу) бөлөт да, жаңы сөздөр менен карточкаларды таратып, тапшырманы айтат: берилген сөздөр колдонулган окуяны, жомокту, турмуштук жагдайларды түзүү жана сахналаштыруу. Мугалим ар бир топко бирдей же ар башка сөздөрдү берсе болот – бул сөздөрдүн санынан жана класстагы окуучулардын санына жараша болот. **Эскертүү** 1. Мугалим сахналаштырууну жаратуу үчүн убакытты сөзсүз белгилейт – сөздүн оордугуна жараша 3төн 10 мүнөткө чейин. 2. Мугалим сахналаштырууларды баалоо критерийлери менен тааныштырат (окуучулар менен бирге иштеп чыгат): а) топ өзүнүн сахналаштыруусунда берилген бардык сөздөрдү колдонгон; б) берилген сөздөр туура (контекстте) колдонулган; в) сахналашырууга топтун бардык мүчөлөрү катышкан. **2-кадам.** Окуучулар топтордо иштеп, берилген убакыт ичинде өз сахналаштыруусун түзүшөт. Мугалим байкоо жүргүзөт, зарылчылык болсо, багыттаган суроолорду берип, сахналаштыруунун тексттерин түзүү үчүн идеяларды талкуулоо аркылуу топторго жардам берет. **3-кадам.** Ар бир топтун сахналаштыруусун көрсөтүүсү. Ар бир сахналаштырууну мугалим жана окуучулар кол чабуулар жана сөздөр менен колдоп турушат. **4-кадам.** Окууулардын ишин критерийлер боюнча баалоо. Башка топтордогу окуучулар сахналаштырууларды көргөндөн кийин критерийлер боюнча өз түшүндүрмөлөрүн айтышат. Мугалим түшүндүрмө берүү менен жыйынтыктайт, зарылчылык болсо, топтун ишмердигинин натыйжасын баалайт.

Үлгү

Аталышы	ЖАҢЫ СӨЗДӨР МЕНЕН ТЕКСТ ТҮЗӨБҮЗ
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • жаңы сөздөрдү кебинде жана жазууда колдонууга үйрөнүшөт.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	2–4
Окуу баскычы	Окугандан кийин
Керектүү каражаттар	Карточкаларга жазылган сөздөр
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	Жаңы сөздөрдү жазып колдонуу ыкмасы. **1-кадам.** Окуучуларга жекече же чакан топтордо текстти, сүйлөмдөрдү, диалогдорду... түзүү жана жазуу сунушталат, мугалим сунуштаган жаңы сөздөр болушу керек. **2-кадам.** Текстерди жазгандан кийин окуучулар өздөрүнүн иштерин окуп беришет. Мугалим ошондой эле окуучулардын иштерин топтоп, алар түзгөн текстерди, ошондой эле грамматикасын текшере алат. Мугалим формативдик баалоону пайдаланган учурда, окуучуларга түшүндүрмөлөрдү берүүнү (жазуу түрүндөгү кайтарым байланышты) сунуштай алат, бул түшүндүрмөлөрдүн негизинде окуучулар өз иштерин жакшырта/өркүндөтө алышат. Бул кадамдар окуучуларга өз практикасында жаңы сөздөрдү бир нече жолу колдонууга мүмкүнчүлүк берет, бул жаңы сөздөрдү жаттап/эстеп калгууга, жаңы сөздөрдү пассивдүүдөн баланын активдүү сөздүгүнө акырындык менен өткөрүүгө таасир этет.
Үлгү	

Аталышы	«СӨЗДӨРДҮН ДУБАЛЫ»
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • тексттен жаңы сөздөрдү табышат; • аларды кебинде жана жазууда колдонушат; • жаңы сөздөрдүн маанилерин визуалдаштырышат.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	1–4
Окуу баскычы	Окугандан кийин
Керектүү каражаттар	Түстүү жана ак кагаздар, фломастерлер, желим (клей), боёктор, калемдер, жиптер, кыпчымалар, пластилин жана башка материалдар
Окутууну уюштуруу формасы	Топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	«Сөздөрдүн дубалы» чоң, көрүнүктүү тамгалар менен дубалга, доскага же башка класстагы көрүнүктүү жерге жазылган сөздөрдүн топтомун билдирет. «Сөздөрдүн дубалы» көп сөздөрдү камтыган окутуунун интерактивдүү куралы болуп саналат, ал сөздөр окуу жана жазуу учурунда колдонулушу мүмкүн. «Сөздөрдүн дубалын» башка окуу предметтеринде, мисалы: математика, Мекен таануу, чет тил жана башка предметтерде, түрдүү иш-чараларды өткөрүүдө да колдонууга болот. «Сөздөрдүн дубалы» эстеп калуу үчүн көп колдонулуучу сөздөрдү дайыма көз алдында кармап туруу максатында түзүлөт: – дубалдагы сөздөр тыбыштык-тамгалык мамилени, тыбыштык кабыл алууну, сөздөрдү орфографиялык жазууну көрсөтүү үчүн үлгү катары колдонуу; – жаңы сөздөрдү пайдалануну тездетүү үчүн аларды визуалдаштыруу; – окуучулардын активдүү сөз байлыгынын бөлүгүн түзүп кала турган сөздөрдүн негизги базасын кеңейтүү; – окуу көндүмдөрүнүн жана жазуу кебинин өсүүсүнө көмөк көрсөтүү; – окуу жана жазуу процессинде балдарга маалымдама материал болуп кызмат кылат; – өз алдынчалыкты өнүктүрөт. «Дубалдагы» сөздөр ар бир окуучу аларды көрө ала тургандай жайгаштырылышы керек. Алар бири-биринен жеңил айырмалоо үчүн түрдүү түстөрдө, чоң тамгалар менен жазылышы зарыл. Боёктор, калемдер, фломастерлер, пластилин, түстүү кагаздар, кездемелер колдонулат. Желим менен чаптап алардан аппликация жасалат. Мугалим менен окуучулар «сөздөрдүн дубалын» түзүүнүн үстүндө чогуу иштеши керек: алар дубалга кайсы сөздөр жазылышы керектигин аныкташат. Балдар окууда жана жазууда көп колдонгон сөздөрдү ага кошуп туруу маанилүү. Акырындык менен, жумасына болжол менен 5 сөздөн кошулушу/жаңыланышы зарыл.

Сөздөрдү окууну жана жазууну практикалап, «сөздөрдүн дубалын» күн сайын колдонуу керек. Сөздөрдү ырдоо же окууну алакан чабуу менен коштоо, ролдук оюндарды колдонуу, «дубалдагы» сөздөрдү көчүрүп жазуу, сүрөт тартуу сыяктуу түрдүү көнүгүүлөрдү колдонуу керек. Бул сөздөр автоматтык түрдө окулуп, жазыла тургандай болушу үчүн мугалим бул сөздөрдү жетиштүү колдонууну, практикалоону камсыз кылышы зарыл. Балдар бул ишти туура аткарып жатканын текшерүү зарыл. Кокусунан тандалган сөздөрдү эмес, сабактын мазмунуна жана максатына ылайык жаңы сөздөрдү дайыма кошуп туруңуз. «Сөздөрдүн дубалы» окуучулар андагы өзгөрүүлөрдү, жаңы сөздөрдүн кошулгандыгын, түшүнүктүү болуп калган сөздөрдүн жок болуп калышын көрүп тургандай болушу керек.

«Сөздөрдүн дубалы» менен иштөөдө көптөгөн ар түрдүү стратегияларды колдонууга болот.

Окуганы боюнча «сөздөрдүн дубалы»

«Сөздөрдүн дубалы» окуп-үйрөнүлүп жаткан адабий чыгармалар боюнча түзүлүшү мүмкүн. Мугалим балдар ошол кезде окуп жаткан тексттеги же китептеги негизги сөздөрдү, жаңы сөздөрдү же каармандарды мүнөздөөлөрдү тандоону сунуштайт. Бул сөздөр чыгармаларда абдан көп кездешет же алардын маанилери балдарга азырынча түшүнүксүз, андыктан ал сөздөр «сөздөрдүн дубалынын» борборуна жайгаштырылышы зарыл. Аларды көрүп туруу сөздөрдүн мааниси, алардын жазылышы менен таанышууга окуучуларга жардам берет жана андан кийин аларды тексттен оңой табышат, ошондой эле окуганын талкуулоодо активдүү колдоно алышат.

Жыл мезгилдери менен байланышкан сөздөр

Башталгыч класстардын окуучулары жыл мезгилдерин окуп үйрөнүшөт. Жыл мезгилдерине тиешелүү болгон маанилүү негизги сөздөрдү «дубалга» жайгаштырууга болот. Ар бир сөз өзүнчө же сөз айкашынын, сүйлөмдүн курамында жазылышы зарыл. Жыл мезгилдерине жараша дубалдагы сөздөрдүн топтому өзгөрүп турат. Бир жыл мезгили аяктаганда, окуучуларга өтүп кеткен мезгилди билдирген сөздөрдүн топтомуна кайрылуу жана жыл мезгилдерин эмне бириктирип же айырмалап турарын карап көрүү/талкуулоо сунушталат.

Алфавит менен тааныштыгу жана тыбыштык кабыл алуу үчүн сөздөр

Фонеманын (тыбыш) жана графеманын (тамганын) тыбыштык-тамгалык мамилелерге болгон байланышын окуп-үйрөнүү үчүн «сөздөрдүн дубалы» абдан ыңгайлуу иш куралы болуп саналат. Мисалы, дубалга ортосунда кесилген чарчысы бар А4 форматындагы кагазды илип коюуга болот. Чарчынын оң жана сол жагына бирден үнсүз тамганы жайгаштырып, ошол эле чарчыны бойлой үндүү тамгалар жазылган тилкени жогорудан ылдый карай жылдырып турууга болот. Ошентип, ортодогу үндүүнү өзгөртүү менен, балдар бир нече сөздү түзө алышат. Мисалы: Б**А**Р, Б**И**Р, Б**О**Р, Б**У**Р, Б**Е**Р, Б**Ү**Р ж. б.

	У	
К	А	Р
	Ы	

Окуп-үйрөнүлүп жаткан предметтин (адабий окуу да, башка предметтер да) мазмуну менен байланышкан сөздөр

Мугалим окуучулар менен биргеликте «сөздөрдүн дубалына» учурда отүлүп жаткан тема менен байланышкан маанилүү сөздөрдү иле алат. Мисалы, Мекен таануу боюнча балдар кыргыз элинин кийимдерин окуп үйрөнүшөт: элечек, тебетей, калпак жана башка.

«Сөздөрдүн дубалын» уюштуруу жана бир нече кошумча сунуштар

«Сөздөрдүн дубалы» менен иштөө методикасы бул дубал үчүн мейкиндикти, орунду уюштуруудан башталат. «Сөздөрдүн дубалын» кабинетте окуучуларга карата оң жакта уюштурган жакшы. Мугалим сабактын жүрүшүндө зарылчылыкка жараша окуучулар менен бирге «сөздөрдүн дубалына» кайрыла алат. Мугалим өз алдынча же окуучулар менен биргеликте «Сөздөрдүн дубалынын» аталышын жазат («Сөздөрдүн дубалынын» аталышын дайыма эле компьютерге терип, басып чыгара бербеш керек. Аны маркер менен А4 (А3) барагына жазып койсо да болот). «Сөздөрдүн дубалын» колдо болгон каражаттардын жардамы менен (магнит, жип, кыпчыкычтар ж. б.) уюштуруп коюуга болот. Андагы сөздөрдү ар түстөгү маркерлер менен, ар кандай шрифт менен, ар башка өлчөмдө жазган жакшы. Себеби сабак учурунда окуучулардын көңүлүн бурдурууга ыңгайлуу болот.

Бул аянтчаны даярдоодо мугалим окуучуларга бул «дубалга» сөздөр окуп жаткан тексттерден алынып жазыларын түшүндүрүшү зарыл. Бул таптакыр тааныш эмес сөздөр, тааныш сөздөр да болушу мүмкүн, бирок бул сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, фразеологизмдердин мааниси окутуу процессинде такталат.

Сөздөрдү окуучулар көрүп тургандай, алардын орточо боюнун деңгээлинде илүү сунушталат. «Сөздөрдүн дубалын» балдардын боюнан бийик илүүгө болбойт.

Сөздүк ишти алып барууда иштей турган сөздөрдү да түстүү барактарга маркер менен жазып, илүүгө болот. Сөздөр текст менен иштеп жаткан бүтүндөй учурда – 1–2 жума (3–6 сабак) «Сөздөрдүн дубалында» илинип турушу керек. Ал жерде өтө эле узак – 2–3 ай илинип турганы да болбойт.

Сөздүк ишти жүргүзүүдө мугалим сөздөрдү түрдүү белгилери боюнча топтоштура алышы керек. Бул окуучулардын ушул сөздөрдү натыйжалуу өздөштүрүүсүнө мүмкүнчүлүк берет.

Мугалим бүтүндөй окутуу учурунда бул сөздөрдү колдонуу боюнча иш алып барганы жана мурда өздөштүргөн сөздөргө жыл ичинде бир нече жолу кайрылганы жакшы. Дубалдагы сөздөр Адабий окуу сабагында гана эмес, мүмкүнчүлүккө жараша бардык сабактарда колдонулса, жакшы болот. Окуучулар бул сөздөрдүн ордун алмаштыруу менен, сөз айкаштарын түзө алышат.

«Сөздөрдүн дубалына» бүтүндөй сабакты же бир бөлүгүн, мисалы, беш мүнөт убакытты арноого болот. Өз алдынча иштөө үчүн таратыла турган сөздөрдүн же тамгалардын карточкаларын «сөздөрдүн дубалына» илүүгө болот, демек алар жеңил алынып, кайра коюла тургандай болушу керек. Мындай тапшырмаларды уюштуруу үчүн ламинатталган карточкаларды (ламинатор жок болсо, карточканы эндүү скотч менен жабыштырууга болот) пайдалануу мүмкүнчүлүгү ыңгайлуулукту жаратат.

«Сөздөрдүн дубалы» менен иштөөнү окуучуларга жекече же чакан топто иштөө үчүн тапшырмаларды сунуш кылуу менен уюштурууга болот. Дубалга жайгаштырыла турган сөздөрдү сөздүн маанисин түшүндүргөн сүрөттөрү менен бирге категориялары боюнча бөлүштүрүүгө (мисалы, бир үңгудан түзүлгөн омонимдер ж. б.), аларды ыр түрүндө же картага жайгаштырууга болот.

Үлгү

Аталышы	ТҮСТҮҮ ТАБЛИЧКАЛАРДАГЫ СӨЗДӨР
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөздөрдүн маанисин аныкташат; • сөздөрдү туура жазышат; • сөздөрдү кебинде колдонушат.
Модуль	Сөз байлыгы Шар окуу
Классы	2–4
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү каражаттар	Сөздөр жазылган карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жалпы класс менен, жекече иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга эки катарга 6-8 сөз жазылган карточкаларды таратат. Сөздөрдүн бир катары түстүү сызык менен айландыра сызылган, экинчиси – пунктир менен. Мугалим окшош сөздөр жазылган карточкаларды окшош түс менен айландыра сызып коюуну сунуштайт. **2-кадам.** Мугалим балдардан карточкалардагы сөздөрдүн маанисин түшүндүрүүнү суранат. Бул буюмдарды сыпаттоону, алар качан, кайда колдонуларын айтууну же бул сөздөрдү колу, кыймылы, ымдоосу ж. б. менен көрсөтүү тапшырмасын берсе да болот. **3-кадам.** Мугалим балдардан карточкаларда тартылган буюмдарды жалпылаган сөздү табууну жана бул сөз кандайча бул буюмдардын окшоштугун көрсөтөрүн түшүндүрүүнү балдардан сурайт (мисалы, малина, кулпунай, карагат, кызыл карагат – булар жер жемиштер). **4-кадам.** Мугалим балдарга аткарган иштери жана көнүгүүгө активдүү катышканы үчүн ыраазычылык билдирет. Үй тапшырмасы төмөнкүлөр болушу мүмкүн: а) карточкаларда көрсөтүлгөн буюмдардын баарынын сүрөтүн тартуу, б) бул буюмдардын аттарын жазуу.
Карточкалардын үлгүлөрү	

1-карточка

БИЙ АЛМА

КОКТЕЙЛЬ

ЙОГУРТ

БИЙ АЛМА

ГРЕЙПФРУТ

ЧАЙ

НАН

ЛАЙМ

ЙОГУРТ

КОКТЕЙЛЬ

ЙОД

ЛАЙМ

ГРЕЙПФРУТ

ЧАЙ

ЙОД

НАН

2-карточка

КРЕСЛО

КУЛПУ

ШКАФ

ПИАЛА

КӨӨКӨР

ШКАФ

КРЕСЛО

ПИАЛА

СТАКАН

КЕРЕБЕТ

БАЛКА

КУЛПУ

КӨӨКӨР

СТАКАН

КЕРЕБЕТ

БАЛКА

Аталышы	ЖАНДУУ КЕП
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • жаңы сөздөрдүн маанилерин аныкташат; • жаңы сөздөрдү алар билдирген образдар, башка түшүнүктөр менен байланыштырышат; • сөздөрдү байланыштуу, жандуу кепте колдонушат.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	1–2
Окуу баскычы	Окуганга чейин
Керектүү каражаттар	Сөздөр жазылган таблицалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече иш, чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-вариант** **1-кадам.** Бул сөздөргө эпитеттерди (көркөм жана лирикалык аныктамаларды) тандагыла.

КҮН	
ТУМАН	
ОТ	
ЖАРЫК	
СИРЕНЬ	
СЕЗИМ	
МУЗА	
ТЫНЧТЫК	

2-кадам. Бүтүндөй класс боюнча топтордун иштеринин натыйжаларын талкуулоо.

2-вариант

1-кадам. Солдогу жана оңдогу тик катардагы сөздөрдөн сөз айкаштарын түзгүлө.

НУР	БЕКЕМ
ХАН САРАЙ	БОЗ
АЙ	ШАТТАНГАН
УЙКУ	ЧЕЧКИНДҮҮ
СЫР	КОРКУНУЧТУУ
ҮН ЧЫГАРУУ	АЛТЫН

2-кадам. Бүтүндөй класс боюнча топтордун иштеринин натыйжаларын талкуулоо.

3-вариант

1-кадам. Салыштырууларды тапкыла. Алардын көркөмдүгүн түшүндүргүлө.

1) Илим-билим өркүндөп,
Түшүнүктөр кеңейди.
Компьютердей акылдуу
Машинелер көбөйдү. (А. Кыдыров)

2) Шөкүлө – кыргыздардын кыздары кие турган баш кийим. Ал абдан кооз. Үстү тоонун чокусундай бийик шоңшоюп, конуска окшош жасалат. Эң чокусуна кооз үкү тагылат. Сырты кездеме менен капталып, саймаланып кооздолот. Кыздар аны майрамдарда кийишет. (Алиппе-интеллектуал, түзүүчүлөр – С. Рысбаев ж. б. – Б.: 2014, 80-б.)

3) Кызып жаккан оттун табы,
Кызыл чоктой албырган.
Апам жапкан ысык нандын
Жыты келет тандырдан. (Б.Чотурова)

4) Ак кебездей самсаалап,
Ай талаада жаады кар.
Ал ансайын күчтүүлөп,
Чуркурашат каргалар:
«Кар-р! Кар-р! Кар-р!». (Н. Жаркынбаев)

5) Илгери бир хан булбулду кармап алат. Булбулду капаска салдырып, аны хан тагынын жанына койдуруп, сайратып уккусу келет. Хандын сарайы, анын ичиндеги буюмдардын бардыгы алтын менен күмүштөн жасалып, эң кымбат баалуу асыл таштар менен кооздолгондуктан, булбулга да алтындан капас жасаттырат. Ичине аппак мамык менен жибектен уя салдырат. Эң сонун кооз идиштерге булбул жей турган түркүн тамактарды койдурат… («Алтын уя» кыргыз эл жомогунан. Адабий окуу, Токтомаметов А. 2-класс. – Б.: 2014. – 29-б.)

6) Кулунумдун кулагы
Кыя кескен камыштай.

Кишинеген дабышы
Жылаажынжын үнүндөй. (А. Токомбаев)

7) Үч күн, үч түн жаады кар,
Ак пахтаны сепкендей.
Дарыяда муз тоңду
Күзгү коюп кеткендей. (М. Жангазиев)

8) Көз кубанткан башкача,
Көркүн болот мактаса.
Наристеге ал окшойт
Назик, сергек, таптаза. (С. Жусуев)

9) Учтуу сыңар мүйүзү
Тумшугунда чочоёт (Керик). (Т. Самудинов)

10) Чыпалак деген бала колдун чыпалагындай эле болчу.
(Ч. Айтматов)

11) Паровоздой буу бүркүп,
Кулунум бышылдатат мурунун. (Б. Жекембаев)

12) Жутсаң көңүл ачылган,
Жайлоонун суусу көк кашка.
Жаңы кийим жытындай
Жайлоонун жыты бир башка.

Жатсаң көңүл сергиген,
Жайлоонун чөбү бир башка.
Жаш баланын жытындай
Жайлоонун жыты бир башка. (А. Осмонов)

13) Кукаре-ку-ку, короз,
Таажың кооз.
Алмадай жүзүң,
Мончоктой көзүң.
Мойнуң ийрек,
Сакалың жибек.
Куйругуң чатыр,
Уйкусу сак баатыр.
Мынчалык эрте
Тургансың неге?
Ырдап бер бизге
Үнүңдү кере. (Р. Рыскулов)

14) Айланаң кандай гана кооз! Түркүн түстөгү гүлдөр. Учуп-конуп жүргөн көпөлөктөр, ызылдаган аарылар жаратылыштын көркүнө көрк кошуп турат. Жер бети жапжашыл кымкап жамынган. Кайда караба, көз жоосун алган керемет кооздук! Бак-дарактар гүл ачып, алардан жерге гүл жаап турат… (Адабий окуу, Токтомаметов А. 2-класс. – Б.: 2014. – 113-б.)

15) Балбалактап аппак кар,
Жаап жатты себелеп.
Жатты аны эритип,
Кудум эле Күнгө окшоп
Менин бетим тегерек. (К. Жунушев)

2-кадам. Бүтүндөй класс боюнча топтордун иштеринин натыйжаларын талкуулоо.

5-вариант

1-кадам. Текстен жансыз буюмдар жандуу катары берилген мисалдарды тапкыла.

1) Жерди булут барсайган
Мөндүр менен аткылап.
Так түйүлүп эрке кыз
Куунайт колун чапкылап:

– Мен жоготкон шурулар
Көктөн түшүп келишти ай!
Жүр, чоң эне, теришчи ай!
Бол, чоң эне, теришчи ай! (Т. Муканов)

2) Күн ачылып…
Шатырап…
Буту тийбей бутуна,
Жамгыр качып баратат.

Жан далбастап жыгылып,
Сүзүшүп жол талашат.
Бир-бирине чалынып,
Бирин бири сабашат.

Көзүнөн жаш тамчылап,
Чөп, жайкалган жалбырак:
– Мактанчаакка чала! – деп
Каткырышат табалап… (А. Өмүрканов)

3) Колу жок, буту жок,
Терезеге сайма саят (табышмак: аяз).

4) Кыш аябай каарданып, дүйнөдөгү жан-жаныбарлардын бардыгын тоңдурмак болду… (К. Ушинский)

2-кадам. Бүтүндөй класс боюнча топтордун иштеринин натыйжаларын талкуулоо.

Сөз байлыгын кеңейтүүгө карата топ менен ойнолуучу сөз оюну

Мындан ары топту пайдаланып окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүгө карата көнүгүүлөр берилди. Бул көнүгүүлөрдү окуучулар абдан жакшы көрүшөт. Тажрыйба көрсөткөндөй, абдан ыңгайлуу, негизгиси «коопсуз» топ колдонулат.

«Коопсуз» топту өз алдынча кантип жеңил эле жасап алууга болот?

Башталгыч мектепте иштөө үчүн «коопсуз» топту мугалим жасайт. Аны даярдоо үчүн газета менен кагаз скотч керек болот.

1-кадам. Газетаны мугалим тоголоктойт. «Коопсуз» топтун диаметри болжол менен 15–20 см болот.

2-кадам. Тоголоктолгон газетаны кагаз скотч менен каптап чаптап чыгат.

«Коопсуз топ» көнүгүү өткөргөнгө даяр!

Аталышы	КИМ ЭМНЕ ЖЕЙТ?
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • сөз байлыгын өстүрүшөт; • пассивдүү сөз байлыгын активдештиришет.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	1–4
Окуу баскычы	Окуганга чейин, окугандан кийин
Керектүү каражаттар	Сүрөттөр тартылган, сөздөр жазылган карточкалардын топтому
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1–2-класстар үчүн көнүгүү** 1-кадам. Мугалим сүрөттөрдү көрсөтүп, аларды талкуулайт. 2-кадам. Мугалим окуучуга топту ыргытып, суроо берет: – Бананды эмне жейт? Топту кармаган окуучу, мисалы: «Маймыл», – деп жооп берет да, топту мугалимге кайтарып берет. 3-кадам. Мугалим туура жооп үчүн окуучуга ыраазычылык билдирип, топту кийинки окуучуга ыргытып, кийинки суроону берет: – Бакалар эмне менен тамактанышат? Окуучу жооп берет жана андан ары улантат. Мугалим коюлган милдеттерге жараша убакытты жана суроолордун санын өз алдынча аныктайт. **3–4-класстардын окуучулары үчүн көнүгүү** Мугалим бир топ татаал суроолорду даярдайт, мисалы: – Адам катуу ачуулангандагы сезими кандайча аталат? (жооп: «*ачуулуу болуу, жек көрүү, кыжырлануу, ызалануу*» сөздөрү болушу мүмкүн). Топту алган окуучу бир сөздү атаганда, жооп кабыл алынат. – «Катуу үн катып» деген сөздү кандайча түшүнөсүңөр? (абдан катуу же баарына белгилүү болгондой сүйлөө).

1–2-класс үчүн сүрөттөрдүн үлгүлөрү

Аталышы	СИНОНИМДЕР
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • синонимдер менен сөз байлыктарын өстүрүшөт; • синонимдердин маанилерин аныкташат.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	2–4
Окуу баскычы	Окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин
Керектүү каражаттар	Сүрөттөр тартылган, сөздөр жазылган карточкалардын топтому
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Окуучуларга синонимдер эмне экендигин (мурда өтүлгөн маалыматты кайталагыла) түшүндүрөт, ар башка сөздөр менен атоого боло турган сүрөттөрдү көрсөтөт. **2-кадам.** Сүрөттөргө карата мааниси окшош сөздөрдү табууну окуучуларга сунуштайт. Топту ыргытуу менен оюн уюштурулат. **3-кадам.** Оюндун ийгилигин бекемдөө максатында сабактын кийинки баскычында төмөнкүлөр сунушталат: – жаңы сөздөр менен сүйлөм түзүү жана жазуу; – жаңы сөздөр менен суроо түзүү жана аларга жооп берүү; – жаңы сөздөр менен (4–6 сүйлөмдөн турган) аңгеме түзүү жана аны класста окуу. Түзүлгөн аңгемени жупта, чакан топтордо окууну уюштурган жакшы. Мындай уюштуруу ар бир окуучуга жаңы сөздөрдү кебинде пайдалана алуусуна мүмкүнчүлүк берет.
Үлгү	

КЕПТЕР

КӨГҮЧКӨН

ҮЙ

ТУРАК-ЖАЙ

Аталышы	АКТИВДҮҮ СӨЗ БАЙЛЫГЫН ТОЛУКТОО
Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар: • активдүү сөз байлыгын көбөйтүшөт.
Модуль	Сөз байлыгы
Классы	3–4
Окуу баскычы	Окугандан кийин
Керектүү каражаттар	Адабий чыгармалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-вариант.** Маектешүү. Сүйлөшүү учурунда анын ар бир катышуучусу маектешүүчүсүнүн сөздөрү менен өз сөз байлыгын толуктайт – алардын ортосунда сөз алмашуу жүрөт. **2-вариант.** Үн чыгарып окуу – абдан натыйжалуу усулдардын бири. Үн чыгарып окууда биз сөздөрдү жана текстерди көрөбүз, угабыз жана, эң негизгиси, айтабыз. Ошондуктан аны жакшылап эстеп калабыз. Ичибизден (үн чыгарбай) окуп жатып, биз да өзүбүздүн лексиконубузду толуктайбыз, бирок өтө тез эмес, анткени мындай ыкма менен биз сөздөрдү болгону көрөбүз, аларды укпайбыз. **3-вариант.** Текстке жакын кайра айтып берүү. Текстти жаңы окуганда, аны кайра айтып берүү процессинде биз текст жазылган сөздөр менен айтып берүүгө жакын болобуз, ошентип, айрым пассивдүү сөздөр активдештирилет. Текстке жакын кайра айтып берүү башталгыч класстардын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүүгө шыктандыруу үчүн натыйжалуу усул болуп саналат. **4-вариант.** Синонимдер сөздүгү менен иштөө (кыргыз тилинде синонимдик катар абдан бай – ар бир сөз орточо 5–6 синонимге ээ болот; айрым сөздөрдүн кыркка чейинки синоними болушу мүмкүн (мисалы, «чоң», «жакшы»); каалаган текстти алыңыз (*кат, кулактандыруу, арыз, макала* ж. б.) жана сөздүктүн жардамы менен текстин мааниси жабыркабагандай кылып, андагы сөздөрдү тиешелүү синонимдерге алмаштырганга аракет кылып көрүңүз. **5-вариант.** Көбүнчө ырларды жана прозаны, үзүндүлөрдү, афоризмдерди, макалдарды, лакаптарды ж. б. жаттаганга үйрөтүү. Жазылган текстти көп жолу угуу менен, бардык текстерди жаттоо абдан натыйжалуу болуп саналат.

Үлгү

9. ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

1. *Абдухамидова Б. ж. б.* Адабий окуу, 2-класс. – Б.: «Принт Экспресс», 2016.
2. *Абдухамидова Б. ж. б.* Адабий окуу, 3-класс. – Б.: «Принт Экспресс», 2016.
3. *Абдухамидова Б. ж. б.* Адабий окуу, 4-класс. – Б.: «Принт Экспресс», 2016.
4. *Би Х.* Развитие ребёнка, 9-е изд. – СПб: Питер, 2004. – С. 391–392, 379.
5. *Буг Дж.* Рождённый читать. Как подружить ребёнка с книгой. – М.: Альпина нон-фикшн, 2015. – 302 с.
6. Виммельбух: гениальная книга или выброшенные на ветер деньги? Сайт ЭСО BOOM// http://eco-boom.com/vimmelbuh-genialnaya-kniga-ili-vybroshennye-na-veter-dengi/.
7. *Дворяк М. И.* Особенности изучения фразеологических единиц русского языка в начальной школе. Vivatacademia.Доступно:http://academicon.ru/publ/filologija/dvorjak_m_i_osobennosti_izuchenija_frazeologicheskikh_edinic_russkogo_jazyka_v_nachalnoj_shkole/5-1-0-212
8. *Дэвис Б.* День, когда я встретил кита. – СПб.: Поляндрия, 2015. – 26 с.
9. *Елизарова Е. Р.* Как оценить словарный запас современного школьника: содержание и технология констатирующего эксперимента// Международный студенческий научный вестник. – 2015. – № 5 (часть 1)// Доступно: http://www.eduherald.ru/ru/article/view?id=12703 (Дата обращения: 18.08.2017).
10. *Зегебарт Г. М.* Учение без мучения. Коррекция дисграфии. Словарные слова. – М.: Издательство «Генезис», 2007. – 40 с.
11. *Зеликова Н. В., Чувилова С. В.* Работа со словарями в начальной школе. Открытый урок. Первое сентября. Доступно: http://festival.1september.ru/articles/582806/. 03.08.2017.
12. *Зикеев А. Г.* Работа над лексикой в начальных классах специальных (коррекционных) школ. – М.: Издательский центр «Академия», 2002. – 176 с.
13. *Лемов Д.* Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей. – М.: Манн, Иванов и Фербер, 2016. – С 348.
14. *Саскинд Дана*, Тридцать миллионов слов: развиваем мозг малыша, просто беседуя с ним». – М.: Манн, Иванов и Фарбер, 2016.
15. *Токтомаметов А.* Адабий окуу, 2-класс. – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2014.
16. *Токтомаметов А.* Адабий окуу, 3-класс. – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2014.
17. *Токтомаметов А.* Адабий окуу, 4-класс. – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2015.
18. *Толстова В. Г.* Обогащение словарного запаса младших школьников // Молодой учёный. – 2014. – №7. – С. 565–567.
19. *Узорова О. В., Нефёдова Е. А.* Новый дневник юного читателя. – М.: АСТ, 2016. – 64 с.
20. Фразеологиялык сөздүк. Түзүүчү – Мусаева В. – Б.: Кыргыз энциклопедиясы, 2016. – 112 б.
21. Children with language difficulties in primary school. Good practice guide, National Educational Psychological Service, 2015, page 4–5

22. Using Big Books and Predictable Books by Priscilla Lynch. Copyright © 1996, 2008 Scholastic Canada Ltd.
23. https://ru.wikipedia.org
24. http://festival.1september.ru/articles/582806/. Работа со словарями в начальной школе. Зеликова Нина Васильевна, Чувилова Светлана Викторовна, учителя начальных классов.
25. readingrockets.org: Barton & Booth, 1990, Dyson&Genishi, 1994, Gambrell&Almasi, 1996.
26. https://rechrebenka.ru/kak-uvelichit-slovarnyj-zapas-rebenka-4-prostyh-rekomendatsii
27. http://eco-boom.com/vimmelbuh-genialnaya-kniga-ili-vybroshennye-na-veter-dengi/
28. http://www.readingrockets.org/strategies/word_walls
29. http://www.k12reader.com/10-great-word-wall-strategies-for-classrooms/
30. http://nsportal.ru/nachalnaya-shkola/chtenie/2012/11/27/razvitie-rechi-na-urokakh-literaturnogo-chteniya-v-nachalnoy
31. http://videotutor-rusyaz.ru/uchenikam/testy-i-upragneniya/327-vyrazitelnyesredstvaleksikiupragneniyaitest.html
32. Http://studopedia.ru/1_129672_metodika-izucheniya-frazeologii-v-shkole.html
33. http://nsportal.ru/nachalnaya-shkola/russkii-yazyk/2015/01/31/izuchenie-frazeologizmov-na-urokakh-russkogo-yazyka-v

10. ТИРКЕМЕЛЕР

1-ТИРКЕМЕ. «СӨЗ» ГРАФИКАЛЫК УЮШТУРГУЧУ

Сөз _____

Иллюстрация

Сөздүн мааниси _____

Багыттама жардам _____

Синоним

Антоним

Сүйлөмдөр

1 _____

2 _____

Сөздүн үңгүсү

2-ТИРКЕМЕ. ФОРМА «ЗНАЧЕНИЕ СЛОВА»

	1	2	3
	Мен бул сөздү билем, аны кебимде же жазууда колдоно алам	Мен бул сөздү уккам же көргөм, бирок маанисин билбейм	Мен бул сөздүн маанисин билбейм жана эч качан уккан эмесмин
1-сөз			
2-сөз			
2-сөз			
2-сөз			
2-сөз			

4-модуль

Шар окуу

МАЗМУНУ

1. Киришүү 3

2. Шар окуу деген эмне? 4

3. Шар окуунун компоненттери 5

3.1. Туура окуу 5

3.2. Окуу ылдамдыгы 6

3.3. Көркөм окуу 7

3.4. Тыныш белгилерине көңүл коюп окуу – көркөм окуунун ажырагыс элементи 9

4. Окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн өнүгүү деңгээлине ылайык тексттерди/китептерди окуусу 10

5. Шар окуу көндүмүн баалоо 11

6. Шар окуу көндүмүнө үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр 35

7. Пайдаланылган адабияттар 68

1. КИРИШҮҮ

Шар окуу – бул окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык, тыныш белгилерине көңүл буруу менен туура (катасыз), көркөм, ылдам окуусу. Шар окуу чечмелеп окуу (тыбыштарды аныктоо, аларды тамга менен байланыштыруу, муундарды кошуу, сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү түзүү) менен окуганын түшүнүүнүн ортосундагы көпүрө болуп саналат. Шар, көркөм жана тексттин маанисин чагылдырып окуу окуучунун окуганын түшүнгөндүгүнүн айкын белгиси болуп эсептелет.

Шар окуу окуу техникасын гана эмес, төмөнкүлөрдү дагы камтыйт:

- «Сөз байлыгы» модулунда берилген түрдүү стратегияларды колдонуп, сөздүн маанисин автоматтык түрдө аныктап таануу;
- буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын колдонуп, көмүскөдөгү маанилерди ачып, окуганын түшүнүү («Окуганын түшүнүү» модулун кара);
- көңүлүн тексттин мазмунун түшүнүүгө буруп, кыйналбай, эркин окуу.

Окуучулар шар окуу көндүмүн ийгиликтүү өздөштүрүүлөрү үчүн сабак учурунда окуу формаларына көңүл буруу зарыл (1-таблица «Окуу формалары»).

1-таблица. Окуу формалары

Окуу формалары	Баяндоо
Үлгүлүү окуу	Үлгүлүү окуу – бул мугалимдин текстти үн чыгарып, көркөмдөп жана эмоционалдуу окуусу. Үлгүлүү окуу айрым сөздөрдү жана жалпы текстти түшүнүүгө, божомолдоого жана тексттин бөлүктөрүн өз ара байланыштырууга тиешелүү суроолор менен коштолуусу мүмкүн. Окуучулар активдүү угушат жана текстти кайра окушат, талкууларга катышышат, тексттеги окуяны элестетип божомолдошот.
Биргелешип окуу	Биргелешип окуу мугалим менен окуучулардын чечмелеп окуу стратегияларын, сөздөрдүн маанилерин жана окуган текстти түшүнүү көндүмдөрүн колдонуу аркылуу тексттин үстүндө биргелешип иштөөсүнө мүмкүнчүлүк түзөт. Окуунун бул формасынын алкагында мугалим окуучуларды «жетелеп», текстти окууга тартат, ал эми окуучулар текст менен жакынырак таанышкан сайын окуу процессине көбүрөөк катышышат. Окуунун бул формасы окуучунун өзүнө болгон ишенимин жана окууга кызыгуусун арттырат.
Башкарып окуу	Башкарып окуу текст кантип окула тургандыгын жана кандай окуу стратегиялары колдонуларын талкуулап, окуучулардын текстти аңдап түшүнүп окууга кызыгуусун арттырат.
Өз алдынча окуу	Өз алдынча окуу тандалып алынган текстти өздөштүрүлгөн окуу стратегияларын колдонуу менен окуучулардын өз алдынча окуусун билдирет. Окуучуларды үн чыгарып окууга үйрөтүү маанилүү, андан кийин акырындык менен купуя же «ичинен» окууга өтүү тийиш.

Окуунун бир формасынан экинчи формасына өтүү окуу техникасын өркүндөтөт, окуучулар шар окуу көндүмүнө ээ болушат жана ошого жараша окуганын түшүнүүсү артат.

Бул модулдун материалдарын өздөштүрүүнүн натыйжасында катышуучулар:

– шар окуу жана анын компоненттери боюнча түшүнүктөрүн арттырышат;

– шар окууга үйрөтүүнүн стратегияларын колдонушат.

Шар окуу бирден бир максат эмес, ал – окуганын түшүнүүнүн куралы болуп эсептелет. Шар окуунун жардамы менен окуучулар окуудагы жетишкендиктерин жогорулатышат.

2. «ШАР ОКУУ» ДЕГЕН ЭМНЕ?

Шар окуу – толук кандуу окуу менен окуганын түшүнүүнү калыптандыруучу эң маанилүү көндүмдөрдүн бири.

«Шар окуу автоматизмди (ылдам жана катасыз окуу жөндөмүн), экспрессияны (сөздөрдү фразаларга бириктирүү, тексттин маани-маңызын берүү, маанилүү сөздөрдү үн менен белгилөө, интонацияны колдонуу жөндөмүн) жана окуганын түшүнүүнү билдирет. Текстти көркөм окуу үчүн бала эмнени окуп жатканын түшүнүүсү, чыгарманын стилин, тонун, маанайын аныктоосу, кайсы сөздөргө өзгөчө басым коюларын билүүсү зарыл. Шар окуу – интонациянын жардамы менен тексттин маани-маңызын чагылдырып окуу». (Шар окуу боюнча 1-схеманы караңыз).

1-схема. Шар окуу

3. ШАР ОКУУНУН КОМПОНЕНТТЕРИ

3.1. ТУУРА ОКУУ

Туура окуу – бул окуп жаткан тексттин маанисине таасирин тийгизе турган (тамгаларды, сөздөрдү так эмес айтуу сыяктуу) бурмалоосуз бир калыпта окуу. Туура окууга терс таасирин тийгизген көп кездешүүчү каталар 2-таблицада берилди.

2-таблица. Туура окууга таасирин тийгизген каталар

Каталар	Түшүндүрүү	Каталардын болжолдуу себептери
Тыбыш-тамгалык курамдын бурмаланышы	Тамгаларды, муундарды, сөздөрдү жана саптарды калтырып кетүү. Тамгалардын, муундардын, сөздөрдүн орундарын алмаштыруу. Муундарга, сөздөргө тиешеси жок элементтерди аралаштыруу (кошуу). Бир окуу бирдигин башкасы менен алмаштыруу.	• Тамгаларды толук тааныбагандыгы же билбегендиги. • Сөздүн маанисин билбегендиктен, сөздү калтырып кетүү. • Окуучу тандап алган окуу ылдамдыгы тамгаларды, муундарды, сөздөрдү туура эмес окууга себеп болгондугу. • Көрүп кабыл алуусунун толук өнүкпөй калгандыгы же көрүү өзгөчөлүктөрү (мисалы, алыстан же жакындан көрүү мүмкүнчүлүгүнүн чектелүүсү, астигматизм). • Кебинин өнүкпөй калгандыгы же сүйлөө өзгөчөлүктөрү (мисалы, артикуляциялык аппараттын жетишсиз ийкемдүүлүгү). • Субъективдүү божомолдоо (сөздөрдү ойлоп табуу).
Кайталоо	Окуу бирдиктерин кайталоо: – тамгаларды; – муундарды; – сөздөрдү; – сүйлөмдөрдү.	• Эгерде окуп жатканда окуучу тамгаларды, муундарды, сөздөрдү же сүйлөмдү улам-улам кайталай берсе, анда бул окуганын түшүнүү үчүн жаңы гана окуганын оперативдик (ыкчам) эстутумунда сактап калууга умтулгандыгынан болот. Мындай учурда кайталоолорду мугалим мыйзам ченемдүү, ал тургай жагымдуу көрүнүш катары кабыл алуусу керек. • Анын башка бир себеби баланын ошол сөздүн маанисин билбегендигинен болушу мүмкүн. Ошондуктан бала мурунку сөздү кайталай берет. • Мындай окууга тоскоолдук кылуунун кажети жок: системалуу түрдө окутуу аркылуу бала тез арада окуган сүйлөмдү, сөздөрдү кайталабастан түшүнө баштайт. • Дислексия («Тыбыштык кабыл алуу» 1-модулду караңыз). • Көргөнүн гана окугандыгы (балдар учурда кайсы тамга же муунду көрүп турса, ошону гана окушат)

Каталар	Түшүндүрүү	Каталардын болжолдуу себептери
Сөздөрдүн адабий айтылыш эрежелерин бузуу	Орфоэпикалык каталар – туура эмес басым жасоо. «Орфографиялык окуу» – тамгалар, муундар, сөздөр айтылышы боюнча эмес, жазууда кандай болсо, дал ошондой окуу. Интонациялык каталар – туура эмес логикалык басым жасоо, тынымдын маанилик жактан орунсуз коюлушу.	• Сөздүн айтылыш эрежесин (тыбыштык талдоо көндүмдөрүнүн жетишсиз өнүкөндүгү жана тыбыштык кабыл алуунун жетишсиз деңгээлде калыптануусу) же сөздүн лексикалык маанисин билбегендиги. • Окуучунун окуу очурунда туура эмес дем алуусу же анын дикциясынын начар болуусу. • Ыкчам (оперативдик) эстутумунун жетишээрлик деңгээлде өнүкпөгөндүгү (сүйлөмдүн башын унутуп калат). • Окуган текстти мазмунун түшүнбөгөндүгү. Окутуу тили окуучунун эне тили болбогондуктан, ал окутуу тилин билбейт же билүү деңгээли төмөн.

Мугалим окуучунун туура эмес окуганынын себебин түшүнүп, каталардын үстүндө иштөөнүн методикасын билгенде гана каталарды оңдоо жана алардын алдын алуу үстүндө туура иштей алат:

– окуучуларга түшүнүктүү жана өлчөп-ченелүүчү максаттарды коюу, максат коюуга ар бир окуучуну (үй-бүлөнү) тартуу;

– көп окуу – (окуу сабагында гана эмес) ар бир сабакта беш мүнөттүк окууну уюштуруу;

– окуу сабагына класстагы бардык окуучулардын катышуусун камсыздоо;

– сабак учурунда окуучуларга классташтарынын окуусун байкоо мүмкүнчүлүгүн берүү;

– жаңы, окулушу татаал сөздөрдү окуп, талкуулоо;

– бир эле текстти сабак учурунда бир нече жолу кайра окуу, түрдүү окуу ыкмаларын колдонуу;

– окутуунун алгачкы күнүнөн тартып ата-энелерди окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү боюнча бардык процесстерге тартуу: окуу боюнча үй тапшырмаларды аткарууда балага жардам берүү, үй-бүлөдө биргелешип окуу, сөз оюндарын ойноо, уктаардын алдында окуу.

3.2. ОКУУ ЫЛДАМДЫГЫ

Окуу ылдамдыгы бир мүнөттө туура окулган сөздөрдүн саны менен аныкталат. Окуу ылдамдыгын мезгил-мезгили менен өлчөө жана окуучуларга жөндөмдөрүн жогорулатуу үчүн кайтарым байланыш берүү окуу көндүмдөрүн, башкача айтканда окуу автоматизмин өркүндөтөт.

Окуунун ылдамдыгы «Окуу ылдамдыгынын ченемдери»[1] менен жөнгө салынып, үч деңгээлден турат (3-таблица. Окуу ылдамдыгынын ченемдери).

[1] Башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн баалоо (методикалык колдонмо). – Б., 2016, 14-б.

3-таблица. Окуу ылдамдыгынын ченемдери

Класс	Үлгүлүү деңгээл		Базалык деңгээл (минималдык стандарттык деңгээл)		Төмөнкү деңгээл	
	1-жарым жылдык	**2-жарым жылдык**	**1-жарым жылдык**	**2-жарым жылдык**	**1-жарым жылдык**	**2-жарым жылдык**
1	20 сөздөн көп	25 сөздөн көп	15-20 сөз	20–25 сөз	15 сөздөн аз	20 сөздөн аз
2	30 сөздөн көп	40 сөздөн көп	30–35 сөз	35–40 сөз	30 сөздөн аз	35 сөздөн аз
3	50 сөздөн көп	60 сөздөн көп	45–50 сөз	55–60 сөз	45 сөздөн аз	55 сөздөн аз
4	70 сөздөн көп	80 сөздөн көп	65–70 сөз	70–80 сөз	65 сөздөн аз	70 сөздөн аз

3.3. КӨРКӨМ ОКУУ

Көркөм окуу шар окуунун маанилүү бөлүгү болуп саналат. Көркөм окуу адабий чыгарманы туура, эмоционалдуу жана аңдап-түшүнүп окууну билдирет. Дал ушундай окуу адабий материалды өздөштүрүүнүн деңгээлин жогорулатып, аны аңдап-түшүнүүгө жардам берет.

Көркөм окуу сөздөрдү туура айтуу жана кеп маданияты менен байланышкан окурмандын минималдык көндүмдөрүнүн калыптануусун талап кылат. Минималдык көндүмдөргө төмөнкү компоненттер кирет: үндүн тону, үндүн күчү, ритмди колдонуу, кептин темпи (тездетүү же басаңдатуу), тыным жасоо, тондун мелодикасы (үндү катуу же акырын чыгаруу), логикалык басымдарды жасоо. Кептин жана окуунун көркөмдүгү кептин техникасына – дикцияга, туура дем алууга жана сөздөрдү туура айтууга – таянат («Көркөм окуу» боюнча 2-схеманы кара).

Логикалык басымды (текстин маанисине ылайык) туура жана так коюу абдан маанилүү. Сүйлөмгө белгилүү жана так маани берүү үчүн эң маанилүү сөздү үндүн күчү менен белгилеп, башка сөздөрдүн арасынан бөлүп айтуу зарыл. Адатта бир сүйлөмдө бир гана сөз бөлүнүп айтылат.

Тынымдар көркөм жана психологиялык болуусу мүмкүн. Көркөм тыным – бул окурман өзгөчө маани берүүнү, өзгөчө басым коюуну каалаган сөздүн жана фразанын алдындагы пауза. Психологиялык тыным көпчүлүк учурда тексттеги көп чекит менен дал келип, жан дүйнөнүн кандайдыр бир толкундоосун билдирилет.

Интонация кеп маданиятынын бир бөлүгү болуп саналат. Ал жай, суроолуу жана илептүү сүйлөмдөрдү курууда маанилүү ролду ойнойт. Ырларды жана тамсилдерди окууда интонация өзгөчө мааниге ээ.

2-схема. Көркөм окуу

3.4. ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИНЕ КӨҢҮЛ КОЮП ОКУУ – КӨРКӨМ ОКУУНУН АЖЫРАГЫС ЭЛЕМЕНТИ

Окуучулардын текстти көркөм окууга үйрөтүү үчүн тыныш белгилерине көңүл коюп окуу жөндөмүн калыптандыруу зарыл.

А. П. Чехов: «Тыныш белгилери – бул «окуудагы ноталар», – деп айткан. Музыкант үчүн ноталар кандай кызмат аткарса, тыныш белгилери окурман үчүн дал ошондой кызмат кылат. Тыныш белгилери аркылуу жазылган тексттин мааниси ачылып-түшүндүрүлөт, автордун эмоцияларын билүү, чыгарманын жанрын жана анын максатын аныктоо мүмкүн болот.

«Чындыгында, бул белгилерди (кыска жана узун) тынымдардын жана (катуу же катуу эмес) басымдардын жардамы менен чагылдырса болот. Тыныш белгилери текстти түшүнүп, өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн берет. Алар үч: ***маанилик, грамматикалык*** жана ***интонациялык*** функцияны аткарат. Тыныш белгилери кепти эмоционалдуу, так, түшүнүктүү жана жандуу кылат. Ырдоодо ноталар үндүн күчүн белгилеп, ырдын мелодиясын аныктаса, тыныш белгилери (чекит, тире, үтүр, суроо жана илеп белгилери, ж. б.) окууда үндү катуу чыгаруу же басаңдатуу, тыным жасоо аркылуу угуучуну кызыктырууга жол ачат, башкача айтканда, кепти жагымдуу, мелодиялуу жана кооз кылат. Ошол эле учурда, маанилик жана грамматикалык функцияларды аткарат»[1].

«Тыныш белгилерине көңүл коюп окуу – алардын жардамы менен тексттин маанисин (автордун идеясына ылайык) туура түшүнүүнү билдирип, ошонун негизинде туура жана так, көркөм жана тиешелүү интонация менен окууну түшүндүрөт»[2].

Тыныш белгилери – бул тилдин жалпы графикалык системасынын өзгөчө бөлүгүн түзгөн белгилер. Тыныш белгилери кепти маанилик бөлүктөргө бөлүүгө, анын синтаксистик түзүлүшүн жана интонациялык жагын аныктоого жардам берет[3].

[1] Белогорцева М. А., Мусиева Э. Б. Выразительное «чтение» знаков препинания как важнейший принцип методики обучения пунктуации//Вестник Иссык-Кульского университета. – № 36. – 2013. – 212–215-б.
[2] Ошол эле жерде.
[3] TextoLogia. ru// http://www.textologia.ru/slovari/lingvisticheskie-terminy/znaki-prepinaniya/?q=486&n=604

4. ОКУУЧУЛАРДЫН ШАР ОКУУ КӨНДҮМДӨРҮНҮН ӨНҮГҮҮ ДЕҢГЭЭЛИНЕ ЫЛАЙЫК ТЕКСТТЕРДИ/ КИТЕПТЕРДИ ОКУУ

Шар окуу такай окуп-машыгуунун натыйжасында калыптанат. Окуучуларга курагына жана классына (1–4-класстарга) ылайык, сөздөрдүн көбү тааныш жана оңой чечмеленген текстерди сунуштоо керек. Башкача айтканда, окуучуларга сунушталган текст алардын окуу көндүмдөрүнүн өнүгүү деңгээлдерине туура келүүсү абзел.

Текст окуучулар үчүн татаал болсо, чечмелөөгө көп күч жумшашып, шар окуу көндүмүн өнүктүрүүгө жетиштүү көңүл бурушпайт. Окуу сабагында аңгеме, жомок, тамсил, уламыш, миф, ыр жана илимий-популярдуу адабияттар сыяктуу түрдүү окуу материалдарын колдонуу сунушталат. Ыр формасындагы чыгармалар абдан ыңгайлуу келет, анткени алар көп учурда кыска, рифмаланган, ритмдүү, көркөм, окууганга оңой жана балдар үчүн жеңил тилде жазылат.

Окуу материалдарын классификациялоо

Окуу материалдарын татаалдык деңгээлине жараша классификациялоо окуучулардын бардыгын теңдештирүүнү жокко чыгарып, ар бир окуучуга тиешелүү көндүмдөрдү өзүнүн окуу ылдамдыгына жана деңгээлине жараша өркүндөтүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Долбоордун алкагында китептерди/текстерди классификациялоо үчүн иштелип чыккан критерийлер окуу материалдарынын татаалдыгын аныктоого жардам берет. Ошону менен бирге, мугалимдер бул критерийлерди колдонуп, ар бир окуучунун окурмандык деңгээлине ылайык окуу материалдарын тандай алат. Татаалдыгына жараша классификацияланган китептерди колдонуу мугалимге окуучунун жөндөмдөрүнүн өнүгүүсүнө байкоо жүргүзүү, анын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окуганды үйрөтүү мүмкүнчүлүгүн берет.

5. ШАР ОКУУ КӨНДҮМҮН БААЛОО

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, шар окуунун компоненттерине төмөнкүлөр кирет:

- туура окуу;
- окуу ылдамдыгы (темпи);
- көркөм окуу;
- тыныш белгилерине көңүл коюп окуу.

Педагогикалык булактарда *окуганын түшүнүү* шар окуунун компоненттеринин бири катары каралат, ошондуктан бул колдонмонун «Окуганын түшүнүү көндүмдөрүн баалоо» бөлүмүндө берилген тексттерди шар окууну өлчөө үчүн шкала да берилген. Бул тексттерди бир эле учурда шар окууну да, окуганын түшүнүүнү да баалоодо колдонууга болот. Ошентсе да, бул бөлүмдө жогоруда белгиленген шар окуунун гана төрт компонентин баалоо тууралуу сөз болот.

Шар окууну текшерүү үчүн тексттерди мугалим өзү оңой тандай алат. Тексттерге карата негизги талаптар:

1. Тексттин татаалдыгы окуучунун окурмандык деңгээлине ылайык болуусу тийиш.
2. Текст кыз балдар үчүн да, эркек балдар үчүн да бирдей кызыктуу болууга тийиш.
3. 1–2-класстарда шар окууну текшерүү үчүн тандалган тексттерде бейтааныш сөздөр болбошу керек, ал эми 3–4-класстарда тексттеги 100 сөздүн ичинен 1–2 сөз гана бейтааныш болууга тийиш.

Шар окуу көндүмүн баалоонун негизги принциптери:

1. Баалоо ар бир окуучу менен жекече өткөрүлөт.
2. Баалоонун алдында мугалим окуучуларга баалоонун максаты жана анын натыйжалары кандайча колдонулары тууралуу айтып берүүсү зарыл. Калыптандыруучу баалоону өткөрүүдө окуучуларга бул баалоонун алардын бааларына эч кандай таасири тийбей турганын, болгону гана окуганды үйрөнүүдө окуучу кандай кыйынчылыктарга туш болгондугун аныктап, ал кыйынчылыктарды жоюуда жардам берилерин түшүндүрүү зарыл.
3. Окуучу текстти окуп баштаганда, мугалим аны токтотпой, окугандыгы жөнүндө ойпикирин айтпай турушу тийиш. Окуучунун ордуна ал окуй албай жаткан сөздү айтып жардам берүүгө, колдоо иретинде башты ийкеп же тескерисинче, бала кыйналып окуп жатса, башты чайкоого болбойт.
4. Эгерде окуу үчүн бөлүнгөн убакыт бүтүп, ал эми окуучу текстти окуп бүтпөй калса, мугалим окуучуну токтотпошу керек. Мугалим өзүндөгү тексттин көчүрмөсүнө окуучу бөлүнгөн убакытта кайсы сөзгө чейин окугандыгын белгилеп, окуучуга текстти аягына чейин окууга мүмкүнчүлүк берүүсү абзел. Антпесе, окуучуда тапшырманы аткара албай калдым деген сезим пайда болуп, окууга болгон кызыгуусуна терс таасирин тийгизет. Муну окуучу текстти өтө кыйналып окуп, окуу процесси балада ыңгайсыздыкты жараткан учурда гана колдонбоо сунушталат.
5. Калыптандыруучу баалоодо, окуучу текстти аягына чейин окуп бүткөндөн кийин мугалим анын жетишкен натыйжалары менен бөлүшүп, окуучу менен жетишкендиктерди кантип жогорулатуу тууралуу талкуулайт.

Эл аралык тажрыйбада шар окууну баалоо үчүн эки шкала колдонулат:

1) бир мүнөт ичинде окулган сөздөрдүн саны;

2) бир текстти окууга кеткен убакыт.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде биринчи шкала колдонулат, ал башталгыч мектептер үчүн иштелип чыккан стандарттарда дагы чагылдырган. Экинчи шкала көбүрөөк калыптандыруучу баалоонун куралы катары колдонулат. Ошондой эле экинчи шакаланы окуучу бир эле тексттин негизинде өзүнүн шар окуу көндүмүнүн өнүккөнүнө байкоо жүргүзүү куралы катары колдоно алат. Ал үчүн бир эле текст көп жолу окулат. Өзүнүн жетишкендиктерине байкоо жүргүзүү окуучуну шыктандырат, анткени ал өзү менен өзү мелдешип жаткандай кабыл алат.

Бир эле текстти кайрадан окуу туура жана тиешелүү ылдамдыкта окуу жөндөмүн өркүндөтөт. Кайрадан окуунун дагы бир пайдасы – окуучулар тексттеги сөздөрдү бир нече жолу кайталап окугандыктан, ал сөздөр окуучунун туруктуу лексиконуна кирип калат. Кайталап окуу үчүн тандалган тексттер окуучулардын окурмандык деңгээлине туура келүүсү зарыл.

Төмөндө окурмандык компетенттүүлүктүн ар түрдүү деңгээлдери үчүн тексттер берилген. Аларды мугалим окуучулардын шар окуу көндүмдөрүн баалоодо колдоно алат. Бул тексттердеги сөздөрдүн саны стандартта көрсөтүлгөн нормадан ашат. Бул болсо окурмандык деңгээли стандарттагы нормалардан жогору болгон окуучулардын окуу ылдамдыгын баалоо мүмкүнчүлүгүн берет. Ар бир тексттин башында баалоо үчүн колдонууга сунушталган шкаланын номери көрсөтүлгөн:

1-шкала – 1 мүнөттө туура окулган сөздөрдүн саны;

2-шкала – текстти окууга кеткен убакыт[1].

Текст эки вариантта: мугалим жана окуучу үчүн берилет. Мугалим каалаган текстти каалаган шкалага карата колдонуусу үчүн мугалимге арналган тексттин варантында сөздөр номерленген.

Башка барактарда ошол эле тексттер сөздөрү номерленбестен берилет.

4-таблицада окуу ылдамдыгынын ченемдери берилген.

Окуучулар төмөнкү деңгээлде окушса, мугалим эмне кылуусу керек?

- Окуучунун кыйналып окуганынын себебин аныктоо: алфавитти толук билбегендиги, чечмелеп окуу жөндөмүнүн жетишсиз калыптануусу, сөз байлыгынын тардыгы, окуучунун көңүл бурбагандыгы, туура окууга эмес ылдам окууга умтулгандыгы.
- Окуучу менен бирге эмнелер жакшы болуп, эмнелерди өзгөртүү керек экендигин талдоо.
- Окуучу китеп окууда туш болгон кыйынчылыктарга жараша көнүгүүлөрдү жана стратегияларды сунуштоо. Окуучунун ата-энесине толук кайтарым байланыш берүү. Биргелешип окуу учурунда эмнелерге көңүл бурулуусу керектигин айтуу. Аларга үйдө бала менен чогуу көбүрөөк окууну сунуштоо.

[1] 2-шкалага сунушталган текст 1-шкалага сунушталган тексттен узунураак, анткени окуучуларга бул тексттерди окуу үчүн убакыт чектөөсү жок.

4-таблица. Окуу ылдамдыгынын ченемдери

Классы	Үлгүлүү деңгээл		Базалык деңгээл		Төмөнкү деңгээл	
	1-жарым жылдык	2-жарым жылдык	1-жарым жылдык	2-жарым жылдык	1-жарым жылдык	2-жарым жылдык
1	20 сөздөн ашык	25 сөздөн ашык	15–20 сөз	20–25 сөз	15 сөздөн аз	20 сөздөн аз
2	35 сөздөн ашык	40 сөздөн ашык	30–35 сөз	35–40 сөз	30 сөздөн аз	35 сөздөн аз
3	50 сөздөн ашык	60 сөздөн ашык	45–50 сөз	55–60 сөз	45 сөздөн аз	55 сөздөн аз
4	70 сөздөн ашык	80 сөздөн ашык	65–70 сөз	70–80 сөз	65 сөздөн аз	70 сөздөн аз

ШАР ОКУУ КӨНДҮМҮН БААЛОО ҮЧҮН ТЕКСТТЕРДИН ТҮРЛӨРҮ

Шар окуу көндүмүн баалоо

Деңгээли: 1-класс, 1-жарым жылдыктын аягы **Шкаласы**: 1 **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Апендинин күчүгү бир күнү жоголуп кетти. Жолдо ыйлап келатса, алдынан бир адам жолугуп, минтип сурады.

– Апенди, эмне мынча ыйлап келатасың?

– Күчүгүм жоголуп кетти, – деп ого бетер солуктады Апенди.

– Кой, ыйлаба. Андан көрө газетага кулактандыруу бер.

– Күчүгүм газета окуганды билбейт, – деди Апенди ого бетер ыйлап.

«Байчечекей» журналынан

44 сөз, 7 сүйлөм

Шар окуу көндүмүн баалоо

Деңгээли: 1-класс, 2-жарым жылдыктын аягы **Шкаласы**: 1 **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

– Тай алып бер, атаке, – деп, Абыл көптөн бери атасына айтып жүрчү эле. Абылдын сөзүнө атасы көп кулак салбай жүрдү.

Бир күнү тай минип жүргөн балдарды көрүп, Абылдын ичи кызыды.

– Тай алып бер! – деп, атасына асыла берди.

– Макул, балам, жаз чыксын. Сен мектептен бошогон кезде, мен тайыңды даяр кылып коёмун, – деди атасы.

Жаз чыгып, Абыл мектептен бошоду:

– Баягы тайды эмне кылдың, атаке? – деп, Абыл сурай кетти.

– Ал тайың даяр, талаага айдап койдум, чоңоюп калды, – деди атасы.

Атасынын бул сөзү Абылды ойго салды:

– Талаага кайдан тай өнсүн?..

Касым Тыныстанов

83 сөз, 10 сүйлөм

Шар окуу көндүмүн баалоо

Деңгээли: 2-класс, 1-жарым жылдыктын аягы **Шкаласы**: 1 **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Жаратылыш – бул бизди курчап турган дүйнө. Бирок биз дайыма эле табияттын сырларын, кооздугун байкай бербейбиз. Карачы, дүйнө кандай кооз, кандай сулуу. Килемдей төшөлгөн жапжашыл чөптөр, түркүн түстүү гүлдөр көргөн көздү кубанта, көңүлдү көтөрөт. Алардын үстүндө учкан түркүн көпөлөктөр, бал жыйнаган аарылар, жердеги курт-кумурскалар, мукам сайрап жаткан куштарчы? Ак булуттардын арасынан нурун төккөн күн, согуп турган салкын жел, көпкөк болгон асман, асман тиреген тоолор, шаркыратмалар, таштан-ташка урунуп аккан суулар – бардыгы адамды суктандырбай койбойт.

Биз ушундай кооз дүйнөдө жашайбыз. Ал эми табият болсо түбөлүктүү, ал өлбөйт да, токтоп калбайт. Жаратылыш улам өзгөрүп, өнүгүп жашоосун уланта берет. Демек, табият эч качан картайбайт.

Жаратылыштын тирүүлүгү күн, суу, абага байланыштуу, аларсыз эч кандай жашоо жок, өмүр токтоп калат.

«Кырчын» журналынан

115 сөз, 11 сүйлөм

Шар окуу көндүмүн баалоо

Деңгээли: 2-класс, 2-жарым жылдыктын аягы **Шкаласы**: 1 **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Бир кишинин эки баласы бар эле. Атасы улуу баласын жакшы көргөндүктөн, энчинин баарын улуу баласына бермек болду. Энеси: «Энчини экөөнө тең бөлүп берели», – деп кеңеш салды. Күйөөсү аялынын акылын укпады. Аялы таарынып, чийдин түбүндө ыйлап отурду.

Жолдон өтүп бара жаткан жолоочу аялды көрүп:

– Эмнеге ыйлап жатасыз? – деп сурады. Жолоочу окуянын жайын түшүнгөн соң, аялга айтты:

– Сиз ыйлабаңыз, андан көрө кичүү балаңызды окууга жибериңиз. Билим – түгөнбөс байлык. Атанын дөөлөтү колдун кириндей, бат эле жоголот.

Аял жолоочунун сөзүнө макул болду да, баласын алыскы жерге окууга жиберди.

Бала көп жылы тырышып окуп, түрдүү сонун өнөр үйрөнүп, абдан бай болду.

Агасы ата дөөлөтүнө мас болуп жүрүп, өнөрдөн куру кол калды. Ата дөөлөтү бүтүп, жарды болуп калган агасы инисинен жардам сурап келди.

Касым Тыныстанов

117 сөз, 14 сүйлөм

Шар окуу көндүмүн баалоо

Деңгээли: 3-класс, 1-жарым жылдыктын аягы **Шкаласы**: 1 **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Нан дасторкондон орун алганча кыйла жолду басып өттү. Адамдар трактор менен жерди айдашып, үрөн себишти. Жердин нымынан, суунун күчүнөн улам үрөн көйкөлүп өсүп чыкты. Жашыл сабактар бара-бара бой керип, баш алды. Буудайдан мол түшүм алуу үчүн дыйкандар убагында жер семирткичтер менен азыктандырып, сугарып турушту. Саргара бышкан буудайдын бир да данын коромжуга учуратпай жыйнап жатышты. Көз жоосун алып ыргалган буудайларды комбайндар жыйнап, данын бастырды. Басылган дан машиналар менен кырманга жеткирилди. Тегирменге түшүп, ун тартылды. Ундан жыты буркураган ар кандай нандар жасалып, дасторконго коюлду. Ошентип, нан дасторконго келип жеткиче адамдын бир топ эмгегинен улам кыйла жолду басып өттү.

Ошондуктан адамдын маңдай теринен жасалган нанды урматтоо, сарамжалдуу пайдалануу – ар бир адамдын парзы. Анткени нан – баарынан улук. Нандын бир күн жок болушун көз алдыга элестетип көргүлөчү. «Нан – баарынан улук», – деп бекеринен айтылган эмес да.

«Кырчын» журналынан

129 сөз, 15 сүйлөм

Шар окуу көндүмүн баалоо

Деңгээли: 3-класс, 2-жарым жылдыктын аягы **Шкаласы**: 1 **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Бак ичинде куштар сайрайт, өзгөчө булбулдун мукам үнүн уксам деп эңсегендер көп болот.

Торгойдун сайраганы да абдан кызык. Ал асманга бийик көтөрүлүп алып, канаттарын дирилдетип сайрайт.

Кара чыйырчык ар кандай куштардын үнүн туурайт, ал тургай машинканын үнүн да туурай алат экен.

Каргалар болсо каркылдайт. Сагызган шакылыктаса, үйгө конок келет деп да коюшат.

Куштар жазда эмне деп сайрашарын силер билесиңерби?

«Ушул жерге уя салалы, балапан басып чыгаралы» – деп, бирин-бири чакырып сайрашат экен. Алар бири-биринин тилин түшүнүшөт.

Жарадар кара чыйырчыктын үнүн магнитофонго жаздырып келип угузса, ошол жердеги чымчыктардын баары заматта учуп кетишиптир. Көрсө, жарадар чымчык: «Бул жерден тезинен качкыла!» – деп жаткан экен.

Ар жандыктын өзүнчө үнү бар. Кечкисин бакалар чардайт. Суурдун кароолчусу ышкырып белги бергенде, жайылып жүргөндөрү ийинине кире качат.

Айбанаттарды үнүнөн тааный билген адамдар болот, кээ бирөөлөр жаныбардын үнүн өзүндөй туурай алышат.

«Кырчын» журналынан

130 сөз, 14 сүйлөм

Шар окуу көндүмүн баалоо

Деңгээли: 4-класс **Шкаласы**: 1 **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Биздин айылда Тилек жана Кушубек деген кошуна эки бала бар. Бул экөө абдан ынтымактуу. Бир күнү алар жолду чаңдатып ойноп жүрүп, акыры чарчашты.

– Чыбыктан ат кылып минели, – деди бир кезде Тилек.

Макулдашып, экөө чыбык алып келүүгө кетишти.

Тилек короодогу талдан сындырайын деп ойлоду. Бирок, ал өзүнүкү да, ошондуктан го, сындыра албады, аяды. Анан калса атасы көрсө тилдейт да. Анан ал Кушубектин короосун караса, алардын ак, сары талдары сонун болуп өсүп калыптыр. Узун бутактары ат кылып мингенге жарай тургандай көрүндү. Ары-бери караса, эч кимдин карааны көрүнбөйт. Жашырынып чуркап келип, талдын ошол узун, ичке бутактарынан сындырып алды да, билгизбей артына жөнөдү. Короонун тешигинен сойлоп чыгып келатса, алдынан Кушубек жолукту, экөө сүзүшүп калышты.

Ал дагы талдын узун бутактарынан сындырып алыптыр. Тааныды. Көрсө, Кушубек да өзүнүкүн аяп, Тилектин короосундагы талдардан сындырганын түшүндү. Кушубек да түшүндү.

Экөө бири-биринен аябай уялып калышты. Анан ойнобой эле үйлөрүнө кетип калышты.

Сулайман Рысбаев

144 сөз, 19 сүйлөм

Шар окуу көндүмүн баалоо

Деңгээли: 1, 2-класс **Шкаласы**: 2 **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Балдар Кар киши жасап коюшту. Ага көмүрдөн көз, сабизден мурун жасашып, башына пластмасса чаканы кийгизишти. Алар аны суктана карашып бир аз турушту да, үй-үйлөрүнө тарашты. Эртеси балдар короого чыгышып, Кар кишинин жанында ойноп жатышты. Кар кишиге балдар менен кызыктуу да, кубанычтуу да эле. Ошентип кыш да өттү, жаз келген кезде Кар киши капалана баштаганын көрүп, Эля менен Данил Кар кишиден:

– Сенин эмне сабырың суз? – деп сурашты.

Кар киши болсо жылуулуктан эрип кетемби деп коркуп атканын айтты. Ал ушул короодо эмки кышка чейин калгысы келип жаткан. Балдар да андан ажырагылары келбей, ага жардам бермей болушту. Данил Кар кишини үйүнө алып барып муздаткычка отургузуп, балмуздак менен бага баштады.

Ал көпкө дейре отуруп тажап, бир күнү башын чайкап, колдорун шилтегилеп жатып, муздаткычтан кулап түштү. Терезеге келип караса сырт бүт аппак. Кыш келиптир! Кубанычы койнуна батпаган Кар киши короого чуркап чыгып, жаңы кар менен сүрүнүп, денесин сергитип, балдарга да ыраазы боло:

– Ой, ырахмат силерге, досторум! Мен силерге абдан ыраазымын! – деп тынбай кобурай берди.

Г. Сарыгул

160 сөз, 18 сүйлөм

Шар окуу көндүмүн баалоо

Деңгээли: 2, 3-класс **Шкаласы**: 2 **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Биз боз үйдө жатып, түндүктү карап, очокко кут түшөр бекен деп, тилек кылар элек. Чоң энебизден:

– Кут түндүктөн качан түшөт? – деп сурай берчүбүз.

Анда чоң энебиз айтар эле:

– Баланын тилегин берет, жакшылап карап жүргүлө.

– Кут түшсө, кантип сактайбыз? – деп сурачубуз.

Анда чоң энебиз:

– Кут чоктой болуп коломтого түшөт, түшөрү менен аны коркпой бала колго алыш керек. Чочулабагыла, колуңарды күйгүзбөйт, дароо уюп калат, – дейт.

Анда биз:

– Эмне үчүн бала алыш керек? – дейбиз.

Чоң энебиз күлүп:

– Кутту таза, күнөөсүз адам кармайт. Дили кара адам кармаса, тезек болуп калат – дейт.

Чоң энебиздин айтканына чындап ишенип жүрдүк. Күндөрдүн биринде мен жайлоодон жакадагы тамга үч-төрт күн жүрүп келсем, чоң энем айтты:

– Сен кеткенден кийин үйгө кут түштү, – деп уюган кочкул кызгылт ташты көрсөттү.

Мен далай күн, ай, жыл күткөн ыйык кутту кызыгып, суктанып, көпкө карадым.

Чоң энем айтты:

– Муну эми көпкө кармаба, катып салалы, – деп өзүнүн сандыгына чүпүрөккө ороп, катып койду.

Анан чоң энем мага эскертти:

– Үйгө ырыскы түштү, муну мыктылап күтүп алалы. Кут конгон үйдө бейбаштык кылбаш керек, калп айткан болбойт, улуунун сөзүн угат, аларды сыйлап, бала боорукер болот. Эч качан жаман ишке барба, жаман адамга жолобо, болбосо кут качып кетет.

Мен дайыма кут үйдөн кетпесе экен деп тилек кылып келем. Ошондуктан улуулардын акылын угуп, туура иш кылганга аракет кылам. Силер бул боюнча кандай ойлойсуңар, достор? Менимче, бул баарыбыз үчүн кызыктуу да, маанилүү да болсо керек.

«Ала-Тоо уламыштары» китебинен

226 сөз

Шар окуу көндүмүн баалоо

Деңгээли: 3, 4-класс **Шкаласы**: 2 **Күнү**:_____

Окуучунун аты-жөнү _____

Кемел кыларга иш таппай эригип келе жатып, жол жээгинде дан сүйрөп бара жаткан кумурсканы көрдү да, аны менен ойномокчу болду. Кумурска бара жаткан жолго бир ууч топурак төгүп, анын эки жагынан кырдап «тоо» кылып койду. Кумурска Кемел жасаган «тоодон» жемин сүйрөп араң ашты да, сапарын андан ары улады. Кумурсканын балбандыгы Кемелге жаккан жок. Ал баягыдан да бийик «тоо» жасады кумурсканын жолуна. Кумурска балбан да кыйын экен. Чымырканып бул «тоону» да ашып өттү. Кемелдин эми чындап жини келди, «көл» жасап «атаандашын» чөктүрмөкчү болду. Нарыдан-бери алакандай жерди казды да, ага суу толтурду. Анан кумурсканы эки жагынан тороп, «көлгө» карай түз барууга мажбурлады. Эрктүү кумурска суудан да корккон жок, өчөшүп алгансып, түз эле «көлгө» түштү. Бир аз сүзүп эс алмакчы болдубу, же чарчадыбы, айтор, даны оозунан түшүп, «көлдүн түбүнө» чөгүп кетти. Ошончо жолдон талбай сүйрөп келе жаткан жеминин «көл түбүнө» түшүп кеткенине кумурсканын ичи тызылдап ачышты. А Кемел болсо, «чоң эрдик» кылгансып табалап карап отурду.

Бир кезде байкуш кумурска өзүнүн аман калганына каниет кылдыбы, «көл жээгине» жетип сыртка чыкмакчы болду. Кемел чырпык менен кумурсканы сууга карай түртүп, өзү жасаган «көлгө» чындап эле чөктүрүүнү ойлоду. Кумурска да өжөрлөндү. Чырпыкка бекем жабышып алды. Кемел чырпыкты жерге таштады да, топуракты алып келип, кумурсканы көмүп салмакчы болду. Анан көргөн көзүнө ишенбей туруп калды. Өзү миң азапка салган кумурска кыбырап басып, алгачкы келе жаткан тарапты көздөй баратыптыр.

Кайрадан данга бара жатканын Кемел түшүндү да, кумурсканын балбандыгына, эрктүүлүгүнө, эмгекчилдигине абдан таң калды.

Батма Абдухамидова

234 сөз

2-таблица. _____ окуу жылы үчүн № ___ орто мектебинин _____ классынын окуучуларынын окуу техникасын текшерүү баракчасы

№	Окуучунун аты-жөнү	окуу ыкмасы					туура окуу						көркөм окуу			мүнөтүнө окуу ылдамдыгы	эскертүү
							каталар (туура эмес)										
		тамгалап окуу	үзүп-үзүп мүүндап окуу	мүүндап шар окуу	сөздөрдү тегиз мүүндап окуу	сөзду толугу менен же сөздөрдүн тобун окуу	алмаштыруу (тамга, мүүн, сөз)	калтырып кетүү (тамга, мүүн, сөз)	орун алмаштыруу (тамга, мүүн, сөз)	бурмалоо	кайталоо	туура	басымдын коюлушу	логикалык тынымды сактоо	интонация, окуунун темпи жана ритми		
1																	
2																	
3																	
4																	
5																	
6																	
7																	
8																	
9																	
10																	

ОКУУЧУЛАР ҮЧҮН ТЕКСТТЕРДИН ВАРИАНТТАРЫ

I

Апендинин күчүгү бир күнү жоголуп кетти. Жолдо ыйлап келатса, алдынан бир адам жолугуп, минтип сурады:

– Апенди, эмне мынча ыйлап келатасың?

– Күч-үү-гүм жо-го-луп кет-ти, – деп ого бетер солуктады Апенди.

– Кой, ыйлаба. Андан көрө газетага кулактандыруу бер.

– Күчүгүм газета окуганды билбейт, – деди анда Апенди ого бетер ыйлап.

«Байчечекей» журналынан

II

– Тай алып бер, атаке, – деп, Абыл көптөн бери атасына айтып жүрчү эле. Абылдын сөзүнө атасы көп кулак салбай жүрдү.

Бир күнү тай минип жүргөн балдарды көрүп, Абылдын ичи кызыды.

– Тай алып бер! – деп, атасына асыла берди.

– Макул, балам, жаз чыксын. Сен мектептен бошогон кезде, мен тайыңды даяр кылып коёмун, – деди атасы.

Жаз чыгып, Абыл мектептен бошоду:

– Баягы тайды эмне кылдың, атаке? – деп, Абыл сурай кетти.

– Ал тайың даяр, талаага айдап койдум, чоңоюп калды, – деди атасы.

Атасынын бул сөзү Абылды ойго салды:

– Талаага кайдан тай өнсүн?..

Касым Тыныстанов

III

Жаратылыш – бул бизди курчап турган дүйнө. Бирок биз дайыма эле табияттын сырларын, кооздугун байкай бербейбиз. Карачы, дүйнө кандай кооз, кандай сулуу. Килемдей төшөлгөн жапжашыл чөптөр, түркүн түстүү гүлдөр көргөн көздү кубанта, көңүлдү көтөрөт. Алардын үстүндө учкан түркүн көпөлөктөр, бал жыйнаган аарылар, жердеги курткумурскалар, мукам сайрап жаткан куштарчы? Ак булуттардын арасынан нурун төккөн күн, согуп турган салкын жел, көпкөк болгон асман, асман тиреген тоолор, шаркыратмалар, таштан-ташка урунуп аккан суулар – бардыгы адамды суктандырбай койбойт.

Биз ушундай кооз дүйнөдө жашайбыз. Ал эми табият болсо түбөлүктүү, ал өлбөйт да, токтоп калбайт. Жаратылыш улам өзгөрүп, өнүгүп жашоосун уланта берет. Демек, табият эч качан картайбайт.

Жаратылыштын тирүүлүгү күн, суу, абага байланыштуу, аларсыз эч кандай жашоо жок, өмүр токтоп калат.

IV

Бир кишинин эки баласы бар эле. Атасы улуу баласын жакшы көргөндүктөн, энчинин баарын улуу баласына бермек болду. Энеси: «Энчини экөөнө тең бөлүп берели», – деп кеңеш салды. Күйөөсү аялынын акылын укпады. Аялы таарынып, чийдин түбүндө ыйлап отурду.

Жолдон өтүп бара жаткан жолоочу аялды көрүп:

– Эмнеге ыйлап жатасыз? – деп сурады. Жолоочу окуянын жайын түшүнгөн соң, аялга айтты:

– Сиз ыйлабаңыз, андан көрө кичүү балаңызды окууга жибериңиз. Билим – түгөнбөс байлык. Атанын дөөлөтү колдун кириндей, бат эле жоголот.

Аял жолоочунун сөзүнө макул болду да, баласын алыскы жерге окууга жиберди.

Бала көп жылы тырышып окуп, түрдүү сонун өнөр үйрөнүп, абдан бай болду.

Агасы ата дөөлөтүнө мас болуп жүрүп, өнөрдөн куру кол калды. Ата дөөлөтү бүтүп, жарды болуп калган агасы инисинен жардам сурап келди.

V

Нан дасторкондон орун алганча кыйла жолду басып өттү. Адамдар трактор менен жерди айдашып, үрөн себишти. Жердин нымынан, суунун күчүнөн улам үрөн көйкөлүп өсүп чыкты. Жашыл сабактар бара-бара бой керип, баш алды. Буудайдан мол түшүм алуу үчүн дыйкандар убагында жер семирткичтер менен азыктандырып, сугарып турушту. Саргара бышкан буудайдын бир да данын коромжуга учуратпай жыйнап жатышты. Көз жоосун алып ыргалган буудайларды комбайндар жыйнап, данын бастырды. Басылган дан машиналар менен кырманга жеткирилди. Тегирменге түшүп, ун тартылды. Ундан жыты буркураган ар кандай нандар жасалып, дасторконго коюлду.

Ошентип, нан дасторконго келип жеткиче адамдын бир топ эмгегинен улам кыйла жолду басып өттү.

Ошондуктан адамдын маңдай теринен жасалган нанды урматтоо, сарамжалдуу пайдалануу – ар бир адамдын парзы. Анткени нан – баарынан улук. Нандын бир күн жок болушун көз алдыга элестетип көргүлөчү. «Нан – баарынан улук», – деп бекеринен айтылган эмес да.

«Адеп алиппеси» журналынан

VI

Бак ичинде куштар сайрайт, өзгөчө булбулдун мукам үнүн уксам деп эңсегендер көп болот.

Торгойдун сайраганы да абдан кызык. Ал асманга бийик көтөрүлүп алып, канаттарын дирилдетип сайрайт.

Кара чыйырчык ар кандай куштардын үнүн туурайт, ал тургай машинканын үнүн да туурай алат экен.

Каргалар болсо каркылдайт. Сагызган шакылыктаса, үйгө конок келет деп да коюшат.

Куштар жазда эмне деп сайрашарын силер билесиңер-би?

«Ушул жерге уя салалы, балапан басып чыгаралы» – деп, бирин-бири чакырып сайрашат экен. Алар бири-биринин тилин түшүнүшөт.

Жарадар кара чыйырчыктын үнүн магнитофонго жаздырып келип угузса, ошол жердеги чымчыктардын баары заматта учуп кетишиптир. Көрсө, жарадар чымчык: «Бул жерден тезинен качкыла!» – деп жаткан экен.

Ар жандыктын өзүнчө үнү бар. Кечкисин бакалар чардайт. Суурдун кароолчусу ышкырып белги бергенде, жайылып жүргөндөрү ийинине кире качат.

Айбанаттарды үнүнөн тааный билген адамдар болот, кээ бирөөлөр жаныбардын үнүн өзүндөй туурай алышат.

VII

Биздин айылда Тилек жана Кушубек деген кошуна эки бала бар. Бул экөө абдан ынтымактуу. Бир күнү алар жолду чаңдатып ойноп жүрүп, акыры чарчашты.

– Чыбыктан ат кылып минели, – деди бир кезде Тилек.

Макулдашып, экөө чыбык алып келүүгө кетишти.

Тилек короодогу талдан сындырайын деп ойлоду. Бирок, ал өзүнүкү да, ошондуктан го, сындыра албады, аяды. Анан калса атасы көрсө тилдейт да. Анан ал Кушубектин короосун караса, алардын ак, сары талдары сонун болуп өсүп калыптыр. Узун бутактары ат кылып мингенге жарай тургандай көрүндү. Ары-бери караса, эч кимдин карааны көрүнбөйт. Жашырынып чуркап келип, талдын ошол узун, ичке бутактарынан сындырып алды да, билгизбей артына жөнөдү. Короонун тешигинен сойлоп чыгып келатса, алдынан Кушубек жолукту, экөө сүзүшүп калышты.

Ал дагы талдын узун бутактарынан сындырып алыптыр. Тааныды. Көрсө, Кушубек да өзүнүкүн аяп, Тилектин короосундагы талдардан сындырганын түшүндү. Кушубек да түшүндү.

Экөө бири-биринен аябай уялып калышты. Анан ойнобой эле үйлөрүнө кетип калышты.

VIII

Балдар Кар киши жасап коюшту. Ага көмүрдөн көз, сабизден мурун жасашып, башына пластмасса чаканы кийгизишти. Алар аны суктана карашып бир аз турушту да, үй-үйлөрүнө таташты. Эртеси балдар короого чыгышып, Кар кишинин жанында ойноп жатышты. Кар кишиге балдар менен кызыктуу да, кубанычтуу да эле. Ошентип кыш да өттү, жаз келген кезде Кар киши капалана баштаганын көрүп, Эля менен Данил Кар кишиден:

– Сенин эмне сабырың суз? – деп сурашты.

Кар киши болсо жылуулуктан эрип кетемби деп коркуп атканын айтты. Ал ушул короодо эмки кышка чейин калгысы келип жаткан. Балдар да андан ажырагылары келбей, ага жардам бермей болушту. Данил Кар кишини үйүнө алып барып муздаткычка отургузуп, балмуздак менен бага баштады.

Ал көпкө дейре отуруп тажап, бир күнү башын чайкап, колдорун шилтегилеп жатып, муздаткычтан кулап түштү. Терезеге келип караса сырт бүт аппак. Кыш келиптир!

Кубанычы койнуна батпаган Кар киши короого чуркап чыгып, жаңы кар менен сүрүнүп, денесин сергитип, балдарга да ыраазы боло:

– Ой, ырахмат силерге, досторум! Мен силерге абдан ыраазымын! – деп тынбай кобурай берди.

IX

Биз боз үйдө жатып, түндүктү карап, очокко кут түшөр бекен деп, тилек кылар элек.

– Баланын тилегин берет, жакшылап карап жүргүлө.

– Кут түшсө, кантип сактайбыз? – деп сурачубуз.

– Кут чоктой болуп коломтого түшөт, түшөрү менен аны коркпой бала колго алыш керек. Чочулабагыла, колуңарды күйгүзбөйт, дароо үюп калат, – дейт.

Чоң энебиздин айтканына чындап ишенип жүрдүк. Күндөрдүн биринде мен жайлоодон жакадагы тамга үч-төрт күн жүрүп келсем, чоң энем айтты:

– Сен кеткенден кийин үйгө кут түштү, – деп уюган кочкул кызгылт ташты көрсөттү. Мен далай күн, ай, жыл күткөн ыйык кутту кызыгып, суктанып, көпкө карадым.

– Муну эми көпкө кармаба, катып салалы, – деп өзүнүн сандыгына чүпүрөккө ороп, катып койду.

– Үйгө ырыскы түштү, муну мыктылап күтүп алалы. Кут конгон үйдө бейбаштык кылбаш керек, калп айткан болбойт, улуунун сөзүн угат, аларды сыйлап, бала боорукер болот. Эч качан жаман ишке барба, жаман адамга жолобо, болбосо кут качып кетет.

Мен дайыма кут үйдөн кетпесе экен деп тилек кылып келем. Ошондуктан улуулардын акылын угуп, туура иш кылганга аракет кылам. Силер бул боюнча кандай ойлойсуңар, достор? Менимче, бул баарыбыз үчүн кызыктуу да, маанилүү да болсо керек.

X

Кемел кыларга иш таппай эригип келе жатып, жол жээгинде дан сүйрөп бара жаткан кумурсканы көрдү да, аны менен ойномокчу болду. Кумурска бара жаткан жолго бир ууч топурак төгүп, анын эки жагынан кырдап «тоо» кылып койду. Кумурска Кемел жасаган «тоодон» жемин сүйрөп араң ашты да, сапарын андан ары улады. Кумурсканын балбандыгы Кемелге жаккан жок. Ал баягыдан да бийик «тоо» жасады кумурсканын жолуна. Кумурска балбан да кыйын экен. Чымырканып бул «тоону» да ашып өттү. Кемелдин эми чындап ачуусу келди, «көл» жасап «атаандашын» чөктүрмөкчү болду. Нарыдан-бери алакандай жерди казды да, ага суу толтурду. Анан кумурсканы эки жагынан тороп, «көлгө» карай түз барууга мажбурлады.

Эрктүү кумурска суудан да корккон жок, өчөшүп алгансып, түз эле «көлгө» түштү. Бир аз сүзүп эс алмакчы болдубу, же чарчадыбы, айтор, даны оозунан түшүп, «көлдүн түбүнө» чөгүп кетти. Ошончо жолдон талбай сүйрөп келе жаткан жеминин «көл түбүнө» түшүп кеткенине кумурсканын ичи тызылдап ачышты. А Кемел болсо, «чоң эрдик» кылгансып табалап карап отурду.

Бир кезде байкуш кумурска өзүнүн аман калганына каниет кылдыбы, «көл жээгине» жетип сыртка чыкмакчы болду. Кемел чырпык менен кумурсканы сууга карай түртүп, өзү жасаган «көлгө» чындап эле чөктүрүүнү ойлоду. Кумурска да өжөрлөндү. Чырпыкка бекем жабышып алды. Кемел чырпыкты жерге таштады да, топуракты алып келип, кумурсканы көмүп салмакчы болду. Анан көргөн көзүнө ишенбей туруп калды. Өзү миң азапка салган кумурска кыбырап басып, алгачкы келе жаткан тарапты көздөй баратыптыр.

Кайрадан данга бара жатканын Кемел түшүндү да, кумурсканын балбандыгына, эрктүүлүгүнө, эмгекчилдигине абдан таң калды.

6. ШАР ОКУУГА ҮЙРӨТҮҮ БОЮНЧА БОЛЖОЛДУУ КӨНҮГҮҮЛӨР

Аталышы	«ЖАҢЫРЫК»
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • тыныш белгилерине көңүл коюп, туура жана көркөм окуусу.
Модуль	Шар окуу
Класс	1–4
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Окуучулардын деңгээлдерине туура келген текст. *Биринчи вариант:* окуу китебиндеги текст. *Экинчи вариант:* ар бир окуучу үчүн тексттин көчүрмөсү. *Үчүнчү вариант:* текстти бардык окуучуларга интерактивдүү доскада же презентациянын жардамы менен көрсөтүү. *Төртүнчү вариант:* чоң китепти колдонуу.
Окутууну уюштуруу формасы	Жалпы класс менен жана чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	«Жаңырык». Мугалим тексттин бир бөлүгүн окуйт, ал эми окуучулар мугалимдин артынан кайталап окушат. **1-кадам.** Жаңырык – бул үңкүрдө, токойдо, бош имаратта ж. б. жерлерде жаңырып кайталанган үн, добуш экендигин мугалим окуучуларга түшүндүрөт. Окуучулардан мугалимдин «жаңырыгы» экендигин элестетүүсүн өтүнөт. **2-кадам.** Окуучуларга текстти таркатып берет же окуу китебиндеги тиешелүү бетти ачуусун өтүнөт же доскада көрсөтүлгөн текст бардыгына жакшы көрүнө тургандай кылып окуучуларды отургузат. **3-кадам.** Мугалим окуй баштайт, окуучулар мугалим окуган темпти сактоо менен анын артынан кайталап окушат. Мугалим окуучуларга байкоо жүргүзүп, керек болгон учурда окуу темпин акырындатпастан окуучуларга окуганга жардам берет. Мугалим текстти фрагменттеп аягына чейин окуйт. Эгерде мугалим айрым окуучулардын жетишпей жаткандыгын байкаса, окуучулар текст менен бара бара таанышып, өз күчүнө ишенүүлөрү үчүн окуу темпин акырындатып, көнүгүүнү бир нече ирет кайталоосу зарыл.

Аталышы	КӨП ИРЕТ КАЙТАЛАП ОКУУ
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • бейтааныш текстти окуу жөндөмүн өркүндөтүүсү; • көркөм окуу жөндөмүнө ээ болуусу; • катасыз окуусу.
Модуль	Шар окуу
Класс	1–4
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Окуу китеби, текст, мурда окулган китептер
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече
Аткаруу тартиби	Шар окууну өнүктүрүү үчүн окуучулар көп окуу менен гана чектелбей, окуган тексттерди тез-тез кайталап кайра окуусу зарыл. Бейтааныш текстти алгачкы жолу окуганда окуучулар (сөздөрдү) чечмелеп окууга аракет кылышат. Текстке кайра кайтуу менен таанып калган сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, бүтүн текстти кайталашып, аны түшүнө башташат жана эң негизгиси – окуу ылдамдыгын жогорулатышат. **1-кадам.** Мугалим китептин (тексттин) аталышын айтат. Суроолорго жооп берип, окуучулар чыгарманын башкы идеясын эстешет. **2-кадам.** Мугалим текстти кайрадан окуп чыгууну сунуштайт. Тексттеги сүрөттөмөлөргө көңүл буруп окууну өтүнөт. Мисалы: «Башкы каарманды сүрөттөгүлө? Текстте аба-ырайы кандай сүрөттөлгөн? Автор жаратылышты кандай сүрөттөгөн?» **3-кадам.** Окуучулар текстти кайрадан окуп чыгып, талкуулашат. Мугалим кайра окууга кеткен убакытты өзүнө белгилеп алат. «Биринчи жолкуга караганда азыр батыраак окуп чыктыңарбы? Эмне үчүн?»
Үлгү	

Аталышы	ЧЕКИТ, ЧЕКИТ, ҮТҮР
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • текстттеги тыныш белгилерин үн менен бөлүп көрсөтүүсү; • көркөм окуу жөндөмүн өркүндөтүүсү.
Модуль	Шар окуу
Класс	1–4
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Окуучулардын окурмандык компетенттүлүгүнүн деңгээлине ылайык жана тааныш тыныш белгилери бар окуу китебиндеги текст же анын көчүрмөсү. Түстүү карандаштар же фломастерлер
Окутууну уюштуруу формасы	Топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Тыныш белгилери текстти окууга кандай таасир берерин окуучулар менен талкуулоо. Мисалы, чекит токтоону билдирет, үтүр – тынымды, илеп белгиси менен күчтүү сезим чагылдырылат, суроо белгиси сүйлөм суроо иретинде айтыларын көрсөтүп турат. Окуучуларга кайсы тыныш белгилерине көңүл буруу керектиги айтылат. Текстте тыныш белгилери колдонулган мисалдарды табуу тапшырмасы берилет. **2-кадам.** Текстттин башы үн чыгарып окулуп, окулган үзүндүдө кандай тыныш белгилери колдонулганы жана окуу учурунда тыныш белгилери үн менен кандай белгиленгени талкууланат. **3-кадам.** Окуучуларга текстти андан ары окуу тапшырмасы берилет. Окуу учурунда тыныш белгилери карандаш же фломастер менен белгиленет. Мисалы, чекит кызыл карандаш менен, үтүр – жашыл, суроо белгиси – көк. Бул тапшырманы аткарууда кыйналган окуучуларга чакан текст берилет. Ал эми тапшырманы мыкты аткарган окуучуларга тыныш белгилери коюлбаган текст берилип, тыныш белгилерин тиешелүү жерлерге коюп, текстти туура окуу тапшырмасы берилет. **4-кадам.** Аткарылган тапшырманын тууралыгын төмөндөгүдөй текшерүүгө болот: • өзүн-өзү баалоо: окуучулар кетирилген каталарын өз алдынча оңдошот (текстттин түп нускасына таянуу менен); • бирин-бири текшерүү: окуучулар бири-биринин аткарган жумушун текшеришет; • мугалим окуучулардын аткарган жумуштарын текшерет.

Үлгү



Аталышы	ҮЛГҮЛҮҮ ОКУУ
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • окуу көндүмдөрүн (чечмелеп окуу, шар окуу, окуганын түшүнүү) иш жүзүндө көрсөтүүсү.
Модуль	Шар окуу
Класс	2–4
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Окуу китебинен алынган окучулар билген тыныш белгилери бар текст (же тексттин көчүрмөсү) Түстүү карандаштар же фломастерлер
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече
Аткаруу тартиби	Сабакта мугалимдин үн чыгарып окуганы окуучуларга катасыз, көркөм, туура ылдамдыкта жана тексттин маанисин чагылдырып окууну көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Үлгүлүү көркөм окуу – бул окуу учурунда тексттин маанисин толук түшүнүп, чагылдыруу жөндөмүн билдирет: – чыгарманы коюлган милдеттерге жана аларды аткаруу жолдоруна жараша окуу; – чыгармада берилген жагдайларды «жандандырып», окуу учурунда пайда болгон элестерди угуучуга берүү; – тексттин мазмунуна карата окуучуларда эмоциялык сезимдерди ойготуу; – көмүскөдө берилген тексттин маанисин аныктоо; – окуу учурунда окуучулар менен визуалдык байланыш түзүү. Үлгүлүү окууну ар дайым салтанаттуу түрдө уюштуруу сунушталат. **1-кадам.** *Даярдоо*. Мугалим китепти/текстти тандап, үлгүлүү окууга даярданат. Үлгүлүү окуу үчүн кептин мелодикасын, так дикцияны, туура дем алууну сактап, автордун айтайын деген оюн жана тексттин стилдик өзгөчөлүктөрүн билүү зарыл. Чыгарманы окуучуларга толук жеткирүү үчүн аны терең түшүнүү зарыл, анткени үлгүлүү окуу – бул эң биринчиден маанисин түшүнүп окуу. Мугалим үлгүлүү окууга кылдаттык менен даярдануусу зарыл. **2-кадам.** Мугалим окуучулардан китептерин жаап, көңүл коюп угуусун өтүнөт. Китеби ачык турганда окуучуда окуган кишини текст боюнча текшерүүгө умтулуу пайда болуп, аны угуудан алаксытат жана укканын түшүнүүсүнө тоскоол болот. Үлгүлүү окууда мугалимдин туруп турганы же (класстын бурчундагы мугалимдин столунда эмес) класстын ортосунда отурганы жакшы. Үлгүлүү окуу учурунда мугалимдин жүрүм-туруму дагы үлгүлүү болуусу шарт. Ошол эле учурда мугалим окуучулардын көңүлүн өзүнө буруп, класска байкоо жүргүзүүсү зарыл.

Үлгүлүү окуу учурунда мугалимдин бир жерде туруусу/отуруусу жакшы, анткени классты аралап басуу окуучулардын көңүл коюп угуусуна тоскоол болот. Ошону менен бирге окуучуларга китепке сый жана аяр мамиле жасоону көрсөтүү керек – китептин барактарын бүктөбөй, барактарынын арасына калемсап койбой, кооз чөп кат колдонуу ж. б. у. с.

3-кадам. *Үлгүлүү окуу*. Мугалим үлгүлүү окуунун бардык элементтерин сактоо менен текстти толук окуйт. Айрым учурларда окуу процессинде окуганын балдар менен кыскача талкууласа болот.

Эскертүү. Үлгүлүү окуунун элементтери: окуу техникасы, тиешелүү интонацияны, кептин темпин жана ритмин сактоо, кептин мелодикасын, баарлашуунун вербалдык эмес каражаттарын колдонуу (мимика, жест.).

Кептин техникасы

Үлгүлүү окууну көрсөтүү үчүн мугалимдин кептин техникалык жактарын, б.а. дем алуу, үн, дикция, орфоэпиялык нормаларды (эрежелерди) жакшы билүүсү зарыл. Дем алуу эркин жана терең болуп, башкаларга байкалбайшы зарыл. Туура дем алуу, көпчүлүк учурда, адамдын өз үнүн туура колдонууга жардам берет. Күчү жана бийиктиги орто үн оптималдуу болуп саналат, себеби аны акырындатуу же катуулатуу оңой болот. Мугалимдин кебинин эң маанилүү сапаттарынын бири – бул дикция. Дикция – бул кептин тыбыштарын тилдеги фонетикалык нормага ылайык так айтуу. Сөздөгү туура эмес басым, калыптанган фонетикалык нормалардан четтөө кептин тууралыгын одоно бузуу болуп саналат. Кептин көркөмдүүлүгү анын тууралыгына байланыштуу.

Интонация

Эң маанилүү сөздөр үндүн күчү, бийиктиги, акырын же катуу чыгышы менен белгиленет. Белгилүү драматург К. С. Станиславский: «Басым – бул сүйлөмдөгү эң негизги сөздү бөлүп көрсөткөн каражат! Басым менен белгиленген сөз сүйлөмдүн маңызын, көмүскөдөгү маанисин ачат!», – деп жазган. Логикалык басымды туура эмес коюунун себеби окуп жаткан тексттин маанисин толук түшүнбөгөндүктөн же эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын жетишерлик туя албагандыктан болот. Ошентип, логикалык басым коюу текстти алдын ала талдоону талап кылат. Тыным – бул айтуудагы же окуудагы токтоо, тыныгуу. Анын жардамы менен сүйлөм же текст маанилик бөлүктөргө бөлүнүп, мааниси аныкталат.

Үлгүлүү окуунун милдеттүү компоненттерине ***темп менен ритм*** дагы кирет. Алардын жардамы менен белгилүү интонация жаралат. Окуу темпи жай же ылдам болуусу мүмкүн. Темпти атайын басаңдатса же тездетсе болот. Темпти тандоо айтып же окуп жаткан адам кандай сезимди, маанайды

чагылдырып жатканына, баяндалып жаткан каармандын мүнөзүнө, эмоционалдык абалына, жүрүм-турумуна байланыштуу болот. Ритм дем алуу циклдеринин текшилигине байланыштуу. Бул кептин айтылуучу бөлүктөрүнүн жана тынымдын, үндүн акырындап, катуулашынын кезектешүүсү.

Кептин мелодикасы – бул бийиктиги ар кандай деңгээлдеги тыбыштарды айтуу үчүн үндү акырындатуу же катуулатуу. Окуунун мелодикасын өркүндөтүү аркылуу башталгыч класстарда кептин көркөмдүүлүгүн калыптандыруу башталат. Мелодиканы аныктоо үчүн тыныш белгилерине гана таянуу жетишсиз болот, анткени мелодика тыныш белгилери менен шайкеш келбей калышы да мүмкүн. Ал окурмандын текстти терең сезип, окуу милдеттерин так түшүнүүсүнөн келип чыгат.

Үндүн тону – бул кептин эмоционалдык түсү. Айталып же окулуп жаткан нерсеге карата өзүнүн жана автордун сезимдерин, ойлорун мыкты берүүгө жардам берет.

Тембр – бул үн боёгу, ал адамга тубаса берилет. Дүйнөдө үн тембри бирдей болгон адамдар кездешпейт деп ишенимдүү айтууга болот. Үндүн тембрин өзгөртүүгө болбойт. Кептин тонун гана өзгөртүүгө болот.

Вербалдык эмес каражаттар (мимика, дененин кыймылы, жесттер, позалар) кептин тактыгын жана көркөмдүүлүгүн арттырууга жардам берет. Угарманга таасир калтыруу үчүн кошумча каражат болуп эсептелет. Көркөмдүүлүктүн вербалдык эмес каражаттары интонация менен органикалык байланышта болот. Алардын мүнөзү кырдаалга жана айтылып жаткан ойдун мазмунуна жараша болот. Окурмандын мимикасы, жесттери текстти кабыл алуусунун жана түшүнүүсүнүн негизинде пайда болгон психологиялык абалына жараша келип чыгышы керек. Жест жана мимикалар жөндүү болушу зарыл, орунсуз болсо айтылып жаткан ойдон алаксытат. Мугалим көркөмдүүлүктүн вербалдык эмес каражаттарын пайдалануу эрежелерин сактоону эсинен чыгарбашы керек[1].

[1] Методика выразительного чтения. – М.: Просвещение, 1977.

Үлгү

Аталышы	СӨЗДҮ ТЕГЕРЕКТЕ
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • көп колдонулган сөздөрдү шар окуусу; • көп колдонулган сөздөрдү жазып, колдонуусу.
Модуль	Шар окуу
Класс	2–4
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Файл жана өчүрүлө турган маркер Көп колдонулган сөздөр кездешкен илимий-популярдуу адабияттан же балдарга жакшы тааныш, белгилүү чыгармадан үзүндү
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, жуптарда иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Сабакта иштөө үчүн алынган тексттин бети ар бир окуучуда түссүз файл менен жабылгандыгын мугалим текшерип чыгат. Окуучулар маркерлерди даяр кармашат. Тапшырманы түшүндүрүү: мугалим текстти үн чыгарып окуйт, ошол эле учурда окуучулар көп кездешкен сөздөрдү тегерекче менен белгилешет. **2-кадам.** Мугалим окуучулар белгилеген сөздөрдү окуп берүүсүн өтүнөт. Эгерде окуучу сөздөрдү тамгалап же эжелеп окуса, ал сөздөрдү бөлбөй толук окуганга чейин мугалим кайрадан бир нече жолу окуп берет. **3-кадам.** Андан соң, окуучулар файлдын бетинде белгилеген тегерекчелерди өчүрүп, кийинки бетке өтүшөт. Бул тапшырманы аткарууда кыйналган окуучуларга кайра-кайра кайталанган сөздөрдү камтыган чакан тексттерди берсе болот. Ал эми тапшырманы оңой жана ийгиликтүү аткарган окуучуларга өз алдынча окуган китептер же тексттер менен иштөөнү сунуштаса болот.

Үлгү



-Мен үйгө баргым келбей жатат, - дейт кыз, ыйламсырай.

-Кандайсыңбы, биз сага жардам беребиз, - дейт Элик ата.

-Кантип? Менин өгөй энемди урушасыңарбы? Жо-ок, анда ал мени таптакыр үйгө кайтарбай коёт.

-Анда айтчы, биз менен чогуу элик болуп жашагың келеби? Менин сага окшогон кыздарым бар. Ошолор менен ойнойсуң, - дейт Элик ата.

Кыз ары ойлонот, бери ойлонот. Өгөй эне менен анын ажаан кыздарынан тил угуп, жемеге укканын эстеп жүрөкзаада болот. Андан көрө элик болуп, эркин ойноп жүргүсү келет.

-Мен элик болсом дайыма токойдо жашаймынбы? – деп сурайт.

-Ооба, сен да биз менен чогуу жүросүң, - дейт Элик ата. -Биз кооз жерлерге барабыз. Биз менен ошол жактарга барасың. Жырткычтардан сени коргойбуз.

-Адамдарды таптакыр көрбөй каламбы? – дейт анда кыз.

-Азыр сени эликке айландырам, кийин сен чоңоюп, акыл-эсиң киргенде кызга айландырып коём, - дейт Элик ата.

-Чын элеби? Мен макулмун, мен элик болгонду жакшы көрөм, - деп алаканын чапкылап, секирип жаткан кыз кантип элик болуп калганын байкабай калат. Кулагы узунураак, төрт туяктуу көркөм жаныбарга айланат. Анын жанына чаарчыктар басып келип:

Аталышы	«ОКУРМАНДЫН ТЕЛЕФОНУ»
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • текстти туура жана көркөм окуусу; • тиешелүү окуу темпин сактоосу.
Модуль	Шар окуу
Класс	1–4
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Окуучулардын окурмандык деңгээлдерине ылайык өз алдынча окуй ала турган тексттер. «Окурмандын телефону» (сүрөттө көрсөтүлгөн). *Эскертүү:* Сүрөттөгү «окурмандын телефону» эки сантехникалык желим түтүктөн жасалган.
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече жана жуптарда иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Окуу ылдамдыгын тиешелүү деңгээлге жеткирүү үчүн мугалим окуучуларга тандалып алынган текстти «окурман телефонун» колдонуп, бир нече (2–3) жолу окууну сунуштайт. **2-кадам.** Окуучулар жекече окушат. **3-кадам.** Окуучу берилген текстти шар окууга жетиштим деп эсептесе, ошол окуучу классташына, андан кийин жалпы класска үлгүлүү окууну көрсөтүү үчүн чакырылат. Үлгүлүү окуу «телефонсуз» жүргүзүлөт.
Үлгү	

Аталышы	СӨЗДӨРДҮ АЖЫРАТ
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • сөздөрү жабыштырылып жазылган текстте сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү ажыратуусу; • текстти шар жана туура окуусу; • тамгалардан жана муундардан сөздөрдү түзүүсү; • айрым сөздөрдөн сүйлөмдөрдү түзүүсү.
Модуль	Шар окуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Окуучулардын окурмандык деңгээлине ылайык ырлар же прозалык чыгармалар. 1) Сөздөрү «жабышкан» тексттин көчүрмөсү. 2) Экранга чыгарылган сөздөрү «жабышкан» текст
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, фронталдык
Аткаруу тартиби	**1-вариант** **1-кадам.** Мугалим тексттин көчүрмөлөрүн таратып же экранга чыгаргандан кийин, окуучулардан андагы сөздөрдү ажыратып, текстти туура окууну өтүнөт. (Мисалдар «Адабий окуу» китептеринен алынды[1]). **1-мисал** *Атабабамурасы:* *Бозүйкомузаккалпак.* *Унутпастанбуларды,* *Уруналыардактап.* *Арбиркыргызбаласы,* *Аккалпактыкийишсин.* *Акбозүйдөолтуруп,* *Манасайтыпшартылдап,* *Комузчертебилишсин!* *Элинжеринсүйүшсүн!* *Энетилдесүйлөшсүн!* *(Б. Асаналиев)* **1-мисалды аткаруу** *Ата-баба мурасы:* *Боз үй, комуз, ак калпак.* *Унутпастан буларды,* *Уруналы ардактап.*

[1] «Адабий окуу» 2-класс (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.). – Б.: Принтэкспресс, 2013.

Ар бир кыргыз баласы,
Ак калпакты кийишсин.
Ак боз үйдө олтуруп,
«Манас» айтып шартылдап,
Комуз черте билишсин!
Элин-жерин сүйүшсүн!
Эне тилде сүйлөшсүн!
(Б. Асаналиев)

2-мисал

Кубалапжайкыаптапты,
Жумалапжаайтаппаккар.
Кырообубакжамынып,
Пайдаболотакбактар.

Улупуңшупшамалы,
Элдиүйгөкамады.
Чилдетүшүпсуутоңчу
Мезгилдибалдарсамады.
(Ч. Иманалиев)

2-мисалды аткаруу

Кубалап жайкы аптапты,
Жумалап жаайт аппак кар.
Кыроо, бубак жамынып,
Пайда болот ак бактар.

Улуп-уңшуп шамалы,
Элди үйгө камады.
Чилде түшүп, суу тоңчу
Мезгилди балдар самады.
(Ч. Иманалиев)

Мындай тапшырманы бүт класс менен, чакан топтордо же жекече өткөрсө болот.

2-вариант

2-кадам. Сөздөрдү ажыратып табышмакты окуп, жандырмагын табуу.

1-мисал

Асманжердинортосундакөпүрө,
Бирокболбойтанданбасыпөтүүгө.

Жообу: күн желеси

2-мисал

Жоккөзтаңганжоолугу,
Көрсөтпөйтбасаржолуңду.

Жообу: түн

3-мисал

Өзүкунсуз,
Баасыпулсуз.
Жандуужансыз,
Жашабайтмунсуз.

Жообу: аба

4-мисал

Сарысакалкишибар,
Санапбүткүстишибар.

Жообу: жүгөрү

5-мисал

Асмандыкөздөйатылган,
Акмаржанболупчачылган.
Аптаптыалыскубалап,
Айдарымдычакырган, –
Атынмунунтапылдам?

Жообу: фонтан

6-мисал

Сарыкозукөккозу,
Карындарытоккозу.
Күздүнкүнүкөпкозу,
Кыштынкүнүжоккозу.

Жообу: коон-дарбыз

3-вариант

3-кадам. Берилген тамгалардын ар үчүнчүсүн тандап, сөз түзүп, дептерге жазуу[1].

АЗБУРҮДРЛСМДЙЦҮНГРФЫКОЭӨҢЯН (бүлдүркөн)

СЧЖЕЛАМЯЛВТБСГЫЙЗРХЗАЩТК (жалбырак)

ВЫАРБЛЦФМОЧУЗГРШКУБВТ (алмурут)

ЛРДМИАЗГРЧФБКЦЫЖГЗ (дарбыз)

ВНКПРАСИРЧФЫГНШЛДКЖАЫТГР (карышкыр)

ЦШКИЧОЖМЁЛРН (коён)

4-вариант

4-кадам. Сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү ажыратып, текстти окуу:

Бардыкэлетамак-аш–жашообулагы. Бироканыничинденанөзгөчөорундуээлейт. Нандынбиркүнжокболушункөзалдыгаэлестетипкөргүлөчү. Ошондуктанэл:«Нан–баарынанулук»,–депбекериненайтканэмес[2].

5-вариант

Шаг 5. Ашык тамгаларды алып салып, макалдарды окуу[3].

Тапшырма	Аткаруу
Аакылодуу өүзүн, акоылсыуз доасыун күүнөөлүөйт.	Акылдуу өзүн, акылсыз досун күнөөлөйт.
Аукылодуу биалиумди саомауйт, акоылсуыз киойиумдиу саумаойт.	Акылдуу билимди самайт, акылсыз кийимди самайт.
Туулагаун жеурдион тоупуыраугы аолтыун.	Туулган жердин топурагы алтын.
Аушыоң каулсоа каылсыон, иушиң каолбасуын.	Ашың калса калсын, ишиң калбасын.

[1] «Адабий окуу» 3-класс (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.) – Б.: Полиграфбумресурсы, 2014
[2] Ошол эле жерде.
[3] Ошол эле жерде.

Аталышы	«ТОСКООЛДУКТАР» МЕНЕН ОКУУ
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • окууда сөздөрдү таанып билүүсү; • «тоскоолдуктар» менен окууда автоматизмди көрсөтүүсү.
Модуль	Шар окуу
Класс	1
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Жылдызча, торчо, сызык сыяктуу «тоскоолдуктар» менен сөздөрдүн, муундардын, сүйлөмдөрдүн бир бөлүгү жабылган тексттер
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече
Аткаруу тартиби	**1-вариант** Тамгалардын көрүнүшү боюнча сөздөрдү таап, ырды окуу[1]. **1-мисал**

Тапшырма	Аткаруу
Ай, чегиртке, чегиртке *Ж. Абдылдаев*	**Ай, чегиртке, чегиртке** *Ж. Абдылдаев*
Ай чегиртке, чегиртке, Айтканыма терикпе. Ырдаганын болбосо Жарамсызсын сен ишке. Көк кийимчен чегиртке, Кечке жатып эрикпе. Концерт бергин, иштерман Кумурскалар келишсе.	Ай чегиртке, чегиртке, Айтканыма терикпе. Ырдаганың болбосо Жарамсызсың сен ишке. Көк кийимчен чегиртке, Кечке жатып эрикпе. Концерт бергин, иштерман Кумурскалар келишсе.
Жаады кар *Ш. Дүйшеев*	**Жаады кар** *Ш. Дүйшеев*
Кебез сымал апаппак Кар калын жаап салыптыр. Карасанар кызыктай, Кара күчүк, мышыктар Аппак болуп калыптыр. Тоголондук топтой, Тоңобуз деп коркпой. Чоңдор тез-тез басышат. Алар кайда шашышат? Жыгылабыз дешет го, Жылгаяктан качышат.	Кебез сымал апаппак Кар калың жаап салыптыр. Карасаңар кызыктай, Кара күчүк, мышыктар Аппак болуп калыптыр. Тоголондук топтой, Тоңобуз деп коркпой. Чоңдор тез-тез басышат. Алар кайда шашышат? Жыгылабыз дешет го, Жылгаяктан качышат.

[1] «Адабий окуу» 2-класс (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.) – Б.: Принтэкспресс, 2013

2-вариант

«Тоскоолдуктары» менен ырды окуу.

Б. Асаналиев

Ай[1]

Ай жаркырайт асманда,
Куду алтын чарадай.
Карап турду Өмүрбек,
Кызыгууду тарабай.

Алтын чара асманда
Аста жылып баратты.
Балдар түндө коркот – деп,
Жарык нурун таратты.

Өчүп, жанып жылдыздар,
Өздөрүнчө ойноду.
Аларды Өмүр: «Чоң Айдын
балдары» – деп ойлоду.

3-вариант

«Тоскоолдуктары» менен ырды окуу

А. Кыдыров

Баарыбыздын майрамыбыз[2]

8-Март – майрам,
Бизге дагы – шат майрам.
Байчечекей – табабыз,
Апабызга – капкайдан.
Текке – кетпейт камыбыз,
Жыргайт – чалкып жаныбыз.
Апамдыкы – – деп коюп,
Майрамдайбыз – баарыбыз

4-вариант

«Тоскоолдуктары» менен ырды окуу

Ж. Абдылдаев

Кар тилеген каргалар[3]

«Как» этип каргалар
Кар жааса дейт.
Жер бетинде кара тус
Калбаса дейт.
Кара түстү каргалар
Жамаан дейби?
Кар көп жаасын агарып
Калаан дейби?

[1] «Адабий окуу» 2-класс (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.) – Б.: Принтэкспресс, 2013

[2] Ошол эле жерде.

[3] Ошол эле жерде.

5-вариант

Тамганы таап, ырды окуу

Ж. Абдылдаев

Музыка[1]

Кезелеңнип мың кайрып
Гүлбуйдай торгой сайрашса,
Жан жыргатып шоокуму
Боодоп ылдый дайра акса,
Бул – үзүнчө музыка.

Ы. Кадыров

Тилегим[2]

Алтыныш тилде үйлөнгөн,
Ажыдайды билемин.
Мен да үйрөнүп өптө тилди,
Тилмеч болуу тилегим.

Башка элдин дилин түшүнгөн,
Дипломат болсом дейм.
Дүйнө дөө кенча эле болсо,
Достоштурап коюсом дейм.

6-вариант

Сызыктар менен бир бөлүгү жабылган сөздү туура таап, ырды окуу

Жолдошбай кызы Бермет

Жоогазын[3]

Жаратылыш жапжашыл,
Көңүлүмдү көтөрөт.
Жаз кезгилде айлана

Коздукка бөлөнөт.
Жоогазын ар жадырап,
Баары өзгүз гүлдөптүр.
Сулуулук берип тоолорго,

Аланаанын үрдөптүр.
Таазим кылып ийилип,
Жыттап көрдүм акырын.
Кандай коо гүлдөр деп,
Жакшы көрдүм баарысын.

[1] «Адабий окуу» 2-класс (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.) – Б.: Принтэкспресс, 2013

[2] Ошол эле жерде.

[3] Ошол эле жерде.

Аталышы	МУУНДАРДЫН ТАБЛИЦАСЫ
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • муундарды шар жана туура окуусу; • муундарды сөздөргө бириктирүүсү.
Модуль	Шар окуу
Класс	1–2
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Муундардын жана сөздөрдүн таблицасы
Окутууну уюштуруу формасы	Жупта иштөө
Аткаруу тартиби	**«Титр» ыкмасы** **1-кадам.** Окуучуларга муундардын таблицасын таратып, саптын же катардын үстүнө ак баракты же сызгычты коюп, кинотасманын титрлери сыяктуу төмөн карай жылдырып, окуу сунушталат. Окуучу баракты же сызгычты өз мүмкүнчүлүгүнө жараша жылдырат, өтө жай же өтө тез жылдырганга болбойт. **2-кадам.** Эгерде окуучу ката кетирсе же аттап кетсе, мугалим дароо токтотпостон, катардагы муундар же сөздөрдү окуп бүткөндөн кийин кайрадан кайтып, дагы бир ирет окуусун өтүнөт. Эгер окуучу өтө көп ката кетирсе же аттап кетсе, баракчаны/сызгычты жай жылдыруу сунушталат. Ал эми окуучу кыйналбай шар окуса, баракчаны/сызгычты тезирек жалдыруу зарыл. **3-кадам.** Мугалим окуучулардан муундарды горизонтал боюнча окууну өтүнөт. Жаңылмачтарды окуган сыяктуу тез, так, бир дем менен окуу керек. Ишти жуптарда уюштурса болот: бир окуучу окуйт, экинчиси баракты жылдырып, шеригинин туура окуганын көзөмөлдөйт.
Үлгү	

1-үлгү

Муундардын таблицасы – А

ТА	ТО	ТЭ	ТУ	ТҮ	ТӨ	ТЫ	ТИ
БА	БО	БЭ	БУ	БҮ	БӨ	БЫ	БИ
КА	КО	КЭ	КУ	КҮ	КӨ	КЫ	КИ
СА	СО	СЭ	СУ	СҮ	СӨ	СЫ	СИ
ЖА	ЖО	ЖЭ	ЖУ	ЖҮ	ЖӨ	ЖЫ	ЖИ
МА	МО	МЭ	МУ	МҮ	МӨ	МЫ	МИ
НА	НО	НЭ	НУ	НҮ	НӨ	НЫ	НИ
ДА	ДО	ДЭ	ДУ	ДҮ	ДӨ	ДЫ	ДИ
ЗА	ЗО	ЗЭ	ЗУ	ЗҮ	ЗӨ	ЗЫ	ЗИ
ГА	ГО	ГЭ	ГУ	ГҮ	ГӨ	ГЫ	ГИ

Муундардын жана сөздөрдүн таблицасы – Б

ат	бак	жан	чай	тарт	барк	жылт	жанч
от	жак	тан	май	карт	жарк	кылт	кенч
ут	так	кан	тай	март	бөрк	сулп	былч
эт	сак	нан	сай	шарт	карк	калп	курч
өт	бек	таш	сүй	тарт	көрк	жалп	мурч
Ит	кек	жаш	жай	журт	корк	балп	мерч
Ач	жок	баш	шай	шерт	кырк	булт	карч
Эч	жек	каш	бай	жорт	чырк	култ	бурч
уч	ток	маш	кой	курт	шарк	селт	калч
ок	тек	кош	чой	сүрт	парк	мелт	балч

Сөздөрдүн таблицасы – В

БАЛА	ТУРНА	БУРАНА	БАЛАЛУУ
САКА	КУРМА	ЧӨМӨЛӨ	ЖАРАЛУУ
КАРА	ЖАРМА	КАЛАМА	КААДАЛУУ
ТОРУ	СУРМА	КАРАПА	САНААЛУУ
БУЛА	ПАРТА	МАШИНЕ	ЖАБЫЛУУ
КУЛА	КАРТА	МУЗЫКА	ЗАРЫГУУ
ЖАПА	ТОРЧО	ЖАРАКА	ЖАГЫНУУ
ТАКА	ГҮЛЧӨ	КУРАМА	КӨРҮНҮҮ
ЖАКА	МОНЧО	БЕРЕКЕ	САБЫРДУУ
БАКА	ЖОРГО	ЖАРАША	КАДЫРЛУУ
БӨЛӨ	ТАСМА	МАЛИНА	БИЛИМДҮҮ
КАПА	ТОСМО	ЗАЛАКА	КӨҢҮЛДҮҮ

Аталышы	ШУЛЬТЕ ТАБЛИЦАЛАРЫ
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • тексттен көп сөздөрдү көрө билүүсү; • окуу ылдамдыгын жогорулатуусу. *Эскертүү*. **Шульте таблицасы** – бул торчолоруна сандар иретсиз жайгаштырылган таблица. Шульте таблицасынын эң бир таркаган түрү (же Shultz tables) – бул квадраттык таблица болуп эсептелет. Анда 5 катар жана 5 сап болуп, 1ден 25ке чейинки сандар иретсиз жайгаштырылат. Мындай таблица төмөнкү сүрөттө көрсөтүлгөн. Шульте таблицалары менен иштөөнүн мааниси бардык сандарды, же таблицада жайгашкан башка объекттерди ортодо жайгашкан сандан көздү албай туруп, ырааты менен тез табуу болуп саналат. Бул көнүгүүлөрдү аткаруунун методикасы тексттин көрүнүп турган бирдиктеринин санын жогорулатып, окуу ылдамдыгын тездетүүгө багытталган.
Модуль	Шар окуу
Класс	3–4
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Шульте таблицалары (үлгүлөрдү караңыз)
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече
Аткаруу тартиби	Окуу ылдамдыгын дээрлик жогорулатуу үчүн ичтен санап, 1ден 25ке чейин сандарды өсүү ирети боюнча табуу керек. Сандар көз менен гана табылып, белгиленет. Бирок сандарды издөөнүн өзгөчөлүгү бар. Көнүгүүнү туура аткаруу, бардык сандарды тез табуу жана көрүү мейкиндигин машыктыруу үчүн таблицанын так ортосундагы уячаны кароо зарыл. **1-кадам.** Мугалим окуучуларга Шульте таблицаларын таратып, төмөнкү тапшырмаларды аткарууну өтүнөт: таблицанын ортосунан көздү албай туруп, таблицаны толугу менен көрүү. Таблицанын ортосунан көздү албай туруп, 1ден 25ке чейинки сандарды өсүү иретинде табуу.

А-үлгүсү. Шульте таблицасы

2	16	19	10	6
7	21	3	15	24
11	23	1	18	22
14	17	8	20	13
5	9	4	25	12

6	13	2	15	22
1	4	19	21	17
8	11	3	18	16
12	9	5	7	23
25	14	20	24	10

15	6	16	9	14
1	8	20	24	2
18	22	10	21	12
17	11	23	5	25
7	4	13	19	3

20	2	16	9	18
12	24	17	14	1
19	21	10	15	5
22	4	8	3	23
25	13	7	6	11

Б-үлгүсү. Шульте таблицасы

2-кадам. Перифериялык көрүүнү жакшыртуу, тексттин чоңураак бөлүгүн көрүү жана окуу ылдамдыгын жогорулатуу үчүн Шульте таблицаларын татаалдатуу.

9	49	64	13	48	21	16	28
24	52	38	25	56	34	57	63
32	10	60	4	7	44	3	11
37	43	18	31	53	61	39	30
27	23	1	45	47	22	42	35
19	40	51	15	59	26	58	50
14	46	54	33	41	2	55	17
5	8	12	36	20	62	29	6

В-үлгүсү. Шульте таблицасы



Аталышы	«СӨЗ ПИРАМИДАСЫ»
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • көрүү мейкиндигин кеңейтүүсү (тексттин көбүрөөк компоненттерин көрүүсү); • окуу ылдамдыгын жогорулатуусу.
Модуль	Шар окуу
Класс	2–4
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Пирамида формасында жайгаштырылган сөздөр менен карточкалар
Окутууну уюштуруу формасы	Жупта, топто иштөө
Аткаруу тартиби	Көрүү мейкиндиги – бул окуучу текстти караганда көрүп кабыл алган тексттин бөлүгү. Көрүү мейкиндигинин чакандыгы – көпчүлүк окурмандын кемчилиги болуп саналат. Балдардын көрүү мейкиндиги чакан болгондуктан, текстти караганда алар көңүлүн айрым тамгаларга же муундарга бурушат. 1–3 тамганы гана эмес, сөздү толугу менен же бир нече сөздү көрүүсү үчүн көрүү мейкиндигин кеңейтүү зарыл. **1-кадам.** Мугалим ар бир окуучуга пирамида формасында жайгаштырылган сөздөр менен карточкаларды таратып, тапшырманы түшүндүрөт: карточканын ортосундагы бир чекитти, көздү кыймылдатпай туруп сөздүн эки муунун бир көрүү зарыл. Окуучулар ушундай тартипте саптардын бардыгын өйдөдөн ылдый, көздөрүн кыймылдатпай көрүп окуулары зарыл. **2-кадам.** Эгер окуучулар үчүн бул тапшырма оор болсо, сөздү муундары боюнча окуса болот, андан соң, көздү бир чекиттен албай туруп сөздү толугу менен көрсө болот.
Үлгү	

1-пирамида

м	а
н	у
л	и
к	о
с	э

ал	ма
ой	мо
ба	ла
аа	ры
та	ка

2-пирамида

БА * ЛА
ЧА * НА
ЖА * КА
ЧА * КА
АР * ПА
БУ * ЛА
АЛ * МА
КО * ЁН
ИЙ * НЕ
АР * ЧА
БА * КА
ДЕП * ТЕР
МЕР * ГЕН
ЖАМ * ГЫР
ЖАЙ * ЛОО
ЖАҢ * ГАК
АРС * ТАҢ
КУН * ДУЗ
ТҮН * ДҮК
ЖОЛ * БОРС

3-пирамида

жар		суу		тоо	
бас		кар		боо	
кур		туу		бор	
сур	ма	баа	лар	жоо	лор
кар		кур		тор	
шаш		шар		зоо	

4-пирамида

ак	ба	бил
лак	бала	билим
улак	балык	билгич
кулак	балдай	билүү
	бармак	билген

5-пирамида

ал	апа	бак
алп	жарк	тарт
арык	класс	калак
шоссе	жүрөк	баштык
карагай	араба	жапырт
жалбырак	карагат	алмурут
жаркыраган	салтанат	кызыктуу
кыжырлануу	жарганат	мекендештер
кубанычтуу	жарыялаган	боорукерлик

6-пирамида

Мен баратам.
Мен ойногону баратам.
Мен көчөгө ойногону баратам.
Мен көчөгө досторум менен ойногону баратам.
Мен көчөгө менин досторум менен ойногону баратам.
Мен көчөгө менин эң жакшы досторум менен ойногону баратам.
Мен кечинде көчөгө менин эң жакшы досторум менен ойногону баратам.
Мен кечке маал көчөгө менин эң жакшы досторум менен ойногону баратам.
Мен кечки салкын маалда көчөгө менин эң жакшы досторум менен ойногону баратам.

Аталышы	«СЛАЛОМ»
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • көрүү мейкиндигин кеңейтүүсү; • ылдам жана шар окуусу.
Модуль	Шар окуу
Класс	1–2
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Слалом жолунун сүрөтү Окуучулардын окурмандык деңгээлине ылайык тексттер
Окутууну уюштуруу формасы	Жекече, жуптарда, топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-вариант** **1-кадам.** Мугалим окуучулардан слалом спорту жөнүндө эмне билишерин сурайт. *Окуучуларга тапшырма:* 20 секунддун ичинде тоодон түшүп жаткан слалом спортчусу сыяктуу көз жүгүртүп, берилген сөздү китептин бетинен табуу зарыл. Окуучулар бул тапшырманы аткарган соң, мугалим тапшырманын аткарылышын баалоо үчүн бир нече суроо берет: – Кайсы сөздөр текстте көп кездешти? – «_____» сөздү канча жолу кездештирдиңер? – Бул текст эмне жөнүндө деп ойлойсуңар? – Башкы каарман ким экен? – Башкы каарман менен эмне окуя болду?

2-вариант

Столдун үстүндө окуучулардын санынан 3 эсе көп тексттер жайгаштырылат. Тексттерден мугалим айткан сүйлөмдү табуу тапшырмасы берилет. «Баштадык!» буйругу менен ар бир окуучу бир текст алып, берилген сүйлөмдү табууга аракет кылат. Тексттин мазмуну боюнча суроолор берилбейт. Бул көнүгүү оюн формасында өткөрүлүп, көрүү мейкиндигин кеңейтүүгө жардам берет.

3-вариант. Сөздөрдү санайбыз

Окуу учурунда окуучулар максималдык тездик менен сөздөрдү санашат жана ошол эле учурда суроолорго жоопторду издешет. 1-класстар үчүн суроолор 3төн, 2-класстарда 4төн, 3–4-класстарда 5тен көп болбошу керек. Көнүгүүнүн максаты: окуучулардын угуу аппаратын үзгүлтүксүз жумуш менен, б. а. сөздөрдү саноо менен жүктөө керек. Окуучулар текстти «ичтен окуу» мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылат, тактап айтканда, көз жүгүртүү менен гана окууга үйрөнүшөт.

Үлгү



Аталышы	ТЕЗ ОКУУ
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • тез жана бир калыпта окуусу; • тыныш белгилерине көңүл буруп окуусу; • интонацияны, логикалык басымдарды жана тынымдарды туура коюулары.
Модуль	Шар окуу
Класс	2–4
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Окуучулардын окурмандык деңгээлине ылайык тексттер
Окутууну уюштуруу формасы	Фронталдык
Аткаруу тартиби	Үн чыгарып окууга караганда ичтен окуганда ылдамдык дайыма жогору болот. **1-вариант. Ызылдак окуу** Көнүгүү жамааттык түрдө өткөрүлөт (жекече эмес), бир эле учурда бардык окуучулар үнүн бир аз чыгарып окушат (ар бири өзүнүн темпине жараша). Көп ирет окууда окуучулардын окуу ылдамдыгы ар түрдүү экендигин эске алуу керек. Ошондуктан баарына бирдей текст берүүгө болбойт, эң жакшысы, бирдей окуу убактына басым кылуу туура болот. **1-кадам.** Мугалим тексти көркөм, жакшы темпте окуп, окуучулардын тексттин мазмунун түшүнүүсүн текшерет. **2-кадам.** Мугалим окуучуларга тексти окуганды чогуу баштап, бир мүнөт окууну сунуштайт. Бир мүнөттөн кийин ар бир окуучу кайсы сөздө токтогонун белгилейт. **3-кадам.** Андан кийин окуучулар тексттин ушул эле үзүндүсүн кайталап окушат. Ар бир окуучу бир мүнөттө кайсы сөзгө чейин окуп жетишкендигин кайра белгилеп, биринчи окугандагы натыйжасы менен салыштырат. Бул ыкма окуу ылдамдыгынын канча сөзгө көбөйгөнүн көрсөтөт. **2-вариант. Жаңылмачтын темпинде окуу** Бул көнүгүү окуучунун кептик аппаратын өнүктүрөт. Мугалим окуучуларга тааныш тексти жаңылмач айткандай темп менен окууну сунуштайт. Окуу учурунда сөздөрдүн мүчөлөрүн так окууга көңүл буруу талап кылынат. Көнүгүү 30 секунддан ашпоого тийиш. «Ө» тамгасын билбесең – «Төрт» дебей «торт» демексиң, «Көрк» дебей «корк» демексиң. «Төө» кубулуп, «тоо» болмок, «Жөө» жайнаган «жоо» болмок. «Ү» тамгасын билбесең – «Үй» мөөрөгөн «уй» болмок. «Күй» деген сөз «куй» болмок.

«Түр» деген сөз «тур» болмок,
Көп сөздөн кыргыз кур болмок.

«Ң» тамгасы жок болсо –
«Чың» дебей «чын» демекпиз,
«Миң» дебей «мин» демекпиз,
«Мең» дебей «мен» демекпиз.
«Кең» дебей «кен» демекпиз.
Кыскасы, кыргыз тилинде,
Тамгабыз жок керексиз.

3-вариант. Текстин тааныш эмес бөлүгүнө өтүү менен көркөм окуу

Окуучулар текстин бөлүгүн, мисалы, башындагы 2–4 абзацты бир нече жолу окушат. Мугалим текстин ушул бөлүгүн көркөм окуу зарыл экендигин түшүндүрөт. Ушуга байланыштуу текст бир нече жолу окулат да, бул бөлүктү окуучулар шар окуй башташат. Андан ары мугалим окуучулардан текстти башынан баштап окулган бөлүктү гана көркөм окубастан, окуу темпин сактап, текстин бейтааныш бөлүгүн да толук окуп чыгууну сунуштайт (Окуучулар окуу темпин текстин бейтааныш бөлүгүн окууда дагы сактоого аракет кылгандыктан окуу ылдамдыгы жогорулайт). Андан ары мугалим окуучулардын окуганын түшүнүүсүн текшерет.

4-вариант. «Чагылган»

Бул көнүгүүнүн максаты ичтен окуу менен үн чыгарып окууну кезектештирүү аркылуу окуу ылдамдыгын жогорулатууну көздөйт.

Мугалим окуу эрежелерин түшүндүрөт.

Мугалимдин «Баштадык!» деген белгиси боюнча окуучулар өзүнө ыңгайлуу темпте текстти ичтен окуй башташат. «Чагылган!» белгиси боюнча окуучулар жогорку ылдамдык менен үн чыгарып окууга өтүшөт. Үн чыгарып окуу көнүгүү жаңы киргизилип баштаганда 20 секунда, кийинчерээк 2 мүнөткө чейин улантылуусу мүмкүн.

5-вариант. «Буксир»

Мугалим окуучулардын окуу ылдамдыгынын чегинде окуу ылдамдыгын өзгөртүү менен текстти окуйт. Окуучулар ошол эле текстти мугалимден артта калбоого аракет кылып, ичтен окушат. Текшерүүнү капысынан кайсы бир сөзгө жеткенде токтой калып, аны кайталоо менен жүргүзүүгө болот. Окуучулар кайсы сөздө токтогонун көрсөтүүгө тийиш.

Мугалим окуучулардын биринен окуу ылдамдыгын төмөндөтпөстөн, улантып окуусун өтүнөт.

Бул көнүгүү ылдамдыкты жана ийкемдүүлүктү (мазмунга жараша окуу ылдамдыгын өзгөртүү жөндөмүн) өнүктүрүү үчүн киргизилет.

6-вариант. «Салыштыр»

Үйгө берилген жана бейтааныш текстти окуу (тааныш жана бейтааныш текстти окуу ылдамдыгын салыштыруу). Окуучулар окуу ылдамдыгын белгилеп каттоо үчүн атайын дептер ачышат. Ал дептерге окуучулар үйгө берилген жана бейтааныш текстти окуу ылдамдыгын жумасына бир жолу белгилеп турушат. Учурдагы жетишкендиктерин бир жумадан же бир айдан кийинки жетишкендиктери менен салыштыруу зарыл. Бул көнүгүү окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн жандандырат, анткени алар жетишкендиктеринин жогорулашын көрүп, эмгектенүү ийгиликтерге алып келерине ишенишет.

7-вариант. «Шаты»

Мугалим китептен 2–3 сапты тандап, үн чыгарып окуп берет, бейтааныш сөздөрдүн маанилерин түшүндүрөт. Андан кийин окуучулар окушат. Секундомердин жардамы менен окуучулар текстти канча убакытта окуй алаарын ченейт. Текст бир нече (3–4) жолу кайра окулуп, ар сайын секундомер менен убакыт ченелет. Окуу ылдамдыгын мүмкүн болушунча эң жогорку деңгээлге жеткирүү керек.

Үлгү

Аталышы	ОКУРМАН ТЕАТРЫ
Күтүлгөн натыйжалар	Окуучулардын • көркөм окуусу; • окуган чыгарманын негизинде чакан спектакль коюусу.
Модуль	Шар окуу
Класс	1–4
Окуу баскычы	Окуу учурунда
Керектүү каражаттар	Жандуу кеп, диалогдорго бай текст
Окутууну уюштуруу формасы	Топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	«Окурман театры» үчүн текст окуу китебинен, хрестоматиядан, класстан тышкаркы окуу боюнча көркөм китептерден же журнал-гезиттерден тандалып алынса болот. Окуучулар өзүлөрү ойлоп тапкан текст да болушу мүмкүн. Тексттин татаал жерлерин алып салса да болот. **1-вариант** Мурунку сабакта окуучулар текст менен таанышышкан. Бейтааныш, жаңы сөздөрдүн маанилерин талдап, түшүнүшкөн. Чыгарманын маанисин талкуулашкан. **1-кадам.** Бул көнүгүүнү өткөрүү үчүн окуучулар сабакка чейин берилген үзүндүнү шар, туура жана көркөм окууну практикалоо максатында чыгарманы бир нече жолу окуп чыгуулары зарыл (текстти жаттоо талап кылынбайт). Сабактын башында окуучулар окулуучу чыгармадан каалаган ролдорду тандап алышат. Каармандардын аттарын кагазга жазып бейджик жасап, төштөрүнө скотч менен жабыштырып алышса болот. **2-кадам.** Баары даяр болгондон кийин, окуучулар тегерете отурушат же досканын жанына чыгышат. Окуучуларга жалпы классташтарынын алдында көркөм окуу учурунда текстти гана карай бербестен, өз ара байланышта болуу үчүн аудитория менен дагы байланыш түзүү зарыл экендиги түшүндүрүлөт. Окуп жатканда окуучулар ишенимдүү жана үндөрүн жетиштүү деңгээлде катуу чыгаруулары зарыл. Чыгарманын мазмунун эмоционалдык түрдө берүү үчүн окуу мимика, жесттер, кыймыл-аракеттер менен да коштолуусу тийиш. Чыгарманы окуу учурунда хордук окуу, жуптарда окуу, ырларды аткаруу, каармандардын кыймыл-аракеттерин көрсөтүү менен да коштоо мүмкүн. **3-кадам.** «Окурман театры» көнүгүүсүн жыйынтыктоодо текстти көркөм окуунун окуганын түшүнүү үчүн маанилүү экендигин мугалим окуучуларга дагы бир ирет эске салуусу зарыл.

2-вариант

Мугалим жалпы класска чыгарманы (мисалы, ыр же чакан аңгеме) көркөм окуп берет.

Андан соң окуучуларды чакан топторго бөлүп, ар бир окуучуга текст берет. Текст менен таанышып, окуучулардын ар бири өзүнө роль тандайт жана окуй турган саптарды же сүйлөмдөрдү белгилеп алат.

Текст менен таанышууга, тандаган ролуна тиешелүү үзүндүнү көркөм окууга машыгуу үчүн бир нече мүнөт берилет.

Чакан топтордо иштегенден кийин мугалим ар бир топко бөлүнгөн текстти өз ара көркөм окуп берүүсүн өтүнөт.

Үлгү

7. ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

1. *Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.,* «Адабий окуу» 2-класс. – Б.: Принтэкспресс, 2013.
2. *Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.,* «Адабий окуу» 3-класс, – Б.: Полиграфбумресурсы, 2014.
3. Адабий окууну 2-класста окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.). – Б.: Полиграфбумресурсы, 2013.
4. Адабий окууну 3-класста окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.). – Б.: Полиграфбумресурсы, 2014.
5. Адабий окууну 4-класста окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.). – Б., 2015.
6. Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар // түзүүчүлөр: Токтомаметов А. Д., Абдухамидова Б. А., Тагаева Г. С., Баимбетова Н. К., USAID, «Бирге окуйбуз» долбоору. – Б., 2014.
7. Жалпы билим берүүчү мектептердин 1–4-класстарында кыргыз тили жана окуу боюнча предметтик стандарт//түзүүчүлөр: Токтомаметов А. Д., Абдухамидова Б. А., Баимбетова Н. К. – Б., 2015.
8. «Кыргыз адабияты» (антология), Элдик балдар фольклору, IV том (түзүүчүлөр: Рысбаев С. К., Абдухамидова Б. А., Батыркулова А. Б.). – Б., 2012.
9. *Лемов Д.* Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей. – М.: Манн, Иванов и Фербер, 2016.
10. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлгөн натыйжалар (Адабий окуу), 1–4-кл., USAID, «Сапаттуу билим» долбоору. – Б., 2012.
11. *Хамзина С. А., Низовская И. А., Фадеева Г. Н., Мааткеримова А. Д.* Оцениваем навыки чтения в начальных классах: методическое пособие. – Бишкек: Папирус Принт, 2016.

5-модуль

Окуганын түшүнүү

МАЗМУНУ

1. Киришүү 3

2. Окуганын түшүнүү деген эмне? 5

3. Окуганын түшүнүү көндүмдөрүнө үйрөтүүнүн стратегиялары 7

   3.1. Текстти окуганга чейин 10

   3.2. Текстти окуу учурунда 15

   3.3. Текстти окугандан кийин 27

4. Маалыматтык тексттер менен иштөө жолдору 39

5. Окуганын түшүнүү көндүмдөрүн баалоо 43

6. Окуганын түшүнүү көндүмдөрүнө үйрөтүүгө карата мисалдар 55

7. Пайдаланылган адабияттар 115

8. Тиркеме 116

1. КИРИШҮҮ

Тыбыштарды аныктоо жана аларды тамгалар менен байланыштыруу, андан соң муундарды, сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү кошуп окуу көндүмү – бул окууга үйрөтүүнүн «чечмелеп окуу» деп аталган баштапкы баскычы. Чечмелеп окуу баскычынан кийин окууга үйрөтүү процессиндеги маанилүү милдет – окуган текстин түшүнүүгө: сөздөрдүн маанилерин, сүйлөмдөгү же абзацтагы ойду таанууга үйрөтүү болуп саналат. Текст менен иштөөнүн базалык көндүмдөрүнө ээ болуу менен окуучулар тексттен маалымат ала алышат жана аларды окуу процессинде колдоно алышат. Ошентип окуу «окутуунун предметинен» «окутуу чөйрөсүнө» айланат.

Текстти түшүнүүнүн үстүндө натыйжалуу иштөөгө үйрөнгөндөн кийин, окуучулар башталгыч мектептин программасын гана ийгиликтүү өздөштүрбөстөн, алар «өмүр бою» керектүү болгон көндүмдөргө да, китеп окууга карата сүйүү көндүмдөрүнө да ээ болушат. Бул окууга үйрөтүүнүн бардык процессинин жыйынтыктоочу натыйжасы болуп калат.

> Заманбап-жазуучу, фантаст Нил Гейман: *«**Окуу көндүмү** – бул мектепти же университетти аяктагандан кийин да токтобогон билим алуу. Бул – эс алуу, бул – башпаанек жана маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгү»*, – деп айткан.

Окулуп жаткан тексттин же китептин мазмунун түшүнүү көндүмүн өнүктүрүү максатында биринчи кезекте балдарды китеп деген эмне экендиги, кандай жанрлар болору, маалыматты кантип алуу, талдоо жана түшүнүү керектиги менен тааныштыруу керек. Окуучулар китептер төмөндөгүлөр аркылуу бири-биринен айырмаланарын билүүсү керек:

- **түзүлүшү жана формасы боюнча:** сүрөт-китептер, энциклопедиялар, панорамалык китептер, бир чыгармалуу китеп, бир нече чыгармалар же китептердин сериясы кирген жыйнактар ж. б.;
- **маалымат берүү тибине жараша:** кагаз китептер, аудио-китептер, он-лайн китептер ж. б.;
- **жанры боюнча:** элдик жомоктор, илимий фантастика, аңгемелер, поэзия, тарыхый чыгармалар, илимий текст, энциклопедиялар, фантастикалык чыгармалар, өмүр баян, көркөм искусство тууралуу (музыка, чыгармачылык, бийлер) ж. б. китептер.

Азыркы учурда балдар адабияты мазмуну жана формасы боюнча ар түрдүү. Китептин ар бир тиби окууда ар башка мамилени талап кылат. Мисалы, иллюстрацияланган китептерде көңүлдүн борборунда визуалдык образдар болушу керек. Маалыматтык тексттерди окууда карталарды, графиктерди, таблицаларды түшүнө билүү керек. Көркөм чыгармада жанрларды жана аларды ажырата билүү чыгарманы терең түшүнүүгө жардам берет.

Окуучулар окуп жатканын түшүнүүсү үчүн окуунун максатын аныктап алуусу зарыл. Т. а. биз эмне үчүн окуйбуз, чыгарманы окуу менен эмнени билебиз, окуганын жеке тажрыйбасы жана буга чейинки билими менен байланыштыра алуу керек. Бул окуучулардын текстти же китепти окууга болгон кызыгуусун жогорулатууга жана текст/китеп менен өз ара кызматташууга мүмкүнчүлүк берет. Окуй турган китепти же чыгарманы тандоо менен, ар бир окурман ал эмне же ким тууралуу экенин, биз үчүн анын темасы же жанры кызыктуу болобу, бул чөйрөдө билимди байытуу керекпи же бул китепти ырахат алуу үчүн окуйбузбу деген сыяктуу нерселерди божомолдоого аракет кылат. Китеп окуу

тажрыйбасынын болушу чоң маниге ээ: авторун же темасын билүү, иллюстрацияларынын, китептин мукабасы жана формасынын, шрифтинин жагышы, бул китептин сериясындагы чыгарманы окугандыгы ж. б. Мугалим чыгарманы же китепти тандоого өзгөчө маани бериши керек. Китептер балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык келүүсү жана алар үчүн кызыктуу болуусу зарыл.

Бул модулда окуганын түшүнүү көндүмүн өнүктүрүү боюнча стратегиялар, методдор жана ыкмалар окуу баскычтарына ылайык үч бөлүккө бөлүнгөн (1-таблицаны караңыз).

1-таблица. Окуганга чейин – окуу учурунда – окугандай кийин

Окуганга чейин	Окуучулар китептин же чыгарманын сюжети кандай өнүгөрү жөнүндө божомолдоолорду, жоромолдоолорду түзө билүүсү керек. Алар текстти окуп бүткөндөн кийин ырасталабы же жокпу? Бул текстти түшүнүү процессин көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берет – текстти окуп жатып, бала окуганга чейин коюлган суроолорго жооп табууга аракет кылат. Мындай аракеттер текстти терең түшүнүп окууга шарт түзөт.
Окуу учурунда	Окуу учурунда процесс окуунун төмөнкү формалары боюнча уюштурулат: үлгүлүү окуу, биргелешип, башкарып жана өз алдынча окуу (окуу формасы боюнча толугураак 1-модулдан караңыз).
Окугандан кийин	Окуучуларды башкы маалыматты (чыгарманын каарманы, кандай окуялар болду жана алардын ырааттуулугу, окуянын орду жана мезгили) таба билүүгө, тексттен алынган маалыматты жалпылай алууга, аларды салыштыра жана карама-каршы коё билүүгө, талдай алууга, өз оюн айта алууга жана окуганына өзүнүн мамилесин билдире алууга, өзүнүн окуп түшүнүүсүн баалай билүүгө үйрөтүү керек.

«Окуганын түшүнүү» модулу менен таанышуу аркылуу, катышуучулар төмөнкүлөргө жетишишет:

- «окуганын түшүнүү» түшүнүгүн такташат;
- окуганын түшүнүү көндүмүнө үйрөтүү ыкмаларын колдонушат;
- окуганын түшүнүү көндүмүнө натыйжалуу үйрөтүү боюнча сунуштар менен таанышышат жана аларды өз практикаларында колдонушат;
- окуганын түшүнүү көндүмүн баалоо куралдарын практикада колдонушат.

2. ОКУГАНЫН ТҮШҮНҮҮ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Китеп – билим булагы, билим – өмүр чырагы.

Балдар тамгаларды таанышат, сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү окуй алышат, ал эми окуганын түшүнө алышабы? Окуганын канчалык деңгээлде түшүнө алышат? Аларды окуганын түшүнүүгө кантип үйрөтүү керек? Заманбап балдар жазуучусу Даниэль Пеннак «Роман сыяктуу» деген педагогикалык эссесинде текстти чечмелеп окуй алуудан окуганын түшүнүүгө өтүүнүн зарылдыгын төмөндөгүдөй белгилейт: *«Текст табышмактуу болуудан калып, таңдануунун жаратканда, анын маанисин түшүнүүгө болгон биздин аракетибиз ырахат тартуулайт; «түшүнбөй калуу» коркунучун жеңгенде, аракеттенүү жана ырахаттануу бири-бирине иштей баштайт: окуу аракети чоң ырахатты камсыздайт, ал эми ырахаттануу түшүнүүгө шыктандырат…»*.

Окуганын түшүнүү – окуган текстинин маанисин түшүнүү жөндөмдүүлүгү, аны интерпретациялоо жана окуган текстине карата өз пикирин/мамилесин калыптандыруу көндүмү. Бул башталгыч мектептен тартып окуучуларды үйрөтүү зарыл болгон маанилүү көндүм болуп саналат.

Окуганын түшүнүү деңгээлдеринин түрдүү классификациялары бар. Алардын бири 2-таблицада берилген.

2-таблица. Окуганын түшүнүү деңгээлдери

Сөзмө-сөз түшүнүү	Түшүнүүнүн биринчи деңгээли – текстти кайталоо же түзүү жөндөмдүүлүгү, негизги маалыматты бөлүп алуу, башкы каармандарды, идеяны, окуянын болуп өткөн ордун, мезгилин, хронологиясын, сюжетин, кыймыл-аракетин аныктоо.
Ой жүгүртүп, талдап түшүнүү	Түшүнүүнүн экинчи деңгээли – автор тарабынан берилген ойду таба билүү, себеп-натыйжалык байланыштарын түшүнүү, интерпретациялоо жана талдоо, тааныш жана жаңы маалыматты салыштыруу көндүмдөрү.
Сынчыл баа берүү менен түшүнүү	Түшүнүүнүн үчүнчү деңгээли – бул текстке карата өзүнүн мамилесин, оюн калыптандыруу жана айта билүү көндүмү. Ошону менен бирге, өзүнүн окуп түшүнгөнүн баалоо.

Окуганын түшүнүү көптөгөн факторлорго байланыштуу:

– туура окуй алуусунан (эгерде бала сөздү туура эмес окуса, анда ал бүтүндөй сүйлөмдүн маанисин түшүнбөй калат);

– сөздүн маанисин түшүнүүсүнөн;

– шар окуй алуусунан (эгерде бала муундап окуса, анда ага окуганынын маанисин эстеп калуу кыйынга турат);

– окуучунун турмуштук тажрыйбасынан жана билиминен;

– окуп жаткан учурда окуучунун эстутумунан, ой жүгүртө жана элестете билүүсүнөн.

3. ОКУГАНЫН ТҮШҮНҮҮГӨ ҮЙРӨТҮҮНҮН СТРАТЕГИЯЛАРЫ

Окуганын түшүнүүгө үйрөтүүнүн стратегиялары текст менен иштөөнүн баскычтары боюнча бөлүнгөн: текстти окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин (3-таблицаны караңыз).

3-таблица. Текст менен иштөөнүн стратегиялары

ОКУГАНГА ЧЕЙИН	
Текстти окуганга чейин колдонууга сунушталган стратегиялар окуучулардын буга чейинки билгендери менен окуу процессинде ээ болгон жаңы маалыматтарынын ортосундагы байланышты түзүү аркылуу алардын текстти/китепти окууга болгон кызыгуусун арттырууга багытталган. Буга теманы, аталышты же тема боюнча окуучунун болгон тажрыйбасы менен буга чейинки билимдерин активдүү талкуулоо аркылуу шарт түзүлөт . Бул баскычта жаңы, бейтааныш сөздөрдүн маанилеринин үстүндө иштөө, тексттин түзүлүшүн аныктоо, чыгарманын контексти менен алдын ала иштөө (автор тууралуу окуучулар эмнени билишет, китеп качан жазылган, иллюстрацияларда билдирүүлөр барбы ж. б.) маанилүү орунду ээлейт.	
Стратегиялар	**Стратегиялардын баяндалышы**
КИТЕП МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ	Китеп менен таанышуу чыгарманын аталышын, темасын, авторун, иллюстрацияларын үйрөнүү, форматын жана жанрын аныктоо менен башталат. Мунун баары окуучуларга чыгарманын маанисин терең түшүнүү үчүн колдонулган стратегияларды жана окуунун максатын аныктап алууга мүмкүнчүлүк берет.
БУГА ЧЕЙИНКИ ТАЖРЫЙБАЛАРЫН ЖАНА БИЛИМДЕРИН АКТИВДЕШТИРҮҮ	Окуучулардын жеке тажрыйбасы менен чыгармада чагылдырылган тажрыйбанын байланышын ачып көрсөтүү. Китептин темасы/идеясы боюнча окуучулардын буга чейинки билимдерин аныктоо алардын чыгарманын маанисин терең түшүнүүсүнө шарт түзөт.
БОЛЖОЛДОО	Бул чыгармада кандай маалымат же окуя баяндалгандыгын болжолдоп айтууну түшүндүрөт. Окуу учурунда же окугандан кийин окуучулар өз болжолдоолорун тактап, кайра карап же текшерип алышса болот. Болжолдоо окуучунун буга чейинки билимдерин текстти окуу учурунда алган жаңы билимдери менен байланыштырат.

ОКУУ УЧУРУНДА

Окуу учурунда окуунун түрдүү формаларын (үлгүлүү окуу, биргелешип, башкарып жана өз алдынча окуу) колдонуу менен окуучулар чыгарманын мааниси же идеясы алар үчүн канчалык деңгээлде түшүнүктүү экендигин, ийгиликтүү өздөштүрүүлөрүн байкашат. Муну тексттеги негизги маалыматка жана аны ачып көрсөтүүчү бөлүктөргө көңүл буруу, болжолдой алуу (б. а. көмүскөдө маанини түшүнүү үчүн буга чейинки билимин жана тажрыйбасын колдонуу), окуганга чейин түзгөн болжолдоолорун текшерүү жана тактоо, тексттеги идеялар менен окуялардын ортосундагы байланышты табуу, суроо коюу, визуалдаштыруу ж. б. шарттайт.

Стратегиялар	Стратегиялардын баяндалышы
БАШКЫ ИДЕЯ ЖАНА АНЫ АЧЫП БЕРҮҮЧҮ БӨЛҮКТӨР	Окуучулар чыгарманын башкы идеясын аныктоону билиши керек жана аны түшүнүүнү шарттаган бөлүктөрүн таба алышы керек. Бул үчүн окуу учурунда сөздүн, сүйлөмдүн, абзацтын, бөлүмдүн, чыгарманын маанисин толугу менен түшүнүү маанилүү.
ВИЗУАЛДАШТЫРУУ	Визуалдаштыруу – бул окуучунун окуган чыгармадагы образды кыялында жаратуусу . Ал эми окуу учурунда – жазуучу жараткан образдарды кайрадан жаратуу. Визуалдаштыруунун милдети – окуп жаткан чыгарманын картинасын элестететип көрүү, өз кыялында ошол жерде, ошол мезгилде, ошол доордо болуп, башкы идеяны, окуянын өнүгүшүн жана каармандардын иш-аракеттерин жакшы түшүнүү үчүн элестүү, каймана түрүндө айтып берүү. Болуп жаткан нерсени менталдык карта, сүрөт тартуу, драмалаштыруу ж. б. аркылуу визуалдаштырууга же көрүүгө болот.
ЖОРОМОЛДОО	Жоромолдоо – бул текстти окуу учурунда же окугандан кийин окуучулардын жасаган корутундусу. Окуучу корутундуну автордун тексттин бөлүктөрүндө, мүнөздөмө, тике жана кыйыр баа берүүлөрүндө жазгандарынын негизинде чыгарат.
СУРОО КОЮУ	Суроо коюу окуучуларга текст жана аны түзгөн автор менен өз ара тыгыз байланышта болууга мүмкүнчүлүк берет. Демек, суроолор аркылуу окуучулар эмнени окуп жаткандыгын аныктап, түшүнүп алышат. Окуучулардын окуу процессинде суроо берүүсү – бул алардын өздөрүнүн окуп түшүнүүсүнө жүргүзгөн мониторинги десек болот.
ҮН ЧЫГАРЫП ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ	Үн чыгарып ой жүгүртүү – бул окуп түшүнгөнү боюнча үн чыгарып ойлонуу. Анын жардамы аркылуу окуучулар окуган текстинин маанисин түшүнүшөт. Бул стратегияны колдонуунун максаты – окуучуларга окуп жаткан текстти түшүнүү кантип калыптанарын көрсөтүү.

ОКУГАНДАН КИЙИН

Китепти окугандан кийин жалпылап, талдап жана окуганын сынчыл түшүнүүсүн аныктоо максатында түрдүү стратегиялар жана көнүгүүлөр колдонулат. Окуганын түшүнүүнү талкуудан, жазуу иштеринен, драмалаштыруудан, графикалык уюштургучтарды пайдалануудан ж. б. билүүгө болот. Тексттен алынган маалымат окуучунун реалдуу жашоосунда, турмуштук түрдүү кырдаалдарда кандай колдонуларын аныктап алуу маанилүү. Андан ары текстти окууну талкуулоо, демек, билимдерин кеңейтүү жыйынтыктоочу баскыч болуп саналат.

Стратегиялар	Стратегиялардын баяндалышы
ТҮШҮНГӨНҮН АЙТЫП БЕРҮҮ	Айтып берүү – бул окуган текстти сөзмө-сөз же жалпы маанисин түшүнгөнүн аныктоого мүмкүнчүлүк берген оозеки кайра жаратуу же түзүү. Кайра айтып берүүнүн төрт түрү бар: толук, тандоо менен, кыскача жана чыгармачылык менен.
ЖАЛПЫЛОО	Жалпылоо – бул окуган чыгармасын, тексттен же китептен алынган маалыматтарды бириктирүү үчүн анын негизги маанисин, окуясын же бөлүгүн (каарманын, ордун, мезгилин) өз сөзү менен кыскача билдирүү. Ой жүгүртүү ыкмасынын негизинде объектилердин сыпаттары жана жалпы касиеттери аныкталат.
БАЙЛАНЫШ ТҮЗҮҮ	Текстке/китепке карата өзүнүн мамилесин аныктоо максатында окурман курчап турган чөйрө жана окуган башка китептеринин ортосундагы өз ара байланышты табуу керек. Байланыштарды аныктоо китеп окуучунун болгон тажрыйбаларына канчалык жакын экендигин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет, анын билимин байытат, баалуу, пайдалуу болгон же тескерисинче ойго салган негизги маалыматтарды берет; бул китеп окуучунун андан ары өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизет.
ОКУГАН ЧЫГАРМАСЫН ТАЛДОО	Окуган текстин/чыгармасын талдоо – бул окуганын терең түшүнүү максатында ой жүгүртүп, анын идеясын, стилин түшүнүү, көйгөйлөрдү чечүү же тексттеги фактыларды жана маалыматтарды салыштыруу. Башталгыч мектепте талдоо үч багытта болот: сюжеттик-образдык, проблемалык, стилистикалык, салыштыруу.
ОКУГАНЫН ТҮШҮНГӨНҮН БААЛОО	Бул тексттин мазмунуна же формасына карата рефлексия жана ага коюлган баа, текстте берилген идеяларга, каармандарга карата өз оюн билдирүү жана окуганынын негизинде буга чейинки билимдери менен тажрыйбаларын кайра түшүнүү.

3.1. ОКУГАНГА ЧЕЙИН

КИТЕП МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ

Окуганын түшүнүүнүн үстүндө иштөөдөн мурда окуучуларды китеп эмнеден турагандыгы, кандай китептер болору (китептердин багыттары, жанрлары, типтери боюнча ж. б.), тексттин автору, китептин иллюстратору ким экендиги менен тааныштыруу зарыл.

> «Билим, китеп деген эмне жана аны кантип барактап, кантип колдоно билүү – адамды сабаттуу кылуу көндүмдөрүнүн бир бөлүгү»[1].

Мугалим окуучуга китеп эмнелерден турарын түшүндүрүү менен бирге, анын титулдук баракчасы, ички жана тышкы форматы, китептин автору, аталышы тууралуу айтып берүүчү «сүйлөөчү мукабасы» жана мукабадагы сүрөт бул китеп эмне тууралуу болорун божомолдоого мүмкүнчүлүк берерин айтып бере алат.

Китеп менен тааныштырууну баштоодо төмөнкүлөргө көңүл бөлүү маанилүү:

- **Мукабасы:** анда эмненин сүрөтү тартылган, китептин аталышы, автордун фамилиясы, сүрөтчү-иллюстратор, басмакана; иллюстрациядан, китептин аталышы жана автору тууралуу алган билими менен баланын окурмандык тажрыйбасын салыштырабыз.
- **Аталышы же мазмуну:** окурманды бул китеп ырааты менен эмнелер тууралуу айтып берерин беттери көрсөтүлгөн бөлүмдөр менен тааныштырат. Айрым учурларда китептин башталышында төмөнкүлөр да болушу мүмкүн:
  - ыраазычылык билдирүү – мында автор китепти жазууда же басмадан чыгарууда колдоо көрсөткөндөргө ыраазычылык бирдирет;
  - арноо – бул чыгарма кимге даректелгендиги, бүтүндөй адамдардын тобуна, мекемеге же кимдир бирөөнүн жаркын элесине, абстракттуу түшүнүктөргө (мисалы, эркиндикке) арналгандыгы тууралуу жазылат;
  - кириш сөз: адабий жана илимий чыгарманын негизги текстке чейинки бөлүгү. Киришүүдө автордун, редактордун, басып чыгаруучунун же чыгармага тиешеси бар тараптын түшүндүрмөсү жана эскертүүлөрү баяндалат.
- **Бөлүмдөр:** китеп ырааттуулукта же хронологиялык негизде курулган бир нече бөлүктөргө бөлүнгөн.
- **Иллюстрациялар:** балдар китеби – текст менен иллюстрациялардын өз ара байланышы, андыктан иллюстрация тууралуу унутуп калууга болбойт. Окуу менен иллюстрацияларды жарыш кароо окуганын терең түшүнүүгө жардам берет.
- **Китептин аягында:** көпчүлүк учурда глоссарийлер же сөздүктөр, индекс – терминдердин түшүндүрмөсү (мисалы: эгер ал балдар энциклопедиясы болсо) берилет.

[1] Joseph Nhan-O'Reilly. Enjoying books together: a guide for teachers on the use of books in the classroom. – Международный фонд «Спасите детей».



СӨЗДҮКТӨР

КИТЕПТИН БАШЫНДАГЫ МАЗМУНУ



1-схема. Китептин курамдык бөлүктөрү

Китеп менен тааныштыруу максатында төмөнкү көнүгүүлөр колдонулушу мүмкүн: «Китепке кош келиңиз!», «Ачкыч сөздөр», «Китептин бөлүктөрү», «Китепке саякат», «Сүрөттүү китеп менен иштөө» («Окуганын түшүнүүгө үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөрдү» караңыз).

Окуган материалдын татаалдык деңгээлин аныктоо үчүн колдонулган китептердин классификациясы боюнча кошумча маалымат 2-схемада берилет.

БАЛДАР АДАБИЯТЫ

Автору жана кимге арналгандыгы боюнча

- чоңдор балдарга арнап жазган;
- балдар жазган;
- чоңдор жазган, бирок балдар кызыккан

Балдардын курагы (окуган жылдары) боюнча

- 1-класс (6–7 жаш)
- 2-класс (7–8 жаш)
- 3-класс (8–9 жаш)
- 4-класс (9–10 жаш)

Түзүлүшү боюнча

- монобасылма (бир чыгарманын басылышы);
- жыйнак;
- китептер сериясы;
- дил баяндар жыйнагы

Жасалгасы боюнча

- китеп;
- журналдар, газеталар;
- оюнчук-китептер (жасалма-китеп, гармошка, фигура, сууга түшүү үчүн китеп, боёмо-китеп, конструктор-китеп ж. б.)

Түрү боюнча

- кагазга басылган китеп;
- электрондук (аудио-, видео-, теле-, он-лайн китептер, мобилдик тиркемелер)

Иллюстрацияланган балдар китеби

- чоң китеп;
- виммельбух-китеп;
- изобасылма (текстке караганда сүрөттөр үстөмдүк кылган китептер);
- комикстер, мангалар;
- кырдаалдык карталар;
- театр-китеп (панорамалык китеп)

Маалыматтын мүнөзү боюнча

- адабий-көркөм: жомок, ыр;
- аңгеме, повесть, роман, юмористтик проза;
- детектив, фантастика/фэнтези, поэма (баллада), коркунучтуу окуялар;
- билим берүүчү: окуу китептери, сөздүктөр, энциклопедиялар, маалымдамалар, атластар

2-схема. Балдарга арналган китептердин классификациясы

БУГА ЧЕЙИНКИ ЖЕКЕ ТАЖРЫЙБАЛАРЫН ЖАНА БИЛИМДЕРИН АКТИВДЕШТИРҮҮ

Буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүү – окуучунун жеке тажрыйбасы менен окуган чыгармасынан алган тажрыйбасынын байланышын жана китептин темасы/идеясы боюнча болгон билимдерин аныктоо. Бул окуучуларга чыгарманын маанисин терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Когнитивдик (таанып-билүүчү) психологдор (Р. Андерсен, Д. Пирсен, Д. Румельхат) жана Ж. Пиаже инсандын когнитивдик өнүгүүсүнүн теориясын иштеп чыгуу менен, баланын жаңы билимдеринин, көндүмдөрүнүн жана тажрыйбаларынын калыптануу процессин буга чейинки билиминен тышкары караштырышат. Жаңы маалыматты кабыл алуу менен билимин калыптандырууда адам өзүнүн бүтүндөй менталдык (психологиялык) түзүлүшүнө ылайык (Пиаже аны «схема» деп атаган) алынган материалды ыңгайлаштырат, кайра түзөт жана өзгөртөт. Башкача айтканда, окуу процессинде маалымат же билим алуу менен, окуучулар аны өздөштүрүшөт же учурдагы билимине ыңгайлаштырат. Окуучулардын буга чейинки билимдери менен жаңы билимдеринин ортосунда байланыштар түзүлгөн учурда гана окутуу ишке ашкан болот. Когнитивдик психология тексттеги ойлор менен идеялардын окуучунун буга чейинки алган билимдери жана маданий тажрыйбаларынын ортосунда байланыш түзүлгөндө гана текст окурманга түшүнүктүү болорун билдирет.

Китепти/текстти окуганга чейин алган билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүүгө багытталган ыкмалар жана көнүгүүлөр төмөнкүлөргө шарт түзөт:

- китеп окууга болгон кызыгууну жана мотивацияны жогорулатуу;
- жаңы сөздөрдүн маанилеринин үстүндө натыйжалуу иштөө;
- тексттин темасы боюнча буга чейинки билимдеринин жана тажрыйбаларынын негизинде маанисин түшүнүү боюнча иштөө;
- окуучулар боло турган окуяны алдын ала баамдоого, кырдаалдан же көйгөйдөн чыгууга жардам берген билим менен тажрыйбанын запасына ээ болгондуктан божомолдоо боюнча иштөө;
- китепте берилген жаңы билимдерди жана тажрыйбаны өздөштүрүү.

Буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүүгө багытталган ыкмаларды жана көнүгүүлөрдү «Окуганын түшүнүүгө үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүнөн караңыз:

Б/Б/Б

БББ таблицасы

Б – билем	Б – билгим келет	Б – билдим

ИНСЕРТ (шарттуу белгилер)

✓ белгилүү маалымат

– билген маалыматыма карама-каршы

+ жаңы маалымат

? түшүнүксүз, кошумча маалымат керек

МЕН-СЕН-БИЗ

МЭЭ ЧАБУУЛУ

«ООБА/ЖОК» КАРТОЧКАЛАРЫ

ООБА

ЖОК

КУТУДАГЫ ТАБЫШМАК

БОЛЖОЛДОО

Болжолдоо – бул тексттин мазмунунун негизинде гипотеза түзүү, алдын ала баамдоо, болжолдоо жөндөмдүүлүгү. Болжолдоону чыгарманын аталышы, жанры, иллюстрациялары, ачкыч сөздөр, сөз айкаштары же сүйлөмдөр боюнча ишке ашырууга болот. Окуучулардын болжолдоолорунун максаты аркылуу алар эмнелерди билет, кандай тажрыйбага ээ экендиги жана алар эмне жөнүндө окуй тургандыгынын жоромолунун ортосунда байланыш түзүлө баштайт (жекече, турмуштук же башка китептерди окуганынан, түрдүү предметтерди үйрөнгөнүнөн). Болжолдоо окуучулардын текстти жакшы түшүнүүсүнө, окуганын өзүнүн тажрыйбасы менен салыштыруусуна шарт түзөт.

> «Болжолдоолор окуучулардын өздөрү үчүн окуп жаткан текстти кандай түшүнүп жатышкандыгын байкоого жол ачкан көпүрө даярдайт»[1].

Дуг Лемов бул ыкма балдардын кызыгуусуна жол ачып, текстти улантып окууда анын болжолдоолору тастыкталарын билүү үчүн кунт коюуга мажбурларын белгилейт. Эгерде баары туура уюштурулса, анда болжолдоолору туура келерин же келбесин байкоо менен балдар өздөрүнүн текстти туура түшүнгөндүгүн көзөмөлдөй алышат. Бул ыкма натыйжалуу болуш үчүн окуучунун болжолдоосу туура келдиби жана эмне үчүн экендигин талкуулоону мугалим ар дайым жана максаттуу түрдө адатка айландыруусу зарыл[2].

Болжолдоо боюнча көнүгүүлөр менен ыкмаларды текст менен иштөөгө чейин да, иштөө учурунда да төмөнкү мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен колдонсо болот:

- болжолдоо чыгарманын аталышынын, китептин мукабасындагы иллюстрациялардын негизинде калыптанышы мүмкүн;
- окуучулардын буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүү натыйжалуу болжолдоону шартташы мүмкүн;
- окуучуларга башкы каармандар эмне болорун, дагы кандай окуялар өтөрүн, көйгөй же карама-каршылык кандайча чечилерин аныктоо сунушталат. Бул алардын окуу процессине кошулуусуна, текст/китеп менен өз ара аракеттешүүсүнө мүмкүнчүлүк берет;
- Окуу учурундагы болжолдоолор башкы идеяны ачып көрсөтүү, окуганынан белгилүү болуп калган нерселер, ошондой эле болуп өткөн окуялар жана андан кийин эмне болору тууралуу жоромолдоолордун негизинде түзүлүшү мүмкүн ;
- текст менен иштөө аяктаганда окуучуларга түзүлгөн божомолуна кайрылуу жана өздөрүнүн алгачкы болжолдоолорун ырастоо же жокко чыгаруу сунушталат.

«Окуганын түшүнүү көндүмүнө үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө болжолдоо көндүмүн калыптандыруучу бир катар көнүгүүлөр берилген. Алар: «Алдын ала баамдап айтуу», «Тыным жасап окуу», «Бул китеп эмне тууралуу экендигин элестетип көрчү», «Анык жана анык эмес ырастоолор».

---

[1] Boyles N. Constructing Meaning Through Kid-Friendly Comprehension Strategy Instruction.

[2] Лемов Д. Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей. – М. : Манн, Иванов и Фербер, 2016.

3.2. ОКУУ УЧУРУНДА

ЧЫГАРМАДАГЫ НЕГИЗГИ ОЙ ЖАНА АНЫ АЧЫП КӨРСӨТҮҮЧҮ БӨЛҮКТӨР

Окуганын түшүнүүнүн негизинде **чыгармадагы негизги ойду жана майда бөлүктөрдү** аныктоо жатат. Алар: башкы каарманды (же бир нече каарман), иш-аракеттин ордун жана мезгилин, окуялар жана алардын ырааттуулугун, башкы көйгөй жана анын чечилишин түшүнүүнү шарттайт.

Чыгарманын темасын жана идеясын ажырата билүү керек.

- Чыгармада эмне тууралуу айтылса, ошол тема болот.
- Идея – бул чыгармадагы негизги ой. Тема тууралуу эмне айтылса, бул ой болот. Анда жазуучунун темага карата эмоциялык баа берүүсү берилет.

> «Окуучулар маалыматтарды биринчи ирет үйрөнүп жатышат, анын баары аларды бирдей деңгээлде өзүнө тартат. Балдардын чоң адамдардай майда-барат нерселерден арылып, негизги идеяга ой токтотуп, ошого гана басым жасаганга тажрыйбасы жетишпейт. Биз алардын кызыгууларын жана таң калууларын басып койгубуз келбейт, бирок булардын баарын балдар акылдарында бирдей кармоого аракет кылышса, анда алар натыйжалуу окуй алышпайт. Ошондуктан, биздин милдет – балдарды негизги идеяларды таанууга үйрөтүү жана ой жүгүртүүсүн анын тегерегинде уюштуруу, ошол эле учурда мурдагыдай эле алардын кубанычтарын жана чыгармачылыгын колдоп туруу»[1].

Башкы идеяны жана бөлүктөрдү бөлүп алууга, аларды көрсөтүүгө багытталган көнүгүүлөр жана көндүмдөр төмөнкүлөрдү камтыйт:

Графикалык уюштургучтар менен иштөө

ЧЫГАРМА АЙЛАМПАСЫ



ЧЫГАРМАНЫН КАРТАСЫ



[1] Determining Importance in Nonfiction Text: Finding the Main Idea. URL: https://readingrecovery.clemson.edu/introduction-to-determining-importance/. 9.03.2017.

СЮЖЕТТИК СЫЗЫК



Окуянын убакты/жери

КОЛ (БЕШ МАНЖА)

Чыгарманын аталышы

Көйгөй

Окуялар:
Башында
Ортосунда
Аягында

Окуялар болгон жер

Көйгөйдүн чечими

Башкы каармандар



ЧЫГАРМА ДАРАГЫ



КӨРҮҮ АЙЛАМПАСЫ



Сүрөт тартуу







Жазуу жүзүндөгү тапшырмалар: эссе, дил баян, баяндама, өз окуясын (аңгемесин) түзүү үчүн башкы идеяны пайдалануу.

Карточкалар менен иштөө: предметтик, кырдаалдык же ассоциациялык карточкалар.

Ачкыч сөздөр менен иштөө: сөз айкаштары, сүйлөмдөр, абзацтар, бөлүмдөр.

Чыгармачыл тапшырмалар: театрлаштыруу, драмалаштыруу, пантомима, түрдүү предметтерди пайдалануу ж. б.

«Окуганын түшүнүүгө үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө тексттеги негизги ойду табууда мугалимдерге жардам берүүчү көнүгүүлөр берилген. Алар: «Чыгарма айлампасы», «Чыгарманын картасы», «Сюжеттик сызык», «Кол (беш манжа)», «Чыгарманын дарагы», «Көрүү айлампасы», «Комикс түзүү», «Стикер-аңгеме» ж. б.

МЕНИН КОМИКСИМ

ВИЗУАЛДАШТЫРУУ (ЭЛЕСТЕТҮҮ)

Окуганын түшүнүү үчүн окуучунун окуганын элестетүүсү эң бир натыйжалуу ыкма болуп саналат. **Элестетүү** аркылуу окуучу көркөм чыгарманын мазмунун, автор тарабынан коюлган башкы идеясын түшүнөт.

Элестетүү окуучунун окуганын түшүнүүсүнө, негизги бөлүктөрдү бөлө алуусуна, бул чыгарманын окуясын кандайча «көргөнүн», аны түшүнгөнүн, окуу тажрыйбасын айтып берүүсүнө жардам берет.

Визуалдык уюштургучтар

Визуалдык уюштургучтарга сүрөттөрдү, видеолорду, карталарды жана диаграммаларды, таблицаларды, схемаларды ж.б. ичине камтыган графикалык уюштургучтар кирет.

Сүрөттөр, видеолор, карталар окурманга окуя болгон жерди, каармандарды элестетип аныктоосуна жана тексттен/китептен алынган маалыматты баяндап берүүсүнө жардам берет.

Балдар сүрөтү

Слайдшоу, диафильмдер

Драмалаштыруу

Окуганы боюнча иллюстрация түзүүдөн тышкары, окуган чыгарманы драмалаштырып элестетүүнү колдонсо болот. Драмалаштыруу – бул чыгармачыл тапшырма. Ал окуучунун окуган чыгармасын толук кандуу кабыл алуусун калыптандырууну шарттайт, тааныпбилүү процессин (жараянын) жандандырат, текстти терең түшүнүүсүн активдештирет. Драмалаштыруу окуучулардын чыгармачылык дараметин көрсөтө алуу деңгээлине жана текстке терең сүңгүп кирип, анын мазмунун түшүнгөнүнө жараша түрдүүчө уюштурулушу мүмкүн:

- сөздүн жардамы менен гана, б. а. ролдор боюнча окуу жана жамааттык декламацияларды айтуу формасында;
- жалаң кыймылдар аркылуу, б. а. пантомима түрүндө;
- сөз менен кыймылды бириктирүү аркылуу, б. а. класста көрүнүштү аткаруу формасында;
- балдарга укмуштуу жомоктук кырдаал сунушталат, мында алар жомоктун каармандарын элестетип, алардын мүнөздөрүн жана маанайларын баскан-турганы, жесттер, үнү аркылуу көрсөтүп берүүсү керек;
- манжа театры;
- куурчак театры;
- белгилүү чыгарма боюнча костюмдар менен аткарылган көрүнүш;
- музыкалык инсценировкалар;
- өздүк сценарийлер боюнча спектаклдер.

Графикалык уюштургучтар

Маалыматтын графикалык уюштургучтары – бул түрдүү ой жүгүртүү процесстеринин элестүү чагылдырылышы. Булар: схемалар, таблицалар, ой жүгүртүү карталары. Геометриялык фигуралардын жардамы менен же таблица түрүндө түзүлгөн графикалык уюштургучтар тексттин маалыматтарынын бөлүктөрүнүн ортосундагы байланышты көрүүгө же көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Графикалык уюштургучтар окуучуга текстти түзүүгө, элестетип түшүнүүгө жана окуганы боюнча оюн топтоого, идеялардын ортосундагы байланышты табууга, каармандарды жана алардын иш-аракеттерин талдоого, сюжетти, тексттеги маалыматты эстеп калууга, негизгини жана кошумчаны бөлүп алууга, идеяларды, каармандарды классификациялоого, текстти/китепти түшүнүүнү коштогон негизги сөздөрдү бөлүп алууга жардам берет. Төмөндө окуган текстти/китепти түшүнүүнүн үстүндө иштөөгө карата графикалык уюштургучтардын формаларынан бир нече мисалдар берилди (4-таблицаны караңыз).

4-таблица. Графикалык уюштургучтар

Уюштургучтар	Мисалдар
Диаграммалар	Чыгарманын каармандарын салыштыруу 

Уюштургучтар	Мисалдар
Кластерлер	 
Таблицалар	**ББББ таблицасы** **Б** – билем | **Б** – билгим келет | **Б** – билдим

ЖОРОМОЛДОО

Жоромолдоо – бул көмүскөдө берилген ойду баамдай билүү көндүмү, башкача айтканда, өзүнүн тажрыйбасы жана билими менен окуган текстинин маанисин түшүнүү үчүн же автор окурманга сунуштаган маалымат аркылуу эмнени айткысы келгендигин болжолдоп айтуу же табуу. Ал текстти көңүл коюп окуунун жана окуучунун өздүк тажрыйбасынын негизинде болжолдуу аныкталат. Кандай маалымат болжолдонуп жаткандыгын же ачык-айкын берилбегендигин ажырата билүү көндүмү окуучулардын корутунду чыгара алуу көндүмдөрүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет.

Окуучулар болжолдой алуусу үчүн алар төмөнкүлөрдү аткара билүүсү керек:

– коюлган суроолорго туура жооп берүү үчүн тексттен жардамчы сөздөрдү таба билүү;
– тексттен тапкан жардамчы сөздөр менен буга чейин өзү билген сөздөрдү байланыштыруу;
– берилген бир суроонун бир нече жообу болорун эсте тутуу керек, жоромолдорду, божомолдорду тексттеги же башка булактардан алынган маалыматтар аркылуу ырастоо зарыл.

Төмөндө жоромолдоо көндүмүн өнүктүрүүгө карата иштөө алгоритми берилген:

Текстте ... тууралуу айтылат.

Бул баскыч тексттен маалыматты табууга жана өзүнүн жеке билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

↓

Мен ... болсо керек деп божомолдойм.

Бул баскыч текстте бардык маалыматтар камтылгандыгын/камтылбагандыгын аныктоого жардам берет. А мен билимим жана тажрыйбаларымдын негизинде ... айткым келет.

↓

Жыйынтык ... болуп саналат.

Жыйынтыгында окуучулар божомолу ырасталгандыгы/ырасталбагандыгы тууралуу коруту чыгарышат же окуучу өзүнүн пикирин алмаштырат.

Бул стратегияны пайдалануу окуучулардын окуганын түшүнүү боюнча метатааныпбилүүнү (метапознание)[1] колдонуу аркылуу өз алдынча ийгиликтүү иштөөсүнө мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар жоромолдоо стратегиясын колдонуу менен текстти жакшы түшүнө алышат.

«Окуганын түшүнүүгө үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө жоромолдоого карата «Текст – Мен – Корутунду», «Сыйкыр баштык».

[1] Метатааныпбилүү – бул адамдын өзүнүн өздүк ой жүгүртүү жана эс-тутум процесстерине, билимдерине, максаттары менен иш-аракеттерине байкоо жүргүзүүсү; биздин ой жүгүртүү операцияларыбыз кандай жүрөрүн түшүнүү жана алардын акыркы натыйжаларын баалоону иштеп чыгуу – биз чыгарган жыйынтык, биз тараптан туура деп эсептелген корутунду, биз чыгарган чечимдер.

СУРОО ТҮЗҮҮ

Суроо түзүү – бул текстти түшүнүүнүн үстүндө иштөө стратегиясы, анын натыйжасында окуу процессинде окуучулардын билими тереңдейт. Ал буга чейинки билимдеринин болушун, андагы толук эместикти же так эместикти окуучу сезип, анын натыйжасында суроо түзүү жана аларга жооп издөө муктаждыгы пайда болорун түшүндүрөт.

Суроо түзүү көндүмү окуганын түшүнүүгө, тактап айтканда, окуган тексттен алынган маалыматты окуучуга буга чейин белгилүү болгон маалымат менен байланыштырууга, чыгармада көтөрүлгөн негизги идеяны же ойду аныктоого, окуянын маанисин жана иш-аракеттерди терең түшүнүүгө, жаңы маалыматты табууга, түшүнүксүз болгон нерселерди аныктоого/тактоого, көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет. Окуганга чейин суроо түзүү окуучуга окуунун максатын так аныктоого жана текстти окуу процессинде эмнени билгиси келерин аныктоого жардам берет.

Суроо түзүү төмөнкүлөрдү шарттайт:

- **окуганга чейин:** окуучуларга максаттарды жана текстти окуу процессинде эмнени билгиси келгендигин так аныктап алууга жардам берет. Бул стратегия божомолдоо, буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүү максатында колдонулат. Ошондой эле окуучулардын окууга болгон кызыгууларын жана мотивациясын арттырат, өздүк билимдери, тажрыйбалары менен тексттен алынган жаңы маалыматтын ортосундагы байланышты түзөт.
- **окуу учурунда:** тексттин үзүндүлөрүн терең түшүнүүгө жардам берет, бул болсо чыгарманын маанисин толугу менен түшүнүүнү шарттайт. Суроолор текстти өздөрүнүн жеке кабылдоосу, окулуп жаткан чыгарманы анын автору менен же башка чыгармалар менен байланыштыруу үчүн коюлуусу мүмкүн.
- **окугандан кийин:** суроолор текстти изилдөөдө жана андан ары маалымат издөөдө же окуп-үйрөнүп жаткан тема (көйгөй) боюнча тажрыйба алууда керектөөлөрдү жаратат.

Окуунун биринчи баскычында (1–2-классы) окуучулардын жабык жана ачык суроолорду түзүү түшүнүктөрү өнүгөт (5-таблицаны караңыз). Ал эми кийинки баскычта (3–4-класстар) окуучулар ар түрдүү суроолорду бергенди үйрөнүшөт. Мындай суроолорду түзүү жана аларга жооп издөө текстти терең түшүнүүгө таасирин тийгизет, окуучунун чыгарманын маанисин толук түшүнүүсүнө жол ачат.

5-таблица. Ачык жана жабык суроолор

Формасы боюнча суроолордун типтери	Аныктама	Мисалдар
Жабык суроолор	Бул тактоочу суроолор. Аларга *«Ооба»* же *«Жок»* деп жооп берүүгө болот. Мындай суроолор ырастоого же жокко чыгарууга багытталган, кеңири жоопту талап кылбайт. Аларга жоопторду тексттен табууга болот.	– Сен каармандын бул аракетине макулсуңбу? – Балдар издегендерин табыштыбы? – Окуя жазында болду беле? – Баланын велосипеди бузулуп калдыбы? ж. б.

Ачык суроолор	Бул толук жоопторду талап кылган суроолор. Бул суроолор жаңы билимдерди аныктоо максатында берилет жана суроонун ичинде *«Качан?», «Каерде?», «Ким?», «Кантип?», «Эмне үчүн?»* ж. б. суроолуу сөздөр да коюлат. Бул суроолорго тексттеги маалыматтар менен чектелбестен, өздүк билим жана тажрыйбаларына да таянуу менен жооп берүүгө туура келет.	– Эмне үчүн чоң эне кыздан бул тууралуу сурады? – Таап алган оюнчукту балдар эмне кылышты? – Бул чыгарма силерге эмнеси менен жакты?

Азыркы учурда педагогдор сабактын максатын коюуда Б. Блумдун таксономиясын колдонууну билишет. Окуу максаттарынын таксономиясы (классификациясы) түрдүү тексттерди окууда коюлган максаттарга жетүүгө байланышкан суроолорду бөлүштүрүп ыңгайлаштыруунун негизи болуп калды.

Эгерде бала окуган чыгармасын али аягына чейин түшүнө элек болсо, анда суроо берүү аркылуу бул тосмону жоюуга болот. Анткени окуучулар текстти бир нече жолу көңүл коюп окуу аркылуу берилген суроолорго жоопторду туура табууга аракет кылышат

6-таблица. Суроолордун типтери (Б. Блумдун таксономиясы боюнча)[1]

Суроолордун типтери	Мүнөздөмө
Жөнөкөй суроолор	Бул суроолорго жооп берүү менен окуучулар кандайдыр бир фактыларды аташат, кайсы бир маалыматты эстешет, айтышат.
Тактоочу суроолор	«Башкача айтканда, сен мындай деп айтып жатасың да …?», «Эгер мен туура түшүнгөн болсом, анда …?» деген сөздөр менен башталат. Бул аңгемелешкен адамдын жаңы гана айтканына карата кайтарым байланышты жаратат.
Түшүндүрүүчү суроолор	Себебин аныктоого, иликтөөгө, талдоого багытталган «Эмне үчүн?» деген суроо менен башталат.
Чыгармачыл суроолор	«Эгерде … эмне өзгөрүлмөк?», «Мындан ары окуя кандай уланат деп ойлойсуң?» деген фразалар менен башталат.
Баалоочу суроолор	«Эмне жакшы, эмне жаман?», «Бул каарман тигил каармандан эмнеси менен айырмаланат?» Бул суроолор тигил же бул окуяны, көрүнүштү, фактыны баалоо критерийин аныктоого багытталган.
Практикалык суроолор	«Бул каармандын ордунда болсоң эмне кылмаксың?» Бул суроолор каарман менен баланын практикасынын ортосундагы өз ара мамилени орнотууга багытталган.

Суроо түзүү төмөнкүлөргө багытталышы мүмкүн:

– сөздүн, сөз айкашынынын, фразеологизмдин, сүйлөмдүн, абзацтын, бөлүмдүн, жалпы чыгарманын маанисин ачуу;

[1] Пронина Т. О вопросах. http://www.uchportal.ru/publ/23-1-0-4808. 3.03.2017.

– башкы идеяны жана чыгарманын бөлүктөрүнүн (башкы каарман, окуянын орду, мезгили, сюжеттик сызык, окуя, карама-каршылык жана анын чечилиши) идеясын аныктоо;

– текст/китеп эмне тууралуу болорун божомолдоону, жоромолдоону түзүү;

– автордук стилди, чыгарманын жанрын, композициясын аныктоо;

– тексттеги конкреттүү маалыматты табуу;

– риторикалык суроолорду түзүү (жоопту талап кылбаган суроолор, алар кептин көркөмдүүлүгүн арттыруу, кандайдыр бир нерсеге көңүл бурдуруу максатында берилет);

– окуганын түшүнүүсүнө өздүк көзөмөл.

«Окуганын түшүнүүгө үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө суроо берүү стратегиясын колдонуу менен бир нече көнүгүүлөр сунушталган. Алар: «Ачык жана жабык суроолор», «Толкундун эффекти», «Суроолор ромашкасы», «Суроолор айлампасы», «Ысык отургуч», «Топ».

Жакшы суроолор бир нече сапаттар менен мүнөздөлөт[1].

Жакшы суроолор төмөндөгүдөй болушу керек:

- ойлонууга мажбурлаган;
- бир нече жоопко ээ болгон;
- жооп табуу үчүн текстти кайра окуп чыгууга жана андан жооп табууга багытталган;
- түрдүү формада берилиши мүмкүн болгон;
- буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүүчү;
- жоопту тексттен гана эмес, башка булактардан табууга өбөлгө түзүүчү;
- өзүнүн жеке тажрыйбасы жөнүндө ойлонууга мажбурлаган;
- андан ары окууга өбөлгө түзүүчү;
- «Акылыбызга акыл кошуучу».

«ТОЛКУНДУН ЭФФЕКТИ» ДИАГРАММАСЫ



СУРООЛОР РОМАШКАСЫ



СУРООЛОР АЙЛАМПАСЫ



[1] Пронина Т. О вопросах. http://www.uchportal.ru/publ/23-1-0-4808. 3.03.2017

ҮН ЧЫГАРЫП ОЙЛОНУУ

Үн чыгарып ойлонуу – бул окуганын түшүнгөнү боюнча үн чыгарып талкуулоо, ал аркылуу окуучу тексттин маанисин түшүнөт. Бул стратегияны колдонуунун максаты текстти окуп, түшүнгөнүнүн моделин түзүү болуп саналат, б. а. окуганын түшүнүү процесси кандайча жүргөндүгүн көрсөтүү. Үн чыгарып ойлонуу окуучуларга окуу процессинде өзүнүн түшүнгөнүн көзөмөлдөөгө жардам берет жана текстти терең түшүнүүсүн жогорулатат. Бул стратегия окуучуларга текстти кайра окууга үйрөтөт, анын маанисин ачып түшүнүүгө, автордун айтайын деген оюн аныктоого/божомолдоого же жардамчы сөздү табууга жардам берет. Үн чыгарып ойлонуу окуу процессин жайлатат, бирок, бул окуучуларга окуганын түшүнгөнүнө өздөрү байкоо жүргүзө алуусу үчүн маанилүү.

Үн чыгарып ойлонуунун баскычтар боюнча технологиясы

Окуганга чейин жаңы сөздөрдүн, түшүнүксүз сүйлөмдөрдүн маанилеринин үстүндө «Сөз байлыгы» модулунда берилген көнүгүүлөр менен ыкмаларды колдонуу аркылуу иштөө керек.

Кийинки баскыч – окуучуларды жаңыдан окуй турган текст же китеп менен тааныштыруу. Анда төмөнкү суроолорду колдонуу сунушталат:

- Бул тема боюнча мен эмнени билем?
- Бул китепти/текстти окугандан кийин, мен жаңы эмнелерди билем?
- Азыр окуп чыккандан мен эмнени түшүндүм?
- Окуп чыккандан кийин менде элестетүү, визуалдык образ калдыбы?
- Менде кандай жоромолдор бар?
- Текстти/китепти жакшы түшүнүү үчүн мен дагы эмне кылсам болот?
- Чыгармадагы негизги ой кайсы жана бул ойду түшүнүүгө кайсы бөлүктөр жардам берет?
- Жаңы кандай маалымат алдым?
- Алган билимимди кандайча колдоно алам?

Окуп бүткөндөн кийин үн чыгарып ойлонуу аркылуу окуучулар менен бул стратегияны колдонуп тексттин маанисин түшүнүү процесси кандай өттү: стратегия түшүнүүнү жакшыртууга кандай жардам берди, окуучулар өзүнүн түшүнгөнүн кантип көзөмөлдөй алышат, текстти/китепти жакшы түшүнүү үчүн дагы эмне кылуу керектигин талкуулоо керек.

3.3. ОКУГАНДАН КИЙИН

КАЙРА АЙТЫП БЕРҮҮ

Башталгыч мектептеги окуу сабагынын эң маанилүү тапшырмаларынын бири окуучулардын окуган текстин **кайра айтып берүү** көндүмү болуп саналат. Окуганын кайра айтып берүү баланын туура сүйлөөсүн, кеп маданиятын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт; эстутумун бекемдейт, сөздөрүн пассивдүүлүктөн активдүү сөз байлыгына которуусун шарттайт.

Кайра айтып берүү деп окуган текстинин мазмунун байланыштуу жана ирети менен оозеки жеткирүүнү айтабыз.

Кайра айтып берүүгө киришүүдөн мурда окуучуларды кайра айтып берүүнүн планын түзүүгө үйрөтүү зарыл. План түзүү – маанилүү стратегиялардын бири. Ал окуганы боюнча өз оюн так, кыска түзүп алууга үйрөтөт; окуганы эстутумунда сакталат, окуганы боюнча түшүнүгү системалаштырылат жана текстти кайта айтып берүүсү үчүн жардам берет.

План чыгарманын сюжетин ырааттуулукка салууга жардам бере турган суроо иретинде (*ким? эмне? качан? кандай? эмне үчүн?* ж. б.), чыгармадагы цитаталардан же схема түрүндө түзүлүүсү мүмкүн. Ошондой эле, ар кандай пландардын айкалышуусунан болушу мүмкүн. Көпчүлүк учурда окуучуларга планды сүрөт аркылуу түзүү сунушталат.

Пландын ар бир пунктунда тексттеги негизги ойду чагылдыруу маанилүү, тактап айтканда, чыгарманын ар бир бөлүмүндө ким же эмне жөнүндө, эмне тууралуу айтылганы белгилүү болуп туруусу керек. Пландын пункту кыска, так жана маанилери бири-бири менен байланышып туруусу зарыл.

План түзүүнүн үстүндө иштөөнүн алгоритми:

- Текстти окуп чыгуу.
- Идеяны, б. а. негизги ойду аныктоо жана аны туюндуруу.
- Текстти бөлүктөргө ажыратуу.
- Ар бир бөлүктүн аталышын аныктоо.
- Текстти кайрадан окуп чыгуу жана пландын пункттарын туюндурууну дагы бир ирет ойлонуу.

Кайра айтып берүүнүн түрлөрү

Кайра айтып берүүнүн бир нече түрү 6-таблицада берилди.

6-таблица. Кайра айтып берүүнүн түрлөрү

Классы	Кайра айтып берүүнүн түрлөрү	Аныктамасы
1-класс	Толук (кеңири) айтып берүү	Текстке жакындатып айтып берүү.
2-класс	Тандоо боюнча айтып берүү	Тексттин бир үзүмүн же белгилүү бир элементине (орду, каармандар, окуя, көйгөй, хронология) тиешелүү жерин айтып берүү.
3-класс	Кыскача айтып берүү	Чыгарманын эң негизги идеясын, өзөктүү мазмунун кыскартылган түрдө айтып берүү.
4-класс	Чыгармачылык менен айтып берүү	Жалпылоону, баалоону, рефлексияны жана өз оюн билдирүүнүн түрдүү каражаттарын камтып айтып берүү.

Толук кайра айтып берүү – бул текстке жакындатып айтып берүү. Кайра айтып берүүнүн бул түрүнүн максаты – балдарды даяр текстке таянуу менен сүйлөм түзүүгө жана алардан өз ара байланышкан аңгеме түзүүгө үйрөтүү.

Кайра айтып берүүнүн бул түрү сабаттуулукка үйрөтүү мезгилинде киргизилет жана андан ары окутуунун бардык учурунда колдонулат. Ал баланын логикалык ой жүгүртүүсүнө жардам берет, кебин өстүрөт, эстутумун бекемдейт, чыгармадагы фактыларга карата көңүлүн топтоого үйрөтөт. Ал окуучулардын же мугалимдин түзгөн планы боюнча ишке ашырылуусу мүмкүн. Лирикалык прозанын же көркөм сүрөттөөнүн үстүндө иштөөдө пайдаланылат. Кайра айтып берүүнүн бул түрүнө үйрөтүү менен балдардын кебине текстттеги сөздөрдү жана түрмөктөрдү, чыгармада өз орду бар бирикмелерди колдоно алуусуна жетишүү керек (мисалы, *ошого карабастан, ошол эле учурда, ошондуктан, ошол себептен, тилекке каршы* ж. б.).

Толук кайра айтып берүүнүн түрлөрү:

– «чынжырча» түрүндө кайра айтып берүү;

– таяныч материалдар боюнча кайра айтып берүү (иллюстрациялар, негизги окуялардын доскага жазылышы ж. б.);

– кошумча тилдик тапшырмалар менен кайра айтып берүү: этиштик синонимдерди колдонуусун, зат атооч сөздөрдү жактама ат атоочтор менен алмаштыра алуусун ж. б. байкоо.

Толук кайра айтып берүүнүн үстүндө иштөөнүн методикасы:

– Аңгеменин текстин толук окуп чыккыла.

– Текстти маанилик бөлүктөргө ажыраткыла.

– Маанилик бөлүктөрдүн аталышы же суроо түрүндө аңгеменин планын жазгыла.

– Автордун оюн билдире алган сөздүн жана сүйлөмдүн астын сызгыла (жазып алса да болот).

– Өзүңөр бөлүп алган сөз жана сүйлөмдү колдонуу аркылуу текстин ар бир бөлүгүн түзүлгөн пландын пункттары же суроолору боюнча айтып бергиле.

Мисалы: Толук кайра айтып берүү үчүн жардамчы каражаттар катары сүрөттөр (картинкалар), иллюстрациялар, карточкалар ж. б. кызмат кылат (төмөндө берилген мисалдарды караңыз).

«Кол чатыр-уя»

Тандап кайра айтып берүү – бул текстти берилген суроого ылайык келген тигил же бул бөлүгүн тандап алуу (каарманга мүнөздөмө, бир эпизодду айтып берүү, мисал келтирүү, кульминация) жана аны кайра айтып берүү. Кайра айтып берүүнүн аталган түрүнүн максаты – балдардын көңүлүн чыгарманын же текстти айрым бир маанилүү бөлүгүнө топтоо, суроого ылайык бөлүктөрдү, баяндоолорду эстеп калууга жана айтып берүүгө үйрөтүү.

Каарманга мүнөздөмө берүү (тандап кайра айтып берүү)

- Берилген каарманга же окуяга байланыштуу болгон текстти «чымчыкча» (же кандайдыр бир белги коюу менен) белгисин коюу менен чыгарманы кайрадан ичиңерден окуп чыккыла.
- Ар бир үзүндүдө эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын аныктагыла.
- Үзүндүлөрдү тексттеги окуялардын ырааттулугу боюнча ирети менен жайгаштыргыла. Аларды кантип бириктирүү тууралуу ойлонгула.
- Белгиленген үзүндүнү дагы бир жолу окуп чыгуу менен, өзүңөрдүн аңгемеңердин иретин кайра ойлонгула.
- Бул каарманга карата силердин мамилеңер кандай? Өзүңөр үчүн, жуп менен иштөөдө – досуңар үчүн аңгеме түзгүлө;
- Эң зарыл болгон нерсени унутуп калган жоксуңарбы, өзүңөрдү текшергиле.

«Башкы каарман» тууралуу айтып берүү үчүн графикалык уюштургучтардын айрым мисалдары «Окуганын түшүнүү көндүмүнө үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө берилген: «Баары чыгарманын каарманы тууралуу», «Башкы каармандын мүнөздөмөсү».

Кыскача/кыскартып кайра айтып берүү – башталгыч класстардын өздөштүрүүсү үчүн кайра айтып берүүнүн бир топ татаал түрү, анткени аны даярдоодо тексттен эң олуттуу бөлүктөрдү аныктап алуу жана аны өз сөзү менен айтып берүү талап кылынат. Текстти кыскартуунун эки варианты бар:

– тексттин ар бир бөлүгүнөн негизгини аныктап алуу менен текстти логикалык жактан кайра иштеп чыгып, натыйжасында «кыскартылган текстти» түзүү;
– түзүлгөн планды «чакан тексттин» көлөмүнө чейин кеңейтүү.

Окуучулар кыскача кайра айтып берүүнүн үстүндө иштөөнүн натыйжасында:

- тексттеги маанилүү бөлүктөрдү табышат;
- тексттин маңызын ачып, кайра айтып беришет.

Кыскача кайра айтып берүүнүн үстүндө иштөөнүн методикасы:

– Кайра айтып берүүнүн планын түзүү.
– Окуучулар пландын ар бир пунктуна тексттин мазмунун бере турган бир нече сүйлөмдөрдү жазышат. Ар бир сүйлөм иштелип (такталып) чыгып, доскага жазылат.
– Окуу китебиндеги текст менен салыштырабыз жана кыскача айтып берүү – мазмундун негизги бөлүгү экен деген жыйынтыкка келебиз.

– Мугалим өзү кыскача айтып берүүнүн үлгүсүн берет. Андан соң мугалимдин жетекчилиги менен балдар тексттин ар бир бөлүгүнүн мазмунун канча сүйлөм менен берүүнү аныктапалышып, ал сүйлөмдөрдү түзүшөт. Окутуунун бул баскычында тексттин үстүнө коюу үчүн пленка же кальканы колдонсо болот.

Кыскача айтып берүү боюнча иштөө стратегияларынын бири – синквейн.

Синквейн (француз тилинен *cinquains*, англ. *cinquain*) — бул үйкаштыгы жок 5 саптан турган ырдын кыскача формасы.

Синквейн – бул жөнөкөй гана ыр эмес, ал төмөнкү эрежелер боюнча жазылат:

1-сап – бир зат атооч (сөз айкашы) синквейндин башкы темасы.
2-сап – эки сын атооч, негизги ойду билдирет.
3-сап – үч этиш, теманын алкагындагы кыймыл-аракетти баяндайт.
4-сап – фраза, белгилүү бир ойду билдирген сүйлөм.
5-сап – зат атооч формасындагы жыйынтыктоо (биринчи сөз менен байланышкан же маанилеш).

Синквейн түзүү аркылуу окуучунун образдуу жана логикалык ой жүгүртүүсү өнүгөт, алынган маалыматты системага салат.

Чыгармачылык менен кайра айтып берүү – мазмунду кандайдыр бир өзгөрүүлөр менен кайра айтып берүүнү сунуштайт: баяндоо мезгилин, башталышын (аягын) өзгөртүү менен, же жактарын өзгөртүү менен, ойлоо элементтери менен ж. б. Мындай кайра айтып берүү тексттин негизги маанисин түшүнүүгө багытталган. Мында бул же тигил ойду билдирүү, анын каражаттары өз алдынча тандалат.

Максаты – балдарды тексттеги башкы ойду түшүнүүгө жана мазмунду айрым өзгөртүүлөр менен айтып берүүгө үйрөтөт.

Текстти кайра түзүү тапшырмасы окуучулардын үйрөнүп жаткан текстке, темага болгон кызыгуусун арттырат, сабактагы атмосфераны жандуу жана кызыктуу кылат. Окуучуларда текстке карата эмоционалдык маанай пайда болот, башкы идеяны, каармандардын иштерин, болуп жаткан окуяны терең түшүнүшөт, окуган чыгармасына карата өзүнүн мамилесин, көз карашын билдирүүгө мүмкүнчүлүк берилет.

Чыгармачыл кайра айтып берүү төмөнкүлөрдү камтыйт:

– текстти кайра куруу (формасын жана мазмунун).
– тексттин кайсы бир бөлүгүн гана өзгөртүү (мисалы, башталышын же аягын).
– окуучу тараптан (1-жактан) тексттин бөлүктөрүн толуктоо.
– тексттеги окуялардын ырааттуулугун өзгөртүү.
– тексттин мазмунун баяндоочу айтуучунун жагын өзгөртүү.
– драмалаштыруу, инсценировкалоо, пантомимо.
– мазмунду берүүнүн өзгөчө формасын колдонуу (манга (япон комикси), комикс, иллюстрациялоо, ийлеп чаптоо, аппликация, коллаж.

ЖАЛПЫЛОО

Жалпылоо – окуучунун чыгармадан эң маанилүүсүн/негизгисин бөлүп алып талдап, өз сөзү менен кайра айтып берүүсү анын окуганын түшүнүү көндүмдөрүн өздөштүргөндүгүн далилдейт.

Окуп чыкканын жалпылоонун үстүндө иштөө автордун айтайын деген оюн түшүнүү жана жалпылоо үчүн чыгарманын негизги мазмунун жана идеясын бөлүп алууну түшүндүрөт. Жалпылоо окуучуларга чыгарманын негизги маанисин түшүнүүгө гана эмес, чыгарманы/текстти окуганга чейинки окуучулардын алдын ала айткан божомолдорун тастыктоого же четке кагууга жардам берет (7-таблицаны караңыз).

7-таблица. Текст боюнча жалпылоонун мазмуну

Жалпылоого кирет	Жалпылоого кирбейт
Чыгарманын башкы идеясы. Бөлүктөргө көңүл бөлүү. Түйүндүү сөздөрдү жана фразаларды колдонуу. Негизги идеяларды бөлүп алуу. Негизги маанини берген ойду гана көрсөтүү. Чыгарманын маанисин ачып берүүчү кыскача маалымат.	Бөлүк боюнча кайра айтып берүү. Өзүнүн жеке ой-пикири Каармандардын сөздөрү, цитаталар. Окурмандын ою боюнча автор эмне тууралуу айткысы келген. Текстке тиешеси жок башка идеялар. Тексттен сүйлөмдөрдү сөзмө-сөз көчүрүү. Тексттин/чыгарманын маанисин түзүү үчүн маалыматтын өтө аздыгы.

Жалпылоо боюнча мугалимдин ишине окуучулар үчүн төмөнкү суроолор, сунуштар жардам берүүсү мүмкүн:

- Чыгарманын башкы идеясы кандай?
- Чыгарманын башкы каарманы ким?
- Чыгарманын сюжетин бир нече сүйлөм менен баяндагыла.
- Чыгарманын негизги корутундулары кайсылар? Сенин мындай жыйынтыкка келүүңө эмне жардам берет?
- Тигил окуяга чейин эмне болду эле?
- Чыгарманын түйүндүү сөзү же фразасы кайсы?
- Эгер сен чыгарманы ата-энеңе же досторуна айтып бермекчи болсоң, анда кантип баяндамак элең?
- Кайсы бөлүктөр эң маанилүү, ал эми кайсылары – толуктоочу болот?
- Бул окуяны баяндоого сага кайсы сөздөр жардам берет?

«Окуганын түшүнүүгө үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө жалпылоого карата төмөнкү көнүгүүлөр сунушталган: «Табышмактуу үй», «Чыгарма айлампасы», «Окуялардын галереясы», «Чыгарманын картасы», «Кластер».

БАЙЛАНЫШТАРДЫ АНЫКТОО

Текстке/китепке карата өзүнүн мамилесин аныктоо максатында окурмандын өзү менен (анын тажрыйбасы) окулган текстти, курчап турган чөйрөсүнүн жана башка китептерди окуу тажрыйбасынын ортосундагы байланышты табуу керек. Бул байланыштар төмөндөгүдөй белгиленет:

– китеп жана менин тажрыйбам;
– китеп жана башка китептер;
– китеп жана курчап турган дүйнө (8-таблицаны караңыз).

8-таблица. Байланыштарды аныктоо[1]

Китеп жана менин тажрыйбам	Китеп жана башка китептер	Китеп жана курчап турган чөйрө
Бул китепте айтылгандар мени менен, менин турмушум менен кандай байланышат?	Бул китептин темасына же жанрына окшош китептер же чыгармалар барбы?	Чыныгы жашоо тууралуу бул китепте эмне айтылат/эске салат?
Менин жашоомдогу окуяларды бул чыгармадагы эмнелер эске салат?	Окуп жаткан чыгармадан эмнелер мага башка чыгарма тууралуу эске салды?	Окуган чыгарма бизди курчаган чөйрө, коом менен кандайча байланышат?
Окуган китебим менен менин жашоомдо эмне окшоштуктар бар?	Башка чыгармаларда ушуга окшош кырдаалдар, окуялар же каармандар барбы?	Чыгармада баяндалгандардын чыныгы жашоо менен окшоштугу жана айырмачылыгы эмнеде?
Бул чыгармада айтылган нерселер менин турмушумда болду беле?	Бул китеп башка чыгармалардан эмнеси менен айырмаланат?	

Байланыштарды аныктоо стратегиясы окуучунун жашоосунда ээ болгон тажрыйбасы менен китеп же текст канчалык байланыштуу экендигин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт, анын билими кеңеет, негизги нерселерден: эмнелер баалуу, пайдалуу экендигинен маалымат берет же тескерисинче, боор ооруну сезимин (жан тартууну) ойготот; бул китеп окуучунун мындан ары өнүгүшүнө кандай таасирин тийгизет. «Байланыш» стратегиясы аркылуу окуучулар чыгармадагы башкы каарман өзүн кандай сезерин, анын ишаракетинин себебин түшүнө алышат. Бул стратегия болуп жаткан окуянын картинасын көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Текст менен байланышты түзүү окуу процессин кызыктуу кылат, эң маанилүүсү, окуган чыгармасындагы негизги маалыматты окуучулар көбүрөөк эстеп калышат.

[1] Keene & Zimmerman (2007), Harvey & Goudvis (2007) from the book “Creating Strategic Readers: Techniques for Developing Competency in Phonemic Awareness. Phonics, Fluency, Vocabulary, and Comprehension”. Valerie Ellery, International Reading Association, 2009.

ОКУГАН ТЕКСТИН ЖЕ КИТЕБИН ТАЛДОО

Окуган текстин терең түшүнүү үчүн окуучу сөзмө-сөз же чыгарманы жалпы түшүнүүнүн чегинен чыгуусу керек. Чыгарманы талдоону ушул максатта үйрөнүү зарыл. Чыгарманы талдоо тексттеги негизги ойду, тексттин жанрын жана темасын, башкы каармандар жана алардын иш-аракеттерин, сюжет жана анын элементтерин, композициясын, көркөм кепти аныктоодо турат.

Окуган чыгармасын талдоодо көбүнчө төмөнкү стратегиялар колдонулат (9-таблицаны караңыз).

9-таблица. Текстти/чыгарманы талдоонун түрлөрү

Түрү	Аныктама	Эмнелер кирет
Сюжеттик-образдык талдоо	Чыгарманын түзүлүшүн талдоо, окуянын ырааттуулугу	**Сюжет** төмөнкүлөр аркылуу каралат: • киришүү; • чиеленүү; • окуянын өнүгүшү; • кульминация; • чечилүү; • аягы. 
	Чыгарманын башкы каармандарын талдоо	**Башкы каармандар** төмөнкүлөр аркылуу каралат: • ой пикири; • мүнөздөмөсү • мотивдер жана жасаган иштери; • каармандын/персонаждын мүнөзү жана иш-аракети; • чыгарманын башкы каармандары менен өз ара байланышы.

<table>
<tr><th>Түрү</th><th>Аныктама</th><th>Эмнелер кирет</th></tr>
<tr><td>Проблемалык (көйгөйлүк) талдоо</td><td>Проблемалык (көйгөйлүк) суроолорго жооп издөө</td><td>Көйгөйлөрдү туюндуруу жана түрдүү пикирлердин болушу
 
</td></tr>
<tr><td>Стилистикалык талдоо</td><td>Чыгарманын стилин, жанрын жана көркөм сөз каражаттарын аныктоо</td><td>Автордун стилин, жанрын, тибин, чыгарманын түзүлүшүн, баяндоо формасын, маалыматтын мүнөзүн ж. б. аныктоо кирет.
<table>
<tr><th>Эпикалык жанрлар</th><th>Лириканын жанры</th></tr>
<tr><td>Тамсил – адептүүлүккө тарбиялаган, сатиралык же ирониялык мазмунга ээ ыр түрүндөгү же кара сөз түрүндөгү чакан чыгарма. Жаныбарлардын образдары, жансыз предметтердин жардамы аркылуу тамсилде адамдардын кемчиликтери, мүнөздөрү сынга, шылдыңга алынат. Тамсилдин негизги идеясы моралда билдирилет. Ал көбүнчө тамсилдин башында же аягында кезигет.

Жомок – баяндоочу, көбүнчө ойдон чыгарылган каарман менен окуя жөнүндөгү, негизинен, сыйкырдуу, фантастикалык күчтөр катышкан элдик-поэтикалык чыгарма. Мазмуну боюнча жомоктор сыйкырдуу, турмуштук, сатиралык, айбанаттар жөнүндө болот.

Аңгеме – чакан көркөм чыгарма, анда каармандын мүнөзү, анын жашоосундагы бир же бир нече окуялар сүрөттөлөт.

Повесть – сүрөттөө-баяндоо жанрындагы адабий чыгарма, анда каармандын жашоосунан бир нече окуя баяндалат.

Макала – көлөмү чакан болгон дил баян, анда илимий маалыматтар, фактылар, окуялар баяндалат.</td><td>Ыр –ыр түрүндөгү чакан поэтикалык чыгарма.

Ыр – ырдоо үчүн арналган ыр.</td></tr>
</table></td></tr>
</table>

Түрү	Аныктама	Эмнелер кирет
Салыштыруу	Бир автордун, бир жанрдагы, бир темадагы ж. б. чыгармаларды талдоо	Салыштыруу үчүн бир автордун, бир сериядагы, жанрдагы же тематикалары окшош чыгармалар ж. б. алынышы мүмкүн. Темасындагы, сезимдериндеги, ойлорундагы окшоштуктарды гана эмес, айырмачылыктарды да табуу зарыл. Башкы максат салыштырылып жаткан чыгармадагы окшоштуктар менен айырмачылыктарды талдоонун негизинде изилдөө жүргүзүү болуп саналат.





«Окуганын түшүнүүгө үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө чыгарманы талдоо көндүмүн өнүктүрүүгө багытталган бир катар көнүгүүлөр берилген. Алар: «Сюжет», «Башкы каарман», «Салыштыр жана карама-каршы кой», «Мен – сен – биз» ж. б.

Окуганына карата мамиле жана баа берүү

Окуучулар текттин мазмунуна багыт алуу көндүмдөрүнө ээ болгондон кийин, анын толук маанисин түшүнүп, текстти/китепти өз сөзү менен түшүндүргөндөн (интерпретация) кийинки окуганын түшүнүүнүн үстүндө иштөөнүн маанилүү баскычы болуп текттин мазмунуна же формасына, ага баа берүүгө карата рефлексия саналат. Бул – окуучулардын билимин өнүктүрүүнү, билим берүүнү жогорулатууну шарттаган сабаттуу окуунун бир бөлүгү.

> «Окуучуларды окуган текстинин/чыгармасынын маанисин толук түшүнө алууга үйрөтүү – мугалим тарабынан көрсөтүлүүчү чоң эмгек же колдоо. Эгерде сиздин окуучуларыңыз окуганды билишсе, анда ар кандай тапшырмаларды аткарууга алардын мүмкүнчүлүгү жетет. Ошого жараша балдар сиз үйрөткөндөрдүн баарын кабыл алууга даярдыгы жакшы болот жана алган маалыматтарынын баарын натыйжалуу талдай алышат. Башкача айтканда, алар бир топ ийгиликтүү окурман боло алышат»[1].

Окуган текстине карата өзүнүн жекече мамилесин жана баа берүүсүн калыптандыруу текстти түшүнүүнү өнүктүрүүнүн соңку баскычы болуп саналат. Башталгыч мектептин окуучуларынын окуган чыгармасына карата өздүк мамилесин билдире алуу көндүмү чыгарманы толук кабыл алуу менен өз алдынча окууну калыптандыруу процессиндеги маанилүү маселе болуп саналат.

Текстти түшүнгөнүн жана ага карата мамилесин айтып берүү татаал тапшырма. Анткени бул курактагы балдардын өз алдынча окуу тажрыйбасы жок, алар окуганына карата пикирин айтууга жаңыдан гана үйрөнүп жатышкан болот. Бул деңгээл өзгөчө 1-класстарга тиешелүү болот. Көпчүлүк нерселер өз көз карашын билдирүүгө карата түзүлгөн шарттардын чөйрөсүнөн көз каранды болот: балдар өздөрүнүн сезимдерин, эмоцияларын, кызыгууларын түрдүүчө беришет («Тыбышты кабыл алуу» бөлүмүндөгү «Окуучулардын муктаждыктарынын ар түрдүүлүгү» бөлүгүн караңыз) жана алардын кабыл алуу деңгээлдери да (10-таблицаны караңыз) түрдүү болот.

10-таблица. Текстти кабыл алуу деңгээлдери

Сөзмө-сөз түшүнүү	Аналитикалык түшүнүү	Сынчыл түшүнүү
• Текстти эмоционалдык деңгээлде түшүнүү • Толук кабыл алуу	• Текстти түшүнүү • Каармандарды адекваттуу кабыл алуу, каармандарга мүнөздүү сапаттарын , иш-аракеттерин аныктоо • Башкы ойду аныктоо (концептуалдуу маалымат)	• Талдоонун жыйынтыгын чыгаруу, башкы ойду табуу • Толук кабыл алуу, ошону менен бирге түшүнүүнүн негизинде өз сөзү менен интерпретациялоо • Окуганына карата мамилесин билдирүү • Окуганын баалоо

[1] Лемов Д. Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей. – М.: Манн, Иванов и Фербер, 2016. – 321-б.

Эгерде алгачкы баскычта тексттеги эмоциялуулукту түшүнүү маанилүү болсо (каарман менен бирге кейип-кепчүү, маанайын сезүү, сезимдерди байкоо), анда чыгарманы толугу менен окууда сөз эмне тууралуу жүрүп жаткандыгын, чыгарманын мааниси эмнеде экендигин түшүнүү, экинчи орунда негизги маалыматты табуу (чыгарманын каарманы ким, иш-аракет/окуя кайда жана кайсы мезгилде болуп жатат), автор тарабынан колдонулуп жаткан көркөм каражаттардын берилиш формасы маанилүү болуп, бул иштин бүткүл натыйжасы окурмандын окуган чыгармасына карата өзүнүн мамилесин жана баасын иштеп чыгуу болууга тийиш. Окуганына карата мамиле жана баалоо төмөнкү жөндөмдүүлүктөрдөн көрүнөт:

– окуган тексти тууралуу өз оюн билдирүү жана баалап өз чечимин айтуу;
– тексттин мазмунун, тилдик өзгөчөлүктөрүн жана түзүлүшүн баалоо;
– тексттеги иллюстрациялардын ордун жана ролун аныктоо;
– буга чейинки билиминин жана турмуштук тажрыйбасынын негизинде окуганынын ишенимдүүлүгүнөн шек саноону четке кагуу, алынган маалыматтагы анык эместикти, жетишпеген маалыматтарды издөөнүн жолун табуу жана аларды толуктоо;
– окуган же уккан текстин талкуулоодо окуу диалогуна катышуу;
– түрдүү көз караштарды салыштыруу;
– автордун позициясы менен жеке көз карашынын катышы.

Окурман үчүн – кенже класстардын окуучуларынын (ошону менен катар, чоң адамдар үчүн да) текстке/китепке болгон мамилесин аныктоо үчүн окурман тарабынан окулган тексттин/китептин, аны курчаган чөйрөнүн жана башка китептерди окуган тажрыйбасынын ортосундагы байланышты табуу керек (8-таблицаны караңыз).

Англиялык адабият таануучу Майкл Бентон окуу – бул автор же авторлор тобу түзгөн текст гана эмес, ал окурман андан кабыл алган маалымат экендигин ырастайт. Окурман автордун чыгармасын кабыл алат да, өзүнүн элестетүүсүн жаратат. Окуп чыгуу– бул окурмандык жана автордук ишмердүүлүктүн айкалышы. Окурман «текстте берилген программанын негизинде кыялында экинчи дүйнөнү жаратат»[1].

Ар бир окурман окуган текстин өз түшүнүгүндө кабыл алат, анткени окуу – бул чыгармачыл процесс, анда окурман жазуучу менен диалогго чыгат, ошондуктан чыгарманы окурмандык кабылдоо үчүн «автордун образы» өзгөчө мааниге ээ.

Окуганына карата өз мамилесин билдирүүнү аныктоого карата көнүгүүлөр ар түрдүү болушу мүмкүн (11-таблицаны караңыз).

11-таблица. Окуганына карата өз мамилесин билдирүүнү аныктоого карата көнүгүүлөр

Жазуу тапшырмалары	– презентация; – окшош окуяны ойлоп табуу; – окуянын уландысын ойлоп табуу; – чыгарманын аягын башкача ойлоп бүтүрүү; – башкы каармандын же башка персонаждардын монологу; – автордун монологу; – драмалаштыруу.

[1] Рахманалиев Р. Философия и социология книги и чтения. – М.: Прогресс; Бишкек: Туркестан, 2011. – 62-б.

Оозеки тапшырмалар	– дил баян: баяндоо, ой толгоо, сүрөттөө, аралаш тип (сүрөттөө же ой толгоо элементи менен баяндоо); – эссе; – окуган чыгармасы боюнча пикир; – аннотация.
Чыгармачыл тапшырма	– сүрөт тартуу, моделдөө (ийлеп чаптоо), аппликация; – китеп түзүү; – чыгармага жарнама түзүү; – жана башка тапшырмалар.

«Окуганын түшүнүүгө үйрөтүүгө карата болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө окуганын түшүнүүгө карата чыгармачыл мамилени өнүктүрүү көнүгүүлөрү берилген: «Кроссворд түзүү», «Викторина», «Сюжет жана каармандар галереясы», «Комикс түзүү», «Стикер-аңгеме».





4. ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ТЕКСТТЕР МЕНЕН ИШТӨӨНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Маалыматтык текст башталгыч мектептин окутуу процессинде мекен таануу, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери, математика, адеп, музыка, көркөм өнөр окуу китептеринде кездешет. Бул тексттердин бардык түрү илимий, маалыматтык же энциклопедиялык маалыматтарды камтып, көркөм адабиятка кирбейт.

Маалыматтык тексттер:

– фактылар тууралуу маалыматты (мисалы, жаныбарлар, өсүмдүктөр, адамдын жашоосу тууралуу фактылар) камтыйт;
– түшүнүү боюнча кандайдыр бир концепцияны билдирет (мисалы, табигый кубулуштар деген эмне, элдердин маданияты, жыл мезгилдери ж. б.).

Мындай тексттер төмөнкүлөрдү ичине камтыйт:

– карталар, графиктер, диаграммалар;
– сүрөттөр, фотографиялар, картинкалар.

Маалыматтык тексттерди окууда берилген текстти окуунун милдеттерин аныктап алуу маанилүү. Мисалы, математикалык маселелерди туура иштөөнүн зарыл шарты маселенин шартын түшүнүү болуп эсептелет. Өз элиңдин үрп-адатын, маданиятын жана тарыхын түшүнүү үчүн тарыхый эстеликтер же элдик баатырлар тууралуу тексттерди окуу керек. Окуунун максатын түзүп алуу окуучуларга төмөнкүлөрдү аныктоого мүмкүнчүлүк берет:

– эмнеге көңүл бөлүү керек (фактылар, бөлүктөр ж. б.);
– эмнелерди жазып коюш керек;
– эмнелерди эстеп калуу жана жаттоо керек?

Көркөм чыгармаларды окууда да окуучулардын буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдеширүү маанилүү: алар учурда эмнени билишет, кайсы маалымат жаңы жана алар буга чейинки билимдери менен кандайча байланышат. Бул текстти терең түшүнүүгө жана буга чейинки билимдери менен жаңы билимдеринин ортосундагы байланышты түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Текст менен таанышканга чейин окуучулар текстти коштогон картинкалар, графиктер, карталар, белгиленген сөздөр же башка визуалдык образдар менен тааныша алышат.

Визуалдаштыруу стратегиясы текстти толугураак кабыл алууну шарттайт.

Маалыматтык текстти түшүнүүнүн үстүндө иштөө үчүн төмөнкү стратегиялар колдонулат (12-таблицаны караңыз).

12-таблица. Маалыматтык тексттин үстүндө иштөө стратегиялары

Стратегия	Баяндоо
Суроо түзүү жана аларга жооп табуу	Мугалим текстти түшүнүүгө карата суроолорду өзү түзөт, бирок окуучулардын өздөрүн суроо түзүүгө жана аларга тексттен жоопторду табууга үйрөтүү зарыл. Мугалим тексттин үзүндүсүн окуйт да, тыным жасап, балдардын түшүнүүсүнө карата суроо берет. Мисалы: – Силер кандай ойлойсуңар, автор бул абзацта бизге эмне жөнүндө айтат? – Бул абзацтын башкы идеясы кандай? – Мен … түшүндүм, бул туурабы?

Стратегия	Баяндоо
	Окуучулардын көңүлүн маанилүү фактыларга жана бөлүктөргө бургула. Бул стратегияны колдонууда ар бир окуучунун колунда текст болууга тийиш (окуу китеби же текст).
Үн чыгарып ойлонуу	Мугалим үн чыгарып окуйт, суроо коюу менен окуучуларга эмне түшүнүктүү же түшүнүксүз болгондугун тактоо үчүн токтойт. Үн чыгарып ойлонууну колдонууда контекст менен иштөөнү (маанисин баамдап түшүнүү), окуучулардын буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүүгө болот. Бул стратегияны колдонууда ар бир окуучуда текст болууга тийиш.
Графикалык уюштургучтарды колдонуу	Текст менен иштөөдө мугалим окуучуларга тексттин идеясын системалаштыруу үчүн графикалык уюштургучтарды колдонууну сунуштайт. Мисалы, ББББ-таблицасы, кластер, Венндин диаграммасы ж. б.
Текстти талдоо	Текст менен иштөөдө мугалим окууучулардан алынган материалдын негизинде төмөнкү таблицаны толтуруусун өтүнөт. **1-вариант** **Тексттер** | **Ким? Эмне?** | **Кайда?** | **Качан?** | **Эмне үчүн?** | **Кандай? Кантип?** 1-текст 2-текст 3-текст 4-текст 5-текст Жалпы корутунду **2-вариант** Окуучулар текстти окугандан кийин бул таблицага белгилегендерин жазып, иллюстрацияларды, диаграммаларды же башка графикалык уюштуруучуларды тартышат. Булар окуганын аңдап түшүнүүгө, текстке карата мамилесин же ой-пикирин билдирүүгө жардам берет. Таблицаны толтургандан кийин окуучулар сүрөттөрүн же жазгандарын чакан топтордо же жуптарда талкуулай алышат. **Тема** | **Кыска жазуулар** | **Сүрөттөр**
Жоромолдоо	Текст менен иштөөдө жаңы маалыматты тереңирээк өздөштүрүүсү үчүн мугалим окуучулардан төмөнкү таблицаны толтуруу менен өздүк билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүүсүн өтүнөт: **Мен эмнени билем?** | **Тексттен мен эмнени билдим?** | **Дагы эмне тууралуу билгим келет?**

Стратегия	Баяндоо
Сөз байлыгын өстүрүү	– Мугалим жаңы жана ачкыч сөздөрдүн маанилерин түшүндүрөт, аларды колдонууга карата мисалдарды келтирет. – Мугалим окуучуларга тексттен өздөрү тарабынан белгиленген жаңы сөздөрдүн маанилерин түшүнгөнүн түрдүү стратегияларды колдонуу менен көрсөтүүнү сунуштайт. – Мугалим жаңы сөздөрдүн маанилерин түшүнүүгө карата окуучулардан сүрөт тартуусун, графикалык уюштургучтарды түзүүсүн өтүнөт. – Мугалим окуучулар менен бирге тексттен тапкан жаңы сөздөрдүн маанилерин талкуулашат. – Оюн процессинде окуучулар текстте кездешкен жаңы сөздөрдүн маанилерин үйрөнүшөт («Сөз байлыгы» модулун караңыз).
3–2–1-стратегиясы	Текстти окуп чыккандан кийин окуучулар төмөнкүлөрдү аныкташат: • текстти окуу учурунда билгендери боюнча 3 факт; • текстти окуганга чейин билгендери боюнча 2 факт; • бул тууралуу дагы билгиси келгендиги боюнча1 факт.
Логикалык чынжырча	Бул стратегия илимий-популярдуу тексттерде берилген көрүнүштөрдүн жана окуялардын мыйзам ченемдүүлүгүн аныктоого багытталган. Бул стратегияны колдонуу эстутумга жана логикалык ой жүгүртүү көндүмүнө таасир этүү менен көлөмдүү маалыматты эстеп калууга жана түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул стратегияны бардык предметтерди окутууда колдонсо болот. Анын маанаси фактылардын, даталардын, сүйлөмдөрдүн, сөздөрдүн, цитаталардын хронологиялык же логикалык ырааттуулугун түзүү болуп саналат. Бул логикалык чынжырча сабакта мугалим менен биргеликте, топтордо же жуптарда иштөөдө түзүлөт. Ошондой эле ал жекече жумуш же үй тапшырмасы катары сунушталышы мүмкүн.
Чаташкан логикалык чынжырчалар	Бул стратегия окуялардын уланмалуулугун аргументтүү түзүү менен элестетүүнү өнүктүрүүгө багытталган. Мугалим логикалык ырааттуулугу бузулган бир катар түшүнүктөрдү, терминдерди, окуяларды берет. Окуучулардын милдети – каталарды табуу жана өз тандоолорун аргументтер менен далилдеп, оңдоп чыгуу. Окуучуларга бир-эки сүйлөмдөн бир нече үзүндүлөргө бөлүнгөн текст берилет. Үзүндүлөрдүн саны окуучулардын классына жараша түзүлөт: 2-класс – 4–6 үзүндү, 3-класс – 6–7 үзүндү, 4-класс – 6–8 үзүндү. Үзүндүнүн текстинде айрым жардамчы сөздөр болот, мисалы, *күнү, «эртең менен, түштө, кечинде» же «бала кезде, мектепте, жумуш мезгилинде»* ж. б. жардамчы сөздөр. Чакан топтордо окуучулар өздөрүнүн текстин түзүшөт жана аны жалпы класс алдында презентациялашат. Андан соң мугалим тексттин түп нускасын берет жана негизги текстти окуп, аны өздөрүнүн божомолдору менен салыштыруу тапшырмасын сунуштайт. Мугалим класста салыштыруу иштеринин натыйжаларын талкуулоону жүргүзөт.

Стратегия	Баяндоо
	Бул ыкманын оозеки вариантын оюн формасында өткөрсө да болот. Мисалы, окуучуларга чынжырчанын 1-звеносу сунушталат. Ал «…үчүн» сөзү менен башталат: – өрүк жеш үчүн аны шагынан үзүп алуу керек. Окуучулардын милдети «өткөн мезгилге саякат» жасоо менен ушул сыяктуу улантып кетиши керек: – өрүктү шагынан үзүп алуу үчүн анын көчөтүн өстүрүү керек. – көчөтү өстүрүү үчүн аны жакшы топуракка отургузуу керек. – өрүктүн көчөтүн отургузуу үчүн анын данегин өндүрүү керек ж. б.
Сүрөттөгү, схемадагы маалыматтарды тажрыйба жолдору аркылуу окуу жана ачуу	Окуганын түшүнүүнүн үстүндө иштөө жөнөкөй тажрыйба (өлчөө, ченөө) каражаттары, башкача айтканда, тажрыйба жолу аркылуу ишке ашышы мүмкүн. Мисалы, окуучуларга суу менен абанын айрым касиеттерин аныктоо тапшырмасы берилет. «…Сүрөттө 20-сентябрдагы эртең мененки жана күндүзгү атмосфералык абанын температурасын өлчөгөн термометрдин көрсөткүчү берилген. 20-сентябрда бир күндүн ичинде абанын температурасы кандайча өзгөрдү?» Бул тексттин үстүндө иштөөнүн мисалы катары окуучуларга градусник менен тажрыйба өткөрүү сунушталат. Градусникти картондон жасаса да болот. Анын борборунан жарымы – ак, экинчи жарымы – кызыл болгон тасма жылып турат. Тасманы жылдыруу менен окуучулар градусниктеги сымаптын өзгөрүүсүн/кыймылын байкашат. Бул окуучулардын коюлган максатка жетүүсүнө жана суроого туура жооп берүүсүнө мүмкүнчүлүк берет. **АБА ЫРАЙЫНЫН ШАРТТАРЫ** эртең менен күндүз

[1] Н-35 Национальное оценивание образовательных достижений учащихся (НООДУ) 2014 г.// Отчёт Центра оценки в образовании и методов обучения (ЦООМО). – Б.: 2014.

5. ОКУГАНЫН ТҮШҮНҮҮНҮ БААЛОО

Окуганын түшүнүү – окууга үйрөтүүнүн негизги максаты; бул окуунун окутуунун максатынан окутуу каражатына айланган баскычы. Мындан ары окутуунун максаты окуучунун текстти окуп, анын маанисин жана мазмунун түшүнө алуусу болот. Түшүнүүнүн бардык көндүмдөрүнө ээ болгон окуучулар окуу китебиндеги маалыматтарды окуунун ылайыктуу стратегиясын колдонуу менен оңой өздөштүрө алышат. Ошол эле учурда, бул көндүмдөргө ээ боло албаган окуучулар маалыматты жөнөкөй кабыл алууда да кыйынчылыктарга дуушар болушат, ошондуктан аны талдоого мүмкүнчүлүктөрү жетпей калышы мүмкүн.

Мугалим үчүн түшүнүү көндүмдөрүн баалоонун максаты – окуучулар маалыматты натыйжалуу кабыл алып, аны ойлонуп иштетүүнү билер же билбесин аныктап, кошумча жардам керек болгон окуучуларды тактап, андан кийинки окутууну пландаштыруу.

Окуганын түшүнүүнү баалоодо ар башка окуучунун түшүнүүдөгү кыйынчылыктарынын түрдүү себептери болушу мүмкүндүгүн эске алуу керек. Баланын жетишерлик окуй албоосу же алфавитти билбеши – бул мугалим үчүн ачык-айкын себептер. Ошондой эле айрым окуучулар сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү толугу менен жетишерлик тез окуп, бирок анын маанисин түшүнө албагандары да болот. Төмөнкү таблицада текстти түшүнүүдө кыйынчылыктарды жараткан эң көп кездешүүчү себептер көрсөтүлгөн (текст баланын курактык деңгээлине ылайык келген учурда). Анда түшүнүү үчүн зарыл болгон кайсы көндүмдөр окуучуга кыйынчылыктуудурарын текшерүүгө боло турган болжолдуу суроолор берилет.

13-таблица. Окуганын түшүнүүдө кездешүүчү кыйынчылыктар

Кыйынчылыктар	Текшерүүчү суроолор
Берилген тема боюнча окуучунун буга чейинки билиминин жетишсиздиги	Берилген тема боюнча окуучуларга бир нече суроо бергилет: *«… тууралуу эмне билесиң?», «А сен …. … бири-бири менен эмнеси менен айырмаланарын билесиңби?»* ж. б.
Сөз байлыгынын чектелүү болуусу	Силердин оюңар боюнча окуучу кайсы сөздүн маанисин билбейт, аны белгилегиле жана сурагыла: *«Бул сөз кандай маанини түшүндүрөрүн билесиңби?»* Эгерде мындай сөздөр текстте көп болсо, анда окуучулардан аларды жазып алуусун өтүнгүлө жана бул сөздөр менен сөздүк ишин жүргүзгүлө.
Сүйлөмдүн синтаксисин түшүнбөө	Түзүлүшү боюнча татаал болгон сүйлөмдү тексттен тандап алгыла жана аны маанилик бөлүктөргө бөлгөн бир нече суроолорду бергиле: *«Сөз эмне тууралуу болуп жатат?», «…. ким келди?»* ж. б.
Берилген темага карата буга чейинки билимдерин артыкбаш колдонуу	Окуучуларга тексттеги маалыматтарды издөөгө түрткү берген суроолорду бергиле: *«Тексттеги кайсы сөздөр сени ….. тууралуу ойлонууга мажбурлады?»*
Текстти түшүнүү жана аны өз сөзү менен кайра айтып берүүгө жөндөмсүздүгү	Ой жүгүртүү аркылуу тексттин маанисин түшүнүү үчүн окуучуну кайрадан окуп чыгууга шыктандыргыла: *«Кел текстти кайрадан окуп чыгып, бул суроого жооп тапканга аракет кылалы».*

Тексттин бөлүктөрүнүн ортосундагы логикалык байланыштарды таба алууга жөндөмсүздүгү	Болжолдуу суроолор: *«Эмнеден улам мындай болду?», «Андан ары эмне болду? «Бул …. кандай таасир этти?» «Сен жоопту тексттен таба аласыңбы?»* ж. б.
Тексттин негизинде божомолдоо, алдын ала баамдап айта алуу жана корутундулоого жөндөмсүздүгү	Болжолдуу суроолор: *«Бул каарман эмне үчүн бул ишке барды, сен кандай деп ойлойсуң?», «Эмне үчүн аны бул жерге биринчи ирет келип жатат деп ойлойсуң? «Ал мындан ары эмне кылат деп ойлойсуңар?», «Бул каармандын ордунда сен болсоң эмне кылмаксың? Эмне үчүн?»* ж. б.

Окуганын түшүнүүдөгү кыйынчылыктарынын себебин аныктап алгандан кийин, түшүнүүсү жакшыргандыгын көрүү үчүн мугалим окуучу менен тиешелүү көндүм боюнча иштей алат жана текстти кайрадан окутат.

Түшүнүүнү баалоонун формасы жана суроолордун типтери

Түшүнүүнү баалоо оозеки жана жазуу түрүндө жүргүзүлүшү мүмкүн.

Оозеки баалоого:
- талкуулоо;
- кайра айтып берүү (кыскача, толук);
- текст боюнча суроолорго жооп берүү;
- кичи топтордо, жуптарда талкууларды байкоо кирет.

Жазуу түрүндөгү баалоого:
- текст боюнча суроолорго жооп берүү;
- жазуу жүзүндө кайра айтып берүү (кыскача баяндоо);
- графикалык уюштургучтардын жардамы менен маалыматты чагылдыруу (таблицалар, чыгарманын картасы, БББ стратегиясы ж. б.);
- текстке аннотация кирет.

Оозеки баалоо ачык типтеги суроолорду колдонууну билдирет. Жазуу түрүндөгү баалоодо жабык суроолорду колдонуу менен бирге ачык суроолорду ылайыктуу учурга жараша азыраак пайызда берүү менен чектелсе болот. Себеби башталгыч мектептин деңгээлинде жазуу көндүмдөрү тесттин жыйынтыктарын баалоодо негизги фактор болуп саналат. Ачык суроолордон толугу менен баш тартууга болбойт. Бирок мугалим өздүк тажрыйбасына таянуу менен алардын кайсы бири натыйжага залакасын тийгизбей жабык суроолордун ордун алмаштыра аларын эч бир кыйынчылыксыз аныктай алууга тийиш.

Баалоону баштоодон мурда мугалим окуучулардын ачык жана жабык суроолорго кантип жооп берүүнү түшүнгөнүнө (бул окуучулардын жоопторуна таасирин тийгизе турган кошумча фактор болбосун үчүн) ынануусу керек.

Суроолордун деңгээлдери

Баалоодо түшүнүү көндүмдөрү окуучулардан түрдүү деңгээлдеги мээ ишин талап кыларын эстен чыгарбоо зарыл. Азыркы учурда педагогикада америкалык психолог жана педагог Бенжамин Блумдун окутуу максаттарынын таксономиясы (классификациясы) кеңири колдонулууда (3-схеманы караңыз). Схема окутуу максаттарынын пирамидасы жана аларды аткаруу боюнча тиешелүү тапшырмалар түрүндө берилет. Окутуу максаттары (билим, түшүнүү, колдонуу, талдоо, синтез, баалоо) аткаруу татаалдыгы боюнча ылдыйдан ойдо карай өсүү иретинде, ал эми бул максаттарга жетишүү үчүн иш-чаралар

каршысында жайгаштырылган. Окутуунун бул максаттарын окууга карата колдонсо болот.

Ушундан улам, окуганын түшүнүүнү баалоодо билим окуучунун текстке таанып, (каармандардын, окуялардын) *тизмесин түзүү*, айтылып жаткан тексттин бөлүгүн *бөлүп көрсөтүү*, тексттин мазмунун *кайра айтып берүү*, белгилүү сөз же сүйлөмдү тексттен *табуу*, текстке байланыштуу суроолорго *жооп берүү* жөндөмдөрүн чагылдырат. Максаттар татаалдаган сайын окуучу жөнөкөй иштен ой жүгүртүүнү, талдоону, өз чыгармасын түзүүнү жана ой-пикирин далилдөөнү, мамилесин аныктоону талап кылган татаалырак ишке өтөт.

3-схема. Окутуу максаттарынын жана аларга жетишүү үчүн тапшырмалардын таксономиясы (Б. Блумдун таксономиясы боюнча)

Окуганын түшүнүүдө окуучулардын кандайдыр бир максатка жетишүүсүн камсыздоо үчүн мугалим суроолордун түрдүү типтерин колдонот. Окуунун максатын көп учурда тексттин мазмуну жана текстке, окуучулардын окурмандык жана жашоо-турмуштук тажрыйбаларына байланыштуу суроолор белгилейт.

Окуганын түшүнүү көндүмдөрүн баалоо үчүн жалпы сунуштар

- **«Туура» тексттерди колдонуу**

Баалоо жүргүзүү үчүн пландаштырылган текстти тандоодо мугалим анын татаалдык деңгээлине, мазмунуна көңүл буруусу керек. Текст жана ага коюлган суроолор негиздүү болушу керек, б. а. ар бир суроо түшүнүүнүн белгилүү бир аспектисин гана өлчөй тургандай болуусу керек (тексттен түздөн-түз маалыматты таба билүү көндүмү, текстти өз сөзү менен кайра айтып берүү көндүмү, тексттин негизинде жыйынтык чыгара билүү көндүмү, тексттеги маалыматты турмуштук кырдаалдар менен байланыштыра билүү көндүмү ж. б.).

- **Мүмкүнчүлүккө жараша баалоонун бир нече түрүн колдонуу**

Баалоонун түрлөрүнүн орточо көрсөткүчү окуучулардын окуганын түшүнүү деңгээлин дээрлик толук баалоого мүмкүнчүлүк берет. Ошону менен бирге баалоонун ар кайсы түрүндө баланын түрдүү көрсөткүчтөрүн эске алууга жана анын себептерин аныктоого аракет кылуу керек. Мисалы, окуучулардын көрсөткүчтөрү көркөм текст менен иштөөдө жакшы, ал эми маалыматтык тексттер менен иштөөдө начар болуп калышы мүмкүн.

- **Окуганын түшүнүү көндүмүн баалоонун натыйжаларын талдоодо калган негизги көндүмдөрдү баалоонун натыйжаларына таянуу**

Окууда негизги көндүмдөргө (1) контексттен тышкары айрым сөздөрдү окуу, (2) оюнан чыгарган сөздөрдү окуй алуу, (3) сөз байлыгы, (4) окуу ылдамдыгы жана (5) окуганын, укканын түшүнүү кирет. Жазуу түрүндөгү баалоодо жазуу көндүмдөрүн да (каллиграфия, орфография) эске алуу зарыл.

- **Окуу сабагында окуучулардын күндөлүк иштерин эске алуу**

Окуучулардын класста, кичи топтордо, жуптарда жана жекече иштөөсүнө байкоо жүргүзүү менен мугалим алардын түшүнүү деңгээли, окурман катары күчтүү жана алсыз жактары тууралуу баалуу маалыматтарды ала алат. Мисалы, айрым окуучулардын кайсы бир темага байланышкан күчтүү кызыгуусу же жакшы билими болушу мүмкүн, бул аларга ушул темага байланыштуу бир топ татаал текстти окуусуна мүмкүнчүлүк берет.

Текстти тандоо жана ага карата суроо түзүү менен окуганын түшүнүү көндүмүн баалоодо биз окуучунун тарбиясын, ишенимдерин жана моралдык көз карашын эмес, ой жүгүртүү, корутунду чыгара алуу, логикалык байланыштарды түзө алуу көндүмдөрүн карай тургандыгыбызды эске алуу зарыл. Кээде чыгарманы окуп чыккандан кийин окуучунун чыгарган корутундусу жалпы кабыл алынган корутунду же мугалимдин пикири менен дал келбей, ал эми тексттин ички логикасына туура келип калышы мүмкүн. Суроолорду түзүүдө окуучуларды өтө эле башаламан фразалар менен чаташтырбоо керек; окуучулар жоопту кандайча туюндуруу керектигин жакшы түшүнүүсү үчүн суроолор так жана түшүнүктүү болууга тийиш.

Төмөндө окуганын түшүнүүнү баалоонун бир нече куралдары берилген. Бирок, окуучулардын окурмандык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн толук картинасын алуу үчүн бул куралдар менен гана чектелүүгө болбойт. Түшүнүүнү баалоо класста окууга үйрөтүү менен катар ар дайым жүргүзүлөт. Колдонмонун бул бөлүмүндө жазылган окутуунун ар бир стратегиясы ошол эле учурда баалоонун куралы катары да кызмат кыла алат, аны тажрыйбалуу мугалимдер күн сайын ийгиликтүү колдонушат. Ар бир окуучунун класстагы күндөлүк ишин оозеки жана жазуу түрүндөгү баалоонун жыйынтыктары менен окуу жылынын ичиндеги илгерилөөсүн (прогрессин) белгилөө жана салыштыруу менен портфолио түзүү абдан ыңгайлуу болот.

Окуганын түшүнгөнүн текшерүү төмөнкү шарттарды сунуштайт:

- окуганын түшүнүүнү баалоо үчүн мугалим окуучулар үчүн бейтааныш текстти тандап алат;
- окуучу берилген текстти толугу менен окуйт;
- мугалим окуучунун текстти окуусу үчүн убакытты чектебейт;
- мугалим текстти окуу убактысын белгилебейт;
- окуганын түшүнүү оозеки жана жазуу түрүндө жүргүзүлөт;
- окуганын түшүнүүнү текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча мугалим окуучуларга баяндалган, конструктивдүү (иштиктүү) кайтарым байланышты сунуштайт;
- окуганын түшүнүүнү текшерүү процесси мугалимден убакытты пландаштырууну талап кылат.

Баалоо 1. Кайра айтып берүү

Бул баалоонун оозеки түрү болуп саналат. Текстти толугу менен же айрым бөлүктөрүн жазуу түрүндө кайра айтып берүү (баяндама) класстагы бардык окуучуга бир убакытта берилгендигине байланыштуу тез аралыкта өткөрүлөт. Бирок, ошол эле учурда мугалим үчүн абдан чоң -түйшүк- болот, анткени мугалимге сабактан кийин бул жазуу түрүндөгү кайра айтып берүүнүн (баяндаманын) баарын окуп чыгууга туура келет. Мында түрдүү көндүмдөрдүн «аралашып» кетүүсүнөн улам (эгерде окуучу суроого жооп бере албаган болсо, демек, ал текстти түшүнгөн эмес же кантип жазууну билбейт) баалоо да кыйынчылык туудурат.

Кайра айтып берүү окуучу тексттин кайсы бөлүгүндөгү маалыматты эстей аларын жана аны айтып берерин, ошондой эле маалымат уюштуруудагы окуучунун колдонгон ыкмаларын баалоого жардам берет. Мисалы: айрым окуучулар тексттин эсинде калган бөлүктөрүн бири-бири менен байланыштырбастан жөнгана санап бере алышат. Айрымдары, тескерисинче, тексттин логикалык байланыштарын түзөт жана идеясын түшүнөт, бирок айрым маалыматтарды эстей алышпайт. Ошондуктан окуучуларга кайра айтып берүүдө текстти карап турууга уруксат берүү керек. Эгерде окуучу суроого жооп берүүдө кыйналса, бирок текстти карап жана керектүү маалыматты таап, туура жооп берсе, анда ал окуучу үчүн түшүнүү эмес, эстеп калуу кыйынчылык жаратат деген жыйынтыкка келсе болот.

Кайра айтып берүү төмөнкү негизги чен-өлчөмдөрү боюнча бааланат:

1. Кайра айтып берүү тексттин түзүлүшүн чагылдырып бере алабы? Көркөм текст менен иштөөдө кайра айтып берүү өз ичине кыймыл-аракеттин ордун жана мезгилин, каармандарды, иш-аракеттердин байланыштарын, негизги окуяларды, кыймыл-аракеттердин чечилишин, жыйынтыгын сүрөттөөнү камтыйт. Маалыматтык текстер менен иштөөдө кайра айтып берүү тексттин негизги идеясын жана анын бир нече бөлүктөрүн өз ичине камтыйт.
2. Тексттин негизинде окуучулар корутундулай же божомолдой алышабы?
3. Тексттин элементтеринин ортосундагы логикалык байланышты жүргүзө алабы? Эгерде жүргүзө алса, анда бул байланыштар чыгарманын контекстинде канчалык маанилүү?
4. Окуучулар окуган текстин баалай алышабы?

Баалоо 2. Табышмактуу каарман

Баалоонун бул түрүн 2-класстарда же андан жогорку класстарда маалыматтык текстерди окутуп-үйрөтүүдө жекече же топтордо өткөрүүгө болот. Анда бир нерсени (каарманды, окуяны) сүрөттөгөн кыскача маалымат берилет. Маалымат окуучу божомолдоп, алдын ала айта алуусу жана аларды улам алынган маалымат боюнча алмаштыруусу үчүн өлчөм менен берилет. Окуучулар маалыматтын бир сегментин (бөлүгүн) окушат жана анын негизинде эмне же ким тууралуу сөз болуп жаткандыгын божомолдошот. Баалоонун бул түрү окуучулардын маалыматты иштетүүдө кандай когнитивдик процесстерди жана стратегияларды колдонгондугун көрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Баалоону кантип жүргүзүү керек?

Баалоону жүргүзүү үчүн мугалим алты карточкадан турган (алты карточканын баарын тең А4 өлчөмүндөгү баракка жайгаштырса болот) комплектини даярдап, кагазга чыгарып алса болот (жекече же топтордо иштөө үчүн).

Мугалим окуучуларга тесттин биринчи карточкаларын таратат жана иштөөнүн максаты менен жолун түшүндүрөт:

«Бул көнүгүү «Табышмактуу каарман» деп аталат. Алгач мен силерге бул каарман тууралуу бир аз маалымат жазылган карточкаларды таратам. Силер аны окуп чыгып, бул каарман ким экендигин табууга аракет кылууңар керек. Өзүңөрдүн баамдооңорду карточкага жазасыңар. Андан кийин мен силерге экинчи карточканы берем, анда бул каарман тууралуу дагы бир аз маалымат берилет. Бул карточкага да силер өзүңөрдүн баамдооңорду жазасыңар, дагы ушул сыяктуу болуп иш уланат. Баары болуп 5 карточка (карточкалар мындан көп болушу мүмкүн, бирок 8ден ашпашы керек) берилет, биз эң акыркы карточкага жеткенде, бул табышмактуу каарман ким экендигин жана аны силер таба алган/албаганыңарды билебиз».

Иштин аягында мугалим окуучулардан карточкалардын биринин артына өз атын жазып коюусун өтүнөт жана бардык карточкаларды комплектиси менен чогултуп алат.

Эскертүү: Эгерде баалоо оозеки түрүндө жүргүзүлсө, анда карточкаларды кагазга чыгаруунун зарылдыгы жок болот; анын ордуна мугалим окуучуларга ар бир карточкадагы маалыматты окуп берет жана окуучулардын берген жоопторун угуп (зарылдыгына жараша жазып алып), ой жүгүртүүлөрүнө жараша баалайт.

Окуучулардын жоопторун талдап, мугалим төмөнкү суроолорго жооп издейт:

- Алынган маалыматтын негизинде өзүнүн жоромолун окуучу канчалык деңгээлде жакшы түзө алат?
- Өзүнүн жоромолун коргоодо окуучу аргументтерди келтире алабы (тексттен маалыматты көрсөтүү, корутунду жасоо, божомолдоону пайдалануу менен ж. б.)?
- Канчанчы карточкада окуучу табышмактуу каарманды туура таба алды?
- Өздүк ишинде окуучулар тексттен кайсы маалыматтарды колдонушкан?
- Окуучу ар башка карточкадагы маалыматтарды өз ара байланыштыра алдыбы? Мурунку карточкадагы маалыматка жаңы карточкадагы маалыматты кошуунун негизинде окуучу өзүнүн баамдоосун түзө алдыбы?
- Окуучунун корутундусу, божомолу жана алдын ала баамдап айтуулары логикалуубу?
- Аргументтеринде тема боюнча буга чейинки билимдерин колдоно алдыбы?
- Окуучу тексттен негизги маалыматты канчалык деңгээлде таба алат?
- Окуучу түшүнүүнүн стратегияларынан кайсынысын колдонду?
- Тексттен бейтааныш сөздөр же татаал сүйлөмдөргө кез келгенде окуучулар эмне кылышат?

«Табышмактуу каарман» көнүгүүсүн колдонуп баалоо үчүн карточкалардын үлгүсү, ошондой эле мугалимдин өзүнүн жеке куралын түзүү үчүн колдоно турган бош үлгү кийинки бетте берилген.

Окуучунун аты-жөнү: _____

ТАБЫШМАКТУУ КААРМАН

Бул сары же көгүш түстөгү, үрпөйгөн күйругу бар жаныбар.

Мен аны _____ деп ойлойм, анткени

_____

_____

Алар көп жерлерде кездешет жана алардын териси абдан баалуу болуп эсептелет.

Мен муну _____ деп ойлойм, анткени

_____

_____

Анын өзгөчөлүктөрүнүн бири: кыш мезгилине жаңгактарды өзү камдап алат.

Мен муну _____ деп ойлойм, анткени

_____

_____

Кээде алар зыянкечтер деп эсептелет, себеби алар бардык нерселерди кемирип салышат.

Мен муну _____ деп ойлойм, анткени

_____

_____

Тыйын чычкандар акылдуу жаныбарлар болуп саналат, эл жашаган жерлерде алар канаттуулардын жеми менен азыктанууга да жөндөмдүү келишет.

Табышмактуу каарман жөнүндө эмнелерди жаңыдан билдиң?

_____

_____

_____

Окуучунун аты-жөнү: _____

ТАБЫШМАКТУУ КААРМАН

_____

Мен аны _____ деп ойлойм, себеби

_____

_____

_____

Мен аны _____ деп ойлойм, анткени

_____

_____

_____

Мен аны _____ деп ойлойм, анткени

_____

_____

_____

Мен аны _____ деп ойлойм, анткени

_____

_____

_____

Табышмактуу каарман жөнүндө эмнелерди жаңыдан билдиң?

_____

_____

Баалоо 3. Текстер боюнча суроолор

Баалоонун бул түрүн оозеки жана жазуу түрүндө, ошондой эле жекече жана жуптарда иштөөдө жүргүзүүгө болот. Ал жогоруда баяндалгандай, мугалим тарабынан тандалып алынган тексттин материалында түшүнүүнүн бардык деңгээлдерин өлчөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Баалоонун бул куралын түзүүдө төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:

- окуучулардын окурмандык компетенттүүлүгүнүн деңгээлине ылайык келген текстти тандоо;
- тексттин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен суроолорду түзүү: ар түрдүү көндүмдөрдү өлчөгөндүктөн, көркөм текстке берилген суроолор маалыматтык тексттерге берилген суроолордон айырмаланат;
- ачык жана жабык суроолорду пайдалануу;
- так эмес, татаал түзүлгөн суроолордон качуу керек: окуучулар өзүнүн ой жүгүртүү мүмкүнчүлүктөрүнүн көпчүлүк бөлүгүн суроонун маанисин түшүнүү үчүн сарптабашы керек. (14-таблицаны караңыз)

Төмөнкү таблицада ачык жана жабык суроолордун негизги типтери берилген.

14-таблица. Ачык жана жабык суроолордун негизги типтери

Жабык суроолор	
«Ооба» – «Жок» («Туура» – «Туура эмес») жооптору бар суроолор	Балапанды балдар уясынан уурдап алышты. Туура Туура эмес
Сунушталган бир нече варианттардын ичинен бир туура жоопту тандоону талап кылган суроолор	Баланын алаканында турган сары ооз балапанын көргөндө ата-энеси эмне кылышты? А. абдан таң калышты Б. кубанып кетишти В. чырылдап кайгырышты Г. канаты менен кагып өттү
Сунушталган жооптордун ичинен бир нече ылайыктуу жоопту тандоону талап кылган суроолор	Кайсы сүйлөмдөргө макул болсоң, тегеректеп кой. 1. Сары ооз балапан уясынан жерге түшүп кетиптир. 2. Балдар балапанды үйлөрүнө алып кетип калышты. 3. Балапандын уясын эки дос издеп табышты. 4. Балдарды ата-энелери балапанды кармаганы үчүн тилдешти. 5. Балдар балапанды өз дарегинен жаңылбай, туура жайгаштырышты.

Ачык суроолор	
Кошумча айтып берүү	Балапандын эне-атасы ызылдап-тызылдаган бойдон биздин үстүбүздөн кайкып учуп жатышты. Себеби _____ _____
Кыскача жоопту талап кылган суроолор	Балапанды таап алган Камчыбек кандай сунуш айтты? _____ _____
	Дос балдардын мүнөзүн сүрөттөгөн үч сөздү жазгыла. _____ _____ _____
Толук жооп берүүнү талап кылган суроолор	1. Балдардын жардам кылалы дегенин чымчыктар билиштиби? Эмнеден улам мындай ойлоп жатасыңар? _____ _____ 2. Алардын ордуна сен болсоң эмне кылат элең? _____ _____

Суроолорду түзүүдө түшүнүү көндүмдөрүн өлчөөдө зарыл болгон тексттен түздөн-түз шилтеме табууга мүмкүнчүлүк берген суроолорду окуучулардын ой жүгүртүүсүн, аргументтештирүүсүн, талдоосун, салыштыруу менен баалоосун талап кылган суроолор менен аралаштыруу керектигин эске алуу абзел. Эгерде суроолор туура түзүлгөн болсо, анда окуучулардын жоопторун талдоо аркылуу мугалим аларда кошумча дагы кандай көндүмдөрдү өнүктүрүү керектигин аныктай алат.

Кийинки беттерде Дүйшөн Сулаймановдун «Балапан» аттуу аңгемеси жана ал чыгармага карата суроолордун үлгүлөрү берилген. Бул тексттин татаалдык деңгээли 3-класска туура келет.

Дүйшөн Сулайманов

БАЛАПАН

Камчыбек экөөбүз токойду аралап басып баратканыбызда менин бутумдун алдынан ак чымчык бырп этип уча качты. Анын артынан экинчиси учуп, туура туштагы бадалга барып конуп калды. Экөө тең куйруктарын сороңдотуп, тынчы кетип, чыйк-чыйк үн катышат. Биз улам алга баскан сайын чебеленип чырылдашат. Улам бир бадалдын бутагына коно калып, кайра учуп, биздин үстүбүздөн чарк айланышат.

«Буларга эмне болуп кетти?» – деп, биз эки жагыбызды абайлап карап бараттык. Камчыбек болсо:

– Түлкүнү көрө коюп коркуп жүрүшпөсүн? – дейт.

Мен анын суроосуна жооп бербей, тек гана:

– Алдыңды абайлап бас, – дедим.

Аңгыча Камчыбек:

– Балапан экен! – деп эңкейип карай калды. Мен да аны көрө койдум. Чөптүн арасында темир канат болоюн деп калган сары ооз балапан буттарын тарбайтып, чыйылдап жаткан экен. Камчыбек аны оң колу менен жерден ала коюп, сол алаканына салды. Муну эне-атасы аны көрүп, ызылдап-тызылдаган бойдон биздин үстүбүздөн кайкып учуп жатышты. Алардын минтпеске айласы барбы, балапаныбызга тийбегиле деп жатканы да…

Биздин жардам кылалы дегенибизге түшүнбөй, ары-бери чебелектеп учуп жүргөн чымчыктын бирөө Камчыбекти канаты менен башка кагып өттү.

– Булар жинди го!.. Мен силердин балапандарыңарга зыян кылайын дегеним жок.

– Биз силерге жардам берели деп жатабыз. Жардам бербей, өлтүрүп коё турган душманыңар эмеспиз!.. Силердин андай душманыңар аз эмес, билебиз…

– Түлкү да жеп коёт, – деди Камчыбек аларга нааразы болгондой.

– Албетте. Бирок түлкүдөн башкасы деле толуп жатат.

– Багып албайбызбы? – деди Камчыбек мага карап. Анын көздөрүнөн балапанды аёо сезими көрүнүп турду. Бирок ал мындай балапанды багып чоңойтуш эмне деген түйшүк экенин, же такыр такыр мүмкүн эмес экенин түшүнбөйт окшойт.

– Жок, – дедим мен. – Мунун уясын издеп таап, ошого салып коюшубуз керек. Уясы ушул эле жерде, издейли…

Камчыбек дарактардын, бадалдардын башын карап, ары-бери элеңдейт. Анан калса ар бир бадал уядан куру эмес. Мунун кайсы уядан түшкөнүн билиш да кыйын болду.

Балапан жакын эле жердеги уялардын биринен болуу керек деп, абайлап көз чаптырып жаттым. Аңгыча бир уянын оозунан чыйпылдап жаткан эки балапандын башын байкагандай болдум. Ошол уяга баягы ак каш чымчыктардын бири коно калып жатканын көрүп калдык. Демек, бул балапан, сөзсүз, ошол уядан кулап түшкөн…

Камчыбек балапанды этияттык менен чөнтөгүнө салды да, жыгачка жармашып чыга баштады. Чымчыктар болсо жан алакетке түшүп чебелене беришти. Канаттарын дириллдетип, Камчыбекти тегерене учуп жатышты.

Камчыбек балапанды уясына жайгаштырып, кайра түшүп келди. Ошондон кийин гана ак каш чымчыктардын жаны тынып, тымтырс болуп калышты. Биз да балапанды өз дарегинен жаңылбай, туура жайгаштырып койгонубузга бекем ишендик. Аңгыча булардын ата-энелери уяга ого бетер жакындап отура калышты эле, балапандардын баарысы моюндарын созуп, жабыла чыйпылдап жиберишти. Ошондо уянын ээлери түгөл чогулгандай болуп, бизге кандайдыр бир кубанарлык көрүнүш элестеле түштү.

Текст: Д. Сулайманов. «Балапан» **Күнү** _____

Фамилиясы, аты _____

1. Камчыбек балапанды жерден колуна алганда ата-энеси эмне кылышты? Туура жоопторду тегеректеп кой.

- ары-бери кайкып учушту
- бири кайдадыр учуп кетти
- алыс учуп кетип калышты
- баланы канаты менен чаап өттү
- балапанын коргошту
- жан алакетке түшүп чебелене беришти

2. Эмне үчүн достор балапанды үйлөрүнө алып кетип калышкан жок?

_____

_____

3. Ар бир сүйлөмдүн тушуна «Ооба» же «Жок» жообун тегеректе:

Камчыбек досум экөөбүз токойду аралап бара жатып, менин бутумдун алдынан ак чымчык бырп этип учканын көрдүк.	Ооба	Жок
Бадалда сары ооз балапан чыйпылдап турган экен.	Ооба	Жок
Камчыбектин мээримдүүлүгүн байкадым.	Ооба	Жок
Камчыбек балапанды өз уясына жайгаштырган соң ак каш чымчыктар да тынч алышты.	Ооба	Жок

4. Эмне үчүн ак каш чымчыктардын жаны тынып, тымтырс болуп калышты? Сен кандай ойлойсуң?

а) Алар жакын ортодо түлкү жок экенине ишеништи.

б) Балдар балапанды багып алмай болушту.

в) Балдар балапан түшүп кеткен уяны туура таап, аны ордуна коюшту.

г) Уядагы эки балапанына алаксып кетишти.

5. Сенин оюң боюнча кайсы сөздөрдүн жубу дос балдарды баарынан жакшы сүрөттөп берет? Аны тегеректеп кой.

уялчаак, тамашакөй	боорукер, акылдуу	күчтүү, тыкан

6. ОКУГАНЫН ТҮШҮНҮҮ КӨНДҮМДӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА БОЛЖОЛДУУ КӨНҮГҮҮЛӨР

Аталышы	КИТЕП ДҮЙНӨСҮНӨ КОШ КЕЛИҢИЗ!
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • китеп жөнүндө айтып беришет; • тексттин мазмунун божомолдошот; • буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет; • китепке/чыгармага, кыялындагы каарманды түзүүгө кызыгуусун арттырышат; • жараткан элестетүүлөрүн колдонушат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына (классына) жана коюлган милдеттерге ылайык тандалган китептер Эки түстөгү стикерлер (мисалы, сары жана кызгылт), калемсап
Окутууну уюштуруу формалары	Жалпы класс менен иштөө, чакан топтордо, жекече
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Окуганга чейин мугалим класска окуу үчүн тандалып алынган китепти көрсөтөт. Окуучулар китепти барактап, анын иллюстрацияларынмазмунун жана түзүлүшүн карап чыгууга мүмкүнчүлүк алуусу керек. **2-кадам.** Окуучулар китепти көңүл коюп карап чыккандан кийин, мугалим аларга сары стикер таратып берип, төмөнкү суроого бир-эки сөз менен жооп жазуусун өтүнөт: «Бул китеп эмне тууралуу деп ойлойсуңар?» Сары стикерлер доскага чапталат. **3-кадам.** Андан соң мугалим кызгылт стикерди таратып берет жана бул суроого жооп жазуу тапшырмасын берет: «Бул китепти/чыгарманы окуп чыгып, … жөнүндө билгим келет». Толтурулган стикерлер доскага чапталат. **4-кадам.** Мугалим ар түрдүү стратегияларды (үлгүлүү окуу же биргелешип окуу, башкарып окуу же өз алдынча окуу болушу да мүмкүн) колдонуу аркылуу тандалып алынган китепти балдар менен бирге окуйт. **5-кадам.** Доскадагы стикерлерге мугалим кайрылып, балдар чыгарманын мазмунун туура божомолдошконбу (сары стикерлер) жана коюлган суроолорго күтүлгөн жоопторду ала алыштыбы (кызгылт стикерлер), ушунун тегерегинде талкуу жүргүзөт.

Рефлексия үчүн окуучуларга суроолор:

Суроолор	Болжолдуу жооптор
Китептин мазмуну боюнча өз божомолуңарды түзүүгө эмне жардам берди?	Аталышы, сүрөттөр, авторду жана анын башка чыгармаларын билүү, чыгарманын жанрын аныктай алуу ж. б. у. с.
Божомолдоону түзүүгө эмнелер жардам берди?	Ачкыч сөздөр, белгилүү каарман, тааныш тема ж. б.
Силер кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн өзүңөр койгон суроого жооп ала алдыңар/ала албадыңар?	Белгилүү жанрдагы китеп, күтүлбөгөн сюжет, бейтааныш тема ж. б.
Бул көнүгүүнүн жардамы аркылуу кандай көндүмдөр өнүгөт?	Окуганын түшүнүү Божомолдоо

Үлгү

Аталышы	АЧКЫЧ СӨЗДӨР
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • китеп жөнүндө айтып беришет; • сюжеттин өнүгүшүн божомолдошот; • буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет; • китепке/чыгармага болгон кызыгууларын арттырышат; • окуганын түшүнүү үчүн өздөрү жараткан элестетүүлөрүн колдонушат; • жаңы сөздөрдүн маанилерин табуу стратегияларын колдонушат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына жана коюлган милдеттерге ылайык китептер
Окутууну уюштуруу формалары	Жалпы класс менен иштөө, чакан топтордо, жекече
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим доскага окуу үчүн тандалып алынган чыгармада же китепте кездешүүчү сөздөр жазылган карточкаларды жайгаштырат же сөздөрдү жазат. Окуучулардан алардын маанилерин чечмелөөнү өтүнөт (сөздөрдү тандоодо төмөнкү чен-өлчөмдөрдү эске алуу зарыл: сөздөр окуучулар үчүн жаңы, бейтааныш же тексттин маанисине негизделген ачкыч сөздөр болушу мүмкүн). Окуучулардын жоопторун колдоо үчүн китепти, иллюстрацияларды, мазмунду көрсөтсө болот. Сөздөрдүн окуучулар айткан болжолдуу маанилерин мугалим өзү же окуучулар өздөрү чыгып, доскага жазып турса болот. **2-кадам.** Түрдүү стратегияларды пайдаланып окуу менен окуучулар текст менен таанышышат (үлгүлүү, биргелешкен, башкарып же өз алдынча окуу). **3-кадам.** Текстти окуп чыккандан кийин мугалим окуучуларды доскада жазылган/жайгаштырылган жана текстти окуганга чейин талкууланган сөздөрдүн маанилерин талдоого кайра алып келет. Балдардын божомолдору аныкталдыбы? Текстте сөздөрдүн маанилерин түшүнүүгө эмне жардам берди: контекст, иллюстрациялар же текстте бул сөздөрдүн маанилеринин аныктамалары айтылдыбы? ж. б. **4-кадам.** Жаңы сөздөр «Сөздөр дубалына» жайгаштырылат («Сөз байлыгы» 3-модулду караңыз). Мугалим бул көнүгүүнү аткаруунун максатын окуучулар менен талкуулайт: • Жаңы же ачкыч сөздөр менен иштөө аркылуу кайсы көндүмдөр өнүгөт? • Сөздүн маанисин аныктоодо эмне жардам берет? • Текстти толук түшүнүү үчүн тексттин ачкыч сөздөрүнүн маанилерин билүү канчалык маанилүү?

Үлгү

Нооруз
Ачык асман
Сүмөлөк
Жаз
Майрам
Селкинчек
Боорсок
Күлкү
Достор
Ачык маанай
Концерт
Тамаша
Конок
Ыр
Күн
Момпосуй
Гүл
Арча
Каникул
Көк чөп
Бий
Куймак
Арпа
Буудай
Өрүкзар

Аталышы	КИТЕП МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ (КИТЕПТИН БӨЛҮКТӨРҮ)
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • китеп тууралуу айтып беришет; • китептин компоненттерин аныкташат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына ылайык китептер.
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	Окуучулардан үйүнөн же үй-бүлөлүк китепканасынан өздөрү жактырган китебин алып келүүсүн өтүнсө болот. **1-кадам.** Мугалим китеп эмнелерден турарын айтып берет жана томдуктардын, бир китептин мисалында анын бөлүктөрүн көрсөтөт. **2-кадам.** Мугалим окуучуларга толтуруу үчүн төмөнкү форманы таратат (1-тиркеме. «Китептин бөлүктөрү»). **3-кадам.** Балдар форманы үйдөн алып келген китептери менен таанышып толтурушат. **4-кадам.** Андан соң балдар чакан топтордо же жалпы класска аткарган иштеринин натыйжаларын көрсөтүшөт. **5-кадам.** Мугалим балдар алып келген китептердин жасалгаларынын өзгөчөлүктөрү, айырмачылыктары жана окшоштуктары боюнча талкуулоо уюштурат.
Үлгү	



Аталышы	СҮРӨТТҮҮ КИТЕП МЕНЕН ИШТӨӨ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • китеп тууралуу айтып беришет; • сюжеттин өнүгүшүн божомолдошот; • окуганын түшүнүү үчүн буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына ылайык китептер
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	Окуучулардан үйүнөн же үй-бүлөлүк китепканасынан өздөрү жактырган китебин алып келүүсүн өтүнсө болот. Мисал катары Джимми Лиаонун «Түстөрдүн үндөрү» китебин алабыз[1]. **1-кадам.** Мугалим балдарга бүгүнкү сабакта тайвандык белгилүү сүрөтчүлөрдүн, авторлордун жана иллюстратордун бири, балдар жана чоңдор үчүн 50дөн ашык китеп жазган Джимми Лиаонун китебин окуйбуз деп айтат. Анын китептери дүйнө элдеринин көптөгөн тилдерине которулган жана кадыр-барктуу сыйлыктарга татыган. Мугалим «Түстөрдүн үндөрү» китебин көрсөтөт. **2-кадам.** Мугалим окуучулардан балдар үчүн кандай иллюстрацияланган китептерди билерин, мындай китептердин кайсыларын жактырышарын, үй-бүлөлүк китепканаларында ушул сыяктуу кандай китептер болгонун сурайт. Балдардын көңүлүн «иллюстрацияланган» же «сүрөттүү китептер» эмне экендигине буруу маанилүү. *Мугалим үчүн эскерткич* Сүрөттүү китептер – бул тексти (адатта көркөм чыгармалар) көптөгөн иллюстрациялар менен коштолгон балдар басылмалары. Сүрөттүү китептерди балдарга чоңдор окуп берсе болот, ошондой эле өз алдынча да окуй алышат. Мындай китептердин иллюстрациялары автордук ойдун жана тексттин ажырагыс бир бөлүгү болот – өзгөчө, автор бир эле учурда китептин иллюстратору да болгон учурлар кездешет (Беатрис Поттер, Морис Сендак, Эрик Карл, Владимир Сутеевдин ж. б. китептери сыяктуу). Сүрөттүү китептер чоңойтулган форматка ээ жана көп эмес беттен турат (эреже боюнча 40 бетке чейин). Китеп-оюнчук сыяктуу алар калың кагазга же картонго басылып чыгат.

[1] Лиао Дж. Звучание цвета. Следуя за воображением. – М.: Манн, Иванов и Фербер, 2014.

3-кадам. Окуучулар иллюстрацияланган китепте текст менен сүрөт/иллюстрациялардын байланышына көңүл буруу зарыл экендигин аныктап алгандан кийин, мугалим «Түстөрдүн үндөрү» же башка иллюстрацияланган балдар китебинин үстүндө иштөө сунушун айтат. (Бул жерде китептин өзүнө жана окуучулардын курагына ылайык китеп менен иштөө үчүн суроо түзүү керек).



– Кымбаттуу балдар! «Түстөрдүн үндөрү» китебинин аталышы силерге эмне тууралуу кабар берет? Силер кандай деп ойлойсуңар, өң-түс үн чыгарышы мүмкүнбү? Автор эмне үчүн бул китебин ушундайча атаган? Силердин оюңар кандай? Китептин мукабасында эмне тартылган? Силердин оюңар боюнча, китеп эмне тууралуу болушу мүмкүн?

Ушундан кийин, балдар бул китептин темасын аныктоого, мазмунун жана китептин мукабасы эмне тууралуу кабар берип жаткандыгын алдын ала баамдап айтууга аракеттенгенден кийин, мугалим балдардын көздөрүн жумуп, алардын эмнени жана кандай түстү көрүп жаткандыгын элестетүүсүн суранат.

Андан соң, мугалим иллюстрацияларын көрсөтүү менен бул китепти үн чыгарып жалпы класска окуп берет. Окуу текст жана анын иллюстрациясынын айкалышын талкуулоо менен коштолушу мүмкүн.



Тыным

Текст: «Мен күн батып кеткенге чейин мага ырларды окуп берген дос күткүм келет. Баары үйлөрүнө тарап кеткен кезде, досум менин ээн бөлмөмө бир аз болсо да жылуулук алып келет».

Мугалимдин суроолору:

– Силер кандай деп ойлойсуңар, сүрөттө эмне тартылган?
– Эмне үчүн сүрөттө китептин аталышы жок?
– «Досум жылуулук алып келет» деген эмнени түшүндүрөт?
– Эмне үчүн кыз бөлмөсүн «ээн» деп жатат?

Окуучулар менен текстти жана бардык иллюстрацияларды талкуулап, мугалим алардын төмөнкү суроолорго жооп берүүсүн өтүнөт:

- Силердин оюңар боюнча, бул китеп эмне тууралуу болот?
- Китептин башталышында, ортосунда, аягында кыз башынан эмнелерди өткөрөт? (сезимдердин алмашуу динамикасы кандай өтөт: бул чыгармадагы көрүүсүн жоготуп алган кыз анын дүйнөсү акырындап алмашарына ыңгайлашууга ара-кеттенет, адегенде, «чексиз лабиринтти», бирок эгер көпкө изденсе, андан чыгуунун жолу бар экендигин элестетет.
- Эмне үчүн кыз башында коркууну, чочулоону башынан өткөрөт?
- Иллюстрацияларда анын «түстөрдүн үндөрүн угуусу, формасын, жытын, жарык менен караңгылыкты сезүүсү» кандай чагылдырылган?
- Текстте кыздын жалгыздыгы кандай чагылдырылган? (Кимдир-бирөө болушу керек, кимдир-бирөө жанаша отуруп, чай ичишип, өзүнүн кыялдары жана үмүттөрү тууралуу айтып берип, андан кийин мени да укса...)
- Кыз эмне үчүн жалгыздыкты сезет, силер кандай деп ойлойсуңар? Бул эмне менен байланышкан? Коомчулук көзү көрбөгөн/азиз (сокур) адамдарга кандай мамиле кылат? Эмне үчүн?
- Силер кызды күчтүү деп ойлойсуңарбы? Бул оюңарды тексттеги кайсы сөздөр ырастайт? (Мен эми кулап кетүүдөн коркпойм: мен тез ордуман турганды жана андан ары басып кеткенди үйрөндүм. Суу болуп калган көйнөк кургап каларын билем. Бардык капачылыктар унутулат. Унутулуп калган нерселердин кереги жок. Жаңы күн келет).

Талкуунун аягында мугалим окуучулардан кайрадан көздөрүн жумуп, алар кандай түстү, образды көргөндөрү, кандай сезимге туш болгондору тууралуу ой бөлүшүүлөрүн өтүнөт. Эми окуучулар «Түстөрдүн үндөрү» китебинин аталышынын маанисин кандай түшүнүштү?

Аталышы	БИЛЕМ, БИЛГИМ КЕЛЕТ, БИЛДИМ (ББББ)
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет; • сюжеттин өнүгүшүн божомолдошот; • текстен алынган маалыматты түзүмдөштүрүшөт.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына ылайык китептер
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	Бул көнүгүүнү аткаруу учурунда окуучуларга ББББ таблицасын толтуруу сунушталат. Таблицаны толтурууда окуучулар буга чейин билген нерселерин жана жаңы билгендерин салыштыра билүүгө үйрөнүүсү, буга чейин белгилүү болгон маалыматка таянуу менен өзүнүн таанып-билүү үчүн суроолорун аныктап алуусу зарыл. **1-кадам.** Мугалим окуучуларды китептин аталышы же тексттеги ачкыч сөздөр менен тааныштырат («Китепке кош келиңиз!», «Ачкыч сөздөр», «Китепке саякат» көнүгүүлөрүн караңыз. **2-кадам.** Мугалим окуучуларга ББББ таблицасынын даяр формасын таратат же окуу боюнча дептерине чийип берет. ББББ таблицасы **Б** – билем | **Б** – билгим келет | **Б** – билдим **3-кадам.** Мугалим, адегенде, окуучулардын мурунку билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүү максатында «Билем» деген биринчи катарды толтурууну тапшырат. Мугалим көмөктөшүүчү суроолорду берүү аркылуу окуучуларга жардам берүүсү зарыл. **4-кадам.** Андан соң мугалим окуучулардын эмнелерди билгиси келгендиги тууралуу ойлонууларын сунуштайт. Түзгөн суроолорун же тезистерин окуучулар «Билгим келет» графасына жазуулары керек. **5-кадам.** Эми мугалим окуучуларды көңүл коюп окуу аркылуу текст менен таанышууну сунуштайт. **6-кадам.** Окуучулар текстти окуп чыккандан кийин үчүнчү «Билдим» графасы толтурулат. **7-кадам.** Рефлексия үчүн окуучуларга суроолор: – Текст менен таанышканга чейин кандай маалыматыңар бар эле? – Тексттеги маалыматка ээ болуу үчүн кандай суроолор коюлган болчу? – Силердин күтүүлөрүңөр акталдыбы? – Кандай жыйынтыктар болду? – Текстти окуп чыккандан кийин эмнелерди билдиңер? Таблицанын формасын 2-тиркемеден караңыз. ББББ таблицасы.

Аталышы	ИНСЕРТ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • чыгарманы окугандан мурда буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет; • сюжеттин өнүгүшүн божомолдошот; • тексттен алынган маалыматты түзүмдөштүрүшөт жана системалаштырышат; • чыгарманы талдашат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	3–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына жана коюлган милдеттерге ылайык китептер
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	Окуу сабагында «Инсерт»[1] ыкмасын колдонуу **1-кадам.** Иштин тартиби боюнча түшүндүрмө берилет. **2-кадам.** Окуучулар текстти атайын белгилер менен белгилөө аркылуу окушат. «✓» – бул мен үчүн тааныш маалымат; «+» – бул мен үчүн жаңы маалымат; «–» – мен башкача ойлогом, бул менин билгендериме карама-каршы келет; «?» – бул мага түшүнүксүз, тактоолор жана түшүндүрмө керек, суроо бар. Текст менен иштөө убагында окуу китебин булгап койбош үчүн ар бир окуучуга баракча берилүүгө тийиш жана ошол баракчага гана белгилөө зарыл. Таратылган барактагы текст менен иштөөдө белгилер текстке коюлат. **3-кадам.** Таблица толтурулат

✓	+	–	?
Мен үчүн тааныш маалымат	Мен үчүн жаңы маалымат	Мен кошула албайм, менде башка далил бар	Суроом бар, тереңирээк билгим келет

[1] Инсерт — окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү ыкмаларынын бири. Натыйжалуу окуунун же белги коюу аркылуу окуунун технологиясы болуп саналат. Инсерт окуучудан активдүү жана көңүл коюп окууну талап кылат. Инсерт көлөмдүү теориялык, маалыматтык материал менен иштөөдө абдан натыйжалуу болот. (Ыкманын авторлору — окумуштуулар Д. Воган жана Т. Эстес. Кийинчерээк бул ыкманы Ч. Темпл, К. Меридит жана Д. Стилл өзгөртүшкөн жана аны сынчыл ойлом технологиясында колдонууну сунушташкан).
Ыкманын аталышы төмөнкү аббревиатураны түшүндүрөт:
I — interactive (интерактивдүү).
N — noting (тааныш-билүүчү).
S — system (системалуу).
E — for effective (натыйжалуу).
R — reading (окуу).
T — thinking (ой жүгүртүү).

4-кадам. Бир нече окуучунун (тандоо боюнча) таблицасын окуу. Эч кандай талкуу жүргүзүлбөйт, жөн гана тезистерин окуп беришет.

5-кадам. Текстти кайрадан окуу. Бул иш сабакты ой жүгүртүү баскычына өткөрөт. Таблица толтурулушу мүмкүн, кайсы бир тезистер бир катардан экинчисине өтүп кетет.

Шаг 6. Рефлексия. Бул баскычта таблицага киргизилген жазуулар талкууланат. Билимдердин кантип топтолушу талданат. Эскиден жаңыга карай кеткен жол бир топ көрсөтмөлүү жана түшүнүктүү болот.

Башталгыч класстардын мугалимдерине кеңештер

– Чакан текстти колдонуу сунушталат.
– Окуучулар койгон белгилерин оозеки айтып, үзүндүлөрүн окуп беришет. Таблицага улам толуктоолор киргизилип турат. Мугалим тезис деген эмне экендигин жана таблицаны тезистер менен кантип толтурууну түшүндүрүшү керек.
– Таблицаны эки тилкеге кыскартса да болот: «Тааныш маалымат» жана «Жаңы маалымат». «Суроом бар» жана «Башкача ойлогом» 3 тилкеден турган таблицаны толтурууну окуучулар үйрөнгөндөн кийин, ошондо да мугалим жаңы текст боюнча окуучуларда маалымат бар экендигине ишенсе улантылып кошулат.
– Толтурулган таблицалар тилке боюнча талкууланат, б. а. адегенде, алар үчүн эмне белгилүү болгону, андан соң жаңы билгендери ж. б.; «Билем» деген тилке боюнча, мүмкүн болушунча, бардык окуучулардан суроо керек. Калган тилкелер боюнча окуучулардын даярдыгына жараша суроо керек.

Иш өз алдынча, жупта жана топто жүргүзүлүшү мүмкүн. «Инсерт» ыкмасы сабактын ар бир баскычында колдонулат: ал буга чейин белгилүү болгон нерсени эстөөгө мажбурлайт, б. а. чакыруу стадиясы үчүн тиешелүү болот; тексттен жаңы нерсени бөлүп алууга мүмкүнчүлүк берет, бул болсо ой жүгүртүү баскычына тиешелүү болот; ой жүгүртүү жана рефлексия стадиясына туура келген маалыматты өз алдынча талдоону, интерактивдүү талкуулоону божомолдойт.

Инсерт ыкмасын сынчыл ой жүгүртүү методикасынын башка ыкмалары сыяктуу үзгүлтүксүз колдонуу жакшы натыйжа берет. Мугалимдер сабактын структурасына (түзүмүнө) тигил же бул ыкманы киргизип башташат да, бат эле андан кайра баш тартышат. Анын себеби катары «балдар түшүнбөй жатышат», «көп убакытты ээлейт», «натыйжасы жок» ж. б. деп жооп беришет. Албетте, текстти талдоо, аны абзац боюнча эмес, тезис түрүндө жазуу биринчи учурларда татаал болот. Жаңы нерседен баш тартууга бул себеп болбошу керек. Алгач кыскача тексттен баштагыла, т. а., адегенде, «Билем», «Жаңыдан билдим» деген эки графа жетиштүү болот, андан кийин текст менен иштөөнү татаалдаштыргыла.

Аталышы	МЕН – СЕН – БИЗ (Ойлонуу – Жупта иштөө – Баары менен бөлүшүү)
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • сюжеттин өнүгүшүн божомолдошот; • буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдешштиришет; • жекече жана топтордо иштешет; • текстти талдашат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	3–4
Окуу баскычы	Окууга чейин, окуу учурунда, окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына ылайык китептер
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	«МЕН – СЕН – БИЗ» көнүгүүсү өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт: Мен – мугалим койгон суроого карата жекече өз алдынча ой жүгүртүү; Сен – жупта иштөө; Биз – топто иштөө. **1-кадам.** Мугалим бул көнүгүүнү аткаруунун эрежелерин түшүндүрөт. Бул көнүгүүлөр төмөнкүлөргө багытталган: а) коюлган суроонун үстүндө өз алдынча ой жүгүртүү; б) «жуп менен иштөө» белгиси берилгенде ар бир окуучу парталаш өнөктөшүнө кайрылат жана суроо боюнча талкуулашат. Эгерде окуучунун парталаш өнөктөшү жок болсо, анда жанаша отурган жуптарга кошулат; в) жалпы класс алдында жооп берүүдө мугалим окуучулардын ысымдары жазылып, кутучага салынган карточкаларды колдоно алат. Мугалим кокустук жолу менен карточканы тандап алат, карточкада кимдин ысмы жазылган болсо, ошол жооп берет. **2-кадам.** Мугалим чыгарманы тыным жасоо менен окуйт. Биринчи тынымдан кийин окуучуларга кайрылат: – Өткөн сабакта биз силер менен окуган чыгарманы эстегиле. Ойлонгула, өтүлгөн чыгарма менен жаңы окулган чыгарманын ортосунда кандай жалпылыктар болушу мүмкүн. **3-кадам.** Берилген суроонун үстүндө окуучулар жупта талкуулашат. Бул учурда мугалим ар бир жупка кошумча же тактоочу суроолордун жардамы менен жооп табуусуна жардам берет. **4-кадам.** Мугалим ар бир жуптан эмнени талкуулагандыктарын айтып берүүсүн өтүнөт. **5-кадам.** Андан соң мугалим текстти улантып окуйт. Бул ыкма тандалып алынган текттин/чыгарманын темасы боюнча окуучулардын билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Аталышы	МЭЭ ЧАБУУЛУ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет; • китепке/чыгармага болгон кызыгуулары ойгонот; • элестетүүлөрүн колдонушат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына жана коюлган милдеттерге ылайык келген китептер Флипчарт, маркерлер
Окутууну уюштуруу формалары	Жалпы класс менен иштөө, чакан топтордо, жекече
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Китепти окугандан мурда мугалим окуу үчүн тандалып алынган китеп менен тааныштырат. Окуучуларга китепти барактап, иллюстрацияларын жана сүрөттөрүн, мазмунун, түзүлүшүн карап көрүүгө мүмкүнчүлүк берүү керек. **2-кадам.** Окуучулар китепти көңүл коюп карап чыккандан кийин, мугалим алардан тандалып алынган чыгарманын темасы боюнча билген маалыматтарын эске түшүрүүлөрүн өтүнөт. **3-кадам.** Окуучуларга бул тема боюнча өздөрүнүн негизги ойлорун дептерлерине жазуу тапшырмасы берилет. **4-кадам.** Мугалим окуучулардын ар бирин баракка, же доскага, же флипчартка маркер менен жазгандарына таянуу менен жалпы класс алдында маалыматтары менен бөлүшүүсүн өтүнөт. Бул учурда маалыматтарды топтоштурууга мүмкүнчүлүк болот. **5-кадам.** Эми мугалим окуучуларга текстти/китепти көңүл коюп окууну сунуштайт. **6-кадам.** Текстти окуп чыккандан кийин мугалим мээ чабуулу жолу аркылуу доскага жазылган маалыматтарга кайтып келүүгө чакырат. Төмөнкү суроолор боюнча талкуулашат: • Окуучулар билген нерселердин ичинен эмнелер тастыкталды же туура келди? • Тексттен окуучулар эмнелерди жаңыдан үйрөнүштү? • Кандай билимдерди же маалыматты окуучулар алгылары же билгилери келди? 4-тиркемеде окуучулардын жекече толтуруусу үчүн «Мээ чабуулу» формасы сунушталат.

Аталышы	ООБА/ЖОК КАРТОЧКАЛАРЫ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • текстти окуганга чейин буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет; • китепке/чыгармага болгон кызыгууларын көрсөтүшөт; • өздөрү жараткан элестетүүлөрүн колдонушат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына жана коюлган милдеттерге ылайык китептер Ар бир окуучу үчүн «Ооба» жана «Жок» карточкалары
Окутууну уюштуруу формалары	Жалпы класс менен иштөө, чакан топтордо, жекече
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Текст/китеп менен иштөөдөн мурда мугалим тексттин темасы боюнча бир нече ырастоолорду даярдап коёт. **2-кадам.** Мугалим окуучуларды «ооба/жок» көнүгүүсүнүн эрежелери менен тааныштырат. Ар бир окуучу ырастоолорду уккандан кийин аталган тема боюнча буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын пайдалануу менен ал ырастоо менен же макул болуусу, же макул болбоосу керек. **3-кадам.** Мугалим ырастоону окуйт, окуучулар тиешелүү карточкаларын көтөрүшөт. **4-кадам.** Мугалим окуучуларга текстти көңүл коюп окуу менен анын мазмунун терең түшүүнүүнү сунуштайт. **5-кадам.** Түшүнүү үчүн текстти окугандан кийин, мугалим окуучуларды ырастоолорго кайра алып келет, суроолорду берет: – Силердин пикириңерди өзгөртө албаган ырастоолор барбы? – Силердин пикириңерди алмаштыра ала турган ырастоолор барбы? Эгер ооба болсо, анда эмне үчүн? – Азырынча аныктай албай турган ырастоолор барбы? Дагы кандай маалыматтар керек?

Аталышы	КУТУЧАДАГЫ ТАБЫШМАК
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • текстти окуганга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет; • чыгармага болгон кызыгууларын көрсөтүшөт; • жараткан элестетүүлөрүн колдонушат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	3–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин
Керектелүүчү каражаттар	Кагаздар үчүн кутуча, кагаздар (стикерлер) Окуучулардын жаш курагына жана коюлган милдеттерге ылайык китептер
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Текстти же китеп окуудан мурда мугалим китепти көрсөтөт жана окуучулардан китептин аталышы, мукабасы, иллюстрациялары, мазмуну менен көңүл коюп таанышуусун өтүнөт. Бул китеп эмне тууралуу болору жөнүндө божомолдоолору менен бөлүшүүгө чакырат. **2-кадам.** Мугалим окуучуларга өз божомолдорун стикерге жазууну сунуштайт жана аларды жалпы кутучага салдырат. **3-кадам.** Окуучулар чыгарманы/текстти окуп, окуганын түшүнүүнүн үстүндө иштейт. **4-кадам.** Андан соң, балдар тексттин үстүндө иштеп, окуганын түшүнгөндөн кийин, мугалим кутучадан божомолдор жазылган стикерлерди алып чыгып окуп берет (бул жерде кайсы бир божомолду окуучулардын кимиси жазганы маанилүү эмес) жана окулган божомолдун тууралыгын талкуулоого чакырат. Иштин аягында мугалим окуучулардан төмөнкү суроолорго ойлонуп жооп берүүсүн өтүнөт: – Текст менен жакшы таанышуу үчүн божомолдорду айтууда «Кутучадагы табышмак» көнүгүүсү кандай жардам берет? – Текстте болгон окуя менен божомолдордун дал келгендигин билгиңер келеби? – Туура божомолдоолорду туюндуруу үчүн эмне жардам берет? – Божомол текстти/чыгарманы окууга болгон кызыгууларыңарды жогорулаттыбы?

Аталышы	АЛДЫН АЛА БААМДАП АЙТУУ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • текстти окуганга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет; • чыгармага болгон кызыгууларын көрсөтүшөт; • чыгарманын текстин талдашат; • чыгармадагы окуялардын өнүгүшүн божомолдошот.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	2–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин
Керектелүүчү каражаттар	Топтордун санына жараша бир-эки сүйлөм жазууга мүмкүн болгон карточкалардын топтому (10 даанадан) Окуучулардын жаш курагына жана коюлган милдеттерге ылайык келүүчү китептер
Окутууну уюштуруу формалары	Чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Окуучулар тааныша элек текстти тандап алгыла. Бул маалыматтык текст эмес, көркөм чыгарма болууга тийиш. **2-кадам.** Карточкаларга 1ден 10го чейинки сандарды маркер менен жазгыла. **3-кадам.** Классты чакан топторго бөлүштүргүлө (4–5 окуучудан). **4-кадам.** Ар бир топко дагы 10дон эч нерсе жазылбаган карточкаларды жана калемсап койгула. **5-кадам.** Ар бир топтон бирден окуучуну «Алдын ала баамдап айтуу» оюнун ойноого чакыргыла. Окуучу кайсы бир сан жазылган карточканы сууруп чыгат. Ал санды анын тобундагы окуучулар эстеп калыш керек. **6-кадам.** Хор менен окуу ыкмасын колдонуп чыгарманын башталышын гана окугула (жарым барактан ашпаш керек). Андан соң, чакан топтордун катышуучуларына 10 бош карточканын ар бирине чыгарма андан ары эмне болорун алдын ала божомолдоп жазуу тапшырмасын бергиле. Бул ишке тиешелүү убакытты чектеп койгула. **7-кадам.** Топ 10 карточканын баарын толтуруп бүткөн соң, балдар менен бирге чыгарманы аягына чейин окугула жана ар бир топтун алдын ала айтууларынын канчасы (божомолдору) туура келгендигин санагыла. Эгерде алдын ала баамдап айтуулардын тууралыгы мурда тандап алган цифра менен бирдей же андан көп болсо, ошол топ жеңүүчү деп табылат. **Көңүл бургула!** Бул көнүгүүнү колдонуу алдында окуучуларга алдын ала баамдап айтуу карточкасын аз санда (бирок 5тен кем эмес) алууну сунуштоого болот. Мугалим окуучуну окууга канчалык кызыктырса, китеп аны ошончолук өзүнө тарта берет. Ошондуктан окуу процессине мүмкүн болушунча оюндун элементтерин кошкула. 3-класстарды окууга кызыктырууда текстин окуясы кандай болорун алдын ала божомолдоо маанилүү компоненттерден болуп саналат.

Аталышы	ТЫНЫМ ЖАСАП ОКУУ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • текстти окуганга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет; • чыгармага болгон кызыгууларын көрсөтүшөт; • чыгарманын текстин талдашат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	2–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин
Керектелүүчү каражаттар	Көркөм чыгармалар
Окутууну уюштуруу формалары	Чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	«Тыным жасап окуу» үчүн баяндоо мүнөзүндөгү көркөм чыгармалар тандалып алынат. 1-класстын окуучулары үчүн тексттин көлөмү 4–5 сүйлөмдөн турушу мүмкүн. Окуучулар менен ар бир сүйлөмдөгү маалымат талкууланат. Бул ыкманы колдонуу үчүн мугалим даярдоо иштерин өткөрөт. Тактап айтканда, текст тандалат; аны үзүндүлөргө бөлөт; талкуулоо үчүн суроолорду түзөт (текстти окуганга чейинки суроолор, окуу учурундагы суроолор, окуп бүткөндөн кийинки суроолор); үйдөн аткаруу үчүн тапшырмалар. **Суроолорду даярдоо** Мугалим суроолорду алдын ала даярдайт. Суроолор 3 топко бөлүнөт: Суроолордун 1-тобу – окуп түшүнүүсүн текшерет: – Бул үзүндүдө ким же эмне тууралуу баяндалат? – Окуя кайда, качан болду эле? – Каармандардын аттарын атагыла ж. б. Суроолордун 2-тобу – окуганынын мазмунуна айрым талдоолорду жүргүзүү үчүн берилет: – Силер кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн … болду? – Тексттин бул бөлүгүндө кандай ой камтылган? Суроолордун 3-тобу – божомолдоо үчүн: – Окуя мындан ары кандай уланат деп ойлойсуңар? – Каарманга эмне болот? – … учурда … эмне кылышат? Ар бир үзүндүдөн кийин үч топко тең тиешелүү суроолор берилет. Алгач окуучулар тексттин аталышы боюнча чыгармада эмне тууралуу айтыларын аныкташат. Сабактын негизги бөлүгүндө ар бир үзүндүнү окугандан кийин окуучулар окуганынын андан ары өнүгүшү тууралуу жоромолдорун айтышат. Текстти толук окуп бүткөндөнкийин жалпылоо иши жүргүзүлөт. Окуучуларга үй тапшырмасы (көпчүлүк учурда чыгармачыл тапшырма) берилет.

Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга өтүлө турган тексттин аталышын айтып, доскага жазат жана суроо берет: – «Бир тууган» деген сөздү укканда эмнени элестетесиңер? Балдардын жоопторун угат. Ар түрдүү жоопторду угат, айрымдары боюнча тактап ала турган суроолорду берет. Мисалы, төмөнкү суроолор: – Мындай аталыштагы чыгарма ким же эмне тууралуу болушу мүмкүн? Силер кандай деп ойлойсуңар? Кайрадан окуучулардын жоопторун угат. **2-кадам.** Мугалим окуунун эрежеси тууралуу окуучулар менен аңгемелешүү өткөрөт: – Текстти окуп жатканда эрежелерди сакташыңар керек. Ал эрежелер баарыңар үчүн милдеттүү. Текстти барак менен жабасыңар жана улам кийинки үзүндүнү менин уруксатым боюнча ачасыңар улам кийинки «Токто» сөзүнө чейин). Мугалим жалпы окуучулардын макулдугун алып, текстти окууга өтөт. **3-кадам.** Мугалим текстти «Токто» деген 1-белгиге чейин ачууну сунуштайт (тексттин калган бөлүгү баракча менен жабылып турушу керек). **4-кадам.** Мугалим бул бөлүктү көркөм, үлгү катары окуйт. Окуу учурунда мугалим сөзсүз отурушу керек, турбайт, балдарга үстөмдүк кылбайт. Үзүндүнү окуган соң мугалим окуучуларга суроо берип, алардын жоопторун угат. Мына ушундай тартипте тексттин бардык бөлүгү окулат. 2-үзүндүнү окугандан кийин мугалим суроо берет: – Силердин алдын ала баамдаганыңар туура келдиби? Эмне туура келди, эмне туура келбей калды? Андан ары 3 топтогу суроолорго өтөт. **5-кадам.** Окуганы боюнча жалпылоо. Толук окуп бүткөн соң мугалим текст боюнча жалпылоо жүргүзөт. Окуучулардын өз ойлорун айтуусун өтүнөт: – Эмне үчүн мындай болду? Башкача болушу мүмкүн беле? Ушундай кырдаал силердин турмушуңарда болушу мүмкүнбү? Эмне үчүн? **6-кадам.** Үйгө тапшырма. Мугалим чыгармачыл үй тапшырманы сунушташы мүмкүн: «Сүрөттөрдүн тасмасын» түзүү («Сүрөттөрдүн тасмасы» – бул окуянын уланмалуулугун көрсөтүүчү бир нече сүрөттөр). «Сүрөттөрдүн тасмасын» пайдалануу менен аңгеме түзүү. Окуянын башкача өнүгүшүн ойлоп, жазып келүү.

Үлгү

Эки бир тууган. (Кыргыз эл жомогу)

Мугалим доскага «Бир тууган» деген сөздү жазып, балдарга суроо берет: *«Бир тууган» деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?»* Окуучулардын жоопторун угат. Мугалим айрым окуучулардан: *«Сенин канча бир тууганың бар? Атап берчи»* деп сурашы мүмкүн. Андан соң, мугалим бүгүнкү өтүлүүчү чыгарма «Эки бир тууган» деп аталат дейт да, суроо узатат: *«Балдар, силер кандай деп ойлойсуңар, бул чыгармада эмне тууралуу сөз болушу мүмкүн?»*. Окуучулардын жоопторун угат:

Мугалим окуунун эрежесин балдарга түшүндүрөт да, окуучулардын ортосуна отуруп, чыгарманын биринчи үзүндүсүн окуйт. Биринчи үзүндүнү окуп бүткөн соң, окуучуларга алдын ала даярдалып коюлган суроолорду берип, алардын жоопторун угат.

Биринчи үзүндү боюнча суроолор:
- Окуя каякта болуп өттү? Бир тууган ага-ини кандай жумуш кылышты?
- Энеси балдарынын башынан эмнени көрүп турчу экен?
- Силер кандай деп ойлойсуңар? Чыгарма андан ары кандай уланышы мүмкүн?

Мугалим 2-үзүндүнү окуйт. Ушундай тартипте уланта берет.
Экинчи үзүндүгө карата суроолор:
- Силердин алдын ала айткан жоопторуңар тастыкталдыбы?
- Инисинин эгини кандайча көбөйүп калды? Агасы муну эмнеге жоруду?
- Иниси эмне кылат деп ойлойсуңар?

Үчүнчү үзүндүгө карата суроолор:
- Иниси эмне кылды? Анын кылганы туурабы?
- Агасынын эгининин көбөйүшүнүн себеби эмнеде эле?

Төртүнчү үзүндүгө карата суроолор:
- Кичүү баласынын башында ит үрүп турганынын себебин кандай түшүндүңөр?
- Иниси эмне үчүн мындай ичи тарлыкка барды деп ойлойсуңар?

Бешинчи үзүндү боюнча суроолор:
- Кичүү баласынын башында ит үрүп турганын көргөндө эне кандай ойдо болду?
- Иниси өзүнүн катачылыгын түшүндүбү?
- Балдары энесине чындыкты айтыштыбы.

Жалпылоо үчүн суроолор:
- Мындай окуялар биздин турмушубузда да болушу мүмкүнбү? Силер бул жомоктон кандай сабак алдыңар?
- Ичи тардыктан, көрө албастыктан арылууга болобу? Кантип?

Үйдөн аткаруу үчүн тапшырма (окуучу бирөөсүн тандап алат):
- «Сүрөттөрдүн тасмасын» түзүү («Сүрөттөрдүн тасмасы» – бул окуянын уланмалуулугун көрсөтүүчү бир нече сүрөттөр). «Сүрөттөрдүн тасмасын» пайдалануу менен аңгеме түзүү.
- Окуянын башкача өнүгүшүн ойлоп, жазып келүү.

Эки бир тууган. (Кыргыз эл жомогу)

Илгери бир аял эки уулуна эки жерди бөлүп берет. Балдары бөлүп алган жерине эгин эгип, бак тигишип, жайлай иштешет. Уулдары түн ичинде уктап жатканда энеси экөөнүн тең башында дайыма эки чолпон жылдыз жанып турганын көрчү экен.

Биринчи тыным

Жай өтүп, берекелүү күз келет. Уулдары эгинин оруп-жыйып, опмайдалап бастырып, сапырып, тазалап, кызыл данын эки жерге үйүп коюп, үйлөрүнө келет. Энеси мал союп, чечкор өткөрөт. Түнкүсүн балдары кезектешип кырманды кайтармак болушат. Алды менен кичүүсү келип, ары басып, бери басып жүрүп, агасынын эгинин ташып, өзүнүкүнө кошуп коёт. Түн ортосу оогон кезде улуусу кырманга күзөткө келет. Караса, инисинин кызылы көбөйүп калган.

Экинчи тыным

– Инимди баба дыйкан колдогон экен. Ошондуктан анын эгини көбөйгөн тура. Кичүүсүнтүп тигини тигинт, муну минт деп көп жумшачу элем. Ошол эмгегин Баба дыйкан билген экен. Эмгеги акталыптыр, – деп кубанып, таң атарда үйгө келип, инисинин жанына жатып уктап калат.

Үчүнчү тыным

Кырманды караганы энеси келсе, улуу уулунун эгини кыбыр этип кыбырап, бир даны эки дан болуп, улам көбөйүп отуруп, кичүү баласынын эгинине жетип, ага да дан чачырайт. Дан чачыраган сайын кичүү уулунун даны азая баштайт. Ошондо эгиндин көбөйүшү токтолуп, тынып калат.

Төртүнчү тыным

Шашып-бушуп аял үйүнө келсе, уулдары дале уктап жатат. Улуу баласынын башында мурдагыдай эле чолпон жанып, кичүүсүнүн башында бир кара ит үрүп турганын көрүп, чочуп кетет.

Бешинчи тыным

Балдарын ойготуп:

– Балам, түндө эмне иттик кылдың эле, жашырбай айт? – деп кичүү баласынан сурайт. Кичүү уулу түндө агасынын эгининен алып, өзүнө кошуп койгонун жашырбай айтып берет.
– Балам, түндө сен эмне иш кылдың эле, жашырбай айт? – деп улуу баласынан сурайт. Улуусу көргөн-билгенин, ойлогонун айтып берет. Андан кийин энеси өзү барып кырмандан көргөндөрүн, уктап жаткан уулдарынын башында тургандарды, кичүү уулунун башындагы үрүп турган итти көргөнүн балдарына айтып берет.

Мына ошондон кийин кичүү баласы ичи тардыгын коюп, агасына жардам берип туруп калышыптыр.

Аталышы	БУЛ КИТЕП/ЧЫГАРМА ЭМНЕ ТУУРАЛУУ БОЛОРУН ЭЛЕСТЕТЧИ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • текстти окуганга чейинкибилимдерин жана тажрыйбаларын активдештиришет; • чыгармага болгон кызыгууларын көрсөтүшөт; • чыгарманын текстин талдашат; • окууда божомолдоону колдонушат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	3–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына жана коюлган милдеттерге ылайык китептер же тексттер
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	Сабак башталганга чейин даярдалган тексттен бир нече сөздү же фразаларды тандап алуу керек (5–7 сөз же фраза). Аларды кагазга өзүнчө принтерден басып чыгарып, доскага илүү керек же доскага жазып койсо да болот. Сөздөр тексттин төмөнкү элементтерине тиешелүү болуусу керек: – чыгарманын башкы каарманы/персонажы; – чыгарманын окуясы өткөн жер; – көйгөй; – окуя; – көйгөйлөрдүн чечилиши же кырдаалдан чыгуу. ***1-вариант*** **1-кадам.** Мугалим бул сөздөрдү текстте кандай кездешсе, ошого жараша доскага жайгаштырат. **2-кадам.** Мугалим окуучуларга төмөнкү тапшырмаларды аткаруусун сунуштайт (бул көнүгүүнү жекече, жупта же топтордо аткарса болот): «Бул окуя/аңгеме эмне тууралуу болорун доскада көрсөтүлгөн сөздөрдү/фразаларды колдонуп, өзүңөрдүн божомолуңарды айтууга аракеттенгиле. Эгерде тапшырма жекече аткарыла турган болсо, анда окуучулар божомолдорун адабий окуу дептерине жазса болот. Эгерде иш топто аткарылса, анда окуучулардан божомолдорун визуалдаштыруусун (сүрөт, карта ж. б.) өтүнгүлө («Текст менен иштөөгө карата графикалык уюштургучтар» бөлүмүн караңыз). Иштин аягында мугалим алынган натыйжаларды жекече же топ менен презентациялоосун өтүнөт: «Силердин божомолуңарда кандай окуя жаралды, тааныштыргылачы». **3-кадам.** Окуучулар өздөрүнүн божомолдору менен тааныш-тыргандан кийин, тексттин өзү менен иштөө башталат.

4-кадам. Аягында алгачкы божомолдоолор менен тексттен алынган маалыматтар салыштырылат. Бул үчүн Венндин диаграммасын колдонсо болот. Венндин диаграммасын түзгүлө.



2-вариант

1-кадам. Мугалим окуучуларды тексттин иллюстрацияларын көңүл коюп кароого чакырат жана божомолдоолорун түзөт: чыгарманын каарманы каармандары) ким? (кимдер?), окуя кайсы жерде өтөт? Каарманда кандай көйгөй пайда болду? Көйгөйлөрдү чечүүнүн кандай жолдору бар?

2-кадам. Окуучулар жекече, жупта же топтордо өздөрүнүн божомолдорун түзүшөт, каалоочулар аткарган иштерин презентациялашат.

3-кадам. Окуучулар текстти/китепти көңүл коюп окушат.

4-кадам. Окуучулар алдын ала түзгөн божомолдору менен оку-ган текстинен түшүнгөндөрүн/тапкандарын салыштырышат.

Үлгү

Аталышы	АНЫК ЖЕ АНЫК ЭМЕС ЫРАСТООЛОР
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • чыгарманын мазмуну тууралуу өз пикирлерин калыптандырышат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	2–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин, окуу учурунда, окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Мугалим флипчартка ырастоолорду даярдап же доскага жазып коюусу керек Окуучулардын жаш курагына жана коюлган милдеттерге ылайык келүүчү китептер же тексттер
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларды сабакта өтүлүүчү чыгарманын темасы менен тааныштырат. **2-кадам.** Мугалим чыгарманын мазмунуна тиешелүү болгон бир нече ырастоолорду окуп берет. **3-кадам.** Окуучулар ырастоолордун номерин көрсөтүү менен дептерлерине «+» туура же «–» туура эместигин белгилеп отурушат. Мисалы:

Ырастоонун номери	Менин божомолум	Тексттеги маалымат
1.	+	+
2.	–	+
3.	+	–
4.	–	–
5.	–	–

4-кадам. Окуучулар текстти окушат же мугалим аны жалпы класска үн чыгарып окуп берип, талкуу уюштурат.

5-кадам. Мугалим балдардын дептериндеги таблицага кайра кайрылат. Эгерде алардын жооптору анык болсо, «+» белгисин, анык эмес болсо, «–» белгисин коюсун өтүнөт.

Шаг 6. Мугалим балдардан «Туура (анык) же туура эмес» ыкмасы менен иштөө алардын текстти/китепти максатка ылайык жана ой топтоп окуусун канчалык деңгээлде шарттагандыгын баалоосун өтүнөт.

Үлгү

Мисалы, К. Тыныстановдун «Билим – түгөнбөс байлык» аңгемеси, «Адабий окуу», 2-класстар үчүн / Авторлор: Б. А. Абдухамидова, С. К. Рысбаев, К. Ибраимова. – Б.: «Принтэкспресс», 2013, 11-бет.

Ырастоолор:

Ырастоонун номери	Менин божомолум	Тексттеги маалымат
1. Атасы байлыгын эки уулуна тең бөлүп берет.	+	+
2. Апасы кичүү баласын окутуп, түрдүү өнөр үйрөтөт.	–	+
3. Атанын байлыгы тез эле түгөнөт.	+	–
4. Өнөрлүү бала эч нерседен кем болбойт.		
5. Атасынын байлыгына ишенген агасы инисинен жардам сурап келет.		

Билим – түгөнбөс байлык

Бир кишинин эки баласы бар эле. Атасы улуу баласын жакшы көрчү. Энчинин баарын улуу баласына бермек болду. Энеси эки баласын тең жакшы көрчү. Ошондуктан: «Энчини экөөнө тең бөлүп берели», – деп кеңеш салды. Күйөөсү аялынын тилин албады, акылын укпады. Аялы таарынып, чийдин түбүндө ыйлап отурду.

Жолдон өтүп бар жаткан жолоочу аялды көрүп:

– Эмнеге ыйлап жатасыз? – деп сурады. Аял болгон окуянын жөн-жайын айтып берди. Жолоочу окуяга түшүнгөн соң, аялга мындай деди:

– Сиз ыйлабаңыз. Андан көрө кичүү балаңызды окууга жибериңиз. Билим – түгөнбөс байлык. Атанын дөөлөтү колдун кириндей. Бат эле жоголот.

Аял жолоочунун сөзүнө макул болду. Баласын алыскы жерге окууга жиберди.

Бала көп жыл тырышып окуду. Түрдүү сонун өнөр үйрөндү. Өнөрүнүн аркасында бай болду.

Агасы ата дөөлөтүнө мас болуп жүрүп, өнөрдөн куру кол калды. Ата дөөлөтү бат эле бүттү. Абдан жарды болду. Акыры инисинен жардам сурап калды.

Аталышы	ЧЫГАРМАНЫН АЙЛАМПАСЫ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • тексттеги негизги ойду бөлүп алышат; • окуганын визуалдаштырышат; • текстти талдашат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	2–4
Окуу баскычы	Текстти окуу учурунда жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Айлампа түрүндө тартылган сүрөт:  Окуучулардын жаш курагына жана коюлган милдеттерге ылайык келүүчү китептер же тексттер.
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Сабак башталганга чейин мугалим үлгүдө көрсөтүлгөндөй форманы чийип, аны 6–8 бөлүккө бөлөт, анын борборуна кичинекей айлананы жайгаштырат. **2-кадам.** Окуучулар чыгарманы көңүл коюп окушат. **3-кадам.** Окуп чыккандан кийин окуучулар чыгарманын негизги окуяларын баштан-аяк болуп өткөн ырааттуулукта тандап алышып, алардын ар бирин дөңгөлөктүн бөлүктөрүнө жайгаштырышат. Дөңгөлөктүн борборуна чыгарманын аталышы жана автору жазылат. Кааласа, ар бир окуяны номерлеп койсо болот. **4-кадам.** Эми окуучулар ар бир окуяга ылайык сүрөт тартышат же ар бир бөлүктөгү окуяны кыскача баяндап берүүлөрү керек. **5-кадам.** Окуучулардын аткарган иштеринин бардык натыйжалары класска илинет: доскага жайгаштырса болот, сүрөттө көрсөтүлгөндөй, терезеден же шыптан жип тартып, илип койсо да болот. Жекече толтуруу үчүн 5-тиркемеде «Чыгарманын айлампасы» формасы берилди.

Үлгү

Аталышы	ОКУЯНЫН КАРТАСЫ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • негизги ойду бөлүп алышат; • окуганын визуалдаштырышат; • тексттеги негизги окуяларды бөлүп алышат; • окуганын талдашат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	2–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Чыгарманын картасы Окуучулардын жаш курагына жана коюлган милдеттерге ылайык келген китеп же текст
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга сунушталган форманы толтуруу менен (6-тиркеме) окуянын картасын түзүүнү сунуштайт. **2-кадам.** Окуучулар чыгарманы же текстти көңүл коюп окушат. **3-кадам.** Окуучулар окуп чыккан соң, чыгарманын башынан аягына чейин болуп өткөн негизги окуяларды ырааты менен аныкташат. Аларды окуялар картасынын ар бир бөлүгүндө чыгарманын аталышын жана авторун көрсөтүү менен белгилешет. **4-кадам.** Аткарылган иштердин бардыгы класска жайгаштырылат (можно разместить их на доске или на стене). 6-тиркемеде өз алдынча толтуруу үчүн «Окуянын картасы» формасы берилген.
Үлгү	

Аталышы	СЮЖЕТТИК СЫЗЫК
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • чыгармадагы негизги ойду аныкташат; • чыгарманын сюжетин айтып беришет.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына жана коюлган милдеттерге ылайык китеп же текст «Сюжеттик сызык» формасы 
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Окуучулар чыгарма (текст же китеп) менен таанышышат. **2-кадам.** Окуучулар тексттен алынган маалыматтын негизинде «Сюжеттик сызык» формасын толтурушат. **3-кадам.** Мугалим окуучулар менен бирге толтурулган сюжеттик сызыктын варианттарын талкуулашат. *Эскертүү:* топтор менен иштөөдө түстүү стикерлерди колдонсо болот. Доскага окуучулардын сюжеттик сызыкка (траекторияга) ылайык аткарган иштерин илип, алардын ичинен эң ылайыктуу вариантын талкуулашат. 7-тиркемеде өз алдынча толтуруу үчүн «Сюжеттик сызык» формасы берилген.

Аталышы	«КОЛ» (БЕШ МАНЖА)
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • чыгармадагы негизги ойду аныкташат; • сюжеттин бөлүктөрүн бөлүп алышат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына жана коюлган милдеттерге ылайык келген китеп же текст «Кол» формасы
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Окуучулар чыгарма (текст же китеп) менен таанышышат. **2-кадам.** Тексттен алынган маалыматтын негизинде «Кол» формасын толтурушат. **3-кадам.** Мугалим окуучулар менен бирге толтурулган формалардын варианттарын талкуулашат. *Эскертүү:* топтор менен иштөөдө түстүү стикерлерди колдонсо болот. Доскага окуучулардын аткарган иштерин илип, алардын ичинен эң ылайыктуу вариантын талкуулашат. 8-тиркемеде өз алдынча толтуруу үчүн «Кол» формасы берилген.
Үлгү	

Аталышы	ЧЫГАРМАНЫН ДАРАГЫ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • чыгармадагы негизги ойду аныкташат; • сюжеттин бөлүктөрүн санап беришет.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына жана коюлган милдеттерге ылайык китеп же текст «Чыгарманын дарагы» формасы
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Окуучулар чыгарма (текст же китеп) менен таанышышат. **2-кадам.** Тексттен алынган маалыматтын негизинде «Чыгарманын дарагы» формасын толтурушат. **3-кадам.** Мугалим окуучулар менен бирге толтурулган формалардын варианттарын талкуулашат. *Эскертүү:* топтор менен иштөөдө түстүү стикерлерди колдонсо болот жана доскага окуучулардын аткарган иштерин илип, алардын ичинен эң ылайыктуу вариантын талкуулашат. 9-тиркемеде өз алдынча толтуруу үчүн «Чыгарманын дарагы» формасы берилген.
Үлгү	



9-тиркеме. Чыгарманын дарагы

Аталышы	ОКУЯЛАРДЫН ЖАНА КААРМАНДАРДЫН ГАЛЕРЕЯСЫ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • окуганын түшүнгөндөрү боюнча сүрөт тартышат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	2–4
Окуу баскычы	Текстти окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Боёктор, түстүү калемдер, альбомдор
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларды чакан топторго бөлүштүрөт. **2-кадам.** Окуучулар чыгарманы же текстти көңүл коюп окушат. **3-кадам.** Окуучулар ар бири өз алдынча же топтордо чыгармадагы окуялардын сүрөтүн тартышат. **4-кадам.** Аткарылган иллюстрациялар класстын дубалына же доскага чыгармадагы окуянын хронолгиясына ылайык жайгаштырылат.
Үлгү	

Аталышы	КОМИКС ТҮЗҮҮ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • окуган чыгармасын иллюстрациялашат; • комикс түзүшөт (жаратышат).
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	2–4
Окуу баскычы	Текстти окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Боёктор, түстүү калемдер, альбомдор
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	Окуучуларга окуп чыккан чыгармасы боюнча комикс түзүү тапшырмасы берилет. Иш өз алдынча же чакан топтордо аткарылат. Мугалим үчүн эскерткич: – Заманбап балдар адабиятында комикс багыты эң бир популярдуу. Комикс – бул юмордуу же укмуштуу окуяларды камтыган ырааттуу баянды түзгөн сүрөттөрдүн сериясы. Ал сүрөттөр текст менен коштолот. Франциялык белгилүү TOON Books басмаканасынын жетекчиси Франсуаза Моли балдар комикстерди окууда «бир нече ой жүгүртүү процесстери: корутундулоо, дедукция жана абстракция катышат» деп эсептейт. Балдар менен комикс үчүн сүрөттөрдү жаратуу – бул ыр саптарын түзүүдөн да жогору турган чыгармачылык процесс. Биз поэзияны муундары жана сөздөрүнүн саны боюнча эмес, биздеги сезимдерди ойгото алуу кудуретине жараша баалайбыз. Комикстеги башкы нерсе – негизги нерсени туура тандап алуу, эң башкы маанини туюндуруу»[1].



10-тиркеме. Комикс түзүү

[1] Буг Дж. Рождённый читать: как подружить ребёнка с книгой. – М.: Альпина нон-фикшн, 2015. – 266 б.

Аталышы	СТИКЕР-АҢГЕМЕ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • берилген форма боюнча окуган чыгармасын иллюстрациялашат; • стикер-аңгеме жаратышат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	2–4
Окуу баскычы	Текстти окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Боёктор, түстүү калемдер, альбомдор
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	Стикер-аңгеме – бул окуганын түшүнгөнүн чагылдырган иллюстрациялар жана бир нече сүйлөм (3–5) аркылуу окуган чыгармасынын кыскача баяндамасын түзүү. Алар кыска, так болуп, чыгарманын башкы идеясын бере алышы керек. Бул көнүгүү азыркы учурда тапшырманы аткарууда иллюстрацияны колдоо үчүн колдонулуп жаткан стикерлердин аталышынан алынган. Балдар аларды өздөрүнүн чыгармачылык иштерин кооздоодо ыракаттануу менен колдонушат. Барактын бир бетине иллюстрациялар боюнча аңгеме түзүү үчүн төмөндөгүдөй даярдыктар көрүлөт: **МЕНИН СТИКЕР-АҢГЕМЕМ** _____ _____ _____ _____

1-кадам. Окуучулар чыгарманы окушат.

2-кадам. Мугалим окуучуларга стикер-аңгеме түзүү үчүн атайын форма таратат.

3-кадам. Балдар стикер-аңгеме түзүшөт: окуганын түшүнгөнүн чагылдырган иллюстрациялар жана бир нече сүйлөм (3–5).

4-кадам. Класста окуган чыгармасы боюнча стикер-аңгемелердин көргөзмөсү уюштурулат.

11-тиркемеде стикер-аңгеменин формасы сунушталган.

Үлгү



11-тиркеме. Стикер-аңгеме

Аталышы	СҮРӨТЧҮНҮН ЖООБУ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • окуган чыгармасын иллюстрациялашат; • окуганын түшүнгөнүн искусствонун түрдүү каражаттары аркылуу чагылдырышат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Түстүү калемдер, боёктор, фломастерлер, пластилин
Окутууну уюштуруу формалары	Чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга бүгүн алар сабакта искусствонун өкүлдөрү катары катышышарын билдирет: сүрөтчүлөр, скульпторлор, режиссёрлор, бийчилер. **2-кадам.** Окуучуларды чакан топторго бөлүштүрөт. **3-кадам.** Окуучулар текстти көңүл коюп окушат жана окуганынын негизинде сүрөт тартышат, түстүү кагаздар жана пластилин менен иштешет. Сахналаштырууну, куурчак театрын жана бийлерди уюштурушат. **4-кадам.** Окуучулар башка топтордун алдында аткарган иштерин көрсөтүп беришет.
Үлгү	

Аталышы	ТЕКСТ – МЕН – ЖЫЙЫНТЫК/КОРУТУНДУ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • чыгарманы талдашат; • окуу процессинде жоромолдоолорду колдонушат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	3–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш курагына (классына) ылайык келген китеп же текст «Текст – Мен – Жыйынтык/Корутунду» формасы
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	Бул көнүгүү окуучулар текстти/китепти көңүл коюп окугандан кийин аткарылат. **1-кадам.** Мугалим окуучуларга окуганынын түшүнүү процес-синде жоромолдоолор менен иштөө милдети тургандыгын түшүндүрөт. Жоромолдоо ийгиликтүү окуунункөндүмү болуп саналат. Ал тексттен, алынган маалыматтан, өздүк билиминен жана жеке тажрыйбасынан улам калыптанат. **2-кадам.** Мугалим окуучуларды текст менен алдын ала таанышууну сунуштайт. Бул мугалим менен биргелешкен, башкарып же өз алдынча үн чыгарып окуу болушу мүмкүн. Окуунун формасын мугалим коюлган максат-милдеттерге жана окуучулардын көндүмдөрүнүн өнүгүү деңгээлдерине ылайык тандап алат. **3-кадам.** Мугалим текст менен алдын ала таанышкандан соң окуучулар биргеликте окуганын түшүнүү боюнча «Текст – Мен – Жыйынтык/Корутунду» таблицасын толтурушат. **4-кадам.** Окуучулар башка топтордун алдында аткарган иштерин көрсөтүшөт.

Үлгү

ТЕКСТ

Менин божомолдорум ... менен ырасталат.

Бул баскыч тексттен маалыматты табууга жана өзүнүн жеке билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

↓

Мен ... болсо керек деп божомолдойм.

Бул баскыч текстте чагылдырылган бардык маалыматтар камтылган/камтылбагандыгын аныктоого жардам берет.
Мен билимим жана тажрыйбаларымдын негизинде мындайча түшүнөм.

↓

Жыйынтык ... болуп саналат.

Жыйынтыкта окуучулар жоромолу ырасталгандыгы/ырасталбагандыгы тууралуу корутундуга келишет же өзүнүн пикирин өзгөртөт.

Биринчи тилкеде окуучулар тексттен кандай маалымат алынгандыгын белгилешет.

Экинчи тилкеде маалыматты түшүнүүдө окуучунун таянган билими жазылышы керек.

Үчүнчү тилкеде жалпы корутунду, жыйынтык чыгарылат.

Мисалы:

Текстте...	**Мен ... деп ойлойм**	**Жыйынтык/корутунду...**
1. Эң жакын дос бул ким же эмне? Баланын эң жакын досу – китеп.	Мага сабакта ар дайым жардам берген класташым – менин эң жакын досум.	Билбегенди билгизип, акыл айтып, туура жолго үндөгөн акылдуу китептер – биздин эң жакын досторубуз.
2.		

Аталышы	СЫЙКЫРДУУ БАШТЫК
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • жоромолдоону колдонушат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Түрдүү буюмдар салынган баштык
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	Сабак башталганга чейин мугалим баштыкка буюмдарды чогултат. Окуучулар алардын кандай жагдайларда колдонулушун табышы керек. Алар күндөлүк жашоодо колдонулуп жүргөн буюмдар, ашканага керектүү шаймандар, ар кандай аспаптар ж. б. болушу мүмкүн (консерваланган банкаларды ачкыч, өчүргүч ж. б.). Божомолдоо ийгиликтүү окуунун көрсөткүчү болуп саналат. Ал тексттен алынган маалыматтын жана окуучунун өздүк билими менен тажрыйбасынын негизинде калыптанат. **1-кадам.** Мугалим окуучуларга божомолдоо боюнча иштөө милдети тургандыгын түшүндүрөт.

2-кадам. Окуучулар баштыктагы бир буюмду кармалап көрүп (баштыктан чыгарбай туруп), ал буюмдун колдонулушу боюнча божомолдорун айтышы керек.

Мисалы

Кашык	Мен бул нерсени тамак ичкенде колдонулат деп ойлойм.
Теннис тобу	Бул нерсе менен теннис ойнойт деп ойлойм.
Өчүргүч	Бул нерсе калем сап менен жазылган жазууну же сызылган сызыкты өчүрүү үчүн колдонулат деп ойлойм.

3-кадам. Мугалим окуучулар менен бирге буга чейинки билимдери жана турмуштук тажрыйбаларынын негизинде жардамчы сөздөрдү пайдалануу менен божомолдорун кантип түзгөндөрүн талкуулашат.

4-кадам. Мугалим окуучуларга предметтин кандай кызмат кыларын табуу үчүн колдонгон божомолдоо көндүмдөрүн текстти окууда да пайдалануу зарыл экендигин түшүндүрөт. Божомолдоо окулуп жаткан сөздүн, сүйлөмдүн, абзацтын, тексттин маанисин түшүнүүгө жардам берет. Автор чыгарманын маанисин дайыма түз айта бербейт, айрым чыгармаларда анын маанисин түшүнүү үчүн окурман өзүнүн билимин жана тажрыйбасын колдонуусу керек болот.

Аталышы	«АЧЫК» ЖАНА «ЖАБЫК» СУРООЛОР
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • чыгармага карата суроолорду түзүшөт; • тексттен маалыматты табышат; • сюжеттин өнүгүшүн божомолдошот; • чыгарманы талкуулоого катышышат
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Таблица «Суроолор» **«Ачык» суроолор** | **«Жабык» суроолор** || ||
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга эки тилкеден турган таблица түзүү тапшырмасын берет Тилкенин оң жагына «ачык» суроолор, ал эми сол жагына «жабык» суроолор жазылат. Мугалим алардын мүнөздөмөсүн түшүндүрөт. «Ачык» суроолор – бул суроолордун жооптору ачык, чечмеленүүчү, толук, ар тараптуу жана узак болушу мүмкүн. Мисалы: «Эмне үчүн айрым канаттуулар кышында түштүк тараптарга учуп кетишет?». «Жабык» суроолор – жооптору бир маанилүү, кыска болушу мүмкүн. Жообу бир сөз менен же ооба/жок деп да берилиши мүмкүн. Мисалы: «Канаттуулар кышында кайда учуп кетишет?». **2-кадам.** Окуучулар текстти көңүл коюп. **3-кадам.** Текстти окуп чыккан соң, ар бир окуучу дептерине же доскага 2–3 «ачык» жана 2–3 «жабык» суроолорун түзүп жазышат. **4-кадам.** Окуучулар жупта иштешет, б. а. бири-бирине дептерлеринде жазылган суроолорун беришет. **5-кадам.** Каалоочулар өздөрүнүн суроолорун жалпы класска бериши мүмкүн. Текст менен таанышканга чейин бул көнүгүүнү текстте эмне тууралуу сөз болорун божомолдоо иретинде «ачык» жана «жабык» суроолорду түзүүгө багыттаса болот. Текст менен таанышкан соң, текстти окуганга чейин түзүлгөн суроолор боюнча маалымат алынган/алынбагандыгын текшерүү максатында ал суроолорго кайрылат. Кайсы суроолор жоопсуз калды, дагы кандай кошумча маалыматтар керектиги такталат.

Аталышы	ТОЛКУНДУН ЭФФЕКТИ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • текст боюнча суроо түзүшөт; • берилген суроолорго жоопторду окуган чыгармасынан издеп табышат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	2–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык тандалып алынган текст/китеп ***Толкундун эффекти чагылдырылган сүрөт***
Окутууну уюштуруу формалары	Чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим толкундун эффекти тууралуу айтып берет: көлгө ташты ыргытканда эмне болорун балдардын оюнда элестетүүсүн өтүнөт. Таш түшкөн жерден таркап кеткен суунун айланалары «толкундун эффекти» деп аталат. Бир толкун экинчи толкунду пайда кылат (сүрөттө көрсөтүлгөндөй). Мугалим текстти түшүнүүгө карата суроолорду түзүү зарыл экендигин айтат, суроолор биринен экинчиси келип чыгып, ал суроолорго жооп берүү менен окуучулар сюжеттин хронологиясын, окуялардын ырааттуулугун, каармандардын иш-аракеттерин байкоолору керек. Мисалы: Чыгарманын башкы каарманы ким? Анын иш-аракети кандай? Иш-аракеттердин/окуялардын себептери эмнеде? Иш-аракеттердин/окуялардын натыйжалары кандай болду? ж. б. **2-кадам.** Флипчарт илинет же доскага толкундун натыйжасынын диаграммасы тартылат. ***«Толкундун натыйжасы» диаграммасы*** 

3-кадам. Окуучулар же мугалим текстти үн чыгарып окуйт.

4-кадам. Окуучулар текстти окуу учурунда пайда болгон суроолорун стикерлерге жазып алышат.

5-кадам. Мугалим окуучулардын суроолорун «Толкундун эффекти» диаграммасына жайгаштыруусун өтүнөт. Окуучулар суроолор «толкундун» кайсы стадиясында жайгашуусу керектигин активдүү талкуулашат.

6-кадам. Мугалим бул көнүгүү боюнча жумушту аяктоодо окуучулардын төмөнкү суроолорго жооп берүүсүн өтүнөт:

– Суроолорду түзүү текстти түшүнүүгө кандай жардам берет?

– Суроолор менен иштөө текстти тааныштыруу үчүн окуп жатканда жолукпаган нерселерди түшүнүүгө жардам бердиби?

– Тексттеги кайсы суроого жооп таба алган жоксуңар?

Аталышы	СУРООЛОРДУН «РОМАШКАСЫ»
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • текст боюнча суроолорду түзүшөт; • текстten маалыматтарды табышат; • текстти талкуулоого катышышат; • чыгарманын сюжетинин өнүгүшүн божомолдошот.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Суроолордун «ромашкасы» формасы (12-тиркеме)
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга дептерлерине суроолордун «ромашкасын» түзүү тапшырмасын берет же «ромашканы» доскага жайгаштырат. **2-кадам.** Окуучулар текстти көңүл коюп окушат. **3-кадам.** Текстти окуп чыккан соң, мугалим окуучуларга ар бири дептерине текст боюнча суроолорду Блумдун таксономиясы боюнча түзүүсүн сунуштайт же тапшырма жалпы класс менен биргеликте аткарылат. Алты желекче – алты типтеги суроолор. – **Жөнөкөй суроолор.** Жооптору кандайдыр бир фактылар болгон суроолор. – **Тактоочу суроолор.** «Башкача айтканда, сен мындай деп жатасың ...», «Эгер мен сени туура түшүнсөм, анда» деген сыяктуу фразалар менен башталат. Мындай суроолор, көбүнчө, берилген же айтылган маалыматты тактоо үчүн берилет. – **Интерпретациялык** (түшүндүрүүчү) **суроолор.** Мындай суроолор көбүнчө «Эмне үчүн?» деген фраза менен башталат. Алар себеп-натыйжа байланышын түзүүгө багытталат. «Эмне үчүн канаттуулар кышында түштүк тарапка учуп кетишет?» Эгерде бул суроонун жообу тексттен белгилүү болсо, анда ал интерпетациялыктан жөнөкөй суроого айланат. – **Чыгармачыл суроолор.** Мындай суроолор төмөнкүдөй болушу мүмкүн: Жер бетинде канаттуулар жок болуп кетсе эмне болмок? Эгерде сен эч ким жашабаган аралга түшүп калсаң эмне кылмаксың? – **Баалоочу суроолор.** Кандайдыр бир окуяны баалоо ченөлчөмүн аныктоо үчүн берилет. Мисалы: Эмне үчүн боорукер болуу керек? Эмне үчүн окуучуларга жол эрежелерин билүү зарыл? – **Практикалык суроолор.** Бул суроолор теория менен практиканы байланыштырат. Даракты кантип отургузуу керек? Градусник эмне үчүн керек?

Эскертүү

Окуучулар тигил же бул суроолордун типтеринин айырмачылыктарын ажырата билүүсү үчүн бул көнүгүүлөрдү бир нече ирет пайдалануу керек. Эгерде окуучулар алардын айырмачылыктарын так ажырата алышпаса, анда мугалим аларга жардам берүүсү керек. Практикалык иш канчалык көп болсо, окуучулар суроолордун типтерин ошончолук тез түзө башташат. Бул болсо алардын туура суроо берүү көндүмдөрүн өнүктүрүүнү шарттайт.

4-кадам. Мугалим окуучуларга түзүлгөн суроолордун жоопторун тексттен табуу тапшырмасын берет.



12-тиркеме. Суроолор ромашкасы

Аталышы	СУРООЛОР АЙЛАМПАСЫ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • суроо түзүшөт; • текстten маалыматтарды табышат; • сюжеттин өнүгүшүн божомолдошот.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	«Суроолор айлампасы» формасы (13-тиркеме) 
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим окуучуларга дептерлерине «Суроолор айлампасын» чийүү тапшырмасын берет же доскага тартат. **2-кадам.** Мугалимдин сунушу боюнча окуучулар текстти көңүл коюп окушат. Андан кийин таблицада берилген сөздөрдү колдонуу (суроо) менен текст боюнча суроолорду түзүшөт. **3-кадам.** Окуучулар жуптарда иштешет. Диаграмма боюнча түзүлгөн суроолорун бири-бирине берип, жооп алышат. **4-кадам.** Мугалим окуучулардан түзүлгөн суроолор жана аларга тексттен жооп издөө текст менен тереңирээк таанышууга канчалык деңгээлде жардам бергенин сурайт.

Үлгү

13-тиркеме. Суроолор айлампасы

Аталышы	«ЫСЫК» ОТУРГУЧ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • суроо түзүшөт; • текстен маалыматты табышат; • сюжеттин өнүгүшүн божомолдошот.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Класстын борборуна отургуч коюлат
Окутууну уюштуруу формалары	Топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим класстын ортосуна отургуч коёт. **2-кадам.** Окуучулар текстти окушат. **3-кадам.** Окуп бүткөндөн кийин бир окуучу отургучка отурат, калгандары тегерете турушат. Оюндун эрежеси боюнча отургучта отурган окуучу текст боюнча суроо берет. Ким биринчи жооп берсе, отургучка отуруп, текст боюнча кийинки суроо берет.

Аталышы	КЛАСТЕР
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • текстти түшүнгөнүн көрсөтүшөт; • текстти түшүнгөнүн көрсөтүү үчүн ой жүгүртүү схемасын колдонушат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	2–4
Окуу баскычы	Текстти окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Флипчарт менен стикерлер же түстүү борлор, калем саптар, калемдер, фломастерлер
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	Кластер (от англ. *Cluster* – боо, тутам) – өз алдынча бирдик катары каралган, белгилүү касиеттерге ээ болгон бир нече бир өңчөй элементтердин биригиши. Берилген маалыматтардын, жеке тажрыйбасынын негизинде түшүнүктөрдү бириктирген педагогикалык ыкма. Бир теманын айланасында эркин ой жүгүртүүгө шарт түзөт. **1-кадам.** Мугалим ватман кагаздын же досканын ортосуна теманы, темага байланышкан негизги сөздү же сөз айкашын жазат. **2-кадам.** Окуучулар берилген тема боюнча алар окуган чыгармадагы негизги деп эсептегендерин айтышат. Жыйынтыгында анын айланасына окулган чыгармадагы идеялар, фактылар, образдар чагылдырылган сөздөр же сөз айкаштары жазылат. Окуучулар тарабынан айтылгандардын баары жазылат, эч бир ой четке кагылбайт. **3-кадам.** Системалуулук ишке ашырылат. Мындан ары талдоо, системалаштыруу, жазылган бардык сөздөрдү алардын эмне тууралуу айтылгандарына жараша топторго бириктирүү иши турат. **4-кадам.** Окуучулардын талкуулоолоруна жараша негизги түшүнүк менен түз сызык аркылуу бириктирилген сөздөрдүн, сөз айкаштарынын тобунун аталышы келип чыгат. Иштин натыйжасында окулган чыгарма тууралуу ой жүгүртүүнү графикалык чагылдырган түзүм пайда болот.

Аталышы	ТОП
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • суроолорго тиешелүү жоопторду берүү үчүн чыгармадан маалыматтарды табышат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	1–4
Окуу баскычы	Текстти окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Суроолор жазылган топ (же кагаздан жасалган топ)
Окутууну уюштуруу формалары	Чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-кадам.** Мугалим топту алат жана бир окуучудан анын ар кайсы тарабына *«Качан?» «Ким?» «Баары эмнеден башталды?» «Чыгарманын ортосунда эмне болду?» «Чыгарма эмне менен аяктады?»* жана *«Мага жаккан бөлүгү»* деген суроолорду жазуусун өтүнөт. Аны оюн үчүн пайдаланышат (мугалим бул оюн үчүн топту алдын ала даярдап койсо да болот). **2-кадам.** Мугалим оюндун шартын түшүндүрөт: Топ окуучуларга кезектештирилип ыргытылат, окуучулар топту тосуп алып, анын үстүңкү жагында жазылган суроого жооп берүүгө тийиш. Жооп бергенден кийин окуучу топту мугалимге кайра ыргытат. Же мугалимдин сунушу боюнча башка окуучуга берет. **3-кадам.** Оюндун жүрүшүндө окуучуларга суроого бат жооп берип, топту мүмкүн болушунча кайра тез ыргытуусу сунушталат. Бул балдарды алаксытат. Эгер окуучу окуяны эстей албаса, мугалим ага анча-мынча жардам кылса болот. Оюн бардык суроолорго жооп алынмайынча улантыла берет. **4-кадам.** Оюндун аягында мугалим окуучулардан өздөрүнүн оозеки берген жоопторун жазуусун, же жоопторун иллюстрацияга айландыруусун өтүнөт. Чыгарманын окуясын эстөөгө жардам берүү жана окуганын түшүнүү үчүн бул ыкма абдан натыйжалуу болот.

Үлгү

Аталышы	КРОССВОРД ТҮЗҮҮ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • окуганын түшүнгөнүн визуалдаштырышат; • окуган чыгармасы боюнча кроссворддорду түзүшөт; • өзүнүн түшүнгөнүн айтып берүү үчүн элестетүүсүн колдонот; • окуганын жалпылайт.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	3–4
Окуу баскычы	Текстти окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Дептердин барагы, калем сап же калем
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	Кроссворд түзүү окуучулардын окууга болгон кызыгууларын жогорулатат, алардын байкагычтыгын өнүктүрөт, көркөм чыгарманы толук кабыл алуусуна мүмкүнчүлүк берет. Адабий окуу сабактарында өтүлгөн материалдарды жеткиликтүү жана кызыктуу формада кайталоо менен кроссворддорду түздүрүү аркылуу окуучулардын чыгармачыл иштерди аткаруу көндүмдөрүн, окууга болгон кызыгуусун өнүктүрүүгө болот. Окуучулар окуган чыгармасын кайрадан окуп чыгып, өз алдынча жаңы нерсени ачууга же түзүүгө аракеттенет. Кроссворддорду өзүнчө баракка түзүшөт, аны кооздошот, иллюстрациялашат. Кроссворддун айрым бөлүктөрү сабактарда, айрымдары класстан тышкаркы иштерде колдонулат жана класстык бурчка илинет. ***Тигинен:*** 2. Камбар-хандын кимиси жоголот? 3. Күйгөн теректин бутагына эмне керилип туруптур? ***Туурасынан:*** 1. Аспап эмне деп аталып калды? 4. Токойдогу өрттүн келип чыккан себеби. 5. Аспапты жасаганга колдонулган нерсе.  ***Жооптор:*** 1. Комуз. 2. Уулу. 3. Ичеги. 4. Чагылган. 5. Дөңгөч

Аталышы	ВИКТОРИНА
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • окуганын түшүнгөнүн визуалдаштырышат; • өзүнүн түшүнгөнүн айтып берүү үчүн элестетүүсүн колдонот; • окуганын жалпылайт; • окуган чыгармасы боюнча викториналык суроолорду түзүшөт.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	3–4
Окуу баскычы	Текстти окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	А4 кагаз, боёктор же түстүү калем саптар, калем, кайчы
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	Мугалим окуучулардан окулган чыгармага тиешелүү суроолорду түзүүнү өтүнөт. Үйдүн сүрөтү тартылып, суроолор терезелердин жапкычтарына жазылат, ал эми жооптор терезелерге жазылат.
Үлгү	

Аталышы	ЖОМОКТУК КУЛАКТАНДЫРУУЛАР ЖАНА ТЕЛЕГРАММАЛАР
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • окуганын түшүнгөнүн визуалдаштырышат; • өзүнүн түшүнгөнүн айтып берүү үчүн элестетүүсүн колдонот; • окуганын жалпылайт; • жарнама текстин түзүшөт.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	3–4
Окуу баскычы	Текстти окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө, чакан топтордо
Аткаруу тартиби	Мугалим окуучуларды чыгармачылыкка шыктандырат. Окуучулардан көркөм чыгармалардагы каармандар кандайча кулактандырууларды бере аларын сурайт. Мисалы: «Бул эмне?» (А. Муратов) аңгемесиндеги Коля аттуу бала дары чөптөр тууралуу кандай кулактандыруу берет, ал эми «Бир түйүнчөк акча» (С. Рысбаев) чыгармасынын башкы каарманы Талант таап алган бир түйүнчөк акча тууралуу кандай жарыя жазат? ж. б. Бул тамашалуу көрүнгөнү менен баладан көркөм чыгарманын белгилүү бир сюжеттик сызыгын алып, ошого ылайык чыгармачылык менен иштөөсүн талап кылгандыгы менен өзгөчө маанилүү иш болуп көрүнөт («Бир түйүнчөк акчаны ээсин издейм», «Дары чөптөр сатылат» же башка чыгармалардан «Туулган күнүмдө конокторду күтөм», «Алиппемди куурчак театрынын билетине алмашам» ж. б.). Балдар кызыгуу менен жомоктук кулактандырууларды жана телеграммаларды түзүшөт, кооздошот жана классташтарына сунушташат. **3-класстардын Адабий окуу китеби боюнча:** 1. Жети атаны билүү эмне үчүн зарыл экендигин билгиңер келеби? Анда «…» чыгармасына конокко келгиле. 2. Бакыт-таалайды тапкыңар келеби? Анын дареги «…». 3. Таланттарды таптайбыз, өнөрлөргө үйрөтөбүз. Дареги «…» чыгармасы. 4. Китепке орой мамиле кылган бала кандай болду экен деп ойлойсуңбу? Аны «…» изде. 5. Билим берүү мекемеси «Китеп – билим» бөбөктөргө тамгаларды оңой жолдор аркылуу үйрөтөт. Окутуу арзан баада! Баарыңарды күтөбүз. Дареги «…». **Жооптор:** 1. «Жети ата» (Ч. Айтматов) 2. «Бакыт-таалай каякта?» (Кыргыз эл жомогу) 3. «Мансапкор күчүк» (К. Акматов) 4. «Китептин душманы» (А. Осмонов) 5. «Тамга үйрөттүм досума» (Ж. Абдылдаев)

Аталышы	ЖОМОКТУУ РЕБУС
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • окуучулар сөз байлыгын өстүрүшөт; • окуганын түшүнүү үчүн жоромолдорун колдонушат; • сөздөрдүн көп маанилүүлүгүн аныкташат; • чыгарма боюнча ребус түзүшөт.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	2–4
Окуу баскычы	Текстти окуганга чейин жана окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	чоң барак же ватман, маркер (фломастер), карточкалар (кагаздын өлчөмүнө жана тексттин көлөмүнө жараша сиз аныктап аласыз), кайчы, скотч, түстүү калемдер же борлор
Окутууну уюштуруу формалары	Чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	Тапшырма: жомокту, окуяны, аңгемени ребуска айландыруу. **Ребус** – бул тамгалардан, сөздөрдөн, сандардан, сүрөттөрдөн жана тыныш белгилеринен турган табышмак, башкатырма. **1-кадам.** Мугалим классты чакан топторго бөлүштүрөт (ар бир топто 3–5 кишиден). Ар бир топко бирден ватман таратып берет. Ачык түстүү фломастерлерди колдонуу керек. Бул баракка топтор тандап алган жомогунун аталышын жазышат (Тамгалар даана жазылууга тийиш, 3 см бийиктикте). Иштегенге ыңгайлуу болсун үчүн саптардын ортосунда аралыкты чоңураак калтыруу керек. Текстти алдын ала баракка чыгарып алып, анын саптарын окуучулар менен бирге кесип алып чаптаса да болот. **2-кадам.** Даярдоо баскычы аяктаган соң, чыгармачылыктын жол берүү керек. Мугалим балдарга жомоктогу айрым сөздөрдү сүрөттөр менен алмаштыруу керектигин түшүндүрөт. Зат атооч сөздү алмаштыруу баарынан жеңил болот, ошентсе да сын атооч жана этиш сөздөрдү алмаштырууга аракет кылуу керек. Ар бир топ сүрөт тартуу үчүн болжол менен 10–12 даана карточка (же барак) алат. **3-кадам.** Шарт боюнча, мугалим жомокту үн чыгарып окуп берип жатканда балдар сүрөтүн тартууну каалаган сөзгө жеткенде мугалимдин окууну токтотуусун өтүнөт. Мисалы, мугалим «Карышкыр менен түлкү» жомогун окуп баштаса, анда балдар биринчи сүйлөмдө эле токтотушат (Илгери-илгери токойдо карышкыр менен түлкү кошуна жашаптыр...) Себеби алар карышкырдын же түлкүнүн сүрөтүн тартууну каалашы мүмкүн. Окуучуларга мугалим абстрактуу зат атоочту да (мисалы, «мезгилди» циферблаттын же кум сааттардын жардамы менен) тартса да болорун айтат. Башка сөздөрдү жаап калбас үчүн бул сүрөттөр өтө чоң болбошу керектигин да эскертип коюу керек.

4-кадам. Топ сөздү тандап алгандан кийин, аны тартуу үчүн убакыт берилет (карточкалар жана түстүү калемдер менен иштөө). Мугалим балдар тартууну каалаган ар бир сөзгө токтолуп, сүрөтүн тартууга убакыт берип, андан ары текстти окууну улантат. Окуучулар тарабынан тандалып алынган сөздөрдүн баарынын сүрөттөрү тартылып бүткөн соң, окуучулардан сөздөрдүн үстүнө тарткан сүрөттөрүн чаптоосун өтүнөт.

5-кадам. Бардык сүрөттөр чапталгандан кийин ар бир топ чыгып, сүрөттөргө тыным жасоо менен текстти окуп беришет.

Ошентип, окуунун бул ыкмасын колдонуп бир нече сабак өтүлгөндөн кийин, бир нече китеп-ребустарды түзүп алганга жетишишет.

Үлгү



Аталышы	ӨЗ АТООҢДУ ОЙЛОН
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • окуган чыгармасынан корутунду чыгарышат; • чыгарманын аталышын ойлоп табышат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	3–4
Окуу баскычы	Текстти окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	Окуучунун жаш курагына ылайык келген текст
Окутууну уюштуруу формалары	Чакан топтордо иштөө
Аткаруу тартиби	**1-вариант** **1-кадам.** Мугалим текстин аталышын айтпай туруп, окуучулардын текстти/чыгарманы көңүл коюп угуусун өтүнөт. Текст окулуп бүткөн соң, окуучулар текстин аталышын өздөрү ойлоп табышы керек. **2-кадам.** Текст окулгандан кийин окуучулар чакан топторго бөлүнүп же класс боюнча талкуу жүргүзүшүп, кайсы аталыш көбүрөөк туура келерин аныкташат. Эмне үчүн мындай деп ойлогондорун окуучулар түшүндүрүп берүүгө тийиш. **3-кадам.** Мугалим чыгарманын чыныгы аталышын айтат, окуучулар өздөрүнүн божомолдору канчалык жакын же алыс болгондугун талкуулашат: – Эмне үчүн автор чыгарманы мындай деп атаган? – Текстти/чыгарманы мындай деп атоо үчүн эмне себеп болгон? – Автор аталышта эмнени белгилегиси келген? – Текстин/чыгарманын аталышына негиз болгон саптар текстте барбы жана алар кайсы жерде? Чыгарманын аталышы кандайча жаралат? Авторлор көбүнчө аталыштарды чыгармадагы негизги окуялардын, каармандардын аттарынан же фразалардан алышат. Мисалы: «Балапан» (Д. Сулайманов), «Кумурска менен жалкоо» (Т. Абыкеев), «Үч аяз» (Т. Самудинов), «Мансапкор күчүк» (К. Акматов), «Шамбала» (С. Рысбаев) ж. б. Ошондой эле чыгарманын аталышы көйгөйлөр жана аны чечүү жөнүндөгү ойлор, турмуштагы фразалар, ырдын бир сабы, лакап же макал, табышмак ж. б. болушу мүмкүн. **2-вариант** Мугалим адегенде доскага бир нече аталышты жазат, андан соң окуучуларга чыгарманы окуп берет да, балдарга суроо менен кайрылат: «Кайсы аталыш чыгармага көбүрөөк ылайык келет?» Текстти окугандан кийин ылайык келген аталышты тандашат жана өздөрүнүн тандоолорун аргументтешет. Аягында мугалим кайсы вариант чыгарманын анык аталышы экендигин көрсөтөт.

Аталышы	ТАБЫШМАК-ҮЙ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • окуганын жалпылашат; • чыгармадан негизгини бөлүп алышат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	2–4
Окуу баскычы	Текстти окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	А 3 кагаз, фломастерлер «Табышмак-үй» формасы
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө
Аткаруу тартиби	Бул көнүгүүнү 2–4-класстарда колдонуу сунушталат. Ал текстти жалпылоо көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Жалпылоо – бул чыгарманы өз сөзү менен кыскача айтып берүү. Жалпылоо окуучулардын окуганын түшүнүү көндүмдөрүнө ээ экендигин, талдоо жана чыгармадан маанилүүнү/негизгини бөлүп алууга жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт. Окуу китебинен бир нече тексттерди окуган соң мугалим окуучуларга төмөнкү тапшырмаларды аткарууну сунуштайт. Окуучулар жалпылоо үчүн бир текстти тандап алуулары керек. Окуучулар өзү тандаган текстин башка окуучуларга билдирбеши (көргөзбөшү) керек. **1-кадам.** Тандап алган текстти көңүл коюп окугула. **2-кадам.** А3 форматтагы кагаздын үстүңкү оң жана сол четин үйдүн чатыры сыяктуу бүктөйбүз. Сол жагы – «Каармандар/персонаждар», ал эми оң жагы – «Орду жана мезгили». Барактын асты жагын 3 ирет бүктөйбүз. Бул жерге чыгарманын: 1-бөлүк – «башталышы», 2-бөлүк – «ортосу», 3-бөлүк – «аягы» деп жазып коюу керек. Ар бир бөлүгүнө чыгарманын ушул бөлүктөрүн жалпылаган 1–3 сүйлөм жазылат. «Чатырдын» жабылуучу ички бөлүгүнө (ал көрүнбөөгө тийиш) чыгарманын авторун жана аталышын жазуу керек.  

3-кадам. 3-кадам. Мугалим жуп менен иштөөнү уюштурат. Аткарылган ишти (толтурулган пункттарды: каарман жана персонаждар, мезгили жана орду, чыгарманын башталышына, ортосуна жана аягына тиешелүү сүйлөмдөр) бир окуучу башка окуучуга көрсөтөт. Бирок чыгарманын аталышын жана авторун көрсөтпөйт, аны башка окуучу табуусу керек. Эгерде тапшырма биринчи окуучу тарабынан туура аткарылган болсо, же жалпылоо (чыгарманын башталышына, ортосуна жана аягына тиешелүү сүйлөмдөр) туура жасалган болсо, анда чыгарманы оңой гана таап алууга болот. Эгерде жалпылоо түшүнүксүз же маалымат туура эмес жазылган болсо, анда чыгарманын аталышын табууга дайыма эле мүмкүнчүлүк боло бербейт. Биринчи окуучу аткарган жумушун көрсөткөндөн кийин, эми экинчи окуучу өз ишин презентациялайт, чыгарманын аталышын, авторун биринчи окуучу табат.

Жалпылоонун үстүндө иштөөнүн эрежеси ушул бөлүмдүн «Жалпылоо» бөлүгүндө көрсөтүлгөн.

[1] «Табышмак үйдү» түзүү үчүн төмөндө Чыңгыз Айтматовдун «Кичинекей тилмеч» аттуу аңгемеси колдонулду (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.), Адабий окуу, 3-класс: Кыргыз тилинде окуган мектептер үчүн окуу китеби. – Б., 2013, 90-б.

Аталышы	СЮЖЕТ
Күтүлүүчү натыйжалар	Окуучулар • окуган чыгармасынан негизгини (каармандар/персонаждар, орду/убактысы, башталышы, ортосу, окуянын аягы) бөлүп алышат; • окуганын жалпылашат.
Модуль	Окуганын түшүнүү
Классы	2–4
Окуу баскычы	Текстти окугандан кийин
Керектелүүчү каражаттар	А 3 кагаз, фломастерлер
Окутууну уюштуруу формалары	Жекече, жуп менен иштөө
Аткаруу тартиби	Бул көнүгүүдөн окуучу сюжет деген эмне экендигин, ал чыгармада кандайча түзүлөрүн жана сюжетти кантип байкоо керектигин билүүсү зарыл. **1-кадам.** Окуучулар чыгарманы көңүл коюп окушат. **2-кадам.** Мугалим окуучуларга стикерлерди таратып берет жана тексттен алынган маанилүү маалыматтарды жазууларын өтүнөт. **3-кадам.** Андан кийин мугалим доскага «тоонун» сүрөтүн тартат да, «чейин», «башталышы», «ортосу», «көйгөйдүн чечилиши», «аягы» деп белгилейт. **4-кадам.** Окуучулар окуянын хронологиясына ылайык өздөрүнүн стикерлерин бөлүштүрүшөт. **5-кадам.** Кайсы маалымат сюжеттин тигил же бул бөлүмүнө тиешелүү, аларды алып чыгууга эмне жардам бергендиги боюнча жыйынтык чыгарылат.
Үлгү	

7. ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

1. *Борисенко И. В.* Методические уроки К. Д. Ушинского.// Начальная школа. – 1994. – № 3 – С. 12–19.
2. *Буг Дж.* Рождённый читать. Как подружить ребёнка с книгой, – М.: Альпина нон-фикшн, 2015.
3. *Лемов Д.* Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей. – М.: Манн, Иванов и Фербер, 2016.
4. *Лиао Дж.* «Звучание цвета. Следуя за воображением». – М.: Манн, Иванов и Фербер, 2014.
5. Предметный стандарт по русскому языку и чтению в 1–4 классах для общеобразовательных школ с русским языком обучения//авт-сост. Г. Н. Фадеева, Е. Ю. Дримблёва, М. Т. Иманкулова. – Б., 2015.
6. *Пеннак Д.* Как роман: педагогическое эссе. – М.: Самокат, 2013.
7. *Рахманалиев Р.* Философия и социология книги и чтения. – М.: Прогресс; Бишкек: Туркестан, 2011.
8. Determining Importance in Nonfiction Text: Finding the Main Idea. URL: https://readingrecovery.clemson.edu/introduction-to-determining-importance/. 9.03.2017.
9. *Joseph Nhan-O'Reilly.* Enjoying books together: a guide for teachers on the use of books in the classroom. – Международный фонд «Спасите детей».
10. *Jennifer Serravallo.* "The reading strategies book: your everything guide to developing skilled readers", Heinemann.2015.
11. *Boyles N.* Constructing Meaning Through Kid-Friendly Comprehension Strategy Instruction;
12. «Enjoying books together: a guide for teachers on the use of books in the classroom», Международный фонд «Спасите детей».
13. Creating Strategic Readers: Techniques for Developing Competency in Phonemic Awareness. Phonics, Fluency, Vocabulary, and Comprehension. Valerie Ellery, International Reading Association, 2009).
14. Keene & Zimmerman (2007), Harvey & Goudvis (2007) from the book "Creating Strategic Readers: Techniques for Developing Competency in Phonemic Awareness. Phonics, Fluency, Vocabulary, and Comprehension". Valerie Ellery, International Reading Association, 2009.
15. McGinley & Denner (1987), from the book "Creating Strategic Readers: Techniques for Developing Competency in Phonemic Awareness. Phonics, Fluency, Vocabulary, and Comprehension". Valerie Ellery, International Reading Association, 2009.

8. ТИРКЕМЕЛЕР

1-тиркеме. Китептин курамдык бөлүктөрү



АТАЛЫШЫ	АВТОРУ	ИЛЛЮСТРАТОРУ
КАПТАЛЫ	МУКАБАСЫ	БАРАКТАРЫ

2-тиркеме. БББ таблицасы

Окуучунун аты-жөнү _____

ББББ таблицасы

Б – билдим			
Б – билгим келет			
Б – билем			

3-тиркеме. Инсерт

Окуучунун аты-жөнү _____

✓	+	?	!
белгилүү маалымат	жаңы маалымат	кошумча маалымат алуу	шектүү

4-тиркеме. Мээ чабуулу

Окуучунун аты-жөнү _____



5-тиркеме. Чыгарма айлампасы

Окуучунун аты-жөнү _____



6-тиркеме. Чыгарманын картасы

Окуучунун аты-жөнү _____



7-тиркеме. Сюжеттик сызык

Окуучунун аты-жөнү _____



8-тиркеме. Кол (беш манжа)

Окуучунун аты-жөнү _____

Окуялар:

Башында _____

Ортосунда _____

Аягында _____

Кейгейдун чечими

_____

_____

_____

_____

_____

Кейгей

_____

_____

_____

_____

_____



Чыгарманын аталышы

_____

_____

Окуялар болгон жер

_____

_____

_____

_____

_____

Башкы каармандар

_____

_____

_____

_____

_____

9-тиркеме. Чыгарма дарагы

Окуучунун аты-жөнү _____



10-тиркеме. Менин комиксим

Окуучунун аты-жөнү _____

МЕНИН КОМИКСИМ

1

2

3

4

5

6

11-тиркеме. Стикер-аңгеме

Окуучунун аты-жөнү _____

МЕНИН СТИКЕР-АҢГЕМЕМ

_____

_____

_____

_____

_____

_____

_____

_____

_____

_____

12-тиркеме. Суроолор ромашкасы

Окуучунун аты-жөнү _____



13-тиркеме. Суроолор айлампасы

Окуучунун аты-жөнү _____



14-тиркеме. Башкы каарман

Окуучунун аты-жөнү _____

БАШКЫ КААРМАН

Аты _____



Сүрөт

Мүнөзү:

_____

_____

_____

_____

_____

_____

Сүрөттөмө:

_____

_____

_____

_____

_____

_____

_____

15-тиркеме. Чыгарманы өз сөзү менен жазуу

ЧЫГАРМАНЫ ӨЗ СӨЗҮ МЕНЕН ЖАЗУУ

Окуучунун аты _____

Дата _____

Чыгарманын аталышы _____

Чыгарманын автору _____

Сюжеттин ырааттуулугу	Окуучунун өз сөзү менен жазуусу
БАШЫ Чыгарманын башкы каарманы ким? Окуялар качан жана кайсы жерде болуп жатат? Чышарманын башында эмнелер болуп жатат?	*Башында* _____ _____ _____ _____ _____ _____ _____ _____ _____
ОРТОСУ Чыгарманын ортосунда эмнелер болду? Кандай көйгөй жаралды? Көйгөйдү чечүү үчүн башкы каарман жана башкалар эмне кылып жатышат?	*Ортосунда* _____ _____ _____ _____ _____ _____ _____ _____ _____ _____
АЯГЫ Көйгөй кантип чечилди? Чыгарманын аталышы кандай?	*Аягында* _____ _____ _____ _____ _____ _____ _____ _____

16-тиркеме. Салыштырма талдоо

ЧЫГАРМАНЫН КААРМАНДАРЫН САЛЫШТЫРУУ

Окуучунун аты _____ Дата _____

Чыгарманын аталышы жана автору 1. _____

2. _____

17-тиркеме. Чыгарманын картасы

ЧЫГАРМАНЫН КАРТАСЫ

Окуучунун аты _____

Чыгарманын аталышы _____

Чыгарманын автору _____

Окуя болгон жер	Башкы каарман же каармандар

Көйгөй

Маанилүү окуя

Көйгөйдүн чечими

18-тиркеме. Башкы каармандын мүнөздөмөсү

БАШКЫ КААРМАНДЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Окуучунун аты _____

Чыгарманын аталышы _____

Чыгарманын автору _____

Башкы каармандын аты _____

Башкы каарман жөнүндө автор эмнелерди айтты?

_____

_____

_____

_____

_____

_____

_____

_____

Башкы каармандын жүрүм-туруму, кылган иштери боюнча сен ал жөнүндө эмне деп ойлойсуң?

_____

_____

_____

_____

_____

_____

_____

Башкы каармандын мүнөздөмөсү:

_____

_____

_____

_____